
84 Кит
С 170

Азыркы кыргыз адабияты

Аман Саспаев

# САРАЛА ИТ

## Аңгемелер



УДК 821.51
ББК 84Ки7-4
С 20

Китеп Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү.

**Редкеңеш**

| | |
|---|---|
| Маразыков Т. С. | Рысбаев С. К. |
| Муратов А. Ж. | Токтоналиева К. К. |
| Нурманбетов Т. | Эрматов Э. |

**Саспаев Аман.**
С 20 Сарала ит. Аңгемелер. Б.: 2017 – 284 б.

ISBN 978-9967-9056-6-1

Аман Саспаев кыргыз прозасында өз орду бар таланттуу жазуучулардын бири. Бул жыйнакка анын тандалган аңгемелери киргизилди жана аларда турмуштун көп кырдуу көрүнүштөрү көркөм чагылдырылат.

**УДК 821.51**
**ББК 84Ки7-4**

С 4702300100-17

ISBN 978-9967-9056-6-1

© Саспаев А., 2017
© Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия, 2017.

## БИОГРАФИЯЛЫК МААЛЫМАТТАР

Аман Саспаев 1929-жылы Түп районунун Кең-Суу айылында туулган. Оор турмуштун айынан анын балалык чагы Кытай жергесинде өтөт. 1937-жылы ал жакта Моюн-Күзөр айлында мектепке кирип, Жаңы-Шаар, Кулжа жеринде мектептерде казакча, уйгурча окуйт.

1945–1947-жылдарда Текес уездинин бир мекемесинде катчы, 1947–1949-жылдарда «Инкилаби шаркий Туркестан» гезитинде Текес, Мунгул-Күрөө уездери боюнча атайын кабарчы, 1949–1952-жылдары Кулжа шаарындагы «Билим юрти» деген окуу жайына кирип, аны бүткөн соң ошол окуу жайында мугалим.

1952–1956-жылдары Пекиндеги Борбордук Улуттар Институтунун кытай тилиндеги филология факультетинде студент.

1956-жылы Үрүмчү шаарында «Эл басмасынын» кыргыз секторунда редактор, жооптуу сектор башчысы.

1962-жылы Ата Мекенине кайтып келип Түп районунун «Сан-Таш» совхозунда жумушчу, тракторист. Андан соң Кыргызстан Жазуучулар союзунун Ысык-Көл облусу боюнча адабий кеңешчи (1967–1988). Арада 1971–1973-жылдарда Москвадагы М. Горький атындагы адабий институтунун Жогорку адабий курсунун угуучусу.

Чыгармачылыгы 1947-жылдан башталат, эң алгач «Тагамдын үйүндө бир күн» деген аталышта уйгур тилинде чыгармасы жарык көргөн. Кытайда казакча, уйгурча басылмаларга ырлары, аңгемелери чыгат. Биринчи китеби кыргызча «Гүлкайыр» деген ат менен Фрунзе шаарында басылып чыгат. 70-жылдарда чыккан «Майда толкундар» (1970), «Хадизат» (1975), «Мурат» (1978), «Татым туз» (1979) деген жыйнактары аркылуу ал өзүн чыныгы прозаик, таланттуу аңгемечи катары көрсөттү. «Татым туз», «Ширеңке», «Ыймандай сыр», «Сарала ит», «Ыйык сезим», «Туу-ган», «Чөйрө», «Кайнене» жана башка чакан жанрдагы чыгармаларында ал карапайым адамдардын, же жаныбарлардын жөнөкөй бир жашоосун чагылдырат. А. Саспаевди аңгеменин чебери деп аташат.

«Парторг» (1977), «Тоо чабалекейи» (1989) деген романдары жарык көргөн. Көпчүлүк аңгемелери «Ыйык сезимдер» (1985) аттуу жыйнагына кирип, адабий сында жогору бааланган.

1995-жылы Ысык-Көл мамлекеттик университетине чакырышып, кытай тилинен сабак бере баштайт жана 55 миң сөздү камтыган 91 басма табак көлөмүндөгү «Кытайча-кыргызча сөздүк» түзүп, 2003-жылы чыгарат.

2012-жылы анын «Шашкедеги кара туман» деп аталган автобиографиялык романы жарык көрөт.

Жазуучу 2015-жылдын 15-июнунда каза болуп, сөөгү 16-июнда туулган жери Кең-Суу айылына коюлган.

# БАШ СӨЗ

## КЫРГЫЗ АҢГЕМЕСИНИН КЛАССИГИ

Аман Саспаевдин жазуучулук тагдырында кыргыздын көпчүлүк сөз чеберлерине окшобогон бир турмуштук жагдай бар: ал Түптүн Кең-Суусунда төрөлсө да, узак жылдар Кытайда жашады. Ал жакта адам катары да, сүрөткер катары да калыптануу жарыянын башынан өткөрдү, казакча, уйгурча, кыргызча ыр-аңгемелер, очерктер жазды, кызыл-суулук улутташтардын оозеки чыгармаларын жыйноого катышып, Пекинде майда улуттар институтунда билим алды. Дүйнөлүк классикалык адабиятты биздин жазуучуларга окшоп «орус мектебинен», «европалык электен» өткөрүп кабыл албастан, анын баарын чыгыштык «көз менен көрүп», чыгыштык «жүрөк менен сезди» жана өзү түздөн-түз байыртан улуу философиясы, дини, адабияты бар кытай, жапон, уйгур, хинди маданиятына аралашып жүрдү. Ошол эле кезде анын дилин дүпөйүл кылып, дайыма эзип келген бир нерсе – Кытайда жүргөндө жүрөгүндө туулган жерин – Кең-Сууну эстөө, сагынып кусалануу, а кийин, Ала-Тоодо жүргөндө жаштык кези өткөн, жоро-жолдошторү, ынактары, көзгө сүйкүм жерлери бар Кытай оодандарына куштарлануу.

Жазуучу Аман Саспаев ушундай тагдырда, ушундай турмуштук жагдайда көркөм сөз менен алпурушуп, ички дартын, арман-көйгөйүн, көргөн-билгенин, ойлогон-тилегенин кара сөздө айтып келе жатат...

Анын экинчи бир өзгөчөлүгү – чыгармачылыгы кыргызстандыктар үчүн башталган, алгачкы аңгемелери жарыяланган тээ 60-жылдардын башынан тартып эле башка муундаштарына окшоп аңгеме менен үйрөнчүк мезгилин өткөрүп, анан биротоло повесть, романга ооп, «бактысын ошол жактан издеп» кетпей, аңгемеден орун-очок алып, эпикалык тектин ушул формасында алпурушуп келгендиги. Дал ошол жылдарда Аман Саспаевдин аңгемелериндеги назик лиризм, төшүн каккылабаган майин каармандар, астыртан акырын чымчый өткөн юмор, анан дагы башкысы турмушта болгонду болгондой кылып көрсөтүү окурмандарды өзүнө тартат. «Сарала ит» аттуу аңгемеде айыпсыз каңгып жүргөн бир бечара итти ууруга чыгарып, аны атып өлтүрүшкөндөн кийин да «эртеси эле бир баштык сүзмө, дагы бир нече жумуртка жоголду». Бул адилетсиздикти аллегориялык ашкерелеген чыгармасы өз кезегинде чоңдорду «чок бастыртты». Аңгеме журналга басылганда бир топ жазуучулар авторду айыптап, беш жыл бою чыгармаларын басышпайт. Чыңгыз Айтматов жана жазуучунун аталаш тууганы Түгөлбай Сыдыкбеков аңгемени мактошат, «Рыжая собака» деп орус тилине которулуп, Москва шаарынан басылып гана «Сарала ит» аңгемеси «акталат».

«Дос жана газик» деген чакан аңгемеде мындай бир көрүнүш бар. Каарман оорусуна байланыштуу кызматынан бошоп, айылга келип жашап калат, анан ошол айылга бир жумуш менен мурдагы кыйбас досторунун бири Шакен келет, каарман анын үйгө издеп келишин, жок дегенде учурашып чыгышын күтөт, бул учур абдан так тартылган психологиялык кырдаалдарда ачылат, бирок Шакен ага жарабайт, машинасын «гүр» эттирип, артынан чаң калтырып жүрүп кетет, мезгил өтөт, оорулуу кайра түзөлүп, мурдагы кызматына дагы орношот, ошондо үйүнө баягы Шакен келет: «Ой, салоомалейкум, аксакал, саламат келип калдыңыз. Жомоктогу периштедей бирде кайып болуп, бирде бар болосуз. Келген кабарыңызды угаарым менен салам берейин деп жетип келдим...»

Турмушта ушундай окуялар болот, жазуучу эң негизгиси ушу эки-үч деталь менен эле адам мүнөзүн, деги эле көп кырдуу турмуштун бир көрүнүшүн ачып берет.

Баяндоочу каарман бир убакта туңгуч сүйүүсүн берген Жамиласын жоготуп кийинки куду эле ошол үйдөн ошого окшогон анын сиңдиси Райени кездештирди, баары окшош – «кудум Жамила өңдөнүп басканы менен Рейе бурулуп артынан бир дагы карап койгону жок», кийин ал «таң калууга караганда, жатсыраган кебете менен кайрылып бир карады», демек баары бир бул башка кыз экен, мурдагы жоготуунун, өксүктүн орду толбой кала берет экен, аңгеменин жалпы пафосу ушуга барат.

«Кара майда» канчалык бир азап менен тракторлор үчүн жанын үрөп май алып келген жигит түштөнөрдө эстен чыгып, көпчүлүккө берилген тамактан ооз да тийбей кур жалак калды. Мына ушундай ыкма – эки түрдүү контрасттуу көрүнүштөрдү сүрөттөө аркылуу автордун чечкен логикалык жыйынтыгы окурман үчүн алда канча таасирдүү болот. Бул усул А. Саспаевдин бир топ аңгемелеринин («Турмуш таразасынын граммы», «Ширеңке», «Шейшеп»...) көркөм структурасында өзүнчө бир чоң эстетикалык күчкө ээ болуп турат.

А. Саспаевдин аңгемелериндеги өзгөчө байкалган дагы бир көрүнүш – анын сүрөттөө предметине кылган мамилесинин нукуралыгы, табигый көрүнүштөрдөн алыстап кетпегендиги. «Эски жолдо» деген аңгеменин башталыш жерин окуп көрөлү: «Эртең мененки күн жаркырап тийип турган шашке мезгилде, Койсун чоң эне абышкасына кадала кетти. Самоордун керинейин үйлөп, чаң ызгыган күлдөн бети-башын тырыштырган кемпир:

– Эмне деген жакшылык... Даяр немени, – деп сарай жакты карап койду. Кыязы, иш мындан да эртерээк козголгон өңдөнөт.

Абышка сарайдын үстүнөн тепкич аркылуу түшүп келе жатты. Үстүндө желбегей жамынган кара чийбаркут чепкен, башында кыргызча шырыма ак топу. Ал жерге түштү да илинүү турган «Сур жоргонун» жүгөнүн көздөй илбиди. Жашы сексенден ашкан карт, саал эңиш тартып, чебердеп басып бара жаткансыйт.

– Кудая тобо-о. – деди кемпир кыжыры келип. – Басканын карасаң. И, ошо жерге жыгылып мүрт кетер күнүң кайда!»

Жазуучу мына ушундай майда деталдарды жакшы берет, мына ушул майда нерселерден прозага керектүү компоненттерди көрө алат, деталдар менен иштөө анын чеберчилигинин туу чокусу.

«Татым туз» аңгемеси мекенге болгон сагыныч, кусалык тууралуу. Келгинбай Кытайдагы уйгурлар арасында жалгыз үйлүү көчүп келген отуздардагы жигит эле. Анан анын бүтүндөй өмүрү кыскача баяндалып өтөт. Балалуу болушу, жалпы элдин келте деген оорудан кырылышы, Келгинбайдын андан айыгып кетиши, кийин кемпиринин кайтыш болушу – кыскасы, бир өмүрдүн кыска үзүмдөрү. Ата журттан алыста калган Келгинбай мекенине кетейин деген менен кете албайт. Үркүн башталганда элдин баары Кытайга качканда жеринен ала келген бир татым тузду гана эш кылат. Ошол туз мекен туйгусун жаратып, Ата журтун эстетип турат. Жазуучу адамдын ички психологиясын, мекенсиз адамдын драмасын чагылдырат. Аңгемени окуп жатып Келгинбайды аябай аяйсың, ага бооруң ооруйт, аны менен кошо кайгырасың.

Жазуучунун аңгемелеринен анын стили таанылат, көбүнчө автор өзү баяндоочу катары көп катышып, каармандардын речтерин азыраак колдонот, андай речтерге да өз комментарийлерин кошуп олтурат, окуяларды кыска-кыска саптарда берет, курч коюлган күчтүү конфликттер жокко эсе, бүтүндөй чыгарманын тулку боюна табигыйлык, жөнөкөйлүк сиңип турат. «Адамдын натурасын сүрөткө түшүрүүгө кызыкпайт, жактаган каарманын кооз, бийик сөздөр менен мактабайт, сынга алган кишисин кыйкырып жемелебейт, окуянын жүрүшүн антти, минтти деп информациялап отурбайт. Адамдын ич дүйнөсүндө, психологиясында жүрүп жаткан процесстерди, ошолордун баарына себепчи болуп жаткан факторлорду ичкертен ачып көрсөтүүгө умтулат» (К. Даутов).

Өзгөчө бөлүп көрсөтө турган дагы бир нерсе – жазуучу аңгемелеринин акыр-соңун (финалын) зергерлик менен өтө мыкты бүтүрөт, айрым авторлордо бар эмеспи, аңгемени жакшы жазып келатып эле бүтүрөрдө тескери кетет, а бул автордо баары жай жайында, кынаптап коёт, бүт аңгеменин башынан аягына чейин акыркы финал үчүн иштеп келет.

Чебер аңгемечи, нагыз сүрөткер Аман Саспаев уулунун бул аңгемелер жыйнагы кыргыз аңгеме жанрынын классигин азыркы окурмандарга тааныштырууда чоң милдет аткарат деген ойдобуз!

***Абдыкерим МУРАТОВ,***

***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

# ТАТЫМ ТУЗ

Суу айрыгына жакын, саздакка чыккан кыяк чөптү ыктап жалгыз түтүн кыргыз жашады. Эзелтен эле жергиликтүү дыйкан уйгурлар конуш тээп, төшкө такай соккон корук тамдын калдыгынан башка ал жерде дагы бул күнгө чейин төрт түтүн уйгурдун эски тамы сакталып калган. Уезддик шаар мындан алысыраак жерге жайгашкан. Бирок, көндүм адат катары, ага каттаган жөө базарчылар көп деле кыйначу эмес.

Элдин айтымына караганда, илгерки бир жылдары көл кыргыздары ушул жакка ооп келип кайткан имиш. Ошолордон Келгинбай аттуу бир түтүн кыргыз ушул жерди мекендеп калыптыр. Ал кезде Келгинбай отуздун ортон белине келип калган жигит экен да, оор келте оорусуна кирептер болуптур. Сапарга шайы келбегендиктен анын зайыбы Оймокчон элден бөлүнүп, күйөөсүн айыктырып кайтууга бел байлайт. Ошентип алар чет жерди мекендөөгө аргасыз болушат. Келгинбайдын туугандары ыгым-чыгым, кепин-акиретин даярдап берип:

– Оо, Оймокчон! Эр деп этегинен кармап калдың. Кор болбоссуң. Ата-бабаларыбыздын арбагы колдоп эрди элине кош! – деп чуркурап бата беришет.

Келгинбайдын тагдыры Оймокчонго тапшырылгандан кийин, кайнатасы сакалынан жашын куюлтуп туруп, көптүн алдында мындай деди:

– Жар дүйнөдө көргөн жалгыз балам эле, ал сага аманат! Маа топурак өз эл, өз жерден буюрсун. Карып калган кезимде кудай элден ажыратпасын. Неберемди энеңдин этегине салып бер балам, жыттап жүрөйүн...

Оймокчон эмчектеги баласын кайненесине карматып, көз жашын элден жашырып сыкты.

– Мобу түйүнчөктү катып кой, – деп тапшырды кайнатасы акыркы жолу – кокус ары бурулуп кетсе, сууга эзип оозуна тамыз. Айыгып мал болучу болсо, колуна бер.

Сүрдүккөн кыргыздар жөө-жалаң мекенине сапар чегишти.

Өңү көгүлтүр тартып, эрди кеберсип, чыңалып онтогон Келгинбай жан күйөөрү жалгыз Оймокчондун колунда калды. Оймокчон жанын сабап, сыркоолу күйөөсүн тегеренди... Койгулт көзүнөн жаш мөлтүлдөп, күйөөсүнүн башын кучактап, далай түндөр уктабады.

Алектүү күндөр өтө берди...

Чачы жылма түшүп, жаак эти шылына баштаганда Келгинбай эсин жыйды. Күнүнө бир чайдоос кайнаган суу ичип, тамыры ташына тепкен ичке манжаларын карай коюп, төшөктө узак жатып калды. Оорунун зардабы абдан арылып тамакка зооку сокkончо эки ай өттү. Ал абдан айыгып, элине кетмекчи болгондо өтө кеч калган эле. Чек ара бекиди.

Келгинбай мыйзамга баш ийди да ушул суу айрыгына төрт тамдын башын куруп, аргасыз узак жылдар жашап калды.

Ортодон отуз жылга жакын убакыт өтүп, Келгинбай абышка атанган кезде анын башына арылгыс оор кайгы түштү.

Гоминдандык желдеттер бийлеп турган оор жылдары калың журтка келте оорусу тарады. Өлүм-житим көп болду. Уезддик шаардын тегерегиндеги дөбөлөр калың мүрзөгө айланды. Өлүм күчөгөн сайын, замбилге салынган өлүктү эки киши көтөрүп чыгып, туш келди жер казып көмө баштады. Кепиндик ак табылбай жууркандын шейшебин иштетишти, элде шейшеп аттуу жоголгон сон, кээ биреөлөр камыштан токулган бөйрөгө ороп, кээ бирлери жаш бедеге ороп көмө турган болушту. Бул аапат динге да таасирин тийгизди. Назир-чырак, көңүл айтуулар мүлдө унутулду.

Дал ушул оор алаамат Келгинбай чалдын кемпири Оймокчонду жалмап жолго түштү. Шордуу чал кемпирин шейшебине ороп көмдү. Көр казып жан баккан киши менен чалдын кошунасы жана өзү болуп Оймокчондун сөөгүн үч эле киши койду. Кемпирин көөмп, топурагын чочойтумуш болгондон кийин ал мүрзө башында күңгүрөнүп узак отурду. Кырк жылга жуук жашаган жары менен түбөлүккө коштошуу оңойбу? Жан шеригинин бүткүл жоруктары чалдын көз алдынан биринен сала бири өтүп жатты. Чындыгында ал жалгыз кемпири менен гана эмес, турмуштун жылуу койну менен да коштошуп жаткан эле.

Кайраттуу чал топурак башынан турган соң этек-жеңин кагып, чолок жашын алаканы менен аарчыды да үйүн көздөй басты.

Чал кайра келген соң үйдүн төрт бурчуна көз таштады. А дегенде эле анын көзү казыкта илинип турган кемпиринин көк мата көйнөгүнө түштү. «Оо, жараткан! Жалганда мендей шордуу бар бекен?! Элди жутуп жаткан келте менден несине тартынды экен!» деп ойлоду чал. Ушул суук көрүнгөн үйдө эми өзүнөн башка эч ким жок экенин эсине келтиргенде байкуш чал боздоп коё берди:

– Оо, кудурет, тарт аманатыңды! Эми кор кыла көрбө! – чал көзүнүн жашын сакалынан куюлтуп ээн үйдө узак ыйлады. Ботосу өлгөн каймал гана ушундай боздомок.

Эгер кишилерде үмүт деген нерсе жок болсо, анда бойго эч кандай кайрат бүтмөк эмес. Өмүр өзүнүн канчалык кайгы-касиретин берип койсо да үмүт менен убакыт алдында алар ар качан дармансыз. Келгинбай чал өзөгүн өрттөгөн дартты көз жашы менен жууп кетиргенсиди. Аздап бою сергип, эс токтотуп өзүн-өзү жубатты. Өзүнө-өзү көңүл айтып, кайрат берди.

Ар кандай бактысыз кишилер да өзүнүн тиричилиги жөнүндө ойлонбой койбойт эмесли. Келгинбай чал да болумсуз оокатына көз кырын

салды. Үй ичиндеки чачылган бирдемкелерди жыйнап, эски куржунга шыкап таштады. Анан дагы бирдемелерди иштемиш болду. Үй ичин жыйнаган соң жаман талпагына жайланып олтурду да, чөнтөгүнөн кичине түйүнчөк алып чыгып, чеберден чече баштады. Түйүнчөк ичинде бармактай туз бар эле. Келгинбай тузду алаканына салып, бир нече ирет тилин тийгизип, өтө бир шербеттүү даам таткандай туздуу шилекейин кумарлана жутту. Эчен кыйын кыстоо көргөн учурларда ушул бармактай тузду жалап медет таап, кам көңүлүн жооткото алган да. Өз жеринин бир татым тузу Келгинбай чалдын өмүрлүк колдоочусу, үмүт менен ишеним берүүчүсү, сагынуу менен кусадарлыктын таркатуучусу болуп калган...

* * *

Ата конушка кайта албай, чет жерде аргасыз жалгыз түтүн калгандан кийин Оймокчон бар болгону бир кыз, эки эркек төрөдү. Анын экөө жерге көмүлдү да тагдыр касиреттүү чалга эрмек болсун деп бирин тирүү койду. Баланын аты Эшбол эле. Ал уезддик шаардан окуп жүрүп мугалим болгон соң, башталгыч мектепте иштей баштады. Бирок, үчүнчү жылы эле Гоминдандык полиция жагынан кармалып түрмөгө отурду. Ошондогу анын кылмышы: өзүнүн ата мекени жөнүндө балдарга эки жолу, өз түшүнүгүнчө аңгемелеп берген – «Совет жеринде силердей балдар жайкы дем алышта Кырым деген жерге барып ойнойт. Моюндарына кызыл жагоо байлашат» деген. Бу дагы жаш мугалимдин журналдан гана көргөн сүрөтүнүн түшүнүгү эле. Гоминдандык тыңчылар ошол кезде так эле ошондой сөздөрдү айткан кишилерди издеп, ал жөнүндө маалымат жеткирип, ал кесипти күн көрүүнүн айласы кылып алган. Эшбол совет эли жөнүндөгү ошол «лекциясынан» кийин бешинчи күнү түн ичинде куралдуу желдеттер жагынан ойготулду.

Ал кезде майда элдердин эң жетилгени эле мугалим болучу. Бирок, ошол кызматтын өзүн Гоминдандык кытайлар иштей албаганы үчүн гана өз улутунан коюучу. «Малыңарды багып, эгиниңерди салып жата бергиле. Мектептин силерге кереги эмне? Адамдар агартуусуз деле өмүр сүрүп келишкен!» деген үгүттөр ачыктан-ачык айтылуучу.

Мугалимдер үчүн кадам сайын куруулу капкан бар эле да, чанда бирөө болбосо көп мугалим ага түшүп турган. Алардын ордуна тажрыйбасыз, билимсиз кишилерден же молдо, сопулардан коюучу. Гоминданчылар беттерине кармаган эл агартуунун иштерин ушундайча тескериленткен эле. Түн ичинде мугалимдин үйүн көздөй куралдуу желдеттер басты дегиче, ал шору каткан мугалим изсиз жоголуп да тынуучу.

Гоминдандык желдеттер кирип келгенде Келгинбай чал баласынан тирүү айрылаар сааты түшкөнүн сезип, аны окутканы үчүн өзүнө наалат айтып, төшөгүндө үнсүз отурду.

Желдеттер машкедей шимшип, үйдөкү кагаз бүткөндүн баарын чогултуп алышты. Анан буйрук бере баштады:

– Тур, кийин!

Офицер бул эки сөзгө канык эле, Эшбол шаша койбоду. Жайбаракат кийинди. Ал өз мугалимдеринин артынан «барса келбеске» кетип бара жатканын тымызын сезген болуучу. Ал: «Мен эми жарык дүйнө менен коштошуу үчүн, азыркы сааттан баштап ата-энемди кайрылып мүлдө көрө албас жерге баруу үчүн даярданып жатам!» деп ойлоду. Кантсе да ал киймин кийип болуп, эшикти көздөй басты. Төшөктөн башын чыгарып өлүктөй сулк жаткан шордуу Оймокчон бакырып ыйлап жиберди.

– Эшен! – деди Келгинбай чал шашып, ал баласын ушундай атап эркелетүүчү. – Коё тур!

Жанатан жүрөксүп турган байкуш эне чалдын үнүн медет кылып, чыңырып жиберди да чуркап жетип, Эшболдун мойнуна тарамыш колдорун ороп калды. Үйдүн ичи эми киши туруп болгусуз зар менен муңга толуп кетти. Кайраттуу чал ары карап көз жашын аарчыды. Эшбол да кайраттуу, нары эстүү жигит эле. Кандай учурда эмне кылаарын жакшы билүүчү.

– Кагылайын, энеке, ыйлаба, жаным аман болсо кайра келем, – деп энесинин көз жашы менен жуулган бетинен чопулдатып өбө баштады. Курган эненин ого бетер мууну бошоду.

– Кой, муун-жүүнү бош кудай урган десе, амандыгын тиле анын. Келе, жаңкы түйүнчөгүң кана? Туздан улук эч нерсе жок. Туз-даам буйруп кайра келгиси бардыр, – Келгинбай чал сакалынан ылдый жаш куюлтту да сүйлөнүп коё берди. Бирок, түйүнчөгүн купуя жеринен өзү туруп барып алды.

– Эшен, – деди чал колу калтырап, – мына бул туздан бир кемирип алып, татып жүрчү. Ата-бабабыздын мууну ушул туз менен каткан. Өз жериңдин тузу!

Ушул сөздөр оозунан чыккандан кийин чалдын өз көңүлү да ток боло түштү. Чыны менен эле касиеттүү туз Эшболду кайда жүрсө да колдоп, кайра алып келчүдөй сезилди. Эшбол ажырашаар алдында атасынын эски ишениминен аттап кеткиси келбеди. Тузду колуна алган соң четинен бир кетип алып, оозунда калган күбүнчүгүн тилине салды да жутуп койду.

Шордуу эненин колу алиде Эшболдун мойнунда болучу, ал ыйлап турган энесин өзүнөн алыстатып, жашын алаканы менен аарчыды да Гоминданчылардын алдына түштү. Бутун зордоп шилтеп босогодон аттады. Үй ичиндеги боздогон үндөр кыйлага угулуп турду.

Ошондон бир жыл өтүп эле уезддик жер көлөмү менен жугумтал келте дартына кирептер болду.

Мына эми курган Келгинбай боорукер кемпири Оймокчонду келте дартына берип салып, аңгыраган үйүндө жалгыз өзү калды.

Чал кемпирди көмүшкөн уйгур кошунасынын үйгө киргенин да сезбестен ойлонуп отурган. Кошунасы да өзү өңдүү карасакал мээримдүү киши эле.

– Элхукми лилла! – деди кошунасы чөк түшүп отура калып. – Кайрат кыл, Келгинбай. Кордукта кордук мал жокчулугунда эмес, баш жокчулугунда көрүнөт. Кудай Эшболуңду көрүүгө насип кылгай. Колдо өскөн бала эле, аман болсо, кырсыктан тышкары болсо, күндөрдүн биринде шап этип кирип келээр. Кайрат кыл да суунду кайнатып ичип, белиңди бекем бууп, жалгызыңдын амандыгын тилеп жүрө бер. Кир-когуң болсо биздин бала-чакага чайкатып аларсың. Өлгөндүн артынан өлмөк жок. Ырыскың көтөрүлсө элиңе барып да кошуларсың.

Келгинбай чал ичи толгон кайгы менен ушул сөздөрдү угуп отура берди.

Бактысыздыктын да өзүнчө чеги бар. Кезеги келгенде ал да өз эрки менен бакытка ордун бошотуп бермек. Өмүрдүн бир сыры ушундай. Келгинбайдын кемпири өлгөндөн кийинки жылы эле кырдаал таң калгандай өзгөрүп кетти. Ыза менен кеги жеткен аз улут калкы улуттук эзүүгө каршы көтөрүлө баштады. Гоминданчылар сепил согуп ийинге кирген жыландай бекиништи. Бирок, тарыхта калктын күчүн эч качан да коргон тосуп калган эмес да. Буту менен басып, мурду менен тынгандын баары күрөшкө аттанды! Айры, чокмор көтөргөн калк тобу жаңыча куралданган Гоминдан армиясын тороп айласын кетирди. Калык кошундары душмандын курал жабдыгына ээ болуп жеңиштүү илгериледи. Боштондук кыймылы тез кулач жайганы айга жетпей, Иле аймагы толугу менен элдик кошундун колуна өттү. Улуттук армия курулуп Алтай, Тарбагатай аймактарындагы эзилип жаткан боордош калкты боштондукка чыгаруу үчүн жортуулга аттанды. Бул дүйнө жүзүндө фашизм очогу талкаланган даңктуу кырк бешинчи жылынын башы эле.

Келгинбай чалдын кийинки өмүрү өзү жалгыз жашаса да өтө тез өтүп жаткансыды. Кайгы-капасынан аздап арыла баштады. Анын жүрөгүндөкү катып калган черлер гоминданчылар менен кошо кеткендей.

Ушундай жакшы күндөрдүн биринде Келгинбай абышка өтө бир кубанычка бөлөндү. Күн шашке маал болуучу. Аскер формасын кийген бир бейтааныш жигит үйгө шып кирип келди.

– Келгинбай абышканын үйү ушубу?

– Ооба, айланайын, – деп байкуш чал ордунан тура калды. Анын үйүн кийинки жылдары эч ким мындай сурамжылап келген эмес. – Карылык курусун, кайсы бала элең, балам?

– Жапаров болом.

– Баса, кыргызсыз го...

Келген жигит төш чөнтөгүнөн бир сүрөт суурул чыгып чалга сунду:

– Тааныбайсызбы?

Шордуу чал сүрөттү көрө коюп өкүрүп ыйлап жиберди. Ал Эшболдун сүрөтү болучу. Эсинен адашкан абышка сүрөттү карап алып, жаш баладай башын көтөрүп ыйлай баштады.

– Ыйлабаңыз аке, майор Келгинбаев Эшбол азыр комиссар. Гоминданчылардын сазайын берип жүрөт. Майдандан бери жүрөрдө ушул сүрөтүн берип салам айткан эле. Атам тирүү болсо, сүрөтүмдү ошол кишиге тапшыр. Эгер жок болсо, энем бардыр ошол кишиге тапшыр» деп табыштаган, – деди Жапаров.

Абышканын алжый баштаганына байланыштуу, баласына деген сагынычы башын туман чалган аскадай далдааланган эле, азыр болсо бир керемет жел чыгып, туманды түрдү да чалдын жүрөгүндөгү сагынычты айдан ачык көрсөтө баштады. Мурда үмүтсүз эле, азыр үмүт менен ишенимди колуна катар түшүрүп, бул сезимди шордуу чал кетире алгыс даражага жетти.

– Аксакал, – деди жигит жайлап, – кана, кеп алагды болбоңуз. Балаңыздын тирүү экенине кубаныңыз. Мен дагы Эшбол өңдүү гоминданчылар жагынан кармалгандардын биримин. Ичинде Эшбол бар он чакты күнөкөрдү бутуна кишен, колуна козу салып айдап бара жатканда үч черикти өлтүрүп, кишендерди чагып тоого качып кеткенбиз. Кийин барып көтөрүлүшчүлөргө кошулдук. Ошентип, эми гоминданчылардан өч алып жүрөбүз. Биздин жагдай ушул. Кош болуңуз!

Келгинбай чал шашкан бойдон Жапаровду шап колдон кармай алды:

– Оозуңан айланайын, туз даам ооз тийип кет. Кайра айланып келээриңе жакшы.

Мууну калчылдаган абышка жегидей бирдеме караштыра жүрүп суроо бере баштады:

– Эшен бир келип кетпейт бекен?

– Азырынча келе албайт.

– Урууң кайсы балам? И, биздин көлдүк турбайсыңбы.

– Эшен менин тирүүмдө бир келип көрүнүп коюп кетсин, – деп жатып жигитке токоч ооз тийгизди.

Бирок, баласынын көөнүн улап, кемпири жөнүндө ооз ачпады. «Атаэнең аман-соо экен дегин жалгызыма...»

Анан жоокерди узата чыкты.

«Оо, касиеттүү жеримдин тузу, Эшенимди колдоп тирүү сактаган тура! Өлгөнүм тирилип, өчкөнүм жанганы чын болсо экен! Оо, касиеттүү

жеримдин тузу, эми жалгызымдын өз элине аман-эсен кошо гөр», деп байкуш абышка жалгыз үйдө курун мойнуна чалып, эки колу менен жакасын муунта кармап, узак күңгүрөндү...

Ордунан тургандан кийин, кайгысына орток боло жүргөн кошунасын мындай кубанычтан куру калтыргысы келбей, Келгинбай уйгур чалдын үйүн көздөй басты.

* * *

Айлар өтүп жатты.

Жемек-ичмек, кийим-кечекке кенеле түшкөн эл жаңырууда. Нөшөрлүү кара булуттай каптаган караңгылык сөгүлдү. Боштондук менен коюндашкан калың букара колдоруна курал алып майданды көздөй агылды. Боштондук үчүн эр азамат майданда канын төктү. Гоминданчылар бекем орногон Жынхы деген жерде эсепсиз кан төгүлдү. Улуттук армия калктын боштондугу үчүн бир адым чегинбестен илгериледи. Акыры үрүмчүнүн чоң дарбазасы ачылып, Жынхы Гоминданчылардан тазаланды. Мына ушул чоң кыргында биздин Эшбол да курман болду. Эл боштондугу үчүн күрөшүп, боштондук чек арасын Жынхыга чейин жеткизишти да өзү ошол жерде түбөлүк кароолдо калып койду. Эшболду бүткүл батальон узатып, көмдү. Ондогон мылтыктан ок атып, комиссарга катуу кайгыргандык билдиришти.

Шордуу чал баласы жөнүндөгү шум кабарды укканда эсинен танып, кулап түштү. Кошунасы суу бүркүп эсине келтиргенде, адам көргүс түргө кирип, алдастап ордунан тура калды.

– Жалгызым, кулунум! – Чаңырып жиберип кайра кулады чал.

Жанында тургандар көз жашын булап, шору арылбаган пенденин касиретине орток болду. Узак жылдар кайгы менен кападан кажыбаган абышка бир күн ичинде эле алжып чыга келди. Буурул чачы агарып, жаак эти соолуп, мурдакыдан бетер төшөктө томолонуп калды. Багаар, көрөрүнөн айрылып, кайгы баскан кары кишинин көргөн күнү курусун!

Эртеси уйгур кошунасы мусапыр чалды өз үйүнө киргизип алып, тамдын оң жак капшытынан орун берди. Көрөөрү бүтүп, көмөөрү калган абышканын тиричилигине боору оорубаган киши калган жок. Келгинбай бирде соо болсо, бирде алжып сүйлөдү. Бирок, татым туз түйүлгөн түйүнчөгүн колунан түшүргөн жок.

– Кечээ, Эшеним келип бүгүн муунум кирип калыптыр. Элге кетет окшойбуз. «Ата, жүр эми элге кетели, кайгы менен кападан кутулалы. Тузуңду эми бөлүп жеп коёлу», деп Эшеним жаныма келип айтпадыбы, садага кетейиним, – деп сүйлөдү чал.

Кээде жөөлүгөн сөздөргө аралаш өзүнүн өмүр жөнүндөгү корутундуларын да кадимкидей айтып отурду:

– Менин чоң арманым эле – Эшенди колунан жетелеп барып, эли-журтуна кошоорум болучу. Эми, өзүмдүн киндик каным төгүлүп, кирим жуулган жериме баратам, – деп жалдырай калат да колундакы тузду көрсөтөт.– Мына бу, Ысык-Көлдүн – мен туулган жердин тузу. Оо, кагылайын, уйгур туугандар, Эшеним экөөбүздү узатып койгула. Бизди өз жерибиздин тузу тартып баратат. Эчен жолу ач калганымда ушуну жалап тоюнгам, эчен жолку оор күндөрдө жаныма алып жүрүп, көңүлүмө төтөп, боюма кайрат тапкам. Ушул туз жанымда жүргөндө эли-журтумдун, бир туугандарымдын жанында жүргөндөй болом. Мен жеримди сагынып, куса болгонумда ушул туздан жалап алып сагынычымды таркаткам. Маа дүйнөдө мындан кымбат нерсе болгон эмес. Элден, жерден ажырап ага куса болуудан артык азап жок! Мен чабармандын камчысын жедим. Байлардын зордугун, жокчулуктун кордугун көрдүм, ошондо өлүп каламбы деп коркподум, өз жеримди көрбөй каламбы деп корктум! Мен көргөн кордугума ызаланбадым, элден, жерден адашып калганыма ызаландым! Оо, туугандар, узатып койгулачы. Өз жеримдин тузу тартып, ата конушубузга алып баратат...

Ушинтип Келгинбай кирпик какпады, даам татпады. Арадан үч күн өтпөй эле чалда куру гана сөөк калды.

Бир күнү, эртең менен Келгинбай төшөгүндө жансыз жатканы билинди. Узак жылдары кайгы менен касирет, сагынуу менен кусалык мүлжүп бүткөн мусапыр чал азаптуу өмүрү менен түбөлүккө кош айтты. Кармаган соопкерлердин айтымына караганда чалдын оозунда өз жеринин татым тузу бар экен!

## ШИРЕҢКЕ

Чай ордуна жалбызды кайнатып ичүү жүрөгүмө майдай тийди. Ак суу ичейин десем чоң энем-азар да безер болуп: «Жаман жорону баштаба, ооруган киши гана суу ичет!» деп эркиме койбойт. Ал кезде мен кара таман, кичине бала болучумун.

Күн алыстап чоң энем экөөбүз жалбыз терүүгө чыгабыз. Жалбыз терүүгө баруу балдар менен ойногон ар кандай оюндан да артык ыракат берет. Беделиктеки арыктардын боюнда кең жалбырагын жайып үйгак, ичке камыш, козу кулак өңдүү ар кыл өсүмдүктөр узундуу-кыскалуу өсөт. Бой тарткан өсүмдүктөрдүн башына зымдай оролуп чырмоок жогорулайт. Анын апаппак гүлдөрү муун сайын ачылат. Булардан башка да бырайган кызыл гүлдөрү бар бирок, түбүнө майда жашыл курт үйүлгөн чымылдыкка аралаш таттуу каакумдар өсөт. Ал эми, арыктын дал эле суу

тийип турган жээгинен ары карасаңыз, чычкан кулактанган кызыл түптүү жашыл жалбырагы бар жалбыздар сууга малынып, баштарын кылтыйтып турушат. Анын жалбырагын бирден терип отуруу өтө кыйын, ошон үчүн аны сабагы менен жулуп алабыз да, жалбырактарын шыпырып алган соң, сабактарын ыргытып таштайбыз. Анан, жалбырактарды күнгө абдан кургатып «чай» жасайбыз.

– А-алда кудай-ай! – деп коюучу өзүмдүн энем, көк кылаңгыр жалбыз чайын ууртап коюп, – кандай гана багы бар кишилер сүт куйган мамили чай ичет болду экен, чекеси нымшып...

Мен жалбыз чайга чыдай албаганыман бир күнү озондоп коё бердим. Чоң энем жалынып, соорото баштады:

– Балакетиңди алайын десе, курган көк суу жүрөгүңө тийсе керек. Бери карачы, жарыктык Улукман акемди билесиңби?

Мен башымды чайкадым.

– Илгери бир заманда Улукман аке деген олуя киши өткөн экен. Анын жалгыз баласы болуптур. Бала чоңоюп калганда жүрөк ооруга чалдыгып, көп жылдар төшөктө жатат. Угуп жатасыңбы? Атасы кара чечекей баласын айыктырам деп дүйнөдөгү дарынын баарын берип көрүптүр. Акыры эч нерсе шыпаа болбой, баласы дүйнөдөн өткөн экен. Ошондо Улукман акем баламды жуткан ооруну көзүм менен көрөм, деп баланын жүрөгүн жарыптыр. Жарыктык, илгеркилер мыкаачы келет тура, караса, баланын жүрөгүнөн седептей ак бирдеме чыгыптыр. Улукман акем баякыны арыктын боюна алып барып жууп, бир чөптүн үстүнө коюп коёт. Өзү колу-башын жууп болуп караса, баякы ак неме эрип кетиптир. Ошондо жарыктык Улукман акем: «Атаңдын көрү-ү! Жалбыз берсем жалгызым тирүү калмак экен!» деп өкүнгөн экен...

Чоң энемдин ушул жөө жомогун укканымдан кийин жалбыз «чайды» жакшы ичип жүрдүм.

Бир күнү чоң энем экөөбүз жалбыз терүүгө беделикке бардык. Арыктын боюнан жалбыз терип алдык да, анын жалбырактарын ашыкпай жула баштадык. Кетээрде чоң энем чөнтөктөн жоолугун чыгарды да жалбызды түйдү. Анан өзүнчө:

– Ширеңкени жаныма сала келген турбайбы, куураган жаным, чөнтөгүмдө жүрөт, – деп күбүрөп койду. – Бирөө алып кетпесин деп очок башынан алып, колума кармадым эле...

– Чоң эне, – дедим мен укканымды айтмак болуп. – Кошуна катынды ууру дешет, Жамилакандын жумурткасын уурдаптыр.

– Чын бекен?–деп чоң энем мага ишеничсиз карап калды.– Жамилакан жерге кирсин, былтыр жайында Бүкөйдү бир кайнатым чайымды уурдадың деп кылбаганы калган эмес. Кошуна катын анын жумурткасын

уурдай алабы? Уурдатпай калсын Жамилакан.– Чоң энем ширенке бар бекен дегенсип, чөнтөгүн басып көрдү да, ордунан турду.

Биз беделиктин коругунан өтүп алган соң, үйгө тарттык. Чоң энем анын чөнтөгүн басып көргөнүнөн улам мага бир момпосуй берген таекем эсиме түштү. Алар бизден алыста туруучу. Мындан бир ай нече күн мурда бир пуд кычысын далысына салып жөө көтөрүп келип саткан. Ошондо айран жыттанган, майлуу кара куржунуна туз салып жатып, энемди көздөй унчукпай эле бир шириңкени ыргытып таштаган. Балдарым утуру карайт деп алган төрт момпосуюнун бирин менин колума карматкан. Ал момпосуйду ошондо эле жеп койгом, ал эми шириңке болсо, али күнгө чейин чагылып бүтө элек болучу.

Биз келе жатып, алыстан эле эшиктин алдында үймөлөктөшүп турган катын-балдарды көрдүк. Жакырчылыкта киши ар качан авезкөй келет эмеспи. Чоң энем табылгы таягынын учун жерге тыкылдата уруп ылдамдай басты. Мен дагы кичине кара согончогумду жерге кадай кыдыңдап келатам. Бир убакта кошуна катын колуна апкеч алып, топту аралай чуркап кирип, бирөөнү салып жибергендей болду. Анын артынан эле «кокуй!» деген ачуу үн чыкты. Бул үн – менин өз энемдин үнү болучу!

Энемдин чыңырганын укканымда, көзүмдүн жашы чертип жиберген буурчактай ыргып кетти. Топту көздөй чуркадым. Жетип келсем чекесинен кан агып энем жыгылып калыптыр.

– Энеке-е! – деп жибергенимди бир билем, бакырып барып үстүнө кулап түшүптүрмүн.

Чоң энем кышылдап жетип келгенде, кошуна катын жеңин түрүнүп алып, дагы урмакчы болуп жаткан эле. Өзү да күлтүлдөгөн семиз неме болучу. Ал арачага ээ-жаа бербей булкунуп, шыпырылта тилдеп жүрөт. Мен тура калып жерде жаткан ташты ала койдум да, семиз катынды ичке коюп кеттим. Ал: «Жубарымбек!» деп бакырып ийип, ичин кош колдоп басып отуруп калды. Анан, акырын жатты да, ичин басып, өкүрүп-бакырып ооналактап ыйлай баштады. Мен чыны менен эле жыга урганыма табам канып «азыр өлүп кетсе экен», деп тилендим. Энем ыйлап жүрүп, чекесинен аккан канды жоолугу менен аарчып жатты. Чоң эне кокуйлап тегерене чуркап жүрөт. Иштин маанисине түшүнө албадык. Жыйналган катындар: «Шириңке, шириңке!» деп калышканын угам. Сурагычалык эмес.

Семиз катын эл жөлөсө да турбай, мени жерден алып көргө салып каргай берди. Анан аягында келип кызык үн менен аңкылдап ыйлай баштады.

Дал ушул учурда байкоосуз, гоминдандык бир полицейский шимшип келип калды. Мен андан коркуп деле кеткеним жок.

– Эмне чатак?!

– Эчтеке эмес, айланайын, – деп чоң энем иштин жай-маанисин билбесе да түшүндүрө баштады. – Мына бу тентек энесине болушам деп... Эчтеме деле болгон жок... Өзүнүн ич оорусу барбы алдыкаткырдын...

Семиз катын тигини көргөндө, адашып калып энесин араң тапкан жаш балача озоңдоп коё берди. Анан, бизден таяк жеп, ордунан туралбай жатканын айтып чагым берди.

Көп өтпөй эле чоң энем, өз энем, мен болуп гоминдандык сакчы мекемесинде даяр болдук.

– Жесир катын Айшаны урган силерсиңерби?! – деп сарала кайыш асынган суракчы тергей баштады. Оозун кайыштай чоюп, араң эле сүйлөйт. Эгер менин эркиме койсо, ушул немени да жанкыдай таш менен бир эле коюп томолотоор элем...

– Ооба, айланайын бизбиз... моберeки тентек энесине болушам деп бармактай таш менен... Катуу деле тийген жок, – жооп берди чоң энем. – Караңызчы, мобу келинимдин башын апкеч менен уруп жарып салганын...

– Бас, жаагыңды! – деди суракчы үстөлдү алаканы менен коюп жиберип. – Силер аны таш менен уруп жыккан соң ал жөн турмак беле, – деп кыйкыра сүйлөгөндө, байкуш чоң энем эсинен тана жаздап, киши көргүс түргө кире түштү. Анан, калчылдап туруп титирей баштады. Ал мындай болот деп ойлогон эмес эле. Коркконубуздан баарыбыз эле сүйлөй албай калдык.

Энем ыйлап жиберди.

– Коомдун тынчтыгын бузуп, киши урганы үчүн баласы менен энесин алпарып камап койгула, кемпир кетсин! – деп бизди айдап келген черикке тапшырды, анан кызыл өңгөчүнө зордоп аба жиберип, аны кайра ырсыя жекирди да суракчы чыгып кетти.

Аялдар камалуучу караңгы түрмөнүн «тазараак» жеринен орун алган соң гана энем мага иштин жайын айта баштады.

– Силер жалбызга кеткенден кийин үй артына чыгып кайра келатсам, Айша боюн түзөп биздин тышкы үйдөн чыгып келе жатыптыр. Бирдемениката койгон экен деп жабыша калдым. Ошентсем эле бакылдап уруша баштабадыбы. Колум ычкыр кашатындакы ширеңкенин кырына тие түштү. Аңгыча болбой эле мени чалкаман түртүп жиберди, эшикти көздөй чуркады. Тура калып мен да артынан удаа чыктым. Ал эшикте ычкыр кашатынан ширеңкени ала коюп, күрөндүнүн ар жагына ыргытып жиберип, демитип келип ого бетер мени тилдей баштады. Эл да чогулду. Айтып эмне түшүндүрө алайын! Бир убакта карасам, апкеч ала чуркап келе жатыптыр, кача бергиче болбой эле башыма дың дей түштү...

Т.СЫДЫКБЕКОВ АТЫНДАГЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСТУК КИТЕПКАНА
№ 273414

– Ал ширеңке кана? – деп сурадым мен.

Энем кемселинин чөнтөгүнөн алып чыкты. Шылдыратсак ичинде талдары жок, эски ширеңкенин кабы экен. Бул тышкы үйдөгү асылуу турган тактайдын үстүндө туруучу.

Жаңы ширеңке чоң энемдин чөнтөгүндө экенин айтканымда, энем терең бир үшкүрүп алды да, көпкө чейин үнчүкпай отура берди...

Абактынын бурчуна коюлган жыгач челектен даараткананын жыты чыгып, башым ооруй баштады. Мен эмнегедир кызыл күн, көк асман, чексиз талааны эңсеп кусалана баштадым...

– О-алда ширеңке-ай!

## ДОС ЖАНА ГАЗИК

Узакка созулган ооруга кирептер болдум да, кызматыман бошонуп айылга келдим. Эни бир чакырым, узундугу он нече чакырым келген Көк-Терек токоюнун бир бурчуна үй салдым да, бала-чакам менен узагыраак дем алууну көздөп туруп калдым.

Апрель айынын аяк ченинде токойдоку моюлдар кудум ак сирень өңдүү быжыгыр ак гүл ачып, чар тарапка атыр жытын бүркө баштайт. Эртели-кеч жыш өскөн моюлдарды аралап, таза абадан кангыча жутуп, үйгө кайрылам. Врачтардын кеңешинин эң бир майда-чүйдөлөрүнө чейин аткарышым керек. Элдин баары жазгы өндүрүшкө киришип кетип, кийинки күндөрү аздап зериккеним болбосо, турмуш өз алынча көңүлдүү өтүп жатты. Бирок, жай жаанчыл болду да кызыл жүгүрүгүмдү козгоп жиберди. Күн бүркөлдү болду, мен дагы салынуу турган төшөгүмө келип кыйшаям.

Шаардык досум Хусайынов почта аркылуу Эмиль Золяны салып жибериптир. Эртели-кеч эрмегим ошол болду, окуп жата бердим. Ден соолук бирде жакшы, бирде жаман дегендей олку-солкулук менен күндөр өтүп жатты.

Бир күнү биздин үйдүн батыш жагындагы кара жол менен бир «газик» зырылдаган бойдон өтө чыкты. Мен китеп окуп эшиктин алдындагы кайыңдын дүмүрүндө отургам. «Булар ким болду экен? Басма сөздөрдө кийинки күндөрдө, элдин турмушун жакшырта түшүү маселеси коюлуп жаткан эле, мүмкүн, алыскы айылдарга кишилер келе баштаса керек», дегенди ойлодум.

Айтканымдай эле менин оюм ордунан чыкты – эртеси кошунам келип мага мындай кабар айтты:

– Жогорудан үч киши келиптир, көчөкү машина ошолордуку экен.

– Алар кимдер экенин сурап билдиңизби?

– Жок, айтор ичинде бир кыргызы бар деп уктум.

«Кыргызы ким болду экен? Жогорудагы кыргыз кадрларынын көбүн жакшы билем. Баары менен өз кезинде ынак дос элек. Мүмкүн, ошол достордун бири чыгаар, бир сүйлөшүп алат окшоймун», деп кубанып да калдым. Аңгыча жергиликтүү активдин бири келип, жай-маанисин ошол айтты: элди аралоо максатында жогорудан үч киши келиптир. Анын бири Шакен деген жигит экен. Калган экөө башка улуттардан болсо керек.

– Сиздин атыңызды айтып, ошол кыргыз жигит кеп сурады, – деди ал.

– Мен Шакенди жакшы билем, – дедим (байкоосуз, эптеп мактанып да алдым окшойт). – Ал анда мени издеп келбей койбойт. Кыйбас достордун бири да...

Тигил адам ошол меймандарга бараарын укканымдан кийин, ага мындай деп тапшырдым:

– Мен жөнүндө айтыңыз. Ден соолугу жакшы болуп келе жатат, сизди жолдоштору менен келет деп күтүнүп жатат. Бир чер жазышып алалы, досторду сагындым, – ушул сөздөр оозуман чыкканда көңүлүм да көтөрүлдү.

Шакен жолдоштору менен бизге келээрин аялыма салтанаттуу кабарладым да, өзүм айдаган жашылчалардан жулуп келдим. Үйдө аз да болсо эт да даярдатып койдум.

Чынында да достор менен дуулдашып бир отурууну көптөн эле сагынып жүрөм. Ушул Шакен менен да көп ирет бирге болгонбуз. Жекшемби күндөрү шаар четиндеки токойго барып тамаша кылаар элек. Кымыз, козу, «каз моюн» ала чыгып, кечке чейин сейил куруп, жарпыбызды жазып, жыргап кайтчубуз. Ал эми, кээ бир жекшембилерде Шакен бала-чакасын алып биздин үйгө келчү да, кеч киргизип, бирер кино же концерт көрүп, анан үйлөрүнө кетүүчү. Өтө караңгы же жаандуу күндөрү боло калса, мага күлө карап туруп (анын сүйкүмдүүлүгүн жакшы көрөм) мындай дечү:

– Аксакал, арабаңызды кошпосоңуз эле бизди кетире албайсыз. Анын «араба» деп тергегени мекеменин газиги. Шоферду чакыртчумун да, конокторду жеткизип коюусун өтүнүчүмүн. Ал күндөр өз алдынча, эми болсо башкача. Алыстан келген ошондой дос үйүңө кирип сыйыңды көрүп, моокумуңуз кангaнча аңгемелешип кетсе, курган жандын бир жадырап калмасы бар эмеспи. Биз үй-ичибиз менен эртеси кечке Шакенди күттүк. Бирдеме гүр десе болду – эшикке чыга келебиз. Сүйүктүү коногун ким алдынан чыгып алгысы келбейт.

Бирок, Шакен ал күнү келген жок. Мүмкүн, менин мында экенимди билбеген чыгаар... Жок, ал билди. Бул жерде ким эле болсо мени ага

айтып бере алат. А балким, анын колу тийбегендир, кызмат адамын бирдеме дешке да болбойт. Мейли, элдик иш менин ишимен алда-канча артык, иши кылып элдин ишин иштесин. Ылайым көп убактысын ошого жумшасын. Кечинде баягы адам жолугуп калганда, айттырган саламымдын үчүгүн сурап калдым.

– Айттым, – деди ал, – абдан тактап үйүңүздү да айтып бердим.

Мен жөнүндө тактап билгенин уктум да, анын келе албаганын кызмат жайы жагына күчтөп эле оодарып таштадым. Антпесем көөнүм да тынчыр эмес!

Эртеси да болду. Мен баягы кайыңдын дүмүрүндө китеп карап, бир жагынан досумду күтүп отура бериптирмин.

Бир кезде газиктин тааныш үнү кулагыма шак дей түштү. Мен үйдү көздөй бастым, аялым баласын көтөрүп (Шакен жокто дагы бир бала туулган) жолго чыга калды. Бирок, газик короообуздун алдынан теңселип өтө чыкты. Эгер дос сагынган көздөрдө кудуреттүү бир кубат болсо, анын дөңгөлөгү тып эле туруп калмак. Биз тек машинанын артынан чыккан чаңды жутуп, карап кала бердик. «Шакен жол боюнда турган аялымды таанышы керек эле, машинада ал жок болсо керек!» – деп өзүмдү жаңыдан соорОтоюн дегенимче, газик узап барып негедир токтоп калды. Аялым мени карап күлүп жиберди. «Баса, билбей өтүп кетти, кантип эле Шакен сенин абалыңды бир сурабай зыр коюп өтүп кетсин» дегенсиди.

Газик токтогондон кийин айылдагы балдар чымын-куюн болуп машинаны көздөй чуркап калышты. Машинанын каалгасы ачылып, андан кара костюм кийген киши чыкты. Тышкы түлкүсүнан эле анын Шакен экенин биле койдум. Шакен биринчи барган чоңураак баладан бирдеме сурагандай болду. «Сөзсүз биздин үйдү сурап жатат!» – деп ойлодум мен. Жок, бала Шакендин сөзүн уккандан кийин колу менен жаңсап биздикин көрсөтпөдү, кайра колун төбөсүнө алып уялгансып ары толгонуп кетти. Шакен ары басып, зеригүү менен ары-бери карады. Анан чөнтөгүнөн сигарет чыгарып, машинаны карап туруп тамыза баштады.

– Барсаңчы, – деп аялым жанымды койбойт.

Мен үнчүкпай эле Шакендин бардык кыймылын алыстан карап тура бердим.

Машина «гүр» этти да, артында чаң калтырып жүрүп кетти. «Эми төмөн барып кайра келээр!» деп ойлоодон уялдым. Байкуш аялым ыйлап жибере жаздап, үйгө араң эле кирип кетти. Мен кайыңдын дүмүрүн көздөй бастым. Эмне китеп окуй алайын, китепти таштадым да, токойду көздөй кеттим.

Жерден сызылып чыккан кара суулардын жээгин жашыл дукаба өңдөнүп оңорчок каптап кетиптир. Шилби менен бөрү карагат өскөн бир

аянтчада аз турдум. Анан колума урунган чөптөрдүн башын кармалап, кайра келе жатып, тезек талашып, өлө жаздап чыйкылдашкан эки сагызганды көрдүм да, андан бетер көңүлсүз болдум!

Мына ошол бойдон Шакенди көрбөгөнүмө бир-эки жыл өтүп кетти. Ден соолугум жакшырып, өз кызматыма келип да кириштим. Кат алышып турган досторум чын жүрөктөн тосуп алышты.

Бир күнү, жекшембиде бала-чакасын ээрчитип, Шакеним кирип келди. Анын мүнөзү мурдакыдай, жайдары.

– Ой, салоомалейкум, аксакал, саламат келип калдыңыз. Жомоктогу периштедей бирде кайып болуп, бирде бар болосуз. Келген кабарыңызды угаарым менен салам берейин, деп жетип келдим...

Биз меймандарды кучак жайып күтүп алдык, бирок, аялым:

– Шакен автобус менен келдиңерби? – деп сурап калды. Ай, ушул аялдардын кекчили, ай! Мен сезе коюп көзүмдү кысып «козгобо!» дегиче болбой. – Баса, газик менен келсең, үйдөн өтүп кетээр белен, – деп салганы.

Амал канча, бул жерде Шакенбайды кызартуунун зарылдыгы аз болучу.

## ГҮЛКАЙЫР

Ар качан, эртең мененки салкын абада өзүмдүн кунт коюп өстүрүп жаткан Гүлкайырыма, кишилерде болуучу зор мээримдүүлүктөн пайдаланып, эмгектенүүнү милдетиме алдым. Гүлкайыр мындан кыйла мурда жапан түздө жалбырагын кылтыйтып, болочок гүлдөрүн өзөгүнө жашырып турганын көргөм. Чегинен чыга жаздаган өзүмчүлдүгүм, аны мында көчүрүүгө мажбурлаган. Ошентип, ага тунук тоо суулары шылдырап агып жаткан арыгымдын кырынан орун бердим. Алда нече сабактар чыгарып, эркин гүл ачсын дедим.

Көгү узара түшкөн ушул Гүлкайырдын жай мезгилинде биринчи гүл ачканы эсимде.

Күтүүсү жетилген Гүлкайырдын гүл ачуусунан мурда (табияттын чебердигин караңыз!) узарып калган жашыл жалбырактарынын түбүнө биринчи түйүлдүктөр пайда боло баштады. Ал куду нанды оозуна туура сугунуп алган кичине баламдын эриндерин элестетүүчү. Арийне, бул Гүлкайыр өмүрүмдөкү эң маанилүү иш! Күндө келип анын гүл ачуусун таакатсыз күткөндүгүмөн жанына өсө калган жапайы чөптөрдү жулдум, отогуч менен түбүн бошоттум. Эгер тим койсо инсанга пайдасыз – тез көктөп, гүлдүн тиричилигине ортоктош боло кетүүчү кадимки ыраң

чөптөрдүн капарсыз өсө берерин жакшы билем. Чындыгында да, арам чөпкө караганда пайдалуу чөптөр күтүүмдү алда-канча артык талап кылат эмеспи.

Күн санап чоңоюп келе жаткан түйүлдүк, көзүмө нары тирүү, нары жалындуудай көрүнчү. Ал түгүл, менден бирдемени кызганып, кичине жалбыракчалары менен ортосун жаап жашырып туруучу.

Бир күнү эртең менен арыктын тунук суусуна кумарым каңгыча жуундум да, адатым боюнча Гүлкайырыма келдим. Оо, дүйнө! Анын баякы түйүлдүгүнүн учунан ак гүл булайып чыгып келе жатыптыр. Бул мен үчүн айта калгыдай жаңылык болду. Өтө бир назик буюмдан кылдаттык менен жасалган ушул ак гүл, менин эмгектенген Гүлкайырымдын биринчи жеңишиндей сезилип, эбак унутулган нерселерди эсиме түшүрдү. Мүмкүн, мен ушул тоо этегиндеги өзүмө эң кымбат болгон жаңы дүйнөгө жыпжылаңач келип жатканымда, биздин үйдүн тегерегинде гүлдөрүн булайтып ушундай Гүлкайырлар жайкалып тургандыр. Мүмкүн бул, ошол Гүлкайырдын үрүмбутагыдыр. Бул ырас, эч кандай катасы жок! Эс тарткандан баштап «жарык дүйнөсү ушул турбайбы», деп кичине көздөрүм менен эки жагымды карагам. Мына ошондо, аппак гүлдөрү менен ушул Гүлкайырдын алдыңкы муундары мага дапдаана көрүнгөн.

Булайып чыгып турган ошол биринчи Гүлкайырымды астейдил карай чыкканымдан кийин, ага мурдакыдан да күчтүү ашык болуп калдым. Анткени, ал өзүнө деген үмүтүмдү актаарын далилдеди.

Акыры, Гүлкайырымдын биринчи гүлү да толук ачылды. Чети кооздолгон фаянс чыныларын элестеткен нары назик, нары мээримдүү гүл кооругумда элдин көөнүн бөлүп, жайкалып туруугa тийиш. Мен ага деген эмгегимди аябастыгым керек. Алиде, копшутуум, алиде, арам чөптөрүн жулуум зарыл.

Кыйла күндөр өткөндөн кийин быжыгыр жашыл жалбырактар арасында сабакты бойлой ачылган гүлдөр сансыз болуп кетти. Чар тарапты караган гүлдөр өзүнүн назиктигинен бардык жандууларды баарман кыла баштады. Башка кенже сабактар да гүлүн ачып, ошол орунда тоонун эркин желине теңселген табигый гүлдесте пайда болду. Алар барган сайын жанданып табият дүйнөсүндө түбөлүккө жашоону көздөп, кулпунуп, толукшуй түштү.

Жай мезгили ортолоп калды, барган сайын фаянс чынылар көбөйүп, сабактын учун көздөй талпына ачылышты. Бирок, өзүм сүйүп кымбаттаган биринчи гүл, жашоосуна кажет болгон бардык нерсесин табият алдына тарта турса да, эмнегедир эскире баштаганын байкадым. Ошондо да анын биринчи болуп ачылгандагы көңүлүмдү толкутканы алиде өз кымбатын сактап, жүрөгүмдө турат. Ал өзү, эч кандай кудурет күчү ажыратып

калалбаган табияттын сырын жакшы түшүндүргөндүктөн болсо керек, гүлдөрүнүн солуганына карабастан, тиричилигин мүлдө таштап койгону жок. Анда кайраттын, уландуу тымызын кыймылы жүрүп жатты.

– Мен гүлдөрдүн кандай болуп ачыла тургандыгын элге биринчи болуп көрсөттүм. Эми гүлдөр ачыла берсин. Гүлдүн кооздугунан наар алам десең менден жогору кара! – дегенсип көрүнөт.

Менин көңүлүмдө арийне:

– Сага чын жүрөктөн ыракмат! Сен гүлгө деген моокумумду биринчи болуп кандырдың, – деген пикир пайда болот.

Бул пикирдин жалпы эмес экенин да өзүм сезем. Гүлдөн бал соргучтардын менин оюм менен эсептешип отурууга убактысы бар бекен? Адатта, учуп жүргөн бир аары өзү конгон гүлүнүн ширесин соруп болгон соң, анда эми лаззат калбаганын менден жакшы билет. Аны эң кудуреттүү үгүтчү болуп да өзүм сүйгөн гүлгө келтире албаймын.

Бир күнү карасам жайнаган фаянс чынылардын эң төмөнкүсү– баякы биринчи гүлүм бүрүшүп мүлдө солуптур, анын тиричилиги эми токтогонун билдим. Ошондо да ал мага кадырман!

Дагы бир күнү эмгектенүүгө келгенимде, биринчи гүл эң акыркы мезгили жетип жерге түшүптүр да, анын ордуна төө тапандын түбүндөй тегерек «топчу» калыптыр. Бир кездери гүлдүн түбүнө сөөнч болгон кичине жалбыракчалар эми дагы бирдемесин менден жашырып, ичине катып турду. Аны тынч койдум, ал акыркы жолу бир акылын кызгангансыйт. Ал эми сабактын баш жагында болсо, жайнаган фаянстар жарыша ачыла берди.

Күз айлары кирип күн суүй баштады, сабактын эң учундагы түйүлдүктөр да чоңоюп гүл ачууга энтеледи.

Биринчи карлар тоо башына түшкөндө да Гүлкайырларым, бапестеп баккан жеринде аппак гүлдөрүн ачып жайнап турду. Бул көрүнүш мага кээ бир кишилердин чачына ак кирип, тегереги суук тартса да, көңүлү гүлкайырдай жайнап турарын элестетүүчү. Суук жел согуп, мөндүр аралаш жаан жааган түндүн эртеси да Гүлкайырларым кадимкисиндей кулпуна ачылып, алыстан көз тартып турду.

Кермек эрмендер жалбырагынан ажырап, сары куурайлары гана калды. Эртең менен жер боз кыроо түшүп сагызгандар чакылыктай баштады. Ага карабастан Гүлкайырымдын акыркы түйүлдүктөрү да гүлдөрүн ачты.

Эң биринчи ачылган кымбаттуу фаянстан бери төрт-беш ай өтсө да, сабактын боюна бүткөн түйүлдүктөр улам жогорулап уландуу гүл ачты. Гүлкайырдын кооздугунан мен да уландуу баарман болдум!

Кийинки мезгилдерде, биринчи ачылган кадырман Гүлкайырдын түбүндө калган тегерек «топчусу» бышып жетилгендиктен ондогон жаңы уруктарын чар тарапка тарсылдатып чачып үлгүрдү. Ал, биринчи

көңүл кубанычы болуунун тышында, келерки жайында алда нечелеген Гүлкайырлардын жарык көрүшү үчүн да кам жеген, эң мээримдүү фаянс болгон тура!

Ал эми сабактын эң учундакы түйүлдүк өзүнүн жаш гүлүн ачып али-де жайнап турат. Бул менин эмгегимдин жемиши. Анда нече кыш келсе да ушул Гүлкайыр түбөлүккө тозбочудай. Келерки жылы жайында да Гүлкайырлар ачылат, эл ичинен мен өңдүү гүл сүйгөндөр да табылат, бирок өзүмдүн киндик каным төгүлгөн жеримден көргөн биринчи Гүлкайырым – өмүрүмдүн акырына чейин көз алдымда жайнап, күлпүна берерине күмөнүм жок!

## ЫМАНДАЙ СЫР

Жаңы көчүп келген туугандардан (бири узун бойлуу, бири жапалдаш) эки жигит көрүшпөгөнүнө бир нече жыл өткөндөн кийин гана айылдык советтин конторасынын алдынан жолугушту. Мурда, жапалдашы «Аксай» сокосунун туткасын карыштыра кармап, алды жагында илбий баскан эринчээк алты өгүздү «соп-соптоо» менен жүргөн. Ал эми узун бойлуусу болсо, түн баласы уйку көрбөй, жылкы кайтарып, кокту-колоттордун түнкү кожосу болгон. Экөө тең бир айылда бирге ойноп, бирге өскөндөрдөн.

Капысынан кезиге кеткен достор көрүшкөнүнө катуу кубанышты. Тышкы кебетелеринин, ачыгын айтканда, кийимдеринин бүт өзгөргөндүгүн көрүшүп, ички дүйнөлөрүнүн да кандай өзгөргөндүгүн тымызын байкашмак болду. Аны байкоо үчүн мындай кыска мөөнөт ичинде сөздөн башка тараза жок эмеспи. Баарынан да тагдыр ал экөөнү трактористтик курсуна бир окууга жөнөтүшүптүр.

Узун бойлуу жигит никелден жаңы салдырган кашка тишин жаркылдата күлүп:

– Мен «Белорусь» айдап жүрөм, – деп чачын салалап тарай баштады.

– А мен «Жыйырма сегиз» айдап жүрөм, – деп жооп кылды жапалдашы. – Сен алтын тиш салдырып алгансыңбы?

– Ананчы, – деп узун бойлуусу укмуштай тездик менен, колун чөнтөгүнө сала коюп, кайра тартып алды эле, салаасына бир папирос кыпчылып чыкты. Анан: «Алтын тиш да салдырарсың!» дегенсип колун шилтеп коюп, папиросун ээрдине кыпчый сүйлөдү. – Волше, «Жыйырма сегиз» апасный, мен андан даже опут да алдым. А «Белорусь» ошол алган опутумдун жемиши!

– Мен мурда «Белорусь» алгам, – деди жапалдашы, аны тракторлор катарына көп эсептебей тургганын билдиримиш болуп, анын үстүнө «мен деле сендей болуп калдым» дегенсип ыңгырана сүйлөдү. – Карасам «Жыйырма сегиздин» табышы көбүрөөк экен, аны сурап алдым.

«Сураса эле алмашып бере койгон булардыкы жакшы окшойт» деп узун бойлуусу бир аз ойлоно калды да:

– Мен кошумча шофердук, слесардык, токарлыкты да ышкырта үйрөнүп жатам, – деп компойду.

«Мунусу жакшы экен, деп ойлогон жапалдашы аздап ич тардыгы козголо түштү, – деги бул кыйын!»

– Ко-ош, мында, тоюс, бул жерге эмне жумуш менен келдиң? – деди узун бойлуусу.

– Үй салыш керек, карагай белетин алууга келдим.

– О-о, – деди тиги олуттуу маани бергенсип, кежигесин жайдары тартып. – Проблемалуу маселе экен. Бирок, сен билбейт турбайсыңбы, карагай берет селсебет как можно даст тебе, аны карагайбашылар берет.

– Как можно даст, дегениң эмне? – Справка берет да селсебет.

– Во-от, эми правильна.

Булар ушундайча сүйлөшүп алгандан кийин, мурдагыдай ички жактан байланыштырган көзгө көрүнбөс жип эбак үзүлүп калганын сезишти. Бирок, бирин-бири кыйып, өз иштерине кетип да калышпады. Узун бойлуусу аз кайпактап туруп, жапалдаш досун жеңден алып, буфетти көздөй басты. Ал барды да:

– Дай, напиток, девушка, стаканы менен, – деп беркини карай койду. «Байка, абаңдын сөзүн!»

Буфетчи кыз мыйыгынан күлүп, керегин алып берди.

Булар буфеттин аркы бурчуна барышты да, тамак ичишти.

Көп өтпөй экөөнүн өткөндөгүлөрү эстерине түшүп, барган сайын бирбирине деген боорукерлиги ашып бара жатты. Албетте, эми азыркы эмес, эбактан оюнда жүргөндөр жөнүндө сөз козгошту.

– Кандай, абышка кемпир күүлү-күчтүү жүрөбү? – деп сурады узун бойлуу жигит.

– Жакшы, эптеп кыбырап жүрүшөт. Өз ата-энеңчи?

– Э-э, Абыш – деди узун бойлуусу, – мында жан багуу жакшы. – Иштешиң гана керек. Мен жаңыдан келгенимде, деги жан багып кетээриме көзүм жеткен эмес...

– Сөздүн чыны, Бакай, мен да дайнымды таппай калгам, – деп күлүп жиберди жапалдашы.

Жапалдашынын күлгөнүнөн улам узун бойлуусу сырын жайдары агыта баштады, ички жактан байланыштырган жип бат эле уланды.

– О-о, Абыш, мында кызык толуп жатат. Саа эми айтайынчы. Курсту бүтөөрүм менен айылга келсем «жаңы туугандеп» дешип сыйлашып, бирөө айдап жүргөн «Жыйырма сегизди» алып беришти. Стартери жок экен. Бир күнү от алдырайын деп ручканы толгоп калсам, колуман чыгып кетип, мына бу эки кашка тишимди күбүп түшпөдүбү!

Жапалдашы буга ыкшып күлө баштады.

– Мен эмне авезге салдырды дейсиңби, жаркыраган алтын тиш ошондо пайда болгон. Бир айча док урунуп калп эле жатып алдым. Башчыларды көргөндө ошолор тишимди муштап сындыргансытып коркутуп жүрдүм. Акыры бирөөнүн «Белорусун» алып берип кутулушту...

Буга экөөлөп, кеминде жарым минутадай ыкшып күлүштү:

Мен дагы...– деп жапалдашы күлкү чыгарган көз жашын алаканы менен аарчып жатып, өз сырын айта баштады.– Мага мурда «Белорусь» берген, аны майлабай жүрө берипмин. Кызыгы бар, бир күнү аңызга кык ташып баратсам, бирдеме коңурсуйт, карасам, аппаратты таптакыр күйгүзүп алыпмын. Ха-ха, механик чукчуңдап жүрөт келип... Тракторду алып коюшту. – Ал оң колунун тышы менен сол колунун алаканын укуп өттү. – Бир айга чейин сүткө тойгон күчүктөй болуп жүрдүм... Акыркы, «жаңы тууган» жан баскын деп ремонттон чыккан «жыйырма сегизди» беришти.

Кетилдеп күлүп жаткан узун бойлуусу:

– Аны мага табышы көп болгон соң алдым дейсиң ээ келип. Кудай бардыр, хе-хе-хе...

– А сеники жакшыбы, алтын тиш кандайча салдыра койду дейм да. Ха-ха-ха...

Мына ушундайча үйдүн аркы бурчу көпкө чейин шат күлкүгө бөлөнүп турду.

## ЧӨЙРӨ

Өзү жокто «абышка» деп коюп жүргөн, азыркы биздин үйдүн карысы Бегимбай, атамдын атасы – өзүмдүн чоң атам болот. Өз атам болсо, Ата Мекендик согушта, алыскы бир жерди жазданып түбөлүк көз жумган. Абышканын жашы сексенге таяп калса да, атка какайып отуруп алып, алыскы туугандарга чейин барып учурашат. Жүрүш-турушу чыйрак, акыл-эси да өз жайында.

Ал мени чоңоюп калган кезимде да орунсуз эркелетип жүрдү. Анын ушул баласаактыгын ойлоп, кээде, алыскы бир жерлерге кетип калгым да келүүчү.

Бирок, куу чал так эле ушул ичимде жаткан оюмду сезип алгансып, башка туугандардын да, менин да кулагымдын кужурун алып жүрүп, мындан төрт жыл мурда келинчек алып берди. Балалуу да болдум.

Мен абышканын жалгызымын да, тезирээк небере-чөбөрө жыттап, өзүнүн тукумунун үзүлүп калбай, уланып бараткыны көрүшү зарыл да.

Атам мени кичине кезинде кандай башкарганын билбеймин, азыр да түркүн өнөрү чыгып, эркиме такыр койбойт. Жашоонун жайын сен биле бербейсиң. Мен анын оюн менен болушум керек. Ою менен болбоско да болбойт. Былтыртан бери торпок бакканды да ушул абышка чыгарды. Шаардакы механизаторлук курска тизмеленип, совхоз жагынан жиберилгени турганымда, директордун алдында эки саат кылчылдап отуруп алып, калтырып койгон болучу. Ал эми жакындан бери башчыларга айтып, тиленип, мени чабан кылмакчы болуп жүргөн. Мен болсом, кой багууга караганда техниканы алда-канча жакшы көрөм. Бул оюмду бир жолу абышкага айттым. Абышка таягын тактайга тыкылдата отуруп, мындай жооп берди.

– Техниканы эмне кыласың? Карамайдан айран таттуу, темирден сөөк жумшак, баселкеден жайлоо жакшы.

Бул салыштырмасынан кийин мен ал жөнүндө ооз ачканды койдум.

Иш ушундай болсо, мүмкүн, чабан да болуп каларммын, кой багып жакшы өстүргөнү үчүн Эмгек Баатыры болуп «Волга» минип жүргөндөр азбы?

* * *

Бир күнү контор алдына барсам, кулактандыруу чапталып калыптыр, окуп алып кубанганымды айтпаңыз. Башкы механикти издеп тапкыча шаштым. Механик жылуу-жумшак, жакшы жигит эле, бул ар кимдин ичтеги тилегин тартынбай айтууга мүмкүндүк берет эмеспи.

– Торпогуңду бердиңби? – деп сурады ал.

– Ооба, жакшы асырап, семиртип өткөрүп бердим.

– Сени чабандыкка алмакчы эле, комсомолсуңбу?

– Ооба, комсомолмун, бирок мен механизатор болууну көптөн каалаймын.

– Арыз жаз, орточо зарплатың берилип турат. Курс бүткөндө толук аласың.

Он минутага жеткизбей арызын жазып тапшырдым да, эч нерсе көрбөгөнсүп үйгө келдим. Приказдан өтмөйүнчө азыр абышкага айтуунун кереги жок. Ким билет, абышканы баары эле сыйлашат, ал озунуп барып башчыларды колго алып алса, иш мүлдө бузулат.

Эртеси мехцехке барып тракторист жээнди түшкү чайга чакырып келдим. Өзү да сөзгө сараң жигит болучу. Жолдо келе жатып:

– Бир артист болуп бериңиз, – дедим мен бардык жагдайды түшүндүрө келип. – Трактор айдагандарды абдан мактаңыз...

Ал макул болду.

Биз үйгө кирип келгенде жаңыдан чайга отурушкан экен. Келинчегим абышканын чынысына сүттөп чай куюп, жумшак токочтон чылап, анын үстүнө бир кашык сары май, бир кашык шекер салып нанын жибитип берди. Бул анын ар дайым чоң кайнатага көрсөткөн сыйы.

– Таеке, күүлү-күчтүү турасызбы?

– Жакшы турам, атаң маркум мал багып анын ыраатын көп көргөн киши эле. Сен болсоң кара майга чыландын, да калдың, – деди абышка. Мүмкүн ушул сөздөрү менен мага да таасир эткиси келсе керек.

– Майга чыландың дегиче акчага чыландын, десеңизчи...

«Акчага чылангычын көрчү мунун!» деген кишиче абышка аны тиктеп калды.

– Сен эмне койчудан артык аласыңбы?

– Койчу-мойчуңузду билбейм, өзүм парторгдан кем албаймын, – деп жооп берди да мени карап калды жээн. Куу чалды экөөлөбөсөк болоор эмес дегени.

– Булардын айлыгы мындан ары өсөт дешет, – демиш болдум мен чакырыкка үн кошуп.

Абышка жибиген нандарды кашык менен оозуна салып, ашыкпай бүйлөлөп ары жутту да:

– Жакында биз кой алабыз, сенин артык алганыңды ошондо көрөм. Өкүмөт бош жүргөн күнүңө акча төлөбөйт, – деп койду.

Абышканын өз оюна ишенгени шончо, биздин тапкан сөздөрүбүздү чымындын ызылдагындай көрбөйт. Жээндин, абышканын оюн акчага бурам дегени бекер кетти.

Аңгыча балам бир тегерек темир таап келип, баранка жасап алып, «дү...дү-үт!» деп машина айдап калды. Абышка аны бир карап койду. Илгерки балдар чыбыктан ат минүүчү эле, эмки балдар темирден машина жасайт, деп ойлоду.

Ортодо бир минутадай үнчүгүшпай калдык.

Чайды ичип боло берерде:

– Пай-пай-ий... – деп жээн өзүнүн бирдемеге катуу таң калганын билдирип башын чайкады. Ал дагы «сынап» көргүсү келсе керек.– Азыр биздин илимпоздор кыйын чыкты го. Кара ниеттикке кыпындай да жол калбады. Бир түрдүү айнек чыгыптыр, туут мезгилдери жакындаганда, бир короо койду айдап айнектин алдынан өткөрөт экен, ошондо бир короо

койдон канча козу тууларынын эсеби айнекке жазылып турат дейт. Кара ниет койчулар эгиз козуларды так көрсөтпөй кытып алалбас болуптур...

Илимдин бул «табылгасын» укканымда өзүмдү токтото албай күлүп жибердим. Абышка эгиз козунун бирин алып калайын деп, койчулукту талап кылып жаткан жок да. Абышка буга кайра кубанып калды:

– Азамат экен аны тапкан...

– Таеке, азыр койду трактор менен багабыз деп жатасыз – деп жээн тике качырды. – Карыганда койду эмне кыласыз, же тракторду айдай албайсыңар...

– Тракторду бат эле үйрөнүп алам. Азыр да айдай алам, бирок, ички механизмин билбеймин. Койду трактор менен бакса, анда биз кантебиз? – дедим мен аңкоосунуп.

– Кой, келжиреген сөздү айтып эмне кереги бар? Кой деген кыя беттерге жайлайт, трактр дегениңер түз жердин макулугу, – деди абышка таягын алып эшикке кетмекчи болуп, – андан көрө кой бага турган темир киши чыгыптыр дебейсиңерби, – деп мыскылдап коюп чыгып кетти.

«Ушундай сызга отургузмак» дегенсип жээнди карадым.

– Бул чалга чоңдордон бири айтпаса тил албайт, – деди жээн акырында.

Эртеси окуу башталды. Мен кабыл алыныпмын. Мектептин бош классы түрдүү механизмдердин сүрөтү тартылган плакаттар менен толду. Ал аз келгенсип кыймылдаткычтын өтүлө турган механизминин бөлүктөрү жөнүндө да сөз болду. Ошентип сабак да башталды. Жашы бар, карысы бар дегендей жыйырма беш киши партада отуруп калдык. Курс биринчи ирет ачылышы эле.

Алды менен парторг келди да КПСС БКнын ноябрь Пленумунда каралган маселелерден баштап, азыркы өндүрүштүн өркүндөө талабы, курс ачууда совхоздогу мүмкүндүктөр жөнүндө токтолду. Акырында, ишибизге ийгиликтер каалап сөзүн аяктады. Андан кийин главмеханик трактордун келип чыгуу тарыхы, анын өндүрүштөгү жумушу жөнүндө баяндап келип, айрым механизациядан комплекстүү механизацияга көчүү максатында бизди тарбиялап жатышканын айтты. Анан тракторду жикке бөлө баштады.

Сабак бүткөндө техникалык терминдерди жаттай-жаттай үйгө келдим.

– Күнү кечке кайда жоголдуң? – деп сурады абышка.

– Балдар менен эле, – дедим да, – чайың барбы? – деп кара күчкө келинчегиме кайрылдым.

– Тигини, «балдай менен», – деп абышка балача туурады да ордунан туруп таягы менен көзүмдү чукумуш болуп койду, анан эшикке чыгып кетти. Тике караганда өңүндө аздап күлүмсүрөөнүн жышааны билине түштү.

– Абышкага эмне болгон? – деп сурадым чай алып келген келинчегимен.

– Билбейм жана парторг менен көчөдө көпкө сүйлөшкөн, ошондон бери эле кирип-чыгып тынымы кетип жүрөт.

Абышка кайра киргиче «иш бүткөн экен!» деп ойлоно, чайымды ичип отурдум.

Жок, абышка баякыдай эле жылуу чырай менен кирип келди. Таягын ордуна койгондон кийин:

– Бир үй-бүлөдө бир механизатор болот экен. Сен эмес тиги атагы чыккан чабандар да трактирди үйрөнөт дейт парторг, – деди абышка маа карап.– Сенин уурданып барып окуп жатканыңды билем. Жакшы үйрөн, кой бакканга кереги тийүүчү неме көрүнөт...

Мен күлүп жибердим. Иштин менин пайдама мындай оңой чечилерин ойлогон эмес элем...

## УУРУ

Колхоздун алма багына сакчы болуу милдетин алды да, Бөкөбай абышка бардык убактысын бакта өткөрүп калды.

«Азыркы кишилер түшүнөт, кантип эле карасанатайлык кылып бир алма үчүн чарбактан секирсин? Мүшөктөн уурдоо жөнүндө ойлонуп да кажети жок. Балдар да мектепте окуп, тарбия алып жатышат, бул дүйнөнүн анык коргоочулары ошолор. Алар биз үчүн эмес, өзүлөрү үчүн коргошот. Анткени, биз – кары-картаңдар убакты келгенде тигилген алманы да таштап кете беребиз... Демек, эч ким да суук колун салбайт», деп ойлонуучу Бөкөбай. Бирок бул ой чыныгы турмушка шайкеши барбы жокпу аны менен абышканын иши болгон жок.

Бактагы алмалар кызарып, шактарга салмагын таштап, али быша элек болсо да көргөн киши кызыккыдай эле.

Таң саарынан туруп алып, бакты кыдыруу үчүн, сакчы абышка кетип бара жатканда эл али уйкуда. Ал эми, кээ бир үйлөрдөн созолонуп түтүн чыгып калганда күн көтөрүлүп калган болот. Алыс-жакындан короздор тынымсыз чакырышат. Бул кезде талинкедей бети сары, гүлдүү күнкарамалар күнгө бетин тосуп да үлгүрүшөт. Арыктарда көк кашка суулар шылдырап агып жатат. Салкын аба суу боюнан бетке урунат.

Бөкөбай муну күндө көрсө да эртең дагы көргүсү келет. Кумарланат. Биздей карыларга жан таттуу дешет, жок, чындыгында жер таттуу, эл таттуу! Кезеги келгенде мына ушуларды кыюу кыйын. Киши ошолордун, мындайча айтаканда, бир алмасы.

Күз келди. Алма чоңойду. Бул кезде абышка да бакка жатуучу болду.

Ууру жок, жок болсо да кайтаруу кажет. Анткени, атайын баксын, карасын деп ал кишиге колхоз эмгек күн берет.

Шашке ченде анын кандайдыр үйгө баргысы келди. Короодогу көңдү темир күрөк менен тээп коюшу керек. Кийинчерээк оодарса кургабай да калышы мүмкүн. Күзгү жаан башталат эмеспи. Абышка алмаларды аралап бара жатып ушуларды ойлоду да артка кайтты. Ал кароолдо жүрүп бир жолу да бакты таштап үйүнө кетип калган эмес. Ал бактан чыга бергенде, кандайдыр бир ууру келип, алмаларды үзүп, ал түгүл, шактарын да сындырып кетчүдөй күмөндөнө калды. «Кайдан антсин, бышкан кезде деле бышыгыраак карап алсам да жетээр. Ууру эмне даяр туруптурбу? Илгери уурулар мал уурдайт дечү эле, эми алмага кимдин жаманатты болгусу келе койсун!»

Бөкөбай ушул ойду ойлогон соң алма бактын эшигин бекемирээк жаап, көндүм адаты боюнча аржак, бер жагын карагылап алган соң үйүнө кетти.

Шагы ийилген алмалар тым-тырс бактын ичинде көз тартып, күнгө чагылышат. Кээ бир алмалар кызарып же ак саргыл тартып дапдаана көрүнөт. Ал эми, кээ бир алмалар: «Мен бышканда өзүм эле «топ» этип үзүлүп түшөм. Тапканың жээрсиң!» дегенсип жалбырактардын арасына жашырынган. Бул амалдуу алмалар деп аталат. Анткени, кишилердин тиши аларга баарынан кийин тиет эмеспи.

Музоо көздөп жүргөн жети жашар Эркин бактын коосуна жакын келди да ичиндеки алмаларга көз таштады. Ичинде чымчыктар да учуп жүрөт. Эркин чымчык боло калса, азыр учуп-кирип сакчы эмес, башкарманы да көзгө илбестен алманын таттууларын сабагынан тиштеп-үзүп куурайдын арасына учуп барып тойгончо жемек. Мында шокаладдан да таттуу алмалар бар да...

Эркин коонун туура жыгачына көкүрөгүн сөөп, алмаларды карап тура берди. Музоону унутуп да койду. Тээ, алыста бир алма баарынан чоң көрүнүп турат. Өзү да кыпкызыл. Ошо, кызарып турган жеринен «барт» дедире бир тиштеп алса, таттуу ширеси ууртуна чачырайт. Кезек-кезек шимип коюп чайнай берет. Аны жуткан соң дагы куштарлана тиштеп алып, башка жактарды карап, чайнай берет. Эркин ушуларды ойлоп, шилекейин дембе-дем жутту. Бөкөбай ата каерде, кайсы алманын түбүндө жүрөт болду экен? Бала мойнун созуп, эңкейип бактардын түптөрүнө көз жүгүрттү. Бирок, колунда таягы бар сакчы көрүнгөн жок.

Мына ушул учурда Эркиндин буттары кыймылга келип, коонун тешигинен заматта эле өтө чыкты. Эми беш эле аттаса болду, алманын түбүндө болот. Аны алды менен катуу көк алмалар тосуп алды. Булар

күздүк алмалар. Кызарып турган чыныгы алмалар ичкери жактан көз ымдашып, Эркинди улам өзүнө тарта берди. Ал бир басып, эки басып отуруп укмуштай калың, алмалардын арасына барды. Эми колун сунуу гана калды. Эркин үчүн эми чымчык болуунун кажаты жок эле. Эгер, моберегги чоң кызыл алманы үзүп учса, көтөрө албай жерге түшүрүп жибериши да мүмкүн. Тиги алма чымчыктан алда-канча чоң турбайбы!

Бул кезде Бөкөбай бакты кароосуз таштаганынан болсо керек, көңүлү кандайдыр бирдемени сезгенсип тээп жаткан көңүн кырдабастан эле бакты көздөй жөнөп калды. Ал дайыма бакка келе жатканда орто жолдогу дөңгө чыгып, бакты бир жолу көзү менен чолуп койчу. Ал дөңгө чыгып карады эле бакта бир караан көрүнгөнүн байкады.

– Карабаскырдыкы! Ууру кирген тура. Көңүң менен жерге киргирдики, – деп сүйлөнүп алган соң, абышка ылдамдай басып бакка кирип бара жатты. Эркин өзүн көздөй келе жаткан сакчыны көргөн жок. Бир алманы жулуп алып, бул убакка чейин жеп да коймок. Бирок, алмага көзү менен тоюп, анын көптүгүнө сонуркап, улам арылап бара жатты.

– Ай, бала!

Эркин чочуп кетип кача жөнөмөк болду эле, кутула албасын сезип кайра туруп калды. Бөкөбай жетип келди да баланы шап билектен алды. Ал үчүн бул күтүлбөгөн окуя эле.

– Эмне кылып жүрөсүң?

– Алма издеп жүрөм, – деди шашып калган бала жаңылышып.

– Эмне, алма жоготтуң беле, ыя! Кана, алма уурдаган баштыгың! Атаңды сотко бергизем! – Абышка баланы жетелеп коону көздөй жөнөдү.

– Музоо издеп жүрөм, – деди Эркин дагаңдап келе жатып.

Баланы сүйрөп лыпылдай басып келе жаткан абышка орто жолдо тура калды да баланы булкуп өзүнө каратты:

– Үзгөн алмаларыңды кайда ыргыттың?

– Үзгөнүм жок.

– Ач, оозуңду!

Бала коркконунан оозун ачып асманды карап калды. Чал анын оозун текшере карап алманын кыпындай бөлүгүн көрө албады. Баланын оозунан алманын жыты да билинбейт.

– Эмнеге кирдин, мында?

– Жөн эле, сиз жок экенсиз...

– Мен жок болсом эле алма уурдасын дептирби?

– Мен уурдаганым жок.

– Анан ким?

– Билбейм...

– Бас, жогол! – Абышка баланын колун силкип коё берди, – Эми көзүмө көрүнчү болсоң көргүлүгүңдү көрөсүң!

Бошонгон бала чымын-куюн болуп коону көздөй чуркады.

Абышка баланын томураңдап чуркап бара жатканын, артынан карап туруп көңүлү жибий түштү. «Балким башка балдар болсо, алмадан үзүп, жеп да жиберген болоор эле!»

Эркин коодон артыла бергенде чал аны кайра чакырды. Бала алмага сонуркабаса мында келмек беле.

– Ай, токто, ме, алма берейин, – абышка туш келди бир алманы үзүп алды да балага көрсөттү. Бирок, Эркин чалдын колундагы алманы көрө турса да, коодон өтүп алып безген бойдон кете берди.

Бөкөбай абышка ичинен көңүлсүз боло түштү. Үзүп алган алмасын бактын түбүнө таштады да ары басты: «Көңүң менен куруп кал! Кайдан кетип калдым эле...»

## ТУУГАН

Тууган жөнүндөгү түшүнүк, азыр биринде терең, биринде тайыз. Кээ бирөөлөрдүн тууган жөнүндөгү түшүнүгү мүлдө жок. Кантсе да бизде туугандарын кадырлап, бир ирет ичке тарта билет. Белгилүү ченеми менен ысыгына күйүп, суугуна тоңот. Бул биздин элдин эзелтен бери келе жаткан жөрөлгөсү. Бирок, ар кандай ыйык жөрөлгөлөр да коомдук өнүгүү баскычтарына байланыштуу шарттуу өмүр сүрөт эмеспи. Буга эч кандай күч жолтоо боло да албайт.

«Кызыл октябрь» совхозунда курама эл жашайт. Алардын кээ бирлери турмушун оңоп алган соң эле тууган издөөгө киришет. Көбүнчө колунда бар кезинде, туугандары менен алыстан катышып туруу анын моокумун кандыра албайт. Кайра эбак уктап калган тууганды к сезимин ойготуп, өзүлөрүн убарага салат.

Мына ушундай бир окуя жаш механизатор Эрмектин башына түштү. Анын тууган жөнүндөгү түшүнүгү кагаздан да жука болучу. Ал туугансыз жашоо мүмкүн экенин өз турмушунда далилдеп жүргөнүн билүүчү эмес.

Анын туугандары алыста жашоочу. Кандайдыр бир себеп менен бир кездери Эрмектин атасы Керимбек туугандарына таарынып көчө качкан. Ал түгүл, Эрмектин өзү да башка жакта төрөлүп, «Кызыл Октябрге» балтыр бешик кезинде келген. Ошон үчүн ага ким эле болсо бир туугандай көрүнүчү.

– Маркум Керимбек жашыраак кезинде дүйнөдөн кайтып, сен эчтемени байкабай калдың, – дешет.

Эрмек өз эли жөнүндөкү сөздөрдү уга отуруп, жаш болсо да колунан келген сый-урматын көрсөтүп, туугандарын жолго салуучу. Алар канчалык таасирдүү сөз таап айтпасын, бул жерде жакшы жашап жаткандыктан, ал сөздөргө муюучу эмес.

Бир күнү ойлонбогон жерден анын ичине чок түштү. Эгер жеңил-желпирээк киши болсо күйбөгөн жери күл болуп калмак. Күздүк айдоо башталып калган. Бир нече жылдан бери Эрмек ээлеп жүргөн жакшы тракторго бригадир бул жолу өзүнүн жээнин бекитти. Ал эми бир айланса алда нече бузула турган эски тракторду Эрмекке бериишти. Бул трактор менен иш да арбыбайт, киреше да аз болот. Эмне үчүн бригадир минтип койду? Анткени, ал өзүнүн жээнинин кирешеси арбын болушун каалады. Эрмек болсо, бул жерде эч кимдин таяке-жээни эмес.

Мен бул трактор менен иштей албайм, – деп кесип айтты Эрмек бригадирге. – Менин өзүмдүн иштеп жүргөн тракторумду жээниңе кандайча алып бересиң?

Бригадир андан бетер ичин күйгүзөйүн дегенсип:

– Бул менин ишим эмес завферма билет, – деди да ары бастырып кетти. Ал Эрмекке иштин себебин аныктап айтып берүүгө да эринет өңдөндү.

Эрмек ферманы жолуктурду да бурк этти:

– Эски тракторду айдабайм!

– Белгилеп койгондон кийин иште, – деди ферма башчысы. – Жакшы трактордо ар ким эле иштей алат. Мыкты механизатор деп ишенгендиктен атайын ошол тракторду сага бердик. Бар, бара гой! – ферма дагы башка жумуштарга айланып ары карап кетти.

– Иштей албайм – деди да Эрмек колун шилтеп коюп үйүн көздөй тартты. – «Мыкты имишмин, – ачууланып келе жатты ал, – көңүлдү алуу үчүн ар ким бир сөз таба коёт да. Менин тракторумду бригадир башка кишиге каратып туруп тартып берип жатпайбы, болгондо да өзүнүн жээнине!»

Ошентсе да Эрмек эртеси белгиленген тракторго баруугa бел байлады. Ал кечке чейин кроватында намыстанып жатып ошол чечимге келди. Ишти таштап коюуга болбойт. Болушунча жүргүзүү керек. «Баары бир мен айдай албаган жерди өзүлөрү айдайт!» деген ойго келди ал.

Ал ишке да киришти. Тракторист болуп мынчалык жапа чекпегендир. Кышында туш келди бирөө сапатсыз ремонттогон трактор жайлы-жайлата бузула-түзөлө жүрүп, Эрмектин колуна күзүндө өттү. Ал күздүк айдоо бүткөнчө, трактордун астына жата калып, үстүнө өбөктөй калып оңдоо менен алек болду. Чынын айтканда, иш деле арбыган жок. Асиресе, ал тажаган минуталарында тракторго жакындаса болду, өзүн кимдир

бирөөлөрдүн кордогону эсине кылт түшө калчу да тракторду жек көрүп, ичинен сөгүнүп алуучу. Эгер ушул жаман .трактор болбосо, мынчалык жапа чекпес элем деген ойдо, өкүнөт.

Механизатор болуп иштегенден бери ал далай эле жолу бригадир менен ферма башчысынан тил уккан. Анын баарын капарына да алган эмес. Анткени, башчылардын кээде, ишке байланыштуу оолугуп кетмеси мурдатан эле көндүм иш. Чала-чарпы болсо да кылмыш моюнга түшүп турганда, ар ким эле башчылардын тилин укмаксанга салат да, ага иренжибейт. Эрмектин башына түшкөн иш, эгер ал ушул совхоздо жок болсо, болбой койчу да иш эмес. Акыры бир механизатор бузук трактор менен ондогон күн алпурушуп, Эрмектин көргөнүн көрмөк. Ушуларды ал биле турса да кандайдыр башчылардын жектеп койгонсуган иши көкүрөгүнө каткан бирдеме пайда кылды. Бул менин эскире баштаганымдакы, чоңойгонумдакы турмуштук шарттарды баягы эле жаштыгым боюнча ойлоп, кесип-бычып киргендигимдир. Мүмкүн, иш табигый ушундай болууга тийиш чыгаар, деп ал алтын акылына келе алган жок. Акыл деген чөнтөккө салып жүрүп, керек кезинде сууруп чыгуучу буюм эмес да, өмүр жолунда акылды сезим бийлеп кетүүчү учурлар сансыз эмеспи...

Күзгү айдоо аяктады. Араң жан тракторун капиталдык ремонтко жолдоп, Эрмек өзүн женил сезди. Директор анын кыйналганын эске алып быйыл жаңы сатып алмакчы болгон ДТны ага берүүнү чечти. Буга Эрмек абдан кубанды. Ал кубанганынан бригадирдин жээнин колдогонун, бузук трактордо жапа чеккенин эсинен чыгарып да таштады. Анда ушунчалык ак көңүлдүүлүк бар эле. Алиде келе элек трактору жөнүндө таттуу ойлорго чөмүлүп, аарчып-тазалап, убагында майлап, жакшы күтүүм менен кеминде беш жыл ремонтсуз иштетем деп досторуна мактанчу болду. Жаңы трактор колуна тийгенден кийин эч кимге да анын бир бурамасын карматмак эмес. Анткени, трактор анын эмгек сиңирүүдөгү, өзүнүн күн көрүүсүндөгү куралы да. Эрмектин мыктылыгын эл ошондо көрөт.

Күзгү карбалас жумуш аяктары менен эле элде – той, аш башталат. Эрмектин аталаш туугандары да той берип алыстан чакырык кагаз жолдоду. Катты колуна алып Эрмек келинчеги менен кеңешти.

– Былтыр да той беришип, бара албай калдык. Быйыл барбасак уят, – деди келинчеги, – тууган деген ушул, жаман, жакшыда гана.

– Анда, барса баралы. Керек-жарагын камда.

– Аркы таякеге да бара келебизби? – деп сурады келинчеги. – Аларды да көрүп коюш керек. Мынча барган соң аларга кезикпей кетсек уят болоор.

– Анда, аларга да бирдеме дайында.

– Куру бармак белек, сандыктагы отуз метр булдун жыйырмасын алалы. Эки жүз сомдой акча алалы, – деди келинчеги. – Барганга жараша...

– Мейлиң, сен кыргызчылык-тууганчылыкты менден жакшы билет эмессиңби!

Келинчеги экөө өз алдынча камданып алган соң жалпы тууганларды бир аралап кайтуу максатында эки жүз чакырымдан ашуун жол, илгерки ата конушуна келишти.

Туугандары аларды тик туруп күтүп алды. «Эс тартат деген ушу, эл издейт деген ушул!» дешип, сакалдуудан көкүлдүүгө чейин буларга ыраазы болушту. Бир күндө эки-үч киши конокко чакырып, ызааттап сыйлашты. Карыялар маркум Керимбек жөнүндө сөз козгоп, баланын көөнүн эритишти. Шарактаган женелери «биздин уул» дешип рюмкаларды шыңгырата кагыштырып жатты.

Мына ушунун өзү жарык дүйнөдө тууганчылыктын өмүр сүрүп турушу кол жетпеген бир сыймык өңдөнду... Эрмек «Кызыл Октябрде» жүргөнүндө өзүн мынчалык кадырлуумун деп ойлогон эмес. Көрсө, анын кадыр-баркы алыскы бир жерде катылып жаткан тура. Адам ушундай кадырлуу, барктуу жашашы керек эле!

Эрмек таякесиникинде да беркилерден кем сый көргөн жок. Сый жагынан биздин эл жанды эритип жиберет эмеспи. Алар туугандарында алты күн турду. Ушул кыска мөөнөт ичинде ал алда нече коргошундай балкып, көзүнө жаш алды. Кетээр күнү болсо, сакалдуулар жыйналып, Эрмекке кеңеш беришти:

– Балам, эрден кеттиби, же элден кеттиби, маркум атаң жакшы киши эле болучу. Тууган ара чыр-чатак боло берет. Керимбектин бизге таарынып көчкөнү ырас. Ал кезде сен төрөлө элек болуучусуң. Эми чоңоюп азамат болгонуңда бизди издеп келипсиң. Сага чоң ыракмат. «Жан бар жерде каза бар, бирөө өлсө төртөө чыгып көммөк бар», артынан өкүрүп узатаары болгон жакшы. Азыр бардык эле жер бирдей. «Эр туулган жеринде» дейт илгеркилер. Балам, акылың бизден кем эмес, туугандарыңа көчүп келүүгө кандайсың?

Эрмекте мындай ой жок болуучу. Карылар арасында сый көрө отуруп, бул сөздөрдү уккандан кийин анын бул жөнүндө ойлонушу зарыл болду.

– Балам көчүп келүү оңой иш. Машина алып барабыз да көчүрүп келе коёбуз. Бирок, өз акылыңа салып аржак, бержагын салмактап, бир жагына өтүүң кыйыныраак. Биз азыр эле жооп бере кой дебейбиз, акылдаш. Эгер келүүнү кааласаң бизге кабар кыл, – деди аталаш тууганы..

– Макул, – деди Эрмек жаагын таяна ойлонуп отуруп. – Өзүм да ойлоп көрөйүн. Биз тиги жерде да жакшы жашап жатабыз. Бул жерде үй маселеси кандай болоор экен?

– Ал жагынан кам санаба, – деди аталаш тууганы Жаманкул деген карыя. – Бизде азыр эки короо-жай бар. Уулум мал багып базда турат. –Мында келип үй салып алганыңча биздин үйдө тура бер. Эки баш кишини оордомок белем. – Ал ушул убадасынан кийин тегерете отурган карыяларды карады. «Алыстан келген жалгыз-жарым тууганды күтүп алаарыма силердин да көзүңөр жетет эмеспи», дегиси келди.

Эрмек кетээринде ушул Жаманкулдун үйүнөн узады. Жаманкулдун уулу Жусуй совхоздо чабан болуп иштөөчү. Ал, экөөнү автобус токтоочу жерге узатып келе жатты. Көчүп келүү жөнүндө сөз козгоп, Эрмек агасынын пикирин уккусу келди.

– Мен келсем жаңы трактор алып бере аласыңарбы?– деп сурады Эрмек бет ачаар иретинде.

– Сага кайсы жерде болсо да жумуш табылат, – деп көңүлсүз жооп берди Жусуй.

– Трактористтер көп тапса керек, мында...

– Ишине жараша.

«Менин келишимди бул каалабайбы?» деп ойлогон Эрмек кесе суроо берди:

– Деги менин көчүп келгеним жакшыбы же ошол жерде жүрө бергеним жакшыбы?

– Мен буга жооп айта албаймын. Анткени, каерде болсоң да иштеп өз турмушуңду өзүң оңойсуң.

Эрмектин жакындары: «Тууганды билбейт, кара мүртөз!» дешип Жусуйду жаман көрө турганын байкап калган. «Ырасында бул тууганды кадыр-кымбатын түшүнбөсө керек. Мендей болуп алыстан келип сый көрсө, баркталса ошондо тууган жөнүндө түшүнүк алат. Бир жерде узак жылдар бирге жашаган туугандардын бири-бирине болгон кымбаты канчалык?»–деп ойлоду Эрмек.

Автобуска отурушкан соң «кат жазып амандыгыңды билгизип тур», деди Эрмектин колун кыскан атасы. Анан: – Кош бол садага. Жакшы баргыла! – деп Эрмектин келинчегине карап койду да, автобустан түшүп калды.

* * *

Эрмек «Кызыл Октябрге» көңүлдүү келди. Туугандары белек кылган даамдарын берип, жолдошторун сыйлады. Өзүн кандай күтүп алганын айтып, жалгыз эмес экенин билдиргиси да келди. Сөз арасында «Эрмектин ачуусу келсе, көчүп да кетет» деп тамаша аралаштырып сокту.

Бригадир менен ферма башчысы жолукканда манчыр-камыш болуп, өзүн көрсөтө сүйлөдү:

– Жаңы тракторуңар эмдигиче келбептир, келтириш керек да. Эгер жаңы трактор бербесеңер менден ажырады дей бергиле.

Эрмек мыкты трактористтерден эле. Кээде, анын артык ооз сөзү кечиримдүү. Башчылар механизаторлорду иштете билиши зарыл. Ал үчүн механизатордун ылайыктуу кээ бир талаптарын канааттандырып, рухий жагынан да колго алуу керектигин ферма башчы жакшы билет. Анын үстүнө, Эрмекти туугандары абдан желпинтип жибергенин байкап:

– Бир жакка кеткиң келеби? Ушу жер эле жакшы. Азыркы кезде тууган деген эмне, бир эле чөөгүн чай, – деди ферма башчысы.

– Күзүндө көргөн күнду каалабайм, – деди Эрмек көңүлсүз туруп. – Жалгыз-жарымсынтып, басмырлатып кетмеңер бар экенин билген эмесмин мурда.

– Эрмек, сени мен ини катарында жакшы көрөм, – ферма башчысы жүрөгүнөн чыгарып сүйлөдү. – Сен жакшы жумушчусуң. Күзүндө ал трактор сага берилбеген болсо, ондогон гектар жер айдалбай калат эле. Биз атайын сага ишенип бергенбиз. Мында эч кандай тууганчылык болгон жок. Ал жумуш талабы.

– Мен жээнимен сени артык көрөм, – деди бригадир сөзгө аралашып. –Анын жалкоолонуп калмасы бар. Эгер, ага сен айдаган тракторду берсек ишти арбыта албайт болчубуз.

Эрмек жүйөөлүү айтылган жылуу сөздөр алдында ичинен бошоп турса да, бирден макул боло койгон жок.

Жаңы трактор сөзсүз сага берилет. Бул Михаил Ивановичтин өз пикири. Биз тракторду ишке сала алган кишиге гана беребиз.

Деген менен Эрмектин оюнда жок нерсе оюна түшүп, кыйкым тапкыч болуп калды. Мунун себеби, туугандарынын сый-урматы, барктап күтүшүнөн башка эч нерсе эмес эле. Ал олку-солку ойго берилип калган бардык кишилер өңдүү эле бирде «Кызыл Октябрде» калууну ойлосо, бирде туугандарына көчүп кетүүнү ойлоп, ыргылжың боло берди.

Акыры ал бир күнү өзүнүн досторуна акыл салып, кеңешүүгө мажбур болду. Өзүнөн башка да иш билгендер бар эмеспи.

– Чынында да, – деп сырын аңтарып жатты Эрмек досторуна. –Тууган деген жакшы эле экен. Бирок, бул жерге абдан көнүп калыпмын. Мага бул жердегилердин баары эле бир тууганымдай сезилет. Ошондо да көчүп кетсем деген оюм басмыртыраак турат...

Анын достору өзүлөрүн кармай билген, аркы-беркини баамдаган жигиттер болучу.

– Азыр бардык жер окшош, – деди досторунун бири. – Сен тууганга канчалык сөөнө аласың? Бул жерде сени эч ким жектеп жаткан жери жок.

– Курсак ток, кийим бүтүн. Өзүңдүн иштеп жүргөн жакшы кесибиң бар. Агайын досторуң бар дегендей, азыр кимдин оозуна ким аш алып берет? – деди дагы бири.

– Комсомолсуң – деди үчүнчүсү бир комсомолец досу. – Биз кайда болсо да элге иштейбиз. Жалпы алганда өзүмө кайсы жер болсо да элге иштейбиз. Жалпы алганда өзүмө кайсы жер болсо да окшош. Кетүү-коюу өз эркиң...

– Кыязы, силер менин тууганыма көчүп кетүүмө кошулбайт окшойсуңар. Ошондой эмеспи?

– Таптың, – дешти достору.

Мына ушул кеңештен кийин Эрмек тууганды ойлогонду кемитти. Чынында да «Кызыл Октябрь» совхозунда ал жамандык көрүп жаткан жок. Жылуу ордунан козголуп, кыштын чилдесинде көчүп жүрүү да оңой эмес. Азырынча көчүп бара албаймын, деп туугандарына кат жазып жиберүүнү чечти. Акыры ушундай иштеди. Буга келинчеги да кошулду. Туугандары күткөн жооп кат да жиберилип, иш бир жаңсыл болду.

Кат жиберилгенден кийин бир ай өтүп, кыштын бурганактуу күндөрүнүн биринде Эрмек алыскы мал фермасына жем ташып жүрүп калды. Ал жапжаңы ДТсын өткөрүп алган. Башка тракторлор ремонтто болгондуктан эмес, бул милдет Эрмекке гана таандык болуучу. Анткени, трактористтердин ичинен Эрмек кана мындай аба ырайы татаал мезгилде авариясыз, ишенимдүү иштей алат. Ал адаттакыдай трактор сүйрөгөн чанаасына бир тонна жем басты да, күн көтөрүлө кампа алдынан жөнөп кетти.

Бурганак катуу эле. Бул өрөөндө бурганактуу күн болбосо, аяздуу күн болот. Бурганактуу күндүн жолдон адаштырмасы бар. Аяздуу күндүн болсо, күн ачык турганы менен кишинин колу-бутун үшүтүп жибермеси бар. Кар жаап турганда жел карды борошолойт, бирок кандайдыр жылуурак келет.

Эрмек жылуу кийинип алган, моторго газды берип коюп, рычагдан колун үзбөй жүрүп отурду. Жүз метрден аркы жол көрүнбөйт. Бирок, тажрыйбалуу механизатор жолдун тосмосун гана байкап, тракторун башкарып бара жатты. Кар барган сайын күчөп, кээ бир жерде жол мүлдө билинбей калып жатты. Эрмек артына бурулуп карап, мешокторду кар басып калганын көрдү. Мындай жолдо атчан киши жүрсө эбак буюгуп жан бермек. Мындан он жыл мурда эле араба менен жем ташылганын эстеди Эрмек. Ал кезде ал он төрт жаштагы бала болуучу. Атасы Керимбек да тирүү чак. Ал согуштан келген соң өз ажалынан өлдү. Ал атасы жөнүндө ойго батты. Ой деген кээде шактаншакка секирген чымчык өңдүү эмеспи. Керимбек турмуштун далай

борошолорун көкүрөгү менен жирел өткөн коммунисттерден эле. Эл ичинде кээ бир адилетсиздик менен элдешчү эмес, акырына чейин күрөшчү. Ал өзүнүн карачечекей жалгыз баласын өмүрү өткүчө бардык акылын иштете отуруп тарбиялады.

– Сен чоңоёсуң, – дечү ал кичине уулуна, турмуштун далай чыйыр жолдорун басасың. Бирок, балам, жалакайланба. Өмүрдө жашоо үчүн салып койгон даңгыр жол жок.

– Турмушта кишини кызыктыруучу нерсе көп, – деген атасы дагы. – Сен адамча жашайм десең аларга алдана бербе. Ыракаттын да башы, аягы бар!

Эрмек бул сөздөргө терең түшүнбөсө да эсине сактап калган. Кийинки күндөрү атасы каза болду да, үй-бүлөнүн оор салмагы өз мойнуна түштү. Ушуга байланыштуу аскер кызматына да бара албады. Андан кийин эмне болду? Андан кийин окуу жайын бүтүрүп механизатор болду, келинчек алды. Көөнү бир жаңсыл болгонсуп, энеси да дүйнөдөн кайтты. Бирок, өзүнүн дос-жарлары дүйнөдө тургандыктан Эрмек да эсин жыйып алууга мажбур болду. Мындай иш кимдин гана башына түшпөсүн. Эрмек ушуларды эстеди.

Кар басаңдап калды. Бирок, тоо жели күчөдү. Жол боюндагы жааган карларды шамал учуруп, ар бир калпыс жерлерде касабалар калдайды. Эрмек саатына карап алиде бир сааттай жүрөрүн ойлоду.

Он минутадан кийин алыскы тоолор кадимкидей көрүнүп, күн ачылды. Ал артына бурулуп карады эле, мешоктордогу карларды шамал эчак шыпырып кетиптир, түштөн кийин чыкыраган аяз башталат. Дөңсөө жердин-баары жыланачтанат. Жолдун ыгына тура калган кулач бийик карларды тракторунун тумшугу менен сүздүрүп, Эрмек жолун уланта берди. Ал атасы жөнүндө дагы ойго кетти. «Эмне үчүн көчө качты экен? Башка жерге баткан атам өз туугандарына кандайча батпады? Атам туура жүргөнү үчүн бардыгы кадырлоочу эле го... Илгери эмне үчүн буга көңүл бурбадым!» Туугандары да жаман эмес экенин ал өз көзү менен көрүп келбедиби.

Мал фермасына жакын калганда жол тоо этектейт. Мында аздап жылуу, кыштай жааган карлар өз боюнча жатат. Эрмек көңүлдөнө түштү. Жыгачтан салынган турак үйлөр менен мал баздары, телевизор менен радио-приемниктин антенна мачталары даана көрүндү.

Жем жеткизген трактор кампанын алдына келип токтогондо, күтүп турган кампачы ачууланып кирди:

– Мал жемден өксүгөнү эки сутка болду. Эгер бүгүн келбесең, Фрунзеге радиограмма берет элем, – кампачы ачкычтарын камдаганда малчылар мешокторун камдап да үлгүрүштү.

– Аксакал, күнөө өзүңүздө, – деди Эрмек моторду текшерип жатып. – Жем дегенди күзүндө жетерлик камдап алуу керек. Кампа жетишпесе салдыруу керек...

Кампачы буга жооп бербестен мешокторду малчылардын ийнине коюшуп жатты. Кампага аз эле мешок кирди, көбү тыштан эле малчыларга бөлүндү. Кампачы баарын жайгаштырып болгон соң ордуна түшүп, кабагы ачылды. Эрмектин алдына даам койду.

– Бүрсүгүнү дагы келишиң керек.

– Жиберсе келем да, – деди Эрмек чайын иче отуруп. – Жол жаман...

– Мындай жолдор сага көп эмес да!

Эрмек жылынып, тамактанып алган соң дагы келүүгө макул болду да бош чанасын сүйрөтүп жолго түштү. Ферманын почтольону пакеттери менен келип кабинадан орун алды. Чал өтө мээримдүү, башынан көптү өткөргөн киши. Эрмек жолдош тапканына кубанды. Мотордун үнү тоону жаңыртып фермадан алыстаган соң эңишти көздөй ДТ өлчөмдүү газ менен жөргөлөп келе жатты.

– Мындан беш эле жыл мурда, – деди почточу чал, – кыш күндөрү бул фермага каттай албай калчубуз. Азыр эки күндүн биринде каттоого туура келет.

– Ээ, ата, азыр иш башка-а...

– Атаң экөөбүз көп жолдош болдук, – деди чал, бекер отурганча жол кыскарталы деген ой менен. Өтө катаал киши эле. Туура болбогон ишти көргөндө каны кайнап кетүүчү...

– Сиз кайдан билесиз? – Эрмек жолду акмалап алдын карады.

– Кантип билбейин. Керимбек менин эски жолдошум. Бул өрөөндө мен билбеген киши аз чыгаар. Өзү коммунист болуучу.

Эрмек жолго чыккандан бери чалга биринчи жолу бурулуп карап койду.

– Атам туугандарынан кандайча көчө качканын билесизби?

– Билбегендечи, мага алда нече жолу айтып берген...

– Ошол жөнүндө айта отурбайсызбы, тамеки тартчу белеңиз?

Чал папирос чыгарды. Эрмек бирди тиштеди да, рычагды коё берип аны тез тамызып алды, анан чалдын сөзүн угууга даяр экенин билгизип дагы карап койду.

– Атаңдын айтымына караганда, туугандарына таарынып көчсө керек.

– Аны билем, талаш эмнеде?

– Чал тамекинин түтүнүн бурулдата чыгарып, ойлонуп калды.

– Жаманкул деген тууганың бар, – деди чал мотордун үнүнөн ашыра катуу сүйлөп, – анын атасы менен сенин атаң бир тууган. Бирок, күнү катындан болсо керек эле...

– Билем.

Колхоздор жаңыдан уюшулуп жатканда ошол Жаманкул агандын таякеси кулак болуп, мал-мүлкү жалпынын ээлигине өтөт. Сенин атаң айылдагы актив болгон соң бул ишке катышпай коё алмак беле! Жаманкулдун энеси буга катуу наразы болот. Канча кылган менен бир тууганы да. Эрегиштик ошондон башталса керек эле. Акыры өз туугандары (ичинде Жаманкулу да бар) атанды каралап, арыз көтөрүшөт. «Күнүнүн күлү жоо!» дешет эмеспи. Ошол кезде ашыра шилтөөчүлөр дегендер болгон. Жаманкулдар атаңды ошого такашат. Бирок, өкүмөт текшере келип, атаңды актап кетишет. Керимбек да эрегишип, советтик бийлик үчүн жан кыярдуулук менен иштей берет. Ичи күйгөн туугандары: ушул бир энеден жалгыз немени жок кылып салбайлыбы, дешип өлтүрмөкчү да болушса керек. Айыл активдери коргоп кол тийгиздиришпейт. – Почтальон чал өткөндү көз алдына келтирип ойлонуп калды.

– М-м, – деди Эрмек.

– Бир падышанын түзүмүн жоюп, жаңы түзүм орнотуу – бул оңой бүтө турган иш эмес! Анын үстүнө элдин мээсине сиңген эскиликти буйрук менен чыгарып таштай албайсың. Буга узак мезгил, көп күч зарыл болот турбайбы, – деди чал. –Далай азаматтар биздин ушул күндөрүбүз үчүн чоң казанда кайнашпадыбы!

– Анан кандайча көчө качыптыр? – деп чыдамсыздана сурады Эрмек.

Чал ашыкпай тамекиден бирди тамызды да, аны соруп калды.

– Кыязы, кодулай берсе керек го...

– Түшүнүктүү!

Мындан кийин көпкө үнчүгүшпай мотордун үнүн гана кыялдана угуп отурушкансыды.

«Кодулоо!» Муну Эрмек али башынан кечире элек. Демек, анын да өзүнчө күчтүү таасири бар экен да. Бул караңгылык, жетилбегендик эле болсо керек. Азыр кимде кимдин эмне иши бар? Өзгөрдү да.

«Кантсе да атам алсыздык кылган экен, – бардык эле азыркы жаштар өңдүү ойлоду ал. – Эгер тигилердин кодулоосун капарына албаган болсо, көчө качпас эле. Же, илгерки шарт ошондой болду бекен?!»

– Бул жерде жакшы иштеп, жакшы турду маркум, – деди чал ойлонуп отурган бойдон.

– Кимди айтасыз?

– Сенин атаңды айтам, – чал тамекисинин калдыгын таштап таманы менен өчүрдү. – Ал мында көчүп келген соң түрдүү кызматтарды иштеди. Бат эле бир туугандай болуп кеткенбиз...

Эрмек чалды жакшы көрүп калды. Чалдын мээримдүү жүзүнө улам улам карап коюп келе жатты ал. Деген менен Керимбеков өзүнө зарыл болгон бир нерсени анык түшүнгөн өңдөндү. Ошондой болсо да, өзү

көрүп келген туугандарынын жылуу сезим ойготушу менен бул түшүнүк көп кабышпай турганын да байкады. Жаманкулдун кебетесинен анчалык деле кара ниеттик көрүнгөн эмес эле...

Бул кезде каршы алдынан «Кызыл Октябрдын» бак-дарактары ачык көрүнө баштады...

Эрмек мал фермасына жем жеткизип кайра келгенинде, короосунда жүк машинасынын турганын көрдү. Анын шофер жолдоштору да бар, ошолордун бири келип күтүп турушу да мүмкүн.

Бирок, Эрмек тракторунун суусун агызып жатып, желбегей чоң ичик жамынган бир киши корук жактан бери чыкканын көрүп калды. Бул өзүнүн алыстагы агасы – Жаманкул болуучу. Эрмек аны бирден эле тааныды.

– Оо, садага кетейин жалгызым, – деп чал кучагын жайып. келип, Эрмекти бооруна кысканда, эмнегедир баланын көөнү бузула түштү. Көзүнүн кычыгына келип калган жашты жашырып, агасын кучактап калды. Эрмек боорукер жигит болуп өскөн, анын антишине жүрөгү гана айыптуу.

– Амансыңбы, атакөрү десе...

Эрмек башын ийкеди да чалды үйгө баштады.

Жаманкулдан башка дагы киши келиптир. Алар дагы туугандардан. Эрмек коноктор менен бүт учурашып, аларды жылуу күттү. Туугандарын кантсе да бир ой менен келди го деп ойлогон Эрмек өзүнүн турмушунун кенендигин көрсөткүсү келди. Анын үстүнө тууганчылап барганында ушул эле чалдардын үйүндө канчалык көңүлдүү отурбады. Ал кийимин чечип, тыякта калган туугандардын амандыгын сурап билди.

– Жусуй да келмек эле, – деди Жаманкул.– Мал баккан киши азыр балалуу аялдай эле эмеспи. Чоңдору уруксат бербеди көрүнөт.

Эрмектин келинчеги коноктордун алдына экинчи ирет дасторкон жайды.

Конок-туугандары менен Эрмек быйылкы кош айдоо жөнүндө, ордунан түшкөн дүкөнчүлөр, жаңы техникалар жөнүндө аңгемелешип отурду. Чай ичилип болгондон кийин оозгу үйдө келинчеги менен кой соёлубу же согумдун этинен эле салалыбы, ал жагы кандай экен, деген өңдүү күтүүнүн масилетин курду. Акыры, конок үстүнө киши чакырбай эле коёлу, сүр эттен эле салалы, деген чечимге келишти.

Эт кайнап калган кезде коноктордун астына үчүнчү ирет дасторкон жайылды да суусундук досторкон четине тизилди.

Чай ичилди.

Коноктордон Жаманкулдан башкасы суусундукту аз ичип жатышты. Эт бышкыча тамаша күчөп, башына эмне келсе ошону айтып жатышты. Бирок мында эмне үчүн келишкени жөнүндө бир да бирөө ооз ачпады.

Эрмек үчүн мына ушуну билүү керек эле. Коноктор чекеси нымшып отурушуп, эт тууроого да киришишти. Эт артынан дагы бир самоор чай ичип, жатууга кам урушту. Туугандарынын оюн биле албаган Эрмек мүмкүн эртең айтаар деген ойго келди. Бул келгендер чынында да жеңил-желпи кишилерден эмес эле. Эртеси Эрмек ойлонгондой болуп чыкты. Эртең мененки чай ичилип жатканда негизги иши жөнүндөгү сөздү Жаманкул баштады:

– Балам, Эрмек сен бери жаныма келип отурчу. Келиним сен да жакыныраак кел, – деп чал отургандардын зейинин өзүнө бурду. Анан алакандарын ушалай отуруп айта баштады. – Эрмек сенин атаң менин бир тууган иним, ал бир энеден жалгыз болду. Сен болсон, анын артында калган жалгыз туягысың. Сен алыста болуп, менин көңүлүм толбой жүрөт. Мына бул куттуу дасторкондо отурсам, сен эми башка жерде бөлөктөнүп жүрбө. Сен да менин баламсың... – Чалдын көзүнөн жаш акты.

Отургандар:

– Ооба, чын, баласысың! – деп Эрмекке караашты.– Сен быякта жүргөнгө бөлүндү болгондой көрүнүп, көңүлү бөксө эмеспи...

– Жиберген катыңды эбак эле алганмын, – деди чал жүз аарчысы менен көз жашын аарчып. – Андай оюңду маган айтпагын, каралдым. «Жан бар жерде каза бар», жашым болсо келип калды, эртеңки күнү ары тоголонсом, сен мага топурак да сала албай каласың. «Жаш улук эмес, ажал улук» дейт, кокус силер бирдеме болуп кетсеңер биз кантебиз. Ары-бери ойлонуп, агайын-туугандар менен акылдашып, сени кантсек да өз жаныбызга көчүрүп алмай болдук. Үйдү өзүбүз салып беребиз. Деги бир жылга чейин сенин бардык ыраскотуңду биз туугандарың өз мойнубузга алмай болдук. Ырас эмеспи ыя? – Жаманкул жанындакыларга карады.

– Ооба, ырас, Эрмекти колдоп ала албасак биз тууган болгонубуз кайсы? – дешти калгандары.

Эрмек келинчеги экөө унчугушпай, ичинен ойлонуп отурушту. Алар жеке-жеке жооп табышса да, ортодо бир кеңеш өткөрмөйүнчө айта салышпайт. Мындай орчундуу маселеде акылдашуу кыргыздардын адаты.

– Сага арнап бир үйдү бошотуп койдук. Мурда күнү балдар акиташ менен майлап жатышкан, – деди Жаманкул, кара күчкө жөтөлүп, – үй жагынан кам санаба!

Ортодо бир минутадай унчугушпай калышты.

Отургандардын бири «кеңешменин» бул танаписине данакер болгудай сөз тапты.

– Кечөө биз бери жүрөөрдө жаңкы Жусуйдун кичине баласы «Эрмек абамды алып келесиңерби?!» деп такып болбойт. Ой тобоо, дейм, ушул жаш балдардын жүрөгү бирдемени сезет экен. Бир тууган деген оңой эмес, ов!

– И, кантип сезбесин, мобу көкүрөк байкуш жашта да, карыда да боор тартууну билип турат эмеспи.

– Эрмек, – деп жаңы чабуулга өттү Жаманкул, – сени деп ушул аппак сакалым менен келип отурам. Барбайм деп мени жер каратпа балам! – Ал сакалын сылады.

Эрмектин да үнчүкпай отура беришине болбоду. Ал келинчегин бир карай алды да:

– Макул анча-мынча акылдашалы. Туугандардан кете койбоспуз. Бирок, азыр эле көчө коюу болоор бекен? – деди.

Бул жоопко отургандардын көңүлү жибий түштү. «Эстүү бала дебедик беле», дегенсишип бири-бирине карап алышты.

– Ыракмат, айланайын. Деги баш кошоор күнүбүз болсо экен. Бул дүйнөдө алыстагы бир туугандын күйүтү жаман, Жаманкул дагы жашып кетти.

– Биздин тиги совхоздогулар бай турушат, – деди коноктун бири, ар бир үй музоолуу үй, бир нече койдон ээлешет. Туугандарың мал да курап беришет.

Эрмек алардын бай турарын өз көзү менен көргөн. Эмки иш – акылдашуу. Түшкө чейин бир жоопко келиши керек. Ал ушуну ойлогондо кандайдыр бул совхоздогу иштери, өзүнүн жакшы турмушу мазмунун жоготуп койгонсуду. Ырас, аны бир жаңы дүйнө күтүп турат эмеспи. Мындан мурда ушул эле маселеде жолдоштору менен кеңешкенинде көчүп кетүү сезими мынчалык басым боло алган эмес. Бу жолу аны бирдеме сыйкырлады.

Коноктор чайын ичип болуп, эшикке атайын чыгып кетишкен соң Эрмек келинчеги менен жалгыз калып акылдаша баштады.

– Күзүндө барганыбызда таяке да көчүп келгиле дебеди беле, – деп Эрмектин көзүн карады келинчеги.– Туугандан алыс...

Ушул эле сөз аны жыга түрткөнсүп, Эрмек шырдакка жантая кетти.

– Эмне кылыш керек?

– Мурда көңүлдөнгөн эмесмин, – деди келинчеги, – ооз учунда гана кел деп жатса керек деп ойлогом. Эми машина алып келген соң... Мейлиң өзүң бил.

Эрмек шырдактан ыргып турду.

– Кетели, – деди ал бирден чечимге келип, – туугандарды таарынтып койбойлу.

Көптөн бери жүрөгүн өйүп жүргөн иши бир жаңсыл болгон соң, Эрмек жеңилдене түштү. Бүттү иш, эми бет алган жактан бак берсин.

Ал эшикке жеңил чыкты. Туугандары анын чарбачылыгын көрүп жүргөн. Эрмекте кой бар, тооктору да бар. Ал түгүл, погребинде

кышка деп сактаган жашылчалары да бар. Үйүлгөн көңдөр, чөп, куурайлар өзүнчө турган. Бирок, үй-жай совхоздуку болуучу.

– Коюң кысыр эмеспи? – деп короодон чыгып келе жаткан Жаманкул дөңгөчкө отура кетти.

– Ооба, кысыр калыптыр, – деди Эрмек агасына жакындап, – тегерегимдин баары орус болгон соң майда чарбаны да өстүргөм, – ал тоокторду карады.

Ак легториндер күрөндүдөн жем издеп жүрүшкөн.

– И, каз-өрдөк бакпаган орус баласы болбойт эмеспи.

– Биздин үй ушулар менен кошуна болгону он нече жыл болду. Аябаган жакшы кишилер. Арамдыкты билишпейт. Жайында мага бал челек бөлүп беришти, –деп Иван менен Степанды мактады Эрмек.

– Орустар жакшы, ак ниет келет, – деп коштоду чал, анан, – кана балам биз да кайталы. Келинчегиң экөөң эмне жоопко келдиңер, ошону айтчы?

– Эмне жоопко келмек элек, туугандарга барып кошулабыз да...

– Ой, ыракмат, айланайын! Чал ордунан тура калды: – Ай, сен барып дүкөндөн суусундук алып келе койчу, – деди шоферду жумшап.

Самоор кайнап, дасторкон дагы жайылды. Шофер алып келгенди ичишип, кандай көчүү иши талкууланды. Машина дагы он күндөн кийин келип, жүктөрдү алып кетмей болду. Аңгыча Эрмек мындакылар менен кыргыз салты боюнча кош айтуусу керек. Буга туугандары да макул болду.

* * *

Эрмектин «Кызыл Октябрде» калып жаткан жолдоштору үчүн бул жаңылык көп таасир берди. Бирок, эми аны айныта албай турганын алар да ойлонушту. Өз айлына көчүп кетип жаткан жалгыз эле Эрмек бекен? Далай жакшы жумушчулар кетпедиби. Ал түгүл, алардан кайра келгендери да болду. Башкага караганда бул эң тың совхоз. Өндүрүштүк планын дайыма орундап жатат. Мунун себеби эмнеде? Бул көптөн бери белгилүү ачык маселе: эмгекти жакшы уюмдаштырат, башкарууда да эч кандай кылтың-сылтыңы жок. Кадрлардын көбү билимдүү, алар ар бир жумушчунун түйшүгүн түшүнгөндөй көрөт. Жеке менен жалпы мүдөөнү айкаштыра отуруп, маселелерди дайыма ойлонуп чечишет. Анын директору – Социалисттик Эмгектин Баатыры. Мында комплекстүү механизация эбак жолго коюлган. Көп улут жумушчуларынан курулган бул совхоз, бир үй-бүлөнүн кишилериндей ынтымактуу жашайт, мындай тыкан, сүйкүмдүү коллектив бизде аз эмес.

Эрмек бардык ишин машина кайрылып келгиче бүтүрдү. Көңдөрүн, чөп, куурайларын сатты. Ал эми достору менен коңшуларына «ажыраш аягын» берди да келген машинага үй мүлкүн басып, аны менен кошо келинчегин жолго салып да үлгүрдү.

Машина дагы келээрге бир күн калганда, Эрмек коштошуу үчүн директорго кирди. Директордун жашы элүүлөргө келип калган, арык чырай, ак чач киши эле. Кыргыз тилин жакшы билгендиктен, анын алдына кирген кыргыздар орусча сүйлөсө да ал кыргызча сүйлөп отуруп алуучу. Ар ким өз тилинде көңүлүндөкүнү жакшы айта ала турганын ал жакшы биле турган.

Эрмек кирип келгенде ал жылуу тосуп алды:

– И, Керимбеков, сени кеткени жатат деп уктум. Мындан сени ким кууду?

– Эч ким кууган жок, туугандар жанды коёр эмес.

Директор күлүмсүрөдү:

– Каерде тууганчылык көп болсо, ошол жерде билимсиздик кеңири орун алган. А бизде адамдар бир-бирине дос. Баргын, баргын... Бирок, бизди бир жакшы механизатордон ажыратып кеттиң.

– Анда да барып көрөйүн. Мен сиз менен коштошоюн гана деп келдим.

– Ошондойбу, анда болуптур. Барган жериңде да ийгиликтүү иште.

– Албетте, Михаил Иванович.

Директор ордунан туруп Эрмекке жакындады. Анын жылуу мээрими жүзүнөн байкалып турду.

– Мен баарын билип турам, – деди ал, – менин атам шахтер, – Россиядакы биринчи коммунисттерден. Ал Совет бийлиги орногондон кийин мында, – Кыргызстанга келип шахталарды ачкан. Бирок, ал азыр жок. Билесиңби, Эрмек, изги тилектер да мурас катарында тукумуна кетээрин, – ал аз токтоло түштү.– Сенин атаңды жакшы билем. Ага эстеликти өзүбүз тургузбадыкпы. Ал эми, сенин ишиңе ийгиликтер каалайм. Бар, бара гой...

Эрмек мындай болоор деп ойлогон эмес. Орус жүрөгүнөн чыккан кыргыз сөздөрү аны толкутуп жиберди. Директордун арык колун кыса кармап, Эрмек кош айтты да чыгып кетти.

Эми эртеңкиге чейин эмне кылыш керек? Азыр ага убакыт өткөрүү гана калбадыбы. Ал келе жатып комсомол комитетине кире кетүүнү ылайык көрдү. Анда бир кыз китеп окуп отурган. Эрмек акырын басып барды да жөтөлүмүш болуп койду. Чочуган кыз жалт карай күлүп жиберди.

– Кош болгула, мен көчтүм.

– Кайда? – деди кыз ал уккан эмес экен.

– Айга.

– Сен айга барсаң мен башка галактикага барууга бел байлайм, – деди кыз күлүп.

– Галактиканы коюп, мына бул кызыл үйүңдү жакшыраак кармап ал.

– Эмне экен? – деди кыз. – Бул өрөөндөн мендей Кызыл үй кармагандар аз...

Эрмек комсоргдун кайда экенин сурады.

– Кык төккөн жерде. – Ырас, бүгүнкү күнү Эрмек ДТсы менен аңызга тонналап кык ташымак эле. Ал муну эсине түшүрдү.

– Китептериңди эртең алып келип берейин.

– Айтмакчы, сага жогорудан келген белек бар, – деди кыз ордунан туруп. Анан ал басып барып бир буума китеп чыгарды. – Кечөө келди.

Кызыл үй китеп окугандарды эсепке алып, элдин билим ашыруусуна күзөтүү жүргүзө турган. Ал эми, китеп окуучулардын пикир алмашуу чогулушунда айрым китептен алган тасираттар сүйлөнүп, кызыктуу маселелер талкууланчу. «Бул китеп үстөлдөгү ой!», «Бул китеп биздин өмүргө жакын!» дешип, китептердеги окуяларды өз башынан өткөргөндөр кызыгып сүйлөөчү. Анан буга жакшы катышкандарга, окуган китептеринин саны көптөргө белек берүүнү уюштурушкан.

– «Биздеки алдыңкы жаштардан» деп, директор көчүрбөс, – деди кыз.

– Азыр эле ал кишиден бата алып чыктым.

Кыз кайрадан китебине үңүлдү.

– Алдыкы белекти көптүн алдында бериш керек эле, – деди кыз китептен башын көтөрүп.

– Үлгүрө албайбыз. Чогулушуңда эскертип коёрсуң.

Эрмек андан чыгып китебин колтуктаган бойдон дүкөнгө келди. Дүкөндө киши жок, баары жумушта эле.

– Көчкөнү жатасыңарбы? – деп сурады дүкөнчү аял.

– Ым, – деп койду Эрмек.

– Ажыраш аяк кана?

– Өзүм кандайдыр зеригип турам.

Эрмек плащын жана сеткасын көтөрүп эшикке чыкты. Бирок, эл көрүнбөдү. Ал амалсыз кайра дүкөнгө кирди да, лимонад куюп ичип, калганын дүкөнчүгө кармата салды.

Эрмек үйүнө келди эле, тооктору жем сурап, кукулдап ээрчип алды. Ал жем чачып жатып, тооктордун бирин-бири чокуп жатканын, буларда да кызгануу сезими бар экенин көрүп отурду. Ал тоокторду ичинен жаман көрүп турду. «Ынсапсыздар, талашпаса да чачканым жетет да!»

Эми эмне кылыш керек? Эрмекке бардык нерсе зеригерлик туюлду. Он нече күн мурда эле анын өмүрү өз жолунда дүркүрөп бара жаткан. Ал эми азыр болсо, бурулуш үстүндө. Эртең эмне болоору ага белгисиз. Элдин баары жумушта. Алар: «Мында, сенсиз деле биздин ишибиз токтоп калган жок!» дешкенсийт.

Ал тоокторунун жанына турду да, койлорун сугарып, чөп салды. Бирок, бул деле аны алаксытып кете алган жок. Ал үйгө кирди да кроватка

жатып калды. Маңдайында баягы эле үйдүн төрт бурч шыбы. Уктап кутулайын деген эле, тескерисинче, жумган көздөрү ачылып түйдөктөлгөн ой арты артынан келе берди. Бирде, Жаманкул чал, бирде мээримдүү Михаил Иванович жана өзүнүн тыякта кызуу иштеп жаткан курбу-жолдошторy тартылат. «Эх, мен кандай сонун адамдарды таштап баратам!» Ал ордунан ыргып турду да, эшигин бекитип дүкөндү көздөй кайра басты.

Дүкөндө бир аял шекер алып жаткан.

– Берчи, жаңкыңды, – деди Эрмек, – ичким эле келет...

Дүкөнчү чотун уруп, артык тыйындарын аялга берип болгон соң, аржактан кымыз алып берди. Эрмек суусундукту жарымдай куюп тартып жиберди.

– Ме, калганын силер ичикиле, – деп кармата берди да жөнөдү.

– Бул бала минтчү эмес эле, – деди дүкөнчү аял. – Көчкөнү жатат дешет.

– О, азыр көчүп эмне кылат? – деп шекер алган аял бакылдай кетти да, алкай жиберди. – Барган жеринде бактылуу болсун!

Эрмек шаша басып отуруп, кыштактын четиндеки мүрзөлөргө келди. Колунда барлар салдырган күмбөздөр заңкаят. Орточолору мүрзөлөрдү темир тосмо менен курган. Көбү эч кандай белги жок, куру топуракты дөмпөйтүп кана койгон. Колунда бар дегендин бирөө ушунчалык акмактанып, күмбөзүнө бүркүттүн, арыстандын элесин ойдурган, Эрмек анын алдына келгенде мыскылдап күлүп койду. Анын ичинде жаткан киши эч качан да тышкы күмбөзүнө ылайык болбосо керек. Бул кайдан келген акча? Бардыгы белгилүү да, намыссыз! Өлгөндө да өзүнүн арсыздыгын көрсөтүүчү белгилерин башына койгон. Эрмектин мынчалык күйгөнүнүн себеби, бул оймо-чиймеси көп сонун күмбөздүн ичине катылган өлүк бир кездери миңдеген сомду кулк эттирип койгон товар складчысы болучу. Бир таң каларлык иш, төлөмөр болгондон үч сутка өтпөй бардык акчасын төлөп бүтүп, сотко да соктурбай жандап кеткен. Акыры ал уурдаган акчасына акыреттик үй салдырып да үлгүрүптүр. Элдин айтымына караганда күмбөз эски акчага он миңден ашык сомго токтогон!

Эрмек жек көргөн күмбөзүнөн өтүп таанымал жердеги ата-энесинин мүрзөсүнө келди. Мүрзөгө кулпу ташты совхоз жагынан койгон. Бир метр келген ак ташка: «Бул жерде коммунист Керимбек Жайнаков жатат!» деп келип аягына анын туулган жана каза болгон жылдары жазылган. Эрмек сыймыктанып атасынын кулпу ташындагы жазууларды окуп чыкты. Анан таштан көзүн албай көпкө карап турду. Эртең ал кетет, а булар мында түбөлүккө калат эмеспи! «Өзүлөрү келди, бизди өстүрдү. Биз кайра кеттик, а өзүлөрү калды!» деп күбүрөдү Эрмек. Бул анын ата-энесинин жайлуу жайы менен коштошкону эле.

* * *

Эртеси алиде коштошо элек жолдош-жоролору менен коштошуп, машина күтүп короосунда жүрдү. Машина бүгүн келмек. Ал короону жана үйдү таза шыпырып, короону иретке келтирди. Эшик алдына өзү сайган бактарды карап чыкты. Акырында келип үйдүн терезелерин сүртүп, тазалады. Иши кылып кыбырап убакыт өткөрүп жатты.

Түшкө маал болгондо тааныш жүк машина короого кирип токтоду. Тоокторун түндө эле күркөсүнөн кармап, жипке тизип койгон. Бардык алуучу нерсесин, малын бир саат ичинде кузовага жүктөп болду да акыркы ирет үйүн кайрылып карап алган соң Эрмек жолго чыкты. Узатып калган кошуналарына да ыраазы...

Эрмектер Жаманкулдукуна күн батайын деп калганда келишти. Эрмектин келишин гана күтүп турган туугандары тамак-аштарын алып, Жаманкулдукун көздөй агыла баштады. Алар:

– Оо, бешик боoң бек болсун! – дешти Жаманкулга. Анан Эрмекти колунан кармап, бери тартып бетинен өөп жатышты.

– Келгиле, айланайындар, – деп Жаманкул ашкере мактана кубанып, эшик алдында ары-бери басып турду, – Элден айланайын, журттан айланайын...

Жүк түшүрүлүп, баары жайгаштырылган соң эл үйгө киришти. Эрмек кубанып, чечинип таштады да, дасторкон жайып, куюлган чайды элге суна баштады. Үйдүн кичүүсү өңдөнүп, кызмат кылганына боюна жылуу кан чуркап, өзү да ыраазы болуп турду.

– Он алты-ы – деди төрдө отургандардын бири.

Элдиң баары ага карап калышты.

– Биз эми он алты түтүн болдук, – деди алиги киши жалпыга угуза сыймыктанып.

– Ме, уул, мунуңду куйбайсыңбы, – деди суусундукту саал ыйбаа берип жаткан жашыраак жеңеси күлө багып.

– И, муну да куялыбы?

– Куй, куя бер, – деп жиберди төрдөгүлөрдүн бири көзүн кыбыктатып. – Сенин колуңан даам ичебиз деп ойлодук беле? Бул бир кубаныч да, той!

Эрмек кымыз куюп, чыныларды батнозго шыгырата тизди да, четинен сунуп кирди. Баары эле ичет экен. Бир да бир киши өткөзүп жиберген жок. Ушундай болууга тийиш дегенсишип, чыныларды эркин гана ала коюп жатышты. Жаманкул килейген бакисин бүлөөгө жанып, эл отурган үйгө кирди:

– Оо, журт. Балага сактап байлаган бир боругум бар эле, – деди тегерете карап. Отургандардын мурдуна азыртан эле жаш сорпо жыттанып, кымың эте түшүштү, – бата бергиле.

– Кана эмесе, – деди озунган бири – Эрмектин аман-эсен элине келип кошулганы үчүн батасын берип коёлу. Ой, Жамаке, сиздин колдо бирдеме жок го?

– Мына, мына, – деди да Жаманкул бакисин ары коюп, чыныны колуна алды.

Тамак-аш ичилип жатты.

Отургандар эми Эрмектин урматына арналган жылуу пикирлерди жобурата башташты. Көпчүлүктөн эмнелер гана табылбайт. Нечен бир сөздөр айтылып жатты.

– Отуз үчүнчү жылы болсо керек, ортонун кырманынан бир кап арпаны өңөрүп баратсам, маркум Керимбек алдыман чыга келди. Ой, уялганымды кантейин жаш кезибиз, анда, – деп күлүп, монгол мурут бирөө айтып жатты.– Көрө салып: «бул эмне?» деди. Мен төмөн карадым. Тилдеп бир жүрөт келип, артына салып ээрчитип алды. Коркуп баратам, эмне кылаар экен дейм. Кеңсаларга алып келип түшүртүп алды да «бар эми», деп өзүмдү кууп жиберди.

– Жарыктык катаал киши эмес беле. Бирок, элге көп карасанатайлык кылуучу эмес, – деп коштоду бири. Эрмек: «Туура кылган атам», деп жибере жаздап, өзүн араң токтотуп калды.

– Анын эртеси суракка тартпадыбы...

– Ошондо баарыбыз эле иштеп жүрдүк го, андай ак жүрөктү бул өрөөндөн табуу кыйын эле. Биз анте алуучу эмеспиз. Бирөө келет да «кантесиз, айланып, садагаң кетейин!» деп жалына баштайт, кыргызчылык да...

– Биз андайларды кыйчу эмеспиз, – деп дагы бири сөзгө аралашты, – Бир күнү ким эле, эсимде жок, айтор, ушул айылдан бирөөнө бир ат бере коюпмун, анда бригадир эмес белем, – ал эңсесин көтөрө чалкалап койду.– Керимбек маркум ачейке болучу. Кайдан укканын билбейм. «сен байдын тукумуна сөөнч болуп ат бересиң», деп келип жерден алып көргө салбадыбы. Ой, жөн эле байларга тишин кайрап туруучу.

– Ээ, далайды билдик го, кудай эми ушул заманды кут кылсын! Азыр элдин байпагы манат кези, катындар крепдешин дегени болбосо башкасын кездеме санабай калдыбы...

Сөз төркүнү эми азыркы заманга ооду. Эрмек сөзгө аралашкысы келди. Бирок, өзүн канчалык зордосо да ылайыктуурак бирдеме оозуна түшпөдү. Бар болгону, башын ийкеп макулдай берди.

Тамак ичилгенден кийин, чай куюу токтоду. Дасторкондун кожосу эми тамак болуп кала берди. Эрмек даланга чыкты эле, анда жылаңбаш келиндер отурушуптур. Баары эле Эрмекти карап калышты. Эрмек тааныбаган аялдардын текшере кароосунан сүрдөй түшкөндүктөн, эшикке

бат эле чыгып кетти. Эшикте самоор кайнатып жүргөн баягы жашыраак жеңеси күлө карап:

– Оозгу үйдөгү келин-кыздарды көрдүңбү, биздин айылдын чолпондору ошолор, – деп Эрмектин бүчүлүгүнөн кармап алып, илгертен эле кайниси менен сырдашсынып сүйлөдү.

– Эрмек ыңгайсызданып, аялдар жагын байкабаганын айтып ары кетти. Кайра кирип бара жатканда: Ай, уул, байкай кир, – деген жеңесинин үнүн угуп калды ал.

Эрмек оозгу үйгө кирип галошун чечип жатканда отургандарды үстүрт бир чолуп өттү. Бирок, өз келинчегинен башка өңдөрдү байкай албады. Тике караган бир канча көздөр андан басмырт чыкты.

Көңүлдүү минуталар өтүп жатты.

– Эми сен тыяктан го көчүп келдиң, мында эмне жумуш кылар экенсиң? Кой бага аласыңбы?

– Ээ, бир жумуш табылаар, – деп башка бири анын сөзүн жаратпай таштады. –Туугандары менен таанышсын, бир-эки ай эс алсын. Андан кийин жумуш өзү издеп келет.

– Жок, дегинкисин айтам да, – деп тиги. тим болду.

– Эмне кылмак элем, – деп ичинен жооп берди Эрмек, – баягы эле тракторумду айдайм да!

Бул күнү көңүлдүү болгонун ал эч качан унутпайт. Анткени, ал өзүн бактылуу сезип отурду. Булардан сый көрүп, киши табигый түрдө ичинен жыргап калат эмеспи. Бирок, кандайдыр жатсыраганы да бир жагынан башбактап турганын байкады. – Жаңы келди. Көп тааныша элек да деди бирөө.

Эл этин жеп болуп, үй ээсине ыракматын айтышып таркашты. Бул эмне деген сиңирүү. Эрмек буга таң калды.

Эрмек келинчеги экөө оозгу үйгө жатышты.

– Кана, баягы бизге актап даярдаган үйү? – деп койду ал келинчегине.

Келинчеги жарыкты өчүрүп жатып, күйөөсүн карап башын чайкап койду. Ал абдан чарчаган эле, келгенден бери илгерки келин өңдөнүп унчукпай иштей берген.

– Сен келгиче зеригип өлгүдөй болдум, – деди ал шыбырап, – андай даяр үй жок окшойт.

Эртеси ал эрте туруп мешке от жакты. Өтө бир сыпаалыгын сактап, ары-бери абайлап басып жүрдү. Келинчегинин мындай жоругуна Эрмек ичинен кыжырланып отурду. Мындай кылуунун мүлдөм кажети жок болуучу.

Эртең мененки чайды ичип болгон соң Эрмек өзүнүн приемнигин терезеге орнотуп жатып, чоң жеңесине кайрылды.

– Жеңе – деди Эрмек.

– Мени жеңе дебей эле эне деп жүр, жашыраак жеңелериң көп, садагаң, – деп кошту жеңеси.

Эрмек ойлонбогонуна аз кысылып калды.

Ушул учурда Жусуй кирип келди. Түн ичинде койго күзөт кылгандыктан кечээ учурашууга келе албаптыр. Анын үстүнө ал башкалар өңдүү ичимдик ичкен жок. Жусуйдун салмактуу жүзүн көрөрү менен эле амандашуудан мурда Эрмектин оюна «Кара мүртөз тууганды билбейт» деген элдин ушагы кылт келе калды. Ошондо өзүн узата чыккан «Жусуй «Келүү-коюу жөнүндө мен пикир айталбаймын» деп көңүл кош айтпады беле. Бу дагы Эрмектин эсине түшө калып, аябаган чындык сөз өңдөндү. А азыр болсо, дал ошол чындыкка каршы иштей койгон кишидей байкоостон өзүн айыптуу сезди.

– Жакшысыңарбы, аман-эсен келдиңерби? – деп Жусуй Эрмек менен кол алышты да төргө чыкпай шырдактын четине тизесин тартып отуруп калды. Үйдүн ичин тегерете карады, терезеге пайда болуп калган приемникти көрүп Эрмекти бир карап алды. Кыязы, көптөн бери келбесе керек.

Ал агасына эмне сөз айтаарын билбей отурду. Же ал агасы бирээр сөз козгоп жибере алган жок. Кыйла үнчүгүшпай отургандан кийин гана:

– Жакшы-ы, – деп күлүп койду Жусуй.

– Дагы эле койдосузбу? – деди Эрмек.

– Ооба, азыр туут кези. Кол көп бошобойт.

Мештин аржагында жаткан кемпир сөзгө кирди:

– Балдарың сак жүрөбү?

– Жакшы, өзүңүз кандайсыз? – деп Жусуй энесин карады.

– Мен эми айыкмак белем, – деди кемпир наалып, – жүрөк оорум козголуп жүрөт. Жаңкы неме мага Цейлон чай алып келип берейин деди эле... – ал кыңкыстай баштады.

Дагы бир аз отургандан кийин «кой, эми кетейин» деп ордунан турду Жусуй.

– Чай ич, – кемпир башын көтөрдү да жоолугун оңдоп салынып, онтолоп ордунан турду. Шкаф жакка барып майлыкка оролгон муздак этти алып Жусуйга сунду:

– Жаңкы эмчектүү немеге берчи, жесин.

Этти алып Жусуй чыгып кетти. Эрмек узата чыкты. Бул жолугушуу Эрмекке да жаман таасир калтырды. «Кызыл Октябрден» жөнөөрдөгү зеригүү аны кайрадан курчап алгансыды. Азыркы көз алдынан өткөн агасынын келип-кетиши өтө эле жансыз, мазмунсуз – кандайдыр супсак көрүндү. «Жусуй абам чынында да элге жакпаган, бир бөлөк киши окшойт. Мунун билгени эмне болду экен?»

Ошентип, жаңы коногубуз туулган жеринде биринчи күнду араң эле батырды. Кечке жуук кечөөкү жашыраак жеңеси буластап басып келди да «Уул бүгүн биздин үйдө болгула!» деп салтанаттуу үн менен конокко чакырды. Анын үйү жакын болгондуктан Эрмек кечирээк баруунү чечти.

Ал приемниктин иштешин текшерип көрдү да түш келди бир музыканы көпкө угуп турду.

Каш карайып, эми конокко барса болот деген учурда Эрмек келинчеги менен чакырган жерге келишти. Үй ээси:

– Кел, айланайын, – деп ордунан тура калды.

Эрмек үйдүн ичине көз сала отуруп турмушу жаман эмес экенин билди. Бир аздан кийин ферма башчысы менен бригадир да келди. Тышынан караганда жоош көрүнгөн, эткел кара киши өзүнүн элге абдан жагаарын билгендиктен жемсөөсүн саал көтөрө отурганын Эрмек байкады. Бул киши жөнүндө ал көп уккан: өтө кайрымдуу, кара-санатайлыгы жок, кишилерди иштете билет, элге жагымдуу, келгенине алты жылга аяк басты дешкен. Бригадир да салмактуу отурду. Эрмек булар менен таанышканына кубанды.

– Жаңы келген тууганыңар ушул жигитпи? – деп сурады ферма башчысы. – И, жакшы, жакшы... Тыякта эмне иштедиң эле, иним?

– Тракторист.

– Жакшы, мында да аны иштөөгө болот, – деп ферма башчысы башын ийкеп койду.

– Сиздерде комплекстүү механизация уюштурулганбы?

– Андай звенолор гана бар, – деди ферма башчы Эрмектин көзүнө карап, анан ичинен ойлоду: «Ишкер болуучу жигит экен».

Кетээринде чакырган тууганы Эрмек менен анын келинчегине бирден көйнөк кийгизип узатышты.

* * *

Туугандарына көчүп келгенден кийинки бир ай ичинде Эрмек көп жерде конок болду. Келинчеги экөө он чактыдан көйнөк кийишти жана беш козулуу болушту. Бирок, анын бул кирешелери алаксыта алган жок. Анткени, ал иш адамы, ишсиз мынчалык жүрүп көргөн эмес. Туугандары колунан келишинче күтүп жатышса да, анын көңүлүнөн «Кызыл Октябрь» кетпей койду. Кичинесинен өскөн кыштагы жана андагы адамдар беш колундай белгилүү. Ал эми мында, кандайдыр көп сезимдер ойгонуп, көп нерселерди билип, көп кишилер менен мамиле жасоого туура келди. Ферма башчысы менен таанышкандан кийин анын иши жөнүндө да ойлоно баштады. Ферма башчысы элге жагат экен, бул бир гана жагы, ал эми экинчи жагын алып караганда, ал күн өткөрүп айлык алган гана

киши. Эмгекчилерди тарбиялоо, элдик мүлкке астейдилдик менен эгедерчилик кылуу иштеринде өтө эле начар көрүндү. Ушул жаңы сезимди аныктоо максатында Эрмек уккандарын Жаманкулга айтып көрдү. Буга агасы кыртышы сүйбөй жооп айтты:

– Бизге ушунусу жакшы, – деди ал. – Оокат-тиричилик деген оңой эмес. Чекчеңдеген бирөө келип калса, эч нерсе жылдырбайт...

– Башка фермалардын башчылары кандай болду экен?

– Алардыкын жаман дешет, болор-болбос иштерге көз кырын сала берсе керек. Бирок, ыйлап-сыктап жүрүп эле ошолор планын аткарат.

– Биздин фермачы?

– Бул баарынан аркада дешет. Аркада калуучу деле түрү жок.

– Эми, иштейин, – оюн айтты Эрмек, – жумушсуздук абдан зериктирди.

Эртеси эле ферма башчысы менен бригадир конокко чакырылды. Алар ичип-жешип болгондон кийин:

– Эртең конторага баргын, – дешти Эрмекке.

Белгиленген убакытта Эрмек конторага барды. Ферма башчысы жок экен, трактор бригадири тракторлорду бөлгөн кагазын колуна кармап эшикте турган. Аңгыча аркы көчөдөн атчан ферма башчысы бери бурулду. Ал келгенде Эрмек салам берди. Бирок, алик албастан атынан түштү да конторага кирип кетти. Эрмек буга таң калды. «Бул эмнеси мунун? – деп ойлонду ал, – жумушчуларды теңине албачу түрү бар экен. Мүмкүн, бул ушул ыкмасын сатып жан багып жүргөн болбосун?» Акырын ойлоно баскан Эрмек артынан кирди.

– Мына бул Алмасбековуңду өчүр, – деп жатты ферма башчысы, – ал былтыр ишке чыкпай убара кылбады беле. Анын ордуна мына бул баланы жаз, атайын тууган деп келип олтурат.

Трактор бригадири эч кандай каршылыксыз эле Алмасбековду чийип таштады.

– Атың ким?’

– Эрмек Керимбеков.

– Азыр ээрчитип барып, өзүң карап туруп өткөздүрүп бер, – деди ферма башчысы.

Бригадир Эрмекти ээрчитип конторадан чыгып кетти.

Алмасбековдун короосуна барганда эскирээк аскер тумагын кийген жылуу чырай жаш жигит ДТ тракторун текшерип жатыптыр. «Ушул экен трактору» деп ойлоду Эрмек.

– Алмасбеков, – деди трактор бригадири, – тракторуңду мына бул балага өткөрө турган болдуң. Азыр айдап конторага бара бергиле. Мен да азыр келемин. – Бригадир көчө бойлоп ары кетти.

Эрмек трактордун моторун тегерете карады, кабинага баш багып, дагы башка жерлерин кармалап көрдү. Күйгөн майдын жыты келип, өзү тракторду сагынып калганын да байкады.

Алмасбеков унчукпай көңүлү кайтып, май колдорун чүпүрөккө аарчып жатты. Аңгыча ар жактан бир кемпир чыга келди да:

– Анау не дейди? – деп Алмасбековдон сурады. Кыязы, трактор бригадиринин бирдемелерди айтканын терезеден көрсө керек.

– Тракторду өткөрүп бер дейт, эмне демек эле, – деди жигит көңүлсүз. Анан бир обонго салып ышкырып калды. «Кемпир Эрмекти жаман көзү менен карап алды да:

– Бере сал, көп көргени сол болса, – деп кирип кетти.

– Сиз казаксызбы, – деп сурады Эрмек Алмасбековдон.

– Ооба.

– Муну качан алдыңыз эле? – Эрмек тракторду ээги менен жандап койду.

– Мунубу... Муну бая күнү беришкен.

Алмасбеков ышкырып, эмнедир бирдемелерди ойлоп, пускачка май жибере баштады. Анан кайышын даярдап от алдырмак болду.

– Коё турунузчу, – деди Эрмек, – эмне, капаланып жатасызбы?

– Кишинин бир аз көңүлү бузулат экен. Былтыр да жакшы иштеп жатсам тракторумду башкага алып берди. Бул жерде такыр ишенич жок.

– Тамеки тартчу белеңиз? – Эрмек тамеки сунду, аны тамызып алышты.

– Трактор сизде кала берсин, мен дагы башка бир жумуш табармын. Мүмкүн, талаачылыкта иштээрмин...

Алмасбеков ишенбей Эрмекке карап турду да:

– Өз эркиңиз. Баары бир бир күнү болбосо бир күнү менден алат – деп койду.

Эрмек андан чыгып мехцехке барды. Аны-муну карап, бир сааттай айланып жүргөн соң үйгө келди. Жаманкул Эрмектин трактор албай койгонун эбак эле угуп алыптыр.

– Ал эмне кылганың? – деп ал инисине катуу тийди. – Бергенин алышың керек да, ал казак менен жумушуң, эмне? Атайын чыгымдар болуп ферманы колго алса, – деп чал кейип-кепчип ары басты.

Эрмек ичинен бир аз иренжип калды.

Ошол күнү башкалар уктаганда, оозгу үйдө Эрмек келинчеги менен шыбырашып сүйлөшүп жатты;

– Энем түштө чайды өзү салды, – деди келинчеги, – «Бизге чай түтпөс болду!» деп ачуулангансып, күңкүлдөгөнүн угуп калдым...

– Мурда чайды ким салуучу эле?

– Чай столдун тартмасында эле туруучу, мен эле сала коюучумун.

– Аялдар майда сөздү айта берет, эркек ага аргасыз макул болот.

– Сен ушундай китеп сөзүн айта бересиң, – деди келинчегин.

– Жок, мен байкаймын да.

– Айтмакчы, кечинде, от жагайын десем энем: «Көңдү аяп жаккыла, отун жайында да керек!» деди. Анан, мен коркуп далайга чейин от жакканым жок.

– О-алда, сенин коркоктугун, ай!

– Чын айтам, бекер эле көчүп келген экенбиз, – деди келинчеги. – Мен келин өңдөнүп жүрө албайт экенмин. Ичим жаман бук болуп жүрөт.

– Анда иш таап бериш керек сага.

Эрмектин трактор албай койгон кабары туугандар арасына тез тарады. «Ферма башчы трактор берсе, албай коюптур!», «Ал эмнеси экен анын!», «Атасынын баласы да!», «Эми чалга салмагын салып жата береби?» деген сөздөр Эрмекке билинбей үйдөн-үйгө кыдырып жүрдү. Жаманкул кемпирине ашкере корсулдап, Эрмекке болсо ачылып сүйлөбөй калды. Албетте, тууган деген менен, артык чыгымдар боло бермек беле. Чалдын оюнча: «Эрмек баякы атасын тарткан шор маңдай бойдон калыптыр. Атасы да ак жүрөктүк кылам деп ушинте берүүчү. Бирөөгө боору ооруп эмне кылат? Куйрукту кысып, эл катары жан багыш керек. Эми айткан менен ферма ага дагы трактор бере алабы?.. Акыйкатчылын кор, мунун!»

Эрмектерди Жусуй конокко чакыра элек болучу. Анткени, малдан колу бошобойт. Койлордон төл алуу – бул чабандар үчүн жанын сабап иштей турган мезгил. Бул аяктаганда козулары чыгымсыз болсо – чабандар абдан кубанышат. Март айынын экинчи жарымында Жусуй Эрмектерди -конокко чакырды. Кол тийбеди, ийгиликтин эрте-кечи жок эмеспи, деп үзүр айтты.

Эрмек барган соң (тамак бышкыча) туугандар менен шыгы жок деп аталган бул агасы ага ачылып сүйлөп отурду.

– Тууган деген, – деди Жусуй, – көтөрүлө түшсөң да, начарласаң да ушакташат. Деги, буларга катышуунун кажети жок. Тиги чал да оңой чал эмес, – деп ал Жаманкулду айтты. –Менин өз атам болсо да анын акылына көп көнө бербеймин. Сен алып берген тракторун албай койдун беле?

– Алганым жок, – деди Эрмек жай гана. – Ал өзү жакшы иштейт тура. Же ордуна башка трактор бербеди, ал деле биз өңдүү жумушчу да...

– Аның туура, бирок эми иштешиң керек. Бекер жүргөнүң жетет. Жаздын алды менен үй салууга кириш, колдон келишинче жыгач-ташына жардам беребиз.

– Бу силер кызык экенсинер, – деди Эрмек, – тыякта көрбөгөн нерсени мында көрүүмө туура келип жатат. Кыязы, туугандардын мага деген

сонуну тарашса керек... Мен мында келип бир мектеп бүтүрөйүн деп калдым. – Ал, бул сөздөрдү көчүрүп келээрдеки Жаманкулдун убадаларын эскерип айтты.

– Эч нерсе эмес, буга ачуулануунун да кажети жок. Баарыбыз эле ушундай күндү көрүп бир тыянакка келгенбиз. Элдин тапшырган жумушун жакшы иште, мында ак ниеттүү жумушчулар көп. А туугандардын сөзүнө кулак салбай эле кой... Мени баары жаман көрүшөт. Эртең эле бир коюмду союп, баарын конокко чакырсам «Мына тууганчылыкты билет деген ушул, Жусуйду бекер эле көп-сөз кылабыз», дешип кайра мактай башташат, – деп ал күлүп калды.

Эрмектин кандайдыр көңүлү ачыла баштады.

– Ушулар тууган-тууган дешип, кыйын күпүлдөшөт, – деди дагы Жусуй. – Бирок, бирине-бири тыйын жиберишпейт. Сен дагы түшүнө элексиң. Бирөө чакырып чай берсе, сен да чакырып чай беришиң керек. Иш ушундай, иним. – Жусуй дагы күлдү, – андан көрө үйүңдү салып, элден жеген эттериңди кайра тартууга камына бер. А менин сыйым карыз эмес...

Буга Жусуй да, Эрмек да абдан күлүп калышты. Ал туугандарына келгенден бери мынчалык каткырып күлгөн эмес.

Ага-ини экөө тиричилик жөнүндө кызуу сөөбеткө өттү. Бирин-бири кээде, кубаттап, кээде, карты чыгып талашып да жатышты. Деген менен Эрмек өзүнүн «Тууганды билбеген кара мүртөз» агасын жакшы көрүп калды. Анткени, турмушка болгон көз караштары көбүнчө окшош чыккан кишилер гана бирине-бири жакындайт, ал эми андан башка нерселер данакер болгон жакындык көпкө туруштук бере албайт эмеспи.

– Бая трактор албай койгон күнү мехцехке барсам, эскирген бир ДТ талаада турат. Ага эч ким ээ эмес экен, – деп оюн айта баштады Эрмек – ошону алсам деп ойлойм...

– Колуңан келеби? – деди Жусуй ишенкиребей.

– Эмне үчүн колуман келбейт. Мен биринчи класстагы трактористмин.

– Анда ошент, сөзүн эки кылганың үчүн эми сага трактор беришпейт.

Эрмек муну көңүлүнө түйүп койду. Иш башталарга дагы жыйырма күн бар. Ушул убакыт ичинде эски тракторду ремонттоп үлгүрүш керек. Ал азыртан эле колуна ачкыч алып, тракторду чечип киргенсип ойлонуп калды.

– Сен тааныша элек болсоң керек, главмеханик жакшы киши.

– Да-а, – деди Эрмек. – Мен бул ишти эртең эле баштаймын.

– Эгер ишке киришип калучу болсоң, биздин үйгө көчүп ал. Мен бардыгына түшүнөм. Тууганчылык үчүн эмес, ишиңе жардам үчүн гана берем.

Эрмек ойлоно калды да ушул акыл түзүк деген чечимге келди. Анткени, жакынкы күндөн бери Жаманкул күрөң кабак болуп, көп ачылып

сүйлөшпөй жүргөн. Жаманкулдун кемпиринин чырагына май таамп; «Атасын тартат деген ошол, бизге эзелден эле жакшылыгы жок эмес беле!» деп жатканын келинчеги угуп калган болучу. Бул сөздөр ага оор тийсе да, карыларга теңелүүнү ылайык көрүшкөн эмес. Анын үстүнө чай, көң жөнүндө да сөз чыгып кыскасын айтканда, үй ичинде табигый түрдө бир жагымсыздык өкүм сүрө баштаган.

Эрмектер кайтаар учурда Жусуй мындай деди:

– Эртең жеңең барсын, үйдү шыпырсын бу келин менен. Тазалап кирип алгыла...

Жусуйдун үйү да Жаманкулдун үйүнүн төмөн жагына салынган. Эртеси эртең менен чайын ичип болгон соң Эрмек главмеханикти издеп кетти. Жусуйдун аялы келди да келинин ээрчитип барып жаңы үйүнө от жага баштады. Терезеге турган чаңды сүртүп, шыпырып, заматта эле кирүүгө ылайык кылды. Үстү газета менен жабылып столдо турган телевизорду да чүпүрөк менен аарчып, чаңдан тазартты. Эрмек келгиче экөө жүктөрдү да ташып, үй ичин татынакай кылып жасап коюшту. Анан абысындар чайын иче, отуруп сөзгө кирди:

– Жаңкы, – деп күйөөсүн эскиче тергеп Жусуйдун аялы баштады сөздү, – иштен башканы билбейт. Туугандары жаман көрөт. Ошондо да баарынан оокатыбыз тың. Газетага да жазып, грамота менен да сыйланды...

Келини унчукпай угуп отурду.

– Түндө силер кеткенден кийин, бул инимден үмүт күтүүгө болот деп уулду жакшы көрүп отурду. Бул жердин жаштарынын кээ бири жаман, жерге кирсин.

– Бизде, тиги «Кызыл Октябрде» жаштардын кружоктору иштейт, – деди келини. – Жаштардын бирөө мас болуп чатак чыгарса, достук сотко тартышат, уяткарышат. Анан эч ким да жаман болгусу келбейт.

– Атам силерди да жаман көрүп калаар бекен? Таарынбай эле койгула. Эшиктеги отундан, көңдөн жага бергиле. Жазында дагы чаап алабыз. Абаң айтып кой деген...

– Койлорго чөптү кантээр экенбиз. Чөп түгөнүп баратат, деп энем каңкуулай берүүчү болду.

– Чөп бар, – деди жеңеси, – тоодо желбей калган бир үймөк чөп бар. Ошондон бир араба алып келип, салып берип турарсыңар...

Чай ичип болгон соң да женеси Эрмекти бир сааттай күттү. Ага отун, чөп жайын айтуу керек эле. Бирок, ал кечиге берген соң кете берди.

Эрмек кечки саат жетиде келди. Колу-башы капкара, таноолору да майланып алыптыр. Ал жаңы үйгө кирип келээри менен көңүлү ачыла кетти. Кудум эле өзүнүн тыяктагы үйү. Балким, андан да артыгыраак, үстөлдө телевизор турбайбы.

Эрмек колу-башын жууп сүртүндү да:

– Жеңем келдиби? – деп сурады.

– Келди. Тоодо чөп бар, – дейт, – бир араба тарттырып алсын – деди. «Көңдөн тартынбай жага бергиле», деди, – деп бардык жаңылыгын секунда ичинде күйөөсүнө айтып үлгүрдү келинчеги.

– Жакшы-ы, – деди Эрмек тамекисин чыгарып жатып

– Ремонтко кириштиңби?

Эрмек башын ийкеди.

Ал эртең менен главмеханикке жолугуп, документтерин толук көрсөттү. Анан өзүнүн эски тракторду ремонттоп ишке салаарын айтып, буга жардам берүүсүн өтүндү. Главмеханик Эрмектин ишинин натыйжасы эмне менен бүтөөрүн ойлобостон эле макул болду. Анткени, ал Эрмектин өтүнүчү маанилүү деп билди. Бул күнгө чейин трактористтер анын алдына келсе эле тракторунан зарлай турган. Ал эми, мунун талабы жардам берүүгө арзый турган иш да!

Эрмек андан макулдук алгандан кийин эле Алмасбековдун трактору менен шалдырап, гусеницалары да чачыла жаздап турган эски ДТны ремонт залына сүйрөтүп алды. Анан механиктин жардамы менен ачкычтар алып, бирден ишке киришти. Түшкү тамакка тарап жатканда ал аны да унутуп ремонтун улантты. Кечинде, жедеп курсагы катуу ачканда гана үйгө кайтты.

– Келинде жыйырма күн алпурушаармын. Он беш күндө ишке салсам деген оюм бар. Запчасттары бар эле болсо, тез бүтөрмүн. Жаман киши кармаган машина экен. Сен кантесиң? Иштейсиңби? Баертең саанчы келиндерге кезигип сурап көрдүм, орун бар дешти. Мындагылар үй салып, анын ичин туш кийиз менен жуурканга толтуруп алган соң эле, эми акчанын кереги эмне деген ойго келишет окшойт.

Келинчеги дасторкон жайып тамак берүүгө камынды.

* * *

Күндөр өтүп жатты.

Эрмек келинчегин саанчылыкка киргизди. Үй оокатын болсо эртели кеч бүтүрүп жүрдү. Тракторду бөлүктөп, бардык майда тетиктерине чейин жууп чыкты. Буга он күндөй убактысын зарптады. Механизмдеги илдетти кылдаттык менен текшерип, запчасттары барларын салды, жокторун мүлдө иштеп чыгып, тонолгон тракторлордон алып кошту. Ийрейген жерлерин слесардын жардамы менен түзөттү. Берилип иштегенде кайтпас эрк, талыкпай изденүүлөр табыла берет эмеспи. Кыйынчылыкты жеңип, көздөгөнүнө жетүү ар качан берилип иштегендиктин жемиши.

Өңүнөн азып калган Эрмек мехцехтин аржагындакы иштен чыккан машина часттарын таштоочу жерлерди карап кайра келе жатты. Ага эми бир эле кичине бөлүк керек. Бирок, ошону кечөөтөн бери издеп таппай жүрөт. Ал алдында күтүп турган главмеханикти көргөн жок.

– Эрмек, – дегенде жалт карады. – Таптыңбы?

– Жок.

Механик анын өңүн карап турду да:

– Шаарга РТСка барып келсең деймин. Ал жерде менин тааныштарым бар эле.

– Барса барайын.

Кечинде Эрмек үйүнө өтө капалуу келди. Анткени, слесарлар үчүнчү жолу жасап берген лапкасы да ийилип керекке жарабай калган.

Тамагын ичип китеп карабастан кроватка өзүн таштады. Эртең РТСтан бирдеме табылбаса иш бүтөт.

Эшик акырын ачылып үйгө Жаманкул кирди. Эрмек салам айтып, көңүлсүз ордунан турду.

– Тракторуң бүттүбү?

– Бир тетиги табылбай жатат. – Эрмек ичинен кандайдыр ызалана түштү. Дагы пикир каршылыгы өкүм сүрөөрүн ал билип турду. Чал бекер келип турган жок.

– Тиги, столовойго завхоз керек экен, майлуу-көө болбой ошого кирип алсаңчы, катуу деле жумуш жок, анын үстүнө эт-май колуңда болот.

– Аны кайдан иштей алайын. – Эрмек өзүн зорго токтотту. Анын саал бош сүйлөгөнүнөн улам чыны менен эле трактордон тажаган экен деп түшүндү тиги.

– Бул жердегилер эң жаман көргөн баласын трактористке берет. Жыргап жүргөн бир да бир трактористти көрө албадым. Ушундайыңда таштасаңчы.

– Мен элге шылдың боло албайм, – деди Эрмек, – бир аз күн менин эркиме коюңузчу.

Чал тыржыя түштү. «Боору ооруса боорго тебет» деген ушул. Бир тууган болсоң дагы кыйбай иштин жайын айтса тээжиктенет. Куду эле атасы!

– Кыйналбай иштеп жан баксын дейм, – деди чал үнүн катуу чыгарып, – эмкилер терс болуп чыгышыптыр!

Эрмек кескин айтты:

– Коюңуз, мен мында жан бага албай келгеним жок. Ар бир кишиде бир максат бар да...

– Максат? Максат – ичиш, жеш! –деди чал. Анан ордунан туруп, – булардын максаты жилик майын түгөтүү, – деп күңкүлдөп койду.

Эрмек ызадан жарыла жаздады. Ошол түнү уктай албады. Ал ойлонуп жатып «Кызыл Октябрды» эстеди. Андагы кызуу иштер, жагымдуу достук лыпылдатып өзүнө арта баштады. «Кайтып эле келсеңчи, – дегенсийт алар.– Туугандарың сенден сууна баштады. Кел, эртерээк кел». Ал башын силкип көтөрүп алды да кайра жатты...

Эртеси шаардагы РТСка кетти, бирок эчтеке таппай куру кол кайтты. Чыны менен, ушу бир, кичине темир бардык ишин токтотобу? Туура, темир кичинекей эле, эгер ал табылбаса айда Эрмектин бүткүл эмгеги талаага кетет. Ал тургай, алдыда ойлоп койгон комплекстүү звеносу да ишке ашпай калат. Ошентип, ал жеңилет, кыскасы! Туугандарына да, башка механизаторлорго да айта жүргүдөй шылдың болот. Андан кийин болсо столовойго завхоз болуп кирет да майталканын мыкчып, колун жалап дегендей семире баштайт. Бул кезде чалдар «Ай-ай жаштар ай, – дешип, баштарын чайкап ууртун чыкылдатышат, – кайран күч, темиртерсекке кеткен! Мына азыр жыргадың».

Ал РТСтан келип эле, айласы кетип тракторунун жанында ойлонуп отурду. Адамдын шайын кетирип, чыгар тешик таптырбай койгон оор минуталар ар качан да кишиге кезиге берет эмеспи. Дал ушундай учурларда колунан эч нерсе келбесе да, башын сылап, бир-эки ооз жылуу сөз айта билген киши көздөн учат. Эрмек ойлонуп отуруп жанына акыры басып келген кишини да байкабады.

Келген киши кагазга оролгон бирдемени Эрмектин так мурдунун астына такаганда гана ал башын көтөрө койду.

– Бул эмне?

Эрмек кармап көрүп эле кагазды ача койду да ыргып турду. Тышынан караган киши кагазга жылан орол келип, тамашалап кармата салдыбы деп ойлонгучалык эле.

– Алмасбеков, досум!

Жылуу чырай Алмасбеков Эрмектин кубанып-толкуганын көрүп, үнчүкпай күлүмсүрөп турду. Эрмек болсо, лапкаларды өөп, бийлеген кишидей тыбырчылап жатты.

– «Б» колхозуна баргам, – деп Алмасбеков кубана түшүндүрө баштады, – карасам сеникиндей бир тракторду бузуп машинага ыргытып жатышыптыр. «Бул эмнеңер?» десем «Бул керексиз темир» деп жооп беришти. Дароо эле эсиме сен келе түштүң. Өз ишимди таштап, чечинип алып мен да четинен бузуп кирдим.

– И!

– Бир сааттай алпурушуп жатып лапкаларды чыгарып алдым да «кой эми, баатырлар, жанатан иштеп бергениме ичиңерден болсо да ыракмат айтып койгула!» деп жолума түштүм.

– Чоң ыракмат! Мына эми кара тулпарым эртең эле стартка чыгат. Жүр эми, баатыр, сенин жакшылыгыңды билейин.

Алмасбеков буга ынанган жок. Анткени, ал унчукпай турган.

– Сенин жакшылыгың үчүн мен сени унутканым жок. Андан көрө сенин изги тилегиңе мен ыракмат айтам.

– Болду эми, сен аны козгобой эле кой. Звеного мен сени көрсөтөм макулсуңбу?

– Сени менен иштөөгө болот.

Эрмек үйүнө өтө кубанычтуу келди. Ремонтко киргенден бери унутуп калган койлорун көрдү. Аларды сугарганын, чөптү маалында салып турганын аялынан сурап билди. Тоокторунун да ал жайын да сурады. Кыңылдап ырдаган бойдон короону шыпырмак болду, бирок, кеч болгон соң аны эртең мененкиге калтырды да, отун жарып кирди. Жарган отундарын келинчеги үйгө ташып жатканда отун алып беримиш болуп, анын колун кармалап ойной баштады. Жылуу сезим боюн бийлеген келин мыйыгынан күлүп, колун кара күчкө тартып алды.

Эртеси түш оогондо Эрмектин трактору телчип короого чыкты. Бир канча трактористтер, главмеханик тегеректеп анын жеңишин куттукташты. Андан кийин кыймылдаткычтын үнүн угуп туруп, главмеханик өзү айдап көрдү. Баары жайында!

– Трактористтер, – деди главмеханик ыңгайлуу учурдан пайдаланып, – силер Эрмектен үлгү алгыла, берилип иштесе кишинин колунан келбей турган эч нерсе жок, көрдүңөрбү иштин жайын...

* * *

«Капиталдык ремонтко да жарабайт», делинип, эсептен чыгарылган тракторду ишке жарактуу кылган Эрмектин зоболосу ашты. Механизаторлор аны барктап, сыйлап, мактап жатышты. Бул кабар элге тараганда «ушундайын билип көчүрүп келбедимби», деп Жаманкул көрүнгөнгө мактана билди. Директор Эрмекти чакырып алып «Сен биздин механизаторлор арасында жаңы иш баштай алдың», деп баалады.

Бирок, Эрмек өзүн көтөрө калган мындай кырдаалга мактанып кеткен жок. Кишинин илгерилешинин өзү толкун сыяктуу бирде өркөчтөнүп, бирде басайып турат эмеспи. Элдин көзүнө бир мезгил жакшы көрүнгөн киши дагы бир мезгилде жаман көрүнүп калышы мүмкүн. Эрмек өзүнүн кадыр-баркын көтөрүүгө шарт түздү, албетте, оңойлук менен колго келбеди. Ал эми бул жеңишин бекемдеп, илгери умтулбаса анда акырын-акырын башка шартка орун берет, ошентип анын кадыр-баркы жылт этип кайра өчкөн чычаланын кыпындай чогунан айырмаланбай калмак.

Эрмек тракторун ишке жөндөмдүү кылгандан кийинки үчүнчү күнү, ферманын бардык тракторлору эртең менен соколорун сүйрөп контора алдына келишти. Жөрөлгө боюнча кичине кызыл желек карт тракторист Белековдун ДТсына кадалды. Экинчи орунда Эрмектин, андан кийин анын звеносундакы Асылбековдун трактору, дагы башкалары катары менен тизилишти.

Ферма башчысы мадырая карап сөз сүйлөдү:

– Ишиңерге ийгилик тилеймин. Бизде эми бир жаңы комплекстүү бригада пайда болду. Муну жолдош Керимбеков өзү башкарат – андан кийин ал участокторду белгилеп берди, аягында келип – кана, жолдоштор талааны көздөй маарш, – деп күлүп жиберди.

Трактористтер тракторлорун от алдырышты. Анан артынан козголгон тогуз ДТ болор-болбос чаңын буруксутуп, талааны көздөй өзүнчө бир механизация кербенин түздү...

Эрмек рычагды бекем кармап, өзүнүн туулган жеринде биринчи ирет соконун тишин жерге салаарын ойлоп бара жатты. «Эми күзүндө утуп чыгуу, андан кийин келээр жылы... Өз күчүнө сөөнүп өзүн гана оңдоо керек. Жусуй абам калыс, бирок анын да алсыз жери бар, ал башкаларга таасир этүүнү көздөбөйт. Кутунун ичинде гана жаткан кымбат баалуу буюм өңдүү. А чал болсо, эскилигин али таштай элек. Тууган – бул айтаарга, сөзгө гана керек, ал эми туусанга сөөнүп жашайм десен мүлдө майышасың. Тууган күндө тийген күн эмес».

## КАРА МАЙ

Айдоо аяктап калган кезде трактористтер, прицепщиктер сууктап өңдөрүнөн аза баштады. Асиресе, чыгыштан соккон муздак жел топурак учуруп, бир нече күндөргө созулду. Эрте жаздагы суукта күн-түндөп айдоо аянттарында алпурушуу албетте, оңой эмес.

Мына ушул себептерге байланыштуу болсо керек, совхоз жагынан бир бодо союлуп талаачылыкта иштегендерге сорпо-шилең ичирмек болду.

Мен да трактористмин. Бирок, айдоо аянттарында иштебеймин. Транспорт үчүн жасалган ДСШ тракторунун платформасына бирдемелерди салып алып, тийиштүү орундарга жеткизем. Көбүнчө куру кайтам.

Трактористтерге мал союлуп жаткан боз үйдүн жанына бир челек салидол, бир челек дизель майын алып келдим да аларды жерге түшүрүп коюп эмнегедир кайпактап, кетким келбей, боз үй жакка басып бардым.

– Түштөн кийин тракторлор жүрбөй кала турган болду, – деп заправщик бригадирге түшүндүрүп жатыптыр, – нигроль келтирилиши керек!

Бригадир караштырды эле бир да араба бош эмес болуп чыкты. Артыкбаш киши да табылбады. Бош өндүүлөр да, кандайдыр күйпөлөңдөшүп боз үйдүн тегерегинен жумуш таап иштеп жатышат. Күндүн суукгугуна карабастан шымаланып алышыптыр.

Бригадир мени карай мындай деди:

– Эшикте бош челек жатат, садагасы, платформаңа салып ал да нефть базадан негроль алып келе гой, анан кайра келгениңде... – деп капшыттагы этти карай калды.

– Ушул суукта коюу негролду жалгыз кантип куям, – дедим мен. Бул чын сөз эле.

– Артык киши жок экен, – деп бригадир салмактуу сүйлөдү, – бар болсо да ал жерде иштегенине наряд жазууга болбойт. Совхоз ага акча төлөбөйт. Барып, бир бочка толтура негроль алып кел.

– Бир бочка толтура, дагы... – деп көңүлсүз күңкүлдөп эшикке чыктым.

Нефть база фермадан эки гана километр алыс. Анда кеп жок. Бирок, күн өтө суук, чечинип таштап, жеңди каруугa чейин түрүп иштөө керек болот. «Мейли, эми, өндүрүшкө зарыл керек болуп турган соң аянып калсам уят чыгаар, алсам алып келейинчи», деп ойлодум.

Нефть базага бардым да негроль бар дистернага платформаны такап коюп тышкы кийимдеримди чечип, жеңимди каруума чейин түрүп ишке киришүүгө даярдандым.

– Эй, сен жалгыз алмакчысыңбы? – деп цистерналардын астын цементтеп жүрген аракеч неме шамалдан далдаланып туруп сурады.

– Ооба, жалгыз эле алам.

– Сен акмак, – деди ал башын чайкап, – ушул суук шамалда негроль алып аны бочкага куймак оңой ишпи! Канча төлөйт.

Мен унчукпадым. Цистернанын төбөсүнө чыктым. Анын капкагын ачып чака менен сузайын десем, чака эмне чөксүн! Балжыраган жарыктык, жөн эле эсепсиз көп жыйналган дабыркай өңдөнүп чаканы өзүмдү көздөй түртүп жолотоор эмес. Баса, кайран негроль ушинтериңди билгемин, деп күлүп жибердим.

– Эй, эмнеге күлөсүң? Негроль өзүн таанытып жатабы?

Мен намыстана түшсөм керек, цистерна үстүнө чөгөлөп отура калдым да, бар күчүм менен чаканын кырбуусун түртүп чөгөрдүм. Манчыркагансып негроль салмак менен чаканын ичине агып кире баштады. Бир аз кармап турганымдан кийин чака толду. Ал эми кайра көтөрөйүн десем «аны бизден бөлүп кайда алып баратасың?» дегенсип цистерна ичиндеги бүткүл негроль тырмышып, чакамды кайра тартып илээшти. Бир кол менен чаканы көтөрүү кыйын болгон соң эки колдоп тартып бери көтөрсөм, чаканын капталы бир элидей негроль болуп чыкты. Оң колум

менен чаканы көтөрүп, сол колум менен анын сыртын сыдырып, абдан тазаладым да платформадагы бочкага алып келдим. Жөргөмүштүн тору өңдөнүп созулган ичке негроль шамалда чалды-куйду учуп бетке чабылды. Бочканын оозун боорунан чыгарыптыр, анысы чычкандын ийниндей үңүрөйөт: Эми бул «боткону» мына бул төөнүн көзүнөн ары өткөзүп көр.

Чаканы коё коюп ары-бери чуркап, воронка өңдүү бирдеме издеп табалбадым. Башка амал жок, чака менен эле ошол кичине тешиктен ары өткөрүү керек. Чаканы тешикке кыйшайттым эле «барсак баарыбыз тең барабыз!» дегенсип негроль чаканын оозунан колдойгон бойдон салмактуу чыгып келе жатты. «Иттин коюусун!» деп ичимен сүйлөнүп алдым. Чаканын түбүн бочканын үстүнө такап, бир алаканымды чаканын оозуна коё койдум да эңкейттим. Негроль акырын агып бочканын оозуна кептеле бергенде, шамал согуп кетти эле негролум бочканын оозунан алыс кетти. Тышына төгүлдү, мен чаканы коё койдум да эки колдоп сыдырып тышына кеткен майды бочканын оозуна келтирдим. Мына ушундайча акыры, мен алып кетүүчү негролдун биринчи чоң тамчылары бочканын ичине тама баштады.

Эрегишкенсип шамал бир жагынан куйгузбай уйгу-туйгу согот. Чаканын түбүн шыпкап, сөөмөйүм менен сыдырып барып бочкага куюп да болдум. Ушул биринчи чака менен эле, кийимим, бети-башым негролго аябай чыланды.

Эмне болсо да негролду жетерлик алып барууга белимди бекем байлап алдым. Анын коюулугу менен шамалга абдан эрегиштим.

Убакыттын канчалык өткөнүн билбеймин. Отуз чакадай куйганымда барып бочкам толгон өңдөнду... Уйгу-туйгу урулган шамал мен акыркы чаканы цистерна оозунан тартып чыкканымда тык эле токтоду. Баракелде, табият бизди эмгиче эле сыноо менен алек окшойт!

Үшүгөнүмөн эрдим кымтууга келбей калды. Кийимдин баары негроль болду. Бирок, ушул көзгө илешпеген майда жумушта арзыган иш бүтүргөндөй болдум.

– Молодец! – деди аракеч, шамал басылганда далдаалап чыгып келип.

Мен колумду, чаканы бензинге жуудум. Колдорумду колтугума катып бир аз жылытып алдым да, бочканын оозун бекитип айдоо аянтын көздөй жөнөп кеттим.

Ишти ойдогудай аткаргандыгым үчүнбү же башка себепти өтө тез жетип келдим. Келсем, бардык тракторлор боз үйдүн жанында каршы-терши токтоп калыптыр. Трактористтер колдорун чөнтөктөрүнө салып, тамекисин тиштеп ары-бери басып турушкан экен. Алардын чекелеринен

көк түтүн буркурайт. Платформадагы бочканы көрө коюшту да баары бир ооздон кыйкырып жиберишти:

– Негроль!

– Ооба, кымбаттуу негролуңар ушул, – дедим мен.

Трактористтер аны түшүрүп, чакаларын камдашты.

Канжыгасына эт байланган бригадир жаныман өтүп бара жатканын көрүп калдым. Мен жылынайын деп боз үйгө кирдим. Тулгада асылуу турган чоң казандын түбүндө эткели тунуп, бир кеседей сорпо калыптыр. Эт бузган бризент үстүндө эчтеке көрүнбөйт. Мен жылынып тамеки тартып боюма бир аз кубат жыйнадым. Эсепчи колундакы бир кесек этти оозуна салды да мени көрө койду.

– Аа, мобуга беш жүз грамм эт бер дебеди беле, – дегенинде оозундакы эти ыргып кете жаздады... – Эсимде жок!

«Кой баатыр, мен үчүн күйүнүп сүйлөймүн деп чайнап жатканынан ажырап калба!» деп ойлоп «бырс» күлдүм. Колумду абдан жылытып, тамекими тартып болгон соң үйдү көздөй жөнөдүм.

Моторго газды толук бердим, үйдү көздөй «кууп» келатам. «Мейли, – деп ойлондум мен, – баары бир мен уттум. Биринчиден, тракторлордун ишке чыгуусун камсыз кылдым. Экинчиден, өзүмдүн иште чыдамдуулугумду көтөрө түштүм!»

## АЖАЙЫП ДҮЙНӨ ЖӨНҮНДӨ БАЯН

Жарыгы мол атайын жасалган бөлмөнүн ортосуна бир гана кроват коюлган. Кроваттын сол жагында чоң терезе, ал терезеде кызыл гүлү бар кең жалбырактуу куш бурак өсүмдүктөр кумураларда өсөт. Оң жагында дубалга такай стол коюлган да анын үстүнө түрдүү приборлор орнотулган.

Кроватта купкуу болгон арык киши жатат. Анын шылынып түшкөн жаак эти, ак аралаган чачы, ичкерген мойну – кандайдыр бир жан жеген ооруну элестетет. Жер кепелерге өсүп калуучу кээ бир өсүмдүктөр порумдаш келген ушул киши анда-санда гана көзүн ачып, өзүн кыйнаган эссиздик менен сүйлөшкүсү келет. Бирок, мындай кайрат кандайдыр бир көнүмүш эссиздиктин күчү менен бат эле жоюлат да ачылган көздөр кайрадан жумулат.

Адамдар дүйнөсүндө нукура окшош эки киши табылбаган сыяктуу, адамдардын ар биринин өмүрү да ар башка. Бүткүл адамдар коомунун өзү жеке адамдардын не бир укмуштуу, кызыктуу өмүрлөрү табылган ченебеген зор музейден турат. Кроватта жаткан Самагановдун өмүрү да ошол сыяктуу өмүрдүн бири эле.

Самаганов дагы көзүн ачты. Анан, адатынча үй ичиндеки нерселерге көз чаптыра баштады. Ал башын көтөрүп, анда-санда гана көрүнүп жок болуучу табышмак нерселердин сырын ойлонуп тапмак. Ал терезе жакты карады эле дагы бир табышмакка туш келди. Ага терезеден караңгы, бирок ачык асман көрүндү. Жылдыздары жайнап, өзүнүн сагынган баякы эле асманы. Адамдар көрө жүргөн нерсесин узак жылдар көрбөй калса, ал жаңы көргөн нерседен да артык зоок козгойт эмеспи.

«М-м, – деди ал, – эшикте түн экен. Бирок, бул үйгө жарык кайдан түшүп турат?» Ал канчалык бышыктап карап чыкса да, шыптан тиги дубалга сөөлгөн столдон, күйүп турган бирер лампочканы көрө албады. Ал түгүл, үйдөн бир карыш электр проводу да көрүнбөйт. Бирок, бөлмөнүн ичи таң калгыдай жарык. Күндүзгүдөй!

Самаганов ордунан туруп, караңгы болсо да терезенин ар жагына бир карап көрмөкчү болду. Ал чыканактап жаздыктан эми гана башын көтөрө бергенде нары жылуу, нары жумшак колдордун өзүнө жардамдашып жатканын байкап калды.

– Өзүңүздү кандай сезесиз?

Бул кадимки эле аялдын үнү го. Бул анын кичине чагындагы мээримдүү энесинин үнү эмес бекен? Анын азыркы көргөндөрү, угуп жаткан үнү чын болсо экен! Ал бардык күчүн жыйып, жылуу жумшак колдордун ээси менен жан-алы калбай сүйлөшкүсү келди. Бирок, мемиреткен күч бийлеп, өзүн кроватка таштады.

– Отуз биринчи ирет, – деди ак халат кийген эркек Самагановду оңдоп жаткызып жатып.

– Алды менен адаттагысындай көзүн ачты, – деп кошумчалады халатчан аял, – көзүн ачкандан кийин дагы эле таң калгандык менен ар жак, бер жакка карады. Акырында терезеге карап турду да ордунан турууга камынды...

Халатчан эркек аялга ойлуу тигилди:

– Деген менен, бул жөнүндөгү ишти тезирээк бүтүрүшүбүз керек. Эл билүүгө катуу кызыгууда. Эртең же бүрсүгүнү эле ордунан туруп кетиши мүмкүн. Анткени, организмдин иштөөсү нормалдаша баштады.

– Талашсыз факт, – деди аял эки колун халатынын чөнтөгүнө салып, терезе жакты ойлуу карап. – Мээнин кыймыл анализаторлору тормоздолгон. Павловдукун далилдейт...

Ушундай сүйлөшүп алган соң экөө дубалга кирип автомат ачылуучу, дабышсыз эшик аркылуу чыгып кетишти.

Самаганов бөлмөдө киши жок кезде көзүн ачып ойгонуучу, бирок ал ойгонуп алгандан кийин да бирер «кытыр» эткен дабыш угулса, дароо уктап кетүүчү. Күзөтчүлөр, врачтар мындан кийинки ойгонгонунда өз эркине коюп, телеэкран аркылуу байкоо жүргүзүүгө макул болушту.

Ошентип, Самаганов отуз төртүнчү жолу, эртең мененки саат ондо ойгонгондон кийин гана өзү үчүн нары кызык, нары түшүнүксүз болгон ажайып дүйнө койнуна кирип кете алды.

Ал, бул жолу көзү ачып ойгонгондон кийин ордунан да туруп алды. Узак жылдар төшөктө жатып уюган жамбаштарынын аздап чымырай баштаганын сезип алаканы менен сыйпалап койду. Анан бир түрдүү авез менен терезе жакка илээлеп басып барды да, аркы тышкы жакка көз жүгүрттү. Ал ичтен эле акылдуу болуп туулган алп баладай тышкы дүйнөгө кызыгат. Бирок, терезенин тышынан көлөкөлүү сонун жыгачтар көзүнө чыныгы көрүнүп турса да, ал бир жагынан ага ишене да койгон жок.

Мындай көрүнүштөр куду эле түшүндөкүдөй кайып болушу мүмкүн эле. Чындыгында бул, өз өмүрүнүн уландысы болуп калса, албетте, зор бакыт болмок. Бардык нерсе ага тааныш эмес, Самаганов аларды түшүнгүсү келет, ал нерселер атайын эрегишкенсип өзүнүн сырларын ичтерине бекем жашырып алган. Караңгы түндө эч кандай электр лампочкасы же керосин күйүп турбастан, күндүзгүдөй жапжарык болуп турушу кандай сырларды ичине жашырды болду экен? Мүмкүн бул көрүп жаткандары кичине чагында чоң энеси айтып берүүчү жомоктордоку турмуш чыгаар...

Самаганов терезенин кырбусуна сөөнүп, салмагын бир оң бутуна, бир сол бутуна салып аркы жакты узак карады. Терезенин ар жагы кичине бакча эле, анда саябалуу жыгачтар, гүлдөр, жапыз тозмолуу жолдор, орундуктар, фонтандар, ойлуу көрүнгөн мрамор тулкулар бар болучу. Күн нуру жайкалган жалбырактар арасынан эленип өтүп, жашыл газондорго төгүлөт. «Эч нерсе эмес, мындай көрүнүштөр элес-булас эсимде да бар, өлүп-тирилип жатсам керек. Оо, садагаң кетейин, жарыкчылык!» деп ойлоду Самаганов.

Анын көөнү эргип эшикке чыккысы келди. Жакшы баса албаса да эшикке чыгып аны-муну карай, жарыкчылыкка деген моокумун кандырышы керек, анын учкул кыялы ушуну талап кылат. Ал бөлмөнү тегерете карап эшик өңдүү белги билинип турган жерди көрдү. Анан ошону көздөй илээлеп басты. Ал дубалдын эшик сымак жерине жакын келди. «Мына кызык деген!» ал өз өмүрүндө шарнир бекитилип, эки жагына же бир жагына киши күчү менен ачыла турган эшиктерди гана көргөн, ал эми киши жакындаса өзүнөн-өзү ачыла турган эшик ага түшүнүксүз. Ошон үчүн сырын билбеген эшик «кыпчып» албасын деген ой менен артына чегинди да кроватынын кырбусуна келип отурду. Эшик болсо, кайра ордуна келип жабылды.

Самаганов кандайдыр бир кызык нерселерди эсине келтирип, жалгыз үйдө биринчи ирет күлүп койду. Мына ошол учурда жаңкы эшик кайра

ачылды да ак халат кийген кишилер эркин кирип келди. Алардын өңдөрү өтө сүйкүмдүү, жылуу, көңүлдүү.

– Бүгүндөн баштап сиз биротоло ойгондуңуз, – деди жылуу чырай аял, муңайым гана ийилип туруп, – өзүңүздү кандай сезесиз?

Самаганов аларды жоготуп койбоюн деп үмүтсүз кароо менен турду да:

– Жакшы-ы, – деди саал үн катып.

Жанында тургандар кубанып, күлүп коюшту. Буларды туурап Самаганов жылмаймакчы болду эле аныкы көп жакшы келише койбоду.

Сиз азыр айыгып калдыңыз, эми коркпоңуз. Түшүнүп жатасызбы?

Самаганов башын ийкеди.

Муңайым аял приборлор жакка барды да бир кнопканы басып койду.

– Ноль төрткө, акыркы рецепт боюнча, – деп кимдир бирөөлөргө эскертти.

«Азыр» деген аялдын жагымдуу үнү бөлмөнүн ичинен угулду. Самаганов акырын карагылап, эч нерсенин белгисин көрө албады. «Бу кайдан чыккан үн? Мына дагы биркызык, – деп бою чымырады. – Мага эмне болду? Кайсы дүйнөдөмүн?».

Врачтар дарыны беришти да тамырынын какканын байкап турушту. Дары – кубат киргизе турган, нервдердин иштешин жөнгө салгыч таблеткалар эле.

Эгер Самагановдун алы келсе, мына ушул жанында турган муңайым, ары акылдуу аялдан: «Мен эмне болгомун? Ыя, бул кайсы жер?» деп сурайт эле. Амал канча, узакка созулган кесел анын дарманын койбогон болучу.

Эртеси, дары ичип бир сааттай эс алгандан кийин, бир киши Самагановду ээрчитип короого алып чыкты. Ал там-туң баскан баладай өз теңдигин араң сактап басты.

Ага короо, дем алуучу жайды элестетти. Ар кыл жеңил кийинген кишилер көрүнөт, булбулдар сайрап көңүлдү эргитет, бакчанын куш бурак салкын абасы келет, кооз салынган бийик үйлөр алыстан көрүнөт. Эч кандай жагымсыз дабыш билинбейт. Короонун көчө жак бөлүгүнө көз чаптырганда ого бетер таң калды. Чоң кичине кооз автомобилдер каршы-терши агылууда. Алардын көптүгү ошончо, бир киши санап үлгүрүшү да мүмкүн эмес. Бир кызык жери мотордун күрүлдөгөнү же сигналы мүлдө угулбайт!

Самагановго короонун ичи гана көрсөтүлдү, бу дагы оңой эмес. Аны бөлмөсүнө кайра баштап келген соң эс алууга калтырып, ээрчиткен киши чыгып кетти.

Кечинде аны башка бир бөлмөгө жайлаштырды. Ал бөлмөнүн эшиги да автоматтуу ачылат экен. Ал жаңы бөлмөдө бирден уйкуга киришти, чарчаган.

Стол үстүндөгү чыкылдап дабыш чыгарбаган, бирок өзүнүн жүрүп жатканын секунд жебеси аркылуу билдирүүчү кооз саат түнкү үчтү көрсөтүп турганда Самаганов уйкусунан канып ойгонду. Рамасыз эндей, күн нурун өткөрбөгөн, бирок түнүк айнектүү чоң терезеден кара көк асман жылдыздары менен көрүнүп турду. Бул бөлмөдө электр чырагы жок болгону менен күндүзгүдөй жарык экен.

Шаар ичи жымжырт. Ичкеридеги шаарлардын биринде болсом керек, Москва же Ленинграддыр, – деп ойлоду ал керебетинде жатып, – ажайып кызык, эшиктен киши келе жатабы? Өзүнөн-өзү ачылганын кара. Бул өзү кандай жасалды болду экен?» Ал ушундайча ойлонуп алгандан кийин ордунан турду да эшик жакка илээлеп басты. Ал кудум аркы үйдө, үйдө болуп жаткан кеп-сөздү угуп алайын деген кишиче баамдап, эшикке бара жатты. Ал жакындай бергенде эле эшик андан сезгич чыкты, эки жакка туурасынан дубалга кирип ачылып кетти. Чочуп кеткен Самаганов артына чегинди. Эшик кайра жабылды. Техниканын бул түрү жөнүндө ал эчтеке билүүчү эмес. Өз кезинде укса да мүмкүн унуткандыр. Ошондо да ал эшик жөнүндө кызык ойлорго батты: «Босогодо оордук сезүүчү аппарат орнотулган болушу керек, кишилер эшикке жакындай ошол аппаратты басып алганда, кудум-таразанын бир жагын басса, экинчи жагы көтөрүлгөнү өңдөнүп, эшик бир түрдүү тетиктин жардамы менен дубалды көздөй тартылса керек» деп ойлоду ал. Ошон үчүн ал жалгыз үйдө (эч ким жокто) техниканын сырын эптеп байкап алса зыяны жок. Мындай нерсе кишиде кызыгуу козгобой коюушу мүмкүн эмес да.

Ал акырын басып дубал жакка өтүп алды. Босогодогу «оордук сезүүчү аппаратка бут тийгизбей байкап көрүү керек...»

Жаңы бөлмөдө Самагановдун кандай тиричилик кылаарын көрүп туруу үчүн, күзөтүү пунктуна телекөрсөткүч аркылуу окумуштуулар байкоо жүргүзүп жатышкан. Экран алдына врачтар, физиология, психология жана башка илимдин тармактары боюнча изилдеген окумуштуулар топтолгон.

Экранда алды менен дубалды жакалап акырын кетип бара жаткан Самаганов көрүндү. Ал эшикке жакындаган сайын бутунун учу менен басып, абайлап козголуп жатты. Анын мындан ары эмне кылаарын экран алдында отургандар дит коюп кароодо. Самаганов куду суу үстүндөгү муздун калыңдыгын байкап жаткан кишидей, бир бутун алга коомай коюп, аз-аздан салмагын салып көрүп, анан экинчисин шилтеп байкоосун улантып жатты...

– Лунатизм...

– Жок, ойгоо...

Окумуштуулар дагы жым болушту. Самаганов эшикке баргыча кыйла узак аракеттенди. Акыры эшикти бүт денеси менен калкалап калганда

ал ачылып кетти. Анын байкоосу бекер болду. Аздап суунуп, эшиктен ары кетти да, анын жабылганын карап туруп калды. Окумуштуулардын күлкүсүн келтирип оң колу менен кежигесин тырмады...

– Ойлоп жатат, – деди психолог.

Мына ушул кезде Самаганов бир кызык кыймыл жасап, көмкөрөсүнөн түштү. Анан эмгектеп эшик жакка акырын жүрө баштады. «Оордук сезүүчү аппараттын» жок экенин билген соң, ал башкача байкоо жүргүзмөк болгон. Ошентип, жылып коюп бирдемени тыңшагансып кулак түрөт, анын бул кылыгы жаңыдан эмгектеп, ошонусуна маашыр болгон наристени элестетти. Акыры эшиктин түбүнө да барды. Ал акырын отуруп алып алаканын эшикке такап туруп, аны дубалды көздөй күч салып түртө баштады. Анда эмне күч болмок, күч болсо да эшик ачылмак эмес.

– Көрдүңөрбү, – деди врач жанындагыларга, – бул киши өзү көрбөгөн фото каршылык менен электромеханиканы азыр түшүнбөй жатат...

Экранда дагы кызык окуя жүз берди: Самаганов босогодо отурган жеринен акырын козголуп, эшикке сүйөнүп жогору турмакчы болду эле, эшик бирде дубалга жылып кеткен ал зал жакка колдорун арбаңдатып көмкөрөсүнөн кулады. Врачтар чуркап келип аны кроватына жаткызды да, эс алып тынч жатышын өтүнүп кайра чыгып кетишти.

Самаганов эшик жөнүндө бир тыянак чыгара албай, ойлоно жатып уйкуга кетти. Эки күн өткөндөн кийин он чакты журналист биринен сала бири, чөнтөк телефондору аркылуу башкы врачтын тынчын алышты:

– Самагановду эми чыгарыңыздар.

– Силер убада бергени бир жыл болду.

– Биз элге калпычы боло беребизби?

Ушул себепке Самагановдун ден соолугунун жакшырышына байланыштуу, аны белгиленген күндөн мурдараак чыгарууну ылайык көрүштү. Бирок, ойлоно келип башкы врач журналисттерге мындай пикир жөнөттү:

– Макул. Самаганов дүйнөгө чыксын. Анын ой-санаасы мурда жашаган учурдун деңгээлинде калган. Биздин учур ал үчүн тааныш эмес. Эркинче саякат кылышына жол берели. Ал азыркы дүйнөнү кандай таанып экен?!

Журналисттер буга макул болушту. Саякат кылардан мурда бирер чогулуш ачып, ага өзү жана азыркы өмүр жөнүндө аздап болсо да түшүнүк берүүнү ылайык көрүштү. Эртеси саат сегизде аны атайын жасалган залга келтиришти.

Самаганов залга кирип келгенде анын көздүгүнөн таң калып, эшик алдында туруп калды. Он, он беш киши жумшак дивандарда отурган эле. Тарых, адабият, искусство, кол жазма дагы башка калдыктар тышында өз

кезегиндеги ой-санаасын таза сактаган эски өмүрдүн бирден-бир жандуу күбөчүсү – Самагановду алар чын жүрөктөрү менен урматтап, орундарынан туруп тосуп алышты. Самаганов да бош келбеди, анын да өз заманында анча-мынча көрүп калганы бар. Ал кишилердин баары менен башын ийкеп гана амандашты да көрсөтүлгөн орунга барып отурду. Өзүн тегеректегендердин баары муңайым, өтө кичипейил кишилер.

Башкы врач «баарыбыз келип болсок керек» дегенсип, ордунан туруп тегерете карады да сөзгө киришти:

– Жолдош Самаганов быйыл алтымыштан ашты, – дегенде Самаганов ордунан тура калды да, ашыгып бети-башын сыйпалап жиберди. Анан, күмөндүү көздөрү менен тегерете карап алып ордуна кайра отурду. Беркилер эч өзгөрбөй сыпаа отура беришти. Самагановду аларга түшүндүрүүнүн кажети жок, угузуу менен түшүндүрүүлөрдүн бардыгы Самаганов үчүн эле.

Башкы врачтын коңур үнү өтө жагымдуу угулду:

– Сиз мындан ондогон жылдар илгери өлүм уйкусуна кеттиңиз. Жүрөктүн согуусу менен дем алышыңыз өтө алсыз болду. Ушул убакыт ичинде сиз врачтык баамдоо алдында уктоо менен болдуңуз. Былтыр июль айынын он төртүндө биринчи ирет көз ачтыңыз, бирок андан кийинки ушу бир жылдын ичинде саламаттыгыңызды калыбына келтирүү аракетинде болдук. Азыр мен өтө кубанычтуулук менен – сиз эми абдан айыгып кеттиңиз, деп айта аламын.

Кубаныч менен өкүнүч секунда сайын алмашып Самагановдун дайынын таптырбай турду.

– Мына, биз азыр, – деп врач сөзүн улай түштү, – сиз жашаган доордогу элибиздин кажыбай иштеген эмгектеринин чыныгы жемишин жеп жатабыз. Муну өз көзүңүз менен көрүшүңүз мүмкүн. Ал кездерде биз бешиктеги балдар элек. Биз кужурмөн элибиздин өз кезинде биз үчүн иштеп кеткен иштерин маңгы-бакый эстен чыгара албайбыз. Биздин эл, жер жүзүндөгү адам баласынын бактысы үчүн иштеди, дагы иштеп жатат. Биз өнүгүү жолунда али да пионербиз.

Самагановго бул сөздөр аздап тааныш, уккан сайын уккусу келет. Өзүнүн балалык чагы, пионердик, комсомолдук доору, орто билим алаары менен Украинада аскердик борчту өтөп келиши, андан кийин пединститутка кирип аны бүтүргөн соң, айылдык орто мектепке мугалим болуп барышы, дагы башкалар... Анын көз алдынан бир-бирлеп өтө баштады. Чынында да ал булар жөнүндө ойлоно элек болучу.

– Сиздин үй-бүлөңүз бар болушу керек, – деди бир аял, – аны келтирүүгө убада беребиз. Мүмкүн, өзүлөрү жашаган жерге сизди алып кетишээр.

Самагановдун кубарган жүзүнө кан ойноп чыга келди.

– Эгер өзүңүздү жакшы сезсеңиз, – деди алгачкы сүйлөгөн врач, – жаңы дүйнөнү кыдырып көрүңүз, мен сизге жолдош боло алам, – врач муңайым гана күлүп койду.

Мындан ондогон жыл илгери Самагановду кээ бир жолдоштору ага «кечирээк үйлөндүң», деп кейишти. Бирок, анан колуна да убакыт, шарт оңойлук менен түшүп бере койгон эмес. Ал институтту бүтүргөндөн кийин айылдык орто мектепке мугалим болуп белгиленди.

Мурда, айылдык мектепте бирге окуган сабакташы Күмүш башка ВУЗду бүтүрүп, өзү менен бирге мугалим болгону аны аябай кубантты. Анткени, муну кол менен жасап келтирүү да кыйын эле. Күмүш көзүнөн акылдуулугу көрүнүп турган, аша чырайлуу болбосо да сүйкүмдүү кыздардан болучу. Аны Самаганов башынан жактыруучу. Өмүрдүн ара жолу кез келип экөө эки жакка кеткен. Эми экөө эки башка жол менен жүрүп отуруп, бир нече жылдардан кийин кайра жолугушту.

Алар бирге жашоо жөнүндөкү кымбаттуу пикирлерин жүрөктү термелтүүчү сөздөр менен кезегин таап айтышты да, өз алынча той жасап кошулушту. Арине, ошол кездеги бардык окугандар өңдүү эле, алар да жаштыктын төмөн даражадагы, өзүнчө кызыктыруучу лаззатынан бойлорун оолак таштап, ак ниеттери менен эл үчүн иштөөгө киришти. Самаганов ал кезде ак көңүл, карапайым табияттуу жигит эле. Турмуштун майда-чүйдөсү аны кызыктыра алуучу эмес.

Бирок, бакытка каршы алар турмуш куруп алты ай өткөндөн кийин, Самаганов жогоруда айтылган кырсыкка дуушар болду. Ошол кезде Күмүш табияттын аялдар жамагатына гана арнап койгон, тымызын кубанычтарын башынан кечирип, ачуу-таттуу насипти жашырып жеп калган кез болучу. Ал эртең менен тура албай калган сүйүктүү күйөөсүн тумандуу үмүттөргө ээрчип, ыйлап-сыктай өз үйүндө үч күн сактады. Арты-артынан келип-кетип жаткан врачтар анын кандай кеселге кирептер болгонун биле албады. Ал кыймылсыз жатканы менен жүрөктүн согуусу алсыз сезилип турду. Болор-болбос дем алып жатты. Мындай кеселдеги кишини «өлдү» кылып көмдүрүүгө Күмүш мүлдө ынабаган болоор эле, анын үстүнө врачтар да бул жоопкерчиликти мойнуна алмак эмес.

Акыры ойгонбой үч күн жатып калган жаш мугалимди врачтар орун берип байкоого алышты. Күмүш кызматынан бошоору менен жетип келип, дагы эле кыймылсыз жаткан күйөөсүн көздөн кечирүүчү. Көздөрүнөн ысык жашын парлап, анын жанында узак отуруучу. Ал мындан ары эмне кылаарын да билбеди, анын жүрөр жолун турмуштун өзү көрсөтүп берди.

Күмүш бир үйдө жалгыз тура берүү жанына баткандыктан, туугандарынын жанына көчүп алды. Күн артынан күн өткөн сайын, Самаганов

«уйкуга» катуу батты. Жети айдын жүзү болду дегенде Күмүш эркек бала төрөдү. Ички дүйнөсүнүн күчүнө баш ийип, ал баласына Белек деп ат койду.

Жылдар өттү. Күмүш тарбиялаган балдар чоңоюп шаарларга – институтка кетти. Белек да өстү. Күмүштүн күйөөсү жөнүндөгү жүрөгүндө сакталып жүргөн черлерин Белек жибите баштады. Анын кээ бир кыймылдары, күлүп коюулары, өңү-башы кудум Самагановдун өзүн тарткандыктан Күмүш ага суктанып кароочу, өткөндү эске түшүрүүчү. Бирок, ал эл үчүн иштөө деген улуу максатынан тайбай бекем турду.

Турмушун экинчи жолу жаңылоо жөнүндө Күмүш ойлонбоду. Көптөгөн жигиттер убактысын, акыл-күчтөрүн сарптап көрдү, мураттарына жете алышпады. Баарына тең: «Менин күйөөм бар!» –деген карапайым бир гана сөз менен жооп кайтарды. Ал өзүнүн күйөөсү менен болгон түнүк махабатын алмаштыргысы келбеди. Анын кыйып кете албаган адамкерчилигине эрегишкен жигиттер «Тиричиликтин чыныгы лаззатын романтикага алмашкан аял!» –деп да шылдыңдашты. Бирок, Күмүш күйөөсү кандайдыр убактылуу жолоочулап кеткендей, азыр да тирүү, бир жерде жүргөндөй сезилип, өз сүйүүсүнөн аттап кете албады, нары чыдады. Кийинки жылдары болсо, элдик мүдөөгө байланыштуу алыскы райондорго, агартуу ишине кетти.

Мына эми Белек азамат болуп жетилгенде, картаң тарткан жигиттер да «Күмүш эже» дей баштаганда, чачына ак кирип буурул тартканда, анын сүйүктүү күйөөсү узак уйкусунан ойгонуп, адам катарына кошулду.

Самаганов арине өткөндөр жөнүндө да көп ойлонду. Асиресе, жаңкы чогулушта бир аял «Сиздин үй-бүлөңүз бар болушу керек...» дегени аны терең ойго салып койду. «Үй-бүлө дегени кимдер болду экен? – деп ойлоно баштады ал...– Күмүш аман-эсен бар экен да. Ал мени ушунча жылдар кантип күттү экен? Оо, жаш киши узак жылдар жалгыз өмүр сүрүшү мүмкүн эмес, ов».

Самаганов өз бөлмөсүнө келип ушундай ойлорго чөмүлүп жатып калды. Саат он бирде үстү ачык жеңил машина келип Самаганов жаткан үйдүн алдына токтоду. Бир аздан кийин эле ага эки киши отурду, бири башкы врач, дагы бири Самаганов.

Самаганов машинага алты киши эркин отура ала турганын, аба каршылыгына аз учурай турган «агуучу» формасында жалпагыраак жасалганын бирден эле байкады. Камбала балыгынын эле өзү! Бирок, машинанын алды-арты окшош көрүнүп, мотору кай жерине жайгаштырылганы билинбеди. Руль да, педалдар да көрүнбөйт. Самаганов буга абдан таң кала карай калды. Врач муну байкады да «саякатты алды менен машинадан баштай турган окшойбуз», деп ойлоп, сыпаа гана түшүндүрдү:

– Азыркы жеңил машиналардын бардыгы ядролук батареялар менен жүрөт. Салынган бир батарея узак мезгил иштеши мүмкүн. Башкарылышы да оңой, мына бу алды жагыңыздагы кнопкалар ал кызматты аткарат, – деп врач бир кнопканы басты эле машина ордунан козголуп жүрүп кетти.

Самагановдун чочулап отурганын көрүп:

– Тынчтаныңыз, машина сезүүчү аппараттар менен жабдылган, – деп койду врач.

Машина көчөнүн оң канатына өтүп алып, токтоп турган машиналарды жандап өтүп, кудум бир, төрт дөңгөлөктүү жандуу немедей ишенимдүү кетип бара жатты.

Асфальт төшөлгөн жолдор өтө кең, тротуардын эки жагына ар түстүү гүлдөр отургузулган. Адам баласы чеберчилигинин чыныгы гүлдөгөн доорун элестетип, өтө кооз архитектуралык көрк берилген бийик үйлөр көчө жашылдыгына коюлушат. Көчө түйүндөрүндө автомат-светофорлор иштейт.

Үстү ачык жеңил машинадагылар кудум үйдө отургандай эркин сүйлөшүп, күлүшүп бара жатышты. Самаганов тездикти көрсөтүүчү тетикти карады, анын жебеси алтымыш менен сексендин ортосунда чайкалып турду.

Бир нече минута таптаза көчө менен жүргөн соң «камбала» дагы башка бир туура көчөгө бурулду. Кайда барса да жеңил кийинген кишилер серүүндөп жүргөндөй.

Самаганов эки жакка көз сала келе жатып врачтан сурады:

– Бул үйдө кимдер турат?

– Эл турат, – деп жооп берди врач, – булар кишилердин жашоосу үчүн өтө ыңгайлуу салынган, ичине кирүүгө кызыгасызбы?

Самаганов кирсе кирели дегенсип башын ийкеп койду. Врач бир кнопканы басты эле «Камбала» беш кабат залкар үйдүн алдын көздөй бурулуп келип токтоду. Алар үйгө кирип бара жатканда врач:

– Сиз өзүңүздүн ким экениңизди билдирбеңиз? – деп өтүндү.

Алар залга кирген соң лифт менен төртүнчү кабатка көтөрүлдү. Врач Самагановго туш келди бир үйдү көрсөтүүнү ойлоду. Ал бир эшиктин жанындагы кнопканы басты эле, жыйырма жаштар чамасындагы бир кыз чуркап чыкты.

– Келиңиздер, – деп кыз эзелки таанышын көргөндөй кубанып, – келиңиздер...

Врач болсо бирден эле бөлмөлөрдү тааныштыра баштады:

– Ушундай залкар үйлөрдө ондогон үй-бүлө жашайт. Ар бир үйдө турмушка кажеттүү болгон нерсенин баары бар. Мындай квартиралар сиздин заманыңызда да болгон, бирок чет жерлерде – сизче айтканда айылкыштактарда жок болуучу. Бул үйлөр жазда салкын, кышта мелүүн турат.

үйлөргө ушундай тетиктер орнотулган. Сизге тааныш жыгач отун мештери, көмүр плиталары, газ жана электр мештери азыр музейлерден орун алды, – деп сүйлөп врач Самагановду бөлмөдөн-бөлмөгө баштап кирип жатты.– Кишилерге керектүү буюмдар төмөндө, дайыма ачык турган бир магазинде болот. Кажетиңизге карай ала бересиз. Окуу жайлары үйдүн жанында, мурда жогорку окуу жайлары шаарларга топтолгон.

Азыр болсо окуучулар кай жерде болсо мектеп да ошол жерде.

Жанатан алардын жанында ээрчип жүргөн кыз сурап калды:

– Бул кишини ким деп билебиз? – Буларды билбей кайда өскөн киши десе керек.

Врач жөтөлүмүш болду да сөздү качырды:

– Ушундай, бул киши жаңыдан келген, кээ бир нерселерди түшүндүрүүгө туура келет.

Кыз кургур сезе койду:

Оо, тааныдым! Бул киши сиздерде жаткан Самаганов деген кишинин дал өзү, – деди да шамал учургандай заматта кайым болду.

«Баарын бүлдүрүп алдым окшойт!» деп ойлоду врач. Эрмеги эмгек, жаңылыкта гана болгон элдин мүнөзүн өзү жакшы биле турган.

– Мына, бул ар бир үй-бүлөдө боло турган илим – үйрөнүү бөлмөсү. Мында ар ким өз эрки менен каалаган илимин изилдей алат, – деп врач Самагановду катар тартиби менен китеп тизилген бөлмөгө баштап кирди.

Бирден эле муңайым кыздын үнү угулду:

– Жолдоштор, биздин үйгө кимдер конокко келгенин сиздер ойлоп да табалбайсыздар. Эгер мен коноктун атын айтып койсом, көрүүгө ашыга турганыңыздарга күмөн жок. Газеталарда жарыяланган Самаганов так эле биздин үйдө турат. Дидарлашууну кааласаңыздар, мархамат!

Бул жаңкы чуркап кеткен кыздын сөзү болучу. Көп өтпөй эле ошол корпус ичиндеки кишилер залга жыйнала баштады.

– Амал жок, – деп колун жайды врач, – көптүн алдына баруугa туура келет.

– Мен буларга эч нерсе айталбаймын, – деди жүрөксүгөн Самаганов. –Мен азыр эч нерсе билбейм да...

Кишилер анын сөзүн укмаксанга салып, жайдары күлүмсүрөшүп Самагановду акырын колтуктап алышты да залга барышты.

Залга кары-жаш, аял-эркектер болуп, кыйла жыйналыптыр. Ушулардын бардыгы Самагановго жылуу чырай менен карап жатышты. Төр жакка Самаганов, врач жана жаңкы кыз өттү.

– Жолдоштор, – деди кыз сөз баштап, – өз турмушубуз жөнүндө ар кимдин пикирин угууну жакшы көрөм. Самаганов агай жашаган доор азыркы биздин турмушубуздун негизи болуучу. Мен ал кездеки турмушту

айрым жазуучулардын жазып калтырган китептеринен окуп билдим. Ошол турмушта туруп, күрөшө билген кужурмөн ата-бабаларыбыз менен сыймыктанабыз. Алар дөңдү кесип, өмүргө даңгыр жол салды, биз болсок ал жолду илим-техника менен коолдодук. Ошентип, биздин ал жолубуз жер шарындагы бардык адам баласынын жүрөгүн өзүнө тартты. Эмгек, илим бизди дагы көкөлөтөт. Кымбаттуу конокубуз, биздин турмушубуз жөнүндө эмне ойлордо экениңизди уккубуз келет, – деп кыз сөзүн дароо буруп, Самагановду сөзгө чакырды.

Кыз сөзүн бүтүргөндө залдын ичи жандана түштү, Самаганов жөтөлүп алып, ордунан турганда эл дагы тынчып калды.

Самаганов тамагын жасап, толкундана акырын сөзгө кирди:

– Жана келе жатып, врачтан угуп таң калдым. Бул жерди чоң шаарлардын бири деп ойлогом. Көрсө, мурдакы айыл-кыштак экен, – деп токтогондо залда козголуулар жана аздап күлкүлөр пайда болду. –Чын деп жатам. Мен да окугам. Ушундай болмокчу экенин мен да самачумун. Башка эмне айта алам...

Самаганов ордуна отуруп калды. Залда кол чабылды, күлкүлөр чыкты.

Элдин арасынан жумшак ак жибектен көйнөк кийген, чач-сакалы кара киши көпчүлүккө «токтой тургула» дегенсип, колун жаңдап келе жатты. Ал туура Самагановдун жанына келди да:

– Ой, Самаганов, саламат айыгып кеттиңби? Өлбөгөн көрүшөт деген ушул, мени тааныйсыңбы? – деп чыйрак сүйлөп Самагановго кол берди.

– Самаганов аны тааный албады, өтө ыңгайсыздык менен башын чайкады. Алиги киши өзүн тааныштыра баштады:

– Жаш жагынан экөөбүз чамалашпыз. Азыр да эсимде турат, колунда чемоданы бар бир жигит келип, «Курдаш бирер мугалимдин үйүн көрсөтүп коё албас бекенсиз», –деген эле. Мен ошол мектептин кара жумушунда элем. Ии, эми тааныдың, ошол Ишенбай мен болом. Ошондон кийин көп жылдар көрүшө албадык. Чынымды айтсам, балдар, менин түк өлгүм келбейт, – залда жаңырган күлкү угулду. – Самаганов, мен өмүрүмдө, бейиштен үмүт кылып, кудайга ибадат кылуу менен далай кишилерди көргөм. Бирок, алар өлбөгөн эле болсо, бейишти тирүү кезинде көрдү. Өзүм бейиште жашап жатам десем да болот!

Ишенбей балача кызык кыймылдар жасап, Самагановго барып кол берди да жанында отуруп калды. Залдакылар абдан күлүп алышты. Самаганов жылып Ишенбайга орун берди да анын өңү-башына серп салды. Ишенбай жүрөгүндө оту жанган жаш жигитти элестетип турду. «Кызык, – деп ойлоно кетти Самаганов. – булар такыр карыбастардан болгон окшойт».

– Урматтуу врач, Самаганов, Ишенбай агайлар менен сиздерди даам татууга үйгө чакырам, – деди кыз көптүн көзүнчө эле тартынбай сүйлөп.

Врач жарык энергиясы менен жүрүүчү кол саатына карап алды да ылаажысыздык менен колун жайды. Кокусунан уюшулган кездешүү менен конок ашы анын планында жок болучу. Ошол үчүн тамакка кароону ылайык көрүшпөдү. Азырынча Самагановго тамакты тек врачтар гана бере ала турганын шылтоолоп кечирим сурады.

Самаганов кыздын айткан сөздөрүн эсинен чыгарбай, ал жөнүндө ойлоп бара жатты. «Бул кыз мурункуча айтканда, башкарма же бригадир болушу керек» деп ойлоду ал. Бирок, кыз жөнөкөй эле студентка болучу. Көптү баштай турган демилге жалгыз башчылардыкы гана эмес экенин, ал ар бир адамдын жөндөмүндөгү көрүнүш экенин Самаганов ойлогон эмес.

Булардан чыккандан кийин «Камбала» бут кийим фабрикасынын эшигине барып токтоду. Толук автоматташкан бул фабрикада иштеген кишилер тек тетиктерди башкарып шамдагай жүрүшөт. Алар иш үстүндө жумушчулардай эмес, сейилде жүргөн кишилердей. Өнөр жайларынын автоматташтырылышы жөнүндө аздап кабары бар болсо да Самаганов көзү көргөндөргө аң-таң. «Өлүп тирилдим. Биз курабыз деген жаңы дүйнө! Оо, бирок, ушуга өзүм үлүш кошо албай, коомго салмагымды салып жаткан экенмин да. Уят, уят иш...»

Ичинен ызаланган Самаганов өзгөрүп, басына түштү. Бирок, окумуштуу врачтын байкоосунда адамдын оюн билгизчү «Көрөгөч» аппараты Самагановдун басмырт оюн сездирди.

Саатка карагансып, окумуштуу «көрсөткүчтү» тиктей калып, жылмайып айтты:

– Өкүнбөңүз, жолдош Самаганов, сиз тек уктап өмүр өткөргөн жоксуз, жүрөк – өмүрүңдөкү белгисиз сырды ачууда илим чоң ийгиликке жетишти. Ал жөнүндө сиздин «кызмат» зор.

Самаганов ачык сураштан ийменди: «Кайсы кызматым?»

Саат экиде алар дем алуу жайына кайра келишти. Ойлуу, басмырт кайткан Самаганов, үй-бүлөсү жөнүндө кабар угуп чексиз кубанды. Кечинде бөлмөсүндө телевизордон «Илим жана турмуш» – деген түстүү көркөм фильмди көрүп абдан таң калды. Табиятты багынтууда фильмдин каарманы ажайып иштерди көрсөттү. Адамдын акылы, адамдын күчү – толгон касиеттер менен айкалыша баяндалган, өтө маанилүү окуяга бай, өтө кызыктуу фильм: «Планетабыз алиде жаш, адам баласынын санаа-сезими да жаш, илим да жаш, дагы эр жетип, табияттын сонун үлүштөрүн дагы бөлүшөбүз» деген жаш каармандын элеси Самагановдун көз алдынан кетпей калды. Баарынан кызыгы – фильм, киноискусствосунун адисишмерлери тарабынан коюлбастан тек искусство талапкерлери тарабынан даярдалган. «Оо, адам! Кандай, залкар, мазмунга бай – сонун дүйнө куруп алгансып» Самаганов ушул кыялдар менен уйкуга кетти.

Эртеси врач келип текшерди да саламаттыгы жакшы экенин билдирди. Журналисттердин кыстоосун сөз кылып Самаганов менен кеңешти:

– Сизди журналисттер менен кезигишүүңүз көп жерлерге тарайт. Үй-бүлөңүздүн келип катышканы жакшыраак болоор, – деди ал.

Самаганов үчүн журналисттер менен көрүшкөндөн да бала-чакасы менен көрүшүү кымбат! Ал врачтын айтканына этибар бергенсип көрүндү, ошондой болсо жакшыраак болоор, дегенди айтып тим болду.

– Үй-бүлөңүз эртең келет. Бүгүнчө, эгер кааласаңыз, тышка өзүңүз эле чыгып айланып келээрсиз, – деп кеңеш берди врач.

Самаганов муну кубаныч менен каршы алды.

– Бирок, – деп эскертти врач, – өзүңүздү кишилерге айтпаңыз жана тамак ичпеңиз. Көчөкү эл менен жолуккушканыңыз бүгүнкү газетада жүрөт. Эбактан тооруп жүргөн журналисттердин доосуна калабыз, – деп күлдү врач.

Самагановго жаңы кийим келтирилди. Аны кийгенде арык денесине көп коолашпады. Врач ширенкедей кутучаны Самагановдун төш чөнтөгүнө салып койду. Ары денеге жараша бербеген кийимдери менен бөлмөдөн кубана чыккан Самаганов эки колун аркасына алып, ар нерсеге серп салып акырын басат...

* * *

Телефон аркылуу врач менен байланышкандан кийин Күмүш эже ички сезимдеринин толкуган күчүнө түтөп, өз калыбын сактай билди. Белек инженер болуучу. Келгенде анын бөлмөсүнө барды да:

– Белек, – деди Күмүш эже өтө бир салмактуулук менен, – атаңан кабар алдым. Абдан айыгыптыр.

– Ыраспы! – деп жиберди Белек, анын таноолору атасыныкындай дердее түштү. Самаганов да өз кезинде ичинен кубанганда таноолорун дердейте коючу. Күмүш эже муну баамдап турат, бирок, аны Белекке айтып да кереги жок.

Менин калп айтпасымды билесиң го, – мамасы таарынды. Белек энесине жаш баладай үйрүлдү. Күмүш эже көзүнө кылгыра калган жашын зорго тыйып баласынын эркинде болду.

– Баралы, тез жетели мама, – деди Белек энесине. – Атам эми өз үйүнө келсин, менин иштеримди көрсөтөлү...

– Кана, эмесе, даярдан эртең учасың!

– Сизчи? – деди Белек бир аз таң калып.

– Мен сенден бир күн кийин барайын, бул кызмат талабы.

Белек энесинин бир сөздүү экенин кичинесинен эле билет. Ошон үчүн макул гана деш керек. Эртеси дүйнөгө экинчи келип жаткан атасын

көздөй Белек учуп кетти. Ал атасы бар жерге келген соң бир күн күтүүнү ылайык көрдү, атасына энеси экөө тең барып көрүшү нары таасирлүү, нары ылайыктуураак деп чечти.

* * *

Самаганов жайынча баскан кишидей эки колун артына алып, короодон чыккандан кийин, тротуар бойлоп жайдары кишилер арасында он минута жөө басты. Бирок, ашыга койбоду. Жай гана аны-мунуга серп салып, кээде, токтой калып, абдан карап алган соң басты. Бардык нерсе ага чоочун көрүнсө да өтө сүйкүмдүү нары өз ылайыгы менен болуп жаткансыды. Ал дүйнөгө кызыкчаал жаш баладай элирип, бардык нерсеге кумардуу карап, дагы жаңыларын көрүүгө ашыкты. «Биздин дүйнө кандай сонун болуп калган? Дагы баса түшөйүн». Анан ал оюн унутуп коюп, бир багытка карай агылган көчө автобусуна отуруп, алысыраак барып кайтууну ойлоду. Буга да макул, ушундай иштесе алысыраак жерде эмнелер болуп жатканын биле алат да. Нары адашпай кайра келе алат.

Ал бир аялдамага барды эле киши аз экен. Көлөкөлүү орундуктардын бирине барып отурду. Көп өтпөй эле кооз автобустун бири бурулуп келип токтоду. Отургандар орундарынан турушуп, бирин-бири карап алышты да:

– Кана, сиз чыгыңыз, – деп Самагановго сый көрсөтүштү.

– Ракмат, – деди да Самаганов машинага кирди. Бирок, бул сыйга ал көп деле ыраазы болуп кетпеди. Анткени, кары киши мурда кирсин деген болучу. Самагановдун көңүлү жигиттик кезинде калып койгонун тигилер кайдан билишсин!

Автобус ордунан козголду, узун кеткен кең асфальт көчө менен зымырай баштады. Желдеткичтер өтө алсыз, бирок, жагымдуу салкын аба берип турду. Нары таза, нары кооз гүлдүү көчөнү бойлой суу үстүндөкү кеме өңдүү тез жылып бара жаткан автобуста отуруп Самагановдун көңүлү көтөрүлө баштады. Автобус зымырай келип токтогондо ал жердеки ары-бери баскан кишилер көбүрөөк өңдөнүп көрүндү. Ошон үчүн ары бара бербей ушул жерде түшүп калып, мында эмнелер бар экенин билмекчи болду.

Самаганов түшүп калган жер – кооз гүлдүү сквер болчу. Ал гүлдөр арасындакы жалпак чарчы таштар төшөлгөн жолдор менен сейил куруп жүрө баштады. Анын көңүлү укмуштуудай эргип, «адам баласы болуп жарык дүйнөдө жашап туруудан артык эч нерсе жок», деген ойго келди. Ал скверди аралап бара жатып чачына аздап ак кирген бир кишинин суу бүрккүч менен гүлдөргө суу сээп жүргөнүн көрдү. Ал киши суу бүркүп баратып, аңтара карайт. Бир туруп блокнотун алып бирдемелерди жазат.

Самаганов: «Бул бир окумуштуу болсо керек, эмнеси болсо да ыманы ысык киши көрүнөт, мындан кыйла нерсени сурап билишим мүмкүн!» деп ойлоду да ага жакын келип амандаша кетти:

– Саламатсызбы?

– Саламат, саламат болунуз.

Ал киши Самагановду акырын карай койду.

– Сиз мына бул гүлдөргө изилдөө жүргүзөсүз го.

– Мен жөнөкөй гүл өстүрүүчүмүн, – деп жооп берди тиги. – Бул жердеги гүлдөрдү өзүм айдагам, гүлдөр куурагыча багам. Гүл текши ачылганда сиз өңдүү кишилер келип гүлдүн кооздугунан баарман болот, тегерегинде сейил курат... Кандай ойлойсуз, коомдун бир мүчөсү коом үчүн бирер кесипти жакшы билип, аны машына келтире иштеши керек да...

«Кой, баатыр, – деп ойлоно кетти Самаганов, – сен гүлдөрүңдү изилдей бер. Сени менен көп сүйлөшөм деп өзүмдү сездирип коюп жүрбөйүн». Ал ары басып барып бир орундукка отура кетти.

Кыздар, жигиттер өтүшөт. Баарынын өңдөрү жылуу муңайым. «Төрт эле саат иштешет экен, калган убактысын окуу изилдөөгө бербей эмне кылат? Жаңкы такыр баштардын чачы ошентип түшкөн да...» деп ойлоду ал.

Коюу жалбырактуу, бирок, жапыз өскөн жыгачтар жакты карады эле, киши бою келген ак нерсенин турганын көрдү. «Газдалган суу» деген ойго келди. Самаганов ордунан турду да ошону көздөй басты. Барса, чын эле «Суусун» деген чекесинде жазуусу бар автомат экен.

Ал өзүнүн дароо суусаганын сезе койду. Мунун бирер кнопкасы болууга тийиш деп ага жакындады эле, так тумшугунун алдынан бир бокал күрөң суюктук чыга калды. Самаганов селт дей түштү. Эч нерсе эмес, тегеректе эч ким жок! Ал эки жагын каранып бокалды колуна алды да иче баштады. Бирок, жарымдап келгенде врачтын «тамак ичпеңиз» дегени эсине түшө калды. Ал шашып ортолоп калган бокалды ордуна коё койду. Бирок, бокал ары кирип кетпеди. «Түгөтө ичиңиз!» дегенсип тура берди. «Эми кантем», деп ойлоду ал. Жакын келип бокал турган алюминий тактаны ары түртүп көрдү эле кирер эмес. «Ширин, муздак суусунду төгүүгө болбос, ичсем ичип коёюн», деп Самаганов бокалды алды да шып тартып жиберди. Анан бокалды ордуна койду эле, ары кирип кетти. «Баса, мындай сыйчыл болоорсуңбу. Автомат болбосоң коё кал-ээ!» деп ал мурдакы орундугуна кайра келип отурду.

Бир кезде анын өз жанынан музыканын үнү угулду, бул баягы врач салып койгон ширенкедей кутучадагы сыр экенин ал баамдап, аны төш чөнтөгүнөн акырын алып кулагына тосту. Өтө бир сонун уккулуктуу музыка. Он секундадан кийин музыка токтоду да «Алло, Самаганов!» деп жай гана чакырган кишинин үнү угулду.

– Ыя, мына, мен Самаганов, – деди ал.

– Кайдасыз?

– Билбейм, бир суусуну бар сквердемин.

Кутучадан күлкүнүн үнү угулду. Ал «суусун» бардык көчөнүн бурчтарында, скверлер менен бульварлардын баарында бар болучу.

– Самаганов, тыңшаңыз, келе аласызбы?

– Ооба, бара, алам, – деди Самаганов башын ийкеп, өз заманындакы зымдуу телефон менен сүйлөшүп жаткансып катуу үн чыгарды.

Ал кутучаны чөнтөгүнө салды да автобус токтоочу жайга басты. Барары менен эле автобус келди. Кирсе, баякы эле шоферсуз машина.

Автобус жүргөндөн кийин Самаганов жанында отурган жигиттен сурап калды:

– Иним, бул автобус шоферу жок кандай жүрөт?

– И, бул көчөлөргө атайын арналып жасалган, белгилүү жолду бойлоп автомат түрдө өзү жүрүп турат.

– Баса, – деп койду Самаганов, өзү да ошондой ойлоп отургансып.

– Ядролук батарея менен жүрсө керек, –деп койду дагы.

– Жо-ок, – деди жигит, – бул энергияны күн нурунан алат, – деп түшүндүрө баштаганда эмнегедир автобус силкинип барып токтоп калды. Автобус ичинде болор-болбос гана чайкалуу пайда болду. Отургандар моюндарын созуп карады эле шашкан бир кемпир өзүн четке алды. «Ай, ушул кары-картаңдарды кантсе болот? – деп ойлоду Самаганов, – ушул заманда да алар бутка оролот!»

– Көрдүңүзбү, – деп жаш жигит Самагановго түшүндүрө баштады, – машинада сезүүчү аппараттар да бар. – Ал жанындакы кан-сөлү аз арык кишинин алыскы бир жерден келсе керек деп ойлоду.

Самаганов жанындакы жигиттин сөздөрүнө кулак сала отуруп, өңүнө карады эле кандайдыр жүрөгү ойноп кетти. Өзүнүн жаш кезиндеги өңү жөнүндө аздыр-көптүр элес бар эле. «Ушул менин балам болуп жүрбөсүн...» деген ой менен атын сурайын деп:

– Иним, атың ким? – деп кадала карады.

– Атым Белек, – деп жооп берди жигит.

Бул кезде автобус токтоочу жерине келип токтоп калды.

«Кой сураша берип бирер журналистке өзүмдү уурдатып жиберип жүрбөйүн!» деп ойлогон Самаганов жанындакы Белек менен коштошуп машинадан түшүп калды.

Ал кайтып келгенде врачтар жакшы тосуп алышты. Бир аз эс алгандан кийин анын саламаттыгы жөнүндө текшерүүлөр жүргүзүлдү.

– Сиз суусун ичкен окшойсуз, – деди врач. – Болуптур, эми иче берсеңиз болот. Деген менен азырынча менден сурабай тамак ичпеңиз.

Самаганов аз кысылып калды, врачтын мынчалык кылдат текшерерин ал билген эмес.

– Эртең журналисттерге кезигесиз. Алар сизден бирдеме айтып беришиңизди өтүнүшөөр балким, – деп врач Самаганов жатуучу кроваттын жанындакы орундукка чалкалай отурду.

– Мен эмнени айтышым мүмкүн? – деп врачка карады ал.

– Өзүлөрү сурар. Айтмакчы, биздин илимий кортундубуз эртең газетага жарыялануугa тийиш. Анда бир канча жаңы илимий көз караштар айтылган. Эл эмне дээр экен? Бизде азыр адам жөнүндө изилдөөчүлөр жетерлик-десениз да болот...

Самаганов башын ийкеп отурду да:

– Сиздер аштык маселесин кандай чечкенсиздер? – деп сурады.

– Сиздин замандагыдай эле айдап алабыз. Бирок, бизде аз айдап көп өнүм алуунун эң жарамдуу ыкмалары колдонулат. Ал эми ага иштетиле турган техникалар радио аркылуу башкарылат. Кыскасы, бир эле киши көп аянтты айдап, сугарып, оруп-жыйып алат. Ошол кесип үстүндө иш алып барууга кызыккандар аны өзүлөрү иштейт.

Табигый түрдө башталып келе жаткан бул маекке Самаганов абдан кызыкты.

– Суусундук болобу сиздерде?

– Суусундук бар, – деди врач, – адам организмине эң бир жагымдуу ичимдиктер табылды.

– Көп ичишеби?

– Кандай көп ичкенди айтасыз? Аны көп ичүүгө болбойт да, – врач жылмайып койду. –Эгер ырас болсо, өз кезегинде бир тай жеген адамдар жашаган имиш.

Самаганов күлдү да жаздыкка чыканактады.

– Ал бир ашык айтылган сөз да, – деп койду. – Азыр мал жагы кандай башкарылат болду экен?

– Эт, жүн, тери үчүн мал өстүрүлөт. Малдын артынан мурдакыдай кишилер кайтарып жүрбөйт. Маселен, жайыттардын оту азыр малга өтө жагымдуу. Мал тез, эркин семирет. Оору, ылаң сейрек. Туут мезгилдеринде болсо, атайын жасалган жылуу орундарда төлдөйт.

– Бардыгын көрөм го! – Самаганов чалкалап коюп, «дагы эмнелерди сурасам экен» деп ойлоно отурду.

Аңгыча врачтын өзү сөз баштап калды:

– Албетте, биздин замандын кишилеринин баары толугу менен эле илимпоздор деп айтууга болбойт, – деди ал Самагановду жай гана карап отуруп. – Эң негизгиси ар бир адам өзүн-өзү түшүнөт. Өзүнүн жөндөмдүүлүгү кандай болсо, коомдо ошол орунду ээлейт. Бирөө

изилдөө жүргүзө алат, а бирөө изилдөөчүлөргө жардам бере алат. Кээ бирөөлөр аларды кажет болгон нерселер менен тейлейт. Иши кылып бекер жүрө албайт.

Ортодо жарым минутадай унчугушпай калды.

– Ошентсеңиз, менин дагы башка иштерим бар, эртеңкиге аздап даярданыңыз. Өтмүш жөнүндө ойлонуңуз, – деди да врач чыгып кетти.

Самаганов кечинде тамактанып, эс алгандан кийин өз бөлмөсүндө телевизор аркылуу «Алыскы планетадакы өмүр!» деген киноочеркти көрдү.

Врач айткандай эле эртеси кабарчылар, фотокабарчылар, кинокамера көтөргөндөр толуп кетти. Радио теле кызматкерлери залдан орун ээледи. Үйдүн алдына түрдүү жеңил машиналар келип токтоп жатты. Саат оңго жыйырма минута калганда эшик алдына келип токтогон жеңил машинадан Күмүш эже менен Белек түштү. Мына эми Самаганов узак жылдар ажырап калган өзүнүн сүйүктүү Күмүшү жана баласы менен кезигишет!

Сааттын жебелери туптуура онду көрсөткөндө, Самаганов жана врачтар залдын эшигинде пайда болушту. Алар эшиктен кире берери менен эле фотоаппараттар, кинокамералар ишке киришти. Бардыгы ордунан турушуп, Самагановду тосуп алышты, кол берип көрүшүштү. Күмүш эже менен Белек кезек күтүп сабырсыздана баштады. Алар үчүн бир секундда бир сааттай сезилди. Белек жаш баладай кубанычтуу эле, Күмүш эже болсо көзүнө кылгыра калган жашын Белектен жашырып жоолугуна сыгып, бери карап күлүмүш болуп жатты. Бул көрүнүштү бүткүл кыштактын калкы телеэкран аркылуу көрүп турушту. Демек, толкундануу башка үйлөрдө да болуп жатты. Кишилер эми гана экиге бөлүнүп, Самагановго жол беришти. Күмүш эже менен Белек аны көрө коёру менен, кичирээк арык кишиге өзүлөрүн таштады.

Белек өзүнүн мээримдүү энесинин көңүлү бош экенин – ыйлаганын биринчи жолу көрдү. Күмүш эже күйөөсүнүн ондогон жылдар жатып саргарган жүзүнө, ак кирген чачына карап алып чын жүрөктөн ыйлады.

– Күмүш эже, саламат барсызбы? Кишилер артык кубанса да көз жашы даяр турат, – деди врач.

Күмүш эже өз колу менен тарбиялап өстүргөн окуучусунун бири ушу врач болуучу. Ал врач менен жакшылап көрүшүп, колун кысты. Оорулуу кишиге кылган жардамы үчүн ага чын жүрөктөн ыракмат айтты.

Бардыгы орундарына отура баштады. Самагановдун оң жагында Күмүш эже, сол жагында Белек. Фотоаппараттар дагы чыртылдап кирди.

Эл өз ара сыпаа сүйлөшүп отурушат. Бир кезде врач ордунан турду да салмактуу үн менен сөз баштады:

– Жолдоштор, биздин агабыз – Самаганов өз кезиндеки жогорку билимдүү кишилерден. Пединститутту бүткөн. Бирок, күтпөгөн бактысыздыкка дуушар болуп, узак жылдары илимдин байкоосунда калды. Өмүрдө мындай иштер болуп турат. Кымбаттуу агабыздын өмүрү текке кетпеди, – ал уйкуда гана жаткан жок – илимге табылга кошту. Биз катарыбызга кошулган урматтуу Самаганов агайдын сөзүн уккубуз келет.

Жаш врач Самагановго карады да «кана эми, сүйлөңүз» дегенсиди.

Самаганов көнүп калды десе да болгудай эле, ал ордунан салмактуу гана турду да үнүн көтөрүңкүрөөк чыгарды:

– Сүйүктүү бир боорлорум, – деп ал аз токтоп калды. –Мен кичине чагымда көздү ачып-жумгуча бир кудуреттин күчү менен тургузулган таң каларлык кооз алтын сарайды, чоң энемдин жомокторунан укканым эсиме келет. Илгерки элибиз ооз жүзүндө болсо да ушундай турмушту арман кылган тура. Мен так ошол көзүн ачып-жумган кишинин өзү болдум. Бирок, ошол ортодо узак жылдар өттү, ал деле тарыхый өнүгүү үчүн анча деле чоң убакыт эмес... – дегенде журналисттер башын ийкеп макулдашып, чөнтөк магнитофондорунун табыш тарткычтарын бийигирээк көтөрө түшүштү. Тоону мекендеп, көчмөндүү турмушта жашаган кыргыз, кылымга жетпеген убакыт ичинде эң жогорку баскычка көтөрүлүштү, муну сөз менен айтууга гана оңой болсо керек. Мен аз күндөн бери элимдин өмүрү менен тааныштым. Өз кезинде бул турмуш фантастикалык кээ бир ангемелерде сүрөттөлгөн. Бирок, азыр андан да ашып түшүптүр, мен кыскасы, кубанганымдан эмне кыларымды билбей жатам, – дегенинде анын элин, жерин сүйгөн сезими күчтүү козголуп жашып кетти. – Менин айтаарым ушул гана, эгер сурооңор болсо алымдын келишинче жооп берип көрөйүн, – деп ал трибунага туруп калды.

Жакшы көңүл коюп тыңшагандыктан, ойлорун жыйып отурган эл Самаганов сөзүн бүтүргөндө ары-бери козголушуп, бири-бирине карашты.

Биринчи суроо мындай болду:

– Мен өзүм кызыккан бир ишти сурагым келет, – деп көз айнекчен бир аял ордунан турду.– Кыргыз аялдарынын саймакеч экенин сиз жакшы билсеңиз керек. Сиздин доорунуздан сакталып калган саймалардын толук эмес классификациясын түздүм, бул мени дагы издене түшүүгө мажбурлоодо. Сизден сураарым эле, өз кезинде сиз билген ашкан саймачы аялдар кимдер эле, алардын иштеринен айтып берсеңиз дейм...

Бул суроого Самаганов мүлдө оозун ачып калды. Суроо берет десе мындай суроо түшөт деп ким ойлогон эмес. Самаганов колуна жөтөлдү да:

– Чынын айтсам, мен аны билбейм. Бирок, анын азыр канчалык кереги тийип турганына түшүнө албай турам, – деди ал. Залдакылар күлүп жиберишти. Аял мындай жооп айтты:

– Мен кыргыз аялдарынын кооздукка болгон таанымын доорлор боюнча изилдеп жүрөм. Саймачы аялдардын чыгармалары мына ушул керек. Азыр биз дүйнө жүзүндөгү эң кооз, эң татаал саймаларды нары тез, нары сапаттуу сайып алабыз. Эски заманда кыргыз аялдары ача жыгачтан, көөкөр деген тери идиштин, толгонгон мүйүздөрдүн, сагызгандардын жана башка да жөнөкөй нерселердин сүрөт сымагын сайышкан. Кийин болсо, саймага да жаңы түс киргизилген. Роза гүлдөрүнүн, кароздордун, дагы айталык, бели кындырдай адамдын сөлөкөттөрүн сайган татынакай кол иштери жайылган. Буларды изилдөө мага жетерлик, өз кезинде аларга көңүл бурбаганыңыз мүмкүн табигый чыгаар... – деп аял жылмая какшыгы менен ордуна отурду.

Чынында келечектеги кишилердин бул өңдүү нерселерге көңүл бураарын, аны кадырлап сурай турганын ким билген. Ал кездеги ар бир кесиптин адамы өзүнүн үрүм-бутагы алдында түшүндүрүп берүүчү убакыттардын да келээрин Самаганов эч качан ойлогон эмес.

Эки киши катар тура калып, кайра катар калышты да «сиз, сиз» дешип бир-бирине изаат кылышты. Акыры бири турду да:

– Өз кезиндеки илим жана техника жадылыктарынан эмнелерди билесиз, – деген суроону койду.

– Ал кездерде биздин өлкө илим-техника жагынан бир кыйла алдыда болучу. Бизде «ойлой турган» электрондук машиналар, атомдук муз жаргыч кемелер, күчтүү ядролук куралдар, атом энергиясы менен иштөөчү электр станциялары жана башка бир катар жаңылыктар болгон. Муну мен айтпасам да өзүңүздөр жакшы билесиздер деп ойлойм, – деди Самаганов.

Отургандар четинен окумуштуу болуучу, ошон үчүн өз кезиндеги окугандардын чөйрөгө канчалык этибар берерин жана пикир көлөмүнүн канчалык экенин билүүгө, кызыгып, атайын туш келди суроолорду да таштап жатышат.

Бир кезде кумпуңдаган арык чырай жигит ордунан тура калды:

– «Ордо», «Тогуз коргоол» дегендерди ойной аласызбы?

– Жок, – деп жооп берди Самаганов, – мен ал оюндарды ойногон эмес элем.

– Бул оюндар, – деди жигит, – кишилерден чеберчиликти, күзөтүп изилдөөнү, ойлонуп пландоону, эрежелерге катуу моюн сунууну талап кылат. Мындай көнүгүүнүн өзү жашоо үчүн зарыл нерселер. Өмүр өзүнө зарыл болгон нерсени чыгарбайт.

Кишилер үчүн пайдалуу нерселер көп болгону жакшы, аз болушу арине аркада калтырат.

Самаганов муну да моюндап, өз кезегинде ойноп да койбогонун эстеп аздап уялып калды. Бирок, бул үчүн ал айыптуу эмес. Ал коомдогу өзүнүн бир кишилик милдетин эл үчүн жан дили менен иштөөгө киришкенин жакшы билет. Ошондо да, эл деген бир бүтүн нерсе, анын көп бөлүктөрү бар. Адам өзүн жеке эсептебей элдик асыл милдеттерден күчү жетишинче аткарышып, элдик иштерге көз сала жүрүүгө милдеттүү экенин баамдаган. Самаганов ичинен өкүнүп да отурду.

– Уктап жатып түш көрө алдыңызбы?

– Түш көрүүгө чамам келген жок, – деди ал элди күлдүрүп.– Мен дайыма ажайып дүйнөнүн сөөлөтүн көрдүм. Уктап кана тура калдым. Бирок...

Түшкү саат он экиде кезигишүү аяктады.

Кечинде Күмүш эже менен Белек Самагановдун бөлмөсүндө эки саат-тай болду. Самаганов өз кезиндеки досторун, туугандарын сурап отурду. Күмүш эженин жоопторуна байланыштуу ал күлүп-күлүп башын чайкады. Андан кийин Күмүш эже өзүнүн азыркы жашап турган жери жөнүндө сүйлөп отурду.

– Азыр бардыгы окшош жашашат, шаар менен кыштактар теңелип калды десе да болот. Биз турган жерлер да ушул жерден айырмасы аз. Бийиктебиз. Ал жакка учуп барабыз, учуу кандай болоор экен?

– Учууга болот. Кечөө врачтар ошол жөнүндө иш алып барышты, – деди Самаганов.

– Биз ал жерге абдан көнүп калдык, – деди Күмүш эже, – эртең учабыз да...

Акыры эне-баланы жатаар жерине узатып койгон соң Самаганов таттуу уйкуга кирищти.

Эртеси ал уйкусунан канып ойгонгондон кийин врач келди. Эртең мененки тамакты бирге ичишип, кечөкү болгон окуялар жөнүндөкү кабарды баскан газетаны берди. Самаганов өзүнүн трибунада турган арык сөлөкөтүн көрдү, бир жеринде баласы, аялы менен бирге түшкөн сүрөтү да басылыптыр. Сүрөттөрдүн алдына анын сүйлөгөн сөздөрү берилген.

– Эми үйүңүзгө кайта беришиңизге болот, – деди врач муңайым гана. – Сизди аэродромдо – «Памир түйгүну» күтүп турат.

Саат он болгондо Самаганов өзүнүн узак жылдар жаткан жайы менен коштошуп чыкты. Бир нече минутадан кийин Күмүш эже, Белек жана врач болуп аэродромго келишти. Жүргүнчүлөр узатуучулар менен коштошуп, саат он жарымда «Памир түйгүну» менен абага көтөрүлүштү. Самагановго кораблдин ичи кичирээк, сүйрү салонду элестетти. «Илгерки аба лайнеринин ичинде катарынан орундугу болоор эле. А бул болсо жасалгалуу үйдөн айырмасы жок» деп ойлогон Самаганов өзүн жердегидей сезди.

Төмөндө чоң-чоң имараттар көрүнөт, капкара жалтыраган асфальт жолдордо чоң-кичине машиналар кумурскадай зымырашат. Бүткүл өрөөн-жапжашыл көрүнөт, ал эч кандай коомайсыздык сезбеди. «Памир туйгуну» өтө ыңгайлуу эле. Сыпаакерчиликти сактап врач менен Белек бир, Самаганов болсо, Күмүш эже менен бирге отурду. Самаганов жерге карайт: дүйнө жашарган, жаңырган, коздолгон, сонун. Бир кезде күмүштөй жаркыраган бир нерсе өтө тездик менен кетип бара жатты. «Бул эмне болду экен? Бул замандын поезди ушул болсо керек. Бирок, темир жол мүлдө билинбейт». Самагановдун кызыгып карап жатканын врач байкады да суратпай эле түшүндүрө баштады.

– Бул биздин замандын поезди, – деди ал, – азыр булар атом энергиясы менен жүрөт. Велосипед деген бирдемени көргөн чыгаарсыз, мына ошол өңдүү буларда да кырка коюлган бир эле катар дөңгөлөктөр бар. Буга темир жол релсинин бир эле жагы керек, бурулуштарда жан дөңгөлөк деген кошумча дөңгөлөктөр жардам берет. Состав өтө тез жүргөндүктөн өз теңдигин сактай алат. Самаганов буга абдан кызыгып карады. Поезддин тездигинен улам ал: «Учуп баратат» деп күбүрөдү.

– Аныңыз да чындыкка жакын, – деди врач.– Бизде уча турган поезддер да бар. Алардын тездигине өтө чоң болгону үчүн аба каршылыгынын күчү менен жерден бир нече метр бийик көтөрүлүп уча алат.

Аңгыча «Памир туйгуну» өтө бийиктикке көтөрүлдү. Электротермометр тышкы абанын суукту гу минус элүүдөн ашып турганын көрсөттү. Ичи болсо он сегиз градус мелүүндүгүн сактап турду.

Бир аздан кийин Күмүш эже көнүмүш гана ордунан турду да клавишалары бар бир узун капкакты ачты.

– Электроникалык пианино, – деп койду Белек атасын карап.

Күмүш эже бурулуп чачтарын сылап коюп бармактарын клавишаларга тийгизди.

Самаганов кулак сала отуруп, өз өмүрүндө мындай кооз үнду укпаганын ойлоду. Пианинонун үнү Самагановдун тулку боюн эргитип эң бийик, эң улуу болгон ыракат сезиминин бешигинде термете баштады. Күмүш эженин сүйкүмдүү кыз чагы, бүткүл жүрөгү менен берилип Самагановду сүйүп калганы, азыр буурул чач болгондо да тунук сактай билген асыл махабаты – мына ушулардын бардыгы пианино көңүлдү эргиткен сыйкырдуу үндөрү менен баяндап берип жаткансыды.

«Памир туйгуну» болсо али да бийиктикте тегереги жашылдыкка бөлөнгөн Ысык-Көл үстүндө сызып бара жатты...

# КАЙНЕНЕ

Айылдагы жаштардын бири Саамый аскерлик милдетин өтөп келген соң, өз айлындагы Закеш деген кызды сүйүп калды. Кары-картаңдар буга көп кошулган жок. Анткени, куда-сөөктүн алыста болуп, алыстан сыйлашканы жакшы: «Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт!» дешет эмеспи.

Бирок, кыз да, жигит да өз сүйүүлөрүн, эски ишенимге моюн сундургусу келбеди.

Кыздын туулгандагы аты Зайракан эле. Бойго жетип кадыр-баркы ашкан кезде аны бардыгы эле Закеш деп эркелетишчү болду. Закеш кечинде жасана баштаганда энеси да күзгүнүн тушуна келет:

– Кечинде жасанып кайда барганы жатасың? – дейт энеси кызынын эстүү көзүн карап.

– Күкүндүн үйүндө бүгүн кыздар жыйналып, бир аз отуралы дедик эле, – деп коёт Закеш. Кыпкызыл калп айтып жатканына күйүнбөйт. Эгер чынын айтып «баланча жерде мени Саамый күтүп турат. Ошого барам!» десе ал калп айтканынан да жаман көңүлсүздүк туудурат. Ошондо да эне жүрөгү сезет, бирок унчукпайт.

Ал эми Саамый күнү кечке жумушта болгону аз келгенсип, түн жарымы деген кезде гана үйгө кайтат.

– Кайда жүрдүң? – деп сурайт анын энеси. Ичинен бирдемени сезет, эмне айтаар экен деген кыяс билдирет.

– Балдар менен эле болдум, – деп кайпактайт Саамый – киного бардык.

– Киноңор жакшы бекен?

– Жакшы, – дейт да Саамый ыңгайсызданат. Энемдин: «тапкан кызың, жакшы бекен?» дегени го деп ойлонот.

Ортодо үч-төрт ай өттү.

Саамый Закешке үйлөндү.

Биздин элдин салты боюнча, жаш келин түшкөндөн кайнене белгилүү убакытка чейин, кээде, бир-эки балалуу болгуча кармайт. Ушул убакыт ичинде үй ичинин иштери жөнүндө бардык жагынан сабак берет. Эгер энеси кызына үй оокатын начар үйрөткөн болсо, кайнененин колунан толукталат.

Саамыйдын ата-энеси уул-келинине оозгу үйдү көшөгөлөп, жатар үй кылып берди. Бирок, жаш келиндин эркинирээк жүрүшүнө мүмкүндүк беришкен жок.

– Канча кылган менен илгерки кишилер эмеспизби, – деди кайненеси, – жаш келиндин сыпаараак болгону жакшы.

Закеш Саамыйды сүйө билгендиктен кайнененин каада сактаганын оор көргөн жок. Элден эрте туруп үй саады, самоор койду. Элден кеч жатып эшиктерди бекитип, жарыкты өчүрдү. Сакалдуулардын көзүнчө шарактап күлбөдү, катуу үн чыгарып жаткан сөздөргө да аралаша кетпеди. Ийменип, жол бошотуп, шыбырап сүйлөп, бардык оокатын бүтүрө берди.

Келинин ыйбалуу, ишкер экенин билип, Саамыйдын энеси башкалар алдында боюн көтөрүүчү болду. Теңтуш карыларга мактанып, келинин андан бетер ийиктей ийрилтүүнү ойлонду. Бирок, жаш келиндин өзүнчө турмушка деген көз карашы, өзүнчө таламы бардыр деп ойлогон жок. Ойлосо да аны билмексенге салды. Өзү да өз кезинде келин болгон да. «Баланы жашынан, келинди башынан!» деген макал бар. Кийинчерээк, биз мындай карый түшкөндө, күнүбүз эмне болот. Азыртан тастаңдатып, эркелетип жиберсек, кийин көргүлүктү ошондо көрөбүз. Саамыйды ээрчитип алып, кээ бир келиндер өңдөнүп кете берсе биздин колдон эмне келет. Башынан сөз ашырбай бирдеме десе эле беттен алып турган тажаал келиндер – башынан башкарылбаган келиндер деп ойлончу кемпир.

Ал эми Закеш жагынан айта турган болсок, ал турмушка чыга электе кээ бир келиндер эски салтка канчалык баш ийип жүрсө да, кандайдыр ишти оңой бүтүрүп жүргөнсүгөн. Нары ошол жасалма кыймылы өзүнө жарашып турган. Бирок, анын чындык эмес экенин Закеш өз башына келгенде толук түшүндү. Эмне үчүндүр, өзү ар качан кылмышкер өңдөнүп ал түгүл, санда жок киши өңдөнүп бук боло баштаганын сезди. Күйөөгө тийүү деген көзгө көрүнбөгөн бир торго чырмалуу деген сөз тура, деп ойлоду Закеш. Дагы бир жагынан алганда, иш ушул бойдон кала берет деп ал ойлогон жок. Бир күнү Закештин кыз кезиндеги достору келишти. Закеш короодон эле чуркап барып аларды кучактап калды. Кыздар менен үйрүлүп, өткөн-кеткендер жөнүндө, сагынуулар жөнүндө сүйлөшүп, короодо бир нече минута туруп калышты. Закеш досторунун издеп келээрин билген. Бирок мынчалык кыябын таап, бук боло баштаганда келип көңүлүн көтөрүп кетээрин ойлогон эмес. Закештин кубанычы койнуна сыйбады.

– Жүргүлө, үйгө киребиз, – деди Закеш үй-жайлуу өңдөнүп.

Кыздар бирден эле макул болушту. Көрүү керек, ар жак, бер жагын байкоо керек. «Буудайдын барар жери тегирмен!» экенин кыздар билет эмеспи...

Закештин кайненеси ички үйдө жүн тытып отурган. Эшик ачылып кирип келген кыздарды көп деле жактырбады. Келинин жаңыдан жакшы салтка үйрөтүп келе жатканда, тастаңдап атасынын төрүндө жүргөн кыздар Закешти ээликтирип, аркы-беркини ойлонтуп кетиши мүмкүн да.

– Сен кимдин кызысың? – деди кемпир плащчан кара кызга.

– Жаңыл энемдин, – деп жооп берди кыз.

– Баса, – деп койду кемпир.– Энеңди тартып, эки колуңду чөнтөгүңөн чыгарбайт турбайсыңбы. Сенчи?

Костюм-юбка кийип, башына чарчы жоолук байланган ак жуумал кыз обдулду да жооп берди:

– Сартбайдын кызымын.

– Баса, – деди кемпир ага да, – атаңды тартып мурдуң кырдуу экен.

Кемпир келген эки кызды отура электе эле ушундай сөздөр менен «сындырып» коюп, жүнүн тытып отура берди. Башка сөз айткан жок.

Кыздар экзамен бергенде да мынчалык кысылып көргөн эмес. Алар отурушкандан кийин бир-бири менен шыбырап сүйлөп калышты. Закеш кыздарды үйгө баштаганына өкүндү, нары кысылып, досторунун алдында уялып турду.

– Курбуларыңа чай кайнатып бербейсиңби? – деди кемпир бир оокумдан кийин Закешке.

Закеш кыздарга карады эле, алар «жок, ыракмат, ичпейбиз!» дегенсип чүйрүңдөшүп койду.

Ак жуумал кыз үйдөгү жасалгага тегерете карап келип, кийим жапкычтагы саймага көз токтотту:

– Тигини ким сайды? – деп шыбырады Закешке.

«Мен» дегенди билдирип ал ээгин өзүнө тартып койду.

Плащчан кара кыз ээрдин чыгарып башын экчеди. «Сен кантип эле ушундай саймак элең?»

Бул кезде эшиктен кирип келе жаткан киши болсо, үйдө эч ким жок деп ойлогучалык эле. Ушунчалык тымтырс үйдө эмне өкүм сүрүп, эмне бийлик кылып жатканын кыздар ичтеринен түшүнүп отурду.

Бир убакта кыздар «эми кетели» деп шыбырашты да орундарынан туруп өтө тездик менен короого чыгышты. Асманы бийик, тегереги ачык жерге чыкканда кыздар эмнегедир каткырып күлүп жиберишти. Кемпирди туурап сүйлөп, плащчан кара кыз берки экөөнү андан бетер күлдүрдү:

– Менин кайненем ушундай болсо, бир күн да турбас элем, – деп да жиберди.

Кыздардын короодо шарактап күлгөнү, бирдемелерди айтып жаткан үйдө отурган кемпирге даана угулуп турду.

Закеш досторун жолго салгандан кийин үйгө кирип түшкү чайга кам урду. Ал самоорго суу куюп, чакмак даярдап жатканда эмнегедир көңүлсүз болду. Кийим, тамак, жасалгалуу үй, өзүнүн сүйгөн жигити

– баары эле бар. Бирок бирдеме жетпейт. Закешти өксүтөт. Анысы мурда өз колунда бар болучу, турмушка чыкты да андан ажырады. Ал баарынан да кымбат, баарынан да жагымдуу эле!

Түшкү тамакка келген Саамый оозгу үйгө кирди эле, Закеш буфеттен бирдеме карап жатыптыр. Ички үйдүн эшиги кыйгач ачык болучу. Саамый кирип келээри менен ички үйдөн куру жөтөлүп үнү угулду. Кемпирдин мунусу: «Мында киши бар, үйгө кирген кимсиң?» дегени.

Саамый өзүнө жалт караган Закештин мунайым көзүн көрүп эмнегедир аяп кетти. Сүйкүмдүү, нары эстүү жубайынын өңү сынык экенин Саамый бүгүн байкагансыды. Ал Закешке жакын барды да чайнек кармаган колунан кармай калып өңүнө тике карады. Закеш мындай текшерүүнү ичинен жактырган жок. «Коё бер, уят!» деген ишарат кылды. Бул кезде оозгу үйдө бирден эле тынчтык өкүм сүрүп калган.

Кандайдыр бир киши келип, Закештин жанына барганда бүүгө айланып кеткенсип, жымжырт боло калганынан улам, кыжым пальтосун жамынган кемпир эшик түбүндө пайда болду. Ал эшиктен баш бакты да жооткото жөтөлүп, «эчтеке билгеним жок» дегенсип короого чыгып кетти.

– Кармаба десе болбойсуң, энем чыга келээрин билгемин, – деди Закеш.

Саамый колун шилтеди.

Түшкү чайды ичип жатканда чай куюп отурган Закештин көзү Саамыйдын көзү менен кандайдыр айкалыша кетти. Саамый мурутунан күлдү да акырын көзүн кысып койду. Закеш күлүп жибере жаздап, кызара төмөн карады.

– Чыныны алып чай куй, жер тиктебей, – деди кайненеси. – Тузду мага жакын койчу, чайдын такыр эле даамы жок...

Закештин жүрөгүндө көңүлсүздүк пайда болду. «Чайды мындан артык дагы кандай куюш керек?» деп ойлонду ал, туз салган кутуну энесине жылдырып жатып.

Чайын ууртап отурган кемпир жаңкы кыздар жөнүндө сөз козгоп калды:

– Эмки кыздар эркек баладан да жаман. Ошолорду алган киши эмне болот?!

– Эне кайсы кыздарды айтып жатасыз? – деди Саамый.

– Закештин достору, короого чыгып алып шаңкылдашат эле шаңкылдашат...

Ичинен иренжип отурган Закеш бул сөздөрдү уккандан кийин андан бетер көңүлсүз болду. Сөздүн төркүнү өзүнө тийип жаткансыды. «Бирөөнүн кыздарында кемпирдин жумушу эмне?» Ал ушундай ойлоп отуруп, кайненесинин бошогон чынысын дагы көрбөй калды.

– Ботом, чай куйбайсыңбы!

Шашып калган Закеш чыныны ала коём деп сүтүн төгүп алды. Ушул бир көрүнүшкө Саамый ичинен кападар боло баштады. Акыл-эстүү келинин мындай каккылап отуруунун эмне кереги бар? Кемпирге эмне жетпейт? Көзүнүн кареги менен кошо тегеренип жүргөнү аз келгенсип, көңүлгө тие турган суук сөз угуу Закеш үчүн мүлдө кажетсиз эле нерсе! Келин эстүү болсо, бул кайната, кайнене, үйдүн ырысы. Андай келинди башкаруу үчүн, аны башкарган киши андан да акылдуу, эстүү болуш керек да! Салт-санаага, эски каадага камалай берүү, ысылуу-сууктуу сөз угузуп, ичинен кемирүү – бул ар кандай эстүү кишини да жолдон азгырат. Турмуштун мындай жөнөкөй сырларына азыр Саамый эмес, балдар да түшүнөт. Саамый азыр жаш бала эмес. Мындан мурда эле энесинин каада сактаганынан аздап чочулаган болучу. Азыр кыйытып болсо да чындыктын үчүн кылтыйтуу зарыл өңдөнүп турду:

– Эне, – деди Саамый, – кыздардын кандай жүргөнүн эмне кыласыз. Эмне болсо эле айта берет экенсиз. Бирөөнүн жаш баласын антүүгө болбойт да...

Кийинки сөздүн төркүнү Закеш жөнүндө экенин энеси да, Закеш да түшүндү.

– Мен эмне дептирмин? –деп сурады кемпир кайра.– Кыздардын ыйбалуу болгону жакшы да. Чопочоң, бойго жеткен кыздар «көчөнү башына көтөрө» шарактаганы эмне? Аялдарга адептүүлүк эле жарашат. Жаман болсун деп жатат дейсиңби!

Закеш унчукпай, «чатак ырбап кетпесе экен» деген ойдо отурду. Саамый каршы сүйлөп, талаша кеткен жок. түшүнсө жаңкы сөз да жетерлик...

Энеси болсо, Саамыйдын Закешке болушаарын ачык түшүндү. Муну ал мурда эле божомолдогон.

* * *

Ортодон дагы бир нече күн өттү.

Закеш жаңы түшкөн келин болгону үчүн жумушка чыга элек болучу. Келгендин эртеси эле жумушка чыгуу кандайдыр ыңгайсыз эле. Бир ай, жарым ай убакыт өткөрүп барып, анан ишке чыгуу ылайыктуураак көрүнгөн. Азыр болсо ишке чыгуу Закеш үчүн эшикке чыгуу менен бирдей болду. Бир аз тышта эмгектенсе, башка келиндер менен эрмектешсе, көңүлү да көтөрүлөт, бугу жазылат. Кайнененин басып турган каадасынан аздап болсо да кутулат. Ошон үчүн ал жумушка чыккысы келди. Бирок, ага кайненеси мындай жооп берди:

– Элден-журттан уят, жок дегенде үч-төрт ай тура тур. Жетишпей жаткан эмне бар! «Баякынын келини бир ай боло электе эле кызылча отоп жүрөт» дебейби эл...

– Инилеримди сагындым. Үйгө барып келсемби дедим эле, – деди Закеш акырын гана.

Инилериңди сагынсаң чакыртып ал. Уят болот жаңы түшкөн келин атасыныкына жетип барса...

Закеш дагы тим болду.

Саамыйдын атасы жоош киши болучу. Бала-чаканын ишине аралашчу эмес. Бирок, ошол күнү кечинде кемпирине келини жөнүндө биринчи жолу сөз айтты:

– Азыркы жаштарды билбейсиңби? Закештин эркине койсоңчу. Мейли, барам деген жерине барсын. Эстүү бала көрүнөт...

– Тим жат, – деди кемпир абышкасын чыканагы менен укуп, – «жаман болсун» деп жатамбы?!

– Өзүң бил, баркыңды кетирип аласың го!

– Сен, берген тамакты ичип жөнжүр. Болбосо куу баш каласың! Булар кетишчү болсо, мен да сенден кетем. Байка!

– Ал бизди сыйлаганы үчүн ыраазы болушуң керек. Ким билет, анын кетип калаарын?

– Унчукпа!

– Кап, саа кудай бардыр...– деди да чал ары оонады.

Маанилүү иштер жөнүндө, жаткандан кийинки сүйлөшүүнүн карттар жагындакысы ушуну менен тынды. Ал эми жаштар дал эле ушул маселенин өзүн эки түрдүү чечти. Саамый: «Биз деле башкалар өңдүүбүз. Туурасын бетке айтуубуз керек! Ага көнбөсө, бөлүнөм. Сүйгөн жарымды кылмышсыз эле, кажалай беришине жол койгум келбейт!» – деди. Закеш болсо, буга каршы: «Буларга катуу кетүүнүн кереги жок. Акырын-акырын түшүнөт» деген пикирде болду. Бул өңдүү принципсиздикке Саамый көнө койгон жок. «Ушул айылда көп эле келин бар, ошонун кайсынысы сенин күнүңдү көрүп жүрөт? Эгер ушул баштан энемдин терс жактарын айта жүрбөсөк, акыры түбү – ким билет, бир көңүлсүздүк туулуп калышы да мүмкүн. Ошон үчүн мен эртең эле ишти козгоймун», деген ойду Закешке каршы койду да ошол оюнда бекем турду.

Айтканындай эле эртеси Закеш эшикте жүргөндө Саамый өз пикирин ата-энесине айтып салды:

– Эне, сиз көп каада сактабаңыз. Мен өзүм теңдүү жолдошторумдан уялып жүрөм!

– Каада сактаганың эмне? Дайны жок сөздү козгобочу балам! – деди энеси.

– Мунунуз болбойт, Закеш жумушка чыксын. Үйүнө барам десе, барсын...

– Закеш эч кайда барбайт!–деп кесип айтты кемпир.– Ал сага арыздანып жүрөбү? Катынына болушуп энеңе акыл айткандан уялсаң боло!

Эшиктен Закеш кирип келди. Ал кирип келээри менен үйдө бир көңүлсүздүк барын сезе койду.

Чындыкты айтуу керек, минте берсеңиз бизден айрыласыз! – деп жиберди ачууланган Саамый.

Кемпир «ушундай болмок!» дегенсип уулуна катаал карап турду да:

– Сен кетсең биз өлүп калат бекенбиз, – деди. – Кет, сени төрөп ушу даражага жеткизгеним үчүн кет. Беш мүнөт турбай жогол! – Бул сөздөр аз келгенсип, кемпир калчылдап ордунан туруп, алдастап жыйылуу турган жүккө жетип барды. – Ал, мына бул дүнүйөңдү да ал, баарын ал! – Заматтын ортосунда жаздык, жууркандар биринин артынан бири оозгу үйдү көздөй учуп жатты.

Кемпиринин кыялын билген чал, күңкүлдөп эшикти көздөй жөнөдү:

– Кудай атты муну, желпинип албадыбы?!

Закеш эмне кылаарын билбей эшик түбүндө турду да калды. Чатактын мынчалык ырбап кетишин ойлогон да эмес. «Эми элдин баары менден эле көрөт. Азезилдей азгырып Саамыйга тийип алган соң, карыган ата-энесинен бөлүп алып жолго түштү», дешет. Закеш ушуну ойлоп сай сөөгү сыздап турду.

Саамый да муну күткөн эмес. Ал иштин чындыгын айтып энесин эпке келтирем деп ойлогон. Бирок, өз колу менен айдаган эгиндин ордуна коко тикенек өнүп чыгаарын ким билиптир. Энеси карасанатайлык менен булардан кутулайын деп жаткансыды. Мейли, «жылан чакпай, жылкы теппей» өзүнчө эле эл-журтка күлкү болоор ишти козгогон соң, менин эмнем коройт. Биз өлбөйбүз «Кана, ишти байкаша жатарбыз», деп ойлогон Саамый бирден эле ачуунун кулуна айланды. Оозгу үйгө чуркап чыкты да «ыргытуу деген андай эмес, мындай болот» дегенсип, баягы жууркан-төшөктү короого ыргыта баштады.

– Мына кетсе, мына кетсе!

– Азыр жогол, экинчи көзүмө көрүнбө! – деп жатты энеси. – Ай, сен эмне кылып жатасың? – Кемпир Закешке карады. – Кылаарын кылып коюп, кыл жип менен бууп коюп, эмне кылмыясың?! Бас, жогол! Сен эмес өз баламдан да жакшылык күтүп турганым жок...

Саамый ички үйгө энтигип кирип келди, өңү канталап кетиптир.

– Кий, кийимиңди, – деди ал Зекешке буйрук үн менен. – Биз артык баш экенбиз бул үйдө.

Закеш кыймылдабай ордунда тура берди. Анын акылдуу көздөрү жер тиктейт. Күтүлбөгөн бактысыздык анын айласын кетирип турган.

Саамый калып калган эки-үч китебин алып короого – өзүнө тиешелүү буюмдар чачылып жаткан жерге ыргытты. Полду оё-оё басып, энесин жандап өтүп, дагы бирдемем калган жокпу дегенсип, үйдүн булуң-бурчтарына карап, кайра-кайра кирип-чыгып жатты.

Көчөдөн өтүп бара жаткан Саамыйлардын кошунасы, короодо чачылган жууркан төшөктү көрүп, акырын басып, уруш-талаш болуп жаткан үйгө кирди. Саамый муну үлдө жактырган жок. Эси жок бирөөнүн бактысыздыгын концерт көргөндөй кызыга карап, анысы аз келгенсип калпчынын аралаштырып, элге жомоктой жүрмөсү бар эмеспи. Кошуна үйгө кирген соң.

– Ой, эмне болгон силер? Уят го мунуңар, – деди, Саамый андан бетер кызып :

– Жүр дейм. Эмне кылып турасың? Же айланганы турасыңбы! – деп деп келип Закешти каруудан алып тышка сүйрөдү. Бирок, Закеш чыкпай койду. Ал Саамыйдан кутулууга тырышканда алыша түшкөндөй көрүндү элге.

– Ой, балам, Саамый сен эмне болгонсуң? – деп кошунасы ага жакындады. Саамый андан бетер күчөп кошунасын да кагып таштады:

– Сиз аралашпаңыз! – деди ал. Өз жөнүңүзчө кете бериңиз!

Ал дагы Закешти алып кетмек болуп колдон алды эле, Закеш колун жулуп алып, Саамыйдын көзүнө тике карады:

– Мен эч кайда кетпейм! Катуу айтты ал. Силерди бөлүп-жарганы келди дейсиңерби мени?!

Саамый да, анын энеси да, кошунасы да Закештен мындай чечкиндүү сөз угабыз деп күткөн эмес. Саамый эмне дээрин билбей туруп калды.

– Оо, акылыңдан айланайын, Закеш! – деп жиберди кошунасы.

Ээ бербей өөрчүп бараткан өрттү ыгын таап, бир эле чака суу менен өчүрүү кандай гана кишинин колунан келет болду эккен! Саамыйдын энеси өзүнүн жаңылганын сезе коюп, ушунчалык жеңил-бааланганына өкүндү. Бирок, тышынан аны билдирбестикке тырышты. Абдан карара күйгөн киши өңдөнүп, кара күчкө сүйлөнө берди.

– Кеткиле, бириң жакшы киши болуп, күч көрсөтпөй. Акыры бир күнү кетесиңер. Ушул баштан жоголгула...

Мына ушул кезде Закеш зыпылдай басып барды да кайненесинин мойнун кучактап, өпкүлөп жиберди:

– Көлөкөм энеке, мен кетпеймин, мен кетпеймин. Муну баштаган да мен эмес...

Саамый эшикти көздөй жөнөдү.

Кишилер өмүрүндө кара ташты да эритип жибере турган мээрим үстөмдүк кылган минуталар сансыз эсиңе ал окуучум! Четте карап турган кошунасынын жүрөгү элжиреди.

Кемпирдин көзүнөн жаш томолонду.

Эртеси эртең менен Закеш тура электе кемпир самоор койду. Анын дабышын угуп Закеш тез турду да эшикке чыга берип далистеден кайненесине туш келди. Кемпир Закештин колунан кармап анын арыктап калган сүйкүмдүү өңүнө, акылдуу көздөрүнө бир нече секунда карап турду:

– Жакшы жүрчү.садага кетейин. Инилериңди көрүп кел. Киного бар... Мен өз энең эмесминби!

## ШЕЙШЕП

Өткөн айдын орто ченинде, магазин алдында инимди элүү минутка күтүүмө туура келди.

Инимдин билегине саатымды байлап жатып:

– Кырк эле минута берем, – буюра сүйлөдүм. – Саат бирде акчаны ушул жерде даяр кыл, уктуңбу!

Иним үйдү көздөй чуркады. Көчөгө чыкканда дайыма жаныма акча салып чыкчу элем, бүгүн эмнегедир билбейм, анын ордуна инимди ээрчитип чыгыпмын. Инимди чуркаткан себебим, ортосуна кооз тор салып, саймаланган шейшептер дүкөнгө келиптир. Бул мага өтө керек!

Мен киши күтүүнү жаман көрөм. Чыдай албайм. Өзүмдү да эч кимге күттүргөн эмесмин. Убакыт өткөрүү үчүн магазинге кайра кирдим. Дагы үч шейшепке көзүм түштү. Иним келгиче бирөө алып кетпесе экен!

Аңгыча:

– Мына, бул шейшебиңиздин баасы канча? – деген үн чыкты. –Жалт карасам эки аял витринанын алдына келип калыптыр. «Кап – деп ойлоно кеттим, – алып кетмек болду!»

Аялдар анын баасына этибар бербестен эле колдоруна алып көрүштү да бирден жактырышты.

– Сен да бирди ал, – деди кассага акча тапшырып жаткан аял жанындакысына. – Кооз экен!

– Өзүмдө эки жуп бар, – деп беркиси алган жок.

Мен «Өх!» деп эс ала түштүм. Аялдар чыгаары менен сатуучу жигитке жакындадым:

– Сизге бирдеме айтайын...

– Эмне карындаш?

– Жаныма акча салбай келипмин, мен да бир шейшеп алмакчы элем. Азырынча беш сом ала туруңуз да тигинин бирин башка жерге коюп коюңуз. Жарым саатта акча болот...

– Жок, карындаш, – деди сатуучу жигит башын чайкап, – бизге алуучулардын баары окшош...

Айласыздан: – «Экөө эле калды!» деп күбүрөдүм. Көчөгө кайра чыктым. Келээр убагы боло элек болсо да, иним кеткен жакты карагылай берем. Бүгүн балдардын баары көк көйнөк кийип чыккан окшойт, алыстан ажыратып болбойт. Иним да көк көйнөгүн кийип жүргөн. Магазинге кишилер кирип, чыгып жатты. Алардын баары эле «шейшеп, шейшеп!» деп кобурашкансыйт.

Бир убакта магазиндин эшигин карай калдым эле, билегинде кол сумкасы бар бир кыздын шып кирип кеткенин көзүм чалып калды. «Мына эми бул анык сатып алат», деп ойлодум. Ичим толгон кызганыч менен магазинге кирип бардым. Экөөбүз тең витринадагы шейшепти карап калдык да, анан бирден эле бир-бирибизге көз таштадык.

– Ой, сен белең – дедим мен анын көөнүн өзүмө буруп. Ал менин эски классташым Мариям болучу.

– Даярданып жатасыңбы, Жаңыл, – деди ал (анын айтканы менин тоюм!) Анан шейшепке дагы көз чаптырып: – Мобу келген тура, – деп койду.

– Кайсы, шейшеппи? Бардык эле магазинде бар го ал, – дедим мен кызарбай туруп. Анан эптеп Мариямдын сүйгөнү жөнүндө сөз козгоп койдум да, магазиндин тышына ээрчитип чыктым.

– *Мейли, эмне болсо да көрөөрбүз аягын,* – дейт бечара Мариям, – ойлуу кебете менен, – ал өзүнчө менменсип жүрөт. Азыр көп кезигишпейбиз...

«Иним келип калса экен!» деп ойлоп жатам. Көзүм Мариямда болгон менен көңүлүм шейшепте. Мариям «дартын» айтып бүтөөр эмес. Эми канттим! Кайдагы сөздү баштап алдым эле, өз жолуна кете бергени жакшы эле да. Акыры анын сөзүн бөлдүм:

– Дагы эле баягы дечи, кыскасы, ошондой боло берет. Биздин башыбыздан да өтпөдүбү. Кереги жок, аягын көрөрбүз. Ии, ырас эле, сен бир жакка кетип бара жаткан жоксуңбу?

Мариям мага таң кала карап калды. Ичиндеги дартын толук айтып бүтө албаганына үшкүрүп да жиберди.

– Жүрчү, тиги шейшептен бирди тандап берчи, – дебеспи ал.

Мен жыгылып кете жаздадым. «Муну көрсөңөр, өз колум менен эң жакшысын тандап бермекчимин дагы...»

– Көгүш гүлдүүсү жокпу?

– Жок, баары ушундай...

Мариям калган эки шейшептин бирин алып көрүп жактырды. Акча тапшыруу үчүн касса жакка баратканда:

– Мариям, – деп чакырып ала койдум. –Жогорку магазинде көгүш гүлдүүсү бар эле. Саймасы да сыпаарак...

– Мен анда да болдум, – деди ал, – көзүмө чалдыкпады.

Ушундай көңүлсүздүк үстүндө дагы бир аял пайда болду. Ал калган жалгыз шейшепти узак карап турду. Көңүлүндө акчасын эсептеп жаткан өңдөнөт. Мариям болсо кагазга оролгон шейшепти алды да, мени менен коштошуп чыгып кетти. Мен алиги аялды аңдып калдым. Бирок, аял эмне үчүндүр шейшепти алып көрбөдү. Ичимди бирдеме жеп бара жатты. Иним келчү жакты кайра-кайра караймын. Секунддар минутага, минуталар саатка айланып жатты. Алиги аял болсо дагы эле магазин алдында ары-бери басып турду. Көчөдөн өтүп жаткан кишилер кыжырымды келтирип, атайын шылдыңдашып ашыкпай басып бара жаткансыйт. Бир кишиден убакыттын канча болгонун сурадым эле: «Бирден беш минута өттү», – деген жоопту уктум. Иним келээр убактысынан беш минута өттү. Мына эми магазиндеги бирден-бир шейшепти алалбай калмак болдум. Бул аял сөзсүз тиги шейшепти алганы турат. Сурап көрсөм кантээр эле, эгер ал: «Шейшеп алмакчы элем, эримди күтүп турам», – десе анда иштин бүткөнү. Шейшептен ажырап шылкыйып үйгө кайтмай.

Бирок, турмушта кош нерсенин алмашуусунун ортосунда бир секунддун миңден бирине жетпеген убакыт өтөөрүн да байкап калдым. Мына эми аркы бурчтан бери чуркап бурулган инимди көрө коюп, эриксиз күлүп жибердим. О, мобу аялдан мурда алып жолго түшөм. Иним экөөбүз магазинге энтелеп кирип келдик. Бирок, айтып, айтпай не керек, үлгүрө албай калыппыз. Бир эркек киши акыркы шейшепти алып жазып көрүп жатыптыр. Мен болсом заматта оңтойсуз боло калган көзүм менен аны карай туруп калдым. «Э, кудай, жакпай калса экен!» – деп тиленип жибердим. «Ушул кишинин бирден эле зарыл жумушу чыга калып, маселен, артынан бирөө шашылыш чакырып алаксыта кетсе» деп да ойлодум. Кандай кара ниет элем деңизчи! Бирок, тиги киши ашыкпай чөнтөгүнөн акчасын чыгара баштады. Кандай эркек бул катындын буюмун алып жүргөн! «Э, кудай, акчасы жетпей калса экен!» – анын колунда турган акчаны өзүнөн мурдараак көзүм менен санап чыктым. Акчасы жетмек түгүл ашат, ал шейшепти алды.

Бүткүл денем титиреп туруп, иниме атырылдым:

– Мындан көрө өлүп калсаңчы, бир минут мурда келсең боло! – Ачуум келгени ошончолук, инимден акчаны тартып алам деп айрып ала жаздадым.

– Бул неме үйдө деле бар го, – деп иним оозун томпойтту.

– Жап, оозуңду! – дедим мен. Бул жолу үнүм катуурак чыгып кетти. Иним корkконунан оозун андан бетер кымтый түштү.

– Карындаш, сиз да алам дедиңиз беле?

– Ооба! – дегенимде көзүмөн жаш мөлт этип төмөн кулады. Андан көрө көзүм агып түшсө, баарын жаап кетмек!

Сатуучу ары кирип, так эле жанакылардай шейшептин бир таңгагын көтөрүп чыкты. Жибин кескен соң бирди чыгарды да, мага сунду.

– Дагы бирди алыңыз, – деп мыйыгынан күлдү сатуучу.

– Мында жатпаса эмне болот экен?! – деп күңкүлдөдү иним. Ал менден беш бетер кызарган окшойт.

Шейшепти алдым. Бирок, турмуштун өзү кандай адилет дебейсиздерби! Чынын айтуу керек, ач көздүк келтирген уятка чыдоо – шейшептин эң асылына жатуудан да, кыскасы, баарынан кыйын экен...

## АЙЫЛДЫК АКЫНДЫН БИР КҮНҮ

– Жалпы алганда кебете-кешпир жагынан биз сүйкүмсүз эле жандарбыз, – деп жазып жаткан кагазын ары түртүп, ал келинчегин карап койду. – Тагдырыбыз ошондой. Менин өзүмөн көрө жазгандарым барктуураак. Мен үйгө келген меймандар менен же сени менен сүйлөшүп отурганымда оюм кандайдыр башка жактарды кезип кетет.

Ал өзүн акылдуумун деп ойлоочу эмес. «Бирок, адам деген акыл» деп түшүнүүчү. Аздыр-көптүр өмүрдөн жыйган тажрыйбасы аны ушундай корутунду чыгарууга мажбур эткен. Акындык жагынан изденүүгө, талыкпай эмгектенүүгө эрки күчтүү болгону менен турмуштун күндөлүктүү майдачүйдөлөрүнө эрки мүлдө бош экенин өзү сезүүчү эмес.

Келинчеги анын сөздөрүн уга жүрүп абдан көнгөн. Ошон үчүн азыркы сөздөрдү капарына албай өз иши менен болуп жатты. Ансыз да китеп менен кагаздан тажап бүткөн.

– Мен турмушта канчалык кагылсам, ошончолук акылдуу болоорума ишенемин, – акын келинчегин түшүндүрө баштады. – Мейли, жазгандарым басылбаса андан тартып жаткан зыяным жок. Мен эл өмүрүн кагаз бетине чие берем...

Күйөөсүнүн көңүлүн көтөргүсү келсе керек, келинчеги өз ишин иштей отуруп, сөзгө аралашты:

– Журналдарда мактап жатышпайбы, акча да жибериშти. Кээде, акыл сурап эл да келет.

Акын мыскылдай күлдү да жазып жаткан кагазын өзүнө тартты. Анан калемин сыя челекке малган бойдон мындай деди:

– Абырой, акча менин максатым эмес. Мактоо сөздөрдү жаным сүйбөйт. Ал эми гонорар болсо – бул эмгек акы деген сөз. Эч кандай

гонорар берилбеген замандар да болгон. Ошондо да акындар өмүр сүрүп, өзүнүн турмуш, коом жөнүндөгү ойлорун айтып, элге жакшылык жакты жаңдаган. Биздин элдин жашап турган заманын жүрөккө уютуп айта билүүнүн өзү, ар кандай нарктан артык кубаныч берет эмеспи.

Акындын келинчеги баласына көйнөк тигип отурган. Ал күйөөсүнүн аңкоо, бирок чындык сөзүнө боору оорууду. «Биздин замандын акындары чоң-чоң шаарларда гана жашоого тийиш. Алардын ар биринде беш-алты комнаталуу үйлөр, радиоприемник, телевизор, жеке телефондору бар камсыз адамдар. Алар жаркын мүнөздүү, укмуштуу курч сөздөрдү таап жазган кишилер болууга тийиш», деп ойлоочу келинчеги. Анчалык оокат мунун акын күйөөсүнүн колунан эч качан келмек эмес. Бирок, жазгандарын кээде окуп бергенде, ырас эмеспи, деп күйөөсүнө башкача мамиле кылууну ойлонуучу. Ошондой болсо да карапайым бир зайып күйөөсүнүн кебетесин, жүрүм-турумун көрө келип, ал ойлорун унутуп коюучу. Кээде, баласын бактырып өзү башка жерлерге кетүүчү да, китеп кагаздан аз болсо да ажыратып алдым деп ойлоочу.

Азыр да күйөөсүнүн терең ойго батканын байкап, китеп-кагазын бир саат болсо да ажыратып тургусу келди:

– Баланы ала турчу, – деди келинчеги тигип жаткан көйнөгүн бүктөп, – бир кичине жери калды эле, машинага жүгүртүп келе коёюн.

Он айлык баласы түшүнө койгонсуп, атасын көздөй эмгектеп келди да «чыны менен эле сен менин атам болосуңбу?!» дегенсип мостоё карады.

– Бирдеме жазып жаттым эле. Баланы ала баргын. Жаныңа койсоң ойноп отура берет да...

– Заматта эле келем, ала турсаң бай болгур, – деди да келинчеги чыгып кетти.

«Өз ишимдин кымбатын бирге жашаган аялыма да түшүндүрө албаймын, жазгандарыман эл кантип пайда алсын», деп тымызын ызаланган акын кагаз-калемин жыйыштырды да бир колуна таягын алып, үй ичинде сылтып, ары-бери баса баштады. Аны китеп кагаздан ажыраткан менен ой-кыялдан ажыратып таштай албай турганын келинчеги түшүнчү эмес.

Акын үй ичинде көпкө басты. Баласы болсо атасынын ийнине башын коюп мемиреп уйкуга кетти. Акын аны сезген жок. Өзүнүн жазып жаткан темасы жөнүндө кыялдана берди. Ал жогорку Советке депутат болуп шайланган саанчы келин жөнүндө жазып жаткан.

Ары-бери басып ойлонуу анын боюн жибитип, бир түрдүү жылуу ыракатка бөлөп келе жатты. Ал кандайдыр баарына ыраазы эле. Барган сайын жаш баладай элжиреп, көңүлсүздүк туудуруучу бардык иштерин унутуп, тендеши жок бактылуу минуталарды башынан кечире баштады. Ал акырын отурду да өзү стол кылып жүргөн сары чемоданын бир

колу менен тактанын астынан бери тартты. Анын акырын кыймылдаганы шончо, куду төбөсүнө кымбаттуу бир куш конуп, аны учуруп жибербей кармап калайын дегендей чеберден кыймылдады. Анан калемин колуна алды да жаза баштады...

* * *

Ал кайра келип кирген келинчегин да байкабастан жазып жатты. Уктап, бышылдаган баласын сол колу менен ийин жагына кыса кармап, оң колу менен улам кагазын оңдоп коюп, эпилдете жазган сайын баланын башы жаздык издеп шылкылдайт. Кирип келип делдее калган келинчеги амалсыздан күлүп жиберди.

– Уктап калган баланы жаткызып койгонду да билбейсиңби?

Бул кезде акын жазган ырына акыркы чекитти коюп да үлгүрдү. Ичтен кубанып башын көтөргөн акын колундагы баласын карап калды:

– О-о, май баш! Уктап кеткен турбайсыңбы. Ме, мамасы, сен муну жаткыз, – деди акын аялына жаркылдап. – Мен эми сага жардам көрсөтүп, отун жарып берейин.

Таягын издеп жаткан акындын кебетеси ак жеринен азап чегип, акыры акталган кишидей эле. Аялы көзүнө жаш алып ары бурулду.

«Деги кандай жан экенин түшүнсөм буюрбасын!»

Акын балтаны колуна алып, таканчыктап туруп бир таарындыны жара баштады. Акырында келип, жарган отундарын катарлап, алууга ыңгайлап койду.

– Эшикке чыгып бир аз айланып келейин. Бүгүн дем алыш күнүм да. Жарык дүйнөдө эмнелер болуп жатканын билейин, – деп ал аялынан өтүндү.

Акын моюн орогучун шашпай оронуп, жапжаңы пальтосун кийип, көчөгө абдан кубанычтуу чыкты.

Жашы кырктан ашып калгандыктан совхоздун жумушчу жаштары аны агай деше турган. Анын чындыкты гана айтып көнгөн оозунан бекер сөздөр чыгуучу эмес. Оозум бар деп башына эмне келсе, ошону айткан кишини жек көрө турган. Кызыл үйгө келип окуучу жаштарды өзүнө тартып, аларга эң жакшы китептерди тааныштыруучу. Мына ушул адамдык туура мамилелер карапайым эл ортосунда анын кадыр-баркын көтөргөн.

Акын көчөлөрдө бирер сааттай көңүлдүү жүрдү. Кезиге калган айылдаштар менен жылуу амандашып, алардын ал-жайын сураштырып өтүп жатты. Механизатор Жакып менен кезиккенде көбүрөөк сүйлөштү. Ал Жакыпты атайын ээрчий басты.

– Трактористтерге эмне ыр жазып бергенсиз? – деди Жакып сөз арасында, жанаша басып келе жатып. –Балдар жаттап алып күлүп жүрүшөт.

– Жөн эле, – деп койду акын көп этибар бербей, – мехцехке кире калсам балдар тракторлорун ремонттоп жатышыптыр. Двигатель кудум эле жандуу немедей кыймылдайт, анан жазып бердим. Анчейин бир элес да, поэзия эмес...

– Айтор, бир кызык, акын болуу оңой болбосо керек, – деп Жакып ак пейли менен айтып бара жатты. Мүмкүн, ал акындарга ичинен кызыга турган чыгаар.

Акын мыскылдап күлүп койду. Анан токтой калды да ошол эле ордунда Жакыпка бурулуп мындай жооп берди:

– Бул күнгө чейин жер шарында, башкача айтканда, адамдар коомунда болуп өткөн акындардын басым көпчүлүгү, биздин элдин акындарындай кишилер жөнүндө даана айтып бере алган эмес. Биздин заманда акын деген, кишинин ички дүйнөсүн толкундатуучу, күрөшкө үндөөчү агитатор деген сөз. Мен Маяковскийдин китебин жаздыгымдын астына – өзүмө жакын жерге коём, – деди да «негизги ойду айтып болдум го» дегенсип кайра жай баса баштады. – Өмүр дегенициз жаткан бир океан. Акын аны изилдейт, тапкан жаңылыгы болсо эл сүйгөн тил менен айтып берет. Ушундай иштесе, акын боло албаса да ага аздап окшоп калат. Ал эми, өзүм жөнүндө айта турган болсом... Ырларымды эл сүйсө окуп жатаар...

Жакып ушундан улам акындын кыймылдаткычты ырга кошконун жай бара жатып айта баштадым:

*Үстү жакта клапан,*
*Үйлөп түтүн бүлкүлдөйт.*
*Ортосунда поршендер,*
*Оңду-солду сүлкүлдөйт,* – дагы аягы кандай эле?

– Ар жагында маховик, ала качып күлтүлдөйт, – деп акын кошуп койду.

– Дагы бар эле, каленвал да кызык айтылуучу...

Бирок, акын ал жөнүндөкү маекти узартпады. Башка иш жөнүндө сөз козгоду:

– Айтмакчы, Жакып, сенин эжең Дилдекенин тагдыры эмне болду?

Өңдүү-түстүү Жакыптын эжеси Дилдеке төртүнчү күйөөсүнөн чыгам деп жаткан. Ал өзүнүн сулуу экенин жакшы билгендиктен болочок өмүрүнө кайдигер кароочу. «Үй-бүлө менин сулуулугумду кадырлашы керек. Асыресе күйөөм! – деп ойлоочу. – Тиги саанчы катын, кызылча отогон тултук бет катындар деле үй-бүлөсүнө барктуу турбайбы!» Ал эми анын ою күйөөгө чыккандан кийин эле турмушка жанашпай калуучу. Аялдын баркы сулуулукта гана эмес экенин ал таптакыр түшүнчү эмес. Акын анын турмушта кандай жашай турганы жөнүндө көз сала жүрүүчү.

– Дагы эле баякыдай, кургур...

Акын Жакыптын көзүнө бир карай алды. Анан:

– Анын тагдыры ушундай-й, – деп созуп койду. Кичине баса түшкөндөн кийин дагы – анын тагдыры ушундай-й, деди. «Эмне үчүн мунун тагдыры ушундай? Эмне себеп, сыры эмнеде?»

Акын башканын баарын унутуп, жадакалса жанындагы Жакыпты да унутуп Дилдекенин тайкы тагдыры жөнүндө ойлонуп келе жатты. «Бактаалай менен текеберлик, талант менен текеберлик, сулуулук менен текеберлик, дагы башка жакшы нерселер менен текеберлик – бул от менен суу эмеспи! Кишини алдап кетүүгө болот, бирок, турмушту алдай албайсың. Киши кечирим кылышы мүмкүн, бирок турмуш кечирбейт! Мына ушуларды булбулдар саймедиреп сайрады. Киши жүрөгүнө өнүп, шактап мөмө берүүчү ойдун уругун таштады. Ошентсе да... аны ойлогондор аз...»

Ал ушундай ойлор менен Жакыпка кош айтпастан эле үйүн көздөй сылтый жөнөдү.

Мындан бир саат мурда ачылып кеткен күйөөсүнүн ары момун, ары капалуу киргенин көрүп келинчеги ичтен аяп кетти. Акын келинчегинин чексиз сүйүүсүн байкаган жок. Сары чемоданын бери тартып, дептерин ачып калемин колуна алды. Ал үйдөгүлөр менен бир ооз сүйлөшпөстөн эле жазып кирди:

*Тагдыр сени татынакай жараткан,*
*Көз тийсин деп көөр суусун жалаткан.*

Эки сап ыр жазгандан кийин эмнегедир токтоп калды. Жазганынан көзүн айырбай туруп арзан тамеки «огонёктон» бирди тиштеп ширеңкени кайсалап издей баштады. Ал папиросун тамызып алган соң аз ойлонду да, дагы жазып кирди... „

Акындын курсагы ач эле. Бирок, ага караган жок. Кеминде үч саат алпурушту. Отура калып, кайра боортоктоп жата калып, акыры жазып бүткөн өңдөндү. Бул кезде кеч кирип да калган.

Акын адатында ырды жазып бүткөн соң кайра оңдоого кезек күттүрүп таштап коюучу. Ал жазганын жыйнаштырып баертең жазган «Саанчы депутат» деген ырдын жанына салды да, үстүнөн оор жүктү алып таштагандай ачык айрым башын көтөрдү. Анын бактысы менен бактысыздыгы чыгармаларына байланышканын сезип туруучу. Жаратылыш ага ушунчалык назик сезим берип койгон.

– Кыязы, байбичем маа чай бергенди унутуп калгансың го, – деди акын аялына күлүңдөй карап.

Көндүм келинчеги чайын камдап, эбак эле күтүп отурган.

Бүгүнкү бир күнүмдү бекер өттү деп айта албаймын, – деди акын. Ал ичтен сүйүнүп, эч ким билбеген бир байлыгы бар кишидей отурду.

– Алдыкы чайдан ысык-ысык ууртачы. Кагазсыз да күнүң бекер өтүп жатканы жок го.

«Ээ, сен эчтеке түшүнбөйсүң!» дегенсип акын келинчегине кууланып күлө карап койду.

Ошондо анын жазган ырынын мазмуну мындай эле: «Илгери бир заманда, тагдыр ааламда жок сулууну жаратат. Ал сулуунун мүчөсүн дүйнөдөгү эң асыл заттардан алып курайт. Ошентип ал сулуулардын сулуусу болуп чыгат. Бирок, тагдыр болсо да бир жеринен жаңылышат. Анткени, тагдыр сулуунун өмүр тиреги улуу жүрөктү мурда жаратпай тек тышкы көркүнө гана көңүл буруп, бардык чеберчилигин ошого жумшайт. Тагдыр улуу жүрөктү экинчи иретте жасап, аны орнотмок болгондо – сулуунун аяк-башына карап турат да – өзүнүн көңүлү түшүп калат. Өз ашыгын кимдер жамандыкка кыйган! Тагдыр жүрөк салуу үчүн ашыгынын көкүрөгүн жарууга дити чыдабайт. Ошентип, сулууну жүрөксүз кылып койгон имиш.

Жүрөгүнө карабай, көркүнө кароо да ошондон калган экен!»

## КОШО ЖАШАЙ БЕРЕТ ЭКЕН

Башка курбуларым өңдүү эле, алгачкы сүйүүмдү мен, болочоктогу махабатыма бирден-бир негиз болот деп ойлодум. Бирок, ал сүйүүмдүн өмүрү өтө кыска болду. Өз кезегин башкага берип, алмашып кетти. Ал эми, анын калдык учкундары болсо, кез-кез жылт-жулт этип, азырка чейин көзүмө көрүнө калып жүрөт.

Мен кетип, алыскы шаарда окудум. Мына эми, бир нече жыл өткөн соң кайра келип отурам. Көңүлүм тартканы үчүн, өзүм билим алган орто мектепке атайын бардым. Классыма кирдим. Бардыгы өзгөргөн, бардыгы жаңы адамдар менен толгон. Өз кезинде, асиресе кечинде мектептин, үчүнчү кабатына чыгып, аяк-быякты карап отурууну жакшы көрүүчү элем. Ал жерден шаардын көп жерлери көрүнөт. Сай боюнун көк көпүрөсү, беш кабат ун заводу, электр станциясы... Үчүнчү кабатта, тышка каратып орнотулган чоң жыгач саат бар. Ал жүрбөйт. Анын циферблатына: «Мен эмнегедир азыр катуу ойлонуп отурам!» деп кызыл карандаш менен жазып койгон экенмин. Аны таанып, таптым да узактан-узак карап турдум. Өз кезинде мени ээлеген ошол туруксуз ойлор, азыр да жүрөгүмдө тутанып кеткенсиди. Мектептен көчөгө чыктым. Менин биринчи сүйүүмдүн ээси Жамила эсиме түшкөн эле. Эх, ал кезде, эң жакшы көргөн бир кишим ошол эмес беле! Экөөбүз бири-бирибизди көрбөй тура алычу эмеспиз. Эми ойлосом бирибиз үчүн бирибиз жаныбызды тигип койгон экенбиз.

Экөөбүз караңгы түндөрү көчө бойлоп, акырын басчубуз. Ортобузда эч кандай сөз болбосо да, жөн эле үнчукпай басып жүргөнүбүздүн өзү канчалык терең сезим ойготкондугун азыр сиздерге айтып бере албаймын.

Бир күнү мен атайын барып, Жамиланы тар көчөнүн оозундагы көпүрө үстүнөн кезиктирдим. Алардын үйү ошол тар көчөдө болучу. Мен үчүн ошол тар көчө, дүйнөдөгү эң кооз көчөлөрдөн кем сезилүүчү эмес. Жамила инисин ойнотуп отурган экен. Бир аз убакыт өткөндөн кийин, биздин жаныбызга Жамилага союп-каптап койгондой окшош, кичине кыз келди. Анын таралбаган чачы саксайып турат. Ал мурдун көнүмүш тартып койду да, ортобузда отурган кичине инисин эркелете баштады.

– Бул кимдин кызы?

– Бул менин сиңдим – Райе.

– Райе, жакшы ат экен. Карачы, сага окшоштугун, чоңойсо сенден ажыратып алгыс болот.

– Мен буган абдан окшоймунбу? – деди Жамила. Ал Райенин чүрүшкөн, сүйкүмдүү өңүнө карап турду.

– Таң калгыдай окшошсуңар...

Райе кичине инисин алды да, биздин жаныбыздан кетип калды. Ал үчүн ушундай иштөө ылайык келет өңдөнду.

Жамила экөөбүз ак теректер бийик өскөн көчөнү бойлоп жай бастык. Мен дүйнөдөгү бардык нерсеге ыраазы элем. Менин жанымда өмүрүмдүн гүлү, махабатымдын чырагы Жамилашым кетип бара жатат. Мен тегеректеги бардык нерселерге – тамдарга, ал түгүл, суу агып жаткан арыктарга да жылмая карагым келет. Учуру келип козголо кеткен мындай сезимдерди бардык күч-кубатым менен калкалап, аярдап өстүрүүнү көздөөчүмүн. Ошол кечте жаңы фильмдер жок болуучу. Бирок, биздин ушул жүрүшүбүздүн өзү ар кандай фильмден артык эле. Биз кечки саат сегиздерде тууралап, эс алуу багына келдик. Бакта жуп-жубу менен жүргөн кыз, жигиттер көп. Алардын да сүйүүсү – махабаты бар чыгаар бирок, Жамила экөөбүздүн сүйүүбүз баарыныкынан артык, баарыныкынан ысык... Биз ак чечек жыгачынын түбүнө орнотулган эки кишилик орундукка келип отурдук.

Акырындап каш карая баштады. Алыскы асманда бирлеп-жарымдап жылдыздар көрүндү. Бактын сейил куруучулары улам азая берди. Тосмо менен курчалган Модэн, Саблал гүлдөрү күңүрт көрүнүүдө. Кеч киргенде гана чечек атуучу «Намазшам гүлдөрү» өңдүү, караңгы түшкөн сайын бизде да лаззаттуу сезимдер жандана баштады. Жамила мага өтө эле чукул отурду. Көйнөктөрүбүз жолтоо болбогондо биздин денелерибиз эбак эрип кетмек. Бул, бир унутулгус минуталар менен эсимен түбөлүккө чыкпас!

Ал кезде мен иштин мүлдө башка болуп кетээрин ойлобогон экемин. Ошол кечтен кийин он күн өтүп, ичкериге барып окуй турганымды уктум. Бул кабар мен үчүн зор кубаныч эле. Албетте, мен өз өмүрүмдөгү бардык жакшылык менен жамандыктарга орток болуучу, болочок жолдошум Жамилага бул кабарды жеткизүүгө ашыктым. Бирок, ал мурда эле уккан экен. Ошон үчүн болсо керек, мени эч качан да кезиктирип көрбөгөн кандайдыр бир мелүүн мамиле менен тосуп алганын байкадым.

– Жамила, мен ошол жакшы окуудан калбайын. Бул биз үчүн, экөөбүз үчүн...

– Билем, ал жагын үгүттөбөй эле кой, – деп койду Жамила. Анын мага адаттагыдай болбой калганын үнүнөн да ачык байкоого болоор эле.

– Эмне болсо да өз пикириңди ачык айткын да.

– Жакшы, Барып окуп кел. Беш жылдан кийин кайра келесиң!

– Ооба, канча жыл болсо да жогорку билимдүү болуп чыксам деген ак тилек да. Орто билим эмне болот? Өзүң ойлочу, биз али жашбыз. Дагы беш жылдан кийин сен жыйырма үчкө чыгасың, мен болсом жыйырма жети жашка толом...

Жамила жакшы жооп бере албады. Анын буулуккан ички дүйнөсү тышына чыкпаган бойдон калып калды. Ичкериге жүрүп кеткиче аны менен бир нече жолу жолуктум, бирок ал жөнүндө бир ооз сөз ачпады. Мен ишти майдалап, көбүрөөк кыстап жиберсем: «Сүйбөсөм ушул караңгыда сени ээрчип эмне кылам?» дейт да маекти бүтүрөт.

Мына ошондон бери алты жыл өттү. Мен алыста институт бүтүрдүм. Бирок, Жамила мени күтө албады. Ал үчүн сүйүү деген ошол алты жыл ичинде эле бууга айланды. Ал өзүн да алты жыл ичинде өлүп-түгөнүп, топуракка айланып бүтчүдөй сезди. Сүйгөн кишиден ажыроо – бул айтууга гана оңой, бирок, анын кусалыгы кишини кээде, бардык жагынан жеңип чыгып, акылдан да тайдырат! Мен ушундай оор минуталарды окуу үстүндө башымдан кечирдим. Студенттик өмүрүм ичинде көз ирмебей өткөргөн узак түндөрүм көп болду. Ошондо да Жамиланы кыйып, унутуп кете алган жокмун. Ал көңүлүмөн эч чыкпаган. Жамила башка бирөө менен турмуш курмак болуп, кайра айнышканын жолдошторуман угуп, үзүлбөгөн үмүтүм менен жатакта жалгыз отуруп алып ага мындай кат жаздым:

*«Сүйүктүү, Жамилаш! Мен азыр колума калемимди алып, бир жагынан өткөн күндөрдү эскерем, бир жагынан ошол эстегендеримди кагаз бетине түшүрүп жатам. Бир замандарда мен өзүмө дос издеп жүрүп кандайдыр сени жакшы көрүп калдым. Кызык, сен да мени жаныңдай жакшы көрүп калдың, ырас, ал кезде экөөбүз тең жаш элек! Мен ошол кезде сенин эң жакын кишиң болчумун, ырас эмеспи, Жамилаш?*

*Мына ошол кездерде маа жазган каттарың азыр да менин алдымда турат. Менин бечара жүрөгүмдү ошончолук толкундата алган төмөнкү сөздөрүңдү окуп көрчү: «Менин жүрөгүм сизге гана таандык! Ал сизге махабат байлаган, сизге адал болуумду буюрат. Сиз муну билип коюнуз. Сиз айткандай сүйүү деген ушул деп, бир-бирибиз менен жөн гана сүйлөшүп жүргөн экенбиз. Азыр, азыр болсо башкача! Бизге каршылык кылган ар кандай ишке мен бардык күчүм менен каршы турам. Сизди эч качан унутпай турган...»'*

*Карындаш менен жазылган дагы бир катың мында турат. Бул катта өзүңдүн сүйүү сезимиң ырга айланган. Арийне, бул ыр деңгээлине көтөрүлө албаса да, маа ал канчалык таасир кылганын айтуу кыйын. Дүйнөнүн касиеттүү акындары да мынчалык жүрөгүмдү козгой алмак эмес! Ал ырыңды көчүрүп жазбай эле коёюн, бирок, Жамилаш, ушундай сөздөрдү өз өмүрүңдө биринчи жолу мага айткандыгыңа эч кандай күмөнүм жок. Ошон үчүн болсо керек, сенин мага арнап жазган ар бир сөзүң эмгиче көңүлүмдө сакталып жүрөт. Жамилаш, эсиңде бардыр, бир кезде бир жуп эр-аялдын бирөө мурда өлөөрүн айтканыбызда, экөөбүз тең табиятка нааразы болгон элек. Ошол кезде тирүү ажыроо биздин каршы тура турган эң чоң душманыбыз эле. Мына эми, байкап отурсаң, иш сен экөөбүздүн ойлогонубуздан мүлдө башка болуп чыкты.*

*Өз кезинде мен өзүмдүн жеке турмушум жөнүндө ойлоно келип кубанчумун. Ал кезде экөөбүз мындай эмес элек, кийинки күндөрү мен ошол сезимдерди канчалык сагындым!*

*Жамилаш, мен сени мурдакыдай эле жакшы көрөм. Ортодо болгон иштерди ойлонбоймун. Сен буга ишенип кой. Мен ушул сөздөрдү чын жүрөгүмдөн чыгарып жазып отурам. Мен эми эки жылдан кийин окууну бүтөм. Өзүм бараарым менен дароо той кылабыз, эски досторду чакырабыз, кандай гана ынак жашаар элек. Экөөбүздүн болочогубуз менин көзүмө көрүнүп турат. Кеп сенде, эгер мени чын сүйгөн болсоң, анда мени күт!*

*Сенин: ...»*

Катты да салдым. Жакшы үмүттөр менен өзүмдү сооротуп да жүрдүм. Бирок, күндөр, айлар, а түгүл, жыл айланды. Жамила бир ооз жооп жазбады. Менин келээриме бир жыл калганда турмушка чыкканын уктум.

Мына бүгүн өзүмдү кокусунан азапка салып алдым. Өзүм окуган орто мектепти көрүп чыкканымдан кийин, көчөлөрдү айланып жүрүп, менин опосуз сүйгөнүм Жамиланын көчөсүнө бардым.

Баякы тар көчө оозундагы тааныш көпүрөгө жакындаганымда, жашы он жетилерге келип калган кыз бир кичине баланы ойнотуп отурганын көрдүм. Менин бүткөн боюм чымырап кетти. Бул отурган менин Жамиламдын өзү го!

Мен кыздын жанына кандай келип калганымды сезбей да калдым.

– Саламатсызбы, кечириңиз, мен сизден бир сөз сурамакчы элем. Сиздин атыңыз ким?

– Райе.

– О... Ошо Райе сен белен?

Райе жооп бербеди. Ал кичине баланы оңдоп көтөрүп, дагы эмне дээр экен деп мени карап турду. О, дүйнө! Так эле өзү! Мен анын көздөрүнөн, ээрдинен, чачтарынан – мен үчүн бүгүнкү күнгө чейин өтө бир кымбат болгон алгачкы сүйүүмдүн, мени толкундатуучу сыйкырлуу сүйкүмдөрүн издеп, биринен кийин бирин таап жаткам. Мындан кийин мүлдө кездешпей турган ушул бир көрүнүшкө өзүм ичимен катуу ыраазы элем. Анын жанында үзүрлөнүп отургум келди, узак сүйлөшкүм келди.

– Райе, сен мени тааныйсыңбы?

– Жок.

– Мен сени билем...

– Таң, – деди Райе.

– Ал менин жаныман кетүүгө камданып, баланы дагы оңдоп көтөрдү.

– «Райе, сен менин жаныман кетпе, азыр, балким, сага окшогон кичине саксайган кыз келип, баланы алып кетээр. Экөөбүз бакка баралы. Анан менин түбөлүккө эсимен чыкпай жүргөн, өзүм сагына кусаланган ошол бир лаззаттуу мүнөттөрдү мага кайрадан келтир...» дейм ичимен.

– Бирок, Райе менин жаныман акырын козголду да кетип калды. Амал жок, мен анын ары кетип бара жаткан тулкусунан дагы бирдемелерди издеп, карай бердим. Жамила да кокус ушундай кезигип калганда, инисин үйгө алып киргенимде так эле Райе өңдөнүп чайкалып, мага эркелей басуучу. Бирок, Жамилашым улам артынан бурулуп карап коючу эле. Азыр кудум Жамила өңдөнүп басканы менен Райе бурулуп артын бир дагы карап койгону жок. Ал өзүнүн дарбазасына улам жакындай берди. Мен анын кайрылып бир карап коюшун чын жүрөгүмдөн тилеп, отура берипмин!

– Райе дарбазасынын алдына барганда атайын, бирок таң калууга караганда, жатсыраган кебете менен кайрылып бир карады. Менин үмүткөр жүрөгүм булкуп өттү. «Бир карады го, акыры!» деп ойлодум мен.

– Бирок, өзүм менен кошо жашап келе жаткан алгачкы сүйүүмдү мынчалык ойготуп алуудан ар качан чочулаар элем...

## МИХРИХАН

Профессор Маловдон кийинки жарты кылымга жуук убакыт ичинде Каргалыктагы[1] Уйгур тилинин – арийне өтө сезилерлик болбосо да – канчалык өзгөрүш жасаганы жөнүндө материал жыйнап изилдөөнү, көптөн бери ойлоп жүрчүмүн. Бактыма жараша аспирантурага кирип бир жыл өткөн соң, 1955-жылы илимдер Академиясынын тил изилдөө филиалы жагынан Кашгариядагы Уйгурлардын тилин изилдөө экспедициясы уюмдаштырылды. Экспедицияга катышуучулар тизмесинде менин фамилиям бар экенин укканымда абдан кубандым.

Экспедиция миңдеген чакырым жол басып Кашкар шаарына келди. Ал жерде тажрыйбалар топтоо максатында, убактылуу Бэшгирем деген кыштакта иштеп жаттык. Бул чыныгы кызмат эмес. Тек ишке көнүгүү – кезиккен кыйынчылыктар болсо, чечүүнү билүү үчүн гана.

Бирок, ишке киришип үч күн өткөндөн кийин, менин Үрүмчүгө кайтышым жөнүндө чукул телеграмма келип калды. Иштеримди тапшырып, жолго чыкмак болдум. Кашкар шаарынан бат эле жөнөп кетем деп ойлогом, бирок чукул жүрүүчү машина табылбагандыктан үч күн өрүү болдум. Акыры аргасыздан Кучар шаарына чейин, почта машинасы менен кетүүгө туура келди.

Почта машинасы жол үстү бекеттерге токтой берип, бизди абдан зериктирди. Жолдо Айдар деген кыргыз жигит менен тааныштым. Анын сүйлөп жиберүүгө эптүү эриндери, күлүңдөгөн көздөрү алиде эсимде турат. Адатта, мындай киши менен оңой аралашып кете албайм. Бирок, киши зеригерлик сапар үстүндө, экөөбүз бат эле тил табыша кеттик.

– Ошондой болот экен, – деп Айдар тынбай сүйлөйт. – «Ар күрөк өз алына жараша алат» дегендей, силер өңдүү илим менен баш катырбасам да, пешенеме жазылган эл кызматын иштемиш болуп жүрөм.

– Үрүмчүгө эмне менен барасың?

– Ээ, жолдош, бизде бир көлөкөсүнө ит жатпаган жетекчи бар. «Барасың», дейт – кетип калам, «келесиң» дейт экен, жетип келем. Үрүмчүдө иштеймин. Командировкага келгемин. Үрүмчүдө иштеген бир ууч кыргыз кадрлары барбыз, анын ичинде камгактай томолонуп, мен деле токтобойм...

Почта машинасы Такли-Макан чөлүн бойлоп үч күн жол жүрдү. Дем алган жерде Айдарды кепке салам, китеп окуйм, күндөлүк жазам. Жатаарда болсо, Айдардын Кызыл жолдуу палазын жерге жайып үстүнө төшөк сала баштайбыз. Түштүктүн желсиз, мелүүн түнүндө уйкуга кетебиз.

---

[1] Яркент аймагындагы элет кыштак. Профессор Малов ушул кылымдын башында Каргалыкта болуп, уйгур тилин транскрипциялап, изилдөө жүргүзгөн.

Кучар шаарына келген соң, почта машинасынан түшүп калдык. Антке-ни, почтаны мындан ары башка машина алып кетет экен. Ошентип, кайра транспорт машинасына отуруубузга туура келди. Машина Үрүмчүгө дагы үч күндөн кийин жүрөрүн билдик. Амал жок, мында да үч күн өрүү болдук. Деңдине[2] эки кабат коридорлуу бөлмөлөрүнүн бирин ээледик да, Айдар экөөбүз жүрөөр машинаны күтүп жатып калдык.

– Э-э, досум, сен билбейсиң. Гоминдан кезинде Кучар жаман болгон. Кайдагы дар тегинен качкандар ушул шаарга топтолуучу. Анан аялдарын айтпайсыңбы! Уйгурдун эң сулуулары ушул Кучардан чыгат. «Тулуфанди футо, Йэнжиди ма, Кучади.йэңгаңзы, Хамиди гуа»[3] деген ырлар бекер чыккан дейсиңби, – деп Айдар маа түшүндүрөт.

– Ал ырас –деймин мен, – бирок, азыр кандай болду экен?

Чынында Кучардын аялдары жөнүндө элге көп сөздөр таралган. Бул жердеги аялдарда динге жамынып ачык жүргүзгөн, денесин сатуунун өзүнчө бир ыкмасы болгон. Башка шаарлардан соода кылып Кучарга келген көпөстөр, мөөнөттүү катын албай кетишчү эмес. Не бир сулуу аялдар мына ушул жол менен байлык топтоочу. Мында аялдын жактыруусу шарт эмес, эркек тандап жаратса эле болду. Аны канча күнгө, канча айга аялдыкка аларын да эркек белгилейт. Көбүнчө бул соода иштеринин Кучарда канчалык жүргүзүлүшүнө байланыштуу. Мөөнөт эки-үч күндөн тартып, бир нече айга чейин болушу мүмкүн. Молдолор нике кыйганда, мынча күндүк же мынча айлык деп мөөнөтүн тактап айтып кыйышат. Мөөнөт бүткөндө аял ошол күйөөсүнөн жыйган-тергенин, тойлукка алган кийимдерин бүт алып чыга берет. Анан дагы бир мөөнөттүү күйөөнүн келишин күтөт. Далдалчыларын көчөгө коё берип, шаардын кайсы деңине кайсы көпөс келип түшкөнүн акмалатат. Мындай аялдар өз ара сүйлөшкөндө канча күйөөгө тийгендиги менен мактанышчу. «Сеники араң эле отуз жети болдубу, – деп алымсынбай сүйлөшө турган. – А меники кырктан ашканы качан!» Алар өзүлөрүнүн өтүмдүүлүгүн ушундай даңазалашкан.

– Сен мени ээрчип жүрүп отур, – деди Айдар жабышып. – Не бир кызыкты көрсөтөм. Дааратсыз жер баспаган кургур көрүнөсүң. Жүрү көчөгө чыгабыз...

Мен ал болбосо да шаар калкын байкоо, шаарды көрүү үчүн Айдарды ээрчип базарга чыктым. Жаандан баткак болгон көчөнүн четтерине кыдырата отуруп алышып, аялдар каймак, сүт, айран сатып жатышат. Көбү жылаңайлак. (Муну адат десе да болот!) Чекесине түшүрө салынган а...

[2] Жекелер башкарган мейманкана.

[3] Кытай тилиндеги эски лакап. "Турпандын жүзүмү, Кара-Шаардын жылкысы, Кучардын аялдары, Кумулдун коону даңктуу деген мааниде. Мындакы "Йэңгаңзы" "йэнге" (жеңе) деген уйгур тилинен алынган.

жоолуктарынын эки учун аркаларына бош таштап койгон. Биз алардын алдынан жай өтүп бара жаттык. Мен отурган аялдарды сүйлөткүм келди. Анткени, Кучардагы уйгурлардын тилиндеги сөз ыргагы (акцента) өтө сүйкүмдүү угулат. Бул асиресе аялдарынын сөзүндө ачык байкалат. Алар табигый сүйлөп жатканда, сөздөрүнүн аягын бир түрдүү маани берүүчү үн менен созуп айтышат. Бул Кашкар өрөөнү же Кулжа жактагы уйгурлардын сөз ыргагына мүлдө окшобойт. Эгер биздин экспедиция ушул жерге келген болсо, транскрипция үстүнө үн белгилерин туура коюу үчүн абдан кыйналган болор элек.

Биз аялдар менен атайын узакка соодалашып отурдук да, эки карапа айран сатып алдык. Карапасын алуу үчүн аялдар дөңгө чейин бизди ээрчип келишти.

– Бир да бир сулууну көрө албадым, – деп өкүнөт Айдар кеседеги айрандан ууртай отуруп.

– Сулууларга көп суктанба, – деп коём мен.

– Койчу аке, – Айдар оюн-чыны аралаш таарына кетет. – Түн жамынып баспаган кыргыз экенсиң!

Эртеси Айдар экөөбүз көчөлөрдү көпкө аралап жүрдүк. Мен бул күнгө чейин мусаллас ичип көргөн эмесмин. Ошон үчүн «мусаллас ичип көрөлү» деп Айдарга кеңеш бердим. Биз кишилерден сурагылап жүрүп, мусаллас сатуучу үйдү таап алдык.

Дарбаза ордуна коюлган кичине эшиктен өткөндөн кийин, жыйырма адымча жүрүп барып короосуна кирет экен. Чакан короого жүзүм өстүрүлүп барaң[4] жасалыптыр. Жүзүмдүн алакандай жалбырактары, күндүн ысык илебин калкалап тургандыктан, суу себилген короо салкын экен. Короонун үй жак капшытына жарым метр бийиктикке супа көтөрүп, анын үстүнө бир барча эски палаз салып коюптур. Тамга жөлөнгөн бир дутар[5], анын бер жагында, палаз четинде төрт бурч жоозу[6] турат. Мусаллас ичүүчүлөр ошол жоозуну тегеректей отуруп үлпөтчүлүк курса керек. Бул көрүнүш мага Кулжадагы кыргыздардын бозоканасын элестетти.

Аңгыча аркы үйдөн, он сегиз жашар чамасындагы бир келинчек чыгып келди да, супанын эшик жак дубалына сүйөнүп отура кетти. Колунда чыйратып ойногону жүзүмдүн жалбырагы. Ал өтө сүйкүмдүү, нары өңдүү экен. Үстүндө майда гүлдүү ак чыт көйнөгү бар, көк мата дамбалынын жамаачыланган багалеги, көйнөк этегинен эркин чыгып турат. Жыланайлак бутун аздап кымырып, бизден тартынгансыйт. Кара сатинден тигилген кемселинин топчуларын атайын чечип таштаган өңдөнөт.

[4] Оролуп же мурутчасы менен жармашып өсүүчү өсүмдүктөрдөн жасалган көлөкө.

[5] Эки кылдуу уйгур чертмеги.

[6] Тамак иче турган жапыз стол.

Бышып жетилген эки эмчеги кемсел менен көйнөктү барынча түртүп турду. Келиндин ак жуумал жүзүнөн кандайдыр бир тартымдуулук байкалат. Анын жөнөкөй кийимдери өзүнүн сулуулугуна жарашып турат. Келиндин ар бир кыймылы табигый, эркин болуп жаткансыды. Мен тиктеп карабай, жөн гана көз кыйыгым менен бакылай баштадым. Коюу, нары кара кашы көлөкөдө байкалбаптыр. Башына салган кызыл мата жоолук астынан карагаттай көздөрү менен биздин эмне кылаарыбызды акмалай жай гана күлүңдөп отурду. Кыязы, четтен келгенибизди ал байкаса керек.

Аны абдан баамдап калгандан кийин, Айдар жаркылдап ачыла баштады.

– Баса, ушундай сонун мусаллас болот деп уккам, жөн эле көчө кыдыра берген турбайсызбы. Мындайын билсем...

Ал келинчектен көзүн албайт.

– Бери, мени кара, Айдар, мусалласың, деңги кылбайбы кишини?

Бул суроого ордунан бир козголуп алып, келинчек жооп берди.

– Мас кылбайт, жүзүмдөн жасалат...

Мен Айдарга карадым да:

– Мурда ичип көрбөгөн соң аз ичели, бир бөтөлкө ичип көрөлү, – деп кеңеш бердим.

– Анчалыкты аялдар да ичет. Жаш жигиттер да коркот бекен? – Келинчек дагы сөзгө аралашты. Мен аны далдачылык кылып жатат го деп ойлодум.

– Ичели, – дейт Айдар жылмыңдап. – Экөөбүз экини, төрттү ичели, мен алам.

– Башка жерде дагы бардыр, жакшыраагын таап ичели, – дедим акыры. Айдар мусаллас сатуучу үйдү көздөй басты.

– Эң жакшысы ушул, – дейт келин күлүңдөп, – Бир көрүп байкаш керек да.

– Биз мунун жакшы-жаманын билбейбиз.

– Билип калаарсыз, биз деле энеден туулганда биле түшкөн эмеспиз.

Аңгыча Айдар бир бөтөлкө кочкул кызыл мусалласты алып, ашыга жетип келди.

– Тунук эмес экен, тунугураагы жакшы дешчү эле, – деди ал.

Мунун да кишилер өңдүү не бир түрлөрү бар. Тунуктары да бар, бирок, анын бир жаман жери кишини бихуш[7] кылат, – деди келин.

– Ошонусу жакшы да, – деп Айдар жабыша кетти. Келинчекти ынтызарлана жылмайып карайт.

– Анын лаззатын көрө албай каласыз. Бул кишини бихуш кылбайт, бардык лаззаты соо кезиңизде болот.

---

[7] Эсинен адаштырат.

Келиндин бул сөзүнө мен дагы, Айдар дагы жооп бере албай калдык. Бизден башка сөз чыкпаганы үчүн болдубу же башка себеп мененби, айтор, анын көзүндө бир түрдүү акылдуулук жылт этти да, төмөн карады. Анан кайра башын көтөрүп:

– Ичиңиздер, канга пайдасы бар, – деп койду.

Мен өзүмө тийген мусалласты көнбөгөндүктөн зорго ичтим, көбүрөөгүн Айдар ичти. Бирок, кетели дегеним үчүн, көчөгө чыктык. Айдар тамшанды:

– Мына, бүгүн көрдүм. Пери десе да болчудай экен өзүн! Бирок, акылэси дурус эмес го...

– Жинди демекчисиңби?

– Жок, көрбөйсүңбү: бизди сөз менен илип-тартып алат да, кичине жакындасаң кандайдыр өзүнө жологус кылып коёт.

– Мүмкүн, ал сенин оюңдагы аялдардан эмес чыгаар.

– Жакшы болсо, мусалласканада эмне кылсын. Сенин окуган аялдарыңан эмес булар, маданиятыңды билишпейт!

– Окуган, маданияттуу аялдар периште болот демекчисизби?

– Аял киши ичти деген сөз, айныды деген сөз, – деп кеп бербейт Айдар. – Кичине отура туралы десе, сүйлөшөт элек...

Эртеси таң заарынан туруп алып, тоок чакырып жатканда салкын көчөлөр менен гаражга тарттык. Машина тегерегине жүргүнчүлөр жыйналып калыптыр. Алиде абдан жарык түшө элек. Жардамчы шофер жүргүнчүлөрдүн билет номерин чакырып, кузовага иреттеп отургуза баштады. Төрт кишиден кийин мен, анан Айдар чыкты. Кары-жаш, эркек-аял болуп дегендей кузовдон жыйырма төрт адам орун алдык.

Эртең мененки саат төрт жарымда машинабыз козголду. Көчөгө чыгаарыбыз менен эле салкын аба бетибизге урунуп, кайдагы бир корукта чабылган жаш беденин жытын келтирди. Машинабыз шаардан узап чыккан соң, май куюп оозун бууган чаначтай, өзүбүздү таштап жиберип, шылкылдап уйкуга кириштик. Кээ бир уйкусу келбеген сергектер кыңылдап ырдап келе жатышты. Жерге жарык абдан түшкөн кезде чала уйку менен эстеп коюп, бир-бирибизге карашып да алдык.

Бир кезде Айдар мени тизеси менен түртүп койду да, ээги менен жаңдап жанымда отурган кишини көрсөттү. Карасам кечээки мусалласканада көргөн сулуу келинчек жанымда отуруптур. Ал кечээкидей нары сулуу, нары сүйкүмдүү. «Мунун күйөөсү кайсы болду экен?» деп ойлоп ага ылайыктуураак кишини отургандардан таппадым. Келиндин ары жагында сакалына ак кирген бир абышка отурат. Ал жүлжүйгөн көздөрү менен алысты карай, кудум өзүнүн бир жаштык өмүрү ошол жакка кетип

калгансып кыял сүрөт. Мен аны келиндин атасы деп билдим. Анткени, келин абышканын тизесине башын коюп, уктап кеткен болучу. Айдардын чырагына май таамп, күлүңдөй баштады.

Келин шабдаалы салган себетти кармап отургандыктан, жакшы уктай албай баратты. Улам ойгонуп, мазээ боло берди. Мен себетти акырын колума алдым да, кармап отурдум.

Келинчек шашкеге чейин эркин уктады. Бир маалда ал башын көтөрүп, маңдайына түшкөн чачын ордуна келтирди, анан кабагын салып, кайсы жерде кетип баратканыбызды байкоо үчүн тегерекке көз таштады. Ак жуумал жүзү аздап толуп, андан бетер сүйкүм көрүндү. Ал эртең мененки тунук абада, мээримдүү атасынын кучагында терметилип, уйкусун абдан кандырган өңдөнөт. Энесинин сүтүнө кана тойгон козудай монтоюп, бир кезде мага.карады:

– Сизди убара кылдым, мага бериңиз...

– Эч нерсе эмес, – себетин колуна бердим. Анын жакшылык жагы басым өңдөнүп, мени кандайдыр өзүнө тарта берди.

Бир аздан кийин:

– Кечээ сизди бир жерден көрсөк керек эле, – дедим келинге.

– Ооба, кечээ көрүшкөнбүз. Сиздер үрүмчүлүк болбосонуздар керек.

– Кулжалык. Сиз өзүңүзчү?

– Биз Үрүмчүлүкпүз.

Биздин ортобуздагы маек ушундайча башталды. Анда кандайдыр бир туума ак көңүлдүүлүк бар экенин сезгенимден кийин, эркин сүйлөшө баштадым. Айдар болсо андан көзүн албайт, күлүңдөйт, сөзгө кыстарыла кетет. Мен анын келин менен сүйлөшүүсүн да камсыз кыла отурдум.

Мындай эки башка мүнөздөгү адамдардын өз-ара мамиле жасаганын көрүү мен үчүн кызык да.

Кара-Шаарга жакындап келе жатабыз. Сол жагыбызда Теңри тоолорунун мөңгүлүү чокулары көрүнөт. Он жагыбызда Такли-Макан чөлүнүн чекенде, сөксөөл өскөн кумдак кырбуусу керилип жатат. Биздин «Газ» тынымсыз зымырайт. Басар жолубуз алиде узак. Күн болсо ысык!

Сөз арасында келиндин аты Михрихан экенин сурап билдим. Бул ат кыргызча Мээркан. Аны менен тааныша келе, сапар үстүндө дайыма болуучу жакындык менен, өтмүшүн аңгемелеп беришин өтүндүм. Жол кыскартуу баарыбызга орток иш эмеспи. Анын үстүндө олуттуу иш болбогондо Үрүмчүдөн Кучарга карапайым эл каттабайт да.

– Бизде эмне өтмүш? Окубаган кишилердин башынан эмне өтөт, – деди Михрихан. Анын акценти эми түндүк Уйгурлардын говору менен кетти. Бу дагы анын зейректигин билдирип турат.

– Ошондо да ар бир кишинин өтмүшү бар. Кокустук эле болбосо, ар кимдин азыркысы өтмүшүнүн жемиши эмеспи, – деп мен оюман чыгарып бир философияны айта салдым. – Айтыңыз, окугандардын да сизге теңеле албаган жери бар...

Михрихан ойлонуп калды. Анан атасын бир карап алды да:

– Эмнени айтам, энем ыраматылык кичинемде көп жомок айтып берүүчү. Мен анын баарын эле айтып бергенде билип алчумун. Бирге ойногон кыздарга айтып берсем, абдан таң калыша турган. Ушундан улам энем мени «Мэддан»[8] дечү. Ошол өңдүү сиздер да мени «Мэддан» деп жүрбөңүздөр...

– Кантип эле, – дейт Айдар. – Ал мүлдө башка нерсе да, – Айдар да уйгур тилин таза сүйлөйт экен.

– Айтып бер балам. Бирөө барктап көп сураса ага айтып берген жакшы. Кээде, киши өзүнөн сөз сурай тургандарды да таппай калат, – деди абышка.

Ал киши менин жаман нээтте эмес экенимди билип, ортодогу маекке данакер болгусу келди.

Михрихан өтмүшүн айтууга макул болду.

– Үрүмчүдөгү Хотенгей көчөсүн билесиздер, и, биздин үй ошол жерде. (Башынан айтайынчы). Энемдин эң кенжеси мен экемин. Менден чоңдору өлгөнү өлүп, жоголгону жоголуп[9] айтор үйдө өзүм эле чоңойгонумду билем. Мындан үч жыл мурда он алты жашымда, саа бала-бото болоюн деген бир жетимге ата-энем кошуп койду. Анын аты Махаммет болучу. Бир жылдай жакшы жашадык. Мен бирөөлөрдүн кирин жууп, тыйын-тыпыр таптым, күйөөм табылган эле кара жумушту жан дили менен иштеди. Иши кылып экөөлөп кыймылдап, карыган ата-энебизди багып жүрдүк. Туптуура бир жарым жыл өткөн соң, Махаммет бир күнү көп акча алып келип мага берди. Кайдан алганын айткан жок. Иштеп тапкандыр деген ойго келдик. Бир аз күн өткөндөн кийин эле аздап ичe баштады. Жатканда дайыма анын оозу арак жыттанып туруучу. Алды менен мен ага унчукканым жок.

Михрихан аңгемесин токтотуп, атасын карап алды да добушун саал басып мындай деп койду:

– Биздин ортобузда эч кандай суукчулук болгон эмес. Мен анын ичүүсүн жалынып жүрүп койгузмакчы болдум. Ал кээде, башка жерге

---

[8] Байыркы жомок китептерден сөз козгоп, көчөлөрдөн тыйын табуучулар. Мындайлар Кашкария жакта көп болуучу.

[9] Асыресе, Кашкар жактагы уйгурлар жер кезип келүүнү жакшы көрүшкөн. Кээде, андайлардын өлүү-тирүүсү билинбей жок болуучу.

конуп да калат. Иштеп тапкан акчасын алып да келбейт. Кээде, бир болбогон зөөкүрлөрдү үйгө ээрчитип келүүчү болду. Бир күнү кечинде соо келди.

– Сизге эмне болгонун билбеймин, – дедим мен, таарынган болуп. – Же айтпайт экенсиз... – Аягында келип чыны менен ыйлап жибердим. – Маа кийим керек эмес, атам, энем, сиз болсоңуз эле болду. Ушул күнгө чейин бирер ишти орундап бер деп сизге катуу турганым барбы?– деп ыйладым.

Махаммет ушул сөздөрүмдү угуп жатып эч нерсе айткан жок. Курудан куру үшкүрө берди. Мен өзүмчө бук боло баштадым, же кишиге айталбайм. Ата-энем билсе да үнчүгүшпайт.

Сөз ушул жерге келгенде машинабыз бир булактын боюна келип токтоду. Жардамчы шофёр машинага жаңылап суу куйду. Мен Михрихандын сөзүнө абдан кызыктым. Машинанын тезирээк козголуп үзүлгөн мектин кайра уланышын такаатсыз күттүм. Акыры жолоочулар да чыгып орундарына отурушту. Машинабыз чыгыш түндүктү бетке алып сапарын улантты.

– Сөз алтын оозуңузда, – дедим мен жайланып отуруп алган Михриханга карап.

– Ошентип ичим абдан күйүп жүрдү, – деп сөзүн улады Михрихан. – Анын колунан жамандык келүүчү жигит эмес эле. Көзүнөн жаман ойдун учкунун табуу кыйын. Эмне үчүн экени белгисиз, бир күнү эртең менен кетип, ошол бойдон кечинде келген жок. Бир жерде иштеп чарчаган соң конуп калгандыр деп ойлодук. Бирок, ың-жың жок жоголуп кетти. Кимден сурайм, кошуналарыбыз бизге кошулуп таң калышат. Күндөр, айлар өттү, жок! – Михрихан улутунду,

– Ал качып кетиптир, – деди абышка.

– «Колдо бар алтындын баркы жок» деген ушул да, – деп шыпшынат Айдар.

– Анан күйөөңүз табылдыбы?

– Табылды, кайда кетет дейсиз. Ушул жарык дүйнөде киши жоголмок беле. – Михрихан күлүп койду. – Туптуура бир жыл өткөн соң анын ушул Кучарда жүргөндүгүн бир киши айтып келди. Бар экенин укканымдан кийин эле, Кучарга жете турганымды энеме айттым. Энем ал кезде төшөк тартып жатып калбаган менен, илең-салаң болуп, сыркоолоп жүргөн. Атам, – Михрихан ээги менен абышканы нускады– аз иштөөчү, кыскасы аларга жалгыз өзүм гана карап калгам. «Карыганда бизди таштап кайда барасың» деп энем ыйлап болбойт. «Андай таштанаак немени эмне кыласың» дегенсип келип башка бирөөгө берүүнү ойлойт. Мен ал кезде абдан чоңоюп калгам. Күйөөгө бериле элек кыздардан

бетер, үстү-үстүнө жуучулар кирип, кулак-мээмди жей берди. Асиресе, Махамметтин өзү бар кездеги зөөкүр жолдоштору мени ала качмак болуп да тооруп жүрүштү. Мен алардын бирине да көнгөнүм жок. Кир жууп жүрүп машинага кирелик акча жыйдым. Эгер үйдөкүлөр ынабаса жашыруун кетүүнү да ойлодум. Бирок, алар да менин пейлимди түшүнүп, ыйлай-сыктай ыраазылык беришти. Ошентип мен жалгыз өзүм Кучарга күйөөмдү издеп кетип калдым...

– И, балким кыйынчылыкта тапкандырсыз?

– Жо-ок, тапканда да кудай мындай кезиктирбес. Мен машинадан түшүп жатып эле ага кабыла кеттим. Көрсө, ошол дендин короосун шыпырып, суусун ташып, кара кызматын иштеп жүрүптүр.

– Деги, таалайы бар бала, – деди абышка.

– Кийимдери тытык, – деп койду да Михрихан алыскы тоонун этектерине көз таштап үнчүкпай калды. Анын муңдуу жүзүн көрүп, мен эриксиз төмөн карадым.

Машинабыз саздак жыттанган Кара-Шаарга кирип келди. Убакыттын кандай өтүп, канчалык жол басканыбызды да байкабай калыппыз. Кечки саат жети болуп калды. Биз бул жерде кире мекемесинин конок үйүнө түнөмөкчү болдук. Абышка менен Михрихан үчөөбүзгө кечки тамак алып берип, Айдар конок кылды. Михриханды жандап алек боло баштады. Михрихан күлсө күлүп, шылдыңдашып жатканы менен көңүлүмдө такыр эле экөөнүн эби кыйышпай турду. Баарыбыз эшикке жаттык. Аздан кийин эле себелеп келген жаан бизди үйгө кууп кирди. Михрихан аялдар жаткан бөлмөгө бөлүндү. Айдар буга абдан өкүндү:

– Кудайдын күнү!

– Эмне болду? – деймин мен.

– Карабайсыңбы кууп киргенин!

– Жаан басылганда чыгып жатаарсың.

– Эми кереги эмне!

Мен андан ары сүрүштүрбөдүм! Машина соккулап, чарчаганым үчүн бат эле уктап кетипмин.

Эртеси эртең менен дагы үрөң-бараңда жолго чыктык. Михрихан бизге жылуу чырай көрсөтүп, башкаларга караганда биз менен абдан үйүр алышып калгандыгын билдирди. Күн шашкеде эле ысып коё берди. Михрихан көкүрөгүндөгү топчуларын чечип коюп, жанымда эркин отурду. Деги Михрихандын табияттын өзүндөй эркин экендигин айтып түшүндүрүүм кыйын.

– Михрихан, сиз окубаган белеңиз? – деп сурадым мен машина жолго түшүп алган соң.

– Кантип окусун, жалгыз бала турса, – деди чал.

– Кана эмесе, көчөөкү сөзүңүздү улаңыз.

– Зерикпедиңиздерби? – күлдү Михрихан. Анын күлкүсүн тажабай уга беришиң гана керек.

– Жо-ок, зеригет дегениңиз эмне! Ошентип Кучардан күйөөңүздү таап алдыңыз. Анан эмне болду?

– Ооба, аны Кучардан таап алдым. – Михрихан эми сабыры суз улутунду. – Үрүмчүгө кетели десем, азарда-безер болуп ыйлайт. «Макул эмесе», дедим да Кучардан үй кармап туруп калдык. Эмнесин айтайын, мен барсам кирдеп чирип кете жаздаптыр. Кирин жууп, жыртык-тешигин жамап кайрадан адам кылдым. Бекер жүргүчө деп топу саюуну үйрөнүп алдым да, топу жасап сатып акча таптым. Ал да иштеп жүрдү. Эки ай өткөн соң дагы баякы изине түштү. Үрүмчүдө бирге жүрүүчү зөөкүрлөр дагы аны менен Кучардан табышып алды.

– Токтоңузчу, Михрихан, бу сиздин күйөөңүздү өкмөт бир жерге орноштурган эмес беле? Азыр бардык кесип уюмдашкан да.

– Билбейм, өкмөткө да иш сурап барбаса керек.

– Эми күйөөңүз каерде?

– Дагы качып кетип отурбайбы? – Абышка кыжырданып койду.

– Михрихан! – деп өзүнө каратып алды Айдар, анын чыдамы түгөнүп баратса керек. – Саа ким эле болсо... – деп ары жагын айталбай калды.

– Мейли, – деди Михрихан сабырдуу үн чыгарып. – Мен кичинемде тийгемин. Ал тирүү эле болсо, акыры түзөлүп кетет. Өзү андай жүргөнү менен ак көңүл, жоош. Эки айдай болду, же болбосо жок.

Михрихан өзүн айыптуу сезгенсип, айланкөчөк болуп жаткан жолдун четин карады. Биз баарыбыз үнчүкпай калдык.

Машина жолун улантууда. Байкасам, Айдар да ойлонуп келе жатат.

– Михрихан, сиздерде бала болгонбу?

Ал тумандуу кыялын серпип, козголуп койду. Жооп берген жок. Аны бекер уйку басып жүрбөгөн экен...

Алар эң ысык деген жайлардын бири Токсун шаарына эрте эле келди да, ошол жерде конмок болду. Мында да транспорт мекемесинин мейманканасы бар. Кечинде мен аларды конок кылып, тамакты да төртөөбүз бирге ичтик. Айтышына караганда бечара Михрихандын энеси жакында каза болуптур. Атасы кары киши, жалгыз туралбай Кучарга издеп келип, кызын ээрчитип бара жатканы экен.

– Эми, Махаммат дагы бир жерден табылганча атамды бага турайын дедим. Кучарда сиздер менен мусалласканада жолугуштук. Ошо күнү аны-муну ойлоп көөнүм абдан жабыркады. Бир жагынан энемди көрбөй калганыма ичим күйдү. Эл, мусаллас ичсе кайгыны басат деген соң бир ичип көрөйүн деп киргем...

Кечинде мейманкананын кең короосуна бир-бир бойрону сүйрөп келдик да, төшөк сала баштадык. Кузовадан жүгүн ыргытканда Айдардын жуурканын орогон палазды мык илип, айрып кетиптир. Аны Михрихан көрө койду.

– Токтоңузчу, Айдар аке, – деп ийне-жибин даярдады да айрыкты колуна алып жамап кирди. Айдар ага бир тууганындай мамиле кыла баштаганын байкап турдум. Чынында да ушул эки күн ичинде биз Михриханды өз карындашыбыздай көрүп кеттик. Анын кайгысына чын жүрөктөн орток болдук.

Төшөк салып алган соң мен далайга чейин уктай албадым. Он жагымда Айдар жатат, анын да уйкусу качкан. Сол жагымда Михрихандын атасы, анын ары жагында өзү жатат. Мен Айдардын уктай албай чабалактаганынан улам мындай деп тамашаладым:

– Айдар, бүгүн күн жаабас. Жылуу төшөгүңөн козголбой эле жатаарсың!

– Ай, эми жаабай калды го, – деди Айдар, анан күлүп жиберди да: – жаабасына көзүм жетип калды, – деп койду.

Мен ичимден күлдүм. «Михрихандын табияты анын напсисинен улуу чыккан экен», деп ойлодум. Эх, Михрихан, Михрихан!

Уйкум такыр келбеди. Алыскы асманда жылдыздар жайнап турат. Кээ бир жылдыздар кызык, эңкейип алып көзүнүн асты менен карагансыйт. Кээси күлүңдөйт. А кээ биреөлөрү нурун чачып эркин тургансыйт. «Бирок, ааламдын сыры бир эле, окшош эле» дегенсип бардыгы жымыңдап өз алынча күйөт. Ал эми кээ бирлери тарап-тарапка чолок нурларын чыгарып турат. Анысы – арбайган кызыл буттары жанып турган бир жаныбар өңдөнөт. Жаныбар демекчи, Токсун өтө эле ысык жер. Мында жергиликтүү эл «эшек» деп коюучу кадимки эле сары чаян көп. Ошон үчүн жүргүнчүлөр жайкы ысыкта көбүнчө үйгө жатуудан коркуп, тышка түнөшөт. Ал чакса киши кеминде үч күн турбай калат. Мен да ошону ойлоп аржак, бержагымды кымтыланып, ыңгайсызыраак жаттым. Бир кезде уктап калыпмын.

Эртеси Токсундан чыгып Үрүмчүгө эрте эле келдик. Жолдо Михрихан менен баштакыдай эле бир туугандарча мамиледе болдук. Күйөөсүнүн эмнеге качып жүргөнүн сурадым эле, билбей турганын айтты. Маа эң керек болгон суроо ушундайча жоопсуз калган. Бирок, анын кызык сырын кийин түшүнүү мүмкүнчүлүгү болду. Үрүмчөгө келгенден кийин үч айча туруп калдым. Кетээрде элдик сотто иштеген бир досума, түнөп кетүүмө туура келди. Ал өзү ак көңүл, түз жигит болучу.

– Ко-ош, баатыр шакылдатып эле терген жатасыңбы? – деп тамашаладым.

– Коом болгон соң, тергелүүчүлөр чыгат да, – деп коюп ал мени күтө баштады.

Аны менен көрүшпөгөнүмө бир нече жыл болгон. Абдан сагынгандыгыбыз үчүн ошончо жыл ичинде көргөн-билгенибизди айтып, чер жазышып узакка отурдук.

– Алдыңкы күнү, – дейт досум Брэнди суусундугунан ууртай отуруп, – бир кызыктуу ачык сот жүргүздүк. Эл да көп жыйналды...

Мен анын сөзүн сүрөп «и, анан» деп коюп отурам.

– Үрүмчүдө бир атактуу зөөкүр бар эле, аты – Музат болучу. Мындан бир жарым жыл мурда бир жаш баланын аялына ашык болуп калат. Ал аялды көрсөң сен да ашык болуп каласың, карт бойдок эмессиңби, – деп тамашалады ал. Мен анын баягы Михриханды айтып жатканын түшүнгөнүм жок. – Өтө сулуу жаш аял экен. Анан алиги зөөкүр «муну кантип колго түшүрүп алсам», деп ойлоп жүрүп, анын күйөөсүнө кумар үйрөтүүнү ылайык көрөт. Анысы жоош, бир жетим өскөн бала экен. Кумар үйрөткөн күнү зөөкүр уттуруп койгон болуп, көп акча бериптир. Эртеси азыраак, анын эртеси дагы азыраак, кыскасы беш-алты күндүн ичинде зөөкүрдү бала «жылаңач» калтырат.

– А бала тузактуу капканды билбейт да...

– Ооба, «мен чыны менен эле утуп жатам» деп, кумарга абдан киришип алат. Он чакты күн өткөрүп барып, акчаны жогото электе зөөкүр баланы кайра шыпыра баштайт. Ортодо сезип койбосун деп бир-эки жолу уттурумуш болуп да коюптур.

– Мунуң бир кызык экен, и, – дедим мен.

– Мунун баарын зөөкүр сот алдында айтып мойнуна алды. Ошентип, ал уттурумуш болгон акчаларын кайра шыпырып алган соң калп эле катындарын сайымыш болгон кишилерди таап акыркы ирет таукага[10] отурушат. Муну да бала түшүнбөйт. Ойногун деп кызыктырган соң ал да катынын сайып оюнга катышат. Мына ушуну гана күтүп турган зөөкүр чүкөсүн калчайт да бирден эле келтирип алат.

– Оой, залим ой, турмуштун өзүндөй жасаганын карачы!

– Ошентип, зөөкүрүңүз беш секунд ичинде үч катындуу болот.

«Эми бул үч катынды бирдей кармап турууга өкмөт уруксат кылбайт» деп кеңеш курушуп, берки эки катын үчүн акча кесип төлөтүп алган болот. Ал эми зөөкүр өзүнүн ашыгын өтө кымбатка баалайт. Бала аны өмүр бою иштесе да төлөй албайт экен. Эмне үчүн десе, «булардын катындары кары, а сеники жаш, ары сулуу, ушул акчага татыктуу» дешет. Анан же катыныңды же акчаңды бер дегенде бала ойлонбостон эле катынын

[10] Кумар чүкөлөрү калчануучу коломтодой аянт.

берүүгө касам ичет. Бала үйүнө келип катынын көрөт да кутулгус бир балаага кирептер болгонун түшүнөт. Берейин десе келинчегин кыйбайт, бербейин десе касамынан коркот.

– Гөөдөк десе, саа чуркап келсе болмок, оңой эле бүтүрмөксүң да.

– Өкмөт органдарына айтпайм дегизип да касам алыптыр баладан. Акыры бала Үрүмчүдөн безип Кучарга келет, – деди досум эт кармап майланган колун аарчып жатып.

Кучар аталган соң кандайдыр маа тааныш окуя баяндалып жаткансып, эсиме кимдир бирөөлөр түшө баштады. «Чыны менен эле ошол болуп жүрбөсүн», деген ой менен досумдун сөзүн бөлүп мындай дедим:

– Токтой турчу, мен дагы ушуга жакын бир окуяны билчү элем жаш сулуунун аты Михрихан болуп жүрбөсүн?

– Ооба, Михрихан.

– Эх, Михрихан, Михрихан! – дедим, да ордуман туруп кеттим. Досум маа таң кала карап калды.

– Сен буларды тааныйсыңбы? Кайдан жүрүп билесиң?

– Тааныйм, абдан тааныйм, бечара Михрихан, ал али да көз алдымда элестеп турат. Бул иш силерге кандайча билинди?

– Тиги бала Кучарга кеткен сон зөөкүр Михриханды алуу үчүн көп аракеттенет. Бирок, коркот. Кийин Михрихан күйөөсүн издеп Кучарга барса, зөөкүр да артынан барат. Зөөкүр ал жерде да баланы кыйнайт.

– Түшүнүктүү, баланын Кучардан качкан себеби да ошол турбайбы.

– Ооба, бала экинчи качкандан кийин Михрихан Үрүмчүгө атасы менен келет. Зөөкүр баланы көчөдөн шап кармайт да бир үйгө алып барып «Өлтүрөм, болбосо утуп алган катынымды бер!» деп бычагын сууруп, баланын кокосуна такайт. Зөөкүрдүн мына ушул акыркы аракети, өзүн бизге баштап келди. Бала амалсыз келип түндө аялына айтат. Эртеси эле келинчек бизге арызданды. Зөөкүрдү дароо колго алдык да, изилдөө жүргүздүк. Алдыңкы күнү болсо, эл жыйнап ачык сот кылдык. Зөөкүр түрмөгө кесилди, бала коё берилди. Михриханыңыз кыйын экен, – деди досум өзүнүн корутундусунда. – Көпчүлүк алдында, өзүнүн турмушу бузулуп азап чеккенин, майын тамызып туруп айтып бергенинде зөөкүргө кыжырданбаган киши калган жок.

– Жашасын Михрихан! – деп жибердим мен кубанып...

Ушу түнкү кабардан кийин менин оюм көпкө чейин, кайда болсом да бүтүндөй Михриханда болду. Анын мусалласканадагы алгачкы көрүнүшү, жол боюндагы ширин аңгемеси, Айдардын палазын лыпылдата жамап киргени кыскасы, бардыгы көз алдыман бир-бирлеп өтө берчү болду. Мүмкүн, анын элеси менде дагы узакка сакталаар деп ойлойм.

## АЖЫРОО

Сиз мени, балким, кээ бир күлүңдөгөн сулуу аялга көөнү түшүп калаар деп ойлоорсуз. Сөзсүз жаңыласыз! Анткени, өз кезинде ошондой бир сулууга кадимки жанар тоо өңдүү жалындадым да өчтүм. Биз, эркектер, чынында өз өмүрүбүздү сулуу аялдардын жалооруй караган көзүн, күмүш коңгуроодой шыңгыраган күлкүсүн, жан эргиткен ширин сөзүн көп кезиктире албайбыз. Бул – сулуулардын мыктылыгынан эмес, бул сулуулардын кымбатын сактоо үчүн турмуш койгон ченем! Эркектердин сулууларга кыйылып түшөөр себеби да ушундан.

Мен да аял затынын бирине ашык болуп, анын балдан ширин азабын тартуудан мурдараак торго түштүм.

Турмуш куруу мезгили жетет экен, ага жолтоо болоор нерсени издебейт эмеспизби. Изделүүчү нерсе өзүнөн-өзү түшүнүктүү. Суугуна тоңуп, ысыгына бышкан өмүрлүк бир шерик керек дейбиз. Эгер ал чырайлуу болсо, артык оокат баш жармак беле, көз менен көңүлдүн курту уу сепкендей четинен кырыла бермек!

Мен боз балалык өмүрүмдөн оңой кутулдум. Азыр аны эңсеп отурганым болбосо, өз кезинде анын кымбаты мен үчүн бир эле жез тыйынга турарлык болучу. Эми болсо, алтын акчаларымды артынан жүрүп сатып ала албаймын!

Ошончодон карагат көзү ойноктогон; кара каш, ичкерээк келген жапалдаш бойлуу, субай-салтаң, кара тору келин кайырмагыма илиниптир. Чындыгында кимдин кайырмагына ким илингенин бир кудайдын өзү билет. Канча мээлесең да ок ажалдуууга тиет эмеспи. Ал жанымда басып бара жатканда эмчегин титиретип, анда-санда күлө карап, маа ыктай кеткенде аял алуунун касиеттүүлүгү боюма жылуу кан ойнотуп, «сүйүү, махабат» дегендерге ыраазы болгон минуталарым эсепсиз.

Жок, окуучум, азыр эсепсиз деп айталбайм. Турмуш, кийинчерээк эсепсиз нерсе жок, экенин, баарынын эсеби бар экенин, баштан өткөн жакшылыктын да, жамандыктын да акыры өз чөнтөгүңөн төлөнөөрүн далилдеп берди. Мындан кишилер качып кутула албасын да көрдүм.

Мага турмушка чыккандан кийин туптуура сегиз ай өткөндө, ай-күнү толуп аялым эркек төрөп берди.

Төрөткананын эшиги алдында кубанганымдан ары-бери басып, жакамды муунта кармап, мына бул сөздөрдү кайталадым:

– Кудуретиңен айланайын, кудайым, баламды эртерээк колума карматканыңан миң тегеренсем аздык кылаар...

Мен динге ишенбеймин. Кудайдын бул кудуретине жалынуу оозума кандай келгенин билбейм. Төрөт үйүнүн терезесине жабыша калып,

сүйгөн жарымдын, башкача айтканда, баламдын энесинин дидарын көрүүгө ынтызарландым. Акыры аны көрдүм. Кроватта халатчан жаткан экен. Чүпүрөккө оролгон кол башындай наристем да жаткансыйт. Аялым ак жуумал тартып, мурдакыдан да өңдүүрөөк. Ал мени көрө койду да, акырын жылмайды. Мен эки жама-жайым канча чоюлса, ошончо чоюп, ал түгүл, оозумду аңырайта ачып тартынбай эле каткырып жиберипмин!

Терезеден аялыма колумду булгадым да, шарт бурулуп дүкөнгө чуркадым. Көрүндүк үчүн сестраларга шоколад алып жатканымда колдорум калтырап, эстен тана арсалаңдап, кубанганымды сездим, көргөндөр күлүшөт!

Төрөтканадан чыгарып алаарда «Москвич» машинасы бар айылдаш бирөөгө жалынып-жалбарып, жатып аялымды наристеси менен үйгө жеткизүүгө көндүрдүм. Менин да өзүмө ылайык дос, душманым бар. Алардын көзүнчө араба же бортовой машинадан пайдаланууну ылайык көргөнүм жок.

Биз жадырап-жайнап машинадан салтанаттуу түшүп жатканыбызда картаң жеңем бөйрөгүмө укуп өттү.

– Өпкөңдү бас, эмнеңе арсалаңдайсың?!

Мен салмактуу болууга тырыштым. Бирок, салмактуу боло албадым. Үйгө аялдар келе баштады. Эмне иштешим керек экенин да билбедим. Колуман келгени эле көл-шал түшө тердеп, аялдарга белек суна берүү болуптур.

Аялым кроватта отуруп алып чыканактай наристесине көкүрөгүн такап, ага мыйыгын козгой узактан узак карайт.

Муну көрөм да: «Эх, энелер, – деймин ичимен. – Эненин милдетинен артык дагы дүйнөдө кандай ыйык милдет бар? Булар дүйнөгө адам берет, адам!»

Аялым тез тыңыды.

Бардык шартын колуман келишинче жасадым. Турмуш жакшы болгон соң эмнесине аянайын. Бир айга чейин муздаткычтан жаш эт үзүлгөн жок.

Балам үч айдан кийин эле күлүп келди. Аялым экөөбүздүн өңүбүз кара тору болсо да, балабыз чийкил сары келип, бетин аппак майда түк каптап турат. Анысына караймбы, жыпжылаңач чечинтип алам да, баланы курсагыма жаткызып коём. Бакадай тырбалаңдайт. Курч тырмактары менен боорумду тытат, кылжыңдап башын көтөрүүгө аракеттенет. Мен сары башымдын ушунусун өлөөрчө жакшы көрөм!

Бир күнү күтүлбөгөн, таң калаарлык бир окуя жүз берди.

Эртең менен балам экөөбүз жогоркудай ойноп жатканыбызда, аялым балыктай толгонуп, тактайды солкулдата, боортоктоп жаныма жата кетти:

– Карачы, мурду кудум эле өзүңдүн мурдуңду тартыптыр, – деди ал күлүңдөп көзүмө карап.

– Жок, – дедим мен ак көңүлүм менен, – мунун мурду сенин мурдуңду тарткан. Менин мурдум, көрбөйсүңбү, аз бел баскак, а мунуку болсо кырдуу. Ал түгүл, кырында кичине дөңү да бар...

– Анда сага эмнеси тарткан? – деди аялым дагы тигиле карап.

Аялымдын бул сөзүн жактырганым жок.

– Бала сөзсүз мага окшоп төрөлүшү керек бекен? – дедим мен.

– Анан кимге окшош?

– Менимче, адамга окшойт. Анткени, мен дагы, сен дагы – бардыгыбыз эле адамбыз.

Аялым жаткан жеринен ачууланып тура калды:

– Эмне себептен мага окшош дебейсиң, – деди ал кабагын салып. – Андай айтпагандан кийин муну башка кишинин баласы дегениң да!

Жүрөгүм шуу дей түштү. Мен калп айтканды жек көрөм. Анткени, менде калп айтууга мажбурлай турган жаман нээт жок.

– Мен ошондой дедимби?

– Айтпаганың менен белгилүү да, мурду окшобойт дегеніңчи...

– Кудай урбадыбы, баланын мурду менин мурдума окшоп турабы?

– Окшоп эле турат! – деди аялым мени карап мостоюп.

– Болуптур, – дедим амалсыз, – окшогону да окшобогону да баары бир.

Бирок, жүрөгүмдүн толтосунан бирөө мыкчый кармап, аны чакадагы муздак сууга чылап тургансыды. Муну тышыма чыгарганым жок. Бул күтүлгөн эмес эле да. Аны кандай шайтан кытыгылап, ушул абалга келтирди болду экен?!

Аңгыча төшөгүмдө жаткан бала ыйлай баштады:

– Ме, бөлө, – дедим аялыма, – уйкусу келди.

– Өзүң бөлө керек болсо, – деди аялым бултуңдап. – Адам экен деп тууп берсе... – ал терс мүнөз көрсөтүп, тактайды тарсылдата басып, эшикке чыгып кетти.

Мен анын артынан таң кала карап калдым. Сары башымды карасам ыйын токтотуп, көкүрөгүмдөн эмчек издеп жабышкак, муздак эриндерин денеме такайт. Кайра келеби деп эшик жакка кулак түрөм, шыбыш билинбейт. Үн чыгарып, селкилдетип ары-бери бастым. Бирок, наристе соронбоду. Акыры, айлам кетип, короого чыктым. Бейкут турган бак-дарак, кашаа түштү көзүмө. Жок дегенде бир минута мурда алардын жанынан өткөнү да билинбейт аялымдын. Бала чырылдаган сайын бирдемеге кыжырым келет. Наристенин үнү кардыгып, алсыз гана кыңылдай баштады. Кичинекей курсагы кабышат да кайра жазылат. Жарым сааттай убакыт

өткөн соң бала уктап калды. Бир кезде чоң жеңем менен аялым кирип келди. Жеңем бирдемени сезип салмактуу болууга аракеттенгенин байкап калдым. Аялым болсо, эки көзү кызарып чыны менен ыйлап алыптыр.

Жеңем баланы алды да, бетин ачып, боргулдана тердегенин көрдү.

– Ме, өпкөсү көөп калган тура, – деди аялыма.

– Баксын өзү баласын, – барк этти аялым. Өзү үй ичинде бирдемелерди кармалап, ары-бери тез-тез басып жүрөт. Эмне кылып жатканы белгисиз. Көзүм ошондо «Бул эмнеси? Кандай балээни баштап алды?»

– Ме, жаткыз!

– Жаткызбайм!

– И, өлүгүңдү көрөйүн-ий! – деп тилдеп жиберди жеңем. Бирок, мыйыгынан күлө ордунан турду да, баланы кроватка жаткызды, анан менден:

– Эмне болду, силер да урушасыңарбы? – деп сурады.

– Урушуптурбузбу?

– Анан эмне?

– Ой, жеңе, өзүнөн-өзү бултуңдап жүрөт, баланын мурду...

– Койчу, деги, – деди жеңем сөзүмдү бөлүп. – Баланын мурду эмне болуптур, сенин мурдуңа эле окшоп турат. Жаш бала болбогондон кийин ошондой сөз козгоп эмне кыласың?

– Ой, кара кашка ит болуп калайын ошол жөнүндө ойлосом.

– Анан, эми ойлоноюн дедиңби?

– Эми ойлонуунун деле кереги жок, мен жөн эле жаткам...

– Анан жата бербейсиңби, баланын мурду жамбашыңа сайылдыбы? Уят да...

– Ой, жеңе, сиз кызык экенсиз, – дедим чыдабаганымдан. – Билип анан сүйлөш керек да. Жок дегенде сөзүңүздүн кымбаты болсун да.

– Кой, көлөкөм, – деди жеңем ордунан туруп жатып. – Эл укпасын. Силер жашсыңар, антпегиле. Келиним ыйлап жетип барганында үйдө киши бар эле. Уялганым, ай! Жакшы жүр, сени элдин баары жоош дейт. Анан болор-болбос бирдемени козгогонуң уят. Кой, мен кетейин. Келиним сен дагы кечиримдүү бол. Эркектер бирдемелерди айта берет. Анын баарын териштирип отурсак, түбүнө жете албайбыз...

Жеңем чыгып кетти. Аялым болсо көзүнө жоолугун коюп, кудум менден катуу зыкым көргөнсүп, корголоп алыптыр!

«Ой, шумдугуң кургур, мунун мен билбеген сыры көп окшобойбу!» – деп ойлоп отурдум. Аялым: «Эмкиси бул!» дегенсип кыймылдап, баласын жаңылап ороду да, көтөрүп алып эшикке жөнөдү.

Дагы бир балээнин учугу саптала башталса керек деп тынчсыздандым.

– Кайда барасың?

Аялым өңүн суутуп, жоопсуз чыгып кетти.

Кетип бара жатканда анын балбылдаган көзү менин көзүмө бир секунда чагыла түштү. Өңү мурдагыдай болсо да, эмнегедир өтө жийиркеничтүү сезим пайда боло кетти мага. Тфу! Бул эмне деген жорук? Кимдир бирөөлөргө айтсам ишенээр беле? Аялымдын мындай мүнөзү барын билген эмес экенмин да. Өзүмдө бар нерселер мында да бар депмин, көрсө, мунуку артыгыраак тура! Көңүлүм сууп, өзүмөн-өзүм кылмышкер боло кеттим. Элдин баары билип койгонсуп, эшикке чыгуу мага барып турган адепсиздик өңдөнду. Чындыгында «Жетимге жөтөлдүн эмне кереги бар?» Мага мынчалык назиктиктин зарылдыгы жок экенин да ойлойм.

Ошол күнү аялым кеч келди.

«Кайда бардың? Кайда турдун?» деп сураштырганым жок. Антүүгө акым да жок. Эмне үчүндүр анын үйгө келгенден кийинки кылык-жоругуна, сүйлөгөн сөзүнө кылдаттык менен байкоо жүргүзө баштадым. Бул күнгө чейин оюма келбеген иш! Шектүү эч нерсе билбеген соң, аздап жибидим окшойт. Бирок, шектенүүнүн кандай маанайда болоорун билсем буюрбасын!

– Сен эмне үчүн көңүлүңдөгүнү ачык айта албайсың?–деп сурап калды акырында.

– Менби, менде жашыра турган эч нерсе жок.

Аялым үнчүкпай ойлонуп жатты да:

– Мен мындай эркекти жаман көрөм, – деди бирден эле. – Азыр да жасап сүйлөп жатасың.

– Кудай урбадыбы, көр-жерди айта беришим керек бекен?..

Ал буга да жооп катпады. Мен этибар бергеним жок.

Эртеси иштен келсем, үй ичи жыпар жыттанып, айрыкча кооз жыйналыштырыптыр. Ал түгүл, короолор да шыпырылып, бардыгы таптаза! Өткөн иштердин баары өзүнөн-өзү унутулду. Аялыма ыраазы болгонумду сиздерден жашыра албаймын, ал асмандагы жаркыраган жылдыздай сезилди мага...

* * *

Балам там-туң басып калган кезде аялым дагы боюна бүткөнүн айтты. Кубаныч! Мен балдарымдын энесин, аны-мунусуна карабай мойнума мингизип алып, көтөрүп жүрсөм арданбас элем. Анткени, ал төрөп берет. Үй оокатына тың. Анын үстүнө үй-бүлөдөгү кыжы-кужуну жек көрөм. Андай бирдеменин чыга калбастыгын көздөп, көбүнчө аялымдын кабаккашына карайм.

Бирок, ойлонбогон дагы бир кырсык күтүп жүргөнүн билбепмин. Кырсык деле эмес, эмне деп түшүндүрсөм, айтор бир бактысыздык! Бул бактысыздык ушул күнгө чейин жүрөгүмө айыкпас жара калтыргансыйт.

Бир күнү түшкө маал үйгө келсем, аялым эки бутун эркин сунуп таштап, кыңылдап ырдап, өзү ала келген жалгыз чемоданга кийимдерин иреттеп салып жатыптыр. Анысына этибар бергеним жок.

– Чайың барбы? – дедим мен.

– Тигине кайнап турат, – ал плита жакка ээгин жаңдап койду.

Мен ойноп отурган сары башымды колума алып:

Азыр ча-ай ичебиз, мамасы бизге ча-ай берет, – деп ойното баштадым.

– Куюп ич өзүң, – деди ал. Анан дагы кыңылдап ырдап отура берди.

– Эмне болду?

Аялым: «Эх, бечара!» дегенсип мени карап калды.

– Куюп ич, мен жок болсом кантесиң? Же мени малайлыкка бирөөдөн сатып алдың беле?!

– Мына, кызык... Айтор, сенин капысынан чыга калмай чырт этмең бар экен...

Бул сөздү капарына да албастан ал мурдагыдай эле кыңылдап ырдап отуруп, кийимдерин чемоданга салып бүттү. Улутунуп ордунан да турду.

– Кишилерде адамкерчилик деген бир ыйык касиет бар, – дедим мен. – Бу, сен, эмне ойлосоң ошону гана жасайт турбайсыңбы. Баертең мен кеткенде жакшы эле турбадың беле...

Аялым: «Эмне кылсам ушуну!» дегенсип улутуна мени бир нече секунда тиктеп алды да, сүйкүмдүү гана башын кыйшайтып, кийине баштады.

– Деги, эмне болуп кетти, садагаң кетейин, айтчы?

– Сен «Ыйык касиетиң» менен жашай бер, маа тийишпе!

– Мен сага тийишип жатамбы?

Ал: «билбейм» дегенсип ийнин козгоп койду да, плащын алып кие баштады. Өзгөргөн. Өңүндө кыпындай да жылуулук жок экенин байкадым.

– Кайда барасың? – дедим дагы тынчсызданып.

– Кетем! – деди аялым тике карап. Бул сөздү ал чоочун жерден үйгө кетүүчү кишидей эле кескин айтты. – Алдагы балаңды жакшы бак.

– Бул эмне дейт, кеткени эмнеси?!

Аялым сөзүмө жооп берген жок. Чемодан көтөрүп, сары башты өөп да койбостон чыгып бара жатты.

– А тигини кантесиң? – деп кыйкырып жибердим мен.

– Эмнени? – Кайрылып кайдигер сурады.

Ичиндеги баланы!

– Бала жок, – деди ал колунун алаканы менен ичин тең сыдырып өтүп.

– Бар дебедиң беле?

Аял ызалана кетти:

– Ушу сенден да катын бала туйбу, итирейип! – Ал шарт чыгып кетти.

– Атаны шерменде-айе «итирейтип» дейт турбайбы! – Мен ызырындым. – Башын кесип алып сотко өзүм барар элем...

Опузалуу ушул сөздөрдү айтканым болбосо, эмне болуп жатканына өзүм да түшүнбөй, ордумда отурган бойдон калдым. Чай болсо плитада шарактап кайнап жатты. Бар болгону ушул гана. Көпкө чейин анын биротало кетип калганына ишене албадым. Бирок, кеткен экен!

Андан бери кыйла жылдар өттү. Ал аялды эч жерден кезиктире албадым. Сары башым чоңойду. Эч нерсе сезбейт. Кызыл от кысыр калмак беле, ачуума чыдабай бат эле үйлөнүп алдым. Мени үйрүлүп күтөт, мүнөзү жумшак. Андан балалуу да болдум.

Бирок, тиги биринчи аялым эмне үчүндүр эсимен кетпейт. Кээде, сагынам. Ал, бул үйдөн жалгыз өзү эмес, менин рухий дүйнөмдөн бир үлүш бөлүп ала кеткенсийт. Ошон үчүн мен ал кеткенден бери өзүмдү бөксө сезем. «Ал мени таштап баса бергидей мен эмне кылдым» деп ойлоном...

## САРАЛА ИТ

Мурда дээрлик көрүп жүргөн, кадимки бир Сарала иттин өмүрү, кийинки күндөргө чейин эсимде сакталып, өзүнө байланыштуу көп ойлорду туудурду. Жандуулар ичинен бул өңдүү тиричиликке жүүнү бош, өзүнө кайдигер караган немени аз кезиктиребиз. «Дүйнөдөгү ар бир нерсенин жашап турушу – күрөш» дейбиз.

Мени да, башкаларды да ойлонто турган ушул Сарала иттин тирүү кезинде «ау» деп бир ирет да үрбөгөн, же бирер аял короосунан кууп чыкканда бөйрөгүнө тийген муштумдай таштын зардабынан «каңк» этип койгонун уккан эмесмин. Ит башы менен чыдамкайлык жана сабырдуулукту ушунчалык өздөштүрүп алышына эмнелер себеп болгонун билүү кыйын. Айтор, көптөн бери адамдарга белгилүү болгон ойго карата айтсак, ал мүмкүн жашоо үчүн күрөшүүдөн тажаса керек. Өмүрдө кездеше берүүчү сансыз тоскоолдуктар анын жалынын өчүрүп, баш көтөргүс кылып өтсө керек. Карап турсаңыз, бечара, ар качанда өзүнүн жалпы аалам алдында кылмышкер экенин сезген немедей кишилерге, малдарга, ал түгүл, өсүп турган чөптөргө да жалтана карайт. Эң бир өкүнүчтүү жери, байлоодогу тиши кычышкан иттер да түн ичинде аны көрсө көрмөксөн болуучу, же

мүлдө көргүсү келүүчү эмес. Ал эми, бечаранын башка иттерге болгон «шыгын» айта турган болсок, жолбун итти көргөндө көкүрөгүндө жаны бар ар кандай ит, кыйратып таштоочудай үрүп жетип бараарын, анан ага кыр көрсөтүп, куйругун чагарактатып, а жер, бу жерин жыттап көрөөрүн элдин баары билет.

Бирок, жолбун ит кезигишип калган күндө да, Сарала ит ага тик карап койгон эмес. Быйпыйып, дайыма тердеп жүрүүчү мала-кызыл мурдун ишке салып, таштандыларды, уңкул-чуңкулдарды жай гана шимшип жүрө берүүчү. Деги анын жүрүшүнүн өзү бир башкача эле. Кажет болгон бир багытты көздөй, алаксыбай шыдыр кетип бара жатканын эч ким билбейт. Ал эми, бир эле орунга айланчыктап, шимшилеп туруп да калычу эмес. Аны бирде коруктан, бирде көчөдөн, бирде короодон көрүп калчыбуз. Күн күйүп турган ысыкта да, бирер бактын түбүндө, тилин чыгарып көлөкөлөп жатканын көрбөдүк.

Биздин көчөнүн эркектери Сарала иттин жарык дүйнөдө өмүр сүрүп, ары-бери басып, тапканы болсо жеп, жансактап жүргөнүн капарларына мүлдө алышпайт. Ал эми, көчөнүн аялдары кандайдыр көңүл буруп, аны «ууру ит» деп жаман көрүшөт. Аны уруп короодон кууп чыгуучулар да көбүнчө ошолор. Бечара, Сарала ит таяк жеп, короодон куулуп чыккандан кийин, өзүнүн арсыздыгынан, көргөн кордугун жарым секунд ичинде унутуп коюп, дагы баякысынча эле эч нерсе болбогонсуп, башын салып жай басып бара жатканын көрөр элем. Ал көбүнчө күнөөсүз эле куула берүүчү. Ошол куулуп бара жатып артына бир кайрылып карачу да эмес. «Карап коюунун канчалык кажети бар, карап коюу менен мен эмнени кыйратам!» деп ойлогонсуйт, же кишилер өзүн кууп жүрүп үрбай турганына абдан ишенип алса керек. Чынында да аны эч ким алыска кууп таштаган жок. «Чык!» деген өзүнө тиешелүү өкүм сөз шалпайган кулагына жетери менен эле жер карап, деси кайтып ары басчу. Кээде, короого киргенден кийин кир жууп отурган катынды көрсө, «камыр жууруп жатабы?» дегенсип карап калуучу. Эгер, катын отун жарып жатса анда: «Качан чык дээр экен, тиги катын!» дегенсип да көпкө кароочу. Анын ушул карап туруусунун өзү абдан бир зериккендикти элестетчү. Ал бирдемени уурдап жебесе да, ушундай карап турушу менен аялдарга жаман көрүнүшү мүмкүн.

Ал бир санда жок макулук болгондуктан, иттер жамаатына да, адамдарга да тырмактын агындай пайда келтирбеген бойдон кетти. Эгер башка иттерди тууралыш болуп, үйгүшкөн иттердин жанында жөн эле жандап жүргөн болсо, анда иттер жамаатына салымы бар деп айтууга болоор эле. Ал эми, адамга пайдасыздыгы жөнүндө айтпасак да болот. Илгери аны

канчалык таптап бакса да, бир ирет үрүп ээсин кубандыра албаптыр. Өлтүрүп таштоого кыйбаган соң, андан тажаган ээси: «Бар, эми күнүңдү көр!» деп бошотуп жиберген. Эгер ал ээсинин короо-жайын коргоо максатында эмес, деги өзүнүн кирбиң өмүрүнөн зеригип болсо да, үн чыгарып койсо, анда ал адамдар үчүн бир аз эмгеги бар деп таанылмак.

Сарала иттин бардык кылык-жоруктарын бир-бирлеп ойлоно келгенде, ар кандай адам баласы, анын сенделип тирүү жүргөнүнөн көрө, тезинен топуракка айланып кетишине боору ооругандыктан да тиленери белгилүү иш. Анткени, ал бир пайдасыз жан эле. Өсүмдүктөр дүйнөсү да өзүнөн урук калтырыш үчүн күн нурун талашып, биринен-бири бийик өскүсү келээрин ойлогонумда Сарала иттин иттигин мүлдө кечире албасмын!

Бир күнү четирээк бир абышка кемпир пенсионерлер жашаган короодон «Ак элечекчен албарсты» көрүнгөнү элдин моокумун кандыра күлдүрдү. Отундукка кесип койгон кургак талдардан алмак болуп кемпир короого кирет. Короонун кетигинен болсо, «ак элечекчендин» карай коюп, ашыкпай башын тартып алганын, ал айдын жарыгында дапдаана байкап калат. Отун алмак түгүл, өзүн алдырып жибере жаздап, өңү кубарып качылдаган кемпир кайра үйгө кирет. Чал болсо, «Бисмилла бимагзубий» сүрөөсүн ичинен окуп, унуткан жерине жанынан кошуп дегендей короонун тышына чыгат. Чыкса, короонун кетигинен капарсыз карап турган баякы Сарала итти көрөт. Ошондо балага зар болуп жүргөн куу чал: «Кудая шүгүр, кемпиримдин боюнда жогу жакшы болду, бекер түшүп калмак экен!» деп күлүп үйүнө кирет. Ал элечек кийген албарсты эмей эле жолбун Сарала ит экени билингенден кийин, кемпирдин бардык жыйган-терген каары Сарала иттин башына төгүлөт.

Мына ушул учурларда жумурткалар уядан жоголот, сүзмө куюлуп асып коюлган баштыктар жарылып чөптүн арасында жатат. Адатта, боло берүүчү мындай иштердин кабары, Сарала итке байланыштуу көчөгө бат эле тарайт.

«Элечекчен албарсты» көргөн кемпир атайын келип, баштыгы менен сүзмөсүн жоготкон катынга, ошол сүзмөнү уурдап жечү баштанып, Сарала иттин акырын басып көчөдө кетип бара жатканын көргөнүн айтып берди. Ал эми, жоголгон сүзмөнү башка ит аткулактын түбүндө, баштыгын тытып жеп жатканда, Сарала ит өзүнүн бак-таалайын эски таштандылардан күтүп арык боюнда шимшип жүргөн болуучу. Сүзмөсү жоголгон катын аткулактын түбүнөн баштыгынын тарпын тапканда, Сарала ит бирдеменин жытын сезип дал эле ошол жерге келип калат. Катын дароо эле Сарала иттин өлүгүн миң мертебе көрүп жатканда, колу да карап турбай, жерден таш ала коюп уруп жиберет. Сарала ит мурдатан эле өзүнүн ит

экенин терең сезгендиктен, өзүн бекерден бекер урган катынга карап да койбостон, баякы эле кечиримпоздугуна салып кете берет.

Ушундан кийин Сарала ит ууру деген атка конуп, мурдакысынан беш бетер көчөнүн жандууларынын ичиндеки барып турган сүйкүмсүзүнө айланды. Иштин мынчалык чырга айланып бара жатканын, анын аягы эмне менен бүтөөрүн ал мүлдө ойлогон жок. Баягы эле калыбында, этибарсыздык менен жай басып жүрө берди. Өзүнө тике караган көздерде жазылуу турган ички дүйнөлөрдү ит кайдан окуй алсын!

Биздин көчөдө жумуртка жей турган, анысы аз келгенсип тооктун өзүн да жеп коё турган иттер бар. Алар ээсинин көрүнөө бергенине алымсынбай, ченебеген ынсапсыздык менен көмө жегенди жакшы көрөт. Анан ошонусуна маашыр болуп, өзүнүн башкалардан эптүү экенине тымызын кубанып, маңкайып басат. Андай иттердин бирдемелерди шимшип таң каларлык тездик менен кыдырып жүргөнүн көргөнүңүздө, көңүлсүз ойлорго чөгөсүз. Акыры барып «ошон үчүн ит деп коюшкан да» деген ойго келип, алардын алган атына моокумуңуз канып тим болосуз.

Бечара айыпсыз Сарала иттин бетине басылган тамга да ошол жойчул иттердин кесепети экени айдан ачык турса да, катындар аларга жаман атак бере алышпайт, кайра ээсин сыйлап сөөк таштайшат.

Бир күнү, жогоруда айтылган сүзмөсүн жоготкон катындын уядагы эки жумурткасын ит жарып жеп кетиптир. Дал ошол учурда катындын эри уя жактан ууртун жалап чыгып келе жаткан өзүнүн төрт көз итин көрүп калат. Жарылган эки жумурткага байланыштуу катыны күмөнүн айтат. Эри болсо көргөнүн айтат. Сөзгө аралаша калган келди-кетти кишилер катындыкы туура деп табышат. Анткени, катындын күмөнү Сарала итте болуучу. Ал эми, төрт көз ит болсо, колдо багылган ит, жолбун эмес, уурулук кылганын эч ким да көрбөгөн. Күнөө Сарала итке артылат.

Деги иттер жөнүндө чындыкты түбүнө чейин кууганга кимдер кызыкмак эле. Күнөөнү төрт көзгө арткандан көрө Сарала итке коё салуу алда канча оңой да!

Ошентип, үйдүн ээси мылтыгына окту салып «көптүн тынымын алган» Сарала итти атып таштоо үчүн издеп чыгат. Сарала ит болсо, эч нерседен капарсыз, баякы эле тамактан башканын жытын сезбеген мурдун ишке салып, таштандыларды эринчээктик менен тинтип жүргөн болуучу.

Мылтыгын дүрмөттөп алган киши, ошол эле жердесиң го деген жеринен таап, отура калды да кароолго алды. Сарала ит болсо, мылтыгын сунган кишиге карай маңдайын тозду. «Бул киши мени эмнеге шыкаалады болду экен? – деп ойломокчу болуп, эми камына бергенде мылтык «тарс!» этти. Сарала ит «каңк!» этип кулап түштү. Ушул бир «каңк» эткен добушун өлөөр алдына чейин сары майдай сактаганын билемин. Өз

кезегинде, такыр колтуктарына таш тийип турганда «каңкылдай» берген болсо, мүмкүн кийинки бир жанына батканда «Ау» деп алганын өзү да сезбей калаар беле, ошентип бирде «каңк» этсе, бирде «ау» деп айбат чеге билсе, мүмкүн, анын өмүрү мынчалык аяктабас эле!

Чындыгына келгенде «ау» деп үрүүнүн негизи «каңк» этип каңшылоо экенин бечара Сарала түшүнбөгөн бойдон кетти! Мылтык атылганда, жумуртка уурдап жеген төрт көз ит дароо жетип барды. Анан, жан талашып, тишин акшыйта тыбыраган Сарала итти көрө коюп, арсылдап үрүп коё берди.

Табасы канган катындар, Сарала иттин өлүмүнө абдан кубанышты. Бирок, эртеси эле бир баштык сүзмө, дагы бир нече жумуртка жоголду. Мүмкүн, аны Сарала иттин өчөшкөн «арбагы» иштегендир...

## «КЫЗЫРАЛЕЙСАЛАМ»

Мындан көп жылдар илгери шаар – калаа деп аталуучу. Ал кезде азыркыдай асфальт көчөлөр, тынымсыз агылган машиналар мүлдө жок.

Калаанын дайыма чаң каптап жатуучу, четки көчөсүнөн өтүп алган соң ысыкта ширидей каткан боз чологун теминип, чымын-чиркейлүү араба жолдо бир киши келе жатты. Кедейлик келиштире тытып салган кара көк кашкар чепкенин, мынчалык алыс жолго көйнөкчөн кетүү сөлөкөт болгондуктан гана ийнине илип алган. Бир замандарда кадимки калпак катары жасалса да, азыр көктөлгөн самын капка көбүрөөк окшогон кууш кийизи башында. Калаалык тууганы ушул укмуштай калпакты колунун учу менен кармап, ары-бери аласалдырып, башын чайкап катуу намыстанды да, кездемеден шырылып жасалган бир калпак сатып бермекчи болду. Бирок, Имакең жайдын күндөрүнө караганда баш кийим кышында зарыл экенин эскерип, шырымадан көрө тумак алып бер дегенди билдирди. Быйылкы жазды болсо башындакы «самын кап» да алат эмеспи. Ошентип, тууганы бул «эстүүлүктү» да башын чайкап кабыл алган соң кулун терисинен жасалган кадыресе тумак алып кийгизди. Ал кулун тумакты кызыга аласалдырды да, өмүр бою кийүүгө жарай турганын ойлоп ичинен кудуңдаган эле. Азыр болсо, ошол тумак куржундун бир жак көзүн жалгыз ээлеп, канжыганы да, Имакеңдин көңүлүн да кыйла дөмпөйтүп келе жатты.

Капырык урган, борпулдак жолдо ал түрдүү ойлорго чөмдү. Жанга баткан жакыр турмуш кишиге эмнелерди ойлонтпойт. Ушундай жалгыз келе жатканда эки бөйрөгү тышына тепкен бир намиян жолдо жатса, ала коёру менен башка жолго бурулуп кете берсе, аны эч ким да байкамак

эмес. Далай эле кишилердин кымбаттуу буюмдары түшүп калып, башка кишилер таап алып жүргөнү белгилүү да. Имакең тээ, алыстан намиян көргөнсүп, боз чологун кокус теминип алды, бирок, анысы чунаң этип башын экчегени болбосо, кашаң жүрүшүнөн танган жок. Имакеңдин деми сууп, билинер-билинбес улутунду.

Мына ушул кезде алды жагынан эшек минген бир киши көрүндү. Сакалы куудай ак, жайдак төш, куш мурун чал эшегин кыдыңдатып келе жаткан эле. Анын бутунун учунда качан жасалганы, дагы канча жыл чыдаары белгисиз кең кепичи илинүү. Согончогу жерге сүйрөлөт. Эшеги менен калың куурайды аралап кетсе да, түшүп калбай турган бул кепичтин өзү эле жомоктордогу машайыктарды элестетет.

«Машайык» чал утуру келе жаткан кишини алыстан байкап, камчыланган ак таягын бооруна кысып, өтө эле мусапырсый түштү. Таяктан айбыгып кыдыңдаган сур эшек, эми урбасын сезип илкип калды. Бирок, тигинин үстүндөгү жаман чепкенди, башындагы «эски самын капты» көргөн соң: «Бул кедейден эмне чыкмак?» – деп ойлоду да ал жандап өтө бермек болду. Деген менен, чалдын кытмыр көзү томпойгон куржунун куру жиберген жок. Ал андан өтө берди да таягы менен эшегин мойнуна уруп, өзү артына кайрылды:

– Ай, балам!

Чалдын үнүн угаары менен боз чобур тык токтоду. Чал кайрылып жанына келди да Имакеңдин аяк башына көз жүгүтүп өттү:

– Балам, пешенең жарык экен. Мен Султанивайыс мазарынан келе жатам. Дуба окуп коёюн!

Чал ушуну айтып таягын чомуна кыстара койду да, колун жайды:

– О-омийин!

Имакең да колун жайып, таң кала чалды карады. Чал ичинен күбүрөп бирдемелерди окуп жатты. Тиги болсо, «О, кудай – деп ичинен жалынып жиберди, – бир жакшылык бере көр. Кызыралейсалам го, бул!»

– Аллаху акбар, – деди чал. Анан бетин сыйпаган алакандары менен сакалын да сыйпай өттү. Имакең бата кылып жатып чалдын көзүндө таң каларык момундук барын байкады.

Аяр чал сөзгө кирди:

– Сени эми бак карайт, балам. Жерге түшө калып кыбыла жакка үч адым аттагын да, бир катуу чалма алгын.

Имакең боз чобурдан ыргып түшүп, батышты көздөй үч аттады да бир ууч топуракты ууччап алып, туруп калды.

– Балам, чалмаңды бисмилла деп менин алакыныма сал.

– Бисмилла, – деди Имакең топурагын чалдын алаканына аярдап коюп жатып.

– Балам, – деди чал, – кыбыланы карап эки колунду бооруңа алып, чын ниетиң менен тобо оку.

Башын төмөн ийип, чын ыкласы менен уюган Имакең кыбыланы карап, эки колуна бооруна алды.

Бир аздан кийин чал мындай деди:

– Балам бери кара, мына бул алып берген чалмаңды бисмилла деп оозуңа сал, чайнап жеп коёрсуң!

Тиги саал кичирейип калган топуракты оозуна салды да, чайнап-чайнап жутуп жибирди. Топурак кант кошкондой таттуу экен. Топурактын таттуу даамы эрксиз жер жалатты.

– Балам, – деди чал шашпай сүйлөп, – куржунуңда кишинин ыраазылыгысыз алынган нерсе турат. Ал эмне?

– Албы? – деп сурады, Имакең шашканынан. Анан: «Шырыма калпакты эле албай, кап, тумакка ыраазы болгон эмес тура!» деп ойлоп үлгүрдү.

– Куржунуңдагы эмне деп жатам?

– Тумак...

– Ошого дуба түштү.

Имакеңдин колу калтырап, куржундан тумакты араң чыгарды да чалга сунду.

– Жаныңда тыйын-тыпыр жокпу?

– Жок.

– Анда, – деди чал, – тиги куржунуңду бер...

– Бул куржун кишиники, – деди Имакең бирдемеге шекшине түшүп. Ал күйпөлөңдөп боз чобуруна жакындап, чылбыр-тизгинин жыйнаштыра баштады. Мунун кыймылына шекшиген чал эшегинен түшө калды да, тумакты колтугуна кыса коюп алаканын жайып, көктү карап күбүрөп калды. Имакең болсо, атына минди да жолуна түштү.

«Кызыралейсаламга» капысынан жолугуу Имакеңдин ичин туз жалагандан жаман ачыштырды. «Кайра кууп жетип, тумакты тартып алсамбы», деген да ойго келди. Бирок, коркту. Анткени, чалдын кызыр экенин же кадимки киши экенин ажыратууга анын акылы жетпей жаткан эле. Деген менен, жүрө-келе, иштин маанисин да аңдады. «Кызыр пайгамбар, китептерде айтылышына караганда, жолуккан кишисинен буюм алган эмес. Ага буюмдун да эч кандай кереги жок. Демек, тиги чал сөзсүз алдамчы болгону да», деген ойго келген эле.

«Алдайт деген ушул да – деп муңарды Имакең өкүнүп, – үйгө эмне деп барам, кайран гана тумагым. Коё тур, мен деле өз кезинде каламы шарифти оодарбадым беле...»

Боз чобур илкий басып, Ийри-Суу кыштагына туягы илингенде Имакең бир жайма дүкөнчүдөн «дарылыкка» деп жабышып жатып, үч мейиз сурап алды. Анда жанында сокур тыйыны жок болучу. Мейиз колго тийген

соң боз чобурдун тилегине каршы шып үстүнө мине койду да, жолун улады. Ал бери чыккан соң ат чалдырып отуруп жерден топурак алып, аны мейизге кошуп алаканына мыжыгылдай берди. Топурак менен мейиз камыр болгондо, аны үчкө бөлдү да, kургасын деп жаман калпагынын кырбуусуна кыстра салды.

Ал ордунан «Я, пирим!» деп кыйкырып турду. Эмки иш эле, алдынан чыккан кишини алдоо болуп калган эле. Бечара боз чолоктун жерге жабыша калып жатканына карабастан, суулуктан силке тартып, кыймыл сайын «бисмилланы» кайталай берди. Атына минген соң тышкы кебетем да окшосун деген ой менен, канжыгасындагы бош куржунду чечип, ат үстүндө туруп, ийнине арта салды. Ошентип, Имакең анда-санда «Алла!» деп коюп ээн жолдо күңгүрөнүп, зикир чалып келе жатты.

Бир кезде алдынан килем куржундуу үч атчан киши чыга келди. Булар соодагер уйгурлар болуучу. «Ушуларды алдап көрсөмбү!» деген ой Имакеңе кылт дей түштү. Соодагерлер өтө берген кезде:

– Токтогула, балдар, – деди Имакең энтигип.

Соодагерлер тизгин тартып, дагы эмне айтаарын билбей шашып калган тигини таң кала тиктеп калышты. Имакең эсине келип, эми ээрдин козгоюн дегенде:

– Бастыргыла, – деди жүргүнчүлөрдүн бири. – Бул бир жүргөн жинди неме да!

Соодагерлер жүрүп кетишти. «Атаңдын этин жегир десе, жинди неме дейт тура!» деп күбүрөп, деми сууган Имакең ордунан араң козголду Ал ойлоно, зикир чалганын таштап, мойнундагы куржунун да кайра канжыгасына байлады. Минтип кызыр пайгамбар болгуча, жөн жүрүүнүн өзү ага чыныгы бакыт сезилди. Бирок, тууганы белек кылган бирден бир тумагын эстегенде, ичи күйгөндүн үстүнө күйүп жатты.

Жол боюнда Гөр-Жылга, Шайтан-Сай деген аты укмуш жерлер бар эле. Ал жерлер жөнүндө нары коркунучтуу сөздөр эл ичине көп таралган. Кимдир бир жолоочу ошол жерден шайтан көрсө, экинчи бир жолоочу качып жүргөн ат башындай алтын көргөн имиш. Ушул себептүү тегерегиндеги элдер бул жерлерди бир түрдүү коркунуч менен оозго алыша турган. Имакең ушул жерге келгенде күн бешимден ооп кеткен эле. Бир кезде алды жактан жорго минген бир бала жана картаң аял чыкты. Аялдын башында элечек, кийгени дукаба чепкен, белинде саймалуу белдемчи, кара бачайы жууркан үстүндө теңселет.

Баланын башында жашыл дукаба капталган кызыл чачылуу кара көрпө тебетей, кийгени күрөң чийбаркут бешмант, саймалуу кара сатин кур курчанып, кара таз баркут көрпөчө үстүнө конуп алган. Бала энесинен аркан бою озуп келе жатты. Экөөндө тең шарактаган күмүш жабдык.

Жоргосун катуу салдырып келе жаткан бала Имакеңди көрө коюп, тизгинин тартып энесине катарлашты. Түрүнө караганда бирдемеден чочулаганы байкалат. Бул кылык Имакеңе бирден ой салды. Ал кемпирдин куржунуна алыстан эле көз чаптырып, ичинде баалуу буюм барын да сезе койду. Эне-бала жоргосун салдырып өтө берерде:

– Балам, toктой тур, – деди да Имакең оштонуп көктү карап калды.

Жолоочулар токтошту. Имакеңдин тышкы кебетеси ууру-каракчыга караганда мусаапырларга көбүрөөк окшой турган. Ошон үчүн эне-бала көп чочулаган жок.

Имакең көктөн көзүн албай туруп, колун жайды:

О-о, кудай жалгыз экен! Жалгыздын жары боло көр, – деп жиберди ыйламсырап. – Макул, макул атайын... я субахан алла зулжалал...

Эне-бала мындай машаякты кезиктиребиз деп ойлогон эмес эле. Бала чынында эле жалгыз болучу.

– Бешенең жарык, зоболоң бийик болуучу бала экенсиң–деди ал. – Жай колуңду батамы берейин!

Эне-бала жуураттай уюп колун жайды. Имакең күбүрөп батасын берген соң, кебелбестен сөзгө кирди:

– Мен Султаныавайыс мазарынан келе жатам. Кызыралейсалам жолугаар кишинин кабарчысымын. Бул сайлардан катуу жүрүүгө жарамайды, аяш. Ым-м, бала өзүңүздүкүбү?

– Өзүмдүкү, айланайын, жалгыз балам эле...

– Олой болсо-о, – деди Имакең ого бетер касиеттүүсүнүп үнүн созо, – атыңардан түшүп, жүзүңөрдү кыбылага каратып, үч кадам аттангандан кийин жерден топурак алыңар...

Тигилер унчукпай эле аттарынан түшө-түшө калышты да, аттап-аттап барышып жерден топурак алышты.

– Топурагыңарды «бисмилла» деп алаканыма салыңар.

«Бисмилланы» айтып жаткан эне менен баланын үнү титиреп чыкты. Алар ар бир кыймыл сайын Имакеңди муңдуу карап, ал талап кылган ар нерсеге даяр турушту.

– Атыңардын чылбырын бек кармап, кыбыланы карап, чын ыкыласыңар менен «Инна а тайнаны» үч кайтара окугула!

– Касиетиңен айланайын, жарыктык, биз аны билчү эмес элек...

– Анда, анда эмесе, менин айтканымды кайталап айтыңар, алла өзү кечирер... – деди тиги салмак менен.

Эне-бала катарлаша кыбылага жүз бурду. Берки болсо, сактанып эки жагын карап алган соң, билгенин айта баштады:

– Азырбудайни, чалмачийни, чаркурайни, чамалайни...

Имакең ушундайча үзүп-үзүп оозуна келгенди айта берди. Бир жагынан калпагынын кырбуусундагы мейиз кошкон топуракты чалма менен алмаштырды. Ал эми көзү аяшынын канжыгасындагы куржунду текшерип жатты. Беркилер эмне айтса чын ниеттери менен жарыша кайталоодо.

...О, кудайни, кулкулдайни, курутмайни, курукалмайни, шаарлайни, Шарапат, – деп жиберди Имакең эң аягында кайинэжесинин аты эсине түшө калып. Анан алаканындагы топуракка «сүф» деп дубасын тамамдады. Тигилерди бери каратып алган соң, эки топуракты экөөнүн алаканына салды да, чайнап жеп жибергиле деп буюрду.

Таттуу топурак тилдерине тиери менен эне-бала бири-бирине жалт караршты.

– Балам сени кыдыр даарыйт, бак карайт, – деди Имакең. – Сенин көрпөчөңө дуба түшүп турат.

– Алып бер, балам алып бер, – деди көз жашы кылгырып, бүт денеси балкып турган эне.

Бала күмүш басмайылды чечти да, кара таз баркут көрпөчөнү алып Имакеңе сунду.

– Аяш ушундай баланы төрөгөн сизди да кудай бекер жараткан эмес. Сиз да бирдеме ырым кылыңыз... – деп эми аялга кайрылды Имакең.

Аял эмне берерин ичинен ойлоно, бирдемелерди айтып күбүрөп куржунду көздөй басты. Куржун оозу сөгүлгөндө бышкан эттин жыты бур деди. Имакең шилекейин билдирбей жуткан менен ач курсагы ашкере курулдап коё берди. Аял барган жеринен кийген сегиз көз көк торгунду булак эттирип сууруп чыкты да, Имакеңе сунду. Мындай «жайыл дасторконду» колдон чыгарып жиберүү Имакеңе кыйын болду. Ошон үчүн ал дагы жок дегенде бышкан эттен биркайсап калууну көздөдү.

– Аяш, өңү жылуу киши издеп эки күндөн бери уйкусуз, нарсыз келе жатам. Бечара ак боз атымдын курсагы ачкандыр, чалдырайын. Буюрган даам болсо, биз да тартаарбыз...

Ушуну айтты да атынан түшүп, жол жээгин ыктай берди Имакең.

Аял унчукпай эле куржундан бир бүтүн койдун бышкан жамбашын сууруп чыкты да, Имакеңе келди:

– Касиетиңден, айланайын, бараар жерибиз ыраак эле. Сиз мындан ооз тийиңиз, биз аттаналы, – деп бүгүлө түштү аял. Имакеңе мына ушу гана керек болучу. Эне-бала жорголоруна миништи да, теңселтип жолун улады.

Булар узай бергенде «Өх, эч ким жолукпаганы жакшы болбодубу!» – деп ойлогон Имакең жамбаштын майынан лапылдата кесип жеп жатты.

Ал этке тоюп, шашпай атына минди. Анан, өзүнүн алданганын унутуп, тигилерди мыскылдай мурдун «гиңк» эттирди да үйүнө жол тартты.

Ошентип, Шайтан-Сайда Кулубек байдын уулу кызыралейсаламга жолугуптур деген сөз тараганы шончо, муну Имакең эртеси төшөгүнөн туруп жатып угуп, мурдун дагы бир жолу «гиңк» эттирди. Ал эми эне-бала болсо, үйүнө жетээри менен аксарбашыл союп, элге тамак бергени чындык болуучу.

## КАЙРЫЛУУ

Сереңбай деген жигит Кашымды көп урат. Кашым болсо, айылдагы кадыресе келиндердин бири. Бирок, ал өзүнүн күлгүн жаштыгын, туңгуч сүйүүсүн арнап деп коёлук. Сереңбай менен жашаганына беш жылга аяк басты. Бул беш жыл – чындыгын айтканда, өзүн чырмаган, бактысыздык жылдары болду. Ал эми, Сереңбайдын өзү барып турган эси жок жигиттерден эмес. Жүрүм-туруму, айткан сөздөрү башка жигиттерден көп айырмаланбайт. Анын бир эле «арзыбаган» жаман адаты бар – ичет! Ал ичип үйгө келип, босогодон теңселе аттаганда, Кашым кекиликтей жорголой баштайт. Бир кездери жорголобой, шакылыктап сайрап да көргөн. Азыр болсо, жорголоп өзү да көндү, башканы да көндүрдү. Эгер жаза тайып Сереңбайдын көңүлүнө кыпындай эле жик кетирдиби, алды менен ыргытылган бир буюм бир жерине шак дей түшөт да, анын артынан эле чачы Сереңбайдын салааларына оролуп, кабыргасына дүпүлдөп муштумдар тие баштайт. Кашым чыңырат. Чыңырган сайын муштум жейт. Үйдүн ичинде ары томолотуп, бери томолотуп, омдоп-домдоп алгандан кийин Сереңбай акактап эшикти көздөй жөнөйт. Кашым болсо өзүнүн тайкы тагдырына миң бир наалат айтып, чырылдап ыйлаган баласын бооруна тартат. Соорото баштайт.

Кошуналарынын айтаары: «Кашым байкушта эмне жазык!» дешет, бирок, бир да бирөө буга жооп болорлук түйүндүн учун таба алган жок. Алардын көндүм адаты башкаларды да көндүрдү. Элдин көнбөскө эмне чарасы бар, эгер бирөө Кашымга болушса, Кашым эки эсе таяк жейт. Эч ким болушпаса, Кашым өзү чыңырбаса эле таяк аз болот. Муну айылапанын баары билет. «Баякы ит иттигин карматып жатат, ээ!» дешет да тим болушат.

Кашымдын жүрөгүн уялаган тилектин бири: Сереңбайдын эси кирип, жакшы кишиге айланышы. Уруп-тилдегенди коюп, эл катары үй-бүлө күтүшү. Бирок, Кашымдын бул жакшы тилеги узак жылдар таш капты. Бала экиге чыкты. Төрөгөн соң ырыстуу болоормун деп, баланын атын

Ырысбек койду. Бирок, ал эрди-катындын ынтымагына данекер боло алган жок. Анын үстүнө, кийинки эки-үч жылдан бери үйгө бир дагы жаңы кашык сатып алынган жок. Эл турмушун жакшыртуу үстүндө. Жадагалса, эркеги жок жесир аялдардын турмушу да кадыресе. Ал эми Сереңбайдын турмушу жакшырбайт, бир орунда турат. Тагыраак айтканда, бир орунда туруу – акырындык менен артына чегинип, ирип-чирип, баратат дегендик эмеспи!

Кашымдын төркүнүнүн оокаты орточо кишилер. Алар да Кашымдын башынан өтүп жаткан кордукту билишет. Бирок, Кашым аларга өз турмушу жөнүндө арызданып, бир ооз сөз менен болсо да кайрылганын эл билбейт. Ал түгүл, бети-башы көк ала болуп, кордук тамгалары басылганда да, төркүнү жактан каттаган бирер кишинин төбөсү көрүнсө, боюн жашырууга тырыша турган. Өз оозунан бирдеме укпаган соң, күйөөгө бир бергенден кийин,анын артынан эгедерчилик кылып кожоңдогонду төркүнү ылайык таппады.

Эмгек акы таратылып жаткан бир күнү Кашым Ырысбегин көтөрүп кассага келди. Өзүнө жыйырма жети сом тийди, ал эми Сереңбайга он сегиз сом чыккан экен, аны баертен эле алып жолго түшүптүр. Муну билгенден кийин, Кашым таяк жей турганына эртең мененки күндүн чыгаарына кандай ишенсе дал ошондой ишеним менен үйүнө келе жатты. Ун түгөнгөн. Кашым үйгө келээри менен Ырысбекти калтырды да мүшөгүн колтугуна кысып, дүкөндү көздөй лыпылдай басып жөнөдү.

Дүкөнгө кирип келген Кашымдын жүрөгү шуу дей түштү. Анткени, кара күрөң тарткан Сереңбай шапкесин көзүнө кийип, сол колун койнуна катып, он колунун манжалары менен тамекинин түбүн чымчый кармап, кишилерден оолак, тамга сүйөнүп турган болуучу. Мындайда ал өзү ооз ачып бирдеме айтпаса, Кашым мүлдө унчукпайт. Кайдигер кишини көргөндөй болот.

– Эмнеге жетип келдиң? – деди Сереңбай Кашымга үлүрөйө карап.

– Ун, ун алып алалы...

Сереңбайдын шишимик жүзү Кашымды карап турду. Ар бир кишинин жүзүндө бир түрдүү ысык нур болот. Ал эми, мунун өңүндөгү нурду болсо, арак жуул кеткен. Ал ошол өң менен Кашымды бир аз карап турду да, чыпалагы менен тамексинин күлүн түшүрүп, дүкөнчүгө кайрылды:

– Биринчи, экинчи сорттогу ундан барбы?

– Бар.

– Кайсынысын аласың? – деди Сереңбай Кашымга. Мунусу элдин көзүнө оокат-жай жөнүндө аялы менен кеңеше турганын билгизген эле.

– Экинчи сорттогу унду эле алалы, – деди Кашым да сыр билгизбей. – Үйдө жарым мүшөктөй биринчиден бар эмеспи, кесмеге...

Чындыгында мындан бир күн мурда эле мүшөктү кагып нан жасаган. Ошентип, булар дүкөнчүнү ээрчий чыгышты да, ун койгон кичине кампадан экинчи сорт бир мүшөк ун алышты. Кашым акчасын төлөп жатты. Сереңбай таш жанында турган көкбашынын атын алды да, унду өңөрүп, үйүн көздөй бастырды. Шудуңдай басып жанында Кашым да келе жатты.

– Канча чыгыптыр? – деди Сереңбай Кашымга карабай кетип бара жатып.

– Канча чыгыптыр дейсиңби? Жайырма жети сом. Саачы? – деди Кашым билип турса да.

– Он сегиз...

Учурдан пайдаланып Кашым кыйтты:

– Ырысбекке батинке алып бересиңби. Кийип жүргөнүнүн такыр тамтыгы жок.

Сереңбай буга жооп берген жок. Тамекиси жамажайында, алды жагын сүзө карап кете берди. Ал үйгө жетээри менен унду түшүрүп, тышкы үйгө киргизип берди да, атына минип, дүкөндү көздөй бастырды. Кашым Ырысбекке печенье, чай ала келмек беле. Бирок, күйөөсүн көргөндө баарын унутту. Муну ал үйдө жалгыз калганда гана эстеди.

«Арак ичпесе адам өңдүү, ичсе эле жинди болуп чыга келет!» деп ойлонду Кашым. Чындыгында бул ой жалгыз Кашымдыкы эмес, тегерегиндегилерден да ушундай ойлогондор бар. Алар: «Кайран бала бузулду!» – деген сөздү да кошушат. Ал эми ага аракты койгузууга болобу? Бул жөнүндө азырынча бирдеме айтпай туралы. Азыркы кезде ал өзүн турмуштун кулуна айлантып койгон киши. Турмуш жандайт экен, бешенеме ушул дегенсип, ошол жакты көздөй илбийт. Ал эми оокат-тиричиликтин тамырын кармап, аны-мунуга көз жүгүртүп, сабак алып, кайра турмуштун ич-койнуна кирип, сырын билип, анан аны өзүнүн жакшы жашоосун көздөй буруууга анын кудурети жетпейт. Эби келбестик, жалпы иштин оңуна тартпастыгы – мына ушунун бардыгы ал үчүн өзүнүн тагдыры, тагыраак айтканда, башынан өтүүгө тийиштүү болгон өмүрүнүн кезектеги баскычтары болуп эсептелет. Сереңбай буга илгерки молдолордун мүриттеринче ишенгендиктен, акыл айткан кишилерди иттей жек көрүүчү. Болбосо аракка берилүүнүн бир себеби, жашоодон үмүтсүздөнүү экенин ар ким эле билет эмеспи. Акыл айткан киши барган сайын сейрек боло баштады. Кээде, ал өзү таптакыр сайда жок киши өңдөнүп, башкалар менен катышпай да кала турган.

Кечинде, күүгүм киргенде, көң алууга чыккан Кашым тээ, алыстан эле күйөөсүнүн темтеңдеп келе жатканын көрдү. Жүрөгү дүпүлдөп, чылапчыны колунан түшүп кете жаздады. Кашым үйгө кирди да, уктап жаткан Ырысбекти колуна ала койду. Бирок, өзүнүн эртерээк камынып алганын

ойлоп баланы кайра жаткырды. Али алыс, жакындай элек. Сереңбай теңселип эки колун эркинче таштап, жер карап, абаны сүзгүлөп короого келди. Терезенин тушунан өтүп бара жатканда Кашым да камынды. Анын камынганы эле: Ырысбекти жулкулап ойготуп жиберип, алдына алып отура калуу.

Эшик акырын ачылды да, Сереңбай үйгө кирди. Эшиктен алгач кирип келе жаткансып, Кашымдын бүткөн бою дүркүрөдү. Бала да ыйлабайт, бирдемени сезип, коркок көздөрү менен экөөнү алмак-салмак карайт. Сереңбай теңселе басып төргө барды да, мындан ары жол барбы, жокпу деген кишиче туруп калды. Анан жанын сыйпалап, чөнтөгүндөгү кулдуйган бирдемени чыгара албай чукулай берди.

– Ка-ашым, Кашым дейм...

– И, эмне? – деди Кашым акырын гана. Уруштун учугу ушундан башталат. Унчукпай койсо андан бетер жаман.

– Эми-не? Ба-тин-ке! – деди да, солк этип ыктытып коюп, күрөң ботинкасын сууруп чыкты. – Кана, жаңкы биздин бала...

– Мына, Ырысбек менин алдымда отурат, – деди Кашым. Анан балага карап: – Карачы, Ыкен, папаң саа батинке алып келиптир, татынакай, – деп жиберди.

– Ырысбек... бекпи, ыя?... Бек болсун... – Ал отура кетти.

Сереңбай кыйшая кеткенде Кашым эсин жыйып, балага ботинкасын кармата салды да, Сереңбайдын башына жаздык койду. Секең бат эле коңурукка кирди. Ал коңурукка киргенде Кашым да колдорун соймоңдотуп, тигинин чөнтөгүн аңтара баштады. Чанда боло калуучу мындай учурду ал колдон чыгаруучу эмес. Ушул жол менен болсо да бир бөтөлкө арактын акчасын ажыратып кала алса, эч болбогондо он күндүк чай, туз болот. Кашым чөнтөктөрдөн жыйыштырып беш сом сексен тыйын алды. Мас киши ар качан да акчаны чогуу бир чөнтөккө салбайт. Бир жаман жери, Сереңбай өлө масс болсо да жанында канча акча калганын сергигенде эсине келтире алуучу. Кашым муну ойлоп да коркту. Баары бир эртең баш айыктырыш үчүн бир бөтөлкөлүк бирдеме жанында калышы керек. Антпесе Кашымдын чай-туздук акчасынан да тартып алат эмеспи. Ал эки сом элүү тыйынды алды да, калгандарын бөлүп-бөлүп Сереңбайдын чөнтөктерүнө салып койду. Анан ундан ашкан өзүнүн акчасына аны кошуп, тышкы үйдөгү эски-ускулардын арасына катып таштады.

Эртеси эртең менен Сереңбай күркүлдөй жөтөлүп, ары карап көпкө чейин турбай кийимчен жата берди. Эмнегедир бирдеме жөнүндө терең кайгыга баткансыйт. Кашым чайын дайындап, Ырысбекке жаңы ботинкасын кийгизип жатты. Ырысбек атасы үйдө жок өңдөнүп, аны капарына албай ары-бери басып кубанганы менен башка бирөөнүн киймин кийгенсип, кандайдыр кичинекей жүрөгү дүпөйүл. Атасы жаткан капшыт

жака жолобойт. Бир кездери, Сереңбайдын жакшы көңүлү кармап турганда алып берген кичине машинасын бул күнгө чейин бузбай ойноп жүргөн. Азыр да ошону алып, үнүн катуу чыгарбай ойноп жатты. Качан Сереңбай үйдөн кеткенде гана бала болсо да өзүн, өзүнө кошуп мамасын жакшы көрө турган.

Сереңбай кыймылдап койду.

Кашым да Ырысбек да ага карап калышты. Бирок, ал кайра тим жатып калган соң беркилер да өз иштери менен айланышты.

Бир кезде атчан киши терезенин түбүнө келди да:

– Сереңбай. О-о Сереңбай!–деп чакырды. Бул бригадир болуучу.

Сереңбай башын көтөрүп Кашымга жаңдады.

– Чыкчы...

Кашым эшикке чыгып бара жатканда «үйгө түш де» – деген сөздү кошту Сереңбай.

Бригадир үйгө кирди.

– Ии, баатыр, жинин алдырган бакшы болгонсуң, го кыязы...

– Кечөө жетилте ичип коюпмун.

– Ошондой, теңселип келе жатканыңды көргөм. Ферма сени сугатка чыксын дейт. Бараласыңбы?

– Бүгүн кайдан барам, – деди да Сереңбай чөнтөгүн аңтара баштады. – Кашым бирдеме алып кел, тур. Башым баш болбой калыптыр.

Бригадир мына ушуну күтүп келген. Ал бул сөздү уккандан кийин жайланып отурду да, ферманы жамандап кирди.

– Бир оңбогон немеге кез болдук. Элди жашасын деген нээт жок. Мен айттым, Сереңбай сугатка жарабайт деп...

Кашым бригадирди жек көрө турган. Ал азыр мында ферманы жаман көргөнү менен, ферманын алдына барганда Сереңбайды же бир башка жумушчуну оозу-мурду кыйшайбай туруп жамандай берет. Муну элдин баары билет.

Сереңбайдын чөнтөгүнөн акча чыгаарын күтүп Кашым эшик түбүндө бир аз буйдалды.

– Кечөө...–деди да Сереңбай акчаларын жыйнаштырып Кашымга сунду. – Кечөө Бокбасар да жакшы кетсе керек эле. Бир кезде таанибайм, айтор, бир жигит жалпактап, абакелеп болбой жатып бирди алды. Аны-ы ичип отурсак, кой десе болбой жатып Жолболду бирди алды. Анан дагы, дагы биреөлөр алып жаткан. Бир аз кызыдым окшойт. Ичким деле келген жок болуучу, мына бу Ырысбекке батинке алайын деп барып, кабылдым окшойт...

Өтө ыраатгуулук менен айтылып жаткан бул сөздөр калп болуучу. Ар бир арак алган кишини зордоп, ага кадыр-көңүл салып, таарынып-урунуп, колдон келген бардык амалды иштетип жатып алдырган.

– Бокбасарга баертең барсам, сен өңдөнүп ал дагы башым деп жатат. Катынын дүкөнгө чуркатып, болбой жатып бирди алгызды, – деди бригадир. – Анын да ишке чыгалаар түрү жок... Сугатка кетти деп коёюн, эртең шартына карарсың...

Сереңбай буга унчуккан жок.

Кашым келгенден кийин чай берилди, арак да куюлду. Аракты куюп жатканда Сереңбайдын колу калтырап, стакандын оозу бөтөлкөнүн оозуна тийип шыңгырап турду.

Булар эшикке чыкканда ферма башчысы көчөдө кетип бара жаткан. Ал буларды көрдү да, бери бурулду. Бригадир да, Сереңбай да ыңгайсызданып күйпөлөктөшө кетти.

– Кана, сугатка баргыныц? – деди ферма башчысы Сереңбайга. – Түш болду, эмгиче үйдө отурасың. Алты саның аман, ден соолугу жакшы жигит да сендей болобу? Башка жумушчулар өңдүү иштеп акча табышың керек да. Карачы, мындан үч жыл мурда үй салам деп жыйган таштарың эмгиче жатат. Ушул фермада сенин үйүндөн башкасынын барыныкы жаңы. Же бир жаш бала эмессиң, акылы токтоло элек дегендей...

Кашым үйдө отуруп бул сөздөргө табасы каныл жатты.

– Мына азыр, – деди Сереңбай дулуюп.

– Кечөө кечке чейин дүкөндүн жанында арак ичип отурдуңар, азыр эси бар сендей киши тапканын аракка түгөтөбү? Турмушуң болсо бул, деги сен үчүн элден мен уялып жүрөм. Минте берсең бир күнү бармагыңды тиштейсиң. Айт дедим, эмне керек болсо берейин. Кирпичиңди куй да, үй салып ал, дегеним качан? Же мен салып берейинби?!

– Үй керек болсо, өзүм салып алам, –деди Сереңбай кыжыры келип, – Иштесем өзүм үчүн иштеймин, эч кимден токоч сурап да барбаймын...

– Көрчү, мунун акылын, – деди ферма башчысы. Менден келип токоч сурайт деп жаткандырмын. Көп сөзүңдү кой, үй сал. Оокатыңды... түзө, эл катары бол. Тил албасаң өзүң бил!–деди да ферма башчысы өз ишине бастырды. Бригадир болсо ферма уксун деп:

– Эртерээк бар дебедим беле, азыр да кете бер. Мен кийин барып текшеремин – демиш болуп ферманын артынан сороктоп желдирип калды.

Сереңбай үйгө киргенден кийин, дулуюп отуруп алып, бышылдап өтүгүн чече баштады. «Бул жатканы жатса керек!» деп ойлогон Кашым төшөк, жаздык алып келе жатты.

– Тарт, ары! – деди Сереңбай акырая карап. Анан ал өөдө туруп шымын чече баштады. Кашым түшүнбөй, Сереңбайдын оозунан эмне чыкса ошону орундоого даяр турду. Бирдеме башталып кетпесе экен дегендей жалтактап Ырысбек да ата-энесин алмак-салмак карай берди. Сереңбай чечинип, дамбалчан калганда кыйкырды:

– Эмне турасың, алып кел, жаман шым менен ырзынке өтүктү!

– Сугатка барасыңбы?

«Анан эмне, тойго барат дейсиңби!» дегенсип Сереңбай Кашымды дагы алая карады.

* * *

Жүздөгөн гектар жүгөрүгө суу жайылгандан кийин кара-көк тартып такталанып, жапырт бой көтөргөнсүйт. Сереңбай аттап басып кулак ачат. Суу бороз менен көлкүй агып аркы башына жете бергенде, ал эң мурда ачкан кулагын барып бекитет. Анан кайра келип жаңы кулак ачат....

Күн бешимге таянган кезде Сереңбай түшкү тамакка кайтты. Ал күрөгүн жүгөрүнүн арасына сойлотуп салды да, өтүгүн жууп тамеки тартып арыктын жээгинде бир аз турду. Тээ, алыста эмнегедир эл үймөлөктөшөт. Үйүнө баруучу жолдон бурулуп Сереңбай ошону көздөй басты. Ал жакындаган сайын байкады, машина оодарылган – авария!

Сереңбай булардын жанына келгенде бүткөн бою дүркүрөп коё берди. Оодарылган машина эмес, прицеп сүйрөгөн трактор. Тракторист өз айлынын баласы. Аны жакшы тааныйт. Далай жолу бирге ичишкен. Жолдун жээгиндеги аңга кулаптыр. Трактордун төрт дөңгөлөгү асманды карап жатат. Прицеп да аңтарылыптыр. Кишилер трактористти сүйрөп ары чыгарышыптыр. Анын сол колу жогору көтөрүлүп, бирдемени чапчымакчы болгонсуйт. Жылаңбаш. Бети киши таанылгыс көпкөк. Көзү бакырайып асманды тиктейт. Оозунан кан сызылып агып жатат. Жапжаңы кара плащынын чөнтөгүнөн «Прибой» тамекисинин бурчу чыгып турат.

– Кайран бала! – деди көк башы көз жашын аарчып. – Баертең эле жадырап дүкөндүн алдынан жолго чыккан. Бир бөтөлкөнү ичип, дагы бирди...

Сереңбай бул сөзгө кулак какпай басты. Эмне экенин билбей делдиреп, өлүп жаткан трактористтин жанына барды. Аңгыча алыстан эле ызы-чуу башталып, аттуу-жөндүү кишилер келе жатты. Тирилтип алчудай шудундашып, алар бат эле жетип келишти. Жигиттин атасы, агасы. Дагы тууган-туушкандары.

Сереңбай мындай окуяны уккан менен көрө элек болучу. Кандайдыр эси көтөрүлгөнсүп, жүрөгү дүкүлдөп, бир түрдүү болуп баратканын сезди. «Кой, кетейин, – деп ойлоп ары басты Сереңбай. – Киши башына түшкүлүк кылбасын! Бекер келген экемин, ооруп калбагай элем!..» Ал үйүнө тез кайтты. Эмне көргөнүн ойлонбоого тырышты.

Ырылдап-чырылдаган катын-калачтын үнү чыгат. Кезиге кеткен кишилер: «Сен бирдеме билдиңби» деген көз менен карайт. Билгенде эмне кылмакчы? Анын кулагы дүңгүрөп, кыжылдашкан бир үндөрдү угат.

«Арак, баарын кылган арак!» дешкенсийт. Дагы башкалары: Арақты зордоп ичирип жатабы? Ичпей койсо бул дүйнө бүлүнүп кетеби» дегенсийт. Жер тиктеп, эки колун бош таштап келе жаткан Сереңбайдын тышкы кебетеси абдан жүдөө кишини элестетет. Башка бир дүйнөдөн келе жаткансып, ал дүйнө бардык тиричиликтен бездиргенсип, ичинен туюкталат.

Сереңбай үйүнө кандай жеткенин билбей калды. Эшиктин алдында Ырысбек ойноп олтурган. Тиги баланы көрө коюп серпиле түштү. Кудая шүгүр, жарык дүйнөгө не жетсин. Ал Ырысбекке барды да, көтөрүп бетинен өптү. Жалпак үйүнө болсо, күн нурун аябай төгүп турган. Устундун коңулуна уя салып, чегирткени кымкара тиштеген эне чыйырчык да Сереңбайдын көөнүн бурду. Чыйырчык кышылдап, бышыксынып ары-бери карайт. Ата-бала чыйырчыкты карап турганда үйдөн Кашым чыгып келди. Сереңбай Кашымдын жүзүнө карады эле, тиги жер карады. Анын коркок көздөрү өтө эле аянычтуу экенин күйөөсү биринчи жолу байкады. Көйнөгү кир, өтүгү да эскирген. Көзүнөн жол-жол сызыктар даана таралып турат.

– Жүр, Ыкен, үйгө кирели, – деди Сереңбай улутунуп, анын мындай мамелеси балага абдан жакты. Бала бирдемелерди айтып кыйкыра баштады. Сереңбайдын кылыгына жадырап күлүү Кашымда жок болучу. Ал азыр жылмайды эле, бырыштары узара түштү.

* * *

Өлгөн тракторист көмүлдү.

Айта калаарлык бир иш, авария болгондон кийинки бешинчи күнү эле: «Сереңбай арақты таштаптыр!» деген «укмуштуу» кабар тарады.

– Мен билген Сереңбай болсо, канча күн чыдаар экен!? –дешти кээ бирлер...

– Таштагандын канчалык кыйынчылыгы бар? – дешти дагы бирөөлөр, – өзүн бек кармап, ичпей койсо эмне болот...

Ортодо айга жуук убакыт өттү. Сереңбай аракка жологон жок.

Бул айда Сереңбай сугатта болуп, дагы башка жумуштарды иштеп алтымыш сегиз сом тапты. Акча колуна тиери менен бир тыйынын коротпой өмүрүндө биринчи ирет Кашымга берди. Кашым аны өзүнүн акчасына кошуп чемодандын эң түбүнө катты. Үй-үй болгону буларда жүз сом сакталып көргөн эмес. Сереңбай эрте туруп, короосун тегерете карап, мындан үч жыл мурда үйгөн ташынын жанына басып барды. Тегерете кызыл куурай чыгып, чөпкө көмүлгөн таш баягы эле өзүнүн үйгөнүндөй. Ал ташты карап туруп: «Эми, үй салыш керек!» деген чечимге келди.

Кашым болсо, айылдагы эки-үч кемпирди чакырып, жууркан каптай баштады. Ал кемпирлерге берээрге эчтеке таппай, жеңилденип жатты. Чай кайнатып, узун сөзгө кирмек болду. «Биздин үйдө деле ушундай

ичип-жеп отурууга болот» дегенсип кыймылдарын да колунан келишинче жасап, күлүмүш болуп, кемпирлердин көңүлүн алууга тырышты.

– Серeңбай ичип жүргөн кезде, – деп аны тарых катары айтчу болду, – алда нече ушул жууркандарды каптамак болуп камындым. –Такыр колум бошободу. Анын үстүнө Ырысбек да колдон түшпөйт. Эми жаңкы бир үч дөңгөлөктүү велосипед дегени бар эмеспи, ошондон алып берип өзүнчө койбосом...

– Ооба, балага ошондой бирдеме карматып өзү менен өзү ойной турган кылып коюш керек, – демиш болду отурган кемпирлердин бири.

– Эртең-бүрсүгүнү атасы ээрчитип барып алып берет го. Ой, бир азыраак акча жыйнадык эле, ал да түгөнүп баратат. Эл беш тыйын тапса, иберкассага чуркашат экен. А мен үйдө эле сактайм, эчеманеки чөнтөгүмдү тешип баратса да...

– Ооба, акчанын колдо болгону жакшы, керек кезинде колдоно коёсуң – деди дагы бир кемпир, шекерден чайына кашыктап салып жатып.

– Эми, үй салам деп калыптыр, баертең, «кирпич куялы», дейт, куялы дедим. Деги өлсөк да эл катары эки ооз бирдеме тургузуп албасак болоор эмес.

– И, балам, – деди үчүнчү кемпир, – чайыңан куй, чайың таттуу экен. Ошенткиле экөөң тең жашсыңар. Иштейм десеңер силерден оокат качып кутулабы.

– Бул айда экөөбүз жүз сомдон ашырып таптык, – деди Кашым. Анын кемпирлерге айтпай калган эң акыркы жаңылыгы ушул болду.

– Ошентип, Кашым үйдө кемпирлерге жууркан каптатып жатканда, Серeңбай иштен келип, үйдүн фундаментинин ордун каза баштады.

Кирпич куюлуп үй тургузулду.

Бир күнү Серeңбай ферма башчысынын үйүнө келди.

– Келипсиң, айта бер, жумушуңду, – деди ферма башчысы.

– Мага кыйыныраак жумуш керек.

Ферма башчы аны бир карап алды да:

– Кел, тамакка отур, акчалуу жумуш керек дейсиңби?

Серeңбай күлүп жиберди.

– Курулушта иштесем кандай болоор эле?

– Болот, тез курулуп бүтө турган короого жиберейин.

Серeңбай дасторконго отургандан кийин, бир табак куурчак келтирилди.

– Үйүңдү тургузуп алдың ээ! – деп коюп ферма башчы алыстан эле оозун ачып бир кесек майлуу этти «таштап» койду. Анан аны чайнап жатып сөзүн кайра улады. – Быйыл баары бир бүтүрө албайсың.

Серeңбай башын ийкейт, кашык менен анда-санда куурчактан алып оозуна салат.

– Помидор жокпу? – деди эле аялы чыгып кетип бир талинкеге туздалган помидор алып келди. Ферма башчы алды менен бармагынын учундакы кыпындай майды тили менен жалап алып, анан помидорго жабышты. Бычак менен жукалап кесип-кесип, куручтун жан-жанына койду.

– Ал, мына мындан кошуп жең – деп ферма башчы карандай чайдан ууртап коюп жандуу кыймылдайт.

– Арак ичпей калдыңбы?

– Ой, ошол курусун...

– Ым-м, көп, ичүү же ичпөөдө эмес. Маселе, киши өзүн башкарууда. Напсиңди тый, бүттү.

Бул барып турган чындык болгон соң Сереңбай буга кошулбаска чарасы жок эле. Ичпеймин деп Сереңбай өзүнө өзү токтоо берди, ичпей эле койду. Арак түшүнө да кирген жок. Албетте, ичкиси далай эле келгендир. Ал өзүн кармай билди. Бирок, арактан өлгөн трактористтин укмуштуу кебетеси анын эсинен чыгып кеткен болучу.

Эртеси тоо этегиндеги базаны ремонттоп жаткандарга барып Сереңбай да кошулду. Анын көөнү биротоло тынгансыды.

Бир күнү кечке жуук, анын эски досторунун бири Тынай кирип келди. Аздап кызуу. Ал кирээри менен эле бужулдай баштады.

– Той! Тойго баргыла. Баланы бешикке салдым. Кандай ой, Секе аксакал, эмне болгон сага, пай-па-ай!.. Атайын чакырып келдим. Мен, мен той берип турган кезим. Үйдү болсо заңкайтып тургузуп алдың. Ырас эмеспи, же мен калп айтып жатамбы, ыя? Тургула, бүгүн ичебиз, жейбиз...

Кашым Сереңбайды карады. Сереңбай терезе жакты карады. Кызуу Тынайды жактырган жок.

– Кана, болгула.

– Кыймылдаар чамам жок, катуу чарчап турам.

– Кой, баатыр акеси. Алдыңа келсе минтип кекирейип калмаң бар... Чакырсам киши толуп жатат, чынбы? Эт жегенден ким качат, ыя? О-о-о – башын чайкады, – сен андай кылба, – же теңиңе албай турасыңбы?

Кашым Сереңбайды дагы карады.

– Сен, барчы, – деп Кашымды ээги менен жандап коюп Сереңбай кыйшайды.

– Жок-жок, болбойт. Мен эмне бөлүнгөн киши белем, бөлүнүп баргыла, казан аса элекмин, болгула...

– Койчу, Тынай, мен бара албаймын.

– Чынбы? Адам эмес турбайсыңбы! – Тынай тышкы чапанынын топчуларын чече баштады.

– Абдан чарчадым, анын үстүнө арак ичпеген соң... Ал жерде кымыз гана ичилет.

– Чын эле барбайсыңбы?

– Чын айтып жатам, Тынай, бир жолу менин шартыма көнчү.

– Анда эмесе, мына. Муну ичебиз азыр жана ушуну менен бирөө тоюмду куттуктады. Өзүлөрү барган жок, – деп Тынай кымыз куюлган бөтөлкөнүн оозундагы калайын тиштеп ачууга камынды.

– Келе, стакан.

– Ой, койчу, балакетиңди алайын. Тиги болсо, жолобойт. Мен болсом ичпейм, – деп Кашым жүрөкзаадаланды.

– Алып кел, кымызды өзүм ичем!

Серенбайдын жүзү уламдан-улам кара күрөң тарта баштады.

Кашым айласыз туруп чыныны алып берди. Тынай куйду да Серенбайга сунуп калды. Серенбай бир чыныга, бир Тынайга карап буйдалды.

– Ме, карма!

Ушул учурда кара күрөң тарткан Серенбайдын колдору калтырап, мурдагысындай чыныга жабыша кетти да, толтура кымызды ала коюп, шып эле тартып жиберди.

Муну көргөн Кашым кубанып кетти. Эмне болуп кетти, чын эле кымыз ичип жатабы?

Серенбайдын ичин жылуу бирдеме шүйшүндүрүп, жорголоп өттү. Абдан сагынган. Заматта эле чекесинен тер бурк этти.

«Серенбай ичпес!» деп ойлогон Тынай кымызды арактай тартып жибергенин көргөндө делдее түштү. «Кудай у-ур, – деп ойлоду ал, – ишти буздум. Тынай кайра ичирип коюптур десе, эмне бетим калды? Элге эмне дейм?» Тынай көпкө чейин бирдеме айталбай кекечтене берди, ылайыктуу эч нерсе табалган жок.

– Ак тилек эмеспи, ак тилек... – дей берди. Кымыздан куюп Кашымга сунду эле, ал ичпей ордунан туруп кетти. Соолуга түшкөн Тынай эми кетип калууну көздөдү.

– Кой, мен кетейин, – деп бөтөлкөнүн оозуна кагаз тыгып Тынай ордунан тура бергенде, Серенбай шып этектен алды:

– Токто, ак тилекте да киши ашыгабы?

– Эт салына элек, Секе...

– Азыр түн узарып калды, – деди Серенбай жай гана. – Таң атканча үч ирет конок узатууга болот. Чынбы?

Бир тынымга делдее калганын Тынай көрүнөө сезди. «Кымызды да ичпейт экен десе!» деп ойлоп кайра отурду.

– Куйбайсыңбы? – деди Серенбай күлүп. Жаны кашайып очок жакта күйпөктөгөн Кашым куңк этти:

– Кетсин, эмне кыласың? Коноктору келип калат.

– Кой, Секе мен кетейин. Кымызга арак кошосуңбу, ич! – деп Тынай бөтөлкөнү жерге коюп обдулду эле, Секең дагы этектен алып отургузду.

– Эмне, арактан өлгөнү жаткан киши бар дейсиңби? Тең эле ичели, баланын бактылуу болушуна...

Тынай күйүп-бышып ордунан тура калды.

– Жөнү жок жабышат экенсиң! Жайчылыкта болсо отурбайт белем.

– Сабыр кыл, баатыр, – деди Сереңбай да ордунан туруп. – Биз да барабыз, кошо баралы, – ал ушуну айтып жатып, арактан стаканга толтура куйду да. – Ме, ич, – деп стаканды Тынайдын тумшугуна жакын алып барды.

– Ичпейм!

Сереңбай аны да шып ичип жиберди. Калганын куюп дагы сунду эле Тынай кайпактай баштады. Эмне айтаарын билбей Кашымга жалтаңдап карай берди. Анын ушул кылыгына байланыштуу Сереңбай дагы этектен мыктап кармай түштү:

– Ме, ич ушуну!

– Ичпейм.

– Ичпейсиңби, өзүм ичип алып жүрбөйүн?!

– Ич, өзүң, мага катылба!

– Катылба дейсиңби? Мына, «катылба» деген!

Сереңбайдын колундагы стакан Тынайдын бетине барып шак дей түштү. Арак, кан аралаш суюктук Тынайдын чекесинен бурк этти. Тынай ошол эле замат Сереңбайды басып калды. Кашым чыңырып Ырысбегин эшикке ала качты. Үйдүн ичинде дүпү-дүп, кимди-ким уруп жатканын билип болбойт. Бир кезде шаңгыр этти эле, катуу онтогон кишинин үнү угулду. Кашым эшикте кокуй-алатын айтып, эл чакырып жатканда «дүп!» дей түштү эле Ырысбеги колунан ыргып кетти. Өзү да жерге кулап түштү. Сереңбай Тынайды башка чаап жыгып, эшикке чыкканда бөтөлкө менен чыңырып турган Кашымды да бир коюп өткөн болучу.

Бул кезде каш карайып калган. Кайдан-жайдан катын-калач, бала-чака толуп кетти. Сакалдуулар да пайда болду. Үйгө кирип-чыгып жатышат. Катындар Кашымды эсине келтиришти, баланы соороттушту. Эмне болуп кеткенин билген киши жок. Чекесинен кан жошолоп Тынай да үйдө башын көтөрдү.

– Ай, арак, ай, арак! – дешти кишилер башын чайкап.

– Арак эмне кылды, – деди бир чал бакылдап, бөтөнчө кыжырланып. – Өзүңөрдөн көрбөй келип арактан көрөсүңөр. Арак бар жерде кымың-кымың, мулуң-мулуң этип, кылтылдап, сөздүн сонунун таап сүйлөп кетесиңер. Ушул абийирби! Ченеп иче турган чагыңар болду го.

Кыжы-кужу күчөп, түн ичинде айылдын ушул бир кичине бөлүгүн көңүлсүздүк басты да калды!

Бир нече күндөн кийин, ушул боюнча иш алып барган жолдоштук соттун заседателдери тамекилерин күйгүзө, сахнанын артына чыгышты. Мына алар Сереңбайдын тагдырын чечиши керек. Бирок, бул иште Сереңбай өзүн айыптуумун деп тапкан жок. Ал көпчүлүк алдында өз оюн чечендик менен айтып түшүндүрө албады. Кээ бир жандай чапмалар майын тамыза сүйлөп киргенде, ал оозун ачкан бойдон калды. Кыскасы, Сереңбай эл ичинде өзүнүн канчалык салмагы бар экенин ушул жолу ачык түшүндү. Анын үстүнө шапкесин колуна алып, зуңкуюп эл алдында жоопко тартылып отуруу дегениңиз, эр азаматка оңой тиймек беле!

Заседателдер кайра кирип, орундуктарын ары-бери жылдырышып, отура баштады. Соттун председатели көпчүлүк тынчыганда сөз алып, Сереңбайдын илгерки тарыхына – ичип жүргөн кезине, кийинки турмушуна кыскача токтоло келип, чыккан чатак Сереңбайдан экенин жарыялаганда бечара Сереңбай жерге кирип кете жаздады. Анын каны кайнаганы шончо, председателдин сөзүнүн аякташын күтпөстөн эле ордунан ыргып турду. Залдагы жык-жыйма эл менен заседателдер Сереңбайдын ар бир кыймылына көз салып тына калышты. Ал клубдун чыгаар эшигине таң калаарлык тездик менен жетип барды да эл жакка шарт бурулду:

– Иш эч качан андай эмес, – деди титиреп колун силкип. – Мен ичип жүрдүм. Бирок, кара ниет болгон эмесмин. Мен барбайм дегенде эле Тынай кетип калса иш кандай болоор эле? Ии, менде да... – ал шапкесин кармаган колу менен көкүрөгүн койгулап жиберди, – менде да жүрөк бар!

Клубдун ичи чымын учса угулгандай тымтырс. Эл:

«Дагы эмне айтаар экен?» дегенсийт.

– Силер өңдүүлөр... – деди Сереңбай зил менен. Анан шашпай ары бурулуп эшиктен чыгып кетти. Клубдун ичи тымтырс бойдон кала берди. Ошондон кийин, бул айылдан бир да бири анын кабарын биле алган жок.

Бирок, эл болгон соң ал жөнүндө божомолдоолор айтпай койгон жок. «Айыпталыптыр» деген сөз да тарады. Кээ бирлери Кашымга боору ооруй сүйлөдү. Ал эми Тынайды жемелегендер:

– Эмне үчүн арак бересиң? – деп тике качырышты.

– Ой, мен ичпейт экен дедим, – дейт Тынай таңылуу башын койкоңдотуп.

– Деги ага арак көрсөтүүнүн эмне кереги бар эле?

– Ой, мен ак көңүлүм менен сунуп калбадымбы.

– Ак көңүлдүүлүктүн аягы эмне менен тынды? – дешет Тынайды илгери бастырбай.

– Ой, мен, – дейт да сөз табалбай Тынай жаңылыштык кетиргенине кызырандайт.

Ал эми Сереңбайдын артынан суроо салып, издеп барууга Кашымда мүмкүндүк болбоду. Күйөөсү жокто Кашым өзүн бир аз эркинирээк сезген менен, кандайдыр үйдө эркектин жоктугу да билинди.

Бирок, тиричилик Кашымды ой-боюна койгон жок. Белин бекем бууп, оокатын иштеп, Ырысбегин асыроого мажбурлады. Күндөр, айлар биринин артынан бири жылып өтө берди...

* * *

Жаз келди. Сереңбайдын тамына жыл сайын келип балапан учурган карачыйырчык дагы пайда болду. Чыйырчык келээри менен эски уясын оңдоп, кандайдыр бир жерлерден куштардын жүнүн тиштеп келип, болочок балапандарынын астын жумшактап, жылуулай баштады.

Айылда өрүктөр гүлдөп, кызгылт, ак майда гүл бүткүл кыштакты каптады. Сереңбай бир кезде өз колу менен отургузган бай өрүк да аппак гүлдөрүн ачып энтеледи.

Тал-теректер жалбырагын жайып, алмалар гүл ачайын дегенде маршрут боюнча каттап турган автобустан колунда чемоданы бар, плащчан, арык, кара жигит айылдын тушунан түшүп калды. Ал түшөөрү менен көкүрөгүн кере дем алып, айылды бир азга карап турду. Анан тааныш көчөсү менен лыпылдай басып келе жатты. Бул келе жаткан Сереңбай болучу. Ага өзү басып келе жаткан көчө да, үйлөрдүн терезелери да – баары, сүйкүмдүү... Үйүнө жакындай бергенде Кашым эшикте жүргөн. Аны бирден эле тааныды. «Бечара Кашым, – деп ойлоно кетти ал, – Жоош да!» Короого келип калган Сереңбайды көрө коюп, Кашым селейип туруп калды. Бүгүнкү күнү жетип келээрин ал ойлогон эмес.

– И, – деп койду Сереңбай жылмайып. – Амансыңбы? Ыкен жакшыбы?

Кашым унчукпай өзүн зордоп күлүмүш болду. Анан эшиктеги ишин таштап, үйгө ээрчий кирди. Сереңбай тез тез кыймылдайт, мурдакыдай ыкшоо эмес. Ал Ырысбектин уктап жатканына карабай тургузуп алды да чемоданын ачып, ага алып келген кийимдерин бере баштады. Чемодандан, ал түгүл, аялдын көйнөгүн, сорттуу чайлар, шоколаддар да чыкты.

– Сууң, барбы? – деди Сереңбай, бирок, өзү туруп барып жуунуга суу камдады. Чечинди.

– Кандай? – деди Сереңбай жуунуп жатып. – Оокаттан кыйналган жоксуңбу? Кантип жан багып жаттың?

– Турдук эптеп.

– Эмне жаңылык бар элде?

– Эч жаңылык деле жок. Бригадир ордунан түшкөн.

– Жакшы болгон экен. Биздин ферма башчы кандай?

– Жакшы.

– Ырысбекке эмне болгон, унчукпайт?

– Өзү эле ошондой эмес беле.

Сереңбай жуунуп, сүлгү менен аарчынып, үйдү тегерете карап отурганда гана кишилер келе баштады. Кашым самоорго камынды. Келгендер менен өз ылайыгында амандашып, Сереңбай Ырысбегин алдына алып отурду. Эл аны мурдакыдай түнт эмес, ачык, жайдары, чепеңдеген кара жигит болуп өзгөргөнүнө таң калышты.

Бир кезде эшиктен Тынайдын сүйлөгөн үнү угулду. Сереңбайды угуп ал дагы учурашканы келген. Отургандар: «Эми экөө кантээр экен?» деп тына калышты. Тынай эшиктен кирери менен Сереңбай ордунан туруп барып кол берди.

– Жакшы келдиңби?

– Эми арак бербес болгондурсуң өзүң да. – Сереңбай тамашалады. – Бешик тоюң узадыбы?

– Кайдан, бөтөлкө менен уруп чала жансар кылып кетиптирсиң...

Көңүлдө кир сакталбаган мындай мамилеге отургандар ыраазы болушту. Алар кобурашып, чайын ичип кыйладан кийин таркашты. Жаңы кийим кийип, ары-бери чуркаган Ырысбек эрте эле уйкуга кирди. Кашым Сереңбайда кандайдыр бир түпкүлүктүү өзгөрүш барын байкап отурду.

Ал эми, Сереңбай болсо, үйдүн ичинин жана аялы Кашым, баласы Ырысбектин өтө эле илээнди экенин билди. Булардын баары мурда эле бар болучу. Бирок, аны Сереңбай сезген эмес. Мунун баары көп өтпөй өзгөрүүгө тийиш.

Кечинде Кашым «салсамбы, салбасамбы» дегенсип арсар кыймылдап, төшөк салууга киришти.

– Кашым, – Сереңбай ага жакындады эле, Кашым ойт берип ары бурчка кетти, түшүнбөйт.

Салынган төшөккө Ырысбекти чечиндирип жаткызып жаткан Сереңбай Кашымга акырын айта баштады:

– Мен шаарда, заводдо иштедим. Жашоо деп ошолордукун айт. Жумушчулардын баары билимдүү. Турмуш бака-шака, кызык!.. Токарлык кесипке ээ болдум. Ырас, аны бул жерде деле үйрөнүүгө болот. Бирок, ошого ким кызыгыптыр мында...

Кашым Сереңбайга тийгенден бери мындай сөздү уккан эмес. Кишиге ачылып сүйлөбөй, дайыма дулдуюп мас жүргөн, өзүн чыркыратып урган баягы кадырсыз Сереңбай азыр жок. Абдан өзгөргөн.

– Мен эси жоктук менен жүрүптүрмүн, – деди акыры ал.

Кашым дагы эле унчукпай, аны карап очок жакта тик турду. Ал унчукпаса да баарына ичинен макул.

Эртеси Серецбай эрте туруп, өткөн жылы тургузуп койгон тамын көрүп жүрдү. Дапдаяр! Бир кезде анын жанына ферма башчысы бастырып келди. Серецбай менен жылуу амандашты.

– Кайда бардың?

– Шаарга.

– Үйрөнгөнүң барбы?

– Бар, албетте...

– Жакшы-ы, – ферма башчы Серецбайдын көзүнө тике карап турду. Серецбай анын көзүнө жай карап күлдү.

– Токармын.

## ТУУРА ЖООП

Кечке маал, газеталарды оодарып карап отурган он беш жашар уулум менин жаныма газетанын бир санын көтөрүп келди. Мен бирдеме жазымыш болуп үстөлүмдө отургам.

– Папа, бир газетада карама-каршы эки пикирди бирдей кубаттап да жаза беришеби? – деп сурады ал.

Мен калемимди ары коюп, бир аз ойлонуп калдым. Албетте, сегизинчи класста окуп, азамат болуп калган балага ойлоп жооп берүүгө туура келди.

– Мүмкүн, жаңылыштык чыгаар.

– Жок, папа, атайын...

«Анда, көрөлүчү» – дедим да газетаны колума алдым. Бала сөөмөйү менен эки жерин көрсөттү. Бири – тамеки өстүрүү жөнүндөгү адистин кеңеши, дагы бири болсо – тамекинин зыяны жөнүндө жазган врачтын кеңеши! Түшүнүктүү. Буга эмне деп жооп беришим керек? Газетаны окуган болуп ичимен ойлонуп жаттым. Бирок, баланы күттүрүүгө да, ага калп айтууга да дитим чыдаар эмес. Акыры, газетаны үстөлгө койдум да, алдымда турган тамекиден бирди тамызып, түтүнүн шыпка үйлөдүм.

– Мына мен тамекинин зыянын билем, бирок, эгер дүкөндөрдө тамеки жок болсо, аны соода оруңдарынан талап кылууга чейин барамын, – дедим мен. Бул сөздөрүм аркылуу газетаны жактап чыкканымды балам түшүндү. Маселени газетага оодарып эмес, дал эле бирге жашап жүргөн атасы – мени менен пикир алышуу зарыл деп ойлоду окшойт, жаныма жайланып отурду да, суроосун терендете түштү. Ошентип, акыр аягында, балам экөөбүздүн ортобузда чечилүүгө тийиш болгон бир иш келип чыкты.

– Менимче, тамекинин зыян экени калп, – деди уулум, – эң даанышман деген кишилер да тамеки тартканын билебиз. Врачтардын да тамеки тартып жүргөндөрү аз эмес. Зачем, кишилер башкаларды эле үйрөткүсү келет, ыя, папа? Ал эми таптакыр эч нерсеге түшүнбөгөн Жардыгул таякем башкаларды үйрөтпөйт. Ары тамеки эмес, асмай менен да иши жок...

Мына, азыркы жаштар кандай ойлойт. Сөз кезеги менде турду. Албетте, чымыркандым, баягы эле никотин жөнүндө, айрым кооптуу оорулардын келип чыгышы тамекиден экени жөнүндө айта келип, аягында тамеки тарткан кишинин өңү да акырындык менен өзгөрө турганын түшүндүрдүм. Андан кийин, мына ушундай зыяндарына карабастан дүйнөдө али күнгө чейин эл тамекини мүлдө таштабаганын, ал түгүл, Канадада кээ бир кишилер тамекини суткасына бир килограммдан тарта тургандыгын айттым. Акыр аягында келип кишилердин санаа-сезими өскөн сайын тамеки тартуучулар азая тургандыгын да белгилей кеттим. Өзүм жөнүндө болсо, «көнүп калыпмын!» деген мааниде түшүндүрдүм.

Уулум бир нече минуталык «лекциямды» унчукпай угуп отурду. Баягы эле тажатма сөздөр болсо дагы системалуу сүйлөгөнүмдү өзүм байкадым. Бирок, балам дагы сөзгө кирди:

– Эгер, бир кишиге, – деди ал, – «мына бу таблетка саа зыян кылат. Бирок, жеп көнүп алсаң, анда сага бир көнүмүш жакшы жолдош болот» деп ошондой бир дарыны сунуш кылса ынаар беле?

– Жок, буга эч ким ынабайт, – деп башымды чайкадым. Мүмкүн, ынанчулар да бардыр... бардыр эмес эле, тамекиге келгенде дал ошол кишинин өзү эмесминби мен!

– Анда, – деп уулум мени карап отурду, – анда мен баары бир түшүнө албадым.

Ата-бала ортосунда мындай такалуу сейрек кездешет. Жыйылуу турган китептерди четинен окуп жүрүп, бардык нерсеге логика закондору боюнча гана баа берүүгө аракеттенген балам мени эмнегедир бирдемеге мажбурлагансыйт. Аталык жоопкерчилик алдында да мындан тайсалдап чыга берүүнү мен да эп көргөнүм жок. Мен тамекини зыян деп тапсам, аны тартпашым керек. Эгер тарта берсем, анда анын зыяндуулугун моюндабастыгым керек. Бир кишиде карама-каршы эки ишеним бир убакытта бирдей үстөмдүк кылышы мүмкүн эмес да. Мен өзүмдү чыныгы күзгүдөн көрүп турдум. Күзгү ушунчалык тунук болгондуктан, эч кандай жашырбастан эле мени эки жүздүүлүк менен тамеки тартып жүргөнүмдү көрсөтүп турду. Балким, жалгыз тамекиге гана ушундайдырмын, башкага андай эместирмин... Жок, жок, башканы козгобойлу! Сөз тамеки жөнүндө гана болсун.

Ошентип, чындыгында, мага тамекинин акырындык менен келтирип жаткан зыяны да, врачтардын далилдери да уулумчалык таасир эте элек болучу. Баарынан мурда балам тамеки тарткандыгым үчүн мени сынга алып отурганы жок, тек түшүнгүсү гана келет. Мына ушул көзгө көрүнбөгөн күч менин жаңылыштыгымды эрксизден моюндатып, эки ара жолдун бирин тандап алышымды мажбурлап жаткансыды. Балам менден жооп күтүп алдымда отурат. Эмне дешим керек? Колума карасам, жумшак көк түтүн жибектей созулуп, мунайым гана көкөлөйт. Кесепеттин жоошутугун кантээрсиз!

Өзүмдү бир аз иретке келтирдим да:

– Иш мындай да, – деп жооп бере баштадым балама, – бул эки макала бир-бирине каршы эмес. Тамеки өсүмдүгүнүн биологиялык касиеттери менен анын өсүү шарттарын түшүндүрүп жазса, бул – «тамеки тарткыла», деген сөз деп түшүнбөймүн. Экөө тең мына мен үчүн, мен өңдүү жүз миңдеген, балким, миллиондогон кишилер үчүн жазып жатышат. Бул албетте, сага түшүнүктүү болууга тийиш...

Балам мени көпкө карап үнчүкпай отурду да, жаныман кетип калды. Жообум туурабы, катабы, ал буга канаагаттандыбы, жокпу, биле албадым. Бул темада экинчи кайрылып сөз козгогон жок. Бирок, мен ошол күндөн тартып тамекини жек көрүп, мүлдө таштап кеттим!

Анык туура жооп мына ушул болсо керек деп ойлойм өзүм.

## МАЙ АЙЫНЫН КЫЗЫЛ ГҮЛҮ

Биздин жерде, май айынын башында, гүлдөр адатта аз ачылат. Жемиш гүлдөрүн эсепке кошпогондо, майда көк, сары гүлдөр, төө тапандар, сары гүлдүү каакымдар көзгө көп чалдыгат. Тоо этектеринде, тумшуктарда алтыгана арасынан алтын түстөш, татынакай жоогазын гүлдөрү бирин-сериндеп ачыла баштайт. Кыскасы, май айынын мээрими гүлдөргө кедейирээк экенин жашыра албайбыз.

Менин айтайын дегеним башка. Май айынын кызыл гүлү!

Адамзаттын эзелки арман-тилеги катары, акыл-эсте гана жашаган бул гүл – май айынын башында көздүн жоосун ала, кыпкызыл болуп ачылат. Миллиондордун күрөшү, кылымдардан жыйналган рухий байлык ушул гүлдү гана бапестеп өстүрүп, шактатып, жетилткен өңдөнөт.

Бала чакта шыгыр кылып айтып жүргөн бир ыр алиде эсимде. Биздин тилге сөзмө-сөз которгондо ал мындайча башталат:

*«Май айынын кызыл гүлү,*
*Каптады чөлдү!*
*Гүл жапты баатырлар канын...»*

Ушунун өзүн созолонто баштап, толкундана айтып киргенде жашоо кызыкчылыгы үчүн, эски дүйнө менен күрөшкөн каармандардын кан кечип, түбөлүктүү жеңишке бет алганы элестээр эле мага. Ал элести мен кайда барса да ээрчип кете берүүнү эңсээр элем!

«Варшавянка», «Марсельеза», «Интернационал» – жан дүйнөнү титиреткен ырлар...

Арык, тартайган катаал жумушчулар колоннасы көз алдыма тартылат. Булар аалам кудурети, ааламдын куруучулары. Алар өздөрүн далилдеш үчүн жылуу уяларын унутуп, биротоло аттангандар. Ал эми, алар басып өткөн дүңгүрөгөн издерде – курмандар калган жерлерде, кызыл гүлдөр жайкала өсүп, көктүү кыргынды түбөлүккө даңазалагансыйт...

Мен азыркы кезде, замандаштарым менен ошол гүлдөрдү аралап жүргөнсүйм. Жан дүйнөм балкып, кооздукка берилем. Бул сезимди кимдир бирөөлөр менен бөлүшкүм келет. Гүлдөрдүн бүткүл ааламда жайнап ачылуусун ойлоном...

Ааламдын кызыл гүлгө бөлөнүүсү кандай сонун!

## УЛГАЙГАНДАР

Азыр, кээ бир элдерде улгайган кишилер, мейли, ал эркек же аял болсун, колунан келгенин иштеп, жок дегенде келин-кесегине жардамдашып, идиш-аягын жууп бергенди оор көрүшпөйт. Ал эми, биздин элде, маселен, айталык, бир чалдын арык боюнда чайнек жууп отурганын көз алдыңызга элестетип көрүңүзчү. Билип турам, буга сиздин тымызын кытыгыңыз келет.

* * *

Март айынын аяк ченинде Сонунбала деген кемпир кичи уулу Кеңештин колуна келди. Күйөөсү Ата Мекендик согушка аттанган күндөн тартып, бул киши мал-жанга эркектен кем камкордук кылган жок. Колунда калган эки баласын турмушка телчитип, чоңойтуп-чочойтуп дегендей, бүгүнкү күнгө жеткизди. Күйөөсү болсо, согуштан кайрылган жок. Ал эми өзү болсо, бүгүнкү күндө, өз милдетин аткарып бүткөнсүп, оокаттан кол үзүп, балдары менен келиндеринин иштешин каалады. Мунун башка себептери да бар: ал уулунун үйүнө келген сайын андагы бүлөлөр кандайдыр башка өңдөнүп, алардын алдында аздап жасакерленүүнүн зарыл экенин да сезе турган. Кээде, мына бу өңдүү ички толкуулар пайда болот: тентек небересинин кулагынан чоюп туруп, аны тартипке чакырууну ичинен ойлоно турса да, ошол кулакка манжалар кыпчуур өңдүү

жакындай бергенде, «сабыр кылыңыз, булардын кулагын ата-энеси чоёт. А сиз болсоңуз, өз кезиндеги кулактарды чоюп болгонсуз!» деген өңдүү бир жаман ой түшө калат да, сунулган кол эрксизден калтырай баштайт. «Капырай, бул эмнеси? Булар деле өз балам эмеспи!» – деп кайраттанып, колун кайра сунгуча, албетте, иштин сааты өтө чыгат. Мейли, ким болсо да тентектик кылган баланын кулагын аздап чоюп, акыл угууга мажбурласа андан эч нерсе болбойт. Баланын кулагын жулуп деги албайт эмеспи. Бирок, кезегинде ошол кулакты чоюу кемпирдин колу менен иштелип жатканда келин баланын (эч кандай жаман оюу жок болсо да) акырын гана карап коюусу, жогорудагы бир түрмөк сезимди ойготкон эле да. Муну бир деп туруңуз. Экинчиден, чай же тамак ичип отурганда «ичиңиз, жеңиз!» деген сөздөр мөндүрдөй жаап турса да, айталык, кашык менен сары майды илип бараткнда көз кургуруң «лып» этип келиндин жүзүнө түшө калмай адат пайда болду. Өзү турган үйдө, аз болсо да эмгектенбестик ушул абалга түшүрүп койгонун ал түшүнгөн жок. Ошонун баарына карабастан, уулу энесин тамактанып, ден соолугун чындашын каалайт. Албетте, адам баласы муну кантип сезбесин. Жакшы ниеттеги кишинин көзү да, сөзү да бешенеден белгилүү эмеспи. Ал эми келинчи, жашыра турганы жок, келини териси тар, тамак-ашка кароо эле да, кары кишинин кез-кез каалап-жеген тамагына көз салып, аздап ушактап да жиберүүчү. Анын үстүнө балдарына байланыштуу бирер жолу кыңыр сүйлөгөнү да Сонунбалага катуу тийген. Тегин жерден өрт чыкпайт эмеспи. Келин, улгайган ата-энени балдары багууга милдеттүү экенин капарына албай, кары кишинин эки эле маанилүү сүйгүнчүгү бар деп түшүнө турган. Бири, өзү турган үйдөгү балдарды бооруна тартып, аларга энелик камкордук көрсөтүшү. Экинчиси, келин баласынын колуна сугалактык кылбастыгы. Бирок, ар кандай эне өз баласынын үйүндө бул шарттарды таамай аткарам десе бат эле, өзүн-өзү санап чыга келиши мүмкүн да.

Кенже уулу Кеңештин колуна келээрде Сонунбала жогорку санаалардан оолак болоормун деп ойлогон. Анткени, бул үйдөгү казан-аякка бир кездерде өзүнөн башка эч ким да ээлик кылган эмес. Мына береги түш кийиз менен жерге жайылган шырдак да өз колу менен жасалган.

Энесинин келгенине кенже уулу Кеңеш да, келини Турар да жетине албай абдан кубанышты. Козусун союп, кошуна-коңшусун чакырып, бир чети энесине эркелей калдаңдашты. Турар гардеробдон жапжаңы тукаба пальто сууруп чыкты да, энесине жапты. Ал абысынын жакшы түшүнгөндүктөн кайненесинин көөнүн көтөрүү жагын да колго алган болучу. Сонунбала иштин башталышына карап жана сырдана уул-келинине сөөнүп, бул үйдө жакшы турарына көзү жетти. Ушул өткөн бир нече ай ичинде кемпир куурай башын сындырып койбостон, калдаңдаган ак

көңүл уулу менен ыйбалуу келининин алаканында жашады. Анын кадыр кымбаты күн сайын жаңыланып турду. Турмушта сый менен урмат жатка карата адамкерчиликтүү кылык-жорук. Өз киши сыйга бөлөнсө, бул сагынычтын жемиши. Сагыныч бүткөн соң ал адаттагы бүлөнүн бирине айланмак. Бирок, Сонунбала өзүн эртең дагы бирөөнүн жыргалдуу үйү күтүп тургансып, Кеңештин оокат-тиричилигине мүлдө аралашпады. Кээде, ал жашоодо өзүнө тиешелүү бирер үлүш пайдаланылбай калып бараткансып бук боло баштай турган. Мунусун тиш жарып бирөөгө муң катары чыккан жок. Астына жумшактап төшөк салдырып, кош жаздыкты башына коюп, эртели-кеч жата берди.

Жатса жата берсин, азырынча анын бактына көз артканды коюп, дагы бир чал жөнүндө сөз козгойлу.

Ошол эле айылда жашы алтымыштан ашып калган Арзыбек деген чал жалгыз жашоочу. Анын күйөөгө берген эки кызы жана бала-чакалуу бир уулу бар турса да, алардын колунда жашагысы келген жок. Кемпири каза болгон соң, өзүнүн эски тамына үйрүлүп жатты да койду. Чындыгында бул бир кызык жашоо эле.

– Э-э, баатыр, – деп мекирене сүйлөп ал тийишкен курбуларына жооп катчу. – Мен баарыңардан жакшы жашап жатам. Келиним казан-табагын качан калдыратаар экен деп төрдө үңкүйүп отурбаймын.

– А сен жалгыз тамда жатып, өлүп калсаң биз кайдан билебиз?

– Сен өлөрүңдө бала-бакыраң сагаалап туруп узатаарын кудай билет.

– Макул, –дешет курбулары, –кирлериңи кантип жатасың? Кана, айтчы?

Мындай суроого Арзыбек жеңилип калчу да, күлүп, шыбырап мындай дечү:

– Ай, бери карагылачы, түн ичинде дамбалымды самындап, мыкчып алам да, жайып коём. Ага да көндүм, эптеп...

– Көнбөй кар жерге кир, – курбулары да күлүшөт. – Ушинтип жүрүп арам катасың го, бир күнү!

Деген менен, чал өз теңдүүлөрүнө кадырман болучу. Ошон үчүн анын курбулары кам көрүп, үйүнө бат-бат келип, ал-абалын сурап турган. Кыздары да эт-майын ала чуркап, көйнөк-көнчөгүн жууп, жалгыз турдум дегенчелик да кыйналчу эмес. Бир күнү анын курбулары дагы келди да алды ортого алды:

– Балдарыңдын колунда тургуң келбесе, мына берегиКеңештин энеси келиптир. Ошого эбин таап, нике кыйып койсок кандай дейсиң?

– Сонунбалагабы? – Арзыбек чочумуш болду.

– Ананчы.

– Кантип? – деди дагы.

– Оо, алда момунум-ай! – деп жиберди бир курбусу, – «Кантип» дейт турбайбы. Балдарыңа барбагандагы оюң мындан башка эмне?

Арзыбек кызыл дүйлөлөрүн чыгара моюндап, күлүп жиберди да сакалын сылап обонун созду:

– Андай күн кайда-а...

«Бая эле ушуну айтпайсыңбы!» деген кытыгы көз менен карашып, курбулары да күлүп жиберишти. Андан бетер күлкү болсун үчүн бир курбусу:

– Сонунбаланы жактырбасаң анда Батманы ал, – деп күлкүсүн басуу үчүн мурдун тартып койду.

Арзыбек жылан чаккандай ыргыды. Чалдар бакчаңдашып буга аябай күлүштү.

Күлкү козгогон бул кемпирди эл ичинен «бактысыз кемпир» деп коюшат. Чынында аны көргөн киши бир кездери ал дагы жаш болгон десе ишенбечилик эмес эле. Кандайдыр шудуңдай басып, эки жагын сергек каранып, көчөдө кетип бара жатканда анын өңүнөн өмүргө деген кумарлык тамгалаган катаалдыктан башка эч нерсе байкалчу эмес. Кишилер менен мамиледе болсо кайгылуу көздөрүн кадап, эң зарыл маселеден сөз козгой алчу. Ушундай жоруктары менен ал келинине жакпай турганы белгилүү иш. Асыресе, бир түрдүү көнүмүш адат менен лыпылдата тамак ичкенде, келини чыдап отура албай тийише кете турган. Бир күнү келини ысыкчаал баласына арнап, сатып келген компоттон эч ким жокто, сөөмөйү менен илип-тартып, жеп жатканын көрүп калды. Кыжыры келген келини компотту колунан жулуп алды да, шкафтын үстүнө так эттире коё салды.

– Кичине эле ооз тийдим, – деди кемпир сөөмөйүн жалап. – Мен да даамын көрөйүн да...

– Бирдемени жашырып жегенди койсоңуз боло, – келини ызалана сүйлөдү. – Качан болсо мындай боло берсем, четинен бүлдүрө баштайсыз...

– Сенин келатканыңды билип туруп, жегем...

«Карыларга келген өлүм буга эмнеге келбейт!» деп угуза күңкүлдөп, келини ичкери кирип кетти.

Жаман көргөн кишинин бөркү казамбактай Батма байкуштун ар бир кыймылы менен чын жүрөктөн айткан сөздөрү, кутула жадаган келинин чектен ашыра кыжырдантчу. Муну кемпирдин өз баласы да жакшы билет. Ал келин менен кайнене ортосундагы чоктун жалынга айланып кетишинен чочулайт. Эмне үчүн десеңиз, иш эң сонунда, же аялы менен туруу, же энеси менен калууга барып такалат. Кемпирдин баласы салмактуу жигит, болпоюп, баарын башынан өткөрө жүрүп, энесине да, аялына да бир ооз катуу сөз айткан жок. Энесинин карыган сайын эмнегедир сугалак

болуп баратканын көрбөй да калчу. Албетте, ал жөнүндөгү сөздөргө да дүлөй болуп чыга келе турган. Тамак кеңири, бир киши канчалык ичип-жеп жибермек эле, маселе, ошону кандай жегенинде болуп жатпайбы! Батма муну сезип да коюучу эмес. Бирок, анын бир жакшы жери «неберелеримдин таманына кирген тикенек, кара чечекейиме кирсин» деп ойлочу. Балдарга үйрүлүп түшүп, аларды боор этиндей жакын тартып жалынып-жалбарып, өпкөсүн кагып киргенде келин да өткөн-кеткенди унутуп коюучу.

Арзыбек чал Батманын бул жагын эске алчу эмес. Кайра анын жаман жагын көбүрөөк эскерүүчү. Ошон үчүн ал Батмадан жаа бою качты.

Ошентип, чалдар Кеңештин үйүн көздөй басышты. «Балдары эпке келсе, Сонунбала макул болбой эмне», деген ой аларда басымдуу болуп турду. Чалдар жер-суу жөнүндө кажылдашымыш болуп, Кеңештин үйүнө келгенде Сонунбала эки кабат төшөк үстүндө ойлуу отурган эле. Келгендердин ичинде Кеңеш жактырган Досберди абышка да бар болуп чыкты.

– Сонунбала күлүү-күчтүү турасыңбы? – деди бир чал.

– Шүгүрчүлүк, – деген жооп айтты кемпир, араң эле оозун бүлк эткизип.

Чай алдыга келгенде Досберди чал маселени козгоду:

– Балам, Кеңеш, мына береги аксакалдар чогулуп алып, сенден бирдемени өтүнгөнү келдик. – Чал сөзүн ортого таштады да чайдан бир эки ууртап жиберди. Эки көзү Кеңеште.

– Айтыңыздар, колдон келээр иштен аянмак белем, – деди Кеңеш. Илгери-кийин чалдар жыйналып келгени да ушул болучу анын үйүнө.

– Өмүрлүү бол. Сенин эстүүлүгүңө биз кубанабыз, – куу чал бул сөздөр менен Кеңештин таманына дагы бир кирпич коюп өттү.

«Эмне сөз чыгаар экен» деген Кеңеш чай сунуп, кант салынган талинкелерди жылдырып дегендей, өзүн алаксыта баштады.

– Балам, мына бу энеңе бир курбу таптык!

Кеңеш селт эте түштү. Эмне дээрин билбей бир энесин, бир чалдарды жалтаңдап карагылай берди. Ал атаң тирилип келатат десе да мынчалык айласыз калмак эмес.

– Акыл-эсиң бар, балам, Арзыбек жаман чал эмес, Бүкчүйүп, чөгүп же алжып элге кеп-сөз боло элек. Буюрса, аны ата кылып ал. Айылдын кадырман кишиси эле, жалгыз убал болуп жүрөт...

Чай куюп отурган Турар күлүп жибере жаздап араң эле отурду. Көрсө, кемпирлерге да ушундай жуучу келет тура! Сонунбала эмнегедир муңканып, тартынбай эле үшкүрүп алган соң, маркум күйөөсүн эсине ала баштады. Кеңеш чалдарга тик карай албай эңкейгенден-эңкейип, эмне айтаарын билбей башы катты.

Чалдар жоопту колмо-кол алгысы келди.

– Кана, балам, сүйлө, – деди бир чал. – Сонунбала сен да сүйлөй отур...

– Ай, – деп башын көтөрдү Кеңеш, эки ойлуу үн чыгарып. – Энем казан-аяк кармагандан чыгып калды го...

– Андан кам санаба, кармай жүргөн баякы эле аяк-табак да...

Аз жымжырттыктан кийин:

– Абам, энемдер менен өз алдыбызча акылдашып көрөлү, – деди амалы кеткен Кеңеш акыры.

Чалдар Кеңештин жообун ылайык тапты да таркашты.

Алар үйдөн чыгаары менен эле келин күлүп жиберди. Кеңеш болсо энесине карап жылмайып:

– Бул эмнеси, эне, булардын? – деп койду.

– Ал абышкалардын көпкөнү! – деди энеси. Бирок, келининин шылдыңдай күлгөнүн ичинен жактырган жок.

– Тьфу! – деп койду да Кеңеш ордунан туруп, бул жаңылыкты агасына жеткизмекке жөнөп кетти.

– Анын агасы намыскөй неме болучу. Бул кабарды угаары менен кыжыры келип, ордунан тура калды:

– Чалдарды кагып ташташ керек эле, – деди инисине кайрылып карап. – Эл этегин ачып күлбөйбү, же бир биз таптакыр кырылып калсак макул! «Карыган энесин багалбай бир абышкага учкаштырып жибериптир», деген сөздү укканча өлгөнүбүз артык!

Кеңеш таш тиштегендей үнчүкпай калды. Бул да чындык!

– Энем эмне дейт?

– Ал кишиден жакшылыктуу деле сураганым жок...

– Бар, бар дагы Досберди чалыңа айт: «биз али өлө элекпиз» де. Жалгыз энебизди эки бирдей азамат багып алгычалыгыбыз бар. Арзыбекке убал дешсе, кемпирлерин беришсин!

Сөз бүттү. Кеңеш иштин болбой турганын Досберди чалга айтып берди. Чалдар баштарын сырдуу чайкашты да, тим болушту. Сонунбаланы балдары мурдагыдан да алпештеп, бага баштады. Бирок, анын Арзыбек чалга көңүлдөнгөнүн өзүнөн башка эч ким билбеген бойдон калды.

Ал эми Арзыбек чал Сонунбаланын колго конбосун уккандан кийин, өзүнүн жашоосуна аздап ыраазы болбой калды. Ойдо жок немени айтышып, анын көңүлүн козгошту да, андан кийин чалдар тим жатып алышты. Короого кирип келгенде жаман болсо да бир ак жоолуктун кыбырап жүргөнү жакшы эле да. Чал эмнегедир жалгызсырачу болду.

Ар күнү Арзыбек чал куурайдын сыныгын кармалап, эшиги алдындагы көктө ойлуу отурат. Көчөдөн ары-бери өткөн кишилер ага салам берет, чал алик алат да, эмнегедир аларга милдеттүү өңдөнүп, бир түрдүү кыжаалаттык басат. Анан ал ээгин тырмамыш болуп, өткөн кишилердин

артынан ойсуз карай берет. Бу да болсо, өзүнүн жалгыздыгы жөнүндө элдин жек көрүп же боору ооруп эскере турганын ичинен терең сезгендигинин натыйжасы экенин чал жете түшүнө алган жок.

Күндөрдүн биринде Батма кемпир шудуңдай басып, анын эшигинин алдынан өтүп бара жатты. Арзыбек болсо, баягы эле ордунда отурган. Ал Батманы көрдү да:

– О-о, Батмасыңбы, бери келе кет, – деп колундагы бир тал чөптү булгап койду.

Батма жанына бат эле жетип келди.

– Эмне, жете барчу өңдөнүп шудуңдайсың? Бир салмактуураак карысаң боло...

Кемпир «өх!» деп, анын жанына бүктөлө отура кетти да, бети-башын бырыштырып алысты карады.

– Тирүү жандын баары кыбырап жүргөндө чөгүп калган сен дейсиңби. Дагы «катын алам» деп элге шылдың болгонуңду кантейин, Сонунбаланын оокаттуу балдары аны сага кармата бермек беле. Мээң бөксөргөнү ошол...

– Ой, эйкекийгий десе, аны тапкан мен бекемин?

– Кимиң тапсаң анын, тап, эми сага кемпир эмес, кепин керек!

Арзыбектин жүрөгү шуу дей түштү.

– Ой, кудай аткан, жел өпкө, кимдин бат өлөөрүн кудай билет. Сен эмне мага тик сайылып калгансың?

– Ошол, саа тик сайылам. Өлбөсөң тамыңды сактап, куу тайгандай кубарып отура бер. Тиги балдарыңа барсаң боло...

Теңтушунан жүдөй түшкөн Арзыбек сынып сүйлөдү:

– Балдар кайсы жыргатаар дейсиң, карыганда келиндин колун карап отурганым жаман болоор. Сен өзүң кандайсын?

– Мени кудай алат дейсиңби, жүрөм эптеп. Иши кылып жаңкы кыбыраган неберелерим аман болсо болду, тукум эмеспи.

Баласынын үйүндө Батманын кыйынчылык тартып жүрөөрүн Арзыбек жакшы биле турган. Ал кыйынчылыкка карабастан балдарына жакшы тилек билдириши чалды ойго салып койду.

Бир аздан кийин Батма жерге таянып, обдулуп ордунан турмак болду:

– Басайын. Жок дегенде ары-бери барсаң боло. Алаксыйт элең да. Акыры барып балдарыңды пааналайсың го...

– Батма, отурчу. Аларга баргым деле келбейт. Балдар колунан келгенин берип жатышпайбы... – Чал аз мукактанып барып кескелдириктин капталын элестеткен Батманын манжаларын кармап алды. – Сен... эр экенсиң деги...

Батма колун жулкуп-тартып алып, чалдын бетине шылдыңдай карады:

– Эмне, айтаарың барбы? О-о-уу, колго түшүп турган кезиң экен.

Арзыбек кайраттанып, тамагын бир аз жасап алды да, мындай деди:

– Кой, Батма, антип шылдыңдачу эмес. Сенин балдарыңа да, менин балдарыма да баш-көз болуп туралы. Сен мында келип алсаңчы...

Батма бетин чымчып алган соң бат эле салмактуу боло кетти да колун серепчилеп, бетин бырыштырып, алысты карап калды.

– Эмне дейсиң? – деди чал саал үнү калтырап.

– Саа тиер алым жок, эмне демек элем! Урушса-талашса да балдарымдын көз алдында турганым маа чоң канимет. Оолак жүр ары, эл укпасын!

Мындай жоопту күтпөгөн Арзыбек ого бетер сына түштү. Бирок, чалдар муну көндүрүшү мүмкүн деген үмүт жылт этти да, кайра эсине келе баштады. Эртеси эле баякы Досберди чал баштаган жуучуларга барып, чал кыйытты эле, алар жолотпой койду. Бир эле уялганыбыз жетээр, эми барып Батманын баласынан сөз угаар алыбыз кайсы, дешти алар. Салы сууга кетип, кыйын абалда калган чал алардан чыккан соң баягы эле отурган жерине келип жамбаштап жатып калды.

Ошол түнү Арзыбек уктап жатып түш көрдү. Түшүндө Батма менен бирге жашап калган имиш. Экөө өздөрүнө берилүүчү пенсияларын айрым чөнтөктөрүндө сакташат экен. Арзыбек үйгө кирип келе жатып, полдо жаткан элүү тыйындык монетаны ала койду. Муну көргөн Батма шудуңдап басып келди да, жабыша кетти.

– Келе, тыйынымы!

– Бул өзүмкү.

– Мeники, чөнтөгүмүн мына бу жеринен түшүп калган...

Амалы кеткен Арзыбек кара күчкө күлүп, кемпирин кытыгылап өзүнөн алыстатты:

– О, эйкекийгий десе, мендеки акча кайда кетет, – ал оозун чормойтуп эркелете сүйлөдү, – момпосуй алып берем, момпосуй...

Аңгыча кемпирдин тарамыш колдору соймоңдоп монета салынган чөнтөккө кирип баратканын байкап, Арзыбек булкунуп калды эле, ойгонуп кетти. Жанында Батма жок экенин билип, чал бирдемелерди кобурап ары оонады.

Таң атып, жерге жарык түшүп, туш-туштан короздор жарыша чакырып жатканда чалдын короосуна калдырап бир араба кирип келди. Арабада уулу келини жана эки небереси бар эле. Чал ордунан туруп, терезеден аларды көрө койду да, кийимин тез кийинип алдыларынан чыкты.

– Эмне мынча эрте, бир жакка аттандыңарбы?

– Эч кайда аттанбадык, – деди уулу мурутунан күлүп, балдарын арабадан түшүрүп жатып, – үйгө жүрүңүз, бүгүн кантсем да алып кетем...

Баласынын үйү жакын болуучу. Чал сөздү укмаксанга салып тамды ары айланып кетти.

– Бол, үйгө кир да аны-мунусун жайгаштырып жибер, – деди аялына чалдын уулу. Келин үйүнө шып кирип кетти.

Арзыбек аржактан келе жатып, баласына шашпай мындай деди:

– Окшош, анда турду эмне, мында турду эмне?

Баласы жер карап күлүп:

– Окшош болсо жүрүңүз. Чайды үйдөн ичебиз, – деди да, балдарын чалды көздөй сала берди, – баргыла, атаңарды үйгө жетелеп кете бергиле.

Балдар томураңдап чуркашты да, чалга асыла кетишти.

– Жүй, жүй, үйгө баябыз...– Чалды этектен, колдон алып чалкалай керилишти алар.

Чал бир үйүн, бир неберелерин карап:

– Макул, айланайындар, баралы, баралы, – дей берди. Анын жалгыздык жабыркаткан жүрөгүн неберелери элжиретип, боюна жылуу кан тарай баштаган эле. Ал балдардын кичинекей колдорун кармап, дарбазадан чыга бергенде жуукан-төшөктү арабага салып жаткан келин күйөөсүнө кайрылды:

– Мынча эмне шаштырдың? Ашыкпай эле...

Күйөөсү бырс күлүп жиберди:

– Төшөгүндө жатканда көтөрүп чыгып арабага салайын дегем. Антип камылгасыз басып калбасак, дагы бир тегеретип ойлоп алса, барбай да коюшу мүмкүн. – Ал үйгө кирип бара жатып эшик алдындагы эски үкөктү бир тепти. – Мына бу каргыш тийген сасык тумоолор алардын көзүнө эмне болуп көрүнөөрүн билесиңби?

Келин керебетти жыйнаштырып жүрүп, чалдын баш жагынан оролгон бир кагаз тапты да, ачып жиберди эле, ичинен бир кемпирдин сүрөтү жана бир эски кол жоолук чыкты.

– О-ой, шумдук, – деп таңыркады келин, – мына бу сүрөт энемдики го...

Күйөөсү келип ала койду:

– И-и, энемдин сүрөтү тура. Мен сурасам бербей койгон!

– Мунусучу? – Келин жоолукту сөөмөйү менен түртүп койду.

– Кана, муну ошол энем сайса керек...

– Ой, тобо-о! – Келин жакасын кармап, саал гана мыйыгын козгоду.

Чалды алпарып алган соң баласы да, келини да үйрүлүп жакшы күтүп алды.

Ал эми Сонунбала ушул окуялар болуп жатканда чоң уулуна барып бир айча жатып, кайра келди. Бирок, баласы Кеңеш да, келини Турар да бул жолку келишинен бир өзгөрүш барын байкады. Ал мурдакыдай эмес, бир аз кырстанып, болоор-болбоско чыртылдап, кичине балдарды өзүнө жуутпай калганын билдирди.

## ЭСКИ ЖОЛДО

Эртең мененки күн жадырап тийип турган шашке мезгилде, Койсун чоң эне абышкасына кадала кетти. Самоордун керинейин үйлөп, чаң ызгыган күлдөн бети-башын тырыштырган кемпир

– Эмне деген жакшылык... Даяр немени, – деп сарай жакты карап койду. Кыязы, иш мындан да эртерээк козголгон өңдөнөт.

Абышка сарайдын үстүнөн тепкич аркылуу түшүп келе жатты. Үстүндө желбегей жамынган кара чийбаркут чепкен, башында кыргызча шырыма ак топу. Ал жерге түштү да илинүү турган «Сур жоргонун» жүгөнүн көздөй илбиди. Жашы сексенден ашкан карт, саал эңиш тартып, чебердеп басып бара жаткансыйт.

– Кудая тобо-о, – деди кемпир кыжыры келип. – Басканын карасаң. И, ошо жерге жыгылып мүрт кетээр күнүң кайда!

Чал кичинекей көздөрүн бармагынын учу менен сүрттү да, кемпирине кырдана карап ачууланды:

– Бас, жаагыңды! Эртең менен кажанчу эмес...

– «Кажанчу эмес» деп коёт, сенден башка бирөө болсо алып алмак. Ал «берем» деп бир эле айтат, билбейсиңби!

– Бир айткан болсо дагы айтат, – деди чал табалап. Андан ары көнүмүш адаты менен күңкүлдөй кетти. – Кирпичиң менен жерге кирген атаңдын оозун урайын, деги жан коёр болбоду!

– Алып кел!

– Мына барганы жатпаймынбы, – чал кекээрлей тең сүйлөдү, – карыган сайын, кудай ура баштады муну.

Чалы аркандалуу эшегине кеткенден кийин, самоорун көтөрө, үйүнө кирип бара жаткан кемпир, чалы менен эшек жакты карады. Күйпүйүп, кууш далысын көтөрө жабыркап бара жаткан чалынын кежигеси кемпирдин боорукердигин козгоду. «Карыды, – деп ойлоду ал. – Бир кезде мунун алдына жигит чыкты беле!»

«Сур жорго» кыдыңдаган жакшы басыгы, күчтүүлүгү менен айылда белгилүү. Кык ташуу, отун сүйрөтүү, чөмөлө тартуу, ун артып келүү жагынан бир да бир үйдү куру калтырган эмес. Жадагалса, май айында балдар ышкынга баруу үчүн да чалдан «Сур жоргону» сурап келишет. Эшек – канча иштетсе да эч нерсеси коробос казынадан бетер, чал баарынын ийрин жандырбайт. Токтоо гана: «тигинде аркандалуу турат» дегенсип, ээги менен эшек жакты жаңдайт.

Кээде, ага үйдан ашкан жем-жум берилүүчү. Чал жакындаганда сур эшек узун кулактарын көтөрүп, ага каратты. «Мага деген жылуу-жумшак үн чыкса кыйчалыш кетпесин!» дегенсийт. Ал түгүл, анын жоош көздөрү

үмүт менен жалындап кеткенсиди. Эбак такырайта, кырча тиштеп, жеп болгон «кырмандан» темир казыкты сууруп алды да, чал үйүн көздөй жетеледи. Аларды короодо темир дөңгөлөктүү кичине араба күтүп турган. Муну сезген эшек саал кыял күтүп, чунаңдайын деди, бирок, чал аркан менен моюнга артылта чапты.

– Арам ит!

Чалдын жаңы салынган төрт бөлмөлүү үйүнө меш салдыруу үчүн эки жүз кызыл кирпич жетпей калды. Курулушта иштеп жаткан кыйыр туугандарынын бири кирпич берүүгө макул болгон. Чал мына ушуга барууга тийиш.

Колхоздун ортолугу мындан үч чакырымдай алыска жайгашкан. Курулушчулар да ошол жерде. Ага баруу үчүн эски жол оңтойлуу. Нары жакын, нары жүргүнчү машиналардан оолак. Жол алтыгана өскөн төштүн түбүн, жайкалган эгиндин жээгин бойлоп, туура кесип өткөн тоо сууларына улам төшөлө калып ортолукту көздөй ийрелеңдейт. Кыштактын четинде атам замандан берки мүрзөлөр бар. Ал жерди түбөлүктүү мекендөөчүлөр, бирлеп-жарымдап дегендей жолдун он канатынан орун ала баштаган. Жол азыр мүрзөлөрдү, башкача айтканда, изсиз жоголсун үчүн топуракка көмүлгөн көп тагдырларды аралап өтөт.

Чал күйпөңдөп жүрүп, арабасын кошуп бүттү.

– Аркы кызга да бара кел, – деди кемпир эшик алдындагы тактайга отуруп жатып. – Шаарга барабы, биле кел. – Ал чалынын бардык кыймылын бакылай отурду.

– Калпак менен камчыны алып чык!

Койсун чоң энеге бул сөз жагымдуу угулду. Ал ордунан турду да саал аялдап алган соң сол колун белине коюп, жай басып үйүнө кирип кетти. Чал жаман тердикти астына салып, арабасына отурду да божуну кармай кемпирди күттү. Калпак менен камчыны аркасына кармаган кемпир үйдөн чыгып келе жатып, эмне үчүндүр илгерки жоокерчиликке жигитин аттандырган жаш келиндей сезди өзүн. Бирок, колундакыларын эбак арабага ыргыта салды да барк этти:

– Бат кел!

Араба кылдырады. Жолго чыгып алган соң «сур жорго» кулагын эркинче таштап, башын чайкап, бар өнөрүн чыгарып дегендей, бир калыпта кыдыңдап келе жатты. Басыгына жараша, кулагынын түптөрү алмак-салмак бүлөөлөнөт. Араба жеңил, ал көңүлдүү. Алыстан караганда жонунда кара тагы бар боз жөргөмүш жөргөлөп бара жаткансыйт.

Чал төө куйруктуу тумшукту айлана бергенде, жөө кетип бараткан Күйкө деген кемпирди кууп жетти. Кемпир күйкө десе күйкөдөй кичине, нары арык. Араба кемпирден өтө берип токтоду. Ээ-жаа бербеген жорго

менен кыз-келиндерди жандай өтө берип, зорго токтогон кебете билдирди чал.

– О, аманбы?

– Бу ким дейм, – деди кемпир токтоп какая түшүп, ооруган белин түзөп. –Аманчылык.

– И, кайда?

– Жаңкы Казак кудабыз каза болгон.. Кечээ кечке ошондо жүрдүм сандалып. Бүгүн коёт...

– Ым-м, – деди чал ойлоно кетип. – Ыймандуу жолдош болсун. Жакшы киши эле. Отур...

Күйкө кара тукаба көйнөгүнүн этегин кастарлап көтөрүп, арабанын дөңгөлөгүнө бутун койду. Чал артына кайрылып карап, кемпирдин жапжаңы көлөш-маасысына көз жүгүртүп өттү. Анан, өзү да ордунан туруп, тердиктин бир капталын жайып Күйкөгө орун камдады. Кемпир арабадан орун алган соң эки колун бооруна кысып, момпоюп ойлуу отурду. Бул түрү менен ал жарык дүйнөгө кемпир боюнча жаралгандыгын далилдеп тургансыйт. Чал артына дагы кайрылып карап алган соң, «сур жоргосун» божу менен соорула чапты. Темир дөңгөлөк майда таштардан секире баштады. Дөңгөлөк секирген сайын, арык жамбаштар күнөөсүз токмоктолуп жаткансыйт...

Жолдун кээ жери таштак, кээ жери жумшак – кара топурак. Араба калың кендирди аралай киргенде жолдун жумшак таманына илинди. Чымын-чиркейлер ызылдап, жол жээги өзүнчө шаңдуу өңдөнөт. Эки аркан бою көтөрүлгөн боз торгой канаттарын дирилдете, төбөдө чулдурайт. Бүт ааламда Күйкө менен гана жалгыз кетип бара жаткансып, мындай көңүлдүү жолдо эмнедир бирдеме эсине түшө кеткен чал, көзүн кыбыктатып, ээгин козгоп алды да жоп-жоош отурган кемпирге бирден сөз таштады:

– Баякыны билесиңби?

«Баякысы» кемпирдин да эсинде окшойт, анын бырыш баскан ажарсыз бетин билинер-билинбес жалын чарпып өткөнсүдү. Бирок, өзүн бат эле колго алды.

– Эмнени?!

Чал эшегин божунун учу менен соорудан ары бир салып өттү да бети-башын тырыштыра, кемпирге куулана карады. «Унуттуңбу, кантип эле...»

Өмүрдө өтө сейрек нерселер гана унутулбайт. Кээде, «мен муну унутпайм» деп каргыш берген кишинин өзү да унутулуп калат. Бирок, унутулса да, эбептен-себеп чыгып, эске түшө турган нерселер адатта көп. Күйкө «баякысын» чыны менен унуткан кебете билдирип сөздү башкага бурду:

– Сен эмне барып көз көрсөтпөйсүң?

– Барбаганда, – деди чал тың сүйлөп. – Топурак салбасам уят болоор. Мага кабарлашкан жок...

– Илгеркидей ат менен чабаган жиберүү кайда-а? – деди Күйкө ойлуу кебетесинен жазбай. – Кечөө каза болоору менен матасекилби, ошонусу менен жетип келиптир кичүү баласы.

Чал буга үнчүккан жок.

Бирок, кемпирдин «илгерки» жөнүндө эскерүүсү чалдын «баякысына» кандайдыр үндөшө кеткенсиди. Бир аз жүргөн соң эшек арыктагы сууга башын салып турган. Ооздугу менен шимирип көнгөн «сур жорго» эки жамажайынан суусун буртулдатып, ашыга жутуп жатты. Чал божуну бош таштап, жайланып кемпирге карап отурду.

Алыскы шосседен каршы-терши өтүп жаткан машиналардын гүрүлү көп угулбайт. Чегирткелердин чырылдашы менен куштардын ышкырыгы, ага кошулуп, астындагы суунун шылдырагы гана өкүм сүрүп тургансыйт. Алкымы кызыл, татынакай чымчыктар куурайдан-куурайга куушуп учууда. Суу жээгиндеги ташка жер боорлой келип конгон суу чымчык, эшек арабага кооптоно, кыңыр карайт да куйругун селкилдетет. Арык жээгинин кумдуу нымында майда көк көпөлөктөр учуп-конуп табият тартуулаган тиричилиги менен алек. Күн табы кызый түшүп, бүт тегерек коолдуктан ыксырагансыйт. Бүлк эте калган желаргы буларга эрмендин кермек жытын келтирди.

«Сур жорго» суу ичип болгон соң терең улутунуп, кулагын шалпайта жабыркап, ордунда тура берди. Чал илгеркилер жөнүндө ойлонуп, эшектин суу ичип жатканын да унуткан. Өз кезинде түшүнүксүз калган бир сыр эмне үчүндүр азыр баш көтөрүп чалдын көкүрөгүндө түйлап жаткансыйт. Ал Күйкөгө саал кыйшая карады да:

Аны сен унутканың менен мен унутканым жок, – деди. – Жаш кезде жинди экенбиз. Ошондо өңүтүн келтире албай жүрдүм. Өлүп калаар белең менин колуман... Күйкө дагы ыңгайсыздана кетти. Бирок, азыр эмне, иш өткөнү качан, чалдын ага жаман айтаар алы барбы?

– Сен жинди болсоң, мен да жинди болчумун, – деди Күйкө. Анын добушу басмырт чыкты. – Эмне кылмышы үчүн аны сабайсың? Азыркы кез болсо, эки бутуңду бир кончуңа тыгат элем...

Чал күлүп, этегин кымырып ары карады.

– Ой, айдабайсыңбы эшегиңди?

– Хы, – чал үнүн көтөрө таштады божуну силкип. – Урушкан киши айланайын деп урушабы? Ал да сабады мен да... Карай турганым жок.

– Ал маркум жоош болучу.– Күйкө күйөөсүн коргоого өттү.– Унутпай жүргөнүң ошобу?!

– Унутпай калайын, эркектен таяк жесең бир жөн. Катын жыга чаап-тыр деген ушак оңойбу?!

– Сен бирди көргөнү жүргөнсүң ошондо, –деди кемпир шукшурулуп.– Жаман көптүң, ошол уруштан кийин акыл кирди саа билсең...

– Тигини, тигини, – деди чал күлүмүш болгону менен ичи күйүп.– Ошондон кийин көзүмө бир көрүнбөдүң...

– Көрүнсөм эмне кылат элең, сеники жакшыбы? Кажы-кужу боло түштү.– Күйкө ошол кездегисин эскерип жай үшкүрдү.– Эшикке чыга калсам, камчы менен карсылдатып сабап жатыпсың. Ымыным зымын боло кетти, деги сенин дартың өтүп турган. Ары-бери карасам эч нерсе көрүнбөйт, кайсалап барып, колума илинген немени ала чуркадым. Эмне болгонун өзүм да билбейм, чочуп кеттим. Бир карасам, четин бакан чекеңе шак дегенде, кашкая түштүң да теңселип барып өбөктөп, аттын жалын кучактап калдың... «Баракелде балам!» деген үндү уктум. Артыма карасам кайнатам туруптур. Баканды таштай салып кача жөнөпмүн...

Чалдын ичи күйүп, намысы козголду. Уяттуу көрүнүш көз алдына элестеди. Дарттуу кишиче кемпирге тикирее карап башын чайкап-чайкап алды.

– Менде эмне өчүң бар эле? – деди кыйладан кийин, – Эки ай бою элдин көзүнө көрүнө албадым.

Күйкө бул наздуу суроого жооп бербегени мындай турсун, ичинен табасы канып, жеңи менен оозун тумчулай отурду.

Бирок, ошол албуут кездеги окуялар дал эле кечөө болуп өткөнсүп, экөөнүн тең көз алдына дапдаана элестеп жатты. Экөө тең ойлуу. Өкүнүч, таарынычы, түшүнбөстүк аралашкан зилдей ой курчады. Күйкө бырыштуу, нары шектүү кызыл көзүн чалдан айырбайт...

Арчалуу-Айрык жайлоосуна чыгуучулар июнь айынын орто ченинде келип конуштанышты. Чөбү белге оролгон булак башы сайын боз үйлөр чочоюп, түтүндөй тике асманга чубалжып, желелер, көгөөндөр тартылып, туландар жапырылды. Окуранган жылкынын, мөөрөгөн уйдун, маараган козунун, үргөн иттин үнү алыс-жакындан угула баштады. Улгайгандар аңкап-чаңкап шернеге киришти. Жаштар оюн-тамаша салуу үчүн карагай жээгинде селкинчек тээп, алты бакан куруп, тамак бышыруу үчүн кемегелер казып жатышты. Түнкү оюн башталганда болсо, кыздар ата-энесине эркелешип: «баш таңып» үйлөрүнөн эт-май, каймакты көнөчөгү менен «көрсөтпөй» сурап келүүгө тийиш. Карагай түбүндө жеңелер тамак дайындап, кыз-уландар селкинчек тээп, ышкырылта кагылган темир комуз үнү зуулдайт. Андан ары «Дүмпүлдөк» «Шабиет тебүү», «Ак сөөк» деген оюндар башталат. Мындай түндөрдө, кээде, адамдын бүт өмүрүнө багыт берген сезимдер жаралат. Түндө төрөлүп, түн жамынган ошол

жөнөкөй, нары ыйык сезимдер адам өмүрүнүн жайнап ачылган, кайталангыс байчечегин элестетет. Он беш жашар Күйкө энеси менен Арчалуу-Айрык жайлоосундакы таякелерине келип түштү. Айыл жаштары дал эле ошол күнү карагай жээгине жыйналышып, оюнга камынып жатышкан. Кечинде, бойго жеткен таежеси Күлүйпа менен Күйкө да селкинчек түбүндө пайда болушту. Экөө тең кайындуу, эрке кези. Көкүрөктөрүндөгү күбөктүү топчу, күмүш тыйын, акак, шурулар бири-бирине тийип эрине шылдырайт. Келиндердин чач мончоктору менен сөйкөлөрүнүн шылдыры да андан калышаар эмес. Уландардын каткырыгы, келиндердин жылдырма азили кулакка келет. Кетик ай жайлоого салкын жел катырып жүзүн жашырды. Адатта, ай жарыгында ойнолуучу «Ак сөөк» оюну бул жолу ай караңгысына туура келди. Чөлмөктү издегенде Күйкө коңшу айылдан келген Султан деген жигиттин жанынан чыккан жок. Экөөнө тең жан адам билбеген кудурети күчтүү ширин сезим уялаган. Кыз Султанды жакшы тааныды. Бирок, жигиттин эсинде болсо, орто бойлуу унчукпас кыздын жалындаган ысык деми гана калды. Ошол түнү оюндан кийин Султан Арчалуу-Айрык айлына кымыз улап нечен ирет келди. Бирок, «унчукпас» кызды бир да жолу кезиктире алган жок. Ал жүктүн бурчунда тымызын отурган кыздардын бир да бирин ага окшото албады. Качандыр бир кезигишип, алоолоно күйгөн ыйык сезимдердин калтырган тагы ал кыздын көздөрүндө жок болучу. Акыры, айлар, жылдар өттү, бир көргөн жакшы түш өңдүү, Султандын эсинен кыз чыгып кетти. Күйкө болсо ошол эле жылуулукту кастарлап узакка сактап жүрдү. Бирок, канча кезиксе да Султандын көзүнөн бир белги көрүнбөдү. Жалпы аялдык намыскөйлүк менен бардыгына тиштене чыдады. Султандын айлына келин болуп түшкөн соң да, жылтыраган жүрөк чогу алоолонуп жалынга айланды. Султандын жат жүрөгүн көргөн сайын келиндин жүрөгү сыздап, айласыздан жек көрүүчү болду. Анын Султанга деген сүйүү ынтызарлыгы жүрөгүндө катылуу жатканы аз келгенсип, ага арналып сайылган жүзаарчылар да үйдүн адам билбес коңулунда жылдар бою сакталуу турду. Андагы саймалар кусалыктын, сагынычтын, чексиз эңсөөнүн сүрөтү болуучу! Жогоруда айтылып өтүлгөн уруш-талаш болоордон мурда бир күнү Күйкө жалгыз отурганда Султан келип атын мамыга шашпай байлап жатты. Күйкө өрткө түшкөндөй жалындап, тура калып кайра отурду. Эмне кылуу керектигин билген жок. Камчысын сүйрөй кирген Султан келинге кайдигер карады.

– Сопу кайда кетти?

Күйкө өзүн зорго басып, тик карай албай жооп кайтты:

– Атка минген жана эле...

Келиндин муңайым кебетесине, жардамсыздыгына Султан назар салган жок. Тик турган бойдон керегенин баштарын кыдырата карап алган соң, артына чегинди:

– Мени келип кетти де, өзү билет. – Жигит бурулду да шашпай босогодон аттай берди. Күйкө: бул ортодо айран ооз тийгизүү үчүн чоң, кесени колуна алып, чыгдан жакка ыңгайлана берген. Тиги, анысына да этибар берген жок. Шалп этип кийиз эшик жабылды Күйкө жыгылып кала жаздап босогого сөөндү. Аңгыча колундагы кесе ирегеге түштү да как ортосунан бөлүндү. Бул кездешүү, албетте, Күйкөнүн Султанга деген жылуулугун түбөлүккө музга айлантты. Султан аттуу эркек бүткөндүн баарын жек көрүп, тымызын тишин кайрап жүрдү. Ал түгүл, анын мүлдө көргүсү келген эмес...

Бирок, жогоруда айтылгандай, көрүү мүмкүндүгү болду!

Андан бери ондогон жылдар өттү. Бул ортодо тарыхый улуу окуялар жүз берди. Өз кезегинде түшүнүксүз көрүнсө да алардын сырын убакыт менен турмуш акырын-акырын ашкерелеп үлгүрдү. Ал эми, чал болсо, кичинекей нерсенин сырын азыр да сурап биле албайт, ойлоп да табалбайт.

Эшек араба ортолукка жакындап келе жаты. «Сур жорго» капарсыз, кулагын шалпаңдата кыдыңдайт. Алды жактан мүрзөлөрдүн кулпу таштары, коргондору тынчтыкты ойлонсун үчүн муңдуу мүлгүгөнсүйт. Бардык нерсени тымызын өзүнө соруп, сиңирип алып жаткансып томсорушат. Чал да, кемпир да үнчүгүшпайт. Темир дөңгөлөк таштан-ташка секирип, чарым куйруктарды экчегени экчеген...

Арабада секирген, жеңил-желпи эки сандык жатат. Бирине аңкоолук аралашкан түшүнбөстүк чалды-куйду шыкалган. А бирине болсо, бир да жанга айтылбай турган нерселер татынакай жайгаштырылган...

## ДАША

Апрель айынын орто чени. Шаардын үстүндө коюу сур туман. Чакырым алыстагы үйлөр мунарыктап, суз көрүнөт. Үйлөрдүн чатырында, көчө жээктеринде ала-телек кар жатат. Бийик трубалардан көтөрүлгөн түтүндөр, буулар чыгыш түндүктү көздөй жапырылып, ийрелеңдейт. Аба суук, нары ным, жагымсыз.

Бөлмөнүн ичи да күүгүмдөп көңүлсүз. Мындайда көзгө көрүнгөн бардык нерсе кишилерге кайгы-капа чакырып тургансыйт. Кайдигер бир жакка кетип, кимдир бирөө менен муңдашкың келет.

Дашаны ээрчитип келдим. Бул – жашы жыйырма бешке жакындаган ак жуумал, кой көз келин. Ал кээде, шат, кээде, муңдуу. Маек үстүндө билинер-билинбес улутунуп, ойлуу сүйлөйт. Жакында күйөөсүнө оор

операция жасалды. Мээримсиз рак. Туруктуу жери мындан беш миң чакырым алыс. Даша күйөөсүнө карайлап көптөн бери мында.

Саал суук тарткан бөлмөдө свитерин кымтылана жамынып, жанымдан орун алды. Сүйлөшпөйбүз. Бардык нерсе түшүнүктүү, жаңылык жок өңдөнөт. Жашыраары барбы, мендеки көңүл туманы серпиле баштады. Жакшы ойлор жылтылдап көз жарды. Колтугума канат бүтүп, тике күнгө учууга даярдангансыйт. Эч нерседен капарсыз, сутка бою ушундай отура берүүнү каалаганымды сезем. Экөөбүз тең сыйкырдуу, ыракат көлүндө жай гана калкып баратканcыйбыз.

– Ал азыр мүлдө сүйлөбөйт, – деди Даша «сыйкырдуу ыракат көлүнөн» кокус ыргып чыккансып. – Баары бир өлүм...

Сөз эмне жөнүндө экенине түшүнбөй калгансыдым. Бирок, күтүлбөгөн башка бир дүйнөнүн сүрөтү көз алдыма тартыла кетти. Ал дүйнөнүн мени менен эч кандай байланышы жок өңдөнөт. Мына кызык, Даша башка ойдо, мен башка ойдо отурган экенбиз. Өзүм кутула жадаган баягы азап! Саал ыңгайсыздык басты мени.

– Да... Бактысыздык!– дедим амалсыз Дашанын оюна ортоқ үн менен. – Бир аз жакшы болоюн дейби?

Даша төмөн карап башын чайкады.

– Күндөн-күнгө жаман.

Мен тамеки тамыздым.

– Врачтар бирдеме айтышабы, эмне дешет?

– «Баары бир киши болбойт» дешет.

– Ушундай ачык айтабы, өзүнүн көзүнчөбү?

Даша дагы башын чайкады.

– Мага айтты, эмнесин жашырат.

Мен Дашадан көзүмдү алып башка жакты карадым. Анын тымызын кайгысы аздап болсо да мага жуга баштаганын сездим... Жарым минута мурда пайда болгон жакшы ойлор изсиз жоголду.

– Ал кишини бир көрсөм дедим эле, – дедим мен. Дашанын аны өлөөрчө жакшы көрөөрүнө көзүм жетип турду.

– Эмне үчүн?

– Мүнөзү, сөзү кызыктырат...

Даша эки анжы кебете менен ойлоно кеткенсиди:

– Сизге окшойт, – деди ал мага карап, – көп сүйлөбөгөн киши.

– Эмне ойлойт болду экен?

– Эч нерсе ойлобосо да ойлуу көрүнөт...

– Сизди абдан жакшы көрсө керек.

– Ым, – деди Даша башын ийкеп кубаттап.– Операция болоор алдында атайын көпкө сүйлөшүп отурдук. «Эң акыркы жолу сүйлөшүп

отурабыз!» – деди ал. – Даша назарын төмөн салды. – Акырында: «Угуп ал мындан ары менин үнүмдү эч качан укпас болосуң! Мен сени жакшы көрөм, сүйөм!» – деди.

Мен эмне айтаарымды билбейм. Операция жасаганда анын дыбыш чыгаруу органдарын бүт алып таштаганы эсиме түштү. Кайдадыр алыста муңдуу музыка ойнолуп жаткансыйт, көңүлүм бузула кетти. Ордуман турдум да терезеге бардым. Мунарыктаган алыскы үйлөр оор кайгыдан жүдөгөнсүйт. Сур туман көкүрөгүмөн кайрадан орун алды.

Бир кезде Даша жай басып, артыма өтө жакын келгенин байкадым. Анын жылуу деми далыма тийип турду. Аялдардын мээриминде чек барбы?

– Ал жөнүндө экинчи сүйлөшпөйлү, макулбу? А?

Мен аркама бурулдум. Бирок, мен аяган көздөрдү узак кароого дарманым жетпеди. Унчукканым жок. Бардык нерсе мага жаңы сезилет. Эмне айтып алаксытышым керек эле. Аны билбедим. Байкашыма караганда Даша мени күйөөсүнө окшотот, менден жылуу мамиле күтөт. Бар болгону ушул гана. Албетте, буга да мүмкүн. Кыпындай болсо да биреөгө жакшы сезим берүү кишилик милдет эмеспи тиричиликте.

* * *

Күн жылый баштады. Иван Буниндин «Караңгы аллеясын» барактап отурам. Радио орустун муңдуу, элдик ырларынан концерт берүүдө. Кишини эзген жалгыздык жанымда сагаалап жүргөнүн сезем. Бир кезде эшик жактан өтө этияттык менен назик кагылган үн угулду.

– Кириңиз.

Даша кирип келди. Эмнегедир көңүлдүү. Мойнуна мала кызыл капрон жоолук байлап, жайкы көгүлтүр плащын кийген. Жылаңбаш. Чачын кежигесине бир муунап байлап, калганын аркасына бош таштаган. Сүйкүмдүү жыт бөлмөгө толо кетти. Араптын «Маясы». Көрүшпөгөнүбүзгө он нече күн болгон. Ал күлөт. Булуттан чыга калган күндөй ысытып үлгүрдү мени.

– Сизди «барбы, жокпу», деп, – дейт торунан колбаса алып жатып. – Мен азыр кайра кетишим керек...

– Эмне болду, Даша?

– Эч нерсе болгон жок, – күлүңдөйт ал...– Жөн эле...

Мен шашкалактап чай даярдай баштадым. Даша киймин чечип, столду сүртүп, чыны-аяктарды жууп иретке келтире баштады. Кыймылы тез, нары кескин. Чай кайнаганча терезелерди, китептерди да бир-бир сүртүп, чаңын үйлөп үлгүрдү. Керексиз кагаздар, тамекинин калдыктары – кыскасы, артык баш нерселердин баары заматын ортосунда өз жайын тапты. Акырында, шыпырындыны газетага ороп, жуунууга кетти.

Дашанын келгенине кубандым. Асиресе, анын көңүлдүү болгону менде бир түрдүү ыраазылыкты пайда кылды. Бирок, көңүлүм бирдемени сезгенсип, саал бүркөлүп турганымды да байкайм. Экөөбүздүн ортобузда кенен-кесири жыйырма жыл жатат. Дашада жаштык, сулуулук, назиктик – баары кемелине келип турган учур. Ал эми менчи? Өзүмдү анын катарына кантип коём. Бул өзүнчө түрмөк! Анан, анын кайгысы, эгер менде ушул экөөнөн бийик турган кандайдыр бир үмүт пайда болсо, анда жаңылыштык кетирген болом! Бул чындык да!

Даша күзгүгө каранып, чачын тарады.

Ал таранып болгон соң, шкафтан бальзам издеп кирди. Менин ойлорум менен анын иши жок. Узак жылдар бирге жашаган кыйбас адамындай эле «Калды беле деги?» деп сурап коёт. Анын азыркы кылык-жоругу алыскы көңүлдүү сапардан кайтып келген үй ээсин элестетет. Башындагыларын унутуп, кайрадан жаралгандай жайнап күлөт.

Чайга отурганда:

– Силер кантип жазасыңар? – деген суроону кокус айта салды ал. Бул суроо аркылуу мени да кубанычка бөлөгүсү, бирер жылуу сөз айтып сыймыктангысы келгенсийт.

Мен эриксиз күлдүм. Анын сүрөттү жакшы тарта турганын билүүчү элем. «Сыймыктанууну» өзүндө калтыргым келди.

– Окшош, – дедим мен. – Сиз сүрөт тартып жатканыңызда кандай кыялдар бийлик кылаарын билесиз да. Ага эмнелер түрткү болоорун да жакшы түшүнөсүз. Сизге боёк, мага сөз гана керек...

– Мен жазуучулукка кызыгам...

– А мен сүрөтчүлүккө кызыгам, – дедим.

Буга экөөлөп курулай күлдүк. Кантсек да, өзүбүздү жагымсыз бирдемеден зордоп алыстатып жатканыбызды түшүнүп отургансыйбыз.

Стакандарга бальзам тамызып, үстүнө суусун куйдум. Ушул кыймыл үстүндө, кыргыз бальзамы жөнүндө атайын узун сонор сөз козгодум. Албетте, биздин кооз жергебиз, андагы эсепсиз дары чөптөр, Даша болор-болбос сөзгө да күлүп, бериле угуп жаткансып, мени тиктеп калат. Ал тиктеген сайын мен анын жаны жок, куру гана сүрөтүн көрүп отургансыйм. Жеңил-желпи суроо берип, жооп алгыча шашат.

Эмне кылаарын билбей жатканы анын. Сезип, билип отурган мен андан бетер кыйналам. Бирок, экөөлөсөк да бул кырдаалды узакка созо албадык. Канчалык сактанса да туюк жара жарылбай койбойт тура...

– Бүгүн, эртең менен күйөөм эшикке чыгып, бир сааттай таза абада отурду, – деди Даша акыры.

«Баса ойлоно кеттим мен, –эми түшүнүктүү!»

– Жакшы кабар, демек, жакшы боло баштаганы да...

Даша адаттагысындай башын чайкады да төмөн карады. Өңү сузда-на кетти. Аңгыча, жалбырак үстүнөн тоголонгон жаан тамчысындай бир «бермет» кирпигине илине түшүп ылдый кулады.

Таң атканча жанында, орундукта үргүлөп отурдум... Мындан ары ал жөнүндө сүйлөшпөйбүз дебедиң беле? – дедим мен.

Даша бул сөзгө этибар берген жок. Аялдык, бошоңдук анда бийлик кура баштады. Эми сооротуу пайдасыз деп түшүндүм. Ордуман туруп бөлмөдө ары-бери баса баштадым. «Ыйла, байкушум ыйла, – дедим ичимен, – балким сергийсиң!» Даша ыйлап да сүйлөп да жатты. Мен көбүнө түшүнбөдүм. Көз алдыма өмүрү көрбөгөн кишим элестеди. Бака-лоору бүтүндөй алынып ташталган, алкымындагы тешикке резина түтүк орнотуп, ошол аркылуу кышылдай дем алып жаткан жарым жан бирөө. Үн жок. Ооруну сезсе да кыңкыстап өзүн алаксыта албайт. Тышынан кара-ганда эч жери оорубаган мопмомун киши!

Даша ыйын басалбайт.

Бечара-ай, көзү жылтырап жалооруй карайт. Мен эмне айла кылам. Жинди болуп кетишим мүмкүн!

– Мен да өзүмдү жемелейм. «Чабал адаммын, – деп ойлоном. – Куба-нычыма орток кылайын, жок дегенде бир аз сергийин, бук жазайын деп келди да мага. Жаркылдап аны-муну айтып, бирар саат болсо да алаксы-та албадым. Ал менден дал ушуну гана күткөн да!»

Эшикте күн жадырап тийип турат. Бак-дарактар бүр байлап, саргылт-жашыл түс алган. Тротуарларда жеңил кийинген адамдар күлө сүйлөшүп жай басышат. Алар ченемсиз бактылуу адамдай сезилди мага. Дашанын да жаркырап күнү тийип турган өмүрү болгон. Ал кезде бүгүнкү бакты-сыздык күтүлгөн эмес. Ал эми, жылдар өтөт, эртең ал мурдакыдан да бактылуу жашап бүгүнкүсүн унутат...

Ойдон серпилип Дашанын сөзүнө кулак коём.

– Алты жыл бирге жашадык, – дейт ал бышактап. – Бир да бир адам-ды иренжиткенин көргөнүм жок. Европада, Африкада саякатта болдук. Японияда да... Докторлук диссертациясын жаңыдан гана баштаган. Бул кандай кырсык, ой бечара-ай...

Кайрат кыл, Даша ыйлап айыктыра албайсың!

– Эмне кылаарымды билбейм. Анын ордуна мен оорусам эмне!

Чай да ичилген жок. Алар да көңүлдүн тынч кезин жактырчу түрү бар. Дашанын мындан бир саат мурда жайнап кирип келгени көз алдымда элестей берет. Биринчи ирет таанышканыбызда ачык-айрым эле. Анын күлкүсү мага качанкы бир уккан жомоктогу кызды элестетет. Ал кыз күлгөн сайын оозунан алтын теңгелер төгүлүп турган эле да. Неси болсо да, анын тагдыры мени биротоло өзүнө каратып алгансыйт. Мага андан башка ой кирип да чыкпайт.

Ансайын менде аёчулук, бир туугандык сезимдер басым боло баштады. Чындыгында, ал менин алдымда кайсалаган жаралуу марал өңдөнөт...

Даша кечки саат алтыга жакындаганда кетти. Ыйлап болсо да черин жазган өңдөнөт. Коштошкондо болсо, жеңилдене түшкөнүн сездирди. Анын көздөрүндө үмүт учкундары кайрадан жылтылдап турду.

* * *

Шаардын сүйкүмдүү, нары мээримдүү май айы башталды. Күн бүркөлө түшүп, төгүп-төгүп алат да заматта чайыттай ачыла кетет. Жаандан кийинки жагымдуу тунук абага кишилер жамырай чыгып, сейил курушат. Адам көркүнүн, табият көркүнүн боёктору дааналана түшөт. Мындайда киши көбүрөөк эргийт экен, өмүргө деген суктануу күчөп, дүнүйө түгөл бир мезгил бийлик курат. Көпкөк асманда болсо, балкыган алтын табак ойноп нур чачып, өз алдынча кубанган адамдарга күлүңдөгөнсүйт.

Ушундай күндөрдүн биринде Даша дагы кирип келди. Өңү бопбоз. Көзү кызара киртийип, түн бою уктабаганы бир караганда эле билинди.

– Эмне болду, Даша?

Ал мени кайдигер жандап өтө берди да терезеге жакындап артына бурулду. Жүз аарчысын көзүнө басып унчукпайт. Мен ага жакындап, эмне болгонун дагы сурадым.

– Түндө, саат бирде күйөөм өлдү! – деп кабарлады Даша. Мен укпай калгансыдым. Кандайча, мүмкүн эмес деген ой келди мага.

– Эмне дейсиң?

– Түндө күйөөм өлдү!

Мен артыма чегиндим. Унчуга алганым жок. Терезеден көрүнгөн алыскы бийик үйлөрдүн төбөсүндө, мени алаксытуу үчүн бирдемелер эрбеңдеп бийлеп жүргөнсүйт, мен алардан көз айырбай кызыга карайммын. Өзүм көрбөгөн адамдын өлүмүндө эмес, жакын адамдан айрылгандагы оор сезим бийледи мени. Бул бир укмуш сезим эле!

Бир карасам Дашанын халатынын этеги кара-кочкул кан.

– Даша, алдагы канды караңыз...

Даша эңкейе карады да этегин чымчый саал көтөрдү:

– Ошонун каны, – деди ал эч нерсе болбогонсуп салмактуу гана тиккен жери сөгүлүп кетсе керек! Мен андан бетер чочуп кеттим. Дашанын жанына жетип бардым да чекесине алаканымды бастым.

– Чай ичесизби?

Ал башын чайкады. Бирок:

– Суусун болсо, азыраак...– деди. Болушунча куюп бердим, ичип жиберди. Стаканга коюп жатканда анын өңүнөн бир түрдүү катаалдык жылт эте калгансыды. Мен андан көзүмдү алалбадым.

– Эч ким жок бизден, – деди ал мага тике карай. – Саат үчтө барып буюмдарын алып келели, экөөбүз. Мен мында араң келдим...

Алыс жерде жалгыздык жаман дарт. Даша барын ойлоп, башынан өткөрүп, өзүндө жок катаал мүнөздү атайын менчиктенип, андан абайлап пайдаланып жаткансыйт. Мурдагысы аз келгенсип, анын назик денесине тагдыр акыркы оор жүктү арта салган, көтөрө алгыс зил астында тишин-тишине басып, чымыркапып отурат ал. Ошол оор кырдаалда мени эсине алган, менден жардам болооруна да толук ишенген.

Бөлмө ичи тым-тырс. Көчөдөн тынымсыз агылган машиналардын күрүлү унутулган. Ортодо сөз жок, көпкө отурдук. Бир чыны суусундук башка эч нерсе оозуна алган жок. Мен анын көзүнө карагым келбейт. Ченемсиз кайгыга баткан адамдардын көзүндө кубанычтын же куулук-шумдуктун, ал түгүл, үмүттүн да кыпындай белгиси калбайт. Андай киши өзүндө көз бар экенин унутат. Айланы кетирген мээримсиздик менен катаалдыкка каршы, акыркы карманаар күчүн салган чыныгы өң гана калат аларда.

Саат экиден өткөндө ооруканага бардык. Даша күйөөсү жатып каза болгон кроватты жыйнаштыра баштады. Кроват башындагы тумбочка үстүндө вазага коюлган жоогазын гүлдөрү жаңы эле үзүлгөндөй тирүү. Аны кечөө сатып келгенин айтты. Тартмадан өзүнүн буюмдарын чыгарып, тор баштыкка иретсиз сала баштады. Эми алардын мүлдө кереги жок өңдөнөт. Тартманын түбүндө бир сомдук монеталар аралаш майда тыйындар көп жатты. Бирок, андан Даша бир тыйын да алган жок. Барын жайгаштырып, кетүүгө ыңгайлана бергенде, ал бурчтагы кийим илгичти көздөй басты. Анын мууңдары калтырап баратканын көрүп турдум. Кийим илгичтен сур күрмөнү чечердеп алды да, ийинден кармап, ичине көз жүгүртүп өттү. Оорулуулар андан көз айырбайт. Бир кезде күрмөнү жыттап алып, көкүрөгүнө кысып өкүрүп ыйлап, дубалга сөөнө кетти. Мен жетип бардым... Эмнеге токтото алайын. Чыдап отура албаган оорулуулар илээлей басып, биринин артынан бири чыгып кетип жатты...

Кайтып келгенден кийин өзүнүн мурда жаткан бөлмөсүнө жайгашты. Анын каалоосу боюнча мен кыргызча сорпо жасадым. Бирок, жарытып ичкен жок. Күйөөсүнүн күрмөсүн жамынып, ыйлап отура берди. Жердештери эртеси келишти. Биздин элдин сый-урматы менен мээримин алардан да аяганым жок. Жатаар орун, тамак-ашы өз алдынча дайыма даяр турду. Үчүнчү күнү кайгысына чыдабаган келин ооруп калды. Кызуусу көтөрүлүп, тамак аттууну мүлдө токтотту. Тез жардам чакырып, аптекаларды кыдыруума туура келди. Жердештери өлүктүн аны-мунусу менен алек.

Даша ыйлай-сыктай отуруп күйөөсүнүн күлүн алып кайтууга макулдугун берди. Ал ооруп жатканына карабастан башынан аягына чейин кара кийинип, крематорияга барды. Ошол күнү учууга билет да алышты...

Заңкайган аэровокзалда отурабыз. Кечки саат он. Зал толгон жүргүнчүлөр. Алардын өңдөрүнөн тымызын кубаныч байкалат. Сапарга чыгуу да, сапардан үйгө кайтуу да көңүлдү көтөрөт эмеспи. Даша болсо, аларга окшобойт. Анын куру гана сүлдөрү отургансыйт.

Мен бир нерсени билгим келет. Дагы бир жагынан Дашаны аяйм. Биле турган нерсе Дашанын оорусун күчөтүп, бардык өткөн кайгылуу көрүнүштөрдү кайталашы мүмкүн. Бирок, бары бир менсиз да алда-нече эскерилип, көз жашы алда-нече төгүлүшү мүмкүн, ошон үчүн бир гана кайталанышына себепкер болсом эч нерсе болбос деген тыянакка келдим.

– Мен бирдеме сурайын, – дедим Дашага. – Күйөөңүз каза болор алдында эч нерсе жаза алган жокпу?

Даша шашпай кол сумкасын ачып, ичинен кичине блокнот сууруп чыкты да:

– Мына, – деп мага сунду.

Окуп көрсөм мен түшүнбөгөн тил. Бөлөк-бөлөк асты сызылган үч сүйлөм экен.

– Эмне деген сөз бул?

Даша блокнотту кайрадан алды да биринчи сүйлөмдү которду:

– «Даша, жаным, мен өзүмдү кандайдыр начар сезе баштадым! Бүгүн уктабачы!» бул биринчи жазганы. Экинчисин жарым сааттан кийин жазды.

– Экинчиси эмне? – деп сурадым.

– «Ушунчалык катуу ооруп жатам, ooру мындай болот деп эч качан ойлогон эмесмин! Мындан көрө өлсөм эмне!»

«Балким, ооруп-ооруп басылаар деген ойдо болгон го бечара!» деп ойлоно кеттим.

– Бул катты окугандан кийин ыйлап жибердим, – деди Даша. –Анан, маңдайыман сыйпап... Кыйла отурду. Карасам көзүнөн жаш куюлуп жатыптыр. Үн чыгарып да ыйлай албайт, байкушум, ай...

– Андан ары?

– Андан ары мени сооротуу үчүн: «Азыр жакшы болуп калдым, ыйлаба!» деп жазды. Бул эң акыркы жазганы. Бирок, ал көз жашын жан үзгүчө токтото алган жок. Эмнелерди ойлоду экен...

– Түшүнүктүү, мындан башка эч бир жазган жокпу?

Даша башын чайкады. Өзүнүн сүйүктүү адамын гана аяган баарына чыдаган. Аны тынчытып жатып каза болгон! Бул да өзүнчө татаал тагдыр ов!

Каршы алдыбызда булардын рейсинин регистрациясы жүрүп жатты. Даша онтоп араң отурат. Бактысыз жубайлардын бири-бирине деген сүйүүсү менин сай сөөгүмдү сыздатууда. Убакыт өтпөгөнсүйт. Кайра-кайра тамеки тамызам. Тезирээк кетүүсүн каалап отурам.

–Сизге ыракмат,–деди көз жашын тыя албаган Даша.–Жардамыңызды эч качан унутпайм!

Анын чын жүрөктөн алкоосу мага жакшы ой салды. Үнүнөн адамдык урмат, сый, терең тагдыр байкалат. Жарым саат өткөн соң урнаны кучактаган Даша аэропортко кетүүчү автобустан орун алды. Аны терезеден даана көрүп турдум. Урна салынган картон ящикти алдына коюп, жоолугу менен бетин баса ыйлап отурду ал.

Буларды узаткандан кийин көпкө көңүлсүз жүрдүм. Беш күндөн кийин Дашадан кат алдым. Алида айыга албаганын жазат. Катта дагы мындай сөздөр бар: «...кээде, жападан жалгызмын. Баарын таштап, баарын сатып, силер жакка кетип да калгым келет...»

## ЫЙЫК СЕЗИМ

Ыйык сезим,– бул учуна көз жетпеген бийик чоку! Көз алдымда көк тиреген бийик аска турат. Ага карайм да кызыгам, кызыгам да ойлоном: бул дүйнөдө сени көрбөгөн, сага суктанбаган киши аз чыгаар чындыгында. Анткени, сага чыгуу тилеги бар кишинин табиятына бүткөн ширин эңсөөлөрү менен жуурулган. Адатта, кишилердин тунук сезимдери бийикке умтулуп, сени маара кылат. Жердин дал өзөгүнөн өнүп чыккансып, асман көгүнө багыт алган укмуштай залкар болсоң да, сенде байыркы адамдардын жылуу жүрөгүнүн жөнөкөй издери жатат...

Эки адам батпаган тар чыйыр белиңе ороло өөдөлөйт. Бул таалай чыйыры, бакыт чыйыры. Ар бир киши өз алдынча из калтырууга тийиш. Ал эми, сага көтөрүлүп, сенин төбөңө таманын тийгизгендер кайгы, касирет, ыза, кордук, үрөй, коркунуч дегендерден мүлдө арылат. Түбөлүккө бейкуттук орноп, жоктуктун, жетишпестиктин кишени быт-чыт болгонсуйт. Андан ары тымызын сагынычтын, кубанычтын сезимдери ойгонуп, бүткөн бой балкыйт.

Дүйнөгө адам болуп жаралуунун сыймыгы тереңден баш көтөрөт.

О, сыйкырдуу аска! Сенде булутсуз асман көп. Күн нуру биринчи тийип, акыркы нурлары сени менен коштошот. Сенде күн нуру мол. Төбөңдө салкын жел жүрөт да, черлер жазылып, көңүлдөр жумшарат. Денеге жагымдуу кан тарап, таттуу чымыркануу пайда болот. Кишиге бүткөн марттыктын, эрдиктин, мээримдин, берилгендиктин жалыны алоолонот. Мына ошондо, убакыт токтоп, бүт дүйнө бир саам эс ала түшкөнсүйт...

Ыйык сезим – бул назик гүл!

Жаз күндөрү ачылган бул гүлдүн өмүр күчү жылдар боюнча созулат. Кишинин жан дүйнөсүн толкуткан назиктиктин, коздуктун көңүлдү эргиткен жагымдуу жыттын соолбос булагы өңдөнөт. Көп сандаган кооз көпөлөктөр аны тегерене учат, алардын да кыпындай арманынын бир марасы ошол өңдөнөт.

Кырмызы баркут, кат-кабат желекчелер тепселген жашылдык арасынан бой көтөрөт.

Адатта, анын шоола чачып турганын көрөсүз. Карап турсаңыз, өмүрдүн түбөлүк өчпөс шамы өңдүү бойго кубат, кыймылга медет. Ал кишилердин күүгүм тарткан көкүрөк боштугуна жайгашып, нур чачып турган кан кызыл гаухар ташты элестетет. Анын сыйкырына кабылгандар тиричилик түйшүгүн унутат. Караган сайын карагысы келет. Ошондо ал башка бардык кызыкчылыктан кечүүгө мажбурлайт. Анын жыты адам сезиминин эң тереңинде жетет. Кишиде аны өмүр бою ыракаттануу тилеги өзүнөн-өзү пайда болот.

Бирок, ал назик, ары сезгич гүл. Сизден чыдамдуулукту, адал күтүмдүү талап кылат. Ал арам ой менен жылмайган киши алдында соолуй баштайт. Нурланып күлпунуусун токтотот!

Ыйык сезим – бул каардуу деңиз!

Чексиз кеткен каардуу деңиз өзүнчө көөлгүйт. Адам баласы кымбат баалаган шуру менен берметтин эсепсиз байлыгы мунун тереңине жашырынган дешет. Бирок, андагы бермет менен шор суу миң сандаган адамдардын көз жашын түшүндүрүүгө тийиш...

Адамдар ага түшүнүүгө кумар. Анткени, адатта, ал мээримдүү деңиз. Ага тунук булактар, дартка дабаа арашан суулар адамдарды күлгүндөй тазартып, өмүргө деген сүйүүсүн тереңдетет.

Анын каардануусунун себеби эмгиче ачылбаган сыр. Ал каарын алганда жээктерине ак көбүк бүркүп, түйүлө жыйрылып, жиндене баштайт. Түсү кара күрөң тартып бузулат. Үстүндө оор булуттардын кербени кыркалайт. Оор деңиз түп көтөрүлө козголуп, бир бел ашып ылдый кулаган, тоодой толкундар өркөчүн жөнөтөт. Үрөйдү учурган дүлөй күрүлдөк тереңден угулуп, жандан түңүлтөт. Бүт дүйнөнү жапырып, тебелеп өтчүдөй күүлөнөт, жээктерин тыткылайт. Туруштук бере албаган тоолор урап, жерлер жемирилип жаткансыйт. Ага кабылган адам чабал ойдон тез кутулат, камгактай учуп, тыянаксыз, үмүтсүз алдастайт. Ага жарык дүйнө менен коштошуу баарынан жеңил сезилет!

Табият күчүнүн улуу кожосу болсо да, адам баласын өзүн алсыз сезип, ченемсиз кайгыга батаар учуру ошондо пайда болот.

Ыйык сезим – бул сүйүү!

# КӨЗДӨР, КӨЗДӨР

Жолоочулап бара жатып, «Н» селосунун кичинекей, ашканасына кирдим. Көбүнчө мындан ары-бери өткөн шоферлор азыктанышат. Ашкана жол үстүндөгү шоферлордун жупуну кийимдерине, орой шылдыңдашып, эркин отурууларына мүмкүндүк берип тургансыйт. Шоферлор гана эмес, мындай жерге кирген ар бир киши эмне кылса да өөн сезилүүчү түрү жок. Бизде, адатта, көпчүлүк жыйналуучу жерде тамеки тартылбайт. Бирок, мында көк түтүн дайыма ашкананын төбөсүн каптап турат. Тамак берилүүчү тешиктен, пияз менен куурулган майлуу эттин жыты чыгып, андан даамдуу тамактын буусуна семирген ашмачынын чулчуйган бети да көрүнө калат.

Мында киргеним болбосо, тамак ичүүгө табитим тарткан жок. Буга ашкананын начар тазалыгы себепчи эмес, жол үстүндө тамактанып, жайланып отура албаймын. Буга көнүп да кетипмин. Ошондо да бир стакан карандай чай алдым да, сигарет тартып, шофердун тамактанып бүтүүсүн күтүп, четте отура бердим.

Бир кезде чаңкылдаган кыргыз аялдын үнү баарыбыздын назарыбызды оодарды. «Ашкананын толбой жаткан бир кемтиги ушул эле!» деп ойлодум мен.

– Уятсыз! – деп чаңкылдады аял каршысындагы жакшы кийинген жигитке кадалып. Аял жанатан бери үстөлдөрдү тазалап, аяк-табактарды жыйнаштырып жүргөн.

– Сен жугунду жыйнаганыңды бил. Мага чаңкылдаба, түшүндүңбү! Жигит майлуу колдорун үстөлдүн үстүнө силкип-силкип коюп аялдан оолактай берди.

Ачууланган аялдын көзүнөн бул тийишүүдөн кумары канбай калганын байкоого болоор эле. Жигит муну түшүнгөн жок. Ал эшик жакка барды да, аялдын жаман күңкүлдөгөнүн угуп кайра келди. Анын кебетесинен опсуз кыжырдануу көрүндү. Аңкоо киши: «Эми болучусу болот!» деп ойлогучалык эле. Бирок, иш мүлдө тескерисинче кетти. Аял өзүнө жакындап келе жаткан, кара-күрөң катаал өңгө эки секунддай карап калды да, табактарды столго кое койду. Менин көзүмө ал чабыла кетүүчү капканды элестетип кетти. Арада үч секунда өткөн жок, аялга жакындаган жигиттин сол жак бети «чуу!» дей түштү. Жигит муштумун түйүп кулачтай бергенде, жакын столдо отурган орус шофер билектен алды. Жигит колун жулуп алалган жок. Ичи күйгөндүктөн анын оозунан өтө көп жагымсыз сөздөр чыгып кетти. Анын эмне айтып жатканы менен ишибиз болгон жок. Анткени, ал бизге түшүнүктүү эле. Көзүбүз мурдагыдан бетер чаңкылдаган аялда болду.

– Арсыз... Сен өңдөнгөндөрдүн кесири элге тиет. Ой, ботом тамагын ичип болуп майлуу колун мына бул ашып калган нанга аарчып жатат, акмак...

Маселе эми түшүнүктүү болду. Чындыгында эле колдун кири менен майга ушаланган нан күкүмдөрү үстөлдө жаткан. Биз эмне дээрибизди билбей туруп калдык. Нан күкүмүнөн көтөрүлгөн көздөр жеңил ойчул, кесирдүү жигитке багытталды. Мен ушул кадалган көздөрдүн көбүнө серп салып үлгүрдүм. Заматтын ортосунда серейген тулкулар, сурданган өңдөр менен каардуу көздөрдүн бүтүн бир комплектиси пайда болгон эле. Жашы кырктар чамасына келип калган, тоголок кыргыз шофердун көзү ички дүйнөсүн баарыныкынан ачык-айкын баяндап тургансыды. Жек көрүү сезими туудурган мындай кароону кемде-кем учуратам. Анын күрөң кирпиктери үстүңкү кабагына жамына, азыр эле сайыла кетүүчү найзадай октолуптур. Көз каректери душмандын буйтап кетпестигин күзөткөн кандайдыр кекчил жапайынын тиктөөсүн элестетет. Эбак унутула баштаган кыйынчылык, ачарчылык анын көзүндө өз өкүмүн жүргүзүп тургансыйт. Кесирдүү жигит бир да бирөөнүн көзүнө тике карай албады. Ал башын төмөн салды да, көптүн ортосунан суурулуп эшикке чыгып кетти. Анын кетип бара жаткан кебетесинен: «Мындан көрө ушул турган кишилердин бири кулак түпкө келиштирип бир урса жакшы болмок!» деп ойлогону билинип турду. Тигилген көздөр үчүн анын карапайым дыйкан же профессор болгону бир тыйын эле. Бул кырдаал эч кандай титулду кошпогон адамдардын чындык мамилеси да. Ал чыгып кеткенден кийин да калгандар ал жөнүндө сүйлөшкөн жок. Анткени, мындай жосунсуз ишке кошумча түшүнүктүн кереги эмне?

Биз жолго чыктык.

Күндүн какыраган ысыгында чыйылдап ырдаган уйгур аялдар, эртеден кечке чейин аңыздарда куют чачаар эле. Куют деген кык. Эшек айдаган картаң уйгурлар көчөлөрдөн зорго жыйнаган азыноолак жаңы тезектерин ошол аңыздарга төгүп турушат. Айдоо мезгилинде болсо, өгүздөр жетишпегендиктен ар бир жөөккө кишилер бөлүнөт да, катар туруп алышып кетмен менен бир келки оодара баштaшат. Үрөн себилээри менен дагы куют чачылат. Ал эми, сугаруу кезинде болсо, жөөктүн жээгинде белчесине чейин көөмп коюлган карапалардагы кишинин заарын, аялдар чөмүч менен арыктагы сууга куюп турууга тийиш. Көндүм иш катары, жумуш үстүндөгү аял-эркектердин баары карапалардан башка бей сабат жерге заара кылышпайт.

Кол баладай бапестеп өстүрүлгөн эгин, орулуп жыйналары менен кандайдыр бир кампаларга жөнөтүлөт. Кайрадан дагы түйшүктүү жумуш башталат. Буудай ордуна ак конок себиле баштайт...

Бир күнү түштөн кийин «Коммунарлар» менен шоссе жанындагы жөөктө, чыгышты көздөй өтүп жаткан машиналар колоннасын карап турдук. Баарыбыз эле мындан он нече минута мурда колубузга карматылган бир-бир жевендени, карапа чыныга куюлган кара чайга чылап жеп чыкканбыз. Жевенде дегенибиз – ак коноктун унуна аздап татытып буудай унун кошуп жасаган нан. Бети боз чаңгыл тартып, чийки бышуусу билинбеген ушул бир кичинекей энчибиз биздин жарым күндүк жумушка кеткен ал-кубатыбызды камсыз кылууга тийиш. Бирок, бул көбүнчө үмүт боюнча кала турган. Курсагыбыз канчалык ачса да, баары бир дагы бир жевенде колубузга тийбесин билип канаат этпеске айлабыз да жок. Түштүктүн алоолонгон ысыгы, тое ичпестик – тыштан келген мен эмес, жергиликтүү дыйкандардын өзүн да ширидей карартып жиберген.

Шосседеги оор машиналардын кабиналарынан автомат кармаган солдаттарды көрдүк. Алар жарданып карап турган дыйкандарды көрмөксөнгө салып өтүп жатканын байкадым. Брезент менен жабылган кузовада аштык салынган кыска мешоктор даана байкалып турду.

Мен жанымдагы чала тоют дыйкандарды карадым эле, бүткөн боюм дүркүрөп кое берди. Өмүрүмдө мынчалык кадалган көздөрдү көргөн эмесмин. Автомашиналар шосседен эрксиз бурулуп келип катиңки каректерге кирип жаткансыды мага. Үнсүз кумсарган жүздөр таш болуп катып калгансыйт. Алардын жаак булчуңдары титиреп, чеке тамырлары бүлөөлөнөт. Каардуу көздөрдүн кудурети өтүп жаткан машиналарды бууга айлантып, тыптыйпыл кылып жибериши керек эле. Тескерисинче, карапайым кишилердин көздөрүнөн чачыраган укмуштуу учкундар бууга айланып, абага сиңип жоголуп жаткансыды.

Биз жөөк кырында канча карап турганыбызды билбей калдык. Оор машиналардын куйругу да үзүлдү. Мына ошондо жарданып тургандар машташкандай бир ооздон ыңгыранышты! Мен алардын улутунгандан кийинки бактысыз көздөрүн кайра карагым келген жок. Анткени, бактысыз көздөр ар качан да кайратсыздыкты, башкача айтканда, маанисиздикти гана көрсөтөт. Машиналар өтүп жаткандагы каардуу көздөр менин эсимде түбөлүк сакталып калды. Ооба, бул көздөрдү дүйнөнүн улуу актёрлору да сахнада туурай алмак эмес.

«Н» селосундагы ашканадан чыккандан кийинки эсиме алган көздөр мына ушундай болуучу.

## АК ЧАЧ ЖӨНҮНДӨ КИЧИНЕ ТАРЫХ

*(Документалдуу аңгеме)*

Кең-суулук мурдагы жоокер Орозобаев Казак баш киймин алган сайын төбөсүндөгү ак чачына эрксиз көзүм түшөт. Адатта, саамайга буурул түс кирип, андан кийин болсо, чач акырындап бүт агара башташы керек эле. Бул, албетте, биологиялык процесстин бир нече жылга созулган закондуу жемиши. Казак кырктан жаңы эле ашты. Бул чач агараар мезгил эмес. Ал эми, анын төбөсүндөгү капкара чачтын бир бармак басым жери гана куудай аппак!

– Бу, сиздин чачыңыз кызык экен?

– Чач согушта агарган, – дейт ал.

– Кайсы согушта болдуңуз эле?

Казак аз ойлонду да «биле бербейсиң го» деген кебете менен сүйлөдү

– Манчжурияда, япондун Квантон деген армиясын талкалаганда...

Кырк жыл өмүр сүрүп, карапайым элдин канын суудай агызган, бирок, эки жуманын ичинде гана быт-чыты чыккан бул армиянын тарыхы мага белгилүү.

1945-жылдын 8-августу. Көзгө сайса көрүнгүс түн. Океан булуттары каптап, Хасан-көл өрөөнүнө нөшөр төгүп турду. Согуштук кырдаал – жоокерлер уктоого жатышкан эмес! Айлана тынч, убакыт өлчөгөн сааттар гана, ага кошулуп бирдеме сезген жүрөктөн гана тыкылдайт.

Түнкү саат он эки. Бардык даярдык бүткөн. Казак өзү айдап жүргөн эки дөңгөлөктүү араба кошулуп, ага телефон аппараты, башка да жарылуучу запас буюмдар тыкан жайгаштырылган. Дайыма жаркылдап, куудул сүйлөп, жоокерлерди күлдүрүп жүрүүчү шайыр Савин алиде даярдыгы менен алек. Ал самурайларга арналган «лимондорун» жайгаштырууда.

9-август. Түнкү саат бир. Бирден эле репродукторлор ишке кошулду. Башкы командованиенин буйругу түндү жарып заңкылдады. Томоголор тартылып, кыраандар көкөлөдү. Заматтын ортосунда бүт тегеректи мотордун жана атылган замбиректин үнү каптап калды... Жер – көктү титиреткен алп күч самурайларды баса-көктөп, чар тараптан куушуруп бара жатты. Душман коопсуз деп ойлогон тоо-токойлордогу жыгачтар сулап жыгылып кызыл жоокерлерге жол берди.

Моденжан (Моданцзян) шаарын ээлеп турган квантондуктар каршылыктан кийин түштүктү көздөй бет алышты. Бул көрүнөө качуу эле.

Самурайлардан бошотулган жерлерде шаарды көздөй арабалар кербени келе жатты. Булардын ичинде Орозобаевдин чакан арабачасы да, шайыр Савиндин арабасы да бар эле. Жолдо квантондук туткундар кезиге кетти. Баары баткакка оонаган мегилжиндей чамбулала...

– Биздин «сулуулар» ушундай тура! – дейт Савин жайраңдап.

Бир кезде алдыңкы арабада келе жаткандар, эки кишинин боорток-топ жылып, жолду кесип өткөнүн көрүп калышты. Кербен токтоду. Алар жылып отуруп камыш жабылган ээн фанзага кирип кетишти.

Савин арабасынан ыргып түштү да:

– Жолдош командир, – деди. – Мен япондорго бир да «лимон» бере элекмин. Уруксат этиңиз!

Командир солдаттарга фанзаны курчоого буюрду.

Дайыма алдыңкы позицияны эңсеген Савин, жалпы бөлүктүн шаңдуу жүрүшүнөн толкунданып, самурайлардын боортоктоп жылып бараткасына күмөн менен карай алган жок. Ал фанзага жетип барды да эшигин булкуп ача койду. Ошо замат тапанча атылып, Савин жерге жата калгансыды. Жоокерлер фанзага ок жаадырып жиберишти. Айласы кеткен эки самурай чыгышып, «Банзай!» деп кыйкырышты. Колдорунда япондук кичине желек. Анан көздү ачып-жумганча койнундагы гранаталарынын жибин жулкуп тартып алышты эле, жарык дүйнөдө бир нече секунда гана тик тура алышты!

Жоокерлер фанзага жетип барышса, ачык мүнөз Савин эбак курман болгон экен. Арабадагы бейжай жоокерлер душман жеринде өзүн кандай алып жүрүү керектигин түшүнүштү. Кечке маал буларга кубаттуу прожекторлор жүктөлгөн автомашиналар келип кошулду. Жол баткак, жүрүш акырын. Согуш жүргүзүп жаткан алдыңкы бөлүктөр канчалык узап кеткенин билүү кыйын...

Савиндин бөөдө өлүмү Казакка катуу таасир берди. Өлүмгө башын байлап койгон япондук солдаттар жөнүндөгү укмуштай сөздөр эсине түштү. Бирок, согуш деген согуш! Сен душманды өлтүрбөсөң, душман сени сөзсүз өлтүрөт.

Орозобаевдин арабасы эң аркадан келе жатты. Кеч кирип, каш карайды. Аркадагы машиналардын жарыгы караңгылыкты көзөп өтүп, арабалар кербенин даана көрсөтөт. Жол шаарга жакындаганда бир дөңсөөнү ашып өтүүчү. Ал эми дөңсөөгө чыга берсе, Моданцзян шаары даана көрүнөт. Казактын аты өөдө чыкканда дайыма тынып чыга турган. Муну жолдоштору билгендиктен ага көп кылчактачу эмес. Арабалар дөңсөөгө түн киргенде жетишти. Казак атын эс алдыра жүрүп, кербенден алысыраак калды.

Дөңсөөгө чыга бергенде бир дарбаза ачыла кетти да, Казактын арабасы ошону көздөй бурулуп калды. Казак аттарды жолго салмак болду, бирок, ага бой берген жок. Аңгыча, арабада турган мылтыкты бирөө тартып алып, атты айдап короого тез киргизип жиберди.

Бул албетте, өз кишилер эмес, душман деген ушу да, аңдып жатышкан. Казак арабадан секирип түштү да, дарбазага умтулду. Бирок, дарбаза кайра бекилип калган болучу. Ал койнунан гранатаны алды да арабадагы жарылуучу заттарга ыргытып жиберди. Араба жак бир жарк эткенин билет, андан ары эмне болгонун сезген жок!

Катуу жарылуудан соң Казактын жолдоштору жетип келишти. Алар короодо талкаланган ат араба, өлгөн үч самурай жана эч жараланбай сулк жаткан Казакты көрүштү. Савин бере албай кеткен «лимонду» Казак бергенин жолдоштору дароо түшүнүштү.

Бир нече күн өткөн соң согуштук ооруканада Казак көзүн ачты. Кулагы укпайт. Бирок, сестралардын, врачтардын токтоо кыймылы ага жылуу таасир берип жатты. Анын угуу нервдери катуу дүүлүккөндүктөн нормалдуу иштебей калган эле.

Бир күнү түн ичинде Казак чочуп ойгонуп кетти. Ага жарылуулар, укмуштай күркүрөөлөр угулган эле. Ал башын көтөрүп тынч көрүнүштү байкай койду. Демек...

Экинчи сентябрь күнү кулагы кадимкидей ачылып калган Казак, репродуктордон Япон империалисттеринин шартсыз тизе бүккөндүгүн жана бир канча миллиондогон адамдардын канын суудай агызган, экинчи дүйнөлүк согушту, биротоло аякталгандыгын өз кулагы менен укту.

Көңүлү көтөрүлүп, туулуп-өскөн жери эсине түшкөн Казак акырын барып күзгүгө каранды. Укмуш! Дал эле төбөсүндө бир бармак басым чач бүтүндөй агарып калган. Казак ары-бери каранды да, көпкө дейре ак чачынан көзүн ала алган жок. Чындыгында, миндеген досторунун төккөн канына караганда, ал арзыбаган эле иш!

Көрсө, ак чач чейрек кылымга жуук убакыт өткөн соң да, жырткычтар тобунун – Квантон армиясынын талкаланганын эске салаар белги болуп калган тура...

## «КЕЗЕКТҮҮ ДҮЙНӨ»

Калий деген кишинин алты жашар уулу көчөдөгү барып турган тентек бала деп аталды. Өзү теңдүү балдарды оюнга чакырат да, аягында келип ыйлатып жолго салат. Ыйлаган баланын ата-энеси балдардын ишине киришип, бир-эки ооз сөз айтуудан кээде уялышат Анткени, бирде балдар жакшы ойносо, бирде бирин-бири ыйлатат. Ушул бир кичинекей кишилердин турмушу ар качан да ушундай эмеспи. Булардын арасына түшкөн чоң кишилер аз учурайт. Керексиз темир, дөңгөлөк, оюнчук, жада калса чыбык талашып да алар чоңдордон үйрөнгөн жаман тилдерин айтышып,

аягында келип чаңырып ыйлай турганы кимге аян эмес. Бирок, канча кылган менен «ичтен чыккан ийри жылан» дегендей, көчөдөн баласы көл-шал түшүп, ыйлап келсе, анын көкүлүн сылап, ата-энеси соороттпой койбойт. Аз да болсо, ичтери ачышат. Биздин элдин тукум сүйүү ыйык касиети бар эмеспи.

Дүкөндөн жыдып, кызматынан бошогон Жантайдын төрт жашар уулу Бакыт көчөнү башына көтөрүп, ыйлап келе жатты. Дарбазасына кире бергенде болсо, андан бетер аңгырап, көзүнөн да, мурдунан да булактай агызды.

Жантай үйүндө китеп окуп отурган. Ал аялына карады да:

– Эшикке чыкчы, Бакыт го бул, – деп коюп китебине кайра үңүлдү. Аялы эшикке чыга берип, азан-казан түшкөн баласын тосуп алды. Көз жашын аарчып, мурдун тазалап: «Эмне болду? Ким урду?» Кайталап үйрүлүп түштү. Бакыт ыйлап жатып болсо да Калийдин уулу Эркин урганын айтып берди. Эркин Бакыттын бурама мыгын тартып алыптыр да, анысы аз келгенсип ат кулак менен башка чаaптыр. Эмне деген зордук дебейсиңби!

Сөздү Жантайдын аялы баштады:

– Оңбогон жашабагыр десе! Көчөдөгү балдарга күн көргөзбөс болду. Ага жолобо дебедим беле, балакетинди алайын десе...

– Ким уруптур?! – деген Жантайдын үнү ички үйдөн угулду.

– Жаңкы Калийдин чечеги уруптур. Качан болсо эле жыланча чагып алат! Барып ата-энесие бирдеме айтсан боло. Баласын тыйып коюшсун!

Жантай китебин жаап ойлонуп калды. Кечээ дагы бирөөнүн баласын кирпичтин сыныгы менен чекесин томуйта койгонун уккан. Минте берсе арийе жакшы эмес. Кошуналардын ынтымагына таасири тиет. Муну эскертип коюу керек. Бир күнү болбосо, бир күнү бирөөнүн баласынын көзүн чыгара чапса, оңой менен бүтпөйт эмеспи.

Жантай баласын соорото баштады

– Мен азыр барып Эркиндин кулагын чоем, экинчи саа тийбес болот.

Бакыт ыйын токтоткондон кийин Жантай костюмун кийип, Калийдин үйүн көздөй басты.

– Сен эмне үчүн урган жоксуң? Муштумуңду моминтип түйүп алып, кулак түпкө момундай коюп жиберсең саа тийбес болот, уктуңбу? – деп Жантайдын аялы түшүндүрүп жатты баласына. Мындай сөздөр Бакытты кайсы жолго баштап жатканын ал өзү да түшүнгөн жок.

Бакыт башын ийип, макулдап, мындан кийин ошенте турганын билдирип жатты.

Жантай дарбазадан киргенде эле издеген кишилерин толук тапты. Тентек бала да, анын ата-энеси да бар экен.

– Мен сага келдим, Калий, – деди Жантай олуттуу иш менен келгенин бирден эле сездирип .– Сенин мобереки балаң кечөдөгү балдарга тыным бербес болду. Жаңкы, менин баламды сабап коюптур. Кечээ да бир баланы кирпич менен уруптур. Муну тыйгыла. Ар кимдин эле баласы өзүнө сүйгүнчүктүү да...

Калий Жантайдын сөзүн шашпай угуп турду да мындай жооп берди:

– Бала деген урушат, кайра ойноп табышат. Ата-энелер ага киришпесе болот.

Бул жарыбагырды эми асып эле сабабасам, айтып да, коркутуп да көрдүм. Үйдө да тыным жок!

– Асасыңбы же аспай тим коёсуңбу бул өз ишиң. Бирок, ата-энелер иштин алдын-ала байкаса болот. Бирөөнүн баласынын көзүн чыгара чапса кантет?!

– Оо, кудай сактасын, эси бар. – Калий ушуну айтты да ары басып кетти.

Жантай мындай болот деп ойлогон эмес.

– Биздин бала тийишпеген балага таптакыр тийбейт –деди Калийдин аялы. – Сенин балаң да оңой эмес, өзү келип кабылган го. Өзү кабылган неме сазайын алат да.

Жантай эмне айтаарын билбей турду да калды. Күнөө айланып келип өз баласына ообадыбы. Баласын тыймак түгүл, кайра жалаа жапты. Мунусу көрүнөө кордук!

– Балаңарды тыйгыла! – деп кыйкырды Жантай күйүп-бышып. – Экинчи жолу баламы уруучу болсо, айтып эскертип коёюн, жөн эле жаагын айра чабам!

Жантай шарт бурулуп үйүн көздөй жөнөдү. Анын ичи туз куйгандай ачышып келе жатты.

– Муну көрсөң «бала урушат, кайра ойноп табышат», деп деле жооп берээр эмес. Баласынын тентектигине мактанат ой!

Ачуусуз киши жок. Кишидеги ачуу көпкө туруштук бере албаганы жакшы эле касиет эмеспи. Эгер ачуу өмүр бою болбосо сиз да, ушуну жазып отурган мен да – баарыбыз эле эбак күйүп күл болуп кетмекпиз!

Жогорку окуядан кийин үч жыл өтө чыкты.

Бул үч жылдын ичинде кыйла өзгөрүү болду. Жантай соода иштери боюнча кайрадан курс бүтүрүп, бир дүкөнгө ээ болду. Баласы Бакыт жетиге чыкты. А Калийдин тентек Эркин деген баласы, эс тартып, сомкесин көтөрүп мектепке баруучу болду. Ал таң калаарлык токтоо, эстүү болуп өзгөрдү. Мунун тескерисинче Жантайдын уулу Бакыт чыгаандан чыккан тентек болду. Ал балдарды ыйлатуунун учурунда кээде, чоңдорго да

чабуул коюп жүрдү. Көчөдөн өтүп бара жаткан бей тааныш киши болсо, топурак же таш ыргытып, өзү билмексен болуп калаарын да айта кетишибиз керек.

Бир күнү түшкү дем алышта Жантай үйүндө дем алып жаткан. Байкоосуздан эле короодо чаң-чуң боло кетти. Ыйлаган бала, бакылдаган долу аялдын үнү чыгат. Жантай башын көтөрө койду да, тынчсызданып короого чыкты. Жесир катын Алмадай кичине кызынын колунан жетелеп алыптыр. Кыздын чекесинен аздап сызылып кан агып жатат. Алмадай күйүп-бышып ачууланды;

– Ой, Жантай, балаңды тыйсаң, боло. «Атасы жок, жетим» деп кордогонуңбу. Карачы, сөөк менен уруп жибергенин. Ушуну менен үч жолу болду. Кичине тыйып койсоңор боло. Өзүнөн кичине балдарды зарлатып жүргөнү жүргөн...

– Бакыт уруптурбу? – деп сурады Жантай аңкоосуп.

– Анан ким урат. Үйдө отурсам эле чыр эте түштү!

Жантай кызды сооротумуш болду да өзүнө тартып чекесин карап чыкты.

– Эмне менен урган оңбогур?

– Сөөк менен уруптур, – деди жесир Алмадай, ыйлап жибере жаздап, – мында эмне жазык?!

Бул кезде Бакыт өрүк жыгачынын түбүнө жашынып алып «пистолет» менен Алмадайды жана анын кызын «аткылап» жаткан.

– Ай, үйдөн момпосуй алып чыгып берчи, байкуш кызга, – деп Жантай аялын жумшады.

Бул сөзгө Алмадайдын ачуусу андан бетер келди:

– *Момпосуйуң менен момуран кал!* Жетишкен экенсиң, *момпосуй* менен баланы алдайсың, мени кантип алдайсың? Балаңды тый, тыйбасаң өзүм сазайын берем! Ар кимдин баласы өзүнө, ай көрүнөт көзүнө!

– Болду эми, коюңуз. Ачууланбаңыз, бала менен бала болобузбу? «Бала деген урушат, кайра ойноп табышат». Вовще, ата-эне ага кирише берсе болбойт...

Аңгыча Жантайдын аялы бир ууч момпосуй алып чыгып кызга сунуп калды. Алмадай кыжырланып, аялдын колун кагып таштады:

– Жетим-жесир, эчтемеси жок дейсиңер го. Бизде момпосуй кайдан болсун? Өзүм жесир болгонум менен көңүлүм жесир эмес. Кудая шүгүр, элим-журтум бар. Көрчү муну, баласына бир-эки ооз сөз айтпайт да, момпосуй менен алдагысы бар...

Алмадай кызын жетелеп короодон чыга жөнөдү. Артынан карап турган Жантай:

– Элде акыл-эс калган эмес экен. Баланын ортосуна түшүп да ушунчалык ачууланабы? Бала деген бала да... – Ал эс алуусун улантуу үчүн үйүнө жай кирип бара жатты.

# ТУРМУШ ТАРАЗАСЫНЫН ГРАММЫ

Күндө эртең менен мекеме алдынан өрүк саткан абышканы кездештирүүчү элем. Анын анжыр жалбырагы менен жабылып, жаш маянын жыты буркураган себетинде кыпкызыл же сапсары болуп эзилип бышкан, сүйрү өрүктөр жашырынып жатуучу. Кишилер жакындаганда абышканын кууш көздөрү ойноктоп, кардарга чоң урмат билдиргенсийт. «Деген менен, бул чал куу болсо керек!» деген ой пайда болду менде.

Бир күнү кызматташ досум экөөбүз атайын өрүк жеш үчүн мекеменин алдына чыктык. Өрүкчү чал кездешпеген соң көчөнүн аркы жагында өрүк сатып жүргөн баланы чакырып алдык. Болтойгон жаш бала, өрүк салган себетин алдыбызга коёру менен эле досум ишке киришти:

– Бала, өрүктөрдүн сонундарын себеттин түбүнө жашырыпсың. Бирок, аның байкалып турат, – деп себеттин түбүнө колун сойлотуп жиберип кирпик какканча бир өрүктү оозуна салып ийди. – Канчадан саттың. – Ондон берээрсиң...

– Он тыйынга жетиден саттым, атам ошондой сат деген деди бала.

Баланын жоошутугу менен себет ичинен чоң-чоң өрүктөрдү тандап алып бериши, алуучулардын арзыбаган напси убарачылыгынан оолак болууга чакыргансыйт.

– Бала, – деди менин кызматташым экинчи өрүктү озуна салып жатып, – ондон эле бер, мен азыр көп алчу баштанып турам...

Анын оозундагы өрүгү бултулдап жамажайынан баш багат.

– Мына он сегизди алдым, тогуздан болду, бара гой, айланайын. Тиги көчөдө өрүк алам дегендер көп, – деп жыйырма тыйын карматты да, кызматташым маа көзүн ысып койду.

«Баланы алдады», – деп ойлодум мен.

Бала унчукпай себетин жаап ары басты.

Биз өрүктү жеп отурганда кызматташым мындай деди: Камбылыраак болбосоң алдатып коёсуң. Сүйлөө керек, өрүкчү оозуңду караганда колуңду себеттин түбүнө сойлот. Ал эми, өрүкчү колуна караганда оозуңа өрүктөн таштап турушуң керек!

Ал ушинтип айтып боло бергенде өрүкчү абышка эшеги менен ары жактан чыга түштү да, көнүмүш адаты менен кыйкырып жиберди:

– Өрүк, өрү-үк!

– Чалдын өрүгү жакшы болучу эле, – дедим мен. Кызматташым өрүкчү чалга жакындай берди.

Кел, балам, нары, жоош, нары бышык көрүнөсүң. Алды менен бирди жеп көр, сага кантип жаман өрүк сатайын, – деди да абышка досумдун колуна карматпастан аны оозуна тиштетип койду... – Кана, бир сомго санайынбы?

– Элүү тыйындык алайын, – деди досум куурай чайнаган уйча ээгин көтөрүп.

– Мына, өрүктү жегендер жейт, мындай өрүктү тандап берем да. Асили жыгачы жакшы өрүк болучу, жай, жоолугуңду, таңдайыңа дагы муну салып кой – абышка бошой элек оозуна дагы бир өрүктү келтеп койду, да заматта эле элүү тыйындык өрүктү жоолукка санап үлгүрдү.

– Кем санап койбоңуз? – деди кызматташым өрүктөн оозу араң эле бошоп.

– Шаар балдарысыңар, балам, төрт-беш өрүк кошуп тойгуза албайбыз. Мына туура кырк болду, мына бу эзилип бышкан «жаныбарды» таңдайыңа салып кой, – абышка өз эсебибизге өткөн өрүктөн дагы бирди досумдун оозуна салды. Акчасын бердик да, жоолукту көтөрүп ары бастык. Өрүкчү эшегин айдап жолуна түштү.

Чал кеткенден кийин өрүктү санасак, жегени кошулуп отуздай чыкты. Мен унчукпасам да, кызматташым кысылып, сөз айта албай калды.

Албетте, төрт-беш өрүктө эмне туруптур, өтө бир арзыбаган эле нерсе. Бирок, эр азамат: «Кишиники кишиде калбайт!» деген ата-бабабыздын сөзүн ойлоно жүрсө, өзүнө кир жуктурбайт эмеспи.

## ХАДИЗАТ

Дем алыш күнү. Китеп окуу тажатып жиберди. Саат үчтөрдө жаныбыздагы кинотеатрга барууну ойлоп кийине баштадык.

Асыресе, Москванын ачык асманы мени кызыктырды. Күн бөтөнчө ысык. Ага карабастан, чыкыраган суук терезелерге балдырган жалбырактарын тартып үлгүргөн. Мындай учур көп колго тие бербейт. Киного барбаса да көчөлөрдө аязга каарылып, ары-бери басуу кишини эс алдырат. Жаңыдан колума ачкычты ала бергенимде эшик кагылды.

– Кириңиз.

Эшиктен күржүйгөн күрөң жигит саал тартына кирди да менин фамилиямды этип, ошол же башка экенимди сурады. «Дал үстүнөн түштүң», дедим мен.

– Чотон, – деп колун сунду да кыргызча амандаша кетти. – Мен сизди өткөн жылы Фрунзеде көргөм. Азыр, өзгөрүп кетипсиз.

– Кел, чечин, – дедим. Өзүм кайра чечиндим.

Ал шамдагай кыймылдап чечинип, пальтосун илди да алаканы менен жаагын сүргүлөп кирди. Мен аны «мурда көрдүмбү, жокпу» деген ой менен өңү-башына кунт коё карадым. Кууш маңдай, сейрек, нары жазы каш, анын астынан орун алган бүтүгүй кабак менен жылтыраган

кичинекей эки көз көрүнду алды менен. Эки беттин урунчагы бөйрөктөй тысырайып, өзүнөн саал гана көтөрүлгөн, Булары аз келгенсип, табият ага асты-үстү кыйшып көп жабыла бербеген калдагай эки эрин тартуулаптыр. Сүйлөгөндө «З» тыбышын «Д» тыбышына жакын айтканына карап, тилинин учунда да артык-оош эт бар экенин байкоого болот. Кыскасы, адамдар жактырбай бет-ажарынан алып ыргыткан мүчөлөрдү кайдан-жайдан жыйнаштырып, бети-башына чаптап, пайдаланып жүргөнсүп көрүнду мага. Бирок, табияты назик, сезгир мамилеси сыпаа.

– Сиз бир жакка камындыңыз беле?

– Ооба. Бирок, конок келгенде үй ээси жолго чыкпайт да бизде. Кайдан, кана сүйлөй бер... Эшик аяз, бир-бир чыны ысык чай ичебиз, – мен кухняга кеттим. Бул өңдүү жигитти көргөнүмдү мүлдө эсиме алалбадым. Мындай түрү менен бул жигит бир көргөн кишинин эсинде калышы мүмкүн эле. Кайра келсем столума имерилип, эки колун артына алып, китептерди башын кыйшайта карап туруптур. Адептүү.

Сүйлөшө келе, анын түстүү металлдар институтунун акыркы курсунда окуп жатканын билдим. Өзү Таластан экен.

– Мен да жазайын, деп жүрөм, – деди ал тартынбай эле.

– Мүмкүн, – дедим да адаттагы сөздөрдөн козгодум.– Кийинки кездери жогорку билимдүү адистер катарыбызды көбөйтө баштады. Инженер-жазуучу бул мага эң сүйкүмдүү угулат...

Ал божурайып күлө баштады. Экөөбүз үндөшө кеткенсидик. Чай үстүндө үй-бүлөсү жөнүндө сурадым. Аялы кетип калганын, андан бери үйлөнбөй жүргөнүн айта отурду.

– Ал келиним сенин өңү-башыңды байкабай тийген го, кыязы. – Күлдүм азилдеп. Коногум ачык-айрым, абдан жылуу жигит болуп чыкты.

– Байкап көрүп эле тийген. Кайра ага караганда мен сулуураакмын!

– Жолу болсун, анда экөөң ажырашып кеткениңер жакшы болуптур. Биригип алып түкүмүбүздү таптакыр бузмак экенсиңер. – Дагы күлдүм.

Сейрек жайгашкан жүгөрү тиштер дагы көрүнду. Жигит кысылбай ыраактана күлөт экен. Ал тарсылдап күлгөн сайын менин көңүлүм ачылып жаткансыйт. Ошентип экөөбүз сырдаш дос болуп чыга келдик. Ал жарым сааттай гана отурду. Кетээринде болсо ички чөнтөгүнөн эки бүктөлгөн кагаз чыгарып мага сунду:

– Бул сүйгөн кызыма жазылган кат, – деди ал. – Окуп көрүңүз. Мен дагы бир жолу келем.

– Кызыма дейсиңби?

– Окусаңыз билесиз.

– Сулуу кызбы?

– Анын сулуулугун сурабаңыз, абдан сулуу. –Жигит аз жердей тамшанып ала жаздады.

– Мына кызык, – деп жибергенимди өзүм да билбей калдым. «Көңүл чиркин айга асылат, күнгө жармашат, айла барбы?»

Чотонду ээрчий чыгып автобуска салдым. Бирок, андан ары бир жакка баргым келген жок. Аз болсо да күлүп, тамашалашып отургандыктанбы өзүмдү жеңил сездим. Кайра келдим да анын «чыгармасын» колума алдым. Эң жакшысы, каттын өзүн келтирейин:

## II

«Бул сезимди башыман саал кечигип өткөрүп отурам. Кайсы бир жазуучу кишинин ички дүйнөсүн ааламдын кеңдиги менен салыштырган. Азыр мен буга кошулбаска аргам жок. Өмүрүмдө эмне бар, айталык, адаттагы кубанычтар, кайгылар эбегейсиз кең боштукта калкып, сүзүп жүргөнсүйт. Адамдар өздөрүнүн ааламындагы кең боштукта күтпөгөн нерселерге туш келишет. Жек көрүүгө да, сүйүүгө да аргасыз кабылышат. Мага болсо, сүйүүнүн лаззаты алда-качан кезигип, карама-каршы багытка учканы алиде эсимде. Ал кайталангыстай караан үздү. Анын кайрылуусун күтүүнүн да мага зарылдыгы жок өңдөнөт. Бирок, азыр адамдардын аалам боштугунда кайталануунун боло берээрин өзүм моюндап маңдайымды жерге такай жүгүнүп отурам. Анын бергендерин күндөлүктүү ашымдай аргасыз кабыл алуум керек болду. Муну, албетте, жаманга жорубаймын. Тескерисинче, ал менин кайра гүлдөшүм, кайра ачылышым. Аны мен өмүрүмдүн тартуулаган бактысы деп түшүнөм. Мен, өзүмө тиешелүү ааламымда чагылгандуу жамынчысы менен чолпондун жаркырап сүзүп жүрүүсүн каалайм. Азыр мен бала эмесмин. Дайыма болуп туруучу өкүнүүнүн, кусалыктын, эңсөөнүн ширин минуталарын ар кандай кубанычка алмашпас кезим. Аларды жерүү мага балалык өңдөнөт. Тыптынч мелмилдеген ааламымда биринчи ирет улуу окуя жүз бергенсийт. Бул өзүнчө түбөлүктүү тынчтыкка бет бурган бейкут жерде укмуштай жарылуу пайда болгонун элестетет.

Улуу адамдар деле жоюлуп кетүү мүмкүндүгү көп болгон көзгө илээшпес клеткадан өсүп чыгат дешет. Улуу окуялардын да өзүнө караганда эч нерсеге арзыбаган майда себептери бар. Булар менен мен ыйык сезимдин төрөлүшүнө да кыпындай учкун зарыл экенин айткым келет. Буга кошуп билгенимдин баарын өзүңө кайрадан айтып бербесем болбойт. Сен менин көңүл ааламымда эркин сүрүп жүргөнүң менен, ал дүйнөнүн эмнеден жасалганын биле бербейсиң.

Анын көрксүз каалгасына назик, нары бек кулпу салынган. Бирок, азыр сенсиз ал аалам бөксөлүгүн гана көрсөтмөк.

Тунгуч жылуу сезимге мен троллейбустун аялдамасында кабылдым. Бул капысынан болгонун балким сен унуттуң. Анткени, ошол кезде, ал секундалар сен үчүн анчалык таасирдүү боло албаганын кыймылынан байкаган элем. Мен болсом, аны азыр да көз алдымда дапдаана келтирем. Аны кайра кайталасам, кайрадан ыракатка бөлөнө алам. Аялдамада бизден башка эч ким жок болсо да, сен эмнегедир күлүп, сумкаңды ары-бери чайкай бердиң. Сенин эмне үчүн күлүп жатканың менен менин ишим болгон жок. Бирок, күлүп туруп ары караганыңда жарым-жартылай тоголок жүзүңдү көрүп, бир орунда туруп кала жаздадым. Анда атаандашкан жаштык менен сулуулук жарыша ойноп турду. Кандайдыр бир жылуу кан денеме тарап үлгүргөнүн сездим. Сага жакындай басып жаныңдан өтө бергенимде, эрксизден бир караганым эсимде, ошондо сенин көздөрүңөн башка эч нерсе көрүнгөн жок мага. Укмуштай балбылдап күйгөн кош чыракты жашыл алоо чарпып өткөнсүдү. Андан мээрим менен муң чачырап тургансыйт. Тез ары карап кеттиң да жарым-жартылай тоголок жүзүңдү кайрадан тартууладың. Дагы күлүп турасың. Бирок, менде өз табиятыма жараша, анча-мынча ууларды сиңирип алар кудурет бар болуучу. Ошол пайда боло кетти да, мени тизгиндеп үлгүрдү.

Троллейбус келди. Менин түшпөгөнүмдү көрүп сен да түшкөнүң жок. Сүйкүмдүү кептин экинчисин күтүп алууга сол көкүрөгүмдү камдай баштаганымды сездим. Кийинки келген троллейбуска түшөөрдө, тез басып мени жандап өттүң да, мурдараак түштүң. Бирок, менин жаныма келип турдуң. Орун жок. Бир-бирибизге тийишип тик турдук. Эмне үчүн сүйлөшпөйбүз? Өзүм жакшы билген тилдерден караштырып бир да ылайыктуу сөз табалбай жаттым. Троллейбус чайкалды да экөөбүздү тыкыс турууга мажбурлады. Ар жагыңда кыстаган эч ким жок болсо да, мага ыктай түшкөнүңдү сездим. Мына ошондо эмнегедир ойлоно кеттим, өзүмдү сенден саал алыстаттым. Мага жалт караганыңда билинербилинбес башымды чайкадым. «Бул эмнең? Мен сенин теңиң эмесмин да. Мен бир көрксүз куураймын, сен болсоң ачылып турган кызыл гүлсүң. Мени козгоп, көтөрө алгыс түйшүк артканы турасың. Сага эч нерсе эмес, мага, албетте, кыйын. Мага караба, мага жакындаба, мени тынч кой...» дедим ичимен. Сенин экинчи жолу караган көздөрүңдөн оюмду түшүнгөнүңдү байкадым. Көзүң күйүп турат, күйүп туруп мына буларды айтып жаткансыйт: «Тагдыр ушул. Мен атайын сени шылдыңдайын деп турганым жок. Сенин бардык жагыңды көрүп турам. Бирок, ушундай иштөөмө туура келсе эмне кылайын. Менде деле айып жок...»

Кээде, жай күндөрү, эртең менен болоор-болбос желаргы пайда болот да, бүт эркти бийлей баштайт. Тоонун миң сандаган гүлдөрүнүн жыты келип ээликтирет. Бирден эле наристеге айланып, кишинин

көкүрөгү ченемсиз кубанычка бөлөнөт. Турмуш түйшүктөрү бир саам унутулган ушул минуталар мага эң кымбат сезилет. Бирок, ал көпкө созулчу эмес. Мен троллейбуста кетип бара жатып, ушуларды ойлоп саал түтөгөнүмдү сездим. Эмне болуп кетти азыр? Бул суроого кандай жооп керек экенин билип турсам да аны тышка чыгаруу эмес, ойлонуудан да кызгана баштадым. Кызганганда да дал өзүмөн кызгандым. Ошону менен бирге мени жаман ой басты. Курудан куру алкынганымды ойлодум. Мен күчүмдүн жетишинче көңүл ааламын жалгыз эмдөнүүнү эңсеген кишимин. Ага бирөөнүн кокус кол салып, баса-көктөп кирип келээрин күткөн эмесмин. Эмнени айтып кеттим, бирөө өзүнчө күлгөн экен, анын денеси мага тийип туруптур, ушул да «кол салуубу?» бул эмне деген шумдук кыял? Аял кызыккыдай өң барбы менде! Ойлоно башты чайкаганымда – бул мага ошондой сезилген жөн эле «бирдеме» деп ыйгардым.

Мага пайдасыз, бирок ага амалсыз кабылып калган кээ бир түйшүктөрдү унута албасымды билип турсам да, «унутуп койдум» деп өзүмдү алдай алам. Мен сени унуттум. Алды менен сени, жок, алды менен өзүмдү, анан сени аяйм. Ошон үчүн унутууга туура келет. Мен сенден оолак жүрүшүм керек. Кеп ушул!

Бир күнү ашканадан чыгып келе жатып, эмнегедир жарым жолдо туруп калдым да, өзүмчө эле силер окуган корпустун экинчи кабатындагы терезелерге көз чаптырдым. Жөн кете берсем болмок. «Бечаранын жылмайып карап баратканын!» деген көз караш менен терезеден көрүнө кеттиң. Укмуштуу чындык! Көңүлүм караңгылай түштү. Каргашалуу жерден тез оолактагым келди. Кетип бара жатып кызык, өзүмдүн биротоло өчкөнүмдү сездим. Бул не деген шумдук! Ушунчалык назик экем да! Дүйнөдөн, тиричиликтен заматта тоюп чыга келдим. Мына керек болсо, бүт акыл-эсимди көңүлсүздүк басты. Көкүрөк боштугумда жалаңдаган эки миздүү канжар ойноктоп, тилгилеп жүргөнсүйт. Мен максатсыз эле өзүбүздүн каңгырап бош турган аудиторияга кирип бардым. Он минута мурда эле камынып, мындан чыгып кетпедим беле? Кетейин. Өтө жай басып көчөгө чыктым. Карасам алдымда дагы сен кетип бара жатыпсың. Артыңа карап бурулуп, сумкаңды чайкап жылмайдың. Эки жагымды карасам, тротуарда менден башка эч ким жок. Бул өңдүү сыйкырдуу көрүнүштөрдү өмүрүмдө көргөн эмесмин. Мен сени узак карабадым. Жүрүшүм акырындай түштү. Сенин күтө-күтө басып бара жатканыңды, улам артыңа бурулуп караганыңды сезип келатам. Кээ бир нерсе менин эркимен тыш боло баштаганына таң калдым. Азыр, ички сезимим да, башкасы да ушундай болуп жатпайбы! Адатта, мен көчөнүн башка канаты менен кетичү элем, сен жүрүүчү жол башка болуучу. Туптуура өзүм бурулаар жерге жете бергенимде, эмне

болуп кеткенин түшүнсөм буюрбасын, буттарым саал чалыштай түштү да, сенин артыңан зыпылдай басып жөнөдү. Бут меники эмес, ишенесиңби? Аз жерден машиналардын агымын кесип өтө жаздадым. «Жай басуум керек!» *дедим өзүмө токтоо берип. Сен элге аралашып караан үздүң.* Бирок, дагы алдымда турупсуң. Жолдогу фотовитринаны карамыш болуп турганыңды көзүм чалып калды.

Ага Париждеи, Версальдан фотоэтюддар чапталган. Жакындап келе жаттым. Мына ошондо сенин таасир этүү сфераң өтө чоң экенин билдим. Мен ага үч метр аралыкта кабылдым. Сени менен токтоп сүйлөшүү оюма да келген жок. Магниттик толкундар сферасынан хорда жасап өтүүнү гана ойлодум. Бирок, ал хорда түз сызыктуу болбой шанын айта кетейин. Бүт денем күйүп түз баса албадым, ошондо барып, качып да кутула алгыс торго түшкөнүмдү бирден сездим. Мен аялдамага «түшүп» араң жеттим. Бул өңдүү жалындаган оттун үшүтүүсүн биринчи ирет башыман кечирип отурам. Троллейбустун бурулушка жакындап токтогону кыжырымды келтирди, сенден качып мурдараак кетүүнү ойлогон элем да. Бирок, троллейбус менен кошо сен дагы тез басып келе жаттың. Ошол ортодо сага бир киши кабыла кетти да, бир жерлерди сурап калгансыды. Сен кайсы бир көчөлөрдү жаңсап жооп берип жаттың. Мен троллейбуска шып түштүм да бош орунга отура кеттим. Ичиме толуп кеткен желди үйлөп терең үшкүрүп алдым. Үлгүрө албай калганыңа табам канып, көңүлүмдө кубаныч жылт этти. Бирок, көп өтпөй эле, жүрөгүмдүн жарымы сен жакта калып койгонун тымызын ойлоп кусаландым. Көңүлүңдө эч нерсе жок болсо да мени күтө-күтө басканың, мага сыйкырдуу канат бүтүргөнсүйт. Калкылдап учуп адам билбес көңүл кенчине туш келгенсийм. Бир аздан кийин дүнүйөм түптүгөл тургансып, бир түрдүү жылуу сабыр пайда болду мага. Мындан он минута мурда баскан жаман ой изсиз жоголгонсуду. Мына ошондо, колума чырак алып өзүмдүн рухий дүйнөмдү бир карасам, анда сенден башка эч нерсе жок экенин сездим.

Кийинки күндөрү эмне үчүндүр өзүмдү кайраттанууга мажбурладым. Намыстана баштадым. Бирок, бул мени тереңден калкытып тайгыз жерге шилеп жаткансыйт. Ошондо да сени менен биринчи сүйлөшүүм жөнүндө көз алдыма сансыз варианттар элестей берди.

Бир жолу – деп баштайын кыялым болсо да – күн нурун аябай төгүп турган шашкеде, адаттагыдай эле аялдамада сени менен кезигиштим.

– Саламатсызбы, сулуу, – дедим тийише. Майыша берген эркекти силер жактырып көргөн эмессиңер да.

Жооп иретинде жылмайдың да ээрдиң бүлк этти. Мен күлүп тамашалап кирдим:

– Сиз менен таанышууга болобу? Сизди ыр жазат деп уктум, чынбы?

Сен тигиле карай турганың менен, карегиң бети-башымды бойлоп жүгүрүп жатты. Билинер-билинбес башыңды чайкадың.

– Эмне унчукпайсыз? Сиз мында көптөн бери окуйсузбу?

– Биринчи жылы.

– Да... – дей бергенимде троллейбус келип калды. Түштүк. Бош орунга экөөбүз катар отура кеттик. Мен кайрадан суроолорго көчтүм:

– Кинотеатрларга барып жүрөсүзбү? Эгер... эгер бош убактыңыз болсо, бирге барсак...

Сенден жооп болгон жок. Бул түшүнүктүү. Бирок, эмне ойлоп отурганыңды билүү кыйын. Сен жооп бербеген сайын эрегише түшкөнсүйм.

– Сиз, – дедим мен жайлап гана, – үйүңүздө кишилер менен, маселен, айталык, ата-энеңиз менен сүйлөшчү белеңиз. Эмнеге унчукпайсыз? Бая күнү кыйын сүйлөп жатпадыңыз беле?

Кабагың салкындай түштү.

– Качан? – деп таң кала сурадың. Каректериң дагы секире баштады.

– Бая күнү отуруштачы? Бат эле унутуп каласызбы?

Ушул сөзүмдөн кийин биринчи ирет сенин көзүңөн көңүлсүздүк байкадым. Ал түгүл, саамай чачыңды оңдодуң да, менден качып терезе жакка саал ыктай отурдуң.

Бирок, мындай кезигишүүнүн ортобузда өтүлбөгөнүн билесиң. Мен канчалык кыялдансам да сени жеңил ойлуу кылалбадым. Сен чыныгы турмушта кандай болсоң, кыялымда да ошондой экенсиң.

Сен кезиккен сайын, мурдакыдай эле сырдуу түйүндөр түрмөгүнөн улам бирди көрсөтө бердиң. Алар өтө көп. Аларды мен кадимки жипке тизген бермет шурудай көңүлүмө тизе бердим. Алар көбөйгөн сайын салмагы да ашты. Мени тереңге чөгөрө берди. Буга каршылык кылганым жок. Дагы эмнелер болоорун эңседим. Туура, бир жолу жолу аябаган күч менен каршылык көрсөткөн экенмин. Ошол бактысыздык мени жээкке ыргытышы керек эле, ыргыта алган жок. Тилекке каршы кайра чөгөрө түштү.

Биздин, экөөбүздүн ортобузда өтүлгөн эң майда «кагылышуулар» эмне үчүндүр, ар качан троллейбус аялдамасынан старт алат. Аялдаманын өзү бизди улам-улам баш коштуруп, байкап жаткансыйт. Мен троллейбуска жүгүрүп үлгүрө албай калдым. Сенин артымда келе жатканыңды байкабапмын. Адаттагыдай күлдүң да, башыңды саал кыйшайтып экчеп койдуң. Өзүң мени көздөй басып келе жатасың. «Көрдүңбү тагдырды, ойлобогон жерден кезиктирет кишини!» деген жароокер кебете бар өңүңдө. Мен сени караган бойдон катып калыпмын. Сен таң калсаң керек, күлкүңдү токтотуп, менден бир метр алыс келип туруп калдың.

Мына ошондо, буттарым өзүнөн-өзү кыймылдап, сенин жаныңа алып барды. Экөөбүз тиктеше калдык. Бул жолу өңү-башың толук көрүндү. Жылуу сезим менен таң калуу алпуруша кетти. Анткени сен, адаттагы сулуу аялдардын бир да бирине окшобойсун. Ишенсең, мен өзүмдү ошондо аялдар дүйнөсүнүн эң жаңы жер ачуучусу катары сездим. Айтсак, ымыркай чагыңан ушул кезиңе чейин өстүргөн мээримдүү ата-энең сенин жүзүңө миңдеп үйрүлө карап, өпкөн чыгаар. Бирок, сенин сулуулугуңду менчелик көрө албагандыгына күмөндөнөм. Ушуну ойлоп сага карап жалдырап тура берипмин. Акыры бир дүлөй күч суроо берүүгө мажбурлады:

– Сиз кайдан келгенсиз? – дегеним эсиңде чыгаар. Бул менин сага биринчи үн катуум.

– Грузиядан.

– Грузинка турбайсызбы?

– Осетин.

– Осетин?

Сен саал жабыркап башыңды ийкедиң. Менден башка сөз күткөнүңдү билдим. Бирок, менде жогоркудан башка суроо дээрлик жок болуучу.

– Атыңыз ким?

– Хадизат.

– Хадизат?

Сен дагы башыңды ийкеп жооп бердиң.

Менин бардык дүйнөм ушул беш суроону гана берүүгө уруксат этти да, андан артык сөз айтууга тыйым салды. Сен мунун баарын башкача түшүнүпсүң. Аны кийин билдим. Биздин тунгуч үн катышып, сүйлөшкөнүбүздүн түрү ушул.

Троллейбус жандап келип туруп калды. Мен сага «жүр» дегендей ишарат бердим. Алдымда жеңил кыймылдап кирип кеттиң. Мен белиңе алаканымды коюп ээрчите келдим да, ортодогу бош орунга отургуздум. Ортодо менден башка тике турган эч ким жок, сенин жаныңда кароолдо тургансып туруп калдым. Анда-санда сумкаңды кармалап коём. Бул албетте, сен эмес, өзүмө да жаккан жок. Бирок, иш ушундай болуп жатты. Менин оюмча жүрүш акырындай түшкөнсүдү. Жолдун мынчалык алыс экенин мурда билбепмин. Аялдамалар да эсепсиз. Ар бир аялдамада көпкө туруп калып жаткансыйт. Мен болсом, унчукпастан бодурайып «кароолдо» турам. Бир кезде эңкейип көзүңө бир карап алдым. Көзүң суз, саал муң бар, ойлуусуң. Жеңилдене түштүм. Сенин да ойлогонуң, мага аябай жакты!

– Биринчи аялдамадан бери түшүп калалы, андан ары жөө кетебиз, – дедим мен эңкейип. Сага айтаар сөзүм «көп» өңдөнөт.

башыңды ийкеп макулдугуңду билгиздиң. Сенде эң бир сонун адат бар, өзүң сезбейсиң, Хадизат. Макул деп, унчукпай башыңды ийкегениңде кирпиктериң жабыла түшөт да, токтоолугуң, эстүүлүгүң, бүткүл сулуулугуң бир мезгилде чагылып үлгүрөт. Назарыңды төмөн салып, башыңды алда нече ийкеп жибергениңди кайра-кайра көрө бергим келет.

Андан ары дагы тынч калдык. Биз түшүп калаар аялдама көз алдыма элестегенде, сени менен сүйлөшөөрүм эсиме түшүп, кокус жалын күчөй түшкөнсүдү. Троллейбус да тез жүрө баштады. Аялдамаларга токтогону билинбейт.

Түшүп калалы деген жерге уламдан-улам жакындап, учуп келе жатабыз. Троллейбус учкан бойдон келип мен айткан аялдамага токтоду. «Жүр, түшөлү!» деген эки сөз эсиме мүлдө түшкөн жок. Эмнедир бирдеме айтышым зарыл өңдөнду. Анын эмне экенин өзүм түшүнгөнүм жок. Жок дегенде өзүм анда-санда кармалап келе жаткан сумкаңа жабыша кетип, унчукпай эле «түшөлү» деген ишааратты беришим керек эле да. Аны да жасай албадым. Эрегишкенсип, троллейбус да ошол аялдамада көп туруп калды. Сен мурда кандай отурсаң дал ошондон жазганың жок. Балким, мага жардам берүүнүн зарылдыгы жок деп түшүнсөң керек. Троллейбус козголгондо мен эс ала түштүм. Оор экзаменден оңой кутулгандагы кубаныч пайда болгонун сездим...

Ошондо менин бардык абалымды акылыңа салып ойлоп келе жаткан экенсиң. Троллейбустан түштүң да мага жеткизбестен кете бердиң. Мени кысылтып, андан бетер шайын кетирбейин дедиң. Бирок, мен эмнедир бирдеме айтмакчы болуп артыңан шаша ээрчий басканым эсимде. Бурулуп да караганың жок. Эшик алдында болсо, баш кийимиңди ала коюп, күндүз чачыңды көрсөттүң. Мен сенин майда кыймылдарыңа чейин көз салып, өзүмө пайдалуураак кылып, өзүмчө түшүнөм. Менин алдымда эмне жасасаң да, өзүңө жарашып турганын гана сезем. Мага жеткизбей кеткениң жакшы болду!

Мен эми мурдакыдай өзүмдү сооротпойм. Сени көрүүнү кадимкидей эңсеп, сен жөнүндө ойлончу болдум. Анын эмне экенин айтуу да кыйын. Ошону менен катар, өзүмө эмне экенин айтуу да кыйын.

Ошону менен катар, өзүмө-өзүм ишенбеген жаман сезимдерге да бөлөнө жүрдүм. «Мүмкүн эмес!» деген эки сөз маңдайымда жазылуу тургансып, сенин аны дайыма таң кала окуп жатканыңды элестетчү болдум.

Акыркы бир жолугуу түнкү окуудан келе жатканыңда, жатактын үчүнчү кабатындагы тепкичте карама-каршы өтүштүк. Төмөн түшкөн соң карасам, тепкичтерден секирип-ойноп, артыман түшүп келе жатыпсың. Балким,

мен үчүн келбегендирсиң, ошондо да мен турган жерди бүт өрт каптады. Оттон качып лифтке жармаштым. Сен болсоң биз көтөрүлө бергенде жетип келип, лифттин терезесинен мени издей карап калдың. Алыстап баратып көзүңдөгү жек көрүүнү даана байкадым. Кирпигиңдин ар бир талы кара таякчалар болуп түзгөн тамгалардан: «Сен да кишисиңби!» деген илеп белгиси бар эки сөздү окуп үлгүрдүм. Бул ойлогонуң да туура. Сен эмес өзүмдү-өзүм: «Киши эмессиң!» деп аягына илеп белгисин койгон учурларым көп. Мен сени өз сезимимдин курмандыгына чалып жогору көтөрүлдүм. Сенин нааразылыгыңды козгоону эңсеген элем да. Мунун натыйжасы укмуштай сонун болду. Толук күчүнө келбеген улуу толкун күчүнө келди. Ошол улуу толкундун курманы болгум келген...

Бирок, улуу толкун төмөнкү кездешүүдөн кийин мени биротоло жалмап кетти. Мен көкүрөгүмдү тосууга да үлгүрө албадым. Өз алдымча камынууга тийиш элем. Жаныбыздагы почта... Ошол почта жөнүндө азыр да кыйнала эскерем. Перевод бланкасын толтуруп жатканымда колдорумдун калтыраганын да сенден жашырууга чамам жетпеди. Сен да акча алмакчы экенсиң, мен таптакыр башка көздөрдү көрдүм. Мурдагы өзүм көргөн, кумарланган шам чырак эмес, мени жериген, тажаган, сүйбөс аялдын тике караган жапайы көзү! Ары карап кеттиң дагы. Улуу толкун дал эле ушул учурда, ошол орундан мени жулуп алып жолго түштү. Сенден жардам сурап, жалына бир караганымды билем. Көзүңдүн мурдагы абалына келүүсүн өтүндүм. Бирок, сен ордуңа башка бир кызды коюп, менден алыс кетип калдың...

Мен бир кездери алыстагы деңиздердин жээгинде болгом. Деңиз бороону башталганда кара күрөң коюу суюктук каалгый чайкалып, бир нече метр көтөрүлүп келип дамбаларга өзүн уруучу. Замбирек атылгандай күркүрөп, ак көбүгүн он метр бийиктикке бүркө артына кайрылуучу. Эбегейсиз зор көөлгүгөн суу массиви каардана түшкөнсүп, азыр эле дамбалардын быт-чытын чыгарып жээктекинин баарын жалмап, деңизге ала кирип кетчүдөй үрөй туудуруучу. Бирок, анте алган эмес. Мен ошондой тоскоолдорду катуу эңсеп кеттим. Азыркы мени ороп, бүктөп жолуна түшкөн улуу толкунду чектөө мүмкүн эмес экени түшүнүктүү эле. Бирде тереңине жиберген толкун бирде калкытып ойномок. Мен өзүмдүн бөлмөмө араң жеттим. Бөлмөдө эмес, учу-кыйрына көз жетпеген толкундар дүйнөсү... Бир кезде өтө тездик менен жогору көтөрүлүп бара жатканымды сездим. Тереңдеп атып чыккан толкун мени жепжеңил учуруп бара жатты. Мен алдымды карай албадым. Төмөндө кара күрөң суу жай чайкалып, кулак тундурган үн менен күрүлдөйт. Бийикте болсо, кара туман каптап, күүгүм тарткан асман күңгүрөнгөнсүйт. Көпкөк жылдыздар

астында, кара туманга аралаш, тоодой катмарланган толкундар тизмеги горизонттон мени көздөй учуп келе жатты. Толкун ааламдыкы экенин ошондо байкадым. Бул өз ааламымдагы өзүм көрбөгөн алаамат! Үрөйдү учурган бул тынчсыз караңгылык өлүм деп түшүндүм. Толкун капталында жанталаша кыйкырып жибердим:

– Хадиза-ат...

Ишенсең, менин бул кыйкырыгым узакка созулган укмуштай жаңырык пайда кылып, бүт ааламды чайпалтты. Көпкөк жылдыздар тартипсиз учуп, азан-казан түшүп, кагылышып жатты. Эң акырында сырдуу Марс, күлүңдөгөн Чолпон, макоо Юпитер да күңгүрөнө жаңырганын уктум. Менин куру сүлдөрүм гана калгансыйт. Коркунуч ичинде чабалактап, катуу онтой баштаганымды сездим.

Кроватымда чыны менен онтоп жатыпмын. Жанымда сен жүрөсүң. Колуңда градусник.

– Канча? – дедим мен.

– Кырк үч, – дегениңди кадимкидей уктум.

Андан ары мага дары камдап, ары карап суюктуктары стакандарга куюштуруп жаттың.

Көзүмдү ачып карасам үйдө эч ким жок, өөдө болдум да эки алаканымды эки жаагыма коюп, көпкө отурдум. Ойлоно, сенин жек көрө караган чексиз сүйкүмдүү көздөрүңдү элестеттим. Өзүм жадап-жүдөсөм да бир саат ичинде эле көздөрүңдү кусалана сагынып үлгүрүпмүн. Көргүм келип турду.

Эшиктен чыгып келе жатып саа кезиктим.

– Жүр, Хадизат.

Унчукпай башыңды ийкедиң. Экөөбүз ээрчишип кетип бара жатабыз. Көчөлөрдө ары-бери жүргөн эл жок. Транспорттор да жок. Чындыгында, бирге кетип бара жатканыбыз менен сен да жоксуң жанымда.

– Билесиңби, Хадизат, – дедим мен. – Сени издеп мен бийикке көтөрүлдүм. Ал жердекилер мени шылдыңдашты. «Бийикте, көрдүңбү, жанга баткан суук. Тегерегиңдеги караңгылыкты тез сезесиң. Эр-аялдын лаззаты төмөндө, жерде. Бийиктен аны эч качан табалбайсың!» дешти алар. Мен өзүмдү жерге ыргыттым. Жерден сени мүлдө табалганым жок. Анан, тереңден издей баштадым. Ал жердегилер да шылдың кылышты. «Эр-аялдын лаззаты жердин үстүндө. Мына, көрдүңбү түш тарабынан кысат, тумчуктурат. Баарынан мурда жалгыз калтырат!» дешти алар.

– Анан эмне болду? – дейсиң сен кызыгып.

– Эмне болмок эле сени бийиктен, тереңден издегеним үчүн жердегилер да шылдыңдап күлүштү!

Сен бүгүлө түштүң да кыткылыктап, оозуңду басып көпкө күлдүң. Несин айтайын, Хадизат, сенин ушул күлкүң менин үрөйүмдү андан бетер учуруп жиберди...

Мен сени буга күлбөйт деп ойлогом!

### III

Магазиндерде кезек күтүүчүлөр, сатуучу, кассир дегендер жок. Бар болсо да алар көзүмө көрүнбөйт. Керектүү нерселерди тез алып кайтам. Аудиторияда профессор лекция окуп жатат. Кээде, угам, кээде, өзүн да көрүп калам. Менин жүрүшүм аудитория, ашкана анан өзүмдүн сырдаш бөлмөм болуп өзүнчө бир үч бурчтукту түзөт. Баарында тең, эч ким билбес ыйык казынамды аркалап жүрөм.

Күндөр өтүп жатат, Хадизат. Сен азыр мени карап да койбойсуң. А менден болсо, сенсиз өткөргөн бир да күндү табалбайсың!..

### IV

Катты окуп болгонумдан кийин, Чотонду дагы көрүүнү тымызын эңсегенимди сездим. Көпкө ойлонуп отурдум. Эки кишиде бирдей эки асылдык бар. Бириники тышында, бириники ичинде. Кайсынысы жакшы? Кишилер билгенин айтып жооп берет деңизчи, бирок, турмуш буга кесе жооп берген эмес. Өмүрдүн бир кызыкчылыгы ушунда окшобойбу...

## ЖЫЛУУЛУК ЖАНА ТАКТЫК

Келин баланы жакшы көргөнүмөн, өзүмдүн кыздарыма деген мээримимди ага арнаган учурларым көп. Туугандарымдын үйүндө болсо да, ушундай бир эби кыйышып турган бүлөнүн жашап турушу, эмнегедир боюма жылуу кан чурката берүүчү. Кокус ал үйгө барып калганымда, биздей карттардын алдынан ийменип мындай боло бергенинин өзү көп келиндин колунан келе бербес. Айталык, мен өңдүү карт педагогдор буга кантип ыраазы болбосун!

Асмандан түшкөн периштедей болгон бул келин асиресе чай куюп отурганда, монтоюп, кичине баласын алдына алып, бакыракай көздөрү менен жоош гана карап коюп, табияттын дал өзүндөй эркин, нары сыпаа болуучу. Анын алдында жайнап турган идиш-аяктан бир да бири кагылышып үн чыгарбайт. Келиндин эки колу тынымсыз кыймылдап, төрдө канча киши отурса да, баарына чай куюп үлгүрүүчү. Бир да бир чыны самоор түбүндө кезек күтүп калганын көрбөйсүң.

Ал эми анын дүкөнгө барганы кандай дейсиз! Кызыл сактыяндан тигилген бөйрөктүү, кооз корзинаны колуна кармап дүкөндө жопжоош кезек күтүп турганы өзүнчө бир көрк.

– Тиги байпагыңыздын баасы канча болду экен? – дейт шашпай гана тегерек чоң көздөрүн балбылдатып.

Мындай мүнөз менен дүкөнчүнүн катып койгон нерсесин да чыгарып алууга болот эмеспи. Ким эле болсо ушундай сүйлөй алышы мүмкүн, бирок, ушул бир жөнөкөй сөздү машына келтирип, карай тургандардын мээрин төгө айтуу кыйын да.

Кыскасы, келин бала кыргыздын эң жакшы мүнөз-жоруктарын толук өздөштүрүп, аны аң-сезимине кантип сиңирип алганын ойлоном да ойлоном. Бирок, биз муну да ойлойбуз, ал киши болгон соң жалаң эле көөр менен акактан жасалган кооз буюм эмес да. Бул «жакшы» деген ар кандай кишинин бир же андан көп кемчилиги болот, деген сөз. Келин баланын да бардык жакшы жагын терске чыгара турган начар жагы бардыр, бирок, мен аны көргүм да, уккум да келбейт. Ал жөнүндөгү жакшы таасирлердин ичимде өмүр бою таптаза калып коюусун каалаймын. Ошол себептүү болсо керек, жадакалса, жакын кишилериме да келин бала жөнүндө сөз козгоодон ар качан чочулаймын. Кокус алар: «О-о, анын башка жагын билбейт турбайбызбы!» деп калса, балага деген мээримиме шек түшүп, ичиме сактаган жылуу сезимдер жазгы кардай былбырап, мен үчүн бир көңүлсүздүк болбосун дейм. Ушундай ойлор болоорун өз башыман карыган гана кезимде өткөрүп отурам.

Келиндин күйөөсү биздин иничек. Анын жоош же азоо экенин ажыратуу кыйын. Канткен, менен азыркы жаштар бизден акылдуу эмеспи, анын максатсыз бир да адым аттабасын билемин. Аны мындай койгондо да, өздөрүнүн чарбачылык иштери эсептүү экенин укчумун. Ачыгын айтканда, үй-бүлөлүк кириш-чыгыштар өтө так жүргүзүлөт. Акчаны шатыра-шатман жумшоо жок. Ал түгүл, үйдүн кара жумуштары да кадимкидей убакыттарга бөлүнгөн. Ал эми ошону иштеп жүргөн өзүлөрүнүн эрки кандай болду экен? Рухий дүйнөлөрү кандай тартипке келтирилди болду экен? Жашоону чарбалык жактан уюштуруу колдон келет деңизчи. Бирок, адамдар өз тегерегин бардык жагынан нукура моюн сундуруп алышы кыйын иш да!

Иничек өзүнүн үй турмушу же бир кыйынчылыгы жөнүндө кишилерге наалып айтып жүргөнүн көргөн эмесмин. Бул да бир жакшы касиет дей бериңиз.

Биздин көзүбүзчө экөө бири-бирине кайдигер карагансыйт. Мен болсом, инимдин келин баланы чын жүрөктөн сүйүүсүн каалаймын.

Менин оюмча, тигиндей аялы бар бир жаш, эң бери дегенде; өзүн бактылуу сезип, эртең менен ар качан күлүп ойгонушу гана керек!

Жашыра турганы жок, баарыбыз эле жаш болгонбуз. Көрчүсүн көрүп, өткөрчүсүн өткөргөнбүз. Ал эми азыркы күндө болсо, жаштардын кээ бир жактан андай болбостугун каалайбыз. Өзүбүз турмушка ашырып көрбөгөн «чындыктарды» акыл кылып аларга таңуулайбыз. «Антсең андай болот да, минтсең мындай болот!» дейбиз. Аны өз колубуз менен иштөөдөн көрө ооз-эки айтуу опоңой болгондуктан, баштарыбыз койкоңдоп, сүйлөгөн сайын сөз көркүнө чыга түшөт эмеспи.

Күндөрдүн биринде «өз турмушу жөнүндө ооз ачпаган иним» мени издеп үйгө келип калды.

– Кандай? – деп баратып өзүмдү токтотуп калдым, анткени, анын келишине байланыштуу кандайдыр шекшип, келин бала жөнүндө сурап коё жаздаган болучумун.

– Жакшы.

– Иштериң жакшы болсун, анан өзүң жакшы бол. Калганынан кам санаба, – дедим да ыңгайсызданып, мына бул сөздөр менен инимдин көөнүн башкага бурдум. – Калганы – биз, агайын-тууган, эли-журтуң жакшы да...

Шекшинүү кесепети экөөбүзгө таасирин бирдей тийгизип турганы ачык эле.

– Жакшы, – деди иним саал кылмышкер түргө келип. – Сиз менен жалгыз он минута сүйлөшүп алсам дедим эле...

– Макул. Бирок, мени күтпөгөн түйшүккө салуудан оолак болгун.

– Жок, сиз үчүн түйшүк болбос деп ойлойм.

– Анда жакшы. Айта бер...

Иним мага муңайым карады да, күлдү. «Жүрөгү жумшак куу чал бирдемени сезип жатат» деп ойлосо керек.

Экөөбүз ээрчишип бакка чыктык да, өрүк түбүнө коюлган узун орундукка отурдук. «Иш келин бала жөнүндө болбосо экен!» деп тынчсызданганым шончо, эгер ал жөнүндө начар ойлор айтылса, ордуман туруп баса бермекмин. Иним жерден бир чөптү жулуп алды да тегеретип карагылай баштады. Кыязы, анын мага айтуучу сөздөрүн чөп кургур бир жерине жашырып алган өңдөнөт.

– Ошентип, мени менен он минута сүйлөшөм дедиңби?

Иним чөбүн таштап, башка жактарга карап анан кайра дагы бир чөп жулуп алды. Азырынча чөптү таштоо зарыл эмес өңдөндү.

– М-м, сүйлө...

– Чынын айтсам, байке, бир аз тартынып турам.

– Мынча келген соң, тартынууң кандай, сүйлө.

Иним түзөлүп отурду да, колундагы чөбүн биротоло таштап айтууга камынды:

– Аба, улуу сөздө уят жок. Келин балаңызга күмөндөнүп жүрөм. Ортодо бир суукчулук пайда болуп калбасын деп...

Түшүнүктүү да! Мен анын ары жагын уккум келген жок.

– Андай сөздү кой, – деп жибердим. – Сенден аны күтпөйм. Күмөн деген күмөн! Кантип ошол бала жаман жолго түшсүн?! Эмне айтсаң да менин таптакыр ишенгим келбейт. Айтканыңды уккум да келбейт.

Мен ордуман турмакчы болдум.

– *Жок, аба мен аны абдан...*

– Кой, көлөкөм, ал жөнүндө абдан ойлон. Анан дагы сүйлөшөөрбүз...

Иним кайра ооз ачкан жок. Бирок, жер карап бүгүлө түштү да өтө ыңгайсыз абалда калганын сездирип койду. Эгер мен кетип калбасам, ал ошол өрүк түбүн түбөлүккө мекендеп калуучу түрү бар.

Балага боорум ооруп, бутумду айкаштыра кайра жайланып отурдум да, ошондой жорук жөнүндө түшүндүрө баштадым.

– Мындай ишти, иним, ойлоп келсең, тарыхый тамырлары көп. Эгер келин бала чыны менен ошол жолго түшкөн десек, биздин айылда ал жалгыз эмес, албетте. Илгерки заманда сүйүүнү, махабат дегендерди малга сатып алуучу. «Чал акең, албайт, мал акең алат!» деген ылакап бекер чыккан дейсиңби? Адамдарда сүйүү сезими өлгүчө болот. Беш көкүл кыздарды өзү сүйбөгөн кишиге кармата берүү натыйжасында андай катыштын кымбаты да аз болуучу. Ал эми азыркы кезде иш мүлдө башка.

Сөз ушуга токтогондо иним бир аз сергий түштү.

– Башка болгон себеби, – дедим, – азыр бир үйдө жашоо үчүн бирбирин өздөрү табышат. Табышкан бул экөө эмес, жалпы кишилер менен кишилер сыйлашып, ынак жашоо мүмкүндүгүнө чулганат. Чындыгында мындай махабатка үчүнчү киши кабылып биреөнүн ынак жашоосун өз кызыкчылыгы үчүн бузса, албетте, бул бери айтканда наадандык! Ошон үчүн, бери кара, ал жөнүндө абдан ойлонуп бир чечимге келиш керек.

Иним ордунан козголду да мындай деди:

– Мен аны кызганбайм, аба, биз, алиде узак бирге жашайбыз. Ошол узак *жолдо экөөбүздүн тең бири-бирибизди алдабаган, бири-бирибизге* ишенген жүрөк менен болуубузду гана каалаймын.

– *Бул ар бир ак адил эркектин тилеги.*

Иним улутунуп алды.

– Мен сизден акыл сурап келдим. Эмне кылышым керек? Мына бул катты окуңузчу...

Ал ички чөнтөгүнөн кичине кагазды чыгарып мага сунду. Анысын алгым келген жок.

– Анын мага кереги жок, – дедим. – Алтын табиятта көбүнчө керексиз кошмолору менен кездешет. Анысына карап алтынды эч ким жерибейт. Кайра аарчып, тазалап, чыныгы алтынды жаркыратат. Мына бул – кишилик милдет!

Айласыздан кайпактап айткан сөзүм балага кандай таасир бергенин билбейм. Бул жолу ал майышып туруп сүйлөдү:

– Же, алтынды тазалоо жолун билбейм, же алтындын керексиз кошмосун көрбөй туралбайм. Мен сизди бир жол көрсөтөөр деп келдим эле...

Баланын абалы оор.

Эми тобокелге бел байлабасам болбоду. Иш баары бир жакын арада «жарылууга» тийиш өңдөнөт. Баланы мындай жаңдоо менен жолго салуу «жарылууну» тездетип же күчөтүп жибериши мүмкүн.

– Келе, берчи, – деп жаңкы каргашалуу кагазды алып жатканымда колдорум калтырап, бүткөн боюм дүркүрөп бара жатты. Андан көрө кара чаар жыланды кармоо мага оңой болмок!

«Эмки дем алыш күнү саат үчтө кетем. Эгер келе алсаң, саат бирде кел. Келе албасаң, кош!»

Кагаздагы жазуунун бар болгону мына ушулар гана.

– Мунуңду ким жазган? – Жийиркене сүйлөгөнүмдү өзүм да сезип калдым.

– Ошол, анын кишиси жазган. Мага тааныш кол...

– Бул иттин кагазын кайдан таап алдың? – дагы ыңгайсыз үнүм катуу чыгып кетти.

– Очоктон... плитанын ичинен, – бечара иним кылмышкер болуп, тантып кете жаздады.

Кимге, эмнеге ачуум келип жатканын өзүм да билбейм, ордуман турдум да бирден алкынып кеттим. Жүрөк ооруум козголуп, катуу демиге баштадым.

– Сен ушундайча... тырмак көбөөсүнөн кир издеп, каранээт...

Бала бүкчүйө түштү.

– Сен эбак тытылган кагазды... арам ой менен ирептеп, мына буга чаптап, канча кишинин тынчын алмаксың, ыя? Билесиңби, бул деген эмне?

Жүрөгүм катуу согуп чыдабай бара жаттым. Дагы жаңкы жексурун кагаз бар жерде тура берсем, абалым оор болуучу түрү бар. Үйдү көздөй темтеңдедим...

Үйгө жетээрим менен эски досум – «сердечная капляга» жабыштым. Ал менин жан күйөөрүм. Өмүрдө каржалып оорусам ал мени аяп, жүрөгүмө тынчтык берет.

Түн бою жакшы уктай албай, өзүмдү тынчытуу менен болдум. Эртеси күн жадырап чыгып, кыйла көтөрүлүп калганда ойгондум. Бечара кемпирим күтүп убараланууда.

– Бирдеме айтып көчөдөгү шумпай ачууландырды окшойт, – дейт ал күбүрөп.

– Жок, анда айып жок, бүгүн күнгө эмне?

– Жекшемби.

– Жекшемби дейсиңби?

– И.

– Саатты карачы, канча?

– Он.

Али эрте экен. Кечээгү каргашалуу каттын болучусу бүгүн болууга тийиш. Ордуман туруп жатканымда да, чай үстүндө да оюм ошолордо болду. Иним бир жаман жорук чыгарбаса болду. Анан... таптатынакай эки жаштын үйү сөзсүз бузулат. Кээ бир аялдын сөзү менен айтканда: «Эркек деген, бирдемени мурду сезсе болду, куру бекер эле кожоңдой берет!» эмеспи. Бул эмне деген жорук! Турмуш куруп, экөөлөп бул даражага оңойлук менен жетти беле алар. Эгер бала күмөндөнүп өзү туудурган окуя болсо же булардын ынтымагын бузмак болгон бирөө жасаган окуя болсо, анда балага кошулуп акмак болгонумду жайгаштыра алар идиш табылар бекен менден? Ар ким өз жолунда ашкере жүрүүгө гана тийиш.

Тушта илинүү турган асма саат он бирди согуп токтогондо, башымды көтөрүп, эшикке чыкмак болдум. Кемпирим таягымды камдап, колтугуман сөөй баштады.

– Тим кой, – дедим ага, – азыр абдан айыгып калдым. Башка иштериңди кыла бер. Мен көчөгө чыгып, кайра келем...

– Көчөдө эмне бар, жатсаңчы эс алып.

– Келе тиги дарыны.

«Эски достон» бир доза ичип, өзүмдү чыңдап алганымдан кийин, кечөкү инимдин үйүн көздөй жүрүп отурдум.

Саат он бир жарымдарда алардын үйүнө жеттим, эптеп. Үй ичи мурдакыдай, кечөөгү окуянын кыпындай да шеги билинбейт. Иним ордунан тура калып зор изаат менен тосуп алды. Келин бала өз адаты боюнча ийменип мындай боло берди. Ал мурдагыдай эле сүйкүмдүү, периштедей таза көрүндү көзүмө. Аны кантип гана жаман жолго кыяйын!

– Оорум кармаганда азыраак сейилдеп бассам пайдалуу өңдөнүп жүрөт, кийинки күндөрдө... – дедим мен.

– Кары кишиге ары-бери басуу эзелтен эле пайдалуу да, – деди иним мага жооп иретинде. Анан ал келин балага эскертти: – Самоор кой, түш да болуп калса керек, бүгүн күн дем алыш да...

Келин балам монтоюп, унчукпастан самоорду алып, муңайым гана эшиктен чыгып кетти. Эч нерсе капарында жок. Иним кичине баласын алдына алып ойнотуп отурду.

Ушундай учур мага жакпайт. Бир үйдө отурган – азыркы биздин тышыбыз башка, ичибиз да башка. Кандайдыр бир күч баарыбызды моюн сундуруп, аңдышканыбызды тышкы жактан байкап билдирбей турат.

Келин бала эшиктен бир айланып кирип, буфет жакта бирдеме кылып жатканда иним атайын мындай деди:

– Токон да саат он эки жарымда догдурга барам деп жатты эле, түндө бейтабыраак жатты...

Менин жүрөгүм «зырп» дей түштү. Эгер чын болсо, келин бала ишти түндөтөн бери баштаган экен...

– Дем алыш күнү карайт бекен?–дедим мен.

Иним унчукпай келин балага жалт карады. Бечара баланын көзү жашылданып, бир эки кыбыктап да жиберди.

Келин бала кебелбестен, буфетти карап, бирдеме иштеп жатып акырын гана:

– Тааныш акушерка, Клава... – деп сөзүн аяктабай жым болду, өңүнөн эч нерсе байкалбайт.

Иним мен жакка карабайт, баласын эркелетимиш болот. Бирок, анын ичин бирдеме жалмап баратканы анык!

Келин бала чайын бат эле дайындап үлгүрдү. Кыймылы кандайдыр мурдакыдан жандуу. Чай ичип отурганда иним уясына жакындаган торгойдой чырылдай баштады:

– Клава үйүндө болсо, –деди ал, – саат үчтө деле барасың. Аңгыча менин да жумуштарым бар...

– А экөөң тең, баруучу жериңерге бара бербейсиңерби, балаңарды көтөрүп алып. Үйгө кулпу салгыла да, – деп койдум. Келин дароо баласына көз таштады.

– Муну үйдө калтырат, – деди иним баласын көрсөтүп.

– Түшүнүктүү, – деп жибергенимди өзүм да сезбей калдым. Бирок, бул түшүнүк өзүмдүкү эле.

– Клава бая күнү саат бирде кел деген,.– деди келин назик үн менен.

– Ал эч кайда кетпейт. Саат үч-төрттөрдө барарсың, же баланы ала кет.

Келин бала көзүнүн агын көбүрөөк чыгарып күйөөсүн бир карап алды. Унчуккан жок. Түшүнүп турам. Мен али бала бойдон турбаймынбы! Болгондо да наристе...

Ушундай абалда чай ичилип болгондо келин бала камына баштады. Баягы кызыл сактыян корзинаны ички үйдө оозун ачып кайра жапты. Бул кезде саат он эки жарымдан ашып калган эле.

– Жок дегенде баланы эмизип кет, – деди иним, – азыр эле ыйлай баштайт мунуң...

– Карды ток эле, – деди келин ички үйдөн башын чыгарып, таарынчы аралаш кыңыр карап.

– Мынча эмне шаштың? Сөзсүз саат бирде барыш керек бекен? – деп жиберди иним, ичине толуп кеткен ачуусун, ачууга аралаш буруксуп ачыган кызгануусун араң басып. Бирок, бул желге учуп кеткенсиди.

Келин бала плащын кийип, жоолугун татынакай байланып корзинасын көтөрүп, ички үйдөн шам чырактай жанып чыга келгенде бир сүйкүмдүү жыт мурдубузга жетип үлгүрдү. Мен ооруман коркуп, сактанып, жүрөгүмдү зор күч менен басып отурдум.

Ушул учурда инимдин колундагы наристе да кыңылдай баштады.

– Ме, эмизип кетчи кичине...

Келин эч кандай тартынбай эле эриндерин кымырып, күйөөсү менен суук түрүн чыгара бир нече секунда тиктеше калды да, бирден эле эшикти көздөй умтулду. Бирок, каргаша болуп, ал эшикти ачаары менен кошуна кемпир Чүрчө сүзө кирип калды.

– Токон айланайын, бир жакка баратасыңбы, жаңкы ийигимди...

– Ай-ий, деги – деп жиберди келин бала бети-башын чүрүштүрүп. – Келгенде алыңызчы! – Ал эшикти шарт жапты да верандада кетип бара жаткан «тыкылдаган» үндү гана угузду бизге.

Делдейип калган кемпир кыйладан кийин бизге карады. Иним чырылдаган баласын сооротумуш болот, баш көтөрүп мени карай алычу түрү жок. А мен болсом, бул бир тактыгы бар жылуулугу жок үйдө шашканыман алаканым менен сол көкүрөгүмдү сыйпалай берипмин! Бул кеминде он беш күн жатып калуума жетерлик себеп экенин билдим. Бар болгону кыжырым келип иниме кыйкырдым:

– Мени түйшүккө салбайм дебедиң беле! Бирөөнүн сүйүүсү эмес, сен өз сүйүүңдү чектей аласыңбы? О, эси жок акмак...

## ПРОМЕТЕЙ ЖАНА ЗЕВС

Прометей менен уулу кудай Зевстин чатагы жөнүндө, бул күнгө чейин ар кыл сүрөттөлгөн жомоктор тараган. Алардын кайсынысы чындыкка жакынраак? *Мына бул татаал ой жүгүртүүнү талап кылган суроо.* Ал эми, чындыгында, дүйнөнүн башка бурчтарына да көз жүгүртө келгенде, иштин жай мааниси төмөнкүдөй эле го, деген ойго келем.

# I

Деңизге малына кирип токтогон кызыл асканын капталында, тегерегине бадалдар жыш өскөн зор үңкүр турат. Адамдар бул үңкүрдү жакында гана таштап чыгышты. Анын төмөн жагында, катмарланган кумдак жээкке туташкан жашылдык, апай төш аянтча түзүп барып кызыл асканын этегинен уланат. Аянтчанын бир жагы чексиз кеткен түнт токой. Этекте чөп менен жабылган алачыктар, бүчүрдөн каланып жасалган алгачкы баш пааналар каз катар тизилип, деңизге каратылган эшиктери жанынан түтүндөрү чубалжыйт. Үйлөрдөн алысыраак жайгашкан устаканаларда көөрүктөр кушулдөп, чоюн эритилүүдө. Дымык ысыкта, боргулдана тердеген булчуңдуу кишилер, чыңкылдаган төш темирлер жанында сокого тиш, кемеге мык согууда. Мында тез-тез тентек жел пайда болот да, эшик, терезелерден түшкөн күн нурун уюлгутуп, нымшыган чекелерге уруна ыракат тартуулайт...

Кызыл асканын үстүндө кочкул кызыл жалпак таштар өтө көп. Алар күнгө чагылышып жалтырайт. Бир колунда көзөөчү, бир колунда балкасы бар Опометей жалпак таштарга сүрөт тартуу менен алек. Ал алгачкы адамдардын тиричилигине кызыгат. Күнгө күйүп жылтыраган далысын аптапка кактап, таманын күйдүрүп таштын үстүндө жүргөнү жүргөн. Кызыл асканын сол жак колтугунда кумурскадай үймөлөктөшүп жылаңач адамдар кыйкырып, өкүрүп кеме курууда. Шакылдата чабылган балта үндөрү, устун жыгачтарынын аарчылышы Опометейге дапдаана угулуп турду. Кең далылуу, чуйра сакал акылман, кеме куруучуларды аралап жүрөт. Адам баласына акыл берген – устаз Прометей алыстан таанымал. Ал Опометейге ташка сүрөт тартууну, элде болгон улуу окуяларды ташка чегип калтырууну үйрөткөн.

Тоо жактан сыбызгы үнүн тынымсыз созолонот. Сыбызгычылар жаңыдан колго үйрөтүлгөн уйлар менен эчкилердин бадасын багуучулар. Буларга да сыбызгы менен чоорду Прометей үйрөткөн. Опометей ойлоно отуруп акылман устазынан көз жазып калды. Бирок, ал башка калтарыста адамдарга зарыл нерсени үйрөтүп жүргөнүнө ишенет. Эртең мененки күндүн чыгаары кандай чындык болсо, анын ою да өзүнө ошондой чындык.

Опометей кеме куруучулардан тажап, кыялдана асканын оң, жагына көз чаптырды. Кенен кесири жаткан өзүнчө өрөөн. Андагы тилке-тилке аңыздар деңиз жээгинен тоо этегине чейин созулуп жатат. Аңтарылган бороздор жашыл түзөңдө карарып көрүнөт. Алгачкы дыйкандар кош өгүзгө чегилген чоюн тиштүү буурусундарын жерге кадап, жай кыбырагансыйт. Алар жагымдуу обондорун созуп, толкундана ырдашат...

Сүрөтчү, табият боёкторунун кыйылышуусуна соңуркап, алыска назар таштады. Көз учунда көгүлтүр асман кара көк деңиз менен түз сызык аркылуу туташып жатат. Оор деңиз күн табында тынчтык каалап мүлгүгөнсүйт. Андан көтөрүлгөн майда жел, жээкти көздөй кулун жал толкундар тизмегин жөнөтүүдө. Ал эми, таман алдында каалгыган токой, сары жээк, кызыл аска.

Опометей өзүн курчаган кооздук менен адамдардын кызуу тиричилигине шүйшүнө карады. Шашке мезгилге чейин ал таш бетине чегип өгүздүн сүрөтүн түшүрдү. Эртең мененден тартып оозуна наар албастан эмгектене баштаган. Азыр да ач-тогуна карар эмес. Анын көңүлүнө тымызын кубаныч берген бир гана нерсе, өзүнүн устазынын изин басып, башкаларды кубантуу, башкалардын керегине жароо.

Төмөндө, жээкте кубанычтуу ызы-чуу көтөрүлдү. Кеме деңизге түшүрүлүп жатты. Опометей ордунан сергек турду да жээкти көздөй чуркай жөнөдү. Эми ага алыстан кызыгуу анчалык таасирдүү эмес эле.

Катар тизилген шыргыйлар үстүнөн тайгалана умтулган зор кеме, сууну жара сүзүп кирди. Аппак шурулар жан жакка чачылды. Көп өтпөй эле кеме теңселе чайкалып, теңдигин сактап, деңиз бетинде калкып турду. Жээктеги кубанган эл колдорун булгалап, кыйкырып жатышты. Анан, алар кайыкка отурушуп кемеге келишти, түркүктөргө кенептер керилип, аркандар тартылды. Мына ошондо кокус чыга калган баш ылдый жел менен кеме деңиздин ичкерисин көздөй сызып жөнөдү. Кубанычтуу добуштар кызыл асканы көпкө жаңыртып турду.

Кечинде жээкке кеме куруучулар, дыйкандар, жыгач камдоочулар, усталар, азык-түлүк жумушчулары жыйналды. Жамаат биринчи кеменин сууга түшүрүлүшүнө байланыштуу оюн-шоок өткөрмөк. Кеме болсо, жоон аркан менен жээктеги мамыга бекем байланган ал деңизде жай гана чайкалат. Караган кишиге кубаныч берип, анын көз алдында турганы кандай жакшы!

Батып бара жаткан күндүн кызылы асман көгүн мала кызыл өңгө боёп, деңизге акактын саргыч күрөң түсүн берген. Жер, көктү кызыл алоо каптап жаткансыйт. Адамдар саал салкын тарта баштаган кумдак жээкке отуруп алышып, табияттын кооздугунан тымызын баарман болууда. Кимдир бирөө жээкке от жагып жиберди. Көк жашыл алоо теңселип, бой көрсөтөөр замат добулдар какталып, отту тегерене кол кармашкан адамдар тизмеги пайда болду. Бир аздан кийин эле сыбызгы менен чоор үнүн коштогон добул дүмпүлдөп коё берди. Адамдар тизмеги эңкее калышып, баштарын чайкап, көнүмүш адат менен кубаныч, жыргал бийине көчүштү.

Опометей бийге катышкан жок. Ал жанынан кызыктоону, ары кетсе арман этүүнү, элестетүүнү жакшы көрөт. Сүлкүлдөшүп чын жүрөктөн бийлеп жүргөндөрдү карап отуруу кандай сонун. Сүрөтчү кыялдана эргип устазын дагы эсине алды. «Табияттын сыймыгы!–деп күбүрөдү ал. Прометей бир кезде мына бул наристедей ак көңүл адамдарды ушундай деп атаган. Алиде эсимде, анын себебин да түшүндүргөн: анткени, табияттын бирден-бир улуу табылгасы. – Адам! Жер жүзүнүн өзүнүн адамдары менен сыймыктанууга тийиш.

Добул үнү узакка созулду. Адамдар от тегерегинде көпкө бийлешти. Бири, чарчаса, экинчиси, ордун басат, бий уланат. Алар күндүз кечке иштегендерин унутушкансыйт. Бул кезде, асманда жылдыздар жайнап, түн караңгылыгы коюулана түшкөн. Тоо ылдый сого баштаган муздак жел адамдар тобун ичиркенте аралап, деңиз каймагын тескери сыдырып жатты...

## II

Дүйнөнүн кооз тоолорунун бири Олимпте жалаң гаухар таш менен алтындан салынган Зевстин кең сарайында, Прометейдин окуусу жөнүндө кудайлардын эң жогорку кеңеши жүрүп жатты. Улуу кудай Зевс сүйлөөр алдында мүрөк суусу куюлган алтын чөйчөктү эрдине такай берип, Афродитага көз таштады. Гүлдөй жайнап отурган сулуунун өңүндө жел балдарынын алы жетпес сыйкырдуу күч жашырынып тургансыды. Афродита сүйүүнүн дем берүүчүсү, колдоочуусу, сулуулуктун кудайы. Зевс мүрөктөн бир ууртады да, чөйчөгүн көтөрө чебер зергер Гефестти көздөй басты.

– Биз жер балдары – адамдарга белек берүүбүз керек. Ал белек... Гефесттин колунан келээрине ишенип турам. –Зевс Афродитадан көзүн албай туруп Гефесттин кулагына эңкейди. – Мына, бул татынакай кудайды карачы. Ооба, – деди да башын көтөрүп беркилерге карады. –Мына ушундай бир бийкечти белек кылсак болгону. Ошол жетип ашат... – Зевстин көзүнөн куулук-шумдуктун калкыма жышааны ойноп өткөнсүдү. Өзү саал күлүмсүрөп, отургандарга шашпай тегерете карайт.

Отургандардын көбү буга түшүнгөн жок.

Зевстин ар бир сөзүнөн, кылык-жоругунан өөн табууга кумар согуш кудайы Арес суроо берди:

– Жер балдарына сулуу кыз тартуулоонун эмне зарылдыгы бар? Сулуу болбосо да өздөрүнүн аялдары бар эмеспи...

Зевс жооп бериш үчүн Ареске жакындады. Бирок, атайын көпчүлүккө угуза сүйлөдү:

– Балам, – деди ал салмактап. – Ачыгын айтсам, жер балдарынан ар нерсени күтүүгө болот. Өткөн тарыхый тажрыйбалар бизге көп нерсени үйрөттү. Жер тукуму алптардын бизге каршы көтөрүлүп кан төгөрүн

алдын-ала билген эмеспиз. Ошондо, мынабу ар бириң минип отурган алтын тактардан ажырап кала жаздаганбыз. Андан кийин Тифон дегени чыгып – бу дагы жер баласы – үрөйүбүздү учуруп, көпчүлүктү жер которуп Мисирге качууга мажбурлады. Аны да акыры жеңдик. Ал эми, азыркы кезде пайда болгон адам балдары биз билгендин баарын билишет. Кечөө эле... ым-м, үңкүрдө жашаган немелер, бүгүн мрамордон заңгыраган сарай салышты. Ал түгүл, кемелер куруп, деңиздерде сүзө баштады. Бизге – кудайларга сыйынууну коюшту, бизге арнап курмандык да чалышпайт. Мына ушунун баары Прометейдин окуусу. Мунун аягы барып эмнеге такалаарын билесиңерби? Ым-м, ошон үчүн аларга жөнөкөй гана «белек» берүүбүз керек...

Сарайда тынчтык. Ар ким эле ушул татаал ишти түшүнбөгөнүнө карабастан кылдат ойлоп отургансыйт.

– Биз белекке берген бийкеч адамдар арасында эмне кылышы керек, бул мага түшүнүксүз, – деди Арес. Билимсиз устаздын колунда тарбияланган жаш кудай, атасынын оюна түшүнбөгөнүн ачык айтты.

– Биз белекке берген кызды себи менен беребиз. – Зевс эки миздүү сөздүн обонуна салып сүйлөдү. – Андан ары болсо, мына ушул жерден карап отурабыз. Эмне болуп жатканын көзүбүз менен көрөбүз...

Арес эмнегедир күмөндөнө, ууртун чык эттирди да, үнсүз төмөн карай, башын чайкады.

Баары бир Зевс өз билгенин кылаарын башка кудайлар тымызын сезишет. «Мындайда тынч отура берүү керек, керек болсо кубатта, кудайды кубаттагандан зыян тартпайсың». Зевс ойлуу ары-бери басып турду. Сарайда дагы тынчтык.

Даанышмандар кудайы – акылман кыз Афина Прометейдин акыл-эсин Зевстен кем көрүүчү эмес. Ушул жөнүндө анын бирдеме айткысы келип турду. Адатта аны Зевс баарынан артык көрүүчү. Афина мына ушул чай курулбаган жагынан «кирип баруунү» каалады:

– Прометей даанышман Титан, ата!–деди ал Зевске саал башын ийкеп. Өңүндө «сүйлөөгө туура келип турат» деген кебете бар. – «Даанышманга каршы чыгуу, акмакчылык менен аякталсын!» деген жобону ааламга тараткам. Бул катаал тагдырдан сиз менен биз да качып кутула албайбыз! Зевс «Муну кара!» дегенсип, куулана күлүмсүрөп, башын экчеп койду.

– «Даанышман» дейт тура, ошол «даанышманыңдын» бир бүлүк чыгарбасына кепил боло аласыңбы?

– Мен Прометейдин акылына ишенем, – деди Афина тайманбай. – Ага ишенет экенмин, анда анын кепилдигин да алам...

– Мына, мына, – Зевс эки колун жайып кежигесин тартты. Жүзүндө күлкү жышааны бар. – Көрдүңөрбү, Прометейдин окуусу биздин сарайга

да жугуптур... – Анан ал Афинага саал кабагын чытый жакындады да, сүйлөгөн сайын башын кылжыңдатып, мына буларды айтты: – Сен ишенген акыл менен сен ишенбей турган акмакчылыктын ачык чек арасын мен билбей турам, кызым. Өз кесибиңдеги акмакчылык кийин акылдуулукка айланып, акылдуулук да өзүн акмакчылыкка алмаштырып турса. Бул дүйнөң ошондой жаралган экен! биз эмне айла кылабыз. Менимче жетет эми, – Зевс кабагын чытып, боюн түздөдү. Талкуу мындан ары дагы улана берсе, отургандарда шек пайда болоорун ал ачык түшүнүп турду. Зевс көпчүлүккө тегерете карады да мына буларды атайын эскертти: – Анын үстүнө, сөз Прометейдин акыл-эси жөнүндө болуп жаткан жок. Сөз биз менен адамдар ортосундагы мамиле жөнүндө болуп отурат. Адамдарда бизге, ошондой эле бизде адамдарга кандайдыр бир муктаждык пайда болуп, кайра чечилип турганы жакшы. Адамдардын ишине биз кийлигишпесек, алардын ал-жайын билип турбасак, анда бизди андан бетер көзгө илбей кетиши мумкүн. Менимче, адамдарга белек берүү мына ушуларды камсыз кылуусу керек.

Ушул сөздөн кийин залда дүлөй тынчтык дагы узакка өкүм сүрдү. Бул өзүнчө макулдуктун, Зевстин оюна кошулгандыктын укмуштай белгиси өңдөнүп турду.

Зевс акыры кеңештин аякталганын жарыялады. Афина менен Арес кошоктоло үнсүз чыгып бара жатты. Адаттагыдай Аполлон кифарасын чертип, Музалар ырдап, перилер бий бийлеп, кудайлардын көңүлүн ачышпады. Андан болгондон кийин ишке тез киришүү зарыл экени билинип турду.

Колунан көөр төгүлгөн зергер кудай Гефес тапшырма боюнча аз убакыт ичинде эле, аял тулкусун жасап үлгүрдү. Зевстин буйругу менен ага жан салынды.

Колдон жасалган аял алды менен Афродитага келтирилди. Афродита ага татынакай нары сүйкүмдүү өң берди. Анан көпкө карай турду да бийкечтин көзүнө адамдарды эриксиз багындырган куштарлыктын сыйкырынан мөлт тамызып койду. Афродита аны алыстан, жакындан карай дагы эмнедир бирдеме жетпей жатканын билди.

– Бери кара, – деди Афродита бийкечке. –Жылмайчы, жо-жо-ок, анчалык эмес саал гана... Башыңды да, сүйкүм менен, и, мына ушундай карай турган бол!

Саал мыйыгынан жылмайган, татынакай бийкеч Афинага келди.

– Жый, оозунду! – деди Афина өңүн суутуп. – Маа аныңдын кереги жок. Андан көрө мына буларды билип ал...

Афина ага сайма саюу, кийим тигүү, үй күтүү, тамак жасоо өнөрүн үйрөттү.

Акырында чабарман кудай Герместин колуна барганда сыр сактоону, жароокерленүүнү, анан дагы ынандырууну, макулдатуу өнөрлөрүн жетик үйрөндү. Кудайлар «бир кызга мынчалык өнөр жетерлик», деп эсептешти. Алтындан кийиндирип, гүлгө ороп туруп ага Пандора деген ат коюшту. Пандора өзүн тегеректеген кудайларга саал башын ийип, мыйыгынан күлө, жал-жал карап турду. Бийкечти сулуулук менен сүйкүм көргөн адамдын баарын өзүнө тарта алаарын кудайлар түшүндү. Мындай кайырмак менен Прометейдин өзүн кармоого боло турганын айтышып күлүштү. Акырында Зевс оозу бекитилген бир кумараны Панодорага карматты:

– Бул себиң, адамдарга зарыл нерсе. Көрөсүңөр, – ал кудайларга куулана карап бырс күлдү. – Кийинчерээк адамдар мунсуз жашай албас болот. Эми баргыла, бара бергиле.

## III

Пандораны Гермес узата келди. Ал Прометейдин эшигинин алдына бийкечти койду да, кудайлар белек кылган кызды адамдардын кабыл алуусун өтүндү.

Прометей чыкты да жай басып Пандоранын алдына келди. Бийкеч эрине күлүмсүрөп, татынакай эриндерин козгоп койду. Анын сыйкырдуу көздөрүн Прометей узак карап турган жок. Келишимдүү тулку боюна, колундагы кумурага көз чаптырды да унчукпастан артына бурулуп, кайра кирип кетти. Пандоранын нээтин ал бирден түшүндү. Кудайлардын бул татынакай «белегин» адамдардын кабыл албаганы дурус деген ойго келди. Залалы тийбес деген күндө да, адамдардын арасында талаш туулушу мүмкүн. Эгер өтө алса, кырсыктан жандап өткөнгө не жетсин. Прометей үйгө кирген соң бир тууган иниси Эпиметейге мындай деди:

– Сен чыккын да, адамдар белекти кабыл албай турганын Гермеске айткын.

– Ал кандай белек экен? – деди Эпиметей камаарабастан. Прометей: «Чыкканда көрөсүң!» деген ишаарат менен колун шилтеди. Эпиметей жаратылышынан түнт, анан анча-мынча татаал нерселерге ой жүгүртө алуучу эмес. Ал эшикке жакындай бергенде:

– Артык сүйлөбө, уктуңбу! – деди Прометей табыштап.

Эпиметей башын ийкеп, укканын билдирди. Бирок, ал эшикке чыгаары менен сулуу Пандораны көрдү да жыгылып кала жаздады. Ал Прометейдин сөзүн айтмак түгүл, үн жок, сөз жок алкынып турду да калды. Кыраанын Гермес жигиттин абалына түшүндү. Ал Прометейдин кабыл алгысы келбегенин билген.

– Белекти, балким, саа калтырармын, – деди Гермес Эпиметейге жакындап, анан Пандорага көзүн кысты. – карачы, жер балдарында мындай ургаачы али жок. Болуптур, саа калтырайын. Кана, кыймылда, и, бийкечти колдон ал да каалаган жагыңа жетелеп кете бер...

«Кыз ынанбай жүрбөсүн!» деген ой менен Эпиметей (чекеси нымшып) Пандораны зорго батынып карады. Бийкеч мыйыгын козгоп, башын саал ийкеп койду. «Мен баарына даярмын!» деген кебете бар өңүндө. Эпиметей терин аарчыш үчүн чекесин таппай жаткансып, колун кежигесине, ээгине, жаагына жүгүртүп жатты. Акыры, кудай жалгап чекесин тапты да терин алаканы менен аарчый Пандорага жакындады. Бийкеч болсо, кумураны сол жамбашына ала коюп, ичке белин андан бетер ийрейтип, жигиттен көз айырбай күлүмсүрөп турду. Эпиметей титиреп дем ала, колун бир булгады да алдыга түшүп жүрүп берди. Анысы «ээрчи, мени» дегени.

Күлүк Гермес иштин ойдокудай аткарылганына көзү жеткен соң Олимп тоосун көздөй желип жөнөдү. «Пандоранын, уучунан чыгып көрсүн эми!» Ичинен күлдү ал.

Мына ушундайча Эпиметей менен Пандора кандан капарсыз үч күн, үч түн төшөктө жатышты. Төртүнчү күнү эртең менен Прометей келип эшигин какты. Жылаңач жаткан Пандора сулуу денесин жуурканга жашырды. Эпиметей болсо, жаш сулууга эркелей оозун араандай ачып, эстеп алган соң «Көп жатып калган турбайбызбы!» деп кериле ордунан турду.

Прометей эшиктен баш багып караган инисин билектен алды да, үйдүн артына имерилди:

– Сен эмне кылганыңды билесиңби? Пандорага эмне үчүн үйлөндүң? Дагы жаңылыштык кетирбейм десең, себине ала келген кумураны ачтырба. Анда, кандайдыр, адамдар үчүн зыяндуу нерсе бар өңдөнөт!

Башын төмөн салып, угуп турган Эпиметей макулдугун билдирди. Бирок, ал агасынын сөздөрүнө жете түшүнгөн жок. «Сулуу аялга үйлөнүп, көңүл кошуу кандай жаңылыштык болмок» деп ойлоду жигит.

Анын ойлуу кирип келгенинен сезиктенген Пандора асыла кучактап, Прометей менен эмне жөнүндө сүйлөшкөнүн такып сурай баштады. Акыры «тез жооп бербейсиң» деп таарынып, толгонуп ары карап кетти.

– Жаным, – Эпиметей сол колу менен чыканактап, Пандоранын оң ийнине көкүрөгүн койду. – Ал сени менен баш кошконумду жактырбайт. Анан, анан тиги кумураны ачтырба деди. Анда эмне бар эле, а?

Башка жакты ойсуз тиктеп, Эпиметейдин ар биз сөзүн кунт коё угуп жаткан бийкеч жууркаңды серпип таштап, ордунан тура калды. Эркектин коңурсуган тер жыты менен күчтүү булчуңдардын кымыра кучактоосу кумураны унуттуруп койгон эле. Азыр болсо, зор жаңылыштык кетире жаздаганын эсине алып, кумурага жетип барды:

– Бери кел, – деди Пандора Эпиметейди ымдап чакырып.

– Мында эч нерсе жок экенин өз көзүң менен көр. Мынакей...

Ал кумуранын тыгынын ачып жиберди. Бир карамакка эч нерсе жок өңдүү көрүнгөнү менен андан жалындын илеби өңдүү бирдеме мунарыктап чыгып, абага сиңип жатты. Абага таралган бул мунарыктан соко кармаган дыйкандар, кеме куруп жаткан чеберлер, малчылар, кала берсе таш бетине тамга түшүрүп, жазуу чийүүнү жүргүзүп жаткан Опометей да дем алып жатты. Ошол эле замат адамдарда ич тарлык, күмөн, көрө албастык, жек көрүү, кара ниеттик өңдүү жаңы касиеттер пайда болду. Бул өзгөрүү кыска мөөнөт ичинде болуп өттү. Бирок, анын табигыйлыгы шончо, адамдар өздөрүнүн мүнөздөрүндөгү өзгөрүүлөрүн мүлдө сезишкен жок.

Пандора кумуранын оозун ачкан соң, эшикке чыгып бет тааныш адамдардын тиричилигин көргүсү келди. Жакшылап кийинди. Ал кантсе да кудайлардын салтанаттуу, таза турмушун көрдү да. Эпиметей аялынын ар бир кыймылын бакылап карап отурду.

– Эшикке чыгам. – Пандора күйөөсүнө жылмая карады. Бул күлүмсүрөө канчалык сүйкүмдүү болгон менен Эпиметейдин ичин бирдеме күйдүрүп бара жатты.

– Эмне бар эшикте?

Пандора кыткылыктап келип, Эпиметейдин мойнуна асылды.

– Катаал мүнөздү кайдан үйрөндүң, жаным! Баертең эле кебездей жумшак эмес белең?

– Башкаларга караба?

– Ах, мына керек болсо. Кызгануу пайда болгон тура күйөөмдө! Эч кимге көз салбайм сенден башка!

– Бат кел...

Пандора жагымдуу күлкүсү менен алаксыта эшиктен чыгып кетти. Ал жай басып эң алгачкы адамдар кыштагын көпкө аралады. Көзүнө көзү түшкөндөргө башын саал ийип, жылмая саламдашат. Эркектердин алыс – жакындан суктана карап турганын, анан дагы артынан кызыга карап калганын сезген сайын боюна жылуу кан тарап, ток пейил тарта түшөт. Чындыгында, колуна эң кызыктуу оюнчук кармап балдарды аралап жүргөн киши өңдөнду Пандора.

## IV

Зевс заңгыраган сарайдын чоң терезесинен кыбыраган адамдардын кыймылын бакылап турду. Адамдардагы керт башын ойлобогон калыс эмгек басаңдаганын сезди ал. Деңизге түшүрүлүүгө тийиш болгон экинчи кеме кечигип жатты. Жер айдоого дыйкандар кеч келип, эрте кайта баштады. Адамдар арасында эрегиш пайда болду. Зевстин ою ордунан

чыкты. Ушул жеңиши жөнүндө ал аялына туюнткусу келди да Гераны чакыртты. Кудурети күчтүү бул кудайдын өңүнөн куулук-шумдук аралаш тымызын кубаныч байкалат. Гера сарайга жай кирип келе жатты. Үстүндө асман көгүн элестеткен сансыз касабалуу көгүлтүр көйнөк, башында жалтыраган алтын таажы. Ал ушундай кийинүү аркылуу өзүнө караштуу күн менен көктү түшүндүрүүгө тийиш. Зевс, текебер ханыша асман кудайын утурлай басып сыпаа гана колтуктап алды да терезеге келди:

– Адамдарда кызык өмүр башталды, – деди ал. – Кыскасын айтканда, ар ким өзү жөнүндө гана ойлоно баштады...

– А Прометей эмне ойлойт? – деди Гера.

«Эмне ойлосо ошону ойлосун!» дегенсип Зевс колун шилтеп койду.

– Бара-бара адамдар бирин-бири сыйлоону коюшат. Ал түгүл, Прометейди да сыйлабас болот. Мына ошондо-о, Зевс ойлоно ары басып кетти да алысыраак барып артына кайрылды.– Ошондо Прометей мага жалынып кайрылбай койбойт, түшүнөсүңбү? Андан башка жол жок!

Гера терезенин жука ак пардасын, бриллиант көздүү алтын шакектери шыгыраган манжалары менен ары түрттү да, деңизге сүзө кирип турган кызыл аскага көз чаптырды. Анда эрбеңдеген эки адам улам жанаша калып, кайра ажырап жатты.

– Тэ-этиги эки жандык эмне? – Гера Зевске бурулду.

– Ал мушташып жаткан эки адам. Бири сүрөтчү Опометей, бири биздин күйөө жигит Эпиметей. Ортодоку талашы – «сен акмаксың, мен акылдуумун, сенде жок, менде бар» деген өңдүү бирдемелер...

Гера сүйкүмдүү кара көзүн бакырайта ачып, таң кала карап турду.

– Бечара макулуктар, – деп жиберди үрөйлөнгөн Гера.– Эмне деген наадандык, майда-чүйдө! – Ал кулак угуп көз көрбөгөн укмуштарга чыдабай сарайдан чыгып кеткиси келди. Бирок, кирип келе жаткан Гермести көрүп туруп калды. Гермес Зевске кайрылды:

– Прометей сизге арнап курмандык чалып келди. Эшикте турат.

Зевс Герага жалт бир карады. Көзүнөн «Айтпадымбы!» деген учкун жылт этти. Анан, ишенээр-ишенбесин билбей таң калып турган ханшага бырс күлдү да:

– Ым, мында алып келе берсин, – деди манчыркай түшүп Гермеске.

Күнгө далылары күйүп жылтыраган, жалбырактан белдемчи байланышкан жылаңач төрт адам эки замбилди көтөрүп келип Зевстин алдына койду. Аларды ээрчий кирген Прометей, Зевстин алдында кылчалык да шашкалактаган жок. Мында ары иштеле турган иштердин баары ага табигый, нары көнүмүш өңдөнөт. Анын өңүнө «жер балдарын жакшылыкка баштайм» деген эмгегинин эш болгону же жеңиштин бийигинде турганы мүлдө сезилбейт. Акылдуу, салкын көз караш, ишенимдүү кыймыл сарай

ичиндегилерди өзүнө тартып турду. Прометей алды менен замбилдин жабууларын ачып таштады:

– Менин адамдарым мындан ары сизге арнап курмандык чалып турат, – ал Зевске башын ийип.– Экөөнүн бирин тандаңыз. Курмандык тандаганыңыз боюнча түбөлүккө кетет.

Зевс имериле басып эки замбилди кунт коё карады. Экөө тең бир өгүздүн эти өңдөнөт. Бири кара кесек, сулп, дагы бири болсо, чылк май. «Мурда эле ушундай иштөөсү керек эле, – деп ойлоп жатты ал. – Ым, кайсынысын алсак? Курмандыкка арык мал чалбас болсун үчүн мына бу майлуу этти көрсөтүүм керек!»

Зевс тандаганын көрсөттү.

– Тандаганыңыз сөөк! – деди Прометей.

– Эмне дейт?! – Зевс каардана кыйкырып жиберди. Анан замбилге учуп жетип, алтын асасы менен майды серпип калды. Бир кабат жука май шалп этип ыргыды. Замбилден шагыраган сөөк көрүндү.

– Маскара! – Чыңырып жиберген Гера эшикке умтулду. Зевс терезе жакка бурулуп кетти. Өңүндөгү каарды эч кимге көрсөткүсү келген жок. Ал терезе жакка буулуга карап, суудан алып ыргыткан балыктай алкына дем алып жатканы билинип турду. Артынан караганда чеке тамырлары жарылып кетээрдей бүлөөлөнгөн. Бул албетте, Зевстин башка кудайлар алдында жана адамдар алдында өлүмгө барабар жаңылыштык кетиргени эле.

Геранын күмөнү туура чыкты. Прометей өчүн алды. Бирок, тагдыр ошол экен, акмак болгон кудай алдында башын ийип өкүм күтүп турушуна туура келди анын.

Узак тынчтыктан кийин Зевс артына шарт бурулуп, алтын асасын жогору көтөрдү. Бул анын сарайда жалгыз калгысы келгени. Башкалардын баарысы буттарынын учу менен чыгып кетишти. Зевс күнү кечке бүк түшүп жатты, сарайдан карыш жылган жок.

Эртеси анын буйругу менен Прометей адам барбас аскага таңылды. Адам этин жегич бүркүт күн сайын учуп келет да капталын тешип, боорунан чокуп жейт. Колу, буту мыкта таңылган Прометей онтоп, тиштерин кычыратып, куштун тырмагы менен тумшугуна зорго чыдайт. Анын үзүлүп онтоосуна тоо-таш гана күңгүрөнө жооп катат.

## V

Прометейдин тагдыры жөнүндөгү жаман кабар адамдар арасына тез тарады.

Ташка тикирее кароодон жана күйүнүп ыйлоодон көзү кызарган Опометей кызыл аскадан түшүп келе жатты. Ал бир нече күндөн бери эсинен тана иштеген ишин бүгүн түш ооганда зорго аяктады. Кызыл аскадагы

жалпагынан жаткан жалама таштардын бирине Зевстин зор сүрөтүн коркунучтуу кылып чегип чыкты. Анын алдында Прометей башын ийип, алып келген курмандыктарын көрсөтүп турат. Булардын үстү жагында болсо, Прометейди көздөй тырмагын жазып, шукшурулуп келе жаткан жырткыч куш! Куштун кыйгач сол жагында нуру чачырап, жаркырай тийип турган күндүн сүрөтү. Куш Зевс жакка, күн Прометей жакка тартылган. Прометей оң, колун бооруна алып ойлуу турат, анын өңүнөн салмактуулук, терең акылдуулук байкалат. Күндөн туш тарапка нурлар чачырап, жөнөкөй тартылганына карабастан андан мээрим төгүлүп тургансыйт;

«Бул укмуштуу адилетсиздикти укумдан тукумга калтырдым, – деп күбүрөдү келе жаткан Опометей. Ал абдан чарчаган. – Кара ниеттик, ырайымсыздык дегендер эми гана түшүнүктүү. Зевстин көзүнө кара ниеттикти, куштун көзүнө ырайымсыздыкты бердим...»

Ал этекке түшө бергенде чыңырган үн угулду:

«Зевс келатат!»

Күн күркүрөп, чагылган чартылдап, заматтын ортосунда алайым-талайым болду да калды. Эл туш келди качты, токойго жашырынды...

Бир кезде, Эпиметей токойду аралап чуркап келе жатып, жалпак ташка бирдемкелерди сызып жаткан Опометейди көрүп калды. Сүрөтчү асманды карап коёт да ташка чийин түшүрөт. Эпиметей да асманды карады. Булуттар арасынан бирде көрүнө калып, бирде жоголгон ак куулар тизмегине чегилген алтын арабада таажысын жаркылдатып, Зевс түшүп келе жатыптыр. Зевс камчысын шилтегенде чагылган чагылып, кулак тундурган күркүрөө пайда болот. Бир убакта жакын жерден чарт этe түштү да жоон карагай ортон белинен үзүлүп, сүрөтчүнүн үстүн көздөй түшүп келе жатты. Эпиметей Опометейге учуп жетти да ийинден апчый кармап артка ыргытты. Жыгылган карагай, тартылып жаткан сүрөттү басып калды...

Опометей эмне болуп кеткенин жаңы түшүндү. Ал Эпиметейди жеңил сүйрөй кайра келди да жыгылган карагайды ары түртүп сүрөт тартуусун улады. Ал чарчоону мүлдө унуткан.

Алтын жип менен кошоктолгон жыйырма төрт ак куу арабаны токой жээгиндеги көк жашыл аянтчага сүйрөп түштү да моюндарын созуп, жай гана канаттарын тарай баштады. Арабадан Зевс ыңгайсыздана көтөрүлдү. Эки жакта эч ким жок. Адам бар деп келген жери ээн талаа, эрме чөл өңдүү! «Кандайча, – ойлоно кетти Зевс. – Эл ушул эле жерде да... Түшүндүрүшүм керек эле!» Үйлөрүн, үңкүрлөрүн, айдоо аянттарын, устаканаларын таштап адамдар бир жакка зым-зыя жоголгонсуйт. Зевс арабасынан түшүп, ары-бери көпкө басып турду. Бир кезде кулагына

токой арасынан тыкылдаган үн угулду. Зевс бир аз бүйдала түштү да, үн чыккан жакты көздөй жөнөдү.

Чарт үзүлгөн карагайдын ары жагында эки адам шымаланып таш чегип жатат. Бири көзөөч курчутат, боргулдана тердеген дагы бири болсо, таш бетине быдыр түшүрүүдө. Зевстин келип карап турганын алар мүлдө сезген жок. Ташка эмнедир бирдемелердин сөлөкөтү тартылган. Булуттар, чагылгандар, ак куулар... Анан, анан түрү суук, каардуу жандык! Колунда булгалаган кылыч. Ал эми жерде болсо, тартаңдап туш-тушка качкан арык немелер. Түшүнүктүү! Өз сүрөтүн караган сайын Зевстин кордукка арнаган чыдамы түгөнүп бара жатты. «Эмне кылсам, тукумун мүлдө курутсамбы булардын!» деген ойго келди ал. Чындыгында «жасайм» десе жасап коёрун ал билип да турду. Бир уламышта, Зевс жер жүзүн Топон сууга ошондо каптаткан имиш!

Эч нерседен кабарсыз Эпиметей сөз баштады:

– Бул сүрөтүңдү Зевс көрсө... сазайыңды колмо-кол берет да!

Опометей бырс күлдү:

– Зевсти ар бир адам мына ушундай элестетет. А мен аны ташка чегип койдум...

– Зевс мындай түрү суук акмак эмес, – деди Эпиметей, жыйган-терген акылын ишке салып.– Акмак болсо, бүткүл ааламдын кудайы болмок беле?

Опометей ташын чеге отуруп шашпай жооп берди:

– Зевстин акмак эмес экендиги чын. Бирок, ал акмак болбосо, Прометейди жазалайбы? Элдин эстүү, акылдуу болгону пайдалуу эмеспи. Прометей элди акыл-эске үндөдү... – Ал балка кармаган алаканына түкүрүп, Эпиметейге «Мына ушундай дүйнөңүз!» дегенсип башын чулгуп койду. Ал сүрөтүнүн жакшы чыкканына ичинен кубанып жатты, кудайдын өзү жашыруун аңдып турганы менен иши болгон жок.

Зевс өзү жөнүндөгү сөздөрдү жийиркене укту. Адамдар арасына мына ушундай жагымсыз ушак тараган экен да. Бир аз күн мурда эле, бул экөө мушташып жатпады беле, бүгүн мен келгенде бириге калганын көр. Ал таш чеккендерди өз жайына калтырып, көтөрө алгыс ыза-кордук менен сенделе басып, арабасына келе жатты.

Токойго жашырынып, шыкаалап турган дыйкан жанындагысына үн катты:

– Карачы, басуудан да эринет. Кандай бактылуу жандар. Эмне каалаcа ошону иштейт, түшкөнү алтын араба...

– Айта көрбө, деди жанындакысы.

Ыкшалып, чайкалып Зевс арабасына араң отурду. Ак куулар таранып бүтүп учууга дайын турган.

– Ликаонго! – деди ал ак кууларга зорго үн чыгарып. Анын жер балдарынан бирден-бир үмүт артканы ошол эрөөн эле. Андагылар өзү жөнүндө кандай ойдо экенин билүүнү катуу эңседи. Бирок, ликаондуктар Зевсти өлтүрө маскаралоо үчүн кишинин этинен жасалган даамдарды даярдап, бака-шака күтүнүп жатканын окуучуларга айта кетүүбүз керек.

Жанга жайлуу алтын арабаны ак куулар шаан-шөкөт менен кызыл асканын үстүнөн теңселте алып учуп бара жатты. Зевс эмнегедир эңкейип төмөн карады.

Андагы Опометей чеккен сүрөттөр, албетте, ага дапдаана көрүнүп турду дей бериңиз...

## ГЕФЕСТ

– Алып бергилечи бери – Гера төрөттөн кийинки кан сөлү аз сүйкүмдүү өңүн суута сүйлөдү. Көрөйүн да баланы...

Ал наристесин көз жүгүртө болсо да бир карап алууну эңсеп жатты. Бирок, алтын чылапчынга салып, жууп-чайкап, жыпар жыттуу май менен майлап жүргөн Артемида, баланы энесине бирден эле көрсөтө койгон жок. Эмне үчүндүр алар унчукпастан, өздөрүнчө көпкө күйпөлөктөштү.

Ушул бала боюна бүткөндөн бери Гера ширин кыялдарга бөлөнүп, жарык дүйнөгө наристенин жарк этип батыраак пайда болуусун такатсыз күткөн. Анын үстүнө, башка аялдардан төрөлгөн Зевстин татынакай балдарын көргөн сайын, Геранын күйбөгөн жери күл болуучу. Күнүлүк деген – аял баласы качып кутула алгыс күнөө эмеспи. Эгер Гера Зевстен төрөп калуучу болсо, бала сулуулук жана акыл-эс жагынан Олимптеги жаш кудайлардын баарын жолдо калтырууга тийиш. Ханышада жаткан жашыруун үмүт-тилек мына ушундай. Андай болбойт экен, мында «бала төрөдү» деген атка конуунун кереги жок.

Мына эми, кезеги жетип текебер Ханышанын тилеги орундалды, баласын төрөдү. Бирок, ошол нурлуу Олимптин болочоктогу сыймыгын өз энесине көрсөтпөй жатышат.

– Ирида! – деди Гера кызматкер кызына үнүн саал катаал чыгарып, – Эмне мынча күйпөлөктөйсүңөр. Бери бергилечи...

Төрөт кудайы Артемида, кол башындай кызыл эт наристени алаканына салып, Геранын жанына келди. Анын айласыз кыймылдап жатканы билинип турду. Чыканактап тура калган Гера, балага көз жүгүртүп өттү да, өңүн өзгөртүп сала берди. Ал бүчүлөрү чечилген көкүрөгүн үрөйлөнө кайрадан топчулай баштаганын өзү да сезген жок. Наристенин кызыл күрөң курсагынан ичегиси чааралакей тартып, кыймылдап

көрүнүп тургансыды. Чийдей ичке колу-буту таң каларлык ийри-муйру түшүрүп, чалкасынан түшкөн коңузду элестетип, дайны жок тыбырайт. Көгөргөн эриндер кайыштай чоюлуп, жеп-иче турган нерсе издегенсип жан-жагын жалмалайт. Анда каш дегенчелик каш да жок. Кыскасы, мына бул чыңалып-кызарган, сары түк тышына тепкен кичинекей бырыштуу бетте кудуреттүү Зевстин да, ашкан сулуу Геранын да кыпындай белгиси көрүнбөйт. Кабыргалары саналып, киндиги чорбоюп, кыйк-кыйк эткен кандайдыр бир жаман үн да чыгарып жатты бала...

Геранын кaары келди. Ал табияттын шылдыңы алдына эч качан муюп көргөн эмес. Наристени колуна алды да, тирүү бала эмес куурчакты ала салдырып карап жатты. Анан колун чүпүрөккө аарчый баштады. Гера болсо, кумсаргандан-кумсарып ары карап, төшөгүнө жата кетти. Жоон сан үстүнө түрүлгөн жамынчыны да жогору тартпады ал. Алды менен ары карап жаткан Геранын тууралжын соорусу, жүктөн бошоп боксолонгон ичке бели андан жогору солкулдап жаткан жука, нары кең далысы корунду аларга. Гера күйүтүнө чыдабай ыйлап жаткан эле.

* * *

Деңиздин пири Фетида Гефесттин татынакай буюмдарын улам бирден алып карап, таң калып жатты. Майда үлүлдөрдөн, маржан-шурулардан бир-бирине кынап жасалган ар кыл билерик, шакек, сөйкө ал түгүл, падышалардын таажысы, аса таяктары устакананын бир капшытын бүт ээлептир. Анда илинүү турган моюнга тагылуучу акак, берметтерчи! Мына береки кызыл маржандын тизмегин алыңыз, анын ар бир даанасы биринен-бири ажырагыстай окшош жонулган. Укмуштуу чебердин бул чыгармасы тагынган кишиге өмүр бою кубаныч тартуулагмак. Олимптеги аял кудайлардын бир да биринин боюнан мындай жасалга табылаар бекен?

Салмактуу Фетида билинер-билинбес башын чайкап, Гефесттин өнөрүнө суктанат. Мындан жыйырма жыл мурда асмандан деңизге келип чулп эткен, көк карын наристеден мынчалык сыйкырдуу улуу адам чыгат деп ким ойлогон?

Устакананын экинчи капшытындагы айнек кутуларда алтын балык сүзүп жүрөт. Бирок, ал чыныгы балык эмес. Ичине тетик орнотуп, тышын алтындаган балык сөлөкөтү гана. Төмөндө, тактада болсо, темирден жасалган кичинекей жылаңач кишилер кадимкидей кыймылдап, өз-ара мушташып жатышты. Ал эми, устакананы кайтарып, анда-санда чыңкылдап үрүп, күнү-түнү сакчылыкта турган жез кандекти көргөндө Фетида аргасыздан күлүп жиберди. Ал жакындаганда кандек башын көтөрүп, кулагын тикирейтип, үрүп тура калган эле...

Гефесттин көөр төгүлгөн колунан чыккан согуш куралдары – жаа жебелери менен, кездик кылычтар кыны менен, калкан жана туулгалар чындыгын айтканда, Зевстин өзүндө да жок. Устаканага эртең менен кирген Фетида түш ооганда гана укмуштар дүйнөсүнө суктануусун аяктады.

– Кичине чагында, кооз үлүлдөрдөн кыя өтпөс элең, – деди Фетида Гефесттин дүйүм-түркүн өнөрүнө кайыл болгондон кийин. – Мына эми, сенин акыл-эсиңде кооздуктун жыйынтыгы жаткансыйт. Анын күчү менен кооз нерсени андан бетер кооздоо кудуретине ээ болупсуң. Бул албетте, өзүңдүн улуу касиетиң. Азыр мени да... сыймыкка бөлөшүң үчүн, менин тарбиямa да ыраазы экениңди уккум келет.

Гефест устаканада, өзүнүн тарбиячысынын алдында чексиз урмат менен башын ийди:

– Сизге ыраазымын. Сиз менин бирден-бир тарбиячымсыз, бирден-бир энемсиз!

– Гефест, – деди Фетида үнү калтырап. – Мен сенин тууган энең эмесмин. Ошон үчүн сага бирден-бир эне боло албайм. Сенин энең–Гера, атаң – Зевс. Алар... тиги-и, күнөстүү Олимпте жашашат, дүйнөнүн тагдырын чечишет. Сен төрөлгөндө...

– Аны айткансыз, – деп жиберди Гефест тынчсызданып.

– Ошол бир кайгылуу окуяны кайра-кайра уккум келбейт. Ансыз да эсимен күнү-түнү чыкпас болду!

Фетида толкундануусун зорго басып, жигиттин көзүнө ойлуу карап турду. Бирөөгө эч качан жамандык ойлобогон, эстүү көздөн таарынуунун, өч алуунун алиде жетилбеген алсыз белгилери жылтылдайт. Бул майда учкундардын, чындыгында эмне натыйжа берери белгисиз өңдөнөт. Бирок, кимдир бирөө «Герадан өч алам» десе, ага тоскоол болуу колунан келбесин да толук түшүнүп турду ал. Акыры, аёо сезими бийлик курган үн менен мына буларды күбүрөдү Фетида:

– Өзүң бил, эмне иштесең да! Бирок, аларда каар барын унута көрбө, уулум...

* * *

Дарбазага эки дөө келди деген кабар жеткизилди Герага. Дөөлөр түшүнүксүз бирдеме ала келген имиш.

– Бизди эчтеме билбейт, – деди кудайлардын тилинде начар сүйлөгөн дөөлөрдүн бири, андан ары алыскы Лемнос аралын жандап. – Биздин кожоюн муну Ханышага жиберди. Силер алсаңар биз кетебиз, – дегенди кошту.

Белек күтүлбөгөн жерден келгенине карабастан, аны жөн гана авез үчүн кабыл алаарын жарыялады Ханыша. Дөөлөр болсо, ыраазчылык билдирип, жүгүнүштү да кайтып кетишти.

Белек сарайдын ортосуна келтирилди. Кыздар да, Гера да анын эмне экенин билүүгө ынтызарланып турушту. Кынап менен оролгон кенеп сыйрылаары менен сарай ичинде көз уялткан жарык пайда болду. Пери кыздар бир добуштан онтоп, жеңдери менен көздөрүн калкалашты. Алар эмес, Геранын өзү да бул ажайып нерсеге колун серепчилеп кароого мажбур болду. Ортодо кооз орундук жаркырап турду.

Орундук деңиз түбүндөгү асыл таштардан жана анда жашаган жаныбарлардын эң кооз кабырчыктарынан кыйылып жасалган. Кырлары алтындалып, аны жээктей сансыз бермет тизмеги чөгөрүлгөн. Киши отурар жери майда кызыл маржандар менен ачакейленген, нары жайлуу, жары жумшак. Ал эми, сөөнгүчүнө күлгүн шоола чачуусу асыл таштардан тизип, мындай сөздөр жазылган:

*Бул орундук чексиз көк асмандын жана күндүн*
*Кудайы Герага арналып жасалды!*

Жазууну окуганда Геранын жүрөгү билинер-билинбес булкуп өттү. Чындыгында, мындай орундук жердеги падышаларда да, асмандагы кудайларда да болгон эмес. Жарык дүйнөдөгү бирден-бир кооз орундук өзүнө гана арналып жасалганы, аны ченемсиз толкутуп турду. Текебер ханыша саал гана жылмайып, орундукту тегерене көпкө карады. Отуруудан мурда көздүн курчун мыктап кандырууну ойлогонсуйт. Бирок, бул укмуш, өзүнөн чыккан баласынын колунан жаралганын ал сезген жок.

Гера орундукка отурууга ыңгайланды. Ал эңиле түшүп орундуктун отурар жерин бир карап алган соң, ичке белин толгой тез бурулду да, кыздарга саал жылмая карап отура кетти. Кыздар алыстан кароо үчүн аркына чегинип, бир жерде топтоло калышты. Анан, баштарын кыйшайтып кызыга караушты. Гера чалкалай жылмайды.

Бирок, чыгаан эки жакшы биригип бирин-бири толуктаган учур аз. Алар адамдардын суктануларын калыстап тепетең бөлүп алышмак эмес. Тескерисинче, табигый түрдө аны талашууга умтулушмак. Мындайда, көбүнчө күтүлбөгөн окуялар жүз берет. Геранын сандары булкулдөй түштү да, мыкын жагынан кытыгысын келтирип бирдеме соймоңдоп өткөнсүдү. Ханыша бул шойкомдуу орундуктан тез тура калгысы келди, бирок обдулду да отуруп калды. Ал козголгус болуп чырмалганын сезе койду. Кыздар тегеректешти. Геранын да, кыздардын да аракеттери текке кетти. Сарайга башка кудайлар да келишти. Алар сыйкырдуу орундук жана ханышанын кыйын тагдыры жөнүндө сүйлөшүштү. Бирок, бир да бирөө орундуктун жашыруун тетигин таап, Гераны бошото алган жок.

Зевс аялынын мүшкүл абалын, шумдуктуу орундуктун чырмоосуң түшүндү да салкын сүйлөдү:

– Тээ, төмөндө, Лемнос аралында Гефест деген чебер жашайт, – деди Зевс. Анын үнүнөн саал наарazылык байкалат. –Ал Геранын...ым, өз баласы. Менин уулум! Ошону алдыргыла...

Эми Герага баары түшүнүктүү. Ал алды менен кумсара түштү да заматта кайрадан кан ойноп чыккан жүзүн төмөн каратты. Кудайлар бул кабарга эмне айтаарын билишпей аңырышты.

Гермес жолго чыкты. Ал Лемнос аралына, Гефесттин устаканасына көздү ачып-жумганча жетип, улуу кудайдын буйругун жарыялады. Гефест дал ошол учурда өзүнүн сыйкырдуу көөрүгүн оңдоп жаткан. Ал Герместин сөздөрүнө этибар берген жок. Ал түгүл, чабарманга карап да койгон жок. Гермес үнүн басым чыгарып, буйрукту кайталады. Мына ошондо төкөр уста жантаңдай басып Гермеске жакындады:

– Кайдагы бир катын капканга түшкөн экен деп, алыс сапарга барар алым жок. Көрүп турасыңбы, кол бошобойт... – Гефест колун чүпүрөккө аарчый, дөөлөргө көөрүк басууга ишаарат берди. Балкасын алды да төш темирге согуп койду.

Чеберге Зевстин буйругу таасир этпесин Гермес түшүндү. Анын андан аркы мактаганын, жалынып-жалбарганын Гефест угуп да койгон жок.

Сарайга топтолгон кудайлар куру кайткан Гермести көрүштү. Айла түгөндү. Зевс ойлоно ары-бери басып турду. Сарайда оор тынчтык өкүм сүрүүдө. Бир кезде Гера башын көтөрдү. Сарайдакылар ага карашты.

– Дионис! – деди Гера шыңгыраган үн менен.

Ал орундукка чырмалгандан бери бир ооз сөз айткан эмес. Анын бул айтканы сарайдагы топ кудайга жашап шончо, алар кабаккаштарын серпип, Дионис жөнүндө эстерине алышып, өз-ара көңүлдүү күүлдөшө кетти...

Деңиздин гүрүлүнөн башка үн жок, бейкут жаткан Лемнос аралында кыз-уландардын көңүлдүү тобу пайда болду. Алар баштарына гүлдөн алкак кийишип, шыйрактарына, билектерине майда коңгуроолор байланышкан. Кийимдери тытык, өздөрү чарчап калган. Добул менен сыбызгыга үн алышкан ырлар, ар ким өз билгенинче кыймылдаган бийлер, шат күлкүлөр айыл-кыштакты жаңыртып, туптуура эле Гефесттин устаканасын көздөй бет алышты. Аларга аралаш чаң ызгытып келе жаткан эшектерге артылган толтура чанач кымыз өз алдынча булкулдайт...

Шайыр жаштардын тобун Гефест кубанычтуу тосуп алды. Устаканада көп жылдар буулуккан зергер, бир жолу болсо да өзүнө эрк берүүнү ылайык көрдү. Салт-санаа, үрп-адат дегендерден оолак өскөн бул жаштар заматтын ортосунда Гефесттин ич койнуна кирип үлгүрүштү. Чөйчөктөргө шарап куюлду да көңүлдүү күлкү арасынан созолонгон ыр башталды:

*Чеберлердин – чеберине арналып,*
*Таланттардын – талантына арналып.*
*Акыл-эстин урматына арналып,*
*Ар бир колго алтын чөйчөк кармалып,*
*Көтөрүлсүн, жук калбасын кымыздан!*
*Көтөрүлсүн, жук калбасын кымыздан!*

Ырдын аягы жаштар жагынан дагы бир жолу кайталанды. Көңүлдүү Гефест көп токтолгон жок, чөйчөгүн шыпкады да оозун төмөн каратып, жогору көтөрдү. Ыр менен бий кайрадан жандана кетти...

Он биринчи чөйчөккө жеткенде Гефест сөз алды. Ал колун кескин жандап добул менен чоорду, ыр менен бийди кан буугандай токтотту. Тост көтөрүүгө болсо, мына бул сөздөрүн арнады:

– Менин билсеңер, дүйнөдө, жок дүйнөгө эмес, ааламга даңкым тарады. Бирок, мен аны эч кимге мактанбаймын. Мен жан гана салалбайм, андан башканын баарын жасайм. Мактаныш эмне кереги бар? Мен өнөрүм менен кудайларды таң калтырдым, ханыша Геранын орундукка чырмалып. (Ал мен жасаган орундук!) чыгалбай отурганын, мага атайын киши жиберип алпаралбаганын айтып эмне кылайын. Эгер четин гана чыгарсам, курулай мактаныч болмок! Келгиле, ичелик, мен үчүн ичелик, менин чеберчилигим үчүн ичелик...

Добул менен чоор кайрадан жаңырды. Гефести даңктаган ырлар да бүтөөр эмес. Мына ушундайча, аз убакыт ичинде эле шараптан эки чанач, жүктөн бир эшек бошоду.

Ал эми, он бешинчи чөйчөк көтөрүлгөндө шараптын жарымын көкүрөгүнө төктү да Гефест кыйшая кетти. Жаштар мына ушул учурду гана күткөн. Алар бошогон эшекке Гефестти жакшылап таңышты да, добул, чоор жана ырдын коштоосу менен Олимп тоосун көздөй жөнөп калышты. Бул жаштар – сүт кудайы Дионис жана анын жөкөрлөрү эле.

Гефест эртеси көзүн ачты. Кенен кесири жарык сарай. Алдында, орундукта жаш сулуу отурат. Сарайда андан башка жан жок өңдөнөт. Гефест баамдап карады эле, орундук өзү жасаган жетиктүү орундук болуп чыкты. «Гера!» деген ой шап эте калды ага. Энеси аны салкын көз менен ойлуу карап отургансыйт. Кирпик ирмебей текшере караган сайын Геранын көзү Гефесттин рухий дүйнөсүн жапырып, тебелеп бара жаткансыйт. Анда чыныгы кудурети күчтүү кудайдын сапаты бар экенин Гефест ичинен моюндап да үлгүрдү. «Өч алам» деп ким менен «ойногонун» ал ушул алгачкы минута ичинде эле жерине жете түшүндү. Куулук-шумдуктай оолак, сынар жактуу тарбияланган чебер, аалам кудайы алдында өзүнүн курушуп, кичирейип баратканын гана сезди. Ал баарынан кутула жадап, безе качканды эңсеп кетти. «Мындан кечирим сурайын да, бошотуп

жиберейин, андан ары болсо Олимпти кежигемдин чуңкуру көрсүн» деген чечимге келди ал.

– Кечириңиз!

Гера билинер-билинбес селт эте түштү. Муну күткөн эмес. Ал уулунун алсыз жагын ашкерелеген кечирим суроону ылайыксыз деп билди.

Демек, мындай болгондон кийин кезек өзүнүкү.

– Тур, ордуңан, – деди Гера салкын үн менен. – Мени бошот...

Гефест сына жаздап ооруган башын зорго көтөрүп, ордунан турду. Ал жантаңдай басып орундуктун артын жаныл өттү эле, Геранын сандары бүлкүлдөп, тетиктер агытылды. Ханыша жай гана орундуктан көтөрүлө берди. Ушуну гана күтүп тургансып, эшиктер чоң ачылып, Олимптеги бардык кудайлар сарайга лап койду...

Улуу ханышанын тушоодон бошогонуна, Гефесттин Олимпке кайра келгенине Зевс катуу кубанды.

– Уулум, – деди Зевс көпчүлүктүн көзүнчө салтанаттуу сүйлөп. – Күнөстүү Олимп бүт ааламга сени менен сыймыктанууга тийиш. Мен сенин, мында, биз менен жашап калууңду каалайм. Мага арнап сарай салууң керек. Эмне тилегиң бар, айткын...

Гефест унчукпай жер карап, көпкө отурду. Кудайлардын мынчалык сый-урмат көрсөтүүсү анын сезгир, нары назик жанына тымызын жагып жатты. «Бул күтүлгөн эмес эле да. Эгер ушулары чын болсо, мында калуу да жаман эмес», деп ойлоду ал. Бирок, анын ойлоно жер караганы кудайларга тескери мааниде сезилди. Ушул сый-урматка карабай жапайылыгын карматып, Гефест Олимптен кайра кетчүдөй сезилди аларга. Асыресе Геранын шаштысы кетип бара жатты. Ал бир кезде аны балам дегенден намыстанган болсо эми ошол көк карын наристеден өсүп чыккан улуу адам менен энелик сыймыкка бөлөнүүнү эңсеп турду. Ар кандай кысылтаянда да аялдарга жол өзүнөн-өзү төшөлө кетет эмеспи. Гера тез басып ар жактан Афродитаны жетелеп келе койду:

– Олимптин сыймыгы, сулуу Афродита сенин жубайың болууга тийиш. Бул ата-энеңдин сыйлыгы болсун. Ал эми, өткөндү унут...

«Жетет эми!» – деп ойлогон Гефест ордунан турду. Фетида ага жаш кезинен тартып, бирөөлөргө алкыш билдирүүнүн тартибин жакшы үйрөткөн. Ал Зевс менен Герага башын ийип таазим кылды.

– Ыракмат, сиздерге, эгер сулуу Афродита мага түбөлүктүү жар болууга макулдугун берсе, анда менден бактылуу эч ким болмок эмес. Бир гана айтаарым, мага өзүмчө, эркимче иштеген, тыптынч устакана керек...

Зевс менен Гера ойлоно кетишти. Бирок, башка кудайлар арасында күбүр-шыбыр күчөй түштү:

– Устакана...

– Устакана жана Афродита!

– Көөрүк басып турган Афродитаны элестете бергиле!

Бирок, Гефесттин чеберчилиги Афродитаны кайыл калтырган эле. Ал күбүр-шыбыр, ушактарга карабастан чебердик менен жашоого макулдугун берди. Геранын жүрөгү ордуна келе түшкөнсүдү. Мындай кубаныч үстүндө эмне кылуу керектигин кудайлар жакшы билишет. Аполлон кифарасынын алтын кылдарын терип, адаттагы жан эриткен музыка баштады. Музалар ырдап, хариталар бийлеп, Геранын сарайы заматтын ортосунда шаңга бөлөнө кетти. Гефест өзүнө ыктай отурган Афродитаны сүйүп калды. Анын сулуулугу, акылдуулугу жөнүндө мурда эле уккан. Бирок, аны аялдыкка алам деп эч качан ойлогон эмес.

– Бети-башыңды жууп отурушка даярдануун керек. Мен бул сөздү эскерте жүрүп тилим тешилди, – деди Афродита.

Гефест Зевске арналган алтын сарайдын төбөсүн кооздоп жаткан. Ал аялынын сөзүнө этибар берген жок, бүткүл акыл-эси оймодо турду.

– Гефест, дейм!

Гефест жакшы кийинип, өзүң күтүп турган татынакай Афродитага бийиктен карады да «Эмне?» дегенсип башын экчеп койду.

– Кызык, отурушка баруучу белең?! – ачууланды Афродита.

– Баргың келбесе... анда мен кеттим! – Афродита асыл кийимдерин шуудуратып жөнөп калды.

Гефест алтын алкагын колунан түшүрүп жиберди. Эмнегедир көөнү бузулуп, жасап жаткан иш заматта сүйкүмүн жоготуп койду. Ал балкасын жерге таштады да, жантаңдай басып жуунууга кетти. Жалгыз жуунуу эмес, жакшы кийинүүсү, жыпар жыттуу май менен майланусу керек. Жасанып барбаса сарайда ушак тарайт. Кемсинте башташат. Ушулардын баары эмнеге зарыл экенин ал мүлдө түшүнгөн жок. Ар күнкү даярдыктын өзү анын жүрөгүнө тийип бүттү.

Отурушка көңүлсүз кирип келген Гефест, а дегенде эле өзүнүн уялаш агасы Ареске ыктай отурган аялын көрө койду. Афродита эркелей бирдемелерди айтып Ареске кынала кетип жатты. Сулуулук өкүм сүргөн мындай чогулушта шыңга бойлуу, булчуңдуу Ареске ийри буттуу жапалдаш уста теңелмек беле. Жалгыз бүгүн эмес, өткөн сансыз отуруштарда да Афродитанын ушундай кылыгын байкаган.

Гефест күчтүү бирок туруксуз сезимге жеңилгени ошончо, отуруш бүткөндүн баарына наалат айтып, дароо артына чегинди. Ал туптуура эле өзүнүн иш ордун көздөй жөнөдү.

Ал иш ордуна келээри менен жакшы кийимдерин чечип, туш тарапка ыргытты. Колдорунун калтырап турганына карабастан балкасын алып,

алтын алкактарды күмүш тилкеге жаткыза баштады. Бирок, бирдемеге, алагды болуп, эмне үчүндүр иши ойдокудай болбой жатканын да сезди. Бир туруп салып жаткан сарайдын күлталканын чыгарып, бузуп салууну ойлойт. Лемнос аралындакы өзүнүн жөнөкөй устаканасын эңсейт. Бул ой да туруктабай, Ареске эркелей отурган Афродита көз алдына тартыла берет. Бир туруп, минтип көргөн жыргал өмүрдөн да, сулуу аялдан да безгиси келет. Бул жарыкчылыкта алардан жийиркеничтүү эч нерсе жок өңдөнөт...

Гефест иштеп, өзүмдү алаксытам деп келгени менен сарайдын кырбуусундакы күмүш тилкеге бир да бир алкак чөгөрө албады. Чебердин өз ишине деген акыл-эсин башка бирдемелер зордой баштагансыйт. Ал алагды болуп, ишин улап кете албасын билди. Баарын түшүнүп, билип турса да жанды жеген ички сезим ага тынчтык берер эмес. Ал жай басып күнөстүү Олимп тоосунун бийигине көтөрүлдү.

Төмөндө жаркыраган Геранын сарайы, анда санаасыз кудайлар көңүл ачууда. Аполлондун сыйкырдуу кифарасы музалардын ыры шашпай угулат. Андан бери болсо, өзү тургузуп жаткан Зевстин алтын сарайы күнгө чагылышат. Ал бүтө элек. Гефест андан ары көз чаптырды эле, төмөндө жер бетин коюу булут каптап улуу деңиздер, тиричилик тиреги күр жерлер көрүнбөйт. Анын көзүнө дайыма күн тийип турган, дайыма жай мезгилин сактаган Олимп тоосунан башка эч нерсе илинбеди. Өзүнөн башка эч нерсе көрүнбөгөн бийиктик да бир жагынан Гефесттин зээнин кейитип турду...

Түн жарымы оогон кезде Афродита келди да Гефестке аялдабастан өзүнүн бөлмөсүнө өттү. Аялынын ушул кылыгы үчүн бирдеме айтуу же бирдеме иштөө зарыл өңдөнүп, чебердин өзүн зордоп тыюуларын жокко чыгарган, ички тилек баш көтөрдү. Мунун канчалык салмагы бар экени менен анын эсептешип отурууга чамасы келген жок. Жантаңдай басып, Афродитанын бөлмөсүнө кирип барды. Бөлмөгө бейсабат кирген күйөөсүн Афродита жакшы кабыл албады. Ага этибар бербестен чечинип жатты, абдан чарчаган. Аялдын кыбыр кыймылы, кыймылына жарашкан сулуу тулкусу, кооздукту өзүнөн улуу көрүп, аны кайра-кайра эңсеген чебердин жүрөгүн андан бетер азаптай баштады. Ичин күйкалаган жалын туптуура эле анын өзөгүнө чарпыды. Ал ооз ачпастан, өрттөн качкан немедей кайра эшикке жулунду...

Афродита Гефестке кошулгандан берки бир нече жыл ичинде улуулугу менен башка жагындагы алсыздыгын, алданма кызгануусун, туруксуздугун толук билип алган. Азыр ал жек көрүү менен сүйүүнүн чегинде азаптанган күйөөсүн жакшы түшүндү, боору ооруду. Өтө зарылдыгы жок болсо да, Афродита түнкү халатын жамына, акырын басып Гефесттин бөлмөсүнө кирди. Гефест аялынын келгенинен улам өзүн мөрөйлүү

сезип турду. Бирок, анын эмнеге келгенин билгиси да келди. Афродитанын көзүнөн болсо кыпындай да белги билинбейт. Түбөлүктүү бир калыпта жашай турган аял кудайы алдында анын «сыр алдырышын» күтө кароо дегениңиз, балалык экенин Гефест билгени жок.

– Отуруш сага жакпай турганын билем, – деди Афродита жай гана. – Бирок, мага ансыз жашоо көңүлсүз. – Аял коңур үнгө салып, өзүнүн айтып жаткан сөздөрүнө укмуштай ишенээрин сездире сүйлөдү. – Сен кооздуктун эң назик жерлерине чейин сезип, башкара билесиң. Бирок...

– Афродита! – деди Гефест саал манчыркап. – Азыр эч нерсе кулагыма кирбейт. Бүгүнчө мени тынч кой...

Аял бул сөзгө этибар берген жок.

– Гефест, бүгүн эч кандай иш бүтүрө албаганыңды билем! Мен...

Чындык алдына чыдап тура албаган чебер, жантандап Афродитага жетип келди да кыйкырды:

– Мени тынч кой деп жатам сага!

Афродита салмактуу гана ордунан туруп, улутуна эшикти көздөй басты. Төмөндө – жерде чоңоюп, бийиктикти кеч сезинген жандан ушундай оройлукту гана күтүүгө болоорун ойлонду ал. Афродита суй салып чыга берээри менен Гефест ары-бери баса баштады. Ал таң атканча уйку бетин көрбөстөн, чычаладай кызарган көзүн алыска кадап, ойлонуу менен болду. Ал эми, чарчаган Афродита колу-бутун эркин таштап, таттуу уйкуда жатты.

* * *

Зевске арналган алтын сарай бүтүп келе жатты. Сарайдын кооздугу жөнүндө сөз тарап, сыйкырлуу төкөр устанын укмуштай чебердигине бүт Олимп кайрадан таң калышты. Сарай дубалдарынын ички беттерине алтын такта жаткызылган даага жалаң берметтен чөгөрүп кудайлар өмүрүнөн алынган сүрөттөр тартылган. Колуна жеңиш кудайы Никаны кармап, алтын такта терең ойлуу Зевс отурат. Жанында болсо, калптын душманы Дика. Ал курч көздөрүн кадап, адилетсиздикти издеп тургансыйт. Дубалдын дагы бир капшытында бир колуна күн, бир колуна ай кармаган, жылдыздар арасында калкып жүргөн Геранын сүрөтү тартылган. Гера башын бир жагына саал кыйшайтып, бүт ааламга мээр төгүп турат. Башка капшыттарга Зевстин тарыхый жеңиштерин – Титандар менен, дөөлөр менен, Тифон менен болгон салгылашууларын – баяндаган сюжеттүү сүрөттөр тартылган. Кыскасы, сарайга кирген жан, жер жаралгандан берки өтүлгөн бардык тарыхый улуу окуялар менен таанышып чыгууга тийиш. Гефесттин ички эсеби мына ушундай.

Кудайлардын кенен-кесири, салтанаттуу турмушуна карабастан, жерине жете арыктаган, көптөн бери сакалы кырылбаган Гефест күнү-түнү дебей сарай ичинде күйпөлөктөп, оймо-чиймелер менен алек. Анын бүткүл сыйынты да, кубанычы да ушул иш орду болду. Боёктор шыбалып, чамбулала болгон тышкы киймин ал жумалар бою таштачу эмес. Адатта, анын иштеп жаткандакы учурун көрүү кыйын. Алагды кылган бардык нерсени өзүнөн алыстатып, жалгыңдап барып кулагын колго алуучу. Ууртун чыкылдатып, жарым жартылай калп таң калып, бирөөлөрдүн жанында карап туруусун ал абдан жек көрүүчү.

Чебер өзүн бир аз алаксытуу үчүн ишин токтотту. Сарайдан чыгып келе жатып талаада таш үстүндө, сарайды карап отурган, ак көйнөкчөн кары Кыз-Мойраны көрдү. Мойра – кудайлардын жана жер балдарынын тагдырын жөнгө салуучу, кудурети күчтүү өкүмдарлар. Алар эзелтен эле, жалынуу, жалбарууларга моюп көрбөгөн катаал жандар. Ал эми, Гефест өзүнөн башка кимдир бирөөнүн эрки менен болууну асили жактырып көргөн эмес. Ошон үчүн таш үстүндө отурган кызды жек көрө карады. Ал жантаңдай ары басты да: «Мага ушул жетпей жатты эле!» деп күңкүлдөдү.

Клото кыз көзүнүн кыйыгы менен сарайды да, чеберди да сөзгө алып бакылдап отурду. Анын тышкы көрүнүшүнөн – «менин эч кимге зыяным жок» деген момун кебете байкалат. Кайра кирип келе жаткан Гефест, кызды эшик түбүнөн кыжырлана дагы бир карады да «Тфу!» деп ашкере түкүрүнүп сарайга кирип кетти. Ал өзүнүн иш ордуна көтөрүлгөн соң терезеден акмалап карай баштады. Кыз болсо, ордунан козголуп да койбостон мурдагы калыбында отура берди.

«Бул эмне келип отурат?» деген ой Гефестке жабышты да кыт куйгандай орноду. Ал терезени көбүрөөк караган сайын алагды болуп, «анын келип отурушунун» себептерин кайра-кайра ойлоно берди. Анын акылэсинде «кыз» менен «иш» тез-тез орун алмашып, сүйүү менен жек көрүү ортосунда укмуштуудай күрөш жүрүп жатты.

Күрөштө бири жеңилсе да бири жеңип чыгат, ал эми, майдандын тытылганы тытылган! Гефест өзүнөн-өзү кыжырланып, оңдуу чыкпаган майда деталдарга сөгүнүп жатты. Ал эң акыркы иш катары күнгө чагылышкан гүлдүн толтоосуна алакандай жука күмүш жаткызышы керек эле. Кесип алган күмүшүн эки жолу колунан түшүрүп жиберди. Андан ары болсо, ачууга буулугуп, балкасын да, күмүшүн да ыргытты. Анан жантаңдай басып терезеге келди да, тышты сазара карап калды. Мына ошондо кары кыз Клото козголуп, жан жагына эрине көз чаптырып ордунан турду. Кыз сарайга шүйшүнө карап, жай жакындап келе жатты. Гефест анын ар бир кыймылын бакылап турду. Кыз сарайдын эшигине

жакын келип, каалгадагы, рамалардакы оймо-чиймелер менен гүлдөрдү кунт коё тиктеди. Кыздын өңүнөн коoздукка таң калуу менен берилүү, башканын баарын унутуу даана байкалып турду. Гефест эми, мындай өңдү чийип түшүрүү мүмкүн эмес экендигин ойлоно баштады. Эмне үчүндүр чебердин көңүл туманы серпиле түшкөнсүдү. Кыздын «келип отурушунун» сыры эми гана белгилүү!

Гефест терезеден карап туруп, кыздын көңүл күүсүнө орток болууну ойлоду. Устанын улуулугуна жүгүнүүгө даяр тургань, чеберге жерине жете кайыл болгону кыздын өңүнөн билинип турбайбы. Гефест алаканын кагып, этегин чоюп тартып, мойраны көздөй түшүп келди. Бирок, кыз анын сарай эшигинен чыгып келе жатканын мүлдө көрмөксөн болгонсуду. Бул кырдаал устаны андан бетер өзүнө тартты. Ал кыздын оюн бөлбөс үчүн чеберден басып жанына келди анан кызга катарлаша туруп анын караган багытын кунт кое карады. Бирок, кыздын эмнеге кадалганын ал жакшы түшүнө алган жок.

– Өкүнүчтүү! – деди кыз кыйладан кийин.– Өнөрдөн башка эч нерсе бүткөн эмес экен боюна. Өмүр бою өкүнүү, өмүр бою эңсөө...

Гефест бул сөздөргө түшүнө бербеди. Ал кыздын бетине карады.

– Кызык! – деди Клото Гефестке карабаган бойдон салкын гана.

Ушул сөздү айтып болгондон кийин Клото артына бурулуп, Гефестке карап да койбостон кетип бара жатты. Дүң-маң болгон уста ийинин куушуруп эшик түбүндө кала берди. Анын эсинде калганы эле Мойранын акыркы сөздөрү болду:

– Өмүр бою эңсөө, өмүр бою өкүнүү!

* * *

Олимптин дарбазасында бизге тааныш көңүлдүү жаштар пайда болду. Алар ырын ырдап, бийин бийлеп, шарабын сунушуп меймандардын алдын тосууда. Чабарман Гермес дүйнөнүн чар тарабына жар салып тойго чакырып жүрдү. Тунук булакты мекендеген, мрамор үңкүрлөргө байыр алган перилер, кооз токойлор менен тоолордун, дарыялар менен деңиздердин перилери Олимпти көздөй агылды. Жер балдарынын падышалары да келишти. Тыштан келген коноктордун баары Зевстин өзүнө арнап салдырган алтын сарайына кызыгышып, анын ичи тышындагы өрнөктөргө, кооз беделер менен сүрөттөргө суктана нары таң кала карап жатышты.

Эч качан булут каптабас Олимп асманында күн жылуу нурун төгүп турду. Коноктор аптапта какталбасын үчүн, Зевстин буйругу боюнча жагымдуу жел аргы жүрүп турду. Алтын чөйчөккө куюлган мүрөк суулары

күмүш табактарга тизилип, сарайды макташып топ-топ болгон меймандарга жеткирилип жатты. Сарай ичинде болсо, эң кадырлуу меймандар отурушту. Аполлон кифарасынын алтын кылдарын тере чертип, музалардын ырларын коштоодо. Улуу гимндер, арноо гимндери айтылып угуучулардын бою балкууда.

Бир кезде тышта тургандар баштарын ийип таазим кылышты, сарай ичиндекилер дүркүрөй орундарынан турушту. Сарайга Зевс, Гера, Гефест кирип келе жатты. Баарынын өңүндө кубаныч ойнойт. Зевс меймандарга текши карап, башын ийкеп алардан амандык сурады. Текебер ханыша тегерегине манчыркай карап, өзүнө арнап коюлган алтын такка бет алды. Ал уулунун ашкан чебер болгонуна мына ушундай сыймыктануу керек дегенсийт. Гефест саал кеңирээк келген жаңы кийими менен жантаңдай басып, өзүнө жылмая караган жылуу чырайларга башын ийип, урмат билдире басты. Артта турган меймандар жапалдаш бойлуу устаны көрө алышпай моюндарын созуп, буттарынын учтарына тик туруп жатышты. Зевс өзүнүн алтын тагына барып Геранын отурушун күттү. Сансыз меймандардын жана улуу кудайдын урмат көрсөткөнү менен ханышанын иши болгон жок. Ал эркинче жай басып тактасына барды да артына бурулуп, меймандарды кыдырата бир карап өттү. Андан кийин гана жанындагы нөкөр кыздарына колун берип, такка отурууга жардамдашуусун буюрду. Ал отурган соң гана Зевс колун жандап, меймандардын отуруусуна ишарат берди. Өзү да, Гефест да отурушту.

Зевс мойнун созо карап, отургандар арасынан кимдир бирөөлөрдү издегенсиди:

– Афродита, Артемидалар кайда?

Согуш кудайы Арес ордунан туруп, башын ийип жылмайды:

– Неберелүү болдуңуз, ата, Гефест уулдуу болду!

Отургандар козголушуп, күбүр-шыбыр күчөй түштү.

Гера да, Зевс да Гефестке саал башын ийип жылмайышты.

Өз ылайыгындагы, нары жагымдуу нары тымызын куттуктоолор Гефесттин көңүлүн көкөлөтө түштү. Мына бул, Олимп тоосуна батпай кылкылдаган кудайлар менен жер балдары жалгыз гана өзүнүн урматына жыйналганын, алардын чеберге деген ыраазылыгы менен сыймыктануларын сезинүү оңой эмес да. Анын үстүнө перзенттүү болду. Кыскасы, азыр анын алаканына эки бирдей улуу кубаныч түшүп турду. Бул эки кубаныч Гефестке эки канат бүтүрүп, чексиз бакыт асманына калкыта көтөрүп бара жатты.

Узундан узак чубалжыган, белек көтөргөн адамдар тизмеги пайда болду. Алар эң кымбат сагынган буюмдарын алтын табакка салып,

биринен сала бирин тартуулап, Гера менен Гефесттин алдынан өтүп жатышты. Тышта болсо, согуштук оюндар – жаа атышуу, күрөшүү, найза ыргытуу боюнча мелдеш башталды.

Гефест мында аргасыз олтурганын эч кимге билдирген жок. Бул өңдүү салтанат бүткөндүн баарын жерге уруп, каалаган жагына баса бергенден кызыгы барбы ага. Баарынан да ал уулун көргүсү келип тынчсызданды. Афротиданын илгерки кылык-жоруктарын унутуп, аны кайра эңсей баштаганын да дал азыр сезип отурат. Улуу чебер болуудан да ата болуу сыймыгы анын башын айлантып бара жаткансыйт.

Бирок, бул ички каржалуу көпкө созулган жок. Күсөгөн күнү чыгып, жарык нурун Гефестке төгө баштады.

Белек тартуу аяктай бергенде, алтын сарайдын оозунда тургандар, келе жаткан кимдир бирөөлөргө жарыла жол беришти. Эшиктен алды менен балканактай бала кармаган Артемида көрүндү, анын артынан удаалаш ак жибекке көөлгүтө оронгон Афродита, кызматкер кыздар чубай келишти. Арес кулүңдөп Гефестке жакындады. Эмне үчүндүр ал көңүлдүү. Гефест бир кезде Афродитаны мындан кызганганын эстеп жүрөгү кокус шуу дегенин сезди.

– Карачы, уулуңду, – деди согуш кудайы Арес, – болочокто ал бүт ааламдагы согушту башкарууга тийиш. Укмуш тура!

Колу-буту муунак-муунак, балканактай баланы улуу кудай Зевс колунан алып өптү да, Гера жакты жаңдады. Алдына келтирилген баланы Гера ойлоно өптү, бирок, ошол аралыкта Гефесттин жепирейген бою менен ийри буттарына көз жүгүртө кетти. Бала Гефестке келтирилди. Гефест наристесин мээрлене өөп, ички толкуусун басуу үчүн ары бурулду.

– Ат коюлсун, ат коюлсун балага!

– Геферодита болсун!–деген кубанычтуу үндөр угулду. Бирок, Олимптеги кудайлардын салты боюнча балага энеси гана ат коюуга тийиш. Бул каада эч качан бузулмак эмес.

Зевс Герага карады. Анын суроолуу карашынан аялы түшүндү да башын ийкеп, макулдугун билдирди. Өз ичинен болсо, «Геферодита» жаман ат эмес деген ойго келди.

Ушунчалык чон, салтанат үстүндө уулуна ат коюу Гефестке өтө жагымдуу сезилди. Ал жаңы көрүп отургансып, Афродитанын сулуу көзүнөн көзүн албады. Афродита болсо, Гефестке анда-санда гана көз кыйыгын таштап жатты,

Артемида баланы ак жибекке ороду да Афродитага карматты. Баланын энеси элдин алдында перзентине ат коюуга тийиш.

Афродита баланы алып, шашпастан кынаптап алаканына жаткызды. Анан сарай ичине тез көз жүгүртүп өттү. Андан кийин болсо, бир басып эки басып, Зевстин кызы – калптын душманы Дика отурган тактыны

көздөй илкиди: Сарайда отургандар Афродитадан көз албады. «Бул эмне кылганы жатат?» деген ой ар кимде пайда болуп, укмуштуу тынчтык орноду. Кудум бир, түбөлүктүү катып калган таш сөлөкөттөр арасын акка оронгон жалгыз арбак аралап бара жаткансыйт. Афродита Диканын алдына келди да башын ийди. Кирпиктер кабышып, сурмасы тартыла түштү. «Калптын душманына баш ийем, андай болгондон кийин да мен да калптын душманымын!» деп кубурап жаткансып туюлду отургандарга. Афродита артына бурулуп, тез басып ордуна келди да башын кескин көтөрдү:

– Баланын атасы Гермес. Аты – Гермафродита! – деп жарыялады ал. Анын үнү коңгуроодой шыңгырап, таза угулду отургандарга.

Эч нерсени тоотпос Гера, алгачкы сүйлөмдү укканда селт эте түштү. Арес кыжырлана кылычын жарым-жартылай сууруп, кайра тарс эттире салып койду да ары бурулду. Калгандар Гефест жакты кароого батына алышкан жок. Чындыгында, сарай толгон эл күтүлбөгөн бул кабарга эмне жооп кылаарын билишпей деңдароо болушту. Алардын көбү адамды аяп, аны жооткотуу үчүн бирер айла караштырып жаткансыйт. Бирок, мунун баары текке кетти. Анткени, Гефест отурган алтын так эбак бош калган эле...

* * *

Чуру-чуу, күрү-гүү түшүп, мелдешип жаткан көңүлдүү адамдарды аралап өттү Гефест. Жантаңдай баскан жапалдаш бойлуу немеге эч ким көз кырын салган жок. Шөлпөйүп, саал кеңирээк келген кийимине өзү назар салууга анын татыктуу эместигин далилдеп тургансыйт. Ал өзүнүн бирден-бир сыйынты – устаканага бет алды. Жердин ой-дөңүнө карабай келе жаткан Гефест эсинен адашкан адамды элестетет.

Ал каңгырап бош турган устакананын эшигин чалкайта ачып кирип барды. Алды менен аны төркү дубалда тизилип турган кездиктер лыпылдата көз ымдап чакырып жаткансыды. Гефест ошолорду көздөй басты. Бирок, ага жетебербестен бир кылычты лып ала койду да шуулдата айланта баштады, анан билектей темирди көз илээштирбей чаап өттү. Как бөлүнгөн темир эки жакка зыңылдай учту. Гефесттин кектүү көздөрү оттой жанды. Ал сол бармагын жалап, кылычтын мизин сынай жүнүртүп өттү да, мизинде белги калбаган курчту ары ыргытты. Бирок, муну менен иш бүткөн эмес экен. Гефест төш темирге шашпай муштумун, анын үстүнө маңдайын коюп, жаш баладай өксүп ыйлап кирди...

Көөрүк баскан, барскан кармаган кара далы дөөлөр тыбыш билдирбей эшик түбүндө пайда болду, андан ары алар кожоюнунун кантип ыйлап жатканын кызыга карап турушту.

Гефест өзүн бакытсыз сезди. Миллиондогон адамдар жүгүнгөн улуу чебер болуудан да өз аялы сүйүп, кадырлаган карапайым, бир эркек болууну үзүлө эңседи. Бир оокумда башын көтөрүп, дөөлөрдү көрө койгон Гефест, он талаа болгон көз жашына карабастан, үнүнүн бардыгынча кыйкырды:

– Силер да шылдың кылгыла, иттин балдары! Эмне турасыңар, киргиле бери, – чебер долулана кийимин чечип ыргытып, жылаңач этине жаргак алжапкычын тагына койду.– Бас көөрүктү!

Дөөлөр шашылыш ишке киришти. Сыйкырдуу көөрүк күшүлдөп, жалын бүркө баштады. Жепирейген устакана заматта жандана кетти. Кулак тундурган кадимки күшүлдөк менен чаңкылдак, чебердин кулагына Аполлондун кифарасынан да, музалардын назик үндөрүнөн да жагымдуу угулуп жатты.

Ал. эс-учунан айрыла иштеген сайын моокуму канып, көңүлү жадырап, дөөлөргө арсалаңдай буйрук берет:

– Сок!

– Бас!

Бирок, жашыра турганы барбы, чебер ишке киришти да, бул жарыкчылыкта өзүнүн адаттагы бир бечара – өнөр туткуну экенин кайрадан унутуп койду...

## ГВАРДИЯ КОМИССАРЫ

*«Свеск түбүндөгү салгылашууда биздин дивизияга душмандын курчоосунда калуу коркунучу туулду. Ушул Кызыл кыргында гвардия капитаны Салимов кылыч менен душманды тике качырып кирди. Эр жүрөк замполиттин бул баштамасы бүткүл полк атчандарынын жана танкага каршы куралдангандардын жапатырмак чабуулга өтүүсүнө өбөлгө болду. Натыйжада, душмандын 25 танкасы, эки батальон жөө аскери катардан чыгарылып, дивизиянын курчоодо калуу коркунучу жоюлду. Стратегиялык багыттын негизги позициясы сакталып калды».*

**генерал *М. Д. Ягодин***
**3-гвардиялык аткычтар**
**дивизиясынын командири.**

Бул адамды биринчи жолу 1979-жылы май айынын аягында көрдүм. Ленин комсомолунун 60 жылдык юбилейине байланыштуу областыбыздын чыгармачыл жаштары менен комсомолдун жана Ата Мекендик согуштун ветерандарынын кезигишүүсүн өткөрүүнү пландаганбыз. Кезигишүү Пржевальск шаарынын Пушкин паркындагы пионерлер сарайында өттү.

Биздин катарыбызда – президиумда чачын ак аралаган, көкүрөгү орден медалдардын белгилерине толгон адам да отурду. Ветерандардын жалындуу сөздөрү, жаш акындардын аларга арнаган чыгармалары, обончу жаштардын көңүл эргиткен ырлары кезектеше залды жаңыртып турду.

– Арабызда Улуу Ата Мекендик согуштун ветераны, биздин кадырлуу мейманыбыз, жолдош Смайл Салимов отурат. Азыркы сөз ардактуу мейманыбызда, – деди комсомолдун обкомунун секратары.

Ардактуу мейман ордунан оор басырык турган соң, кайра эңкейип жанында отурган кишиден «эмне айтышым керек?» деп сураганын угуп калдым. «Консультация» үчүн эки ооз гана сөз айтылгансыды. Мейманыбыз кол чабуулар астында трибунага жакындады.

– Мен эмне үчүн мейман болом? Мен ушул Пржевал шаарында туулуп, балалык чагымды ушул шаарда өткөргөм, – деп баштады сөзүн, – силердин жердешиңермин. Жаш чагыман партия тарбиясына бөлөнгөнүмө өзүмдү чексиз бактылуу сезем. Улуу Ата Мекендик согуш ар бир коммунистти катаал сыноодон өткөргөн мезгил болгонун жакшы билесиңер. Башка патриот жоокерлердин катарында мен да майданда салгылаштым...

Андан ары Смайл Салимович легендардуу генерал-майор Доватор командалык кылган 2-гвардиячылар корпусунун 3-гвардиячы атчандар дивизиясына полк комиссары болгонун, фронтто жана душман тылында атчан кызыл кыраандардын жасаган өлбөс-өчпөс эрдиктери жөнүндө айтып берди. Өзү жөнүндө болсо абдан аз сүйлөдү. Бирок, Маршал Буденный белек кылган кылыч тарыхын айтпай кое алган жок.

Кезигишүү аяктап, комсомолдун обкомунун туусу астында сүрөткө түшүүбүз гана калган. Баарыбыз стадион жакка бет алдык. Паркта бой тиреген карагайлардын бүчүр жыты аңкып, түркүн гүлдөр ыргалып турду. Булутсуз асман астында ветерандардын көкүрөгүндөгү ордендер менен медалдар күн нуруна чагылышып жаркырайт.

Стадионго жеткиче эле Смайл Салимович менен таанышып үлгүрдүм. Мени кызыктырганы – ал кишинин ушул шаардык болгону жана Буденный белек кылган кылычтын тарыхы.

Өз иштериме алаксып, арадан эки жыл өтүп кетти. Жакында комиссарды издеп үйүнө бардым. Бул экинчи жолку көрүшүүбүз экенине карабастан эски тааныштардай ымала табышып кеттик.

Мен жөнүндө жазгандар көп. Өзбекстандын аскер жазуучусу Адхам Рахмат, сиздерче айтканда повесть, мындай бир китеп чыгарган, – деди күзгүнүн артынан бир таңгак кагазды чыгарып жатып. – Сизге аны көрсөтөйүн... – «Ташкендик чабендес» «Казак из Ташкента» деген эки китепти алдыма койду. –Дагы бир Севригов деген жазуучу жазган. Бирок, ал кишинин китебинде мен курман болом. – Салимович күлдү. – Ал жазуучу гана эмес, бүткүл дивизия мени курман болду деп ойлошкон...

– Демек, сизге арналган эстелик да бар турбайбы?

– Бар. Озерное кыштагында. 44-жылдын башында Багримовичи-Беседки-Качури аймактары үчүн болгон он беш сааттык кандуу салгылашуудан кийин катуу жарадар болупмун да тылга жөнөтүлүпмүн. Согушта ойго келбеген нерселер болоорун көрбөдүкпү.

Тирүү калганымды билгенимден кийин майдандаш достор менен байланыш бат эле уланды. Мен алардын жазгандарын да сизге көрсөтөйүнчү, балким кереги тиер...

Ондогон конверт, куттуктоо открыткаларынын эки буумасы алдымда жатты. Советтер Союзунун бардык булун-бурчунан, ар кыл улуттан барган адамдар кан майданда – Ата Мекен үчүн болгон согушта баш кошкондугун каттардын, открыткалардын адрестеринен эле байкоого болот. Бул Советтер өлкөсүндө жашаган элдердин бир туугандык, ыйык ынтымактыгынын күбөсү өңдөнүп турду.

– Эмнеге маа мынча боор тартышат? Мына бул катты окуңуз, кубандык казак Илья Хлыстуновдон келген.

Окудум.

«Кымбаттуу Смайл Салимович.., ден соолук гвардиячылардыкындай, күч Доватордукундай, колдо кылыч барда фашисттердин башын казып да кыя чаба алам... Биздин фашисттер менен болгон салгылашуубуз текке кеткен жок. Укум-тукумубуз жыргалда жашай берсин. Неберемди 12-майда Советтик Армиянын, катарына жөнөттүм. Андан кат алып да үлгүрдүм. Чоң ата, деп жазат ал, мен эми – советтик солдатмын. Зарыл болсо, силерди коргоого өмүрүмдү берүүгө да даярмын».

– Мына бул каттардын баары Содном Хандажапов деген Бурят леймандашыман келген. Тирүү экенимди ушул досум... жок, бир боорум десем болот, Хандажапов баарына айгинеледи. Мени сурап жазбаган жери жок. Хадича каза болгондон кийин Ташкентке келип кетти, бир колунан ажыраптыр бечара...

– Кечириниз, Хадича деген ким эле?

– Аялым. Бүткүл аскердик өмүрүм аяктаганча балдарыма менин жоктугумду билгизбей, энелик ыйык милдетин акыркы тынышына чейин аткарган түгөйүм. Өзбекстанда зор уюштуруу иштерин алып барган,

белгилүү коммунист болгон. – Салимович дагы туруп китептер арасынан аялынын сүрөтүн алып чыкты.

Сүрөттү колума алганда, саал жылмайган өңүндө кайгы жышааны бар, билинер-билинбес кусалуу көздөр сол ийнимден ашыра карап турду.

Сүрөттү кайра бергенимде ал газеталарды мен жакка жылдырып, эски фотого өтө бир салмактуу көз жүгүртүп алды. Газеталарды аярлап ачтым.

«Кубаныч, кайгы... булардын чек арасы барбы? Жакында гана аялы каза болгон Салимовго бактысыздыкты туюндурган рухи азаптын учукыйырына көз жетпеген мейкиндигинде эч качан кубаныч болбочудай сезилген. Мына эми, майдандаш досу издеп жүрүп, миңдеген чакырым алыстан – Улан-Удэден келди!» деп жазат капитан М. Малыгин. «Красная звезда» газетасынын 77-жылдын 1-февралындагы санына.

«А партиялык кызматкердин аброю менен ага деген ишеним эмнеде? – деп жазат жазуучу В. Тюриков, – Кызыл Туулу Түркестан аскер округунун «Фрунзевец» газетасына. – Бул алды менен согушта үлгү көрсөтүүндө, ишке чексиз берилгендикти билдирүүндө жатат. Салимов дайыма салгылашуунун чечүүчү түйүнүндө, чабуул койгон атчандардын алдыңкы катарында болгон».

Салимов тек саясы кызматкер гана болбостон, кылыч чабууда укмуштуу адис да болгон. Буденный ага өз колу менен кылыч белек кылганы бекеринен эмес», – деп жазат өзбекстандык адабиятчы Юри Карасов «Совет Узбекстани» газетасына.

Жердешибиз жөнүндө газеталарга жарыяланган ойлорду, сүрөттөмөлөрдү тизмектеп жаза берүүгө болоор эле. Бирок, бизге анын алиде айтылбаган, көпчүлүккө көрүнө элек тарабы гана керек. Ал эми, Смайл Салимович болсо кагаздарды алдыма жайып коюп, башынан эч кандай окуялар өтпөгөн, өмүрдө бир багытта жашап, башкаларга гана таң калган карапайым адамдарча отурду.

– Жолдош комиссар, – дедим мен кубандык атчандарды туурап, – убактыңыз болсо, дагы бир сааттай отурайын.

* * *

32-жылы болсо керек, Орто Азия бюросунун өзгөчө тапшырмасын алганымдан кийин, Ош шаарынан Алай-Гүлчөгө жөнөдүм. Гүлчө кыштагына жетээрим менен айылдык советтин төр агасы Жаныбек казы деген адам менен көрүшүп, иштер жөнүндө баяндадым. Ал кезде Гүлчөдө чек арачылар бар эле. Кеч болуп калган соң бир чайканага түнөп, эртеси жөнөөр алдында чай ичип олтурган элем, капыстан эле тарсылдаган мылтык үнү угулуп, көчөлөрдө чапкылаган басмачылар боло кетти. Эл

дүрбөп, ала-сапыран башталды. Байкап карасам алиги айылдык советтин төрагасы Жаныбек казы деген неме атка минип алып, басмачыларга дүкөндөрдү, кампаларды жаңдап көрсөтүп, талоончулук жүргүзүп жатыптыр. Акырын жылып топтун арасына жашырындым. Эгер ал мени көрүп калса, ошол эле жерде атып салмак. Айылдан зорго качып чыктым. Кийин уксам Жаныбек казы план куруп, алысыраак Сопу-Коргон деген айылга бир аз басмачыларды жиберип, дүрбөлөң чыгарат да Гүлчөдөгү чек арачылар ал жакка кетип, ээн калганда басмачылардын негизги тобу менен кирип талоончулук жүргүзгөн экен. Жаныбек казы жөнүндө кабарлоо мүмкүндүгү болбоду. Баруучу жериме жетип, тапшырманы аткарып, кайра Гүлчөгө келсем, чек арачылардын клубунда колго түшкөн басмачылар үстүнөн ачык сот жүрүп жатыптыр. Ошол кездеги жооптуу адамдардан: Майский, Хансуаров, Орозбеков дегендер эл башкарып отуруптур. Колго түшкөн басмачылар колдору байлануу, чек арачылардын көзөмөлүндө турат. Ал эми залды карап, өз көзүмө өзүм ишене албадым. Элдин арасында баягы Жаныбек казы да кандан капарсыз отурат. Дароо кайра чыктым да Майскийди сахнанын артына чакырып, өзүмдүн ким экенимди, Жаныбек казы жөнүндө билгендеримдин баарын айтып бердим. Ал киши кайра кирип кетти. Эч кимге эч нерсе сездиришкен жок. Жүрүп жаткан сотту улантымыш болушту. Бирок, чек арачылардын чоң тобу клубду заматта курчап үлгүргөн эле. Ошондо залда билинбей отурган басмачылардан түтүгү кесилген он беш барденке мылтык чыкты, көп душман колго түштү...

– Большевиктер партиясынын мүчөлүгүнө кабыл алынганымдан кийин, эмне үчүндүр мындан беш-алты жыл мурдагы жетимдик, кийимсиздик, ачкалык, паанасыздык өкүм сүргөн бактысыз өмүрүм көз алдыма элестеп терең ойго кетүүчү болдум. Туңгуюктун түбүндө өлүмгө, жок дегенде бузулуп кишиликтен чыгып кетүү чегине жеткенимде жылуу койнун ачкан советтик бийликтин, большевиктер партиясынын камкордугуна эмнелер иштеп бере алам? Кантсем алардын мага деген ишенимин актайм деген өңдүү оор ойлор чырмады. Ал кезде жаш элем, жаш болсом да баарын өз көзүм менен көрүп, партиянын саясатынын турмушка кандай ашып жаткандыгына аз да болсо катыштым. Бардык күчүмдү, акыл-эсимди ал түгүл, өмүрүмдү курмандыкка чалып койсом да советтик бийликтин гумандуулугуна жооп беришим керек деп ойлодум. Москвага жөнөөр алдымда Миничтин кабылдоосунда болдум. Ал ордунан салмактуу туруп, жаныма жай басып келди. Баягы биринчи көргөнүмдөн эле жылуу мээрим бар жүзүндө.

– Кана, уулум, сапарың байсалдуу болсун. Жакшы оку, бизди уятка калтырбасыңа ишенем!

Бүт денем чымырап, каккан казыктай каттым да калдым. Тамагыма келе калган бирдемени нары жуттум, көзүмдүн кычыктары, балким, эбак эле жашка толуп кетсе керек.

– Түшүнөм, – деди Минич сабырдуу гана, – Лениндин ишин мына силер өңдүү батрактарды, жетимдерди, малайларды, кедейлерди теңдикке жеткирүү. Мына ушул үчүн революция жаралды. Сен эми чыңдалдың, кимдер үчүн эмгектенүүнү билдиң. Россиянын эң мыкты уул-кыздары Лениндин идеясы – биздин жолубузду түшүндү. Сенден да ошону гана күтөбүз. Бар, – уулум, чыныгы большевиктерден бол! – Ал ушул сөздөрдү мага абдан жакын туруп айтты. Андан бетер толкуп, жооп айтууга оозума сөз түшкөн жок. Какайган боюнча, көз жашымды аарчууга чамам келбей тура берипмин...

* * *

Капитан Салимович Фрунзе атындагы аскер Академиясын 42-жылдын октябринде бүтүрдү. Буга чейин ал жогоруда эскерген Хадича аттуу кызга үйлөнүп, эки балалуу болгон. Мекен солдатынын милдети – үй-бүлөсүнө үйрүлүү эмес, аларды коргоо. Фашисттик Германия жүзү каралык менен Мекенибиздин ыйык чек арасын бузуп, Европаны өзүнө багынткан мамлекеттери таяныч этип отуруп, ичкерилеп келе жаткан татаал учур. Мекендин көз каранды болбостугу үчүн миллиондогон советтик уул-кыздар кан кечип жүргөндө комиссар үйүндө жаткан эмес. Академия босогосунан аттап чыгаары менен үй-бүлөсүнө кош айтып, Москвага – Башкы командованиеге жөнөп кетти.

Көп өтпөй 3-гвардиячы атчандар дивизиясынын комиссарлыгына дайындалды. Ошентип, замполиттин үлүшүнө подполковник Капустин командалык кылган гвардиячы 9-полк тийди. Негизинен, дондук казактардан түзүлгөн полк орто азиялык комиссарды а дегенде эле жактырып кеткен жок.

Салимов келгенде, полк штабынын алдында граждандык согушту чагылткан киноленталарды элестетип, бурка жамынган, кубанканын кырбуусунан чачын булайта чыгарып, кылычынын сабын сол колу менен демей кармап, жаркылдай тамашалашкан, өтүгү жалтырак казактар өздөрүнүн даражасы чоң командир келе жатканы менен иши жоктой бейжай турушту. Алар бирдемелерди каткыра күлүшүп, бакылдай сүйлөшүп, колдорун кере-кере жаңдап жатышты. Ал эми эки колун бөйрөгүнө такаган ординарец жакасы дагдайып, комиссарды бир бутун солбуй тосуп алды.

Полк командири Капустин жөнүндө жердешибиз мындай эскерет:

– Дондук казактардын ата-бабасынан келе жаткан жоокердик жөрөлгөсү бар. Алар тартипти атайын иликке албагансышат, бирок; душман менен бетме-бет келгенде алардын канындагы табигый жөндөм,

тартип, чыныгы кайраты ойгонуп, тендеши жок чеберчилик менен салгылашып киришет. Казактардын бул жагы мага белгилүү дениз. Полк командири Капустин кителин жамынып, шишимек көздөрү менен текшере карап тосуп алды. Даражасын айтып таанышууга да эрингенсиди:

– Билем, дивизияны. Эмне демек элек, комиссар, болуптур. Академиянын аудиториясынан жаңы эле чыксаң керек. Деги, атка өзүң мине аласыңбы? Же казак эмессиңби?..

Мен ага таарынганым жок. Баары алдыда, кан майданды бүгүн болбосо эртең көрөт эмеспизби. Полк командиринин чайына карабастан эскадрондорду, атчандарды, алардын командирлерин көрүүгө чыктым. Айрым бөлүктөрдө жоокерлерди жыйнап, совинформбюронун жаңы кабарларын айтып бердим. Воронеж фронтунда фашисттер чеби талкаланып, биздикилер 100–200 чакырым илгерилегенин өзүм жаңы эле уккамын...

«Бүгүн болбосо, эртең» адаттагы жөнөкөй гана сөздөр. Бирок, бул – Мекенин көзүнүн карегиндей коргогон жоокерлер үчүн күч-кайратын көрсөтүүгө майданда убакыт менен шарт жетерлик бар деген сөз. Ошол эле күнү буйрук боюнча Вазузу дайрасын түнү менен кечип өтүп, Крюково, Подсановка кыштактарына бекинген фашисттер менен беттешүү мүмкүндүгү болду.

– Немецтер биздин чабуул коёрубузду сезбептир, – деп эскерет Смайл Салимович, – жаңы бөлүктөгү биринчи салгылашуусу жөнүндө, – жебедей суурулган аттары менен казактар ылаачындай тийгенде душман эсинен танды. Далбас уруп, техникаларын ишке салып, жан талаша каршылык көрсөттү. Ал түгүл, мизибизди кайтаруу максатында беш-алты жолу кайтарма чабуулга өтүштү. Бирок, 300дөй солдат, офицерлеринен ажырашты. 7 танкасын талкалады. Мен атайын душмандын эң мыкты түйүнүнө сокку уруучу эскадронго кошулуп алгам. Эртеси түштөн кийин гана кыштактар фашисттерден толук тазаланып бүттү. Атчан ээн көчөдө келе жатып бир кудуктун жанына түштүм. Чөнтөктөрүмдү аңтарып тамеки таппай отургамын. Жаныма эки казак келди да: «Жолдош комиссар, бизде тамеки бар. Чегесизби?» деп жылмайышты. Тамеки тарттык, казактар менин туулуп-өскөн жериме, атчандардын кайсы бөлүгүндө кызмат өтөгөнүмө кызыгышты. Алардын мамилесинен биринчи жолу урматтоо сезимин байкадым. Бир кезде полктун командири ординареци менен пайда болду. «Жүр комиссар, штабга, иш бар», – деди. Аларга кошулдум. Жолдо келе жатып: «Түзүк экенсиң, – деди Капустин, – кээ бир немелердей өзүңдү далдаага алганың жок. Анан баягы менин сөзүмдү... билесиңби? Алиги, атка өзүң мине аласыңбы дегенимди».

Андан ары ал эмне айтаарын билбей мени карап, ак эдил күлүп жиберди. Мен: «Жолдош подполковник, мен аны эбак унуткам!» дедим.

– Казактардын эрдиги жөнүндө эмне айтсаңыз да ишенем. Алардын рухий дүйнөсү да өзүнчө кызыктуу...

– Кубандык кызыл атчандар жөнүндө том-том китеп жазса болоор эле, – Смайл аке манжалары менен столду черткилеп ойлуу отурду, – ар бир салгылашуу алдында партияга кабыл алууну өтүнгөн арыздар толуп кетүүчү. Шартына жараша кабыл алып, толуктап турдук. Бул кыргын эң мыкты казактарды катардан чыгарып, далай ак эдил эрлерден айрылдык. Чектен ашкан салгылашуу өлүмдү унутууга аргасыз кылат экен. «Ата Мекен үчүн!» деген ар бир кыйкырык жан-дүйнөбүздү козгоп, душмандан өч алуу деген бир гана ой багыт көрсөтүп турар эле. Салгылашуу болоор алдында казактарды жаалданган сел өңдүү сезчүмүн.

Мына ушул жойкун сел бир гана ураан чакыруу, өлүмдөн коркпой алдыга жол баштап атка камчы уруу менен бөгөтүнөн ажырап, душманды каптап кетүүчү да алдынан кезиккенин тебелеп-тепсеп, жапырып, жер менен жексен кылуучу.

Ардактуу ветеран ойлоно тамеки түтөттү. Өңүнөн саал чарчаганы сезилгенсийт.

– Бир аз тыным алсак кандай дейсиз, эшикке чыгып тамеки чегели, – дедим блокнотумду жаап.

Пржевальск шаарынын Карл Маркс көчөсүнө жайгашкан чакан үйдүн цементтелген короосунда ары-бери басып турдук. Жаныбызда бийик өскөн гүлкайырлар күн нуруна магдырагансып, кыймылсыз.. Бул «тыным алууда» өзүбүз эркин басып жүргөнүбүз менен адамдардагы эрк, эрдик жогорку маектин уландысы эсибизде турду.

– Эрдик, – каармандык жөнүндө анын табияты жөнүндө билүү кызык, – дедим мен. – Бул өзү адам өмүрүндөгү айтууга тил жетпеген, ошону жасаган адамдын өзү да түшүнбөгөн кокустукпу? Кандай дейсиз, Смайл Салимович?

Ветеран түтөгөн сигаретинин күлүн алманын бутагына тийгизип түшүрдү. Көзү колунда болгону менен ички дүйнөсү башка жактарды кезип менин суроомо согуш талаасынан жооп издеп жүргөнсүйт.

1981-жылы гвардиячы атчандардын 3-дивизиясынын түзүлгөнүнө 40 жыл толду. Анын 9-полкунда бар-жогу 18 ай гана кызмат өтөдүм. Чакыруу кагазы келсе да Армавирге баралбадым. Ооруп жүргөм. Кайран азаматтар. Коммунисттердин жарымына жакыны көз алдыбызда эрдик менен курман болушту Алардын бары дээрлик чыныгы азаматтардан эле. Бир гана көз ирмем убакыт ичиндеги аракет майдандагы согуштун тагдырын чечкен учурдун күбөсү болдум. Эрдик... Бул татаал кубулуш. Өз милдетим деп аткарган карапайым ишим менин эрдигим болуп калганын кийин

билип жүрөм. Ишенүү да кыйын. Ал «эрдик» эмес, катардагы иш болууга тийиш эле деп ойлоном. Кыязы, эрдиктин көрүнөөр учуру бир болгону менен анын жаралышынын түпкү тамырлары көп болсо керек. Мен өз башыман өткөн бир окуяны айтып берейин, – деди Салимович кайкая белин түзөп. «Өзү жөнүндө эми айтат» деген ойго келдим. – Согуштук мааниси чоң болгон Михайлов кыштагы, андагы темир жол станциясы үчүн болгон салгылашууда полктун командири Капустин эки анжы ойго берилип, убакыт саал чоюлуп калды. Баары азыр да көз алдымда турат. Түнү менен жааган карга карабастан жоокерлер ат үстүндө чабуулга даяр турушкан. Таң сүрүп келе жатты. Фашисттердин коргонуу күчү бизден алда канча артык. «Жерге жарык түшүрбөй уйкулуу-соо жаткан душманды кокусунан басып калсакпы, мындай болгондо биз алсырап, кыштакты алаар алдында жаңы күч менен 12-полк бөйрөктөн кирип келсе, фашисттердин толук жоюлушу мүмкүн да, кыштакты алуунун сыймыгы 12-полкко оодук болбойбу?!» деген ойду ойлоптур Капустин. Албетте, замполит катары мындай майдачылыкка каршы болдум. Өзүңүз ойлойсуз, подполковник Капустин өлүм жөнүндө ойлоп да койбогон, бет алган багытынан бир кадам артка чегинбеген душман тобуна жалгыз өзү ат ойнотуп кирип барган тоо жүрөк адам болуучу, – Салимович сигаретин соруп тез үйлөдү да күлүн дагы алманын бутагына жеңил сүйкөп өттү.

– Өлүм менен өмүр алпурушуп, кан кечип жүргөн учурда өзүбүзгө жардамга келүүчү 12-полк менен көкбөрү тартып жаткансып, Капустиндин жөнөкөй ойлогонун эрдик эмес деп айта аласызбы?

– Эрдиктин, ым-м, бир түрү деп коёлук, – дедим мен мукактанып.

* * *

– Смайл Салимович, сиз татаал өмүр мектебинен өттүңүз. Жарык дүйнөдө жетимиш үч жыл өмүр сүрдүңүз. Балким, жаштарга каалооңуз бардыр? – дедим жанында кетип бара жатып.

– Менин каалоом бар. Уруш – апаат! Аны болтурбоо керек. Ушул тынч күндөрдө жаштар акыл-эстүү жашоого, мекенин көзүнүн карегиндей коргоп, сүйүүгө, биздин улуу ишибиздин татыктуу мураскерлеринен болууга умтулуш керек. Өмүрдөгү күрөш – бул ыйык кыймыл! Согушта Мекен деп курман болгон эң мыкты азаматтардын тагдыры мага адамдын улуулугун далилдеп берген. Эгер билсеңиз, дагы кайталап айтайын, Мекен, Эл деп күрөшкөн адам улуу! Жаштар мына ушуну терең билиш керек, – деди Смайл Салимович мага чечкиндүү карап.

**1979-жыл**

# ОКШОБОГОН ТАГДЫРЛАР

## I

Керегеси жерден кулач көтөрүлүп жепирейген төрт там мындан он жылга жуук мурда, Апрель көңтөрүлүшүнөн[11] кийин медреселерден оолак «жаңыча салынган мектеп» деп аталчу. Балдар жуушан тээп, чикит чаап, чүкө ойной берип мектептин тегереги чөп баласы кылтыйгыс болуп тапталган. Эртеден кечке ызы-чууга белчесинен малынган бул мектеп көбүнчө аарынын уюгун элестетет. Мугалимдери жөнүндө айта турган болсок, мектептин кароолчусунан айырмаланбаган төрт-беш жүдөө киши көз көрсөтүп жүргөнү болбосо, адатта булар ээн баш балдар чогулуп ойноп жаткан ээн тамдын ээси өңдөнүп балдарды тыйымыш болуучу да: «Ай эми сабак бербесек болбос» деген маалдарында гана класстарга биринчи болуп кирише турган. Жаатка бөлүнүп, куурай мылтыктар менен атышып, өлүмүш болуп жерге оонап чамбулала болгон балдар коңгуроонун шылдырын угаары менен класстарга топурашат. Кечөө биринчиде окуган бала бүгүн экинчиде окуй берет. Анткени аны эч ким тергеп-тескебейт. Мугалимдер балдарды жакшы окууга үндөө мындай турсун, өзүлөрүнүн бир кездери мектепке кирип калган шор маңдай экенин тымызын моюндашып, жылма улутунушат. Кыскасы, мындагы агартуу саласында маңдайдагы эки көз бир-бирине душман, ооздон чыккан ар бир сөз опурталдуу! Бул өңдүү бала – казаадан аман-эсен кутулуу кандай бактылуу адамга тиешелүү болду экен?!

Жайкы каникул келип, чурулдаган балдардын үнүнөн мугалимдердин кулагы да тынды. Бирок, жепирейген төрт тамга мугалимдер күндө келүүгө тийиш. Мектептин жыртык-тешигин бүтөп дегендей келерки окуу мезгилине даярдык жүргүзүлөт.

Узун бойлуу, кочкор тумшук Мансур афанди, Калам шарифтан сабак берген Сайит Агзами, орто бойлуу кыргыз мугалим Борколор томсоргон ээн класста кимдир бирөөнү күтүп отурушат. Жалгыз Мансур афанди гана муштумун түйүп алып, бирөөнү коюп жиберчүдөй ызырынат. Таакатсыздык менен асткы эрдин тиштегилейт. Ички дартын көл-шал төгүп жиберүү үчүн эң жакын адамын издегенсип терезеден алысты карагылайт. Муну байкаган Борко жаагын таянып ойлоно отурду: «Балаа-казаа деген каш кабактын ортосунда. Мына бул жеңил ойлуу бечаранын тагдыры кандай болоор экен? Бүгүн болбосо эртең камалбайбы, өзү аны сезип да койбойт!»

Эшик ачылып, шыңга бойлуу, чекир көз, кара чаар жигит кирип келди. Бул кирип келген мектептин мүдүрү (директору) Абдырасул эле. Мансур

[11] 1934-жылы Синьцзян дыйкандары көтөрүлүп орноткон жаңы өкмөт.

афанди жылаан көргөндөй жыйрылып, тиштерин ашкере кычыратып Абдырасулду ата карады.

Абдырасул отургандарды бир чолуп өткөн соң, эки колун артына алып ары-бери басып, тапшырмаларын бере баштады:

– Эртеңден баштап саман көтөрүп келип, ылай жасап, мектепти шыбагыла. Биздеги жакшы мугалимдин бири Сабыр Бекмуратов кармалды. Көрсө ал хайин (чыккынчы) экен. Япондорго сатылыптыр...

Мугалимдер унчугушпады. Асиресе Борко башын салып жым отурду.

Абдырасул сөзүн улай түштү:

– Азыр биздин арабызда да мындайлар бар. Маселен, мына бул Мансур афанди өкүмөткө каршы ушак-айыңды көп айтат. Марксизм китептерин окуйт. Биздин шаңдуу Пыркабыз[12] коомдук өнүгүүнү эч качан да Марксче чечпейт. «Дүйнөлүк улуу бирликке»[13] жетүү үчүн Санминжуйыдан[14] башка жол жок экенин Мансур афанди түшүнөөр кези келди. Сабыр Бекмуратов да марксизм китептерин башына жазданып жатып окуган. Мунун аягын өз көзүңөр менен көрдүңөр...

Бул сөздөр Мансур афандини андан бетер кыжырдантып, ордунан ыргып турууга аргасыз кылды:

– Токтот сөзүңдү, узун кулак[15]! – деп чаңырды ал.– Анык хайин сенсиң. Биз эзелтен эле Кытайсыз жашаганбыз. Батан (ата мекен), эх, азиз ватан, ушуларга кор болгон! Бекмуратовду түрмөгө жапкан сенсиң!

«Кудай сактаа!» – деп ойлогон Борко мурдагыдан да чөгө отурду.

– Бас жаагыңды! – Абдырасул үнүн тигиникинен катуу чыгарып, партаны бир муштады. – Сен хайинсиң. Мен сен өңдүү Кызыл жахангерге сатылган эмесмин. Сенин көзүңдү тазаламайынча иште береке болбойт... ашыкпа! – Абдырасулдун каны ичине тартып, ары-бери басканын коюп, бир орунда туруп калды. Анан бирден эле бурулуп эшикке чыгып кетти.

– Билгениңди кыл, узун кулак! – деп чаңырды Мансур афанди анын артынан.

Сайит Агзами менен Боркого мындайдын таптакыр кереги жок эле. Бирок балаанын башталаарына алардын да көзү жеткенсиди. Уездик Даңбу[16] менен Гүңанжу[17] Абдырасулдун тилин алаарын элдин баары билет. Бечара Мансур афанди... Булар ушундайча ойлонушуп, тымызын улутунушуп таркалышты.

---

[12] Партия (Гоминдан).

[13] Гоминдан партиясынын максимум программасы.

[14] Кытайдын улуу демократ революционери Сун-Ят-сен жазган китеп. Аны кийин Чан-Кай-ши өзгөртүп пайдаланган да, аты гана сакталып калган.

[15] Эшек, өтмө мааниси – тыңчы.

[16] Уездик партия бөлүмү.

[17] Коом коопсуздугун сактоо мекемеси.

## II

Үлпүлдөгөн суумай чырактын күңүрт жарыгында Борко баласын тизесине кондуруп алып, эркелетимиш болуп жантайып жатты. Ал адатта үй ичи менен да көп сүйлөшө берчү эмес. Бала аяк-быякка артылып түшүп, өзүнчө ойноду да, бир кезде атасына кайрылды:

– Ата, маа мылтык жасап бересиңби?

Борко башын көтөрүп алды:

– Ким үйрөттү аны сага?!

– Балдардын баарысы жараңкадан мылтык жасап алышты да...

– Андай сөз таркатпа! Уктуңбу? Гуңанжу камап таштайт. Элдеги мылтыктын баарын жыйнап кетпеди беле, дагы мылтык дечү болсоң эки көзүңдү жылтыратып түрмөгө түшөсүң да, балак жейсиң!

– О-оба, балдар ойноп эле жүрбөйбү...

Заманы курусун – ай! Балдар мылтык жасап атышып ойносо, бирдеменин болоорун сезишкени. Наристе балдар periште да. Бирок, тынч жашоо керек. Тирүү болсоң сандала бермей баягы! Ырыскыга табылганды жеп, бала-бакыраны багуу гана керек. Саясатына да, башкасына да аралашуунун мен үчүн кыпындай пайдасы жок. Мына ушундай ойго Борко абдан ишенип алгандыктан эч кимге да аралашчу эмес, бирөөлөр саясат жөнүндө талаш жүргүзүп калса, алардын жанынан кетип калууга шашыла турган. Өзү болсо өкмөт жөнүндө лам деп бирөөгө ооз ачпайт. Жадагалса, туугандары кеңеш сурап калса, ага билип турган өмүр тажрыйбасын айтуудан да баш тартат. Анын да бир кездери зыяны тийиши мүмкүн дейт!

Ал төшөгүнө жатып алган соң да далайга уктай албай кыял сүрдү. Аялы ага көп кадалчу эмес. Ошон үчүн анын дембе-дем улутунуп, ары-бери ооналактаганына этибар бербей уйкуга кирди. Борко уктайын эле деп көзүн жуумп, ойлонбоско кыйла аракеттенип көрдү. Бирок, ой-кыял деген нерселер көзгө көрүнүп, колго кармалбайт эмеспи. Аны түтүн өңдүү желпип алыстатып жиберүүгө да болбойт. Борконун көз алдына тегеректи тапталган мектеп тартыла калат да, «узун кулак мугалимдер» менен аргасыз мамиле кылууга киришет. Четинен бирин-бири каматып жүргөн агартуу чөйрөсү өзүнчө бир сахна оюнун элестетет. Кимдир бирөөлөр сахнага чыгат, тийиштүү ролун аткарат да, ары кетип караанын өчүрөт. Буларды ушул абалга түшүргөн кандай кудурет болду экен?! Мейли, кимдин эмне болоорун ким билиптир. Айтоор өзүм чалынып калбасам эле болгону деп жатып ал акыры уйкуга кетти...

Эртеси Мансур афандиден башкасы мектепке жыйналды да, жер казып, ылай жасашты. Ар ким күйпөлөктөп, ишке катуу киришкенсип,

өз ара сүйлөшүүдөн атайын качып жатышты. Асиресе Мансур афанди жөнүндө Абдырасулдун такып сурап калышынан чочулашты мугалимдер.

Кечинде абдан чарчаган Борко колу, башын жууп, үйүн көздөй келе жатты. Кудай сактап бүгүнкү бир күн да тынч өттү деп ойлоду ал. Бирок, көчөдөн имериле берери менен дал эле жүрөр жолдун ортосунда какайып турган Мансур афандини көрүп калды. Аны көрмөксөн болуп өтө бермекчи да болду. Балаа деген кашкабактын ортосунда эмеспи, Мансур афанди буйтап өтүп бара жаткан Борконү шылдың кыла күлүп жиберди:

– Борко, афандим, баатыр бир өлөт, коркок миң өлөт! Баары бир аксиатчылар[18] сенин башыңды да тегеретет. Кишилер уждан менен жашашы керек. Узун кулактар мени карматышат, анан барып өзүлөрү кармалат. – Ошентип, ал үнүнүн бардыгынча чаңырды. – Өз этиңди өз майга кууруп жейт!

Бир орунда туруп калган Борконун жүрөгү чыгып кете жаздады. Ал мындай сөздөрдөн алтынга аралаштырып сарай салып берсе да, анын ичине кирип жашоодон баш тартмак.

– Мансур афанди, – деди Борко жалыныч менен, – мен мындай иштерге аралашпайм. Бала-чакам бар. Маа эчтеке айтуучу болбоңуз, түшүнүңүз! Менин буга байланыштуу жумушум жок...

Мансур афанди көкүрөгүн кере дем алды да, дагы кыйкыра сүйлөдү:

– О акылсыз коркок! Сенин көрүң менин көрүмдүн жанында. Гаплат[19] баскан бу заманда, – деп ал тоо-ташты жаңсап кулачын керди, – эч ким эркин жашамак эмес...

Борко андан бетер куушурула түштү. Ал корккондугунан эки кулагын алаканы менен баса коюп үйүн көздөй жөнөдү. Ал кетип бара жатканда да кулагы чуулдап, Мансур афанди колун жаңдап инкылап[20] жөнүндө жалындуу сөздөрдү сүйлөп, артынан ээрчип келе жаткансыды. О-о жараткан! Киши канчалык кабылбайын десе да жамандык өзү келип кабылат тура! Кандай жашоо керек?

Мындай өмүргө каргыш гана тийсин! Жөн жүрүп да жүрөгүмдүн сары суусу алынып бүттү деп ойлоно келе жатты Борко. Бул кезде ал өзүнүн дарбазасынан кирип бара жатканын да байкаган жок.

Эки күндөн кийин Мансур афанди түн ичинде кармалып кеткени угулду. «Мына, – деп ойлоду Борко, – ушуну көрмөк эле да. Куйругун кыпчып жанын бакпайбы! А мен эч нерсеге аралашпаганым үчүн гана жарык дүйнөдө тирүү кыбырап жүрөм!»

---

[18] Реакциячылар.

[19] Кара түнөк.

[20] Революция.

Чындыгында Мансур афанди чегинен ашкан фантазёр патриот болучу. Коомдук илимдерди аздап окугандыктан турмуштагы ар бир кубулушту ал өзүнчө түшүнүп, өзүнчө чечүүчү. Ыңгайы келип калганда, улуттук эзилүүнү көз алдына элестетип, кызыл желегин жалгыз өзү көтөрө чуркачу... Карапайым эл аны окуй берип көк мээ болгон десе, окугандар андан чума менен ооруган кишиден качкандай качаар эле.

Түн ичинде каалгасын кагып, куралдуу чериктер кирип келгенде Мансур афанди эч кандай коркуу дегенди билбестен кармаша кетти. Өзү окуган китептердеги, көргөн фильмдердеги каарманды туурагысы келди. Бирок, турмуш чындыгы ачуу да – чериктер омдоп-домдоп жиберди да, түрмөгө барып жатууга мажбурлады. Чап жаак жужаң[1] амалкөй болучу. Ал күмөндүү кишисин колго алаары менен бирден эле суракка тартып басып жыгылчу эмес. Аны түрмө менен, андагы мамилелер менен, жумушчулар менен тааныштыра жүрүп, кандай киши экенин билип алчу да, сурак үстүндө күнөкөрдүн ошол алсыз жерин чукуп, тырмап ырбата берет. Акыры дал эле ошол жерден кабылдап шишип, күчөгөн жара ал кишини жарык дүйнөдө аз эле күн жашатат! Мансур афандини сасыган абактыда бир түн жаткызгандан кийин сей (жашылча) отоого алып чыкты. Кетменди колуна карматып: «Мына бу босей, калгандары отоо чөптөр. Отой бер эми», –деп түшүндүрдү черик. Бирок, өкмөткө каршы фантазер жарым саатка жетпеген убакыт ичинде отоо чөбүн да берки керектүү сейлерин да тыптыйпыл кылып кетмендеп таштады.

Бул кабар ошол замат жужаңга жеткизилди. Жужаң ары карап күлдү. Анын күлкүсүнүн сыры табылгыс табышмак! Ал күлүп турганда кызык нерсеге күлгөнүн, мыскылдап күлгөнүн, боору ооруп, аяп же кекетип күлгөнүн киши ажыратып биле алчу эмес. Күлкүсүнүн ички мааниси өзүнө гана аян эле. Мансур афандинин кылыгына ал күлгөндөн кийин лозунга[21] мындай тапшырма берди:

– Кайра камап койгула. Эшикке чыкпасын, тамак да берилбесин!

Лозун жужаңдын айтканындай иштеди. Мансур афанди болсо, эч кимди да көзүнө илбей турганын билгизип камерада кечке чейин зуңкулдап ырдап жатты. Ал кайраттуу болом, моюн сунбайм, деген байламга келди. Ал ой-кыялы менен эле бүткүл Кытайдын бийлигин таш-талкан кылып таштоочу. Ошон үчүн ал өзүнүн түрмөдө экенин унутуп, тамак бербөө, эшикке чыгарбоо дегендерди чымын чаккан курдуу көргөн жок. Кайра чыңдалам, инкылаби иштерим жаркырай түшөт деп түшүндү.

Кечке чейин баатырлык менен ырдап жаткан немени түн ортолоп, көзү илине бергенде, шарактатып темир эшигин ачып, суракка алып келди. Мансур афанди суракта өзүн чыныгы инкылапчылардай кармай

[21] Түрмө караган черик.

билди. Ал түгүл өзүн кыймыл үстүндөгү бирер жер асты уюмунун жетекчисиндей сезди.

Чап жаак жужаң болсо анын айжан сөздөрүн шыпыра жазып, ичинен күлүп, улам жаңы суроолорду сылык-сыпаа жөнөтүп жатты:

– Ошентип, Мансур афанди, сизде марксизм китептери жок деп жазмай болдук.

– Өз эркиң!

– Өз элиңиз үчүн сиз кандай коомдук түзүлүштү каалар элениз?

Мансур афанди сот алдында сүйлөй турган кезегим эми келди деп түшүндү да, өкмөттүн бардык караңгы саясатын ашкерелеп салмак болду:

Бул түзүм маа жакпайт! Мен каршымын, –деди фантазёр көкүрөгүн көтөрө таштап. – Миңдеген жакырлар ач-жылаңач өлүм оозунда жашап турган мындай коомдук түзүм кумпайкум[22] болушу керек. Тарыхтын дөңгөлөгү токтоосуз илгерилейт, аны эч кандай бийлик тосуп калбайт. Баш көтөргөн улуттук кадрлар силердин түрмөңөрдө чирип жатат. Адамдардын аң-сезиминин төмөндүгүн негиз кылып жүргүзүлүп отурган мындай саясат өлүмгө гана барышы керек. Бирибизди-бирибизге узун кулак кылып, бирибиздин артынан бнрибизди өлүмгө узатып турган сен өңдүү канкорлор адилдик алдында жооп бере турган заман келет! Азат заман өзүнүн шооласын жаркыратып бизди күтүүдө, мен өлөм, бирок эл ошол күнгө жетет!

Жужаң булардын бирин калтырбай жазып алды да, сазайын эми бере берсе болот деп ойлоду. Ал мурда жылмайып, жылуу өң көрсөтүп отурган эле. Азыр болсо бирден эле кумсарып, жаак эттери титиреп чыга келди.

– Ушундай тескери сөздөрдү элге таратып, бүлүк чыгарып жүргөнүң чындык. Өкмөткө каршы кандай уюм курдуң? Мына ушуну айтып бер?

– Жок, мен эми эч нерсе айтпаймын!

– Айта-ас! – Жужаң алаканы менен столду коюп-коюп жиберди. Мансур афанди кубара түштү да, башын чайкады. «Айтпаймын!»

Жужаң жеңин түрүнүп, бир демеге камданып черикке «алып келгиле!» деген ишарат берди. Черик чуркап чыгып бир мешокко оролгон нерсени көтөрүп келип полго жая салды. Анда тырмактын көбөөсүнө сайылуучу темене, чекеге салып толгоочу кыл аркан, кайнатылган майга чылап туруп жылаңач этке чабуучу кыл куйрук, томукка минут сайын бирден – он минутта онду уруучу кай токмок, дагы башка да шалдыраган кыйноо аспаптары бар эле...

Буларды көргөн Мансур афандинин жүрөгү шуулдады. Эми эч кандай күч өзүн калкалап калалбасын анык сезди. «Эмне болсо да чыдашым керек!» – деп тиштенди ал.

---

[22] Ташталкан

Тоок чакырганга чейин сурак үйдөн озондогон үн угулуп, башка күнөкөрлөрдүн да жүрөгүнүн үшүн алды. Бир кезде шарактап түрмөнүн эшиги ачылып, чала жансар Мансур афандини түртүп киргизгенден кийин гана бүт тегерек тынчыды. Мына ошол түндөн кийин Мансур афандинин камерасынан созолонгон ыр мүлдө угулбай калды.

III

Кармалып кеткен Мансур афандинин түрмөдөгү абалы жөнүндө эч нерсе сезбеген Борко адаттагысындай мектепке келет да, жумушун улантат. Дин мугалими Сайит агзами көбүнчө адамдардын эркинен тыш жашап турган кудайдын кудурети жөнүндө сөз козгойт. Ал бул жагынан канча айтам десе, эрки бар. Акырында келип: «Улук кудаа эмес, кудаадан жудаа эмес!" – дейт. Борко угуп жатканы болбосо, бир ооз да сөз кыстаралбайт. «Эмне зарылдыгы бар аралашуунун, заман минтип турганда, деги сүйлөбөй койсом эмнем кетет!» – деп ойлойт да, тамын шыбай берет. Мына ушундай бирөө сүйлөп, бирөө угуп жатканда булардын жанына жай басып Сабыр Бекмуратов келди.

– Салоом алейкум.

Тиги экөө жалт караштьı да, алик алуунун ордуна ооздорун ачып Сабырды таң кала карап калышты. «Гоминдандын түрмөсүнө кирген киши да кайтып чыгат экен ээ!»

– Силерге салам айтып жатам...

– Алеки салам, – дей салды Сайит Сабырдан көзүн албастан.

Борко там шыбаганын коюп, колу-бутун жууш үчүн арыкты көздөй кетип бара жатты. «Бул кантип чыкты? Узун кулак болуп чыкканы да!»

Сабыр беркилердин коркконун сезип, мектептин шыбалган жерлерин көрүмүш болуп ары басты. Буларга сөз айтпоого тырышты. Бирок, Боркогочу? Борко кичинесинен бирге ойноп, бирге өспөдү беле! Жок, ошондо да азыр эмес. Ал өпкөсүн бассын!

Сабыр мектептин ичи-тышын көрүп жүргөндө берки экөө колу-башын жууп үйлөрүнө жылт коюшту!

«Эмне кылыш керек? Эртерээк аны коргоп калыш керек!» – деп корутту Сабыр. Анан кечинде жай басып Борконун үйүнө кирип барды. Борконун жүрөгү дагы шуулдай баштады. Бирок, амал канча, үйгө келип калган соң күтүмүш болду. Сабыр эч нерсе айткан жак. Бар болгону Борконун кичүү баласын эркелетип жарым сааттай отурду да, кайра чыгып кетти. Анын бул кылыгы Боркодо түрдүү күмөндөр туудурду. Ар нерсеге жан дили менен ой жүгүртө берип абдан арыктаган Борко бир түндү аман-эсен өткөрүп алса бир канимет эсептеди. Ал эми келерки түн болсо, балким андай боло койбос, бирок, ким билиптир, бул шум дүйнөнү!

Кармаса кармап кете берет да. Ай ушу мугалимдиктен кантип кутулам? Өзүнөн башка үч мугалим, бул үчөө тең Борконун күмөндүү кишиси. Бир кишиге үч шпион жетерлик эле! Сабыр болсо өз жаны үчүн менин артыман ачыктан ачык түшүп отурат...

Бирок, Борконун мындай ойлоруна карабастан Сабыр Бекмуратов келүүсүн токтотуп койгон жок. Бир күнү кечинде дагы келди да, баягы баланы эркелете отуруп жай сөз баштады.

– Ээ, Боке, теңтуш өспөдүкпү, менин оюмча өзүбүздү-өзүбүз жеп, мүлжүп бүтөөр болдук...

«Мынакей, Сабыр капканын ачык курду да, мына буга түшүүгө тийишсиң деп сөөмөйү менен көрсөтүп жатат!» – деп ойлоно кетти Борко. Эгер Сабыр чын нээти менен айтып жатса да, өзүнүн олку-солку тагдырын эч кимдин артынан ээрчүүгө мажбурлай албайт. Ошон үчүн деги мындай сөздүн кереги жок!

– Сабыр менин башымды чаташтырба. Араң жүргөн жаным бар. Жетимге жөтөлдүн кереги не? Менин кишиге жамандыгым жок, башкалардын да мага жамандык кылбастыгын каалаймын, – деди Борко. – Силер мага көп кызыккаңарды койгула. Эгер кызматым керек болсо, жамандыкка алпарбай эле алгыла да...

Бекмуратов баланы эркелете отуруп жылмайды:

– Борко, азыр билсең да, билбесең да сенин алдыңда эки гана жол бар. Сен ошонун бири менен жүрүүгө тийишсиң. Башкача айтканда, же берилесиң, же каршы чыгасың. Сыр тартып жатат дебегин. Мен сени менен бир ачык сырдашайын деп жүргөм. Түрмөдө он күндөй жатканым менен, менден эч кандай күнөө табалбасын билгемин. Тынчылыкка тарткан жок, ишенишпейт. Азыркы кытайлардын максаты көзү ачылган улуттук кадрларды бири менен бирин кагыштырып, четинен көзүн тазалап туруу. Ошентип элди башсыз калтырып, түбөлүккө караңгы кармамак. Бирок, эл тынч жатпайт, бул чындык.

Борко алды менен куру жөтөлүп алып, анан сүйлөдү:

– Мен, кыскасы, мындай ишке аралашпаймын. Мансур афанди баарыңар бир болсоңор керек, ал азыр түрмөдө отурат. Жаш балдарымды жетим калтыргым келбейт. Ажалым жетсе ушул үйдө өлөйүн. Мындан ары маа келчү болбо! Мен да сенин бул сөздөрүңдү эч кимге айтпаймын...

Сабыр өзүнүн Боркого таасир эте албаганына катуу өкүнүп кайтты. Мурда ал Боркону аркы-беркиге сеп салган, түшүнгөн, ошон үчүн азыркы бийликтен жийиркенген киши деп ойлоочу. Мындай кишиге болочок жөнүндө айтылган ишенимдүү сөздөр, албетте, пикирин бир жерге топтоп, адил корутунду чыгарууга мажбурлайт деп ойлогон. Бирок, ал

ойлогон жердей чыкпады. Кооптуу болсо да анын өзү ишенген жолу бар экен. Ал жол – коркоктук, эт менен челдин ортосунда жан багуу, эптеп күн өткөрүү! Мейли, коркок бөдөнө түлкүнүн ийнине өзү барып кептелет...

Борконун Сабырга ишенбесине эч кандай негиз жок болучу. Анын түрмөгө түшүү себебин Борко жакшы түшүнгөн жок. Кытайлык тыңчылар Сабырдын артына түшүп, көптөн аңдыды. Ар нерееми баамдап, өз билгенинде бекем жүргөн бул кара мүртөз немеден тыңчылар эчтеке табалбай ызаланган учурлар да болгон. Кимдин кандай киши экенин анын айткан сөзүнөн, кейпинен, көзүнөн баамдоого, билип калууга аракеттенген Сабыр өзүн алардын алдында өтө эркин кармады. Алардын үмүтүнө байланышсыз сөздөрдөн козгоп, кез-кези менен аңкоо боло кетип, тыңчылар ыргыткан кайырмактан көрүнөө жандап өтүүчү. Ал эми шаар-шаарды, айыл-кыштакты кыдырып жүргөн думаналар ушу жыл бөтөнчө көбөйүп кеткендиктен, аларга «боору ооруган» Сабыр үйүнөн насип төкчү. Кээде аялына чай кайнаттырып, куду бир тааныш мейманы келгенсип, думананы сыйлап коё берүүчү. Кайдигер бир ак урган немени сыйлаганы үчүн үй ичи араздашып калган күндөр да болгон. Өзү камалгандан кийинки онунчу күнү суракта негизинен ушул думаналар маселеси коюлду:

Бир айдын ичинде сенин үйүңө думаналар он нече ирет кирген, мунун себеби эмнеде? – деп сурады жужаң.

– Мен думаналарды чакырбайм, – деп токтоо жооп берди Сабыр.– Көп келсе анын себебин өзүлөрү билүүгө тийиш. Бирок, биздин үйдөн нан сурап алган думана сөзсүз башка үйдөн да сурап жейт...

– Думанага эч ким да чай кайнатып бербейт, алар силердин үйдөн гана чай ичет. Мунун себеби эмнеде?

– Албетте, – деп козголуп алып дагы шашпай жооп бере баштады Сабыр. – Бул үчүн сиз эмес үй ичим да мага абдан наараазы. Кээ бир думаналар өтө бай турганына карабастан элден токоч сурап жегенди адат катары колдонот. Мен мындайларга эчтеке бергизбейм. Ал эми кээ бирөөлөр чынында да багаар-көрөөрү жок мусапырлар. Мындайларга чай кайнаттырып берип, адамча сүйлөшүп коё берем. Алар да адам баласы да. Алар чындыгында жылуу сөз менен жылуу тамактан кол жуугандар. Мен кандайдыр буларга боорум ооруйт...

Жужаң Сабырдын акылдуу көздөрүнө тигилди:

– Мансур афанди кандай иштеп жүрөт?

– Ал азыр кандай иштеп жаткан болсо, ошондой иштеп жатат, – деди Сабыр күлүп жибере жаздап. – Муну көбүнчө мүдүр Абдырасул жакшы билет, ал баарыбызды башкарып жүргөн киши да...

– Ошондо-ой, – деп ордунан турган жужаң сигаретин соро бурчка барды да, түбүн таштап кайра келди. – Сен таарынбагын, өкүмөт деген

ата, букара деген бала. Атасы баласына сынтага берет. Сени менен бир таанышып коёюн деп чакырдым да, колум араң бугун тийип отурат. Дагы көрүшөбүз, Бекмуратов. Ошондой эмеспи?

Буга Сабыр жооп каткан жок. Жужаң аны камап коюуга буюрду да, жалгыз калып сөгүнө баштады:

– Бул оңой айбан эмес! Сазайын келиштирип туруп берем да. Тышка чыгып думаналары менен коюу байланышсын. Коюу нерсеге чөккөн неме оңой чыга койбос!

Эртеси Сабырды түрмөдөн чыгарып жиберди. Көчөлөрдөн, мечиттерден табылган «тескери баракчалар» өтө көп болгон соң, жужаңдын ою боюнча мындай баракчалардын бири Сабырдын чөнтөгүнөн чыгууга тийиш да, Сабыр келгис жерине кетүүгө тийиш. Албетте, бул кол менен атайын жасалат, буга чейин Сабыр тышта жүрө берсин...

Кырдаалды жакшы баамдап, бардык иштен кабардар болгон Сабыр бул мүмкүндүктөн толук пайдаланып калды. Ал кошумча Боркону куткарып калууну ойлоду эле, бирок иш тескери кетти. Бир нече күн өткөн соң Сабыр Бекмуратов үйүнөн жоголду. Анын акыркы милдети мына ушул эле. Буга өзүнүн үй-бүлөсү гуңанжунун офицерлеринен кем таң калган жак. Сабырдын аялы суракка чакырылганда коркконунан бардык болгон ишти төкпөй-чачпай айтып өттү. Сабыр жоголоор түнү бир мусапырды болбой жатып кондуруп калганын, түн ичинде экөөнүн бирдемелер жөнүндө көп сүйлөшүп жатканын, ага өзүнүн этибар бербегенин жашырбай толук айтып берди. Мына ушундан кийин, тышынан катуу акмалангандыны болбосо, Сабырдын үй ичине көп сөз келген жок. Ал муну да туура мөлчөрлөп кеткен.

Ушундай окуя менен жоголоор Сабыр жоголгон соң Борко өзүнө абдан ыраазы болду. «Баса, – деп ойлонду ал, – эгер анын тилине кирген болсом, өлүү-тирүү экенимди билбей, катын, балам абдан кууромак экен!» Өмүрдүн убактылуу жылтылдаган кубулуштарын ал чотуна ката сокту. Чот көрсөткөн сандарды Борко чыныгы жол катары баалап, ошо жолго түштү да, баса берди. Өмүр өз закон ченемин түбөлүк сактаган менен, аны кишилерге бир эле эскертет эмеспи. Абдан зээндүү, абдан баамчыл деп аталган кишилердин да миңден бири турмуш чотун туура соко алаар. Ал эми чотту чыртылдатып онду-солду сото берген киши турмуш эсебин тактай алмак беле...

Түн ичинде Борконун эшиги кагылып, куралсыз черик кирип келди. «Өлдү деген ушул!» – деп ойлогон Борко кан-сөлү качып, эмне кылаарын билбей делдейди.

– Оо, коркпо, – деди черик колун жаңдап. –Сени жужаң келип кетсин деди.

«Келип кетсин» дегени кандай? Гүнайжүгэ чакырууну жарым өлүм, түрмөгө түшүүнү толук өлүм деп түшүнгөн Борко буга ишене коёр беken?! Ал илең-салаң кыймылдап кийимин кийип, балдарын өөп, аялы менен коштошуп дегендей жолго чыгууну атайын кечиктирди. О-о, чиркин дүйнө-ай! Жөн жашоо мүмкүн эмес турбайбы бу жалганда...

Борко жужаңдын алдында өңү качып, эсин жоготуп отурду. Бул кырдаал жужаңды да кыйын абалда калтырды, сөздү эмнеден баштоо керектиги жөнүндө ойлонууга мажбурлады.

– Сен тамеки тартпайсың, ээ? – деп койду жужаң сигаретин тамызып жатып.

– Жогуңуз, мен тартпаймын.

– Аның жакшы экен, – жужаң жылмая күлдү.

Борко да күлөйүн деди, бирок ички салмактуу ой ага мүмкүндүк берген жок. Козголгон эриндери бат эле жыйналды да, эки колу үстөлдүн кырбуусун кармалады.

– Иштер жакшыбы?

– Мен шпион боло албайм, бала-бакырамды багалбай жүрөм, – деп Борко башын которо коюп катуу сүйлөп жиберди да, адепсиздик кылып койгонун сезип, кайра төмөн карады. Чындыгында ал бийлик деп аталган кудуреттин алаканында турганын, ал кудурет Боркону өз билгенинче калчай берерин, ал түгүл манжаларын жума койсо эле чымын жаны заматта чыгып кетерин ойлонбостон үнүн катуу чыгарып алган эле.

Көп кишилер менен кезигишип кандим болгон чап жаак жужаң Борконун бул «азоолугун» жаман эмес деп жоруду. Мындай жеңилдик каршы жактын бирар сөз таба коёруна мүмкүндүк берет эмеспи.

– Мындай, бери карачы, Борко, менин оюмча сен эч кимге зыяның жок кишисиң. Муну биз жакшы билебиз. Силердин мектеп ушакчылардын уясына айланып кетти. Биздин башыбыз да ооруду. Кээ бирөөлөр изсиз жоголуп жатат, – жужаң тынчсыздана баштаган Борконун көзүнө карап ордунан туруп кетти. «Бул ску[23] да бирдемени сезет!» Ал эки колун артына алып, бөлмөдө өтө бир муңайым кебете менен ары-бери баса баштады. – Кала берсе сен жөнүндө да ушакташат. Калп экенин билип турабыз, бирок амал канча, укпаска чара жок... жаңкы мүдүрүңөрдүн аты эмне эле, Абдырасул беле, ошол барып турган ушакчы болсо керек. Момуну окуп көрчү. – Жужаң алдын ала дайындап койгон бир кагазды сууруп чыкты да, Борконун окуп чыгышын өтүндү. Кагазга жазган кишинин аты жазылбаса да, жазуу Абдырасулдуку экенин Борко бирден эле тааныды. «8-айдын (август) 7-күнү, – деп жазылыптыр кагазга, – кечинде Сабыр Бекмуратов Борконун үйүнөн чыгып келе жатканын өзүм көрдүм.

[23] Ал кезде кытайлар карапайым кишилерди сыңку (айбан) деп тилдей турган.

Сабыр Борконун үйүндө кеминде жарым сааттан ашык отурган. Эмне сүйлөшкөнү маалымсыз...» Борко кагазды окуп чыккандан кийин атууга буйрулган кишиден жаман эсин жоготту. Бул окуя баягы Сабыр келип өзүн үндөгөн күн...

Борконун жүзү кылмышкерлик менен кубула түшкөнүн жужаң байкап отурду да, жай сүйлөдү:

– Мындан коркуунун кереги жок. Сени биз жакшы билебиз. А тиги Сабыр сеникине барганы чын беле?

Борко тантып коё берди:

– Барды... барган. Эмне айтканы таптакыр эсимде жок. Баса... тиги-и...

– Болуптур, – деп сөзүн атайын бөлүп жиберди жужаң. – Анын зарылдыгы жок. Кишинин үйүнө киши кирет. Маселе башкада, жаңкы мүдүр Абдырасул элдин арасына от жагып жүргөн жокпу, ал бар жерде этият бол. Сага ушуну эскертүүнү ылайык көрдүм, – деди жужаң. Ал Борконун көзүнө шашпай карап, атайын жай сүйлөйт. Адатта агасы инисине ушундай кебете менен акыл айтышы мүмкүн.

Борко гүңанжүдөн өзгөрүп чыкты. Иштин жайы мынчалык экенин ал мурда билген эмес. «Узун кулак» болуудан жана «узун кулактан» өзүнүн үстүртөн кана коркуп жүргөнүн билди. Эгер гүңанжүгө баруудан он эле минута мурда жүз тыңчы өзүн курчап алган болсо да, жаңкы кагазчалык таасир кылмак эмес. Өзүнүн үстүнөн жазылган жашыруун кагазды биринчи ирет көрдү, ал өлтүрүп жиберчү деле кагаз эмес. Бирок, Борко аны бир кооптуу түрмөк жиптин учу деп түшүндү. Жипти четинен чубап тарта берет, тарта берет, акыры бардык жип түгөнгөндө жипке байланган өзү чыга келет. Бараар жер баары бир өлүм экен го деп коркту ал. Жаңкы иттин баласынын менин үстүмөн жазып жүргөнүн кара, ошого кылчалык зыян кылдым бекен, Абыкелегенден башка жазыгым бар беле? Жужаң көрсөтпөгөн дагы кандай кагаздар суурмада жатат болду экен?! Ал үйүнө кумсарып, сенделип араң, жетти. Аялы муну көрө коюп чочуганынан суу тегеретип ыргытып, кудайга жалынып айлана чуркады...

## IV

Мансур афандини биринчи жолу жүрөгүн ала кыйнагандан кийин бутуна оор кишен салып, караңгы абактыга жалгыз камап таштады. Тамак үчүн суткасына атайын кум аралаштырып жасалган момодон бирди[24] тешиктен ыргытып берип турду. Арыкта агып жаткан суудан күнүнө бир эжир[25] бергизип, анын адамдыгын кордоду.

Он беш күн өткөндөн кийин суракка алып келген Мансур афандиден жужаңдын өзү чочуду. Сакал, мурут, чачы саксая өсүп, арыктыгы

24 Бууга бышырылган нан. Пампушка.

25 Карападан жасалган кесе.

чегине жеткен бул күнөкөр өлүмгө белин байлап, дагы айта турган акыркы сөздөрүн камдап сурагына кирген өңдүү.

Жужаңдын бирдемеге кыжыры келип, чыртылдап отурду. Кыйноо куралдары шарактап полго төгүлдү.

– Сен, Мансур, бизге чыныңды айтышың керек! – деди жужаң. – Чындык акыры жарыкка чыкпай койбойт. Кызыл жахангер, – деп жужаң Мансурду жалт карады, ал ушу атоочтун Мансурга кандай таасир кылаарын билмек эле. Бирок, тиги мурдагы арбак түрүнөн өзгөргөн жок.– Кызыл жахангер тынч элди козгоп, убалына калып жатат. Силер болсоңор аны ээрчийсиңер да, колго түшкөндө чыныңарга келбейсиңер. Чыныңды айттырбай коёт деп ойлобостугуң, керек!

Бул калп сөздөргө Мансур афандинин кыжыры келип, демин тишинин арасынан сызылта чыгарып:

– Ыплас-с! – деди да, жужаңга саксая карады.

Жужаң полду тээп-тээп бакырды:

– Сүйлө дейм, айбан!

Мансур афанди какырып туруп жужаңдын бетин көздөй түкүрдү эле, түкүрүк столдогу кагазга барып түштү. Жужаң салмактуу боло кетти, булганган кагазды алып ары таштады. Анан шашпай Мансурдун жанына басып келди. Эки черик Мансурду эки колдон бекем кармай калды. Күнөкөр дагы түкүрмөк болду эле, оозу какшып түкүрүк чыкпай калды.

Сүйлө, кызылдардын ити! – Чаңырып жиберди жужаң. Анан оор жыгач балак менен Мансурду бирден эле шакылдатып башка-көзгө койгулап жиберди.

Күнөкөр алды менен жазганып башын ары-бери кыйшаңдаткан менен бат эле алынан тайды. Ар жери томпоюп, канталап чыга келген башын шылкыйтып, кийинки таяктарды мүлдө сезбей калды. Эки черик чуркап барып суу алып келди да, күнөкөрдүн башына чачты. Эсин аз жыйган Мансур билинер-билинбес үн чыгарып, бирдемелерди айтып жатты. Анын заматта шишип, көк-ала болгон көздөрү өтө кайгылуу эле...

Жужаң сигаретин тартып алыстан карап турду.

Эки черик Мансурду оңдоп отургузуп, анын жанында ар ишке даяр катып турушту.

– Акыйкатка кайтууң, тобо кылууң жөнүндөгү мына бу кагазга колуңду кой, – деп буюрду жужаң.

Мансур кагаздан жүзүн ары бурду.

– Кой колуңду!

Күнөкөр ары караган бойдон отура берди. Акыры болбогон соң жужаң анын жанына басып барды да, бетинен чымчып алып өзүнө каратты.

– Коёсуңбу, койбойсуңбу?!

Мансур нурсуз көздөрүн жүлжүйтүп, көнөктөй шишиген башын араң чайкады.

Жужаң итиреңдеп жерде жаткан кыл арканды алып Мансурдун үстүнө ыргытып жиберди. Жедеп көндүм болгон желдеттер арканды Мансурдун чекесине байлай коюп, андан бир таяк өткөрдү да толгой баштады. Ар бир толгогон сайын «кол коёсуңбу?» деп мыскылдай сурап жужаң үстөлүндө жай отурду.

Мансурдун тили күрмөөгө келбей, күңгүрөнө берди. Кыл арканды толгогон сайын анын баш сөөгү кычырап, эки көзү тостоюп бери чыгып келе жатты. Ач киши кыйноого чыдай алмак беле, Мансур экинчи ирет эсинен танды. Мына ушул учурда чериктер Мансурдун чекесинен кармап турушту. Жужаң болсо алиги кагазга Мансурдун бармагын баскызды. Муну Мансур мүлдө сезген жок. Жужаң арканды бошотууга, түрмөгө алпарып салууга буйрук берди. Чериктер оройлук менен Мансурду колтуктап сүйрөй камерага киргизди да, үстүнө бир чака сууну шар куя салышып өзүлөрү уктоого кетишти.

Таңга маал чыйрыгып, эсине келген Мансур кыймылдаарга алы калбаганын сезди. Жанчылган дене сыз цемент үстүндө сулк жатты. Ал эсине алда немелерди келтирип ыйлап жибермекчи болду, ыйлай албады. Билинер-билинбес үн чыгарып кыңылдады. Акырында:

– А-ах ватан! – дегенге гана тили келди.

## V

Мансурдун бардык кайраты тек сөзүндө гана, мында кыймыл-аракет жок деп баамдаган жужаң анын жүрөгүн өлтүрүп, эркин майтарып таш-тамак болгон. Куланды да жыландай сойлогон жигит атат эмеспи. Мындагы эң күмөндүү киши деп таанылган Сабыр Бекмуратовдон ажырап калганына жужаң эчен жолу бармагын тиштеди. Анын качканын жужаң угаары менен эле тарап-тарапка куралдуу кишилер жиберди. Чет уезддердин жолдорун тоздурду. Бирок, аны бир да бир черик кармап келе алган жок. Акыркы күндөргө чейин Сабырдын үйүн түн ичинде тыңчылар тегеректеп чыгып жатты, мындан да натыйжа чыккан жок. Бууга айланып кеткендей Сабыр дайынсыз жоголгон сайын жужаң кооптоно баштады. Бир күн болбосо, бир күнү бир жерден кылт этип чыга калып, бүлүк козгоп, өлтүрүп кетиши ыктымал да.

Куулук-шумдугу башынан ашып турган чап жаак жужаң ушул тоолуу уездге келип орношкондон берки сегиз жылдык мезгил ичинде жергиликтүү элдин тилин да, бардык турмушун, шартын да билип болду. Уездде негизинен көчмөндүү казак, кыргыз, моңголдор жашайт. Уезддик

шаарда болсо уйгурлар жашайт. «Булардын бардыгы айбан өңдүү, – деп ойлой турган жужаң, – акыл да, адис да жок. Жашоону билбеген немелерден эмнени күтүүгө болсун!»

Бирок, Мансурдун тизе бүкпөгөн эрдиги менен Сабырдын сызга отургузуп кеткени мурдагы ойлорунан баш тартууга мажбурлады. Ал сегиз жылдан бери мындай болоор деп ойлобогонун жакшы билет. Анын үстүнө Нылкы уездинде «уурулар тобу» пайда болуп, өкмөттүк мал-мүлккө кол сала баштады. Өкмөттүк куралдуу күчтөрдүн айрым топторун талкалап, жарак-жабдыктарга ээ болушту. Күн өткөн сайын бул жердеги «айбандар» да бирдемени сезгенсип аттарына минип алып, ары-бери сороктоп чаба жөнөлүшчү болду. Кандайдыр тыңчылардын таап келген сөздөрүнүн көбү Нылкыдагы уурулар жөнүндө болду. Жужаңды көчөдө көргөндө бүгүлө салам берчү кишилер эми жүгүнбөй эле саламдашат. Мурда тыңчылардан калп маалымат талап кылынаар эле, эми алардан чындык жөнүндө маалымат топтой албай убара. Кулжада туруучу башкы начальниктерден келген каттар да мурдагыдай айбаттуу эмес. Көп нерселерди жоопсуз таштады. Алдыда боло турган бүлүк жөнүндө алдын ала бирер чара көрүлбөй жатат. Бардык кытай кызматчылар мында конокко келип, эми кетээр мезгили да жетип калды дегендей эмнегедир жергиликтүү иштерге кызыгышпайт. Мына ушул ички-тышкы кырдаалдар карт келип жужаңга алдын ала камынып, Кашкария аркылуу ичкериге тартып отуруунун зарылдыгын түюндүрдү. Ар ким өзүнүн камын көрүш керек. Кулжадагы начальниктер булардын эмне болгону менен иши жок да. Мына ушуга байланыштуу жужаң кечтерде көп уктай албайт!

Бир күнү кечинде Борконун кирүүгө уруксат сурап турганын кабарлашты. Жужаң аны жылуу кабыл алды.

Борко кирип келип абдан үйүр алышып кеткен кишидей эле:

– Жакшыбы, жужаң, – деп колун бере койду.

– Кел, жакшы, – жужаң анын колун алды. – Келчү эмес элең... Эмне болуп кетти?

– Келдим... мына бу мүдүр Абдырасул кишинин жанын койбос болду. Балдарга мылтык жасаганды үйрөтүп, кытайларды атабыз дептир. Эми аз күндө көңтөрүш болот, азык-түлүк жыйнап алгыла деп элге айтыптыр. Мунусу жаман го! –деп ал алдын ала дайындаган калп сөздөрүн айтып жужаңды карап калды. Жужаң тымызын күлүп, ак кагаз алды да, жаза баштады. Борко сөзүн дагы уланта түштү: – Мансур эң билимдүү киши эле, аны да камады. Эми бизди да камайт деген сөздөрдү таратат окшойт...

– Жаман, жаман, – деп башын чайкады жужаң.– Мен сага ал бузук дебедим беле, – жужаң бирдемелерди жазды да, Борконун дагы эмне айтаарын күттү.

– Мен ишпион болууну каалабайм. Бирок, ал өзү мүдүр болуп туруп ушундай жаман сөздөрдү айтканына ачуум келди, – деп түшүндүрдү Борко өзүнүн мында келишин.

– Бизге шпиондун кереги жок. Уккан, көргөнүңдү мында келип эскертип тур, биз ыракмат айтабыз... Дагы бирдеме деп келжирегенин билбейсиңби?

– Жок.

– Сен ишенесиңби, айтканынын баары калп!

– Калп, – деди Борко тигинин сөзүн кайталап.– Мен ишенбейм.

– Ал көңтөрүш жасайбыз деген уурулар жоюлганы качан. Сен өңдүү түшүнгөндөр, албетте буга ишенишпейт, ал эми карапайым эл арасында айтса буга ишенип калышы мүмкүн...

Борко башын ийкеп коштой отурду.

Ал чыгып кеткенден кийин жужаң дагы ойго батты. Бу жолу ал Боркону пайдалануу жөнүндө баш катырды. Ичкериден келгенден бери эл ичиндеги майда-барат уурулар менен биригип жүрүп араңдан зорго бир жың[26] алтын жыйнады. Ал дагы Кулжадагы кайнатасынын үйүндө катылуу. Кетүү үчүн ушул жер ыңгайлуу болгон сон, аны алдырыш керек...

## VI

Чап жаак жужаң четтен келген думаналарга тыңчылыкты күчөттү. Кээ бир тыңчылар керели кечке көчөлөрдү кыдырып, думаналарды акмалоо менен жүрүштү. Кийинчерээк эрегишкенсип думаналар да сейректей баштады.

Сабыр жоголгондон кийин анын үйүнө сур эшек минген бир думана келди да, ак уруп эшик алдында көпкө турду. Бирок, созолоно ырдаган дин ыры менен ийинге согулуп шылдыраган сапайининин[27] добушуна короодон эч ким да ээлигип чыгып келбеди. Думана «бирдеме албай кантип кетейин!» дегенсип Сабырдын үйүнө кирип барды да, чөгөлөп отура кетип, төлгөсүн кийизге чачып жиберди:

– Өзөгүң үчтөн, түлөөң түштөн, кырк бири оң ийинге түштү. Душмандын кабагы бүркөө, алыска жолоочулап кеткен бир кишиңер бар экен. Эми бир айда не өзү, не кабары келет. Аман-эсен туруптур, алла яр болсун илайым, – деди да, акылдуу күлүңдөгөн көздөрүн сүзүп, алаканын жайды думана.

Сабырдын энеси кубанып кетип, жанынан кол жоолугун сүйүнчүгө карматты.

[26] Кытайдагы салмак өлчөм, 500 граммга туура келет.

[27] Уйгурдун элдик музыкалык аспабы.

Бул үйдөн көп токоч алган думана туптуура эле Борконун үйүнө келди. Анын дарбазасында да ак уруп бир аз турган соң иттерди абалатып үйүнө кирип барды. Бирок, Борко жарты нан бергизди да, үйгө киргизбей кууп таштады.

– Экинчи келбегин, өзүбүз да жетишип отурганыбыз жок!

Думана кеткенден кийин аны акмалап артынан түшкөн тыңчы Борконун үйүнө кирмек болуп дарбазага жакындай бергенде төрт бүктөлүп куурай түбүндө жаткан ак кагазды көрө койду. тыңчы ала коюп окуду да, жужаңды көздөй чуркады. Мындай олжону ал өмүрүндө бир эле кезиктириши мүмкүн да. Катта мындай сөздөр бар эле: «Ким кытайга иштесе, аны өлүм күтүп турат!»

Бир саатка жетпеген убакыт ичинде сур эшек минген думана гүңанжүгө келтирилди. Тинткенде эски-уску кийим, элден жыйган токочтон башка андан эчтеке чыккан жок. Катуу күмөндөнгөн жужаң өзү сурак жүргүздү.

– Сен кайдан жүргөн немесиң?

– Таксыр, мен өзүмдүн жөн-жайымды улукларга маглум кылмакчы болсом, эзелки ата кесибимди колума алып, өзүм пакыр болгонумдан кийин эл аралап, кайыр-сакабат сурап...

– Токтот сөзүңдү! – деди жужаң кыжыры келип.– Баш барбы сенде, кайсы жерден келдиң деп жатам?

– Мен ушул элди аралап келдим...

– Сенин үй-жайың кайда?

– Таксыр улук, – думана аңкоо карады, – менде үй болсо, эч качан жер кезип жүрбөйт элем да...

– Сен Сабырдын кайда экенин билесиң!

– Кайсы Сабырны айтасыз? – думана жужаңга таңгала карады.

– Сен үйүнө барып төлгө ачкан Сабыр!

– Ю-юк, мен ал жерде Сабырны байкамадым, – деди думана башын чайкап.

– Сен татарсыңбы?

– Ю-юк, татар имасман.

– Кыргызсыңбы?

– Жо-жок, кыргыз эмесмин.

– Анан кайсы улуттансың?

– Ю-юк, мен улутуңузга кошулмаймын, – деп башын чайкап, азар дабезер болду думана.

– Сенин атың ким?

– Менин исмимни айтасызми? Атым Ракиб![28]

[28] Уйгурдун эски адабий тилинде душман деген мааниде.

Жужаң чарчаңкы түр менен башын мыжчыды. «Бир келжирек айбандар менен күн-түнү алышууга туура келет. Ит билсинби булардын сырын!» Ал башын көтөрө коюп столду алаканы менен коюп жиберди эле, думана чочуганынан эшикке кача жөнөмөк болгонсуду...

– Алып кет, эсине келсин!

Думананы түрмөнүн залына киргизгенде: «Эшегим, бечара эшегим!» деп бакырып жатты. Аны Мансур жаткан тар камерага камады. Думана кирери менен: «Ассалаому алейкум!» – деп шаңдуу салам берди. Бирок, караңгы камерадан ага эч ким жооп каткан жок. Абдан ыза көрүп, дарты ичине толуп кеткен Мансур афандинин кирген киши менен иши болгон жок. Түрмө, сурак, кыйноолор жөнүндө ал мурда мүлдө сабатсыз эле. Экинчи иретки кыйноодон кийин анын мээсин башка ойлор курчап алды. Ошон үчүн, камерага азыр жүз күнөкөрдү чурулдатып камаса да, ага этибар бермек эмес.

Думана камерага кирген соң, караңгыда сыйпалап жүрүп, бир кишинин сулк жатканын билди. Анан тамдарды муштагылап тегерете байкап чыкты да, эшик түбүнө келип кыйлага чейин бирдеме тыңшап отура берди.

Жужаң Мансурду зордуктап кол койгузгандан кийин ал жөнүндөгү бардык ишти жогоруга жолдоп коюп, өзү башкалар менен айланышты. Бүгүн анын кайырмагына думана Ракиб илинди. Думана аттуунун баары күмөндүү болгону менен, мындан терип-тепчип бирдеме чыгаруу кыйын экенин өзү көрдү. Келесоо чалыш немени бакыртып-өкүртүп кыйноонун да кереги жак. Борконун дарбазасынан табылган кат ушул думананын койнунан чыккан болсо, анда иш мүлдө башкача каралмак. Андай кат эмес, таш басма менен басылган өкүмөткө каршы жашыруун китепчелер да мечиттерден, көчөлөрдөн табылып жатпайбы. Ошондо да аны камап байкоо керек!

Думананы атайын Мансурдун камерасына киргизип, тышынан жашыруун тыңчы койду. Бирок таң атканча Мансур менен думана бир ооз да сүйлөшпөгөнү билинди.

Күндүз жашылча отоого Мансур, думана, дагы бир күнөкөр чыгарылды. Бу жолу Мансур мурдагыдай отоо чөптөргө кошуп жашылчаларды да кетмендеп таштаганы жок. Ал этияттык менен иштеп жатты. Душманды тике качырган кара күч менен эмес, алдоо менен да максатка жетүү мүмкүн экенин биринчи жолу ойлогон фантазер күрөш тактикасын ушундайча өзгөрткөн эле.

Думана болсо анда-санда: «Мен кудайга не жаздым!» – деп капаланып тура калат да, кайра иштей баштайт. Буларга кошулган күнөкөрдүн бутунда кишени бар болсо да, бетинен майы жылтырап көрүнгөн, жакында гана кырдырылган сакал, муруту чырымтал киши экен.

Анын кыймылында кандайдыр бир эркиндик байкалып турат. Адатта күнөкөрлөр өзүлөрүн өкүмөт жагынан кордолгондор катарында сезип, ар кимдин иши ар башкалыгына карабастан мындайда бириге түшөт эмеспи. Бул үчөө кандайдыр биригүүгө, муңдашууга эптери келише койбоду. Тек кишендер гана шылдырап, өз ара маектешип жаткансыды. Түшкө чейин эки жөөктөн сей отошту да, күнөкөрлөр бир-бир эжир кайнаган суу, бирден жың момого ээ болушту. Тамак ичип болгон соң алиги күнөкөр дааратканага кетти. Ал жерде ал беркилерден жашырып тамеки тартып, кумарын кандырып жатты. Ушул учурдан пайдаланган думана Мансурга сөз таштады:

– Качуунун айласын кылыңыз!

– Сиз... ким болосуз? – деди Мансур эки жагын алактап карагылап.

– Жай отуруп... маа карабай сүйлөңүз. Мен сизди жакшы тааныйм, – деп думана кепичине толгон топуракты кагып түшүрүп жатты.

Мансур бутундагы кишенге, андан ары думанага көңүлсүз бир карап алды.

– Душмандан качалбайм! – деди Мансур.

– Сизди өлтүрүшөт. Качсаңыз сизди издөөгө буларда чама жок, – деди да, думана ордунан туруп ары басып кетти. Мындан артык сүйлөшүүнүн кереги жок десе керек.

Аңгыча дааратканага кеткен күнөкөр келип, үчөө кайрадан жашылча отоого кириşти.

Ошол күнү кечинде тиги күнөкөр жужаңдын кабинетине кирип келди да, думана менен Мансурдун күн бою бир ооз да сүйлөшпөгөнүн, ал түгүл бирине-бири карап да койбогонун айтып берди.

Думанасыз да түрмө толуп турганын эскерип, дагы бир жагынан элден чочуп, думанадан камалгандыгы жөнүндө эч кимге айтпайм дегизип тил кат алды да, түн ичинде бошотуп жиберди. Мансурдун жашылчаны жакшы отоп калганын уккандан кийин, бутундагы кишенин алып таштады. Жеңил жумуштагы күнөкөрлөргө кошуп кара жумушка салды. Кээде аны корукту кайтарууга жалгыз калтырып да жүрүштү. Мансур мындан пайдаланып качып кетүүнү ойлоп да койгон жок. Эмнедир бирдемеге өзүн чыңдап жаткансып, эртеден кечке лам деп сүйлөбөстөн, ойлуу иштей берет, иштей берет. Тышынан карап баамдаган кишиге капсула салынган жандуу граната өңдөнөт, жарылууга оңтойлуу орун издеп жүргөнсүйт...

Көп өтпөй эле аны Кулжага жолдоп жиберүү жөнүндө буйрук келди. Короодо араба кошулуп, чериктер мылтыктарын тазалап бирдемеге камынып жатышты. Жумуштан кайтып келе жаткан Мансурдун жүрөгү бир түйлап өттү. Ал бул даярдыкты–бир шордууну аркы дүйнөгө жиберүү деп түшүндү. Күнөкөр дайыма кечинде айдалууга тийиш!

Каш карайган учурда Мансурдун камерасынын эшиги шарактап ачылды да, лозуң кишенин ала кирип, . Мансурга салып, мык менен кадап таштады. Анан аны эки черик жужаңдын кабинетине алып жөнөдү. «Бүттү эми, – деп түшүндү Мансур.– Бүгүндөн башка күнү жакшы өлүм жок маа!» Анын көздөрү канталап, күрө тамырлары балкылдап сого баштады. Черикттер аны кийрип, жанында туруштү. Үстөлдө отурган жужаң чырактан колун калкалай Мансурдун балбылдаган көздөрүн көрө койду. Шойкумдуу мындай көздөргө узак кароого болбойт эмеспи, ал жалтаарый бергенде Мансур алдынан орундугун ала коюп жужаңды көздөй ыргыта өзү да кишенин шалдырата чуркады.

Ал көкүрөгү менен жужаңдын столун коюп кеткенде лампа кулап, бөлмө караңгы боло кетти. Жужаң, мышыктай секирип терезе аркылуу короого түштү да, «я!»[29] деп жанынын бардыгынча кыйкырды. Жужаңды колдон чыгарып жибергенине капаланган Мансур чекесин бир муштады да, өзүн келип кармаган биринчи чериктин кокосуна асыла кетти. Кутурган ит же ач карышкыр гана ушундай кыймылдашы мүмкүн, ал черикти жыгып, көкүрөгүнө минип муунтуу менен бирге бетинен, мурдунан, эриндеринен, иши кылып оозу жеткен жердей тиштеп жулуп полго түкүрүп жатты. «Ах, өх!» – дейт табасы канган Мансур. Эшик чуручуу-күрүгүү. Бир кезде бөлмө ичи жарык боло берди эле, салмактуу темир Мансурдун башын жанып өттү. Мына ушу соккудан кара кушу былчыраган Мансур өлгөн кытай чериктин үстүнө жай гана эңиштеп келип, шылк кулады...

## VII

Мансурдун өжөр каршылыгы, өлүмү, Сабыр Бекмуратовдун айлакер акылдуулугу чап жаак жужаңды өрт ичинде калгандан бетер алдастатты. «Мына, айбан деген. Түлкүдөй алдайт, карышкырдай тытып жейт!»

Жужаң үйүнөн карыш жылбас болду. Эми баарын жерге уруп, өз башын куткарып, Тянь-Шанды артуулап Кашкарияга өтүп кетиши мүмкүн. Бирок, уездди чеңгелине алып турган ондогон кытай жетекчилердин тагдыры эмне болот? Чындыгын айтканда алардын тагдыры мына ушул жужаңга тапшырылган да. Бийликти жана аларды сактоо үчүн бириндете жүрүп канча кан төкпөдү. Бирок, кырдаал азыр мүлдө башка. Кытайлык бийликтин куту качып, эмнегедир чириген бөздөй ыдырап, сөгүлүп бара жатты. Бардык нерсеге ишеним жок. Мындайда өлүмгө башын байлаган кытайлар гана жол жүрүшү мүмкүн. Чет жакаларда жалгыз-жарым кытайлардын өлүгү табыла баштады. Илгери бир кытайдын өлүмү үчүн жергиликтүү элден жүздү камап, соттоор эле. Азыр болсо, анын артына түшүп изилдеген киши жок...

[29] Бас, жанч! (кытайча)

Күз келип, жалбырактар саргарып төгүлө баштады. Мектеп ызы-чууга кайрадан бөлөндү. Абдырасул эртели-кеч эл аралап, кытайлык бийликке каршы айтылган сөздөрдү жыйноо менен алек. Ал өз элине деген упасыздыгынан жарым адым артка чегинген жок.

Күзгү жаан шатырата жаап турган бир күнү жужаң жогорудан келген өтө жашыруун телеграмманы тапшырып алды. Мындай телеграмманын маанисин тек жужаң гана билүүгө тийиш. Ал цифралардын ордуна кытай иероглифтерин коюп жатканда эле колдору калтырай баштады. «Ит айбандар!» – деген сөз оозунан эрксиз чыгып кетти. Телеграммада: Ннылкы уезди бүт бойдон ууруларды колуна өткөнүн, бирок акыркы минуталарга чейин тирешүү болоору эскертилген. Үрүмчүдөн чоң жардам келе жатканы айтылган. Үрүмчү эмес Чүңчинден[30] жардам келсе да, иш оңуна тартпасын жужаң терең түшүнөт. Эми ишке чукул киришүү гана керек!

Жужаңдын тейтейи[31] мындан чала-чарпы кабар алаары менен тамак ичпей ыйлап жатып калды. Анын Кулжада карыган ата-энеси бар, кетип калууга ушул жер жайлуу болгон соң аларды уурулардын қолунда калтырбай алдыруу керек деген оюн көз жашына булап жужаңдын кулагын жей баштады. Жужаңга кайната, кайненесинен көрө жыйган-терген азын оолак алиги алтыны керек, ал болсо ошолордун колунда...

Кечинде жужаңдын кабинетинде сигаретин жайма-жайына кыпчып, эки колун чөнтөккө салган Абдырасул ары-бери эркин басып турду.

– Менин үстүмөн жалган маалымат бере баштаганы анын сиз жакка өткөнү. Ошон үчүн аны жибере берүүгө болот, – деди Абдырасул оюн түйүндөп.

Жужаң кабагын салып, эрдин бүрүштүрө ойлонот.

– А эгер бери алып чыгып бирдеме иштесечи?

– Анте албайт. Коркок, бала-чакасына үйрүлөт...

Жужаң башын чулгуп-чулгуп алды. Мунусу бир байламга келгени эле.

Абдырасул кеткенден кийин Боркону өз үйүнө чакыртып алып, мурда болуп көрбөгөн сый-урмат менен күттү. Бармактай болгон күмүш рюмкаларга арак куюп сунуп, жайылып түштү. Жужаңдын аялы да, балдары да жылуу чырай көрсөтүп, тамак ташып жүрүштү. «Мени шпион кылалбай убараланып жатат ко!» – деп ойлоду Борко. Кийинки кездерде бул кан жыттанган каргашалуу орундан көп чочулабай калган болучу.

Тамак жеп жатканда жужаң сөзгө кирди:

– Борко, астыңа ат араба, колуңа мыктуу жол кат жана кеңири жеткидей раскот берсем Кулжага барып келээр белең?

Борко жужаңдын көзүнө карап ойлоно кетти. «Эмне дейт бул?»

---

[30] Ошол кездеги Кытайдын борбору.

[31] Аялы (кытайча).

– Тиги Абдырасул оңбогон неме да, ал жибербей койсочу...

«Былжырайт ал!» дегенсип колун шилтеп жужаң ордунан туруп кетти.

– Кулжадан кайра келгенде мектептин мүдүрлүгүн сага алып берем. Ал элге жасачусун жасап бүттү...

Борко унчукпай, тооктун бир санын алып мүлжүй баштады.

– Биз сенден артык ишенимдүү кишини табалбайбыз, – деди жужаң чынын айтып.– Кийинки күндөрдө аялым оорулуу боло баштады. Ата-энесин көргүсү келет. Ошол чал-кемпирди алып келесиң. Эмне, үч эле күн кетет... Балдарыңа кийим-кече алгыдай тыйын-тыпыр берем...

– Жол тынчпы?

– Тынч эмегенде, – жужаң сигаретин тиштей келип ордуна отурду, – корко турган эчтеке жок. Почто каттап жатпайбы!

Жужаңдын мындан башка дарты жок экенин түшүнгөн Борко өзүн эркин кармап, арактан ичип, тооктун төш этине жабышты.

– Качан барыш керек?

– Бат барыш керек. Менимче эртең эле жолго чыгыш керек.

Жужаңдын даамдуу тамагына абдан тоюп, арагын ичип кызара бөртүп алган соң Борко жоопко келди:

– Болот, мен барайын. Кишилериңизди алып келип берем. Бирок, сиз мени жаңкы ишпион жагына жолото көрбөңүз!

Жарайт, жарайт, анын бизге кереги жок дебедим беле, – дегенден кийин: «Бул кандай акмак неме эле!» деп ойлоду жужаң.

Эртеси гүңанжүнүн төрт дөңгөлөктүү жеңил арабасына мыкты ат чегилди да, Боркого тапшырылды.

– Кулжанын кытай базарын жакшы билсең керек, ошого кирип бара жатканыңда эле сол кол жагындагы 72-номерлүү короодо турат. Короого киргин да, мына бу катты көрсөт. Калганын өзүлөрү билет.

Борко катты ички чөнтөгүнө салды. Балдарыңа кийим аларсын, деп берген акчаны болсо андан да ичкерирек катты.

Жол үстү ага эч ким да тийишкен жок. Кытайлык посттор да жол катты окуп, жол бошотуп жатты. Кулжа шаарына болсо эртеси шашке маалда келип кирди. Думаналар кварталынан өтүп, кытай базарына барганда дарбазаларынын алдында топ-топ болуп, бирдемелер жөнүндө күбүр-шыбыр сүйлөшүп турган кытайларды көрдү. Алар эмне үчүндүр Боркону көздөрү менен ата караршты. Борко катар номер боюнча дарбазаларды акмалап келе жатып 72-нин алдына арабасын токтотту да, жайбаракат короого кирип барды. Аны биринчи көрө койгон кытай аял корккону-нан чаңырып жиберди да, колундагы чылапчынын таштай качты. Мына ошондо терезеден, эшиктен үрөйү учуп караган көздөр сансыз болуп

көрүндү Боркого. Бир кичине короодо канча кытай бар деп өзү аңырайды ал. Бир кезде жашы элүүдөн ашып калган кытай «баатырлык кылып» чыгып келди да, чала билген тил менен:

– Нима иш? – деп сурады. Өзү кача жөнөлгөнгө ыңгайланып турганы байкалат.

– Кат, кат алып келдим, – деди Борко ички чөнтөгүнө кол салып катты издеп жатып, Акыры катты сууруп чыкты да, чалга сунду. Чал алысыраак туруп, этияттык менен катты алды да, дароо шашып ачып окуй баштады. Ал окуп болоору менен ары кирип кетти да, бир аздан кийин кайра чыкты.

– Качан кете?

– Бүгүн, – деди Борко колу менен жаңдап.– Күн тигиндей эңкейгенде жолго чыгабыз. Азыр аттарды тойгузуп, эс алдырам. Мында болбойт, корооңор тар. Тигинде туугандар бар, ошондо барам. Силер даяр болуп камынып тургула. Жужаңдар болсо аман-эсен жатышат. Эртең эле жетип барабыз...

Чал кайра кирип кетти.

Араба эмес ат көчүгү айланбаган жана кишиси бытмырдай кайнаган бул кичине короодон Борко жаман таасир алып чыкты. Ал короодон чыгып арабасына жакындай бергенде башы-көзү ак тайпылар менен таңылган куралдуу чериктер отурган бир машина өттү. Жаралуулардын ичинде чыйылдаган бирөө сөөмөйү менен Боркону көрсөтүп, бирдемелерди айтып бакырган бойдон кетти. Мына ушуга эле Борконун жүрөгү түшүп кала жаздады. Ал бозо салып жан баккан Жапардын үйүн көздөй арабасын айдап келе жатты. Анын үйү Жаңы гир деген жерде эле. Жол боюу Боркону көргөн кытайлар кулдурашып, жек көрө узатып жатышты. Кулжа мүлдө өзгөргөн, дүкөндөрдүн көбү жабык. Борко кытай базарынан Жаңы гирге бурула бергенде жаралуулар отурган дагы бир грузовик өтүп кетти.

Борко Жапардын үйүнө түшүп, аттарын арабадан чыгарып байлап, өзү да жайланып үйгө кирген соң сөз сурады:

– Ээ, Жапар, Кулжаң өзгөрүп калганбы, кытайлардын баары эле мени карайт, бул эмнеси?

– Ылкыда алты ууру чыкты деп уктуң беле? – деди Жапар жаман өтүгүн жамай отуруп, – Ошолор кыргыз, казак экен дешип кытайлар азыр базарда ак калпак көрсө эле жаман көрүшөт...

– Ал уурулар жоюлду дебеди беле? – деп калпагын колуна ала койду Борко.

– Бекэ-эр, – деп үнүн созуп Жапар өтө бир жашыруун сырды ичине араң сыйгызып отургансып сүйлөдү.– Ал кытайлардын ташбыйкаты[32].

[32] Үгүтү (уйгурча).

Көчөдөн өтүп жаткан ок тийгендерди көрдүңбү?

– Көрдүм.

– Күндө өтөт алар...

– Эсиң барда элиң тап дебейсиңби!

– Ии, баатыр, иш мына ушундай...

Борко балдарына кийим-кече алып, жужаңдын кишисине карабастан эле жолго түшкүсү келди. Ишенип арабага түшпөй коюшту деп барсам эмне кылат деп ойлоду ал. Ошон үчүн ал тышкы кийимин чечип таштап, Жапардын жаман калпагын башына кийип, базарды көздөй басты. Анын багына каршы бир да бир кезмал дүкөнү ачык эмес экен. Борко буюм издеп арылап бара түштү да, эми кетейин деп артына бурула бергенде: «Көтөр колуңду!» –деген өкүм үн чыкты. Чочуп кеткен Борко артына жалт карады эле мылтыгын сунган черик менен дагы бир букарача кийинип колуна тапанча кармаган кишини көрдү. Ошондо барып ал калтыраган колдорун өөдө көтөрө баштады. Тапанча кармаган кытай үнчүкпай келип эле Боркону жаакка чаап-чаап жиберди да: «Кийимин алмаштырган туфи[33]!» деп тилдеди. Таяк жанына баткан Борко бирер себеп айтмак болуп колун төмөндөттү эле мылтыктын дүмү келип кежигесине дүп дей түштү. Бир ооз сөзгө келтирбестен, Боркону сүйрөп жөнөштү. Ал Кулжага кирери менен эле куралдуу тыңчылар жагынан көзөмөлгө алынган болучу...

## VIII

Ошо жылы октябрь айында улуттук эзилүүгө каршы көтөрүлгөндөр Кулжа шаарын Кытай бийлигинен толук бошотуп алды. Аймактык гүңанжү мекемесинин тегерегине сепил согуп, алдын ала даярдалгандыктан берилбей кыйла күн кармашты. Бирок көтөрүлүшчүлөр сепилге толь коюп жарып, айласын кетирди.

Акыры гүңанжү алынды. Аны ээлеген улуттук отряддын командири менен комиссары чала күйгөн тизмени колго түшүрүштү. Бул жеңилер күнү ок ысырап кылбай айры, күрөк, лом темирлер менен өлтүрүлгөн алтымыш күнөкөрдүн тизмеси эле. Бул өлүктөрдү терең казылган даараткнага таштап, үстүнө акиташ төгүшүптүр. Булардын ичинде Борко, бозочу Жапар, наабайчы Касымакун, шылдыр Бозжигит, дагы башка да бейкүнөө кишилер бар эле.

Отряд командири комиссарга кайрылды:

– Буларды эмне кылабыз? Эл үчүн курман болгондор катарында көмөбүзбү?

[33] Бандит (кытайча).

– Карап чыгыш керек, – деди комиссар, – өлүктөрдү ээлери таанып алышсын. Бизден түшкөндөр белгилүү да.

– Бечара Боркону жакшы эле тарттым, – деди командир өткөндү эскерип.

– Ээ, Сабыр дос, думана болуп кармалганымда Мансурду качкын деп кеңеш бергенимди сага айтсам керек. Тирүү болсо ал бир эмес, бир нече душманды жер тиштетмек.

– Бирок, ал кадимки ужданы бар кишилерче каза болду, – деди Бекмуратов.

* * *

Берки уезддик гүңанжүнүн жужаңы чап жаак кытай Кулжанын алынганын угаары менен эле төөлөргө жүк артып, Тянь-Шань тоосун аша качты. Бирок, куралдуу партизандар жолун тороп, колго түшүрүштү.

Ал эми кытайлык бийликке өлөөрчө берилген Абдырасул боштондуктан кийин Улуттук өкмөттүн согуштук трибуналы жагынан өлүм жазасын алды.

Көп өтпөй эле бүткүл Иле аймагы кытайдан тазартылып, улуттук эркиндиктин касиеттүү желеги бардык жерде желбиреп турду...

**1963, Кең-Суу.**

# МАЗМУНУ

**Биографиялык маалыматтар. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3**
**Баш сөз. Кыргыз аңгемесинин классиги . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4**

**Аңгемелер**
Татым туз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 7
Ширеңке . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 14
Дос жана газик . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 18
Гүлкайыр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 21
Ымандай сыр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 24
Чөйрө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 26
Ууру . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 30
Тууган . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 33
Кара май . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 64
Ажайып дүйнө жөнүндө баян . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 67
Кайнене . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 90
Шейшеп . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 98
Айылдык акындын бир күнү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 101
Кошо жашай берет экен . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 106
Михрихан . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 111
Ажыроо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 124
Сарала ит. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 130
«Кызыралейсалам» . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 134
Кайрылуу. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 140
Туура жооп . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 155
Май айынын кызыл гүлү. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 157
Улгайгандар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 158
Эски жолдо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 167
Даша. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 173
Ыйык сезим. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 181
Көздөр, көздөр. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 183
Ак чач жөнүндө кичине тарых. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 186
«Кезектүү дүйнө». . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 188

Турмуш таразасынын граммы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 192
Хадизат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 193
Жылуулук жана тактык . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 204
Прометей жана зевс . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 211
Гефест. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 224
Гвардия комиссары . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 239
Окшобогон тагдырлар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 248

**Аман Саспаев**

**АҢГЕМЕЛЕР**

Редактору: А. Муратов
Корректору: М. Сулайманов
Калыпка салган жана мукабасын жасалгалаган: Э. Бердиев

Басууга 23.03.2017 кол коюлду.
Кагаздын форматы $60x84^{1}/_{16}$. Көлөмү 17,25 б. т.
Талап №59 Нускасы 1000 даана

«Салам» басмасы, Бишкек ш.,
Гоголь көчөсү, 120
Тел.: (+996 312) 68-01-35
E-mail: id_salam@mail.ru



Саспаев Аман – Кыргыз Эл жазуучусу.

Ысык-Көл областынын Түп районунун Кең-Суу айылында 1929-жылы туулган.

Бала чагынан Кытай жерине кетип, 1962-жылга чейин ошол жакта жашаган, окуган, иштеген.

Анын «Гүлкайыр», «Майда толкундар», «Хадизат», «Мурат», «Татым туз», «Рыжая собака», «Парторг», «Тоо чабалекейи», «Ыйык сезимдер», «Шашкедеги кара туман» деген прозалык китептери, 55 миң сөздү ичине камтыган «Кытайча-кыргызча сөздүк» деген эмгеги жарыяланган.